КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОМОКТОР

## 22-том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн:
**Нургүл Осмоналиева**

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2017

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
К 36

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.* *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* *Эркебаев А.Э.*

К 36 **Кереметтүү жомоктор:** 22-том. /*Түз. Осмоналиева.* – Б.: «Принт-Экспресс», 2017. – 552 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-12-685-5

Жомоктор адамдардын жакшы ой-тилектери, жыргал турмушун, тынчтыгын, адилеттүүлүк менен эр жүрөктүүлүктү даңазалап келген. Китепке Улуттук Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусундагы материалдар, мурда жыйнактарга чыккан жана басма сөз беттерине жана Интернет булактарына жарыяланган элдик оозеки материалдар топтоштурулду.

Китеп элдик оозеки чыгармачылыкка кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

**К 4702300100-17**

**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-685-5

© КРУИА, 2017
© «Принт-Экспресс», 2017

# ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Жомоктор узак тарыхты баскан элдин келечек жөнүндөгү кыялын, чындыкка карата болгон мамилесин, эстетикалык идеалын, дүйнөгө болгон көз карашын чагылдырат.

Адам менен жаратылыш жөнүндө укмуштары көп, сыйкырлуу, сырдуу, кызыктуу элдик оозеки жанрдын бул түрлөрүнүн ар бири айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ. Өз мазмуну, сюжети тематикасы, образдарынын системасы, өзүнө тиешелүү тили бар. Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн дээрлик бардык тармактарына сыйкырлуу жомоктун түгөнгүс күчү, эмоциясы, гармониясы, укмуштуу керемети жана кызыктуулугу, чыгармачылык түрткү берип, өзүнчө из калтырып келген.

Кыргыз фольклорунда сыйкырлуу жомоктун жаралуу тарыхы элдин архаикалык ынаным-ишенимдеринен, анимистик, тотемдик, фетиштик көөнө көз караштарына тикелей байланыштуу. Кереметтүү жомоктун кейипкерлери мифтик образдан башат алган желмогуз, жезкемпир, дөө, алпкаракуш, зымырык куш жана сыйкырчылар… Андагы сюжеттерден акылга толук, ойго бай, окуясы кызыктуу келип, улуттун нукура ой-пикирин, айлана-чөйрө, коомду таанууга, жаратылышты таанып-үйрөнүүгө болгон алгачкы көз караштарынан, умтулуулары-

нан тартып андан кийинки бир канча доордун изин көрүүгө болот. Сыйкырлуу жанрдагы жомоктор кыргыз элинин болочок жакшы турмушка болгон үмүтүн, эңсөөсүн, умтулушун, болочок жөнүндөгү таттуу кыялын сүрөттөйт. Сыйкырлуу жомокто туруктуу идеялык багыт, туруктуу образ туруктуу сюжет кезигет. Көп учурларда сыйкырдуу туруктуу оң каарманы каардуу турмуштун запкысын жеген, анын түйшүгүнө көнгөн, өз элин сүйгөн чексиз баатыр, ченемсиз акылдуу душманын жеңип өз максатына жетип, эл намысын коргогон эр жүрөк бала, жетим кыз, кембагал, кедей, же кенже уул жана ошондой эле сыйкыр менен кубулган таздын образдарын көрсөтүүгө болот. Булардын образы аркылуу адам баласына тиешелүү кылык-жоруктар чагылдырат.

Ал эми терс кейипкерлердин көбүрөөк учураган туруктуулары: сыйкырчы кемпир, өгөй эне, көп баштуу ажыдаар, албарсты, шайтан, перилер, каардуу хан, сараң бай ж.б. мифтик жаныбарлардан (кайберен (аркар), эчки, бөрү, канатуу куш ж.б.). Башка элдердин сыйкырлуу жомоктору сыяктуу эле, кыргыздын сыйкырлуу жомокторунун эң сонун өзгөчөлүгү анда баяндалган көп сандаган керемет буюмдар түзөт. Алар: күзгү, тарак, шакек, таяк, дасторкон ж.б. буюмдар ээсинин каалаган тилегин аткарат. Жомокто керемет буюмдар жамандыкка каршы күрөштө оң каарманга жардам берет.

Кыргыздын жомокторунда карыялардын ролу акылман, башынан көптү көргөн, баатырлардын кеңешчилери катары сүрөттөлөт. Кыргыз элинин турмушунда аксакалдырдын башчылык кылуу ролу, алардын акылмандуулугу, билгичтиги жана көрөгөчтүгү кереметтүү жомоктордо өзгөчө бир традицияга айланган.

Кыргыз эли өзүнүн кереметтүү жомоктордоруна улуу максат-тилекти сиңирген. Өзүнүн тажрыйбасын, акыл-эсин, тарыхын калтырган. Кереметтүү жомоктогу элдик көркөм тажрыйба муундан-муунга, бир адамдан экинчи адамга өтүп турат. Жомокто кыялдануулар, керемет күчтөр менен болгон кайраттуу күрөштөр өтө көп. Ошондой эле элдик даанышмандыкка, макал, ылакаптарга жык толгон.

Китепке негизинен Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусундагы материалдар, Буудайбек Сабыр уулунун, ошондой эле басма сөз беттерине жана Интернет булактарына жарыяланган элдик оозеки материалдар пайдаланылды.

**Нургүл ОСМОНАЛИЕВА**

## АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ

Илгери бир хан болуптур. Ал хандын Акчүкө, Куучүкө деген эки баласы болуптур. Күндөрдүн биринде хан кырк жигити менен ит агытып, куш салып, ууга чыгат. Ошол кезде аялы жалгыз үйүндө отурса, үйүнүн чамгарагына чабалекей уя салып, балапандарын чыгарат экен. Чабалекей балдарына жем издеп кетсе, башка бир чабалекей келип, тиги чабалекейдин балапандарынын башын үзүп кетет. Аны хандын аялы көрүп: «Эгерде биз жок болсок, же өлүп калсак, башка бирөөлөр биздин балдарды да ушинтишет го», деп капа болуп ыйлап отурса, хан келип: «Эмне ыйлап отурасың?» – деп сурайт. «Биздин үйгө чабалекей уя салып, балапан чыгарды эле, ал балапандарды башка бир чабалекей келип башын үзүп кетти. Кокустан биз жок болуп калсак, биздин балдарды да башка бирөөлөр ушинтет турбайбы деп, ошого капа болуп отурам», деп чынын айтты. «Сен антип ойлобо, эгерде мен өлсөм, сен барсың, сен өлсөң, мен бармын!» деп хан аялынын көңүлүн алат.

Күндөрдүн биринде хандын аялы каза болот. Турмуш деген турмуш да, хан башка аялга үйлөнөт. Хан баягысындай эле куш салып, ит агытып, ууга көп чыгат. Ошондой күндөрдүн биринде хандын аялына бир соодагер: «Сен мага хандын кушун союп бер, сен экөөбүз башка шаарга кетебиз», дейт. Аял макул болот да, ханга: «Кушуңду таштап эле, итиң менен кийик кубалатып алсаң», дейт бир күнү. Хан

макул болуп кушун үйгө таштап, жигиттери менен ит агытып, ууга кетет. Ошол кезде баягы эки баласы тамак ичкени келсе, өгөй энеси эшикке чыгып келаткан экен. «Ушундай туруп тургула, мен кайра келип тамак берем», дейт да, сыртка чыгып кетет. Балдар энеси кеткенден кийин казанда бир нерсе кайнап жатканын көрүшөт да, Кууччүкө казандын капкагын ача салат. Ачса, атасынын кушунун эти кайнап жаткан экен. Кууччүкө бөтөгөнү алып жеп, агасы Акчүкөгө башын берет. Аңгыча энеси соодагерди ээрчитип келип куштун этин чыгарса, бөтөгө менен башы жок. Анда соодагер: «Мага артыкча бөтөгөсү менен башы керек болчу!» деп этти жебей чыр чыгарат. «Бөтөгө жегени кимиси экен, ошону алдап өлтүр, азырынча бөтөгө эрий элек!» дейт соодагер. Тигилердин сүйлөшкөнүн угуп, балдар качып кетишет.

Жүрүп отурушуп «эки адам бир жолго түшкөнгө болбойт» деген эки айрылыш жолдогу кара ташты көрүшөт. Балдар таштагы жазууну окушуп, эмне кыларын билбей турушат. Бөтөгө жеген Кууччүкө ошол кезде алтын түкүрүп калган. Эки айрылыш жолдун бири, барса келгис, экинчиси барса кайра келчү жол эле. Эки бир тууган кеңешишет да: «Барса келгис жолго мен түшөйүн, шилекейимди сатсам да жан багармын», деди Кууччүкө. Барса келчү жолго Акчүкө түшөт.

Акчүкө жолго түшүп алып кетип баратса, алыстан чаңдатып келаткан көп караан көрүнөт. Акчүкө чочуп, булар биз зыян кылбасын деп, жол боюндагы терекке чыгып алат. Теректин учунда бир куш конуп отуруптур. Аны Акчүкө кармап алат. Баягы көп киши келип эле, бала чыгып алган теректи кыя башташат. Жыгыла турган болгондо: «Башында мен бармын, акелер!» деп кыйкырып жиберет. Көрсө ошол жактын ханы өлгөндө кушун учурушуп, куш эмнеге консо, ошону хан көтөрүп алышчу экен. Баягылар куштун артынан чыккан адамдар экен. Алар баланы көрбөй, терекке конгондуктан теректи кесе

башташыптыр. Ошону менен баланы алып жөнөшөт да, алпарып хан көтөрүп коюшат.

Ошентип, Акчүкө хан болуп калат. Эми Куучүкө барса келгис жолго түшүп алып жүрүп отурса, алдынан бир-эки жандыгы менен оокат өткөргөн абышка-кемпир жолугат. Алардын баласы жок экен. «Баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм атаке!» дейт Куучүкө. Алар бала кылып алышат. Бала эчки кайтарып жүрүп, күнүгө бир эчкиден сатып келип, үстүнө кошуп, абышканы байытып салат. Бир күнү кечинде Куучүкө асманды караса, асманда жанашып эки ай турат. Бала таңыркап: «Ата, мурда бир эле ай чыкчу эле, азыр асманда эмнеге эки ай турат?» деп атасынан сурайт. «Ал айдын сага эмне кереги бар эле, балам?» деп абышка айтпай коёт. Экинчи күнү да эки ай турат. Бала дагы атасынан сурайт. «Ээ, балам, такып эле сурап калдың, ал биздин кырк кыз. Кыз хан деген ошол. Ай менен сулуулук чагылышып турат», дейт.

Куучүкө баягы кызга кантип жетээрин билбей, дөңгө чыгып отурса үч киши мушташып жатат. Жанына барса, мушташкан үчөө бир тууган экен. Атасы өлгөндө андан бир топу, үч таяк, бир жайыл дасторкон калыптыр. Эми үч бир тууган ошону талашып мушташып жатыптыр. Ал үч буюмда үч касиет бар экен. Топуну кийсе эч кимге көрүнбөй калат дейт. Жайыл дасторконду жаяр менен каалаган тамагың жайнап калчу экен. Таягын болсо силкип туруп «кимди ур десе» ошону уруп берчү дейт.

Бала тигилердин жөн-жайын сурап билип: «Үчөөң жарышкыла. Кимиң биринчи келсең, ошонуң жайыл дасторконду ал. Экинчи келгениң топуну ал, артта калганың үч таякты ал!» деп калыстыгын айтат. Үчөө макул болуп, буюмдарды балага карматып коюп жарышканы кеткенде, бала баягы топуну кийип, жайыл дасторконду колтуктап, үч таякты минип кыз ханга учуп жөнөйт. Кыз ханга келсе, ал кырк

кызы менен сейил куруп жүргөн экен. Куучүкө кыз ханды алдына алып алып, нечен дарыялардан учуп өтүп, тоолорду ашып, бир кезде тегерегин арча-карагай курчаган кичинекей шаарга келип түшөт. Алар түшсө, шаардын ичинде басып жүргөн жан жок. «Адамы жок кандай шаар? Эмнеси болсо да алтын дарбазалуу короого кирели» деп, ага киришсе, ал жерде да кыбыраган жан жок. Эртеси таң агарганда Куучүкө: «Сен отура бер, мен аң уулап келейин», деп кызды үйгө калтырып, өзү ууга кетет.

Эми сөздү баягы хан кыздын жанындагы кырк кыздан баштайлы. Алар кызды алдырып жиберип, түз эле ханга барышат чурулдашып. Болгон окуяны ханга айтышат. Хан каарданып, бүт элин чогултуп:

– Менин кызымды тапкыла! – деп элин кыстайт. Бирок кыз табылбайт. Элдин ичинен мен табам деген бирөө да чыкпайт. Муну көргөн хан башкача ойго келип: “Кимде ким менин кызымды таап, кайра ушул жерге алып келсе, кызымды ошол кишиге берем. Ким экендигине карабайм”, – дейт. Ошондо эл ичинен бир жез кемпир чыгып, ханга келип:

– Урматтуу ханым, сиздин кызыңызды мен таап келем. Эгер тапсам, үйдө отурган котур балама кызыңды бересиңби? – деп сурайт.

– Иши кылып таап кел. Сенин балаңдын котуруна карабай, кызымды сага берем, хандын сөзү эки болбойт! – дейт. Жез кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланып, түз эле кыз менен бала келген шаарга келип түшөт. Кыз жайыл дасторконду жайып алып, тамактын түрдүүсүн коюп, жаңыдан чай ичейин деп жаткан кезде, кемпир кызды зордук менен сокуга мингизип, сок билегин камчыланып учуп кетет. Алар көз ачып-жумганча хандын алдында болушат.

– Мынакей, ханым, сиздин буйругуңуз аткарылды, – дейт кемпир.

Хан ага макул болуп, кызын жез кемпирге жетелетип жиберет.

Куучүкө кечинде уудан келсе, аялы жок. Ар жак, бер жакты карайт, бирок аялын таппайт. Ал таң сүрүп келатканда колуна жаа алып, жүрүп отурат. Нечен белестерди, нечен тоолорду ашат. Бир кезде көгөрүп жаткан мөңгү музга туш келет. Муздан өтө бererде муз жарылып кетет да, Куучүкө суугa түшүп агып жөнөйт. Ал канча жерге агып келгени белгисиз, бир кезде көзүн ачса, суунун жээгинде жатат. Оң тарабында бир ажыдаар, сол тарабында бир ажыдаар баланы тиктеп жатышат. Бирөөнү караса, экинчиси мин дегендей белги берет. «Ии, булар мени мингизип алып, бир жерге алпарып жегени жаткан го. Мейли жесе, баары бир өлдүм», деген ойго келип, экинчи ажыдаарга минет.

Экөө баланы асмандатып алып учуп жүрүп отурушуп, көз жеткис бийик зоокага келип конушат. Биринчи ажыдаар чоң кара ташты куйругу менен түртүп койсо, таш кадимки эшиктей ачыла түшөт. Анан Куучүкөгө кир дегендей белги берет. Куучүкө тартынбай кирет. Ал үңкүрдүн оозуна киргенде кап-караңгы боло түшөт. Караңгы жер менен бир аз басканда, алтындан жасалган дагы бир эшик көрүнөт. Ал эшикти ачып кирип барса, төрдө ак сакалдуу карыя отурат. Баягы карыянын белинен өйдө кадимки эле киши, ал эми белинен ылдый жылан түспөлдөш экен. Куучүкө салам айтып, босогого туруп калат. Карыя алик алып, баланы өзүнө чакырып, жанынан орун көргөзөт. Тамак желип бүткөндөн кийин:

– Кана, сүйлөй отур, балам, кайдан болосуң. Бул жерге кандайча туш болдуң? – деп сурайт карыя.

Куучүкө башынан өткөндөрдү төкпөй-чачпай айтып берет.

– Мен ажыдаарлардын падышасы Шаймерден деген болом. Өзүм көптөн бери оорумун. Менин оорумду адам баласы гана айыктыра алат экен. Сен мени айыктырсаң, сенден мен жардамымды аябаймын. Эки жолу жаңы төрөгөн аялдын эмчек сүтүнөн эки кашык ичсем, куландан соо болуп айыккан турам.

Ал сүттү өзүң таап келбесең башка эч ким таба албайт. Мен сага бир ажыдаарды башы менен берем. Анын тилин да үйрөтүп коём, деп падыша Куучүкөгө ажыдаардын тилин үйрөтөт.

Падыша бир ажыдаарын Куучүкөгө берип, жолго чыгаарда: «Бул ажыдаарды кайда уч десең, ошол жакка уча берет. Кандай оюң болсо, баарын аткарат. Бирок сага айтаарым: Мындан мурун бир адам баласына ажыдаар берсем, сен келген ээн шаардын эли бири-бири менен уруша кетсе, элди бүт сордуруп салыптыр. Ошентип алиги шаар элсиз калды. Сен андай кылбагын», деди.

Бала макул болуп, сүт таап келгенге жөнөдү. Ажыдаарга минип алып учуп отуруп, күүгүм кирип калганда бир кыштактын четине келип конду. Бала ажыдаарын суунун боюндагы бир чоң түбүнө калтырып, өзү айыл аралап келе жатса, бир үйдүн тегерегиндеги топураган элди көрөт. Жолдо келе жаткан кемпирден: «Энеке, бул жерде эмне болуп жатат?» деп сурайт.

– «Эмне болсун балам, ушул айылдын бир келини жаңы төрөдү эле, эси ооп, эсине келалбай кыйналып жатат. Айылдагы табыптардын, молдолордун да алы жетпеди. Шордуу келин өлмөй болду», – дейт кемпир.

– Мени ээрчитип барыңыз, балким колумдан келип калар! – деп бала кемпирди ээрчип кыйналган келинге келди. Үйгө кирсе, келин чыдай албай жаткан экен. Ал колун келиндин бетине тийгизди эле, келин бир аз эс алып, тынчып жатып калды. Куучүкө келиндин эмчегинен агып жаткан сүттөн идишине куюп алды да, кайра катып алды. Бир кезде келин кадимкидей болуп күлүп-жайнап калды. Келиндин жээк жааты, чогулган эл балага урмат-сый көрсөтүп, айылдан узатышты. Бала ажыдаарга минип алып, түн бир оокум болгондо падышанын сарайына келип түштү. Алып келген эмчек сүттү бир түндө эки маал берди эле, эртесинде падыша сак-саламат айыгып, өз калыбына келди.

Падыша балага ыраазы болуп, колуна бир дары берди да: «Сен бул дарыны башыңа кыйынчылык иш түшкөндө чекеңе тийгизип, эмне кааласаң, ошол замат аткарылат. Бул дарыны эч бир адамга көрсөтпө да, касиеттүү сырын бир адамга айтпа!» деп ажыдаарына мингизип Кууччүкөнү жөнөттү.

Кууччүкө жүрүп отуруп, баягы кыздын шаарына күүгүм талаш келди. Ажыдаардан түшүп, шаарды аралап хандын сарайын издеп келе жатса, бир жепирейген там турат. Үйдүн терезесинен шыкаалаcа, төрдөгү төшөктө тырманган бирөө жатат. Терезенин түбүндө баягы хандын кызы ыйлап отурат. Ошондон экөө кучакташып көрүшүп, ханга барышат.

Кууччүкө сарайга кирип, хандын алдына келип, баш уруп ызаат көрсөтүп, болгон окуяны айтты эле, хан ачуусу келип, жигиттерине Кууччүкөнүн башын алдырсамбы деп ойлоду. Бирок кызынан чочулап, Кууччүкөнүн колунан келбес ишке жиберүүнү туура тапты да:

– Сага бир иш тапшырамын. Эгер ал ишти аткарып келсең, кызымды сага беремин, аткара албай калсаң, башыңды аламын, – деди.

– Ал кандай иш, урматтуу таксыр? – деп сурады бала.

– Алты айлык жолдо бир түп терек бар. Ошол теректин түбүндө арстан жашайт. Анын оозунда аяктай алтын бар, ошол алтынды алып келесиң. Мен сага он күндүк убакыт берем. Эгер он күндүн ичинде алып келбесең, анда кызымдан үмүт үз, – дейт.

– Жарайт, ханым, аткан октой барып алып келем, – деп Кууччүкө жолго чыгат.

Шаардан чыга берип, Шаймерен берген дарыны алып, чекесине тийгизип ылаачын куш болуп жөнөйт. Учуп жүрүп отуруп, бир нече күн, бир нече түн дегенде баягы терекке жетет. Теректин түбүндө айбан жырткычтардын падышасы арстан уктап жаткан экен. Уктаганда оозу ачылып, дем алганда

ал бирде таңдайына кетип, бирде оозунун учуна келип, тиштерине тийип турат. Аны кайтарып жаткан жырткычтардын да уйкусу келген түрү бар. Кайтарып жаткандар уйкуга кетсе, бир чычкан келип, арстандын тиштерине илинген этти жейм деп, улам арстанды ойготуп жиберет. Кууччүкө буларды көрүп туруп, арстандын оозундагы алтынды кантип алуунун жолун ойлоп, дарыны алып чекесине тийгизип, мышык болуп, арстан уйкуга кеткенде, чычкандын келишин күтүп жашынып жатты. Бир кезде чычкан ийинден чыгып келе жатканда, мышык илип алып жеп койду. Ошол мезгилде арстан да, аны кайтарып жаткан жырткычтар да мемиреп уйкуга кетишти.

Кууччүкө алгыр бүркүткө айланып, арстандын жанына конду да, чеңгелин арстандын оозуна салып, алтынды илип алып асманга атып чыкты. Арстан ордунан ыргып туруп, асмандагы бүркүттү көрүп, теректи түбү менен жулуп алып бүркүттү урганда, бүркүттүн куйругун чала-була серпип өттү. Ал учуп отуруп хандын ордосуна келди да:

– Урматтуу ханым, мына сиз сураган алтын, – деп Кууччүкө баягы алтынды хандын алдына койду.

Ошондо хан жигиттин кыраан экендигине биротоло ишенди да:

– Мен карыдым, арыдым. Менин ордума күйөө балам хан болот! – деп жалпы элине жарыя кылды. Ошентип Кууччүкө хан болуп калды.

Бир күнү Кууччүкө инисин эстеп, аны издетип, иниси коңшу шаарда хан экенин билет. Ошентип, эки бир тууган эки шаардын ханы болуп, жыргапкуунап жашап калышыптыр.

## АЖЫДААР АЯЛ

Илгери бир мүнүшкөр хан жигиттери менен куш салып жүрсө, кушу учуп кетет экен. Хандын бир жигити артынан барып, таппай келет да: «Ханым,

бир укмуш, мен кушту кубалап баратсам, чоң таштын түбүндө ай десе арксыз, күн десе көрксүз бир сулуу кыз туруптур, салам берейин деп сулуулугунан сүрдөп жанына бара албай койдум», – дейт жигит.

Хан бул сөздү угаар менен баягы жерге келет. Чын эле ааламда жок сулуу кыз турат.

– Кайсы тараптан, кайсы элден келе жаткан периштесиң? – деп сурайт хан.

– Күн чыгыш тараптан, өзүнө теңдеш бактылуу күйөө табар бекенмин деп өңдөн азып, жер кезип келем, – дейт кыз.

– Андай болсо мен бир элдин ханымын, жактырсаң мага тийгин!

– Мен сизге тиейин, бирок бир шарт менен.

– Мен турган үйдө сиз гана болосуз. Башка адам кирүүгө тыюу саласыз, – деди кыз.

Кыз дагы айнып кетпесин деп ойлоп, хан дароо макул болду да, кызды жоргого мингизип шаарына алып кетти. Хан шаан-шөкөт менен чоң той берип, аялын өзүнчө өргөөгө киргизип, айтылган шартты толук аткарды. Арадан күндөр өттү, хан өзүнчө эле жүдөй баштады. Ханы качып кубарып, арыктап, сөлөкөтү эле калды. Хандын ордосуна жан келмек түгүл, асмандан куш учуп өтпөйт. Ошол күндөрү хан «сыркоолоп калдым» деп табып чакыртат. Адам аттуу табып хандын аялы турган ордого келип, «эмне бар болду экен» деп, ордонун эшигинен шыкаалап караса, ордону жарып аккан сууну бөгөп көл кылып алып жаткан ажыдаарды көрөт экен. Табып жүрөгүн токтотуп, дагы эмне болоор экен деп карап турса, бир оокумда баягы ажыдаар келишкен сулуу кыз болуп, созула басып үйүнө кирип кетет. Адам табып хандын оорuусу эмнеден экенин толук түшүндү. Кайра ханга барып: «Үйүңдөн көрүп дарылайм», – деп табыптыктын бардык ыгы менен хандын ден соолугун шашпай текшерип чыкты. Хандын аялы бул убакта сынын бузбай созулуп отурду.

– Дартым эмнеден экен? – деп сурады хан.

– Эч кандай дартыңыз жок. Ден соолугуңуз таза, жөн гана мүнүшкөрдүктү таштагандыкы экен. Жигиттериңизди ээрчитип ууга чыгып, көңүл ачсаңыз эле, баары ордуна келет, – деп табып эч нерсе ооз тийбей, таазим кылып чыгып кетет.

Хан эртеси кушун колуна кондуруп, жигиттерин ээрчитип ууга чыкты. Кайра тартып келатканда жолунда табыптын турганын көрдү. Хан кайрылып салам берип: «Жол болсун, табыбым?» – деп сурады. Анда табып: «Ханым, кечээ дартыңызды тапкан менен аялыңыздан айбыгып айта албадым, ал сулуу аял эмес, ажыдаар экен», – деп болгон окуяны ханга айтып берди. «Анын ажыдаар экенин өз көзүмө көргөз, анан ишенейин?» – деди кан.

– Болуптур, көргөзөйүн, – деди табып.

– Биринчиси, тирүү кекилик алып үйүнө киргин, кекилик кирери менен жан берет, себеби ал айбандардын биринчи жоосуун көрөрү менен жүрөгү түшүп өлөт. Экинчиси, агып жаткан сууну какшытып, башка нукка салдыр! Кечинде туздуу тамак жасатып, кадырың салсаң да, алдап жедир! Үйүңө кенедей идишке да суу койдурба, анан уктамыш болуп карап жат. Мына ошондо билесиң, ханым. Анан кийинки амалды өзүм табам! – деди табып.

Айткандай үйүнө тирүү кекилик алып келип, аялына көргөзмөк болду эле, аялы колуна алганча кекилик тырп этпей жан берди. Куштун жүрөгү түшүп калган го деп, аялына шек билдирбеди. Бир аз күн өткөн кезде хан экинчи шартты жасады. Түн ортосу ченде хан уктамыш болуп карап жатса, төшөктөн ажыдаардын башы сойлоп чыкты. Куйрук жагы хандын денесине тийип жатса да, аябай созулуп ар кайсы идиштен суу издеп жатты. Бирок суу таппай айласы кетип, кайра жыйрылып мурдагы калыбына келип, үйдө суу жок экен, өзөндөн суу алып келип берчи деп, ханды ойготту. Хан өзөнгө барып, анда да

суу жок экен деп кайта келди. Аңгыча таң да атты. Аялдын тынчы кетти. Хан ордосуна барып көргөнүн жигиттерине айтып, дарыяга сууну кайра бурдуртуп ыраактан карап турса, аялы эки жакты абайлап карап сууну бөгөп, ажыдаар болуп суугa кирип, суусуну канганча шимирди. Хан Адам табыпты чакыртып, ажыдаарды кантип жок кылуунун сырын сурады.

– Ханым, эми бул ажыдаардын сексен күндүк жашы калды. Ошондон кийин чыныгы ажыдаар болот. Ошого чейин жок кылбасаң, бүт шаарыңды сорот. Буга темирден терезеси жок үй куруп, алдап киргизип, эшигин бекем жаап, туш-туштан от коюп, өрттөп жибербесек, андан башка айла жок. Тамакка уу кошуп берген менен сен жебесең, ал өлүп баратса да ооз тийбейт. Сен шек алдырбай мурункудай эле жүрө бер, – деди.

Хан бир жуманын ичинде темирден үй салдырат. Аялын алдап баягы үйгө киргизет. Аялы үйгө кирип, кылчайып ханды чакырганча, эшик шак жабылып бекем бекитилет. Даяр турган усталар көөрүгүн күркүрөтүп, туш-туштан отту үйлөп кирди эле, темир үйдүн ичинен кулак-мээни жарган ажыдаардын үнү чыкты. Эртеси эшикти ачып карашса, үй толгон ажыдаардын күлү калыптыр. Элди азаптан куткарган Адам табыпка хан ордосунан орун берип, ордо кишиси кылып алат. Эл аман, жер аман, амалдуу ажыдаардан кутулган хан мурдагы абалына келип, аман-эсен элин сактап көпкө өмүр сүрүптүр.

## АЛТЫН БАЛЫК

Илгери бир чоң шаардын Бекжан аттуу ханы болуптур. Шаардын четинен бир чоң дарыя агып өтчү экен. Дарыянын жээгинде Ысмайыл аттуу жалгыз уулу бар бир кемпир-чал жашап, жалаң балык кармап тиричилик кылчу экен. Чал бир күнү дарыяга тор салып, торун тартса тартылбайт. Күчкө салып

жатып эптеп чыгарса, торуна алтын балык түшүп калыптыр. Бул балыкты мен өзүм эле чыгарып алып койсом, хан мени соо койбойт, ага кабар кылайын деп, хандын ордосуна барат.

Ушул мезгилде Ысмайыл атамдын торунан кабар ала кетейин деп, дарыя бойлоп торго келет. Торду караса тартылган боюнча турат, ичинде алтын балык. Аны көргөн Ысмайыл: «Ээ, жаныбар, атам көп балыктын убалына калды эле, сен аман кутулуп кетчи», – деп алтын балыкты тордон чыгарып, сууга коё берди да, бир чоң ташты анын ордуна торго салып коюп үйүнө жөнөдү. Ушул мезгилде чал ханга барып: «Ханым, менин торума жөн балык түшпөстөн, алтын балык түшүп калыптыр, сизди чыгарып алсын деп, атайын келдим», – дейт. Хан алтын балыкты чыгарып алууга он чакты жөкөрү менен чалды ээрчип дарыя жээгине жөнөштү. Дарыяга жетип торду тартып карашса балык эмес эле таш болуп чыгат. Хандын каары келип: «Ээ акмак чал, сен кимди алдамакчысың, ташты алтын балык деп ханды убара кылганды сага ким койду. Азыр үйүңө баргын, эртең үй-бүлөң менен баарың даргага асыласыңар!» – деп жигиттерин ээрчитип ордосуна жүрүп кетет.

Чал капаланып үйүнө келип, кемпири менен уулуна: «Бизди хан даргага асып өлтүрмөк болду. Кудай мени урганда тордогу ташты алтын балык деп, ханды алдап коюптурмун», – дейт. Анда кемпири: «Өлсөк, биз өлөлүк, көрөрүбүздү көрүп, ичерибизди ичкенбиз. Балам, сен качып кеткин!» – деп баласынын белине эки нан түйүп берип жатып, кемшеңдеп ыйлап: «Балам, жолго чыкканда ар кандай адамдарга кез болорсуң, жолуккан адамың мейли чоң болсун, мейли кичине болсун, оокаттанып алалы деп белиңдеги нандын бирин кичине, бирин чоң сындырып алдына кой. Жанагы жолдошуң чоң сыныгын өзү алып, кичине сыныгын сага калтырса, ал киши

менен жолдош болбогун. Эгер өзү кичинесин алып, сага чоңун калтырса, ошол киши менен дос болгун. Дагы бир айтаарым, жолдо жолуккан киши менен баратып, чынбы, жалганбы, бошонуп алайын деп, жолдон чыгып отургун. Эгерде сен турганга чейин сени күтүп токтоп турса, аны менен жолдош болгун. Эгер күтпөсө, аны менен жолдош болбогун», – деп акыл-насаатын айтып жолго чыгарып, кала беришти. Ысмайыл болсо бет алган жагына кете берди. Белиндеги эки токочтон башка эч нерсеси жок эле.

Эртеси хан абышка-кемпирди алдырып келип, бирок кечки айткан өкүмүн бузуп аларды даргага аспай коё берди. Чал-кемпир кубанып үйүнө келишип, бирок баласын таппай калышат. Ал эми Ысмайыл ал кезде абдан узап кеткен. Бир күнү кетип баратса, артынан бир топ киши жете келишти. Бала алардын бардыгын сынап көрдү, бирок энеси айткан киши табылбады. Жүрүп отуруп, башка бир хандын шаарына келип калган кезде, артынан өзүнө теңдүү бир бала жете келип, салам берди. Ысмайыл алик алып учурашып, андан ары бирге жүрүп отурушту. Бир убакытта оокаттанып алалы деп, белиндеги нанын алып, аны чоң-кичине кылып бөлүп алдыга койду. Тиги бала чоңун өзүнө жылдырып, кичинесин алып жеди. Бала: «Энем айткан жолдошту эми таптым окшойт» деп ойлоду, бирок дагы сынамакчы болуп, андан ары кетип баратканда калп эле «бошонуп алайын» деп жол жээгине чыгып отура кетти. Бир топтон кийин караса, баягы бала дагы эле күтүп отурган экен. Энем айткан киши ушул экен деп, кайра келип экөө жолго түшүштү.

– Атың ким, жашың канчада? – деп сурады арттан келген бала.

– Атым Ысмайыл, жашым он жетиде, – деп жооп берди Ысмайыл.

– Өзүңдүн атың ким, сен канчадасың? – деп өзүнөн сурады.

– Атым Ысырайыл, мен он алтыдамын. Сиз мага ага болот экенсиз. Мени иним деп жүрүңүз, – деди.

Экөө жүрүп отуруп бир хандын шаарына барышты. Базар аралап жүрүшсө, бир топ көпкөн балдар: «Ээ самтыраган байкуштар, ушулар да жашадым деп жүрөт ээ!» – деп боорун тырмап шылдыңдап күлүштү. Ага Ысырайылдын ачуусу келип, биринин колун, экинчисинин бутун жулуп алат, биринин башын каңдап, дагы биринин көзүн чыгара чаап, базардан чыгып кетишти. Баягы таяк жегендердин жоро-жолдошторунан кырктайы чогулуп: «Кайдагы бир эки баланын кылганы ушул болду», – деп ханга арызданып барышты. «Тынч жаткан шаардын тынчтыгын бузган кандай немелер», – деп хандын ачуусу келип, бир вазирине он жигитти кошуп, «ошол эки баланы таап келгиле» деп буйрук берди. Алар издеп келип, эки бала жуунуп жаткан жеринен табышат. Вазир: «Бери келгиле!», – дегенине Ысырайыл: «Биз барбайбыз, өзүңөр келгиле!» – деп болбойт. «Байлагыла!» – деп вазир буйрук кылат. Жигиттер аттарынан түшүп, балдарга тап коюшканда: «Жакын келбегиле, келсеңер башыңар кесилет!» – деп Ысырайыл ордунан туруп, кармашууга даяр турат.

Ага болбой он жигит тигилерди байламакка качырганда, Ысырайыл бир нерсени кончунан сууруп алып, тигилерге карай шилтегенде, беш-алтоонун башы үзүлүп түшүп, калгандары качып ханга барышат.

– Акылман таксыр ханым, – дейт вазир.

– Ал эки бала эмес эле бир желмогуз көрүнөт. Бир нерсени шилтеди эле беш-алты жигиттин башы үзүлүп түштү. Калганыбыз зорго качып кутулдук. Аларга башка бир айла кылбасак, алышып алыбыз, күрөшүп кучубүз жетпей турган көрүнөт,– деди.

– Эки баладан качып келдик дегенден уялсаңар боло, акылсыз акмактар! Алыңар келбесе, бардык кошун менен барып, колу-бутун байлап мага алып

келгиле, – деп буюрду кандын каары бетине чыгып.

– Таксыр ханым, – деп сөз алды акылман бир вазири.

– Бул балдардын бизге пайдасы тийчүдөй экен. Андан көрө аларга жакшы сөз айтып алып келели, өзүбүзгө жигит кылып алалы?

– Андай болсо, сен өзүң бил, – деп акылманга хан макул болот.

Акылман вазир эки атты жасалгалап токуп, коштотуп алып эки балага барды да: «Силерди ханыбыз мейманга чакырып жатат. Сүйлөшөлү дейт, силер кандай дейсиңер?» – деп сөзгө алды. «Барса, баралы», – деген эки жигит атка мингенде аттарынын бели сынып кетти. Вазир тигилердин кебетесине карап таң калды. «Өздөрү кичине эле туруп, алкынган аргымактар көтөрө албаганы эмнеси?» – деп жакасын карманды. Анан чү коюп хандын ордосуна келип, болгон окуяны ханга айтып, ордодогу кырк ат кошулган арабаны алып барып: «Ушуга түшүңүздөр, мырза жигиттер, отуруңуздар?» – деп арабага отургузуп, кырк атты «чү» дегенде, кырк ат алка-шалка терге түшүп араңдан зорго арабаны сүйрөп, хандын ордосуна келишти.

Араба тарткан аттарынын түрүн көргөндө хандын үрөйү учуп, тактысынан түшүп келип, эки колун бооруна алып, эки бала менен көрүшүп, гүлзардагы мейманканасына алып барып киргизди. Хан өз колу менен даам сунуп, тиги экөөнү аябай сыйлап отуруп:

– Он жигит отунчуңар, он жигит оюнчуңар болсун, гүлзар силер дем ала турган жайыңар, ичкенжегениңерден кам санабай, дем алып жата бергиле, – деди.

Арадан көп күндөр, айлар өттү, эки жигит сайрандап жата берди. Күндөрдүн биринде хандын ордосуна тополоң түшүп, ызы-чуу болуп калды. Барып билип келүүгө жигиттеринин бирин жиберишти. Бир кезде баягы акылман вазир келип: «Ээ, жигиттер, иш ча-

так. Тээтиги тоонун ары жагында көп замандан бери бир ажыдаар жашайт. Ошого жыл сайын бир кой, бир кыз салык төлөп турчу элек. Айдан ай, жылдан жыл өтүп отуруп, бүгүн кезек биздин ханыбызга келиптир. Хан жалгыз кызы Гүлжамалды ажыдаарга бергени жатат. Ошондуктан бүткүл хандын ордосу ызы-чууга түшүп, бүлүнгөнү ошол!» – деди. Анда Ысырайыл: «Ханыңызга барып айтыңыз, кыздын ордуна экөөбүз барабыз», – деди. Акылман барып ханга айтты эле, ал сүйүнүп: «Эгерде колдорунан келип, ошол ажыдаарды өлтүрүп берсе, кимисине болсо да Гүлжамал кызымды беремин!» – деп убада кылды. Андай болсо макулбуз деген эки бала жолго чыгышты. Экөө жүрүп отуруп тоонун түбүнө келишти.

Ушул жерден алар талашып калышты. Ысмайыл: «Мен биринчи барайын, сен тирүү кал», – деди. «Жок, биринчи мен барам, сен тирүү кал», – деп Ысырайыл болбоду. Акыры кепке келишип, биринчи Ысырайыл бармак болду. Ал кетип баратып: «Мен тоонун башынан көрүнгөндө ажыдаар бир чаңырып оп тартат, оозунан жалын чыгып, тоону каптап кетет. Ошондо мен да бакырам. Ажыдаар дагы бир жолу бакырат. Мен да бакырам. Ошол кезде сен чыгып баргын. Эгер экинчи жолу бакырбасам, анда менин өлгөнүм. Анда барбагын да, кайта элиңе кеткин», – деп Ысырайыл ажыдаарга бет алып жөнөп калды.

Тоонун башына чыкканда ажыдаар бир бакырды эле, тоону жалын каптады. Ажыдаар да бир чаңырганда таштар кулап, жер титиреди. Бирок Ысырайыл экинчи жолу бакыра алган жок. Аны тыңшап турган Ысмайыл: «Ысырайыл өлдү, ажыдаар жутуп койду», – деп ойлоп, ал өлүп мен тирүү калганда эмне кылмак элем? Мен да барып көрөйүн, – деп тоого чыгып барса, тоодой болгон ажыдаар эки бөлүнүп, куйругунан арыктын суусундай кан агып жатат. Ажыдаардын куйругуна басылып, колуна кырк кез

кылыч кармаган Ысырайыл өлүп жатат, Ысмайыл ыйлап-сыктап, Ысырайылды чоң суунун жээгине көтөрүп барып, үстү-башын жууп, сууга алып жатканда үч жолу чүчкүрүп, көзүн ачып, Ысырайыл тура калды.

Экөө ханга көрсөтмөк болуп, ажыдаардын бир кулагын кесип алып, араңдан зорго сүйрөшүп, хандын ордосуна келишет. «Мына, ажыдаарды өлтүрүп, кулагын сүйрөп келдик», – деп аны хан менен вазирине көрсөтүшөт. Хан уккан кулагына ишенбей, кырк жигитин чакырып: «Ажыдаардын өлгөнү чынбы, калппы, барып билип келгиле!», – деп жиберет. Кырк жигиттин жандары чыгып, тоонун түбүнө келишти да: «Адегенде сен бар, мен бар» болуп, бир топко кажылдашты. Акыры арасындагы бир баатыр атынын куйругун шарт түйүп, басмайылын бек таңып, кылычын туура кармап: «Эгер мен кайтпай калсам, анда силер кайтып кете бергиле!» – деп жолдошторуна керээзин айтып, кайратын жыйып тоонун башына чыгып барса, ажыдаар тоодой болуп экиге бөлүнүп өлүп жаткан экен. Анан жолдошторуна кыйкырып: «Келе бергиле, ал өлүп жатат», – деп чакырганда, тигилер чыгып келишип, ажыдаардын өлүгүн көрүшүп, кудайлап жакаларын кармашты. «Хан ишенбей убара кылат», – дешип дагы бир кулагын кесип, кырк атка сүйрөтүшүп, араң ордого жеткиришет. Хан акыры ишенип: «Мен Гүлжамал кызымды ушул эки жигитке бердим!» – дейт. Ажыдаардын өлгөнүнө жана кызынын аман калганына арнап, хан кырк күн той өткөрдү.

Той тарагандан кийин хан эки жигиттин алдына келип: «Кана, Гүлжамалды кимиң аласың?» – деп шаштырып калды. Ысмайыл Ысырайылга: «Гүлжамалды сен ал!» – деди. «Жок, менден улуусуң, сен ал», – деп Ысырайыл болбоду. Ысмайыл акыры макул болду. Хан дагы кырк күн той берип, улак чаптырып жатып Гүлжамалды Ысмайылга нике

кыйдырды. Ысмайыл хандын кызы менен сүт көл, май көлдүн ортосунда, заңгыраган өргөө тигип, кырк кыз, кырк жигит жумшап, эч нерсе ойлобой жатып калды. Арадан бир нече ай өттү. Гүлжамалдын жамалына мас болуп Ысырайылды эсинен чыгарып жиберди.

Күндөрдүн биринде Ысырайыл: «Бул Ысмайыл агам өз журтун, ата-энесин, жадагалса мени да эсинен чыгарып жиберди. Хандын дүнүйөсүнө, Гүлжамалдын жамалына мас болуп жатып алганы кандай?» – деп ойлоду да, мен мунун эсине салбасам болбойт деп, көчөгө чыкты. Аңгыча үймө-үй кыдырып келаткан думананы көрдү. Ысырайыл хандын казынасынан бир табак дилде, бир сыйра жаңы кийим алып чыгып, думанага берди да, кийимдерин чечтирип алып, өзүн жолго салды.

Ысырайыл ошол думананын кийимин кийип, таягын алып, куржунун асынып, Гүлжамал менен Ысмайыл жаткан өргөнүн кашына барып: «Ата-энесин, эли-жерин унутуп, башка элге келип жашап жүргөн адам араңарда барбы? Бар болсо, аны ары наадан, ары жаман деп билгиле!» – деп көпкө ак урду. Ысмайыл балким думананын сөзүнө көңүл бөлбөйт беле, Гүлжамал дароо сезе коюп: «Ээ, Ысмайыл, мынабу думана туура айтып жатат. Сенин да ата-энең, эли-журтуң бар эмеспи. Эгер болсо, өз элибизге кетелик. Бирөөнүн эли эл болбойт, жери жер болбойт», – деди. Ысмайыл ойлоно калып: «Анда мейли, кетсе кетелик», – дейт. Гүлжамал акылман вазирди чакыртып: «Атама барып айтыңыз. Ысмайыл ата-энесине, эли-журтума кетем деп уруксат сурап жатат, атама эп келсе, бизди тезирээк жөнөтсүн», – дейт. Акылман канга барып айтты эле, ал кетсе кетишсин деп уруксат берди да, малдын ар түрүнөн миңден алсын, миң жигит коштоп барсын, – деди. Ошентип алар жерине кетишке камынып калышты. Хан төрт түлүк малын айдатып, миң

жигитти баштатып, кыз-күйөөсүн жолго чыгарды.

Бирок Ысмайыл Ысырайыл досун такыр эстебей, оюнан чыгарып жиберет. Эки-үч күн өткөндөн кийин Ысырайыл бир күлүктү минип, бир күлүктү жетелеп артынан жете барды. Алар андан ары жүрүп отуруп, ээн талаа, эрме чөлдөгү жалгыз түп чынар терекке кез келишти. Теректин түбүнөн кичине булак суусу агат. Алар ушул жерде бир-эки күн ат тыныктырып, кошун эс алдырып жатмак болушат. Үй тиктирип Гүлжамал менен Ысмайыл уйкуга кетет. Ысырайыл уктабастан чынар теректин түбүндө күзөтүп жатты. Түндүн бир оокумунда чынар теректин бутагына жети кара кептер келип конду. Булар ажыдаардын арбактары экен. Аңгыча адамча сүйлөп: «Ысмайыл менен аялы үйдө уктап жатышат. Кептердин тумшугу тийсе ууланып өлөт. Муну ким «угуп туруп» айтса, ал ташка айланат», – деди. Анда бирөө: «Мен барып уулантып келейин» – деп дыр учуп түштү. Муну угуп, көрүп турган Ысырайыл жүгүрүп үйгө кирсе, Гүлжамалдын бетине кептердин тумшугу жаңы гана тийген экен. Денесине тарап кетпесин деп ууну соруп жатканда, Ысмайыл ойгонуп кетип: «Ой, сен эмне менин катынымды өөп жатасың?» – деп чатак чыгарат. «Башынан эле өзүң ал десе болбой жатып алып бердиң эле, эми кылган ишиң бул!» – деп таарынат: Ысырайыл аныгын айтайын десе таш болуп калам, айтпайын десе Ысмайыл таарынып жатат. Акыры айласы кетип, айтмакчы болот. Жарымын айтканда белине чейин, баарын айтканда Ысырайыл толук ташка айланды. Ысмайыл ошондо гана эсине келип, ыйлап-сыктады, эч натыйжа чыгара албады. Ошондо Гүлжамал: «Токто, мен ак тулпарга минип кептерге жетейин. Эгер кептерлерден колума тийсе, каны менен Ысырайылды жуунтайын, айыкса ошондо айыгат», – деп ак тулпарды минип кууп жөнөдү. Ак тулпар күнчүлүк жолду бир саатта басып өттү. Аңгыча алдынан бир

кара кептер учуп өтүп, карагайга конду. Гүлжамал акырын барып кармап алды да, койнуна катып бир аш бышымда кайра келди. Дароо кептерди мууздап, каны менен Ысырайылдын башын жууп жиберди эле, үч чүчкүрүп, кайта мурунку калыбына келди. Анан алар андан ары жөнөп калышты.

Ысмайылдын ата-энеси жашаган шаарга аз калганда бир жигитин: «Барып Бекжан ханга айткын, же хандыкты берсин, же бери чыгып согушсун! Ысмайыл, Ысырайыл деген жоо келди деп айт!» – деп элчи кылып жиберип, өздөрү арттан келе беришти. Аны угуп Бекжан хандын ачуусу келип, вазирлерин чакыртып: «Бардык колду баштап барып согуш ачкыла, көпкөн немелерди жер менен жексен кылгыла!» – деп буйрук берди. Миңден ашык аскер жарак-жабдыгы менен согуш майданына барса, бир жалгыз атчан турат. Колбашчы: «Жалгыз адам менен согушуп отурабызбы, байлап алып ханга алпаргыла!» – деп буйрук берет аскерине. Аскерлер байлап алыш үчүн качыра берди эле, Ысырайыл кончунан бир нерсени сууруп алып, катуу шилтегенде бир нече жүз аскердин баштары кыйылып түштү. Калгандары качып, Бекжан хандын ордосуна кирип барды.

Ошондон кийин Бекжан хан тактысынан түшүп, хандыкты алсын, жанымды аман койсун деп, элчи жибергенден кийин, Ысырайылдар чатаксыз хандын ордосуна кирип, Ысмайылды такка отургузушат.

Бир нече күндөн кийин Ысмайыл өлдү деп ойлогон ата-энесин таап, ордого көчүрүп келди. Бардыгы жайлашып, көңүлдөрү тынч алгандан кийин Ысырайыл: «Ата-энеңди таап, көңүлүң жайландыбы?» – деп сурады эле, Ысмайыл: «Көңүлүм жай тапты, досум!» – деди. «Андай болсо бардык дүнүйө-мүлктү дарыянын боюна топтогуң», – деди Ысырайыл. «Айтканың аткарылат, досум», – деп бардык дүйнө-мүлктү жыйдырат. «Буларды экөөбүз таптык, ошондуктан тең бөлүп алабыз!» – деп бардыгын тең бөлүп,

«нааразылык жокпу?» деди. Ысмайыл нааразы эмес экендигин айтты. «Эмесе Гүлжамалды алып кел, аны да тең бөлөбүз!» – деди Ысырайыл. «Тең бөлгөндө өлөт, андан көрө сен ал!» – деп чырылдады Ысмайыл. «Жок, тең бөлөбүз. Сен оң жагын аласыңбы, же сол жагын аласыңбы?» – деп сурады. Ысмайыл ойлонуп: «Оң жагын алайын», – деди. «Андай болсо оң колун карма», – деп, өзү сол колун кармап туруп, кончунан баягы кырк кез кылычын сууруп алып, «мына чаптым» деп кылычын шилтегенде, Гүлжамал коркуп кетип эстен танды.

Аңгыча Гүлжамалдын мурдунан чычканга окшогон бир нерсе чыгып, качып берди. Ысырайыл кууп жетип кескилеп өлтүрдү да: «Мына ушул зыяндуу макулук ажыдаардын чымыны эле, эми Гүлжамал тазарды. Эми сен, досум, элдүү, журттуу, тактуу хан болуп, максат мурасыңа жеттиң. Мен да сенин кылган жакшылыгыңды актадым. Менин кылган жакшылыгыма сен да ыраазы бол. Эми ачыгын айтайын, мен Ысырайыл эмес, баягы өзүң тордон бошоткон алтын балыкмын! Кош, аман болгула!» – деп алтын балык сууга секирип түшүп, суу түбүнө кирип кетти. Ысмайыл ошондо гана досунун ким экендигин билди.

## АЛТЫН КУШ

Илгери бир абышканын үч уулу жана бир чоң түп алмасы бар экен. Ар жылы алмасынын мөмөсүн жеп, абышка жашарып турчу дейт. Бир жылы быша элек кезинде ошол алмасын бирөө келип жеп кетет. Кийинки жылы алманы кезектешип күзөтүшөт. Бир күнү абышканын улуу баласы күзөтүп отуруп, түн ортосу ченде уктап калып, дагы жегизип жиберет. Андан кийин ортончусу күзөтүп отуруп, ал да уктап калат. Абышка үчүнчү жылы кичүү баласына кайтартат. Ал түнү бою уктабай, чоор тартып отура

берет. Бир убакта алтын куш келип алмага конуп, алманы жей баштайт. Бала акырын барып канаттан алганда куш учуп кетип, бир канаты үзүлүп колунда калат. Бала эртеси атасына куштун канатын алып келди эле: «Канатын таапсыңар, эми өзүн тапкыла!» – дейт. Кушту издемек болуп, абышканын эки уулу келишкен аргымак минип, келишимдүү курал-жарак алып жүрүп кетишет. Ошондо абышканын кичүү баласы да мен да барып издеймин деп, абышкадан уруксат сурайт. Бир топтон кийин атасы макул болуп, сары кунанын балага токуп берип жөнөтөт.

Бала жүрүп отуруп жол боюндагы кара ташка барып такалат. Кара ташта кара жазуу турат: «Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт», – деп жазылыптыр. Ошондо бала минип бараткан сары кунанга тил бүтүп: «Өлсөм өлөрмүн, оң жакка бара бер», – дептир. Бала оң жаккы жолго салып жүрүп отуруп, токойдун ичин аралап киргенде бир бөрү качырып сала берет. Бала атынан түшө качат. Бөрү атты басып калат. Атынан ажырап, бир терекке жашырынып ыйлап отурган балага карышкыр жетип келет. Бала коркуп кетет. «Коркпо, мен сенин атыңды жедим, эми тилегиңе жеткиремин», – дейт. «Издегеним алтын куш эле», – дейт бала. Анда карышкыр: «Эми сен менин үстүмө минип, көзүңдү жум!» – деп буйрук берет.

Бала бөрүгө минип, көзүн жумду эле, бөрү нечен тоолорду жортуп өтүп, бир убакта «көзүңдү ач!» деди. Бала көзүн ачса бир шаарга келип калыптыр. Ошондо бөрү: «Куш мына бул үйдө, акырын барып бутунан кармабай, канатынан кармап алып чык», – дейт. Бала үйгө киргенден кийин карышкырдын сөзүн элес албай, кушту буттан алса, бутундагы коңгуроосу шыңгырап кетип, хандын күзөтчүлөрү сезип калып, баланы кармап алышат. Эртең менен баланы хандын алдына алып келишкенде, хан: «Кушту неге уурдайын дедиң?» – деп сурайт. Анда бала: «Менин

атамдын бир түп алмасы бар, ошонун мөмөсүн жеген сайын атам жашарып турчу эле. Кушуңуз үч жылдан бери алма бышып калган кезде жеп кетип, атам ошондон бери карып кетти», – дейт.

– Атаңдын камкордугунда жүргөн бала экенсиң, сенин күнөөңдү кечтим, – дейт хан.

– Ушул жакта бир хандын алтын жалдуу, алтын куйруктуу аты бар, ошону алып келсең, мен кушту сага берем, – дейт.

Бала бөрүгө келип, болгон окуяны айтып, хандын сөзүн толугу менен айтып берет. Анда бөрү: «Коркпогун бала, үстүмө мин да, көзүңдү жум!» – дейт. Бир кезде «көзүңдү ач» деген бөрүнүн сөзүнөн кийин көзүн ачса, алар дагы бир шаарга келип калыптыр. «Кырк сарайдан кийин дагы бир сарай бар, ошол сарайдын ичинде алтын жалдуу ат багылат. Акырын барып чылбырдан албастан, жалдан кармап жетелеп чык!» – дейт бөрү балага.

Сарайга киргенден кийин алтын жалдуу атты көрүп, бала бөрү айткан сөздөрдү элес албай атты чылбырдан алат да, дагы колго түшүп калат. Эртеси хандын алдына алып келгенде бала эмне үчүн келгенин айтып берет. Анда хан: «Сен атаңдын камкордугунда жүргөн бала экенсиң. Сени жазага тартпайм. Ушул жакта дагы бир хандын сулуу кызы бар. Ошону алып келсең, атымды сага беремин!» – дейт. Бала андан чыгып бөрү досуна келип болгонун айтып берет. Бөрү досу дагы мингизип алып, башка бир шаарга алып барат. Ошол кезде таң агарып кетет. Бөрү досу баланы ошол жерге калтырып: «Сен аны алалбайсың. Мен өзүм барайын», – деп жөнөп кетет. Хандын кызы эртең менен алдына кырк кыз, артына кырк кыз, оң жагына кырк кыз, сол жагына кырк кыз алып, бак ичине сейилдикке чыккан эле. Бөрү тосмодон секирип түшүп, алма жыгачына жашынып туруп, кыздар жанынан өтүп бараткамда хандын кызын илип кетет. Жолдо келатып кыз менен бала бири-бирине ашык болуп калышат. Аны бөрү досуна айтат, жардам сурайт.

Алар алтын жалдуу ат багылган шаарга келишти. Бөрү кубулуп, баягы кыздан да сулуу кыз болду. Бала айткан кызыңды алып келдим деп, кубулган бөрүнү алып келди эле, хан балага ыраазы болуп, атын кармата берди. Кыз менен бала алтын жалдуу атка минип андан ары кетишти. Ал эми хан кызды бир бөлмөсүнө киргизип коюп, бир убакта анын үстүнө кирсе кыз жок, ордунда бир карышкыр жатат. Хан коркуп чалкасынан кетип, эси ооп калганда, бөрү акырын жылып чыгып кетет. Аңгыча бөрү кыз менен баланын артынан жете келип, үчөө алтын кушу бар хандын шаарын көздөй жөнөштү. Жолдо бала бөрүгө: «Бул аттан да айрылгым келбейт, досум, жардам кыл!» – деп суранат.

Шаарга келишип, бөрү алтын жалдуу ат болуп кубулуп, аны жетелеп бала хандын алдына барды. Ыраазы болгон хан балага алтын кушту берип узатты. Бала алтын кушту колуна кондуруп, алтын жалдуу ат минип, сулуу кызды алып, көп дүйнө менен өз үйүн көздөй жөнөп кете берди.

Хан ошол күндүн эртеси жан-жөкөрлөрүн жыйнап, баягы бала алып келип берген алтын жалдуу атты минип ууга чыгат. Уучулар бир түзөң жерге аттарын кошоктоштуруп коюп, өздөрү кийик өңүп кетишет. Алар кетери менен ат болуп кубулган карышкыр өз өңүнө келип, кошоктолгон аттардын баарын жарып, жегенин жеп, анан учуп отуруп балага жете келет. Үчөө жүрүп отуруп, баягы баланын атын жеген токойго келген кезде токтошуп, бөрү балага бир тал мурутунан үзүп берип, достошуп ошол жеринде калат.

Кыз менен бала андан ары жүрүп кетишет. Бир кезде кыз: «Ушул жерде ат чалдырып, түнөп кетели», – дейт. Бала макул болуп ал жерге конуп калышат. Экөө уктап жатканда куш табалбай кайтып келаткан эки агасы келип: «Атабыз бул балам тапты, экөөң тапкан жоксуңар деп, бизди жаман көрүп калар», – дешип акылдашып отуруп, инисин өлтүрүп, кызын, кушун, атын алып жүрүп кетишет.

Бир күнү баягы токойду көздөй жүргөн желден улам бөрү бала досунун жытын искеп ага жетип келет да, досунун өлүгүн карга-кузгун жеп жатканын көрөт. Ал жерден бөрү каргалардын падышасын кармап алып: «Өлбөстүн суусун алып келгиле, болбосо коё бербеймин!» – дейт. Каргалардын падышасы каргаларын өлбөстүн суусуна жиберет. Каргалар өлбөстүн суусун оздоруна толтуруп алып келишет. Бөрү карганын төрөсүнүн канын өлбөстүн суусуна аралаштырып денесине сыйпайт. Бир маалда бала: «Абдан катуу уктап калыптырмын!» – деп туруп келет. Бөрү балага: «Сени агаларың өлтүрүп, кызыңды, кушуңду, атыңды алып кетишиптир. Мага мингин да, үйүңө тез баргын!» – дейт.

Бала үйүнө барса, улуу агасы кызды алганы жатыптыр. Бала: «Үйгө кирип, чоор ойноп берүүгө уруксат сурап бер», – деп кемпирди атасына жиберет. Кемпир тыштан кирип: «Бир бала чоор ойноп берейин, уруксат берсин деп жатат», – деп атасына кайрылат. Анда атасы: «Кирсин, балким менин кичүү баламдын күүсүн ойноор, кирсин», – дейт. Бала үйгө кирип чоор ойноп берет. Ошондо кыз: «Мени алып чыккан бала ушул. Ал эми тиги экөө муну өлтүрүп, мени мында алып келген», – деп кыйкырып жиберет. Атасы иштин жайын түшүнүп, кызды кичүү баласына алып берет. Бир күнү карышкыр кубулуп думана болуп балага келет. Бала аны таанып, жакшылап коноктоп узатып жиберет. Ошондон бери абышка алманын мөмөсүн жеп жылдан-жылга жашарат экен.

## АЛТЫН КУШ, АЧ КӨЗ ЧАЛ

Илгери убакта бир чал-кемпир жашаптыр. Алар өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун тутантып күн көрүшөт. Чал күн сайын отунга барып, аны алып келип, белендеп үйүнө киргизет. Кемпири болсо

үй сарамжалын жасап, тамак жасап, чай кайнатып туруптур. Өтө ынтымактуу жашашат.

Чал үйрөнгөн адаты боюнча бир күнү отунга барат.

Чытырман токой. Бир чоң даракты кыймакчы болуп, балтасын колуна алат. Ушул кезде дарактардын арасынан алтын куш чыга калып, адамча сүйлөп кирет:

– Даракты кыйбагын, айланайын адамзат!..

Чал буга таң калып, өзү чалкасынан кете жаздайт. Куш болсо:

– Адамзат, менден такыр коркпо, эмне кааласаң ошону аткарамын, – дейт.

– Менин үйүмө кеңири жага тургандай отун жеткирип бергин. Отунсуз жан сактоо бизге кыйын, – деп, сөзүн аяктайт.

– Болуптур, айтканың орундалат, ага кападар болбой, үйүңө кайта бер, – дейт.

Бул жолу абышка отунсуз үйүнө куру кол келип, кемпиринен аябагандай жеме угат. Абышка отунду алтын куш кыйдырбай койгонун баштан-аяк айтып түшүндүрөт. Кемпири болсо:

– Сен өлүп кет, абдан калпычысың, – деп урушат. Эртеси эртең менен караса эле, үйдүн ирегеси толгон отун.

Баягы кемпиринен жеме уккан абышка эми кемпирине аябай мактанат... Бир күн өткөндөн кийин абышка жипти курчанып, балтасын колуна алып, чоң түп даракты кыйганга дагы барат. Дагы баягы куш:

– Сага эмне керек абышка? – дейт.

– Мага аппак боз үй керек, – дейт.

– Болуптур абышка! Айтканың орундалат, үйүңө барып, окуяны кемпириңе айта бер, – деп, куш көздөн кайым болот... Абышка токойдон кайра үйүнө келет. Эртеси кемпири экөө эрте туруп, тышка чыгат. Караса, алты канат аппак боз үй тигилип турат Экөө

теӊ көргөн көздөрүнө ишенишпей, аябай таӊ калышат. Үйгө киришип, көӊүлдөрү аябай ачык, жарык маанайда кубангандары койнуна батпагансыйт...

Эртеси абышка дагы токойго, баягы өзүнө тааныш дарактын жанына жакын келет. Балтасын алып аны чапканга даярданат.

Бул жолу да абышкага дарактын өзөгүнөн алтын куш баш чыгарып:

– Сага дагы эмне керек? – деп кайрылат.

– Мен бай болсом дейм, короомдо сан жеткис малым болсо, алар аппак болсо, – деп суранат.

– Болуптур, адамзат, тилегениӊ орундалат. Өзүӊдүн боз үйүӊө окшош койлоруӊ ак болот. Аны эсептеп түгөтө албайсыӊ, – дейт да, көздөн кайым болот.

Үйүнө келип, абышка кемпири экөө таӊдын атышын чыдамсыздык менен күтүшөт. Таӊ ата теребелди карашат. Айланада жайылган сансыз кой менен уй. Санап жетише албайт.

Арадан бир топ ай өтөт. Чалдын курсагы тоюп, көӊүлү көтөрүлүп, хан болгусу келет. Белине балтасын кыстырып баягы чынар терекке дагы келет. Кыя баштайт чынарды. Алтын куш мына чыгат жок, ана чыгат жок. Теректи кыйып жыгып, уясын караса, алтын куштун өзү жок.

Үйүнө келсе мал да жок. Баягы ак өргөө да жок. Кемпири:

– Ач көздүк адамды жакшылыкка алып келбейт, – деп какшанып отурат.

## АЛТЫН ШАКЕК

Илгери бир заманда бир чоӊ байдын малы көбөйүп тескери жайылса да, бир кишиге чык татырбаган Чыгайбай болот.

Өлгөн малынын этин жейт. Тамак ичип жатканда бирөө келсе, жылдызы жерге түшүп, тамагын аяп, ылдый карап отурчу экен.

Бир күнү кемпири:

– Ой чал, кел дебеген үйдөн, кетмендеген көр жакшы деген эмеспи, түлөө кылып, эл-журттун батасын алалы, тамак берели, – десе, чалы ыйлайт.

– Менин дүнүйө малыма тийбе. Эл бекер жеп кетет, мага эмне пайда, өзүң тапсаң бере бер! – деп кемпири менен урушат.

– Ой, куураган чал, баласы жок өлөбүз, өлсөк артыбызга калат, малыңды ит-куш жейт, кой! “Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт”, элдин батасын алалы, – дейт кемпири.

Чал болбойт. Кемпирдин катып жүргөн алтын акчасы бар экен, ошону бир жигитке берип, бир бээ, эки-үч кой жана башка керектүү нерселерди алдырып, түлөө бермекчи болот.

«Менин малыма тийбей, өзүң таап бермек болдуң, кемпир бээң семиз, койлоруңдун куйругу казанбактай экен» – деп, чал аябай сүйүнөт. Койду, бээни союп, боорсок бышырып, аябай даярданып, эл чакырып түлөө берет. Ак сакал, көк сакал, кемпир-кезек, бала-бакыра болуп келишет.

– «Жети кишинин бири кадыр» деген, эл-журт, балам жок, бата бергиле! – деп, суранды эле, эл чуулдап бата берет. «Эй, шумдук, деле адамга тамак бербеген немелерге кандай кудай жалгады» дешип, таң калышкан эл бүт түлөөнү кемпир бергенин түшүнүшөт.

Бир нече күн өтөт, бир күнү кемпир эшикте турса, бир кара булут келе жатат. «Кир жайдым эле, күн жаайт го» – деп турса, кара булут ичинен бир аксакал киши болуп:

– Эй, байбиче, тилегиңиз кабыл болду. Балалуу болосуң, – деп, көздөн кайым болуп, булут таркап кетет.

Кемпир сүйүнүп, кудайы берет. Ошентип, кемпирдин тилеги келип, эркек бала төрөйт. Баласы экиге чыгат, ошондо баланы көрүп, мээр жаап, чал той берет.

Чоң үй салдырып, баланы молдого берип окутат. Эч нерседен кем кылбай өстүрөт. Бала он алты-он жетиге келгенде, атасы кара аргымак камдап, күмүш ээр токум кылып, баласын сыртка чыгарат. Баласына үч миң дилде берип, кемпир-чал базарга жиберет.

– Ич, же, эмне көңүлүңө жакса ошону сатып алгын, – дешет. Бала базарга барып карап жүрсө, бир кемпир чоң дөбөт кармап турат:

– Ой, байбиче. бул эмне? – дейт, анда ал кемпир:

– Бул ит, – деп жооп бериптир.

– Эмне иш кылат? – десе.

– Короо кайтарат, үрөт, – деп жооп берет кемпир, кичинесинде тоодон таап алдым эле, эми чоңойгондон бери кутурду, кабанаак болду, же курсагын тойгуза албадым. Эмне берсең ошону алам, балам.

Бала миң дилде берип, итти сатып алат. Аңгыча бир кара мышыкты сатып отурган адамдан:

– Бул эмне деген жаныбар? – деп сурайт.

– Бул, – мышык, үй ичине тынчтык бербеген чычканды кармап жейт. Итти деле миң дилдеге албадыңбы. Менин мышыгым да миң дилде, – деди тиги адам.

– Макул – деп, миң дилде берип, мышыкты сатып алды. Андан ары барса, бир адам жылан сатып отурат.

– Бул эмне? – деп дагы сурады бала.

– Жылан – деди.

– Эмне кылат? – деди бала.

– Кызым, аялым экөө отун алып жүрсө, кызымды чагып алыптыр, алса – адам алсын, албаса – өлтүрөм, – деди ал киши.

– Эмесе мен алам, канча? – дейт.

– Миң дилде, – дептир ал адам. Калган миң дилдесин берип, жыланды да сатып алды. Кечке маал үйүнө келе жатса, ата-энеси экөө тең карап турган болот. Торпоктой чоң бир жаныбарды жетелеп келе жатат бала. Келсе ит.

– Бул эмнең? – дешсе.

– Миң дилдеге ушул итти сатып алдым. Миң дилдеге мышыкты алдым. Миң дилдеге мынабу жыланды алдым, – деди бала. Энеси чалы менен урушат.

– Баланы мурунтан эл көзүнө чыгарып, эл аралатпай, сен кылдың? – деп, кемпир чалын каарып өтөт. Чалдын баласына ачуусу келет, кемпирине да жини келип, үч миң дилдеге ичи күйүп, баласын үйдөн кууп чыгат. Бала итин жетелеп, мышык, жыланын алып кетет.

– Кетип бара жатып бир тоонун түбүнө келип, уктап калат, жылан койнунан чыгып ышкырат, түрдүү тамактар даяр болот, ичип-жешип төртөө тоюп алышат.

– Эй, бала, тетиги тоонун чокусун көрдүңбү? – дейт жылан балага ошону Талчоку дейт, илгери ажыдаар чыккан, ошол жерге жетсек, менин атам бар. Мен сени алпарып, адам кылам – дейт.

– Көрдүм – деди бала.

– Менин атам – жер алдындагы жылан падышасы – Шаамаран, мен ошонун кызы болом. Мына бу итиң – иттин Кумайыгы, мышыгың – мышыктын Күлүстөнү. Кумайыкты жору тууйт. Эки чилде көрүп, анан күчүк болуп жумурткадан чыгат. Ошол Талчокуга Кумайыкты минбесең жетпейсиң. Ал сени жеткириш үчүн ак аркардын этине тоюш керек, антпесек жетпейбиз. Мобу тоонун ар жагында бир башат бар, ошол башатка барып, мен ак аркар суу ичкени келгенде чагам. Сен дароо жетип, мен чаккан жерди кесип ыргыт. Этин Кумайыкка беребиз.

– Кумайык ак аркардын этине тоюп, эки күн уктап, анан баланы көтөрүп алып Талчокуга жөнөйт.

– Менин башым каякка бурулса, Кумайык да ошол жакка бурулса, жетебиз, – деди жылан.

Ошентип, Талчокуга жеткенче Кумайык аксап, эптеп жеткирет. Барышса, ак сарай алтын-күмүш,

күн тийген, жемиш бышкан бейиштен жыргал экен. Ити аксап, таптакыр баса албай калат. Жылан бир чөптү алып берип, ошону сууга салып сүрттүрсө, буту айыгып калат. Сарайдагы көп сонунду көрүп жүрүп, сонуну таркаганча бир жыл өтөт. Ичкен-жегени сонун, ойногону перинин кыздары.

Бир күнү баланы Шаамаран жылан падышасы чакыртат:

– Келгениңе бир жыл болду, балам, эмнеге келбейсиң? – деди.

– Ойногонум пери кызы, ичкеним чүйгүн, көргөнүм шумдуктуу алтын-күмүш жасалгалуу дүнүйө болду, келбегенимдин себеби ушул. Кечирип кой, Шаамаран падыша, – деди бала.

– Эй, балам, менин кызымды миң дилдеге сатып алып, өлтүрбөй алып келгениңе ырахмат. Эмне аласың? Адам баласына алтын баалуу болчу эле, алтын ал, нечен асыл таштар бар, мундан ал. Перинин кызын кааласаң аны ал, – дейт.

– Жок, эчтеме албайм, асман менен учуп жүргөнгө бир ажыдаар бер, – дейт бала.

– Жок, бербеймин, – деди Шаамаран, – мен ант кылганмын, илгери мен ооруп, тамырчы адам баласынын сүтү дары дешкенинен бир ажыдаарды жиберип, бир бала алдырдым, ал балага алтын берип, бир кичинекей сүт алып кел, – деп жөнөттүм. Бала барып, бир куурай терип жүргөн жаңы төрөгөн келинден алтын берип жатып, бир азыраак сүт алып келди. Мен ошол сүттөн айыктым. Бала бир ажыдаар сураганын берсем, ал бала эл-журту менен эрегишип, падышаны баш кылып бүт элди сордуруп таштаптыр. Аны билип калып, ажыдаарды алып койдум, ошондон кийин ант кылгам.

– Ажыдаарды атаң бербей койду, – деп, ал жигит кызына барат.

– Анда тилинин алдында сактап жүргөн алтын шакеги бар. Ошол алтын шакекти сура, – деди кыз.

Шаамаран падыша алтын шакегин берди.

– Алтымыш күн жанымда бол, – деп алтымыш дуба үйрөттү.

Эл-жерине кетмек болуп, шакекке бир дубасын айтып, көп алтын алып, бала жолго чыкты. Шаамарандын сулуу кызы:

– Башыңа не иш түшсө келип тургун, – деп коштошуп калды. Бир жерде бала эс алып отурса, бир чал мал багып жүрөт.

– Ой, балам, кайдан жүрөсүң? – деди чал.

– Атам-энем жок, баласы жокко бала болом, – деди бала.

– Мага бала бол – деп, чал баланы алып үйүнө келди.

– Жашымда куурай алып жүрүп төрөп, жоготуп алдым эле. Эми баламы таап келиптир, – деди кемпири.

Чоң той берет. Бир нече күндөн кийин кемпир:

– Балам, эми келинчек ал, мени казан-аяктан куткар, – деди.

– Апа, анда ханга куда бол, – деди бала.

– Ай, балам, ага колдо жок, бизге хан кызын береби? – дейт.

– Өзүң хандын насаатчысың, былжырабай куда түш! – деди чалы.

Ал элдин шарты боюнча куда түшө турган киши үч күн үйдүн тегерегин шыпырат экен. Кемпир бир күн шыпыргандан кийин хан жигиттерине буйрук кылат:

– Ким мага жуучу түшкөнү жатат, билгиле.

Карап турушса баягы акылчы кемпир экен, жигиттери ханга айтып келишет.

– Сиздин акылчы кемпириңиз экен, ханым – дешти жигиттер. Хан кемпирди чакыртат.

– Эй, байбиче, балам жок дечү эмес белеңиз? – деди хан.

– Ооба, жок деп жүрчү элем. Ушинтип жоготуп коюп, эми таптым баламды, – деди кемпир.

– Болуптур, мен сени чанбаймын, – деди да, хан калыңын кесмей болду жылып аккан суу болсун, сыдыра бүткөн тал болсун, бир жагы май, бир жагы сүт көл болсун. Булбулдары сайрап турсун да, суунун биринин чабагы бирине ыргып турсун. Эшигимдин алдына түн ичинде күндүзгүдөй жарык болсун, даарат алган жерим жакут, көөхар болсун. Малдын эсеби жок келсин, – деп кемпирди узатты. Кемпир капа болуп кайгырып, ыйлап-сыктап үйүнө келди.

Ыйлаба, апа, – деди бала.

Эртеси хандын айтканын айтканындай кылып алтын шакектин касиети менен орундатат. Хан таң калып отуруп калат. Көп малдын эсебин таба албай элине таратат. Ачкөздөрү төрт-бештен, калгандары эки-үчтөн алышат. Хан кызын балага берет. Отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрүп, үйлөрүнө жөнөр маал болуп калат.

– Эми жаман үйгө кантип алпарабыз, – деп, кемпир байкуш дагы кайгырат. Чалы ага ачууланат.

– Апа, коркпо! – деди баласы.

Үйүнө келишсе, келиштире салынган заңгыраган үй-жай, бардыгы жасалгаланган экен. Ханды кошо чакырып, абдан меймандашат. Хан дагы таң калат. Ошентип, бала атасы-энеси менен жашап, жатып калат экен.

## АСМАН КЫЗЫ

Илгери-илгери күн эле жаркырап тийип турчу экен. Адамдар жашоо кумарын күндөн көрүп, бу дүйнөнүн сонунуна таң калып жашай беришиптир. Бирок күн адамдарды аябай ысытып, жерди кургатып баратканда, кишилер салкын болсо деп тилешиптир. Ошол кездеги кишилердин бири:

– «Дүйнө кең, дүйнөдө түн да жаралат» – десе, бири: «Дүйнөдө түн жаралбайт» – дептир. Үчүнчү бирөө чатак ырбабасын деп калыстыкка түшүптүр

да: «Дүйнө чын, түн да болот», – дептир. Анан көп жылдардан кийин чыны менен эле түн жаралыптыр. Баягы «Ысып баратабыз, күйүп баратабыз» дегендердин көз жаштары тыйылат, ошол кезде тоо жаралыптыр. Тоо койнунда эки көл пайда болуптур. Анын жээгине тигип койгондой дүпүйгөн дарактар өсүп чыгыптыр. Бул дарактардын өзү эмес, бул дарактар ошол кездеги дарактардын тамырынан калган экен.

Түн адеп жаралганда капкараңгы эле бирдеме экен. Эшикке чыккан адамдар түндү көрүп: «Мээримдүү тоонун асманы да ушундай капкараңгы болобу?" – дешип кейишкен дейт. Ошондо, «Кой, түнгө коздук берели» деп азыр силер “табийгат” деп жүрбөйсүңөрбү? Ошол табийгат асмандын бетине жылдыздарды чачыптыр. Айтса, адегенде айды жөнөтүптүр. Ай түндү жиреп жеке кечкен менен түн азыркыдай кооз болбоптур. Ошондо эле сугатчылар кетменин өбөктөп, малчылар укурук-таягын таянып, түндү карай берип, жылдыздар жок болгондуктан, түнгө кумары канбай коюптур.

Анда табийгат: «Ушул кулак байлап, суу жетелеген кетменчини, мал деп жүрүп туптунук терин агызып, ак тилектүү ойго баткан малчыны кумарга кандырбасам менин эмнем табийгат?» – дептир да, жылдыздарды жаратып, асманга чачыптыр. Жылдыздар ошондон бери адамдарды ой-сезимге балкытып, өзүнө чакырып турат экен, уулум...

Түн жаралып, түн бетине жылдыз кадалганына эсеп жеткис кылымдар өтүптүр. Ошол эсеп жеткис кылымдардан бери жылдыздар жарыгын өчүрүп, жапжаш бойдон жашап келе жатыптыр. Алардын жарыгы түбөлүк дейт. Жылдыз да жандуу дешет го. Тиги зоо боорунда учук созгон шоонадай ийрелеңдеген кыя жолду көргөндүрсүңөр? Ошол жолдо түнкүсүн баратсаңар, жылдыздардын бир-бирине учуп барып, учурашканын көрөсүңөр. Ошондон улам жандуу болсо керек дейбиз жылдыздарды. Чыны ошондой.

Илгери ошол жылдыздардын арасында кырк нөөкөрү бар бир сулуу кыз жашаптыр. Алардын баары асмандын кыздары экен. Кез-кезде ушул Ак-Көл менен Көк-Көлгө киринип, дарактын арасына сейилдеп, тиги көлгө куйган сууларды кылаалап басышчу экен. Жердин жыргалын ушерден сезип, суу чачышып ойношчу экен. Алар оңой менен кишилерге көрүнүшчү эмес дешет. Булардын кабарын тышка түнөгөн малчылардын кээ бири туя баштайт. Аларды тартынчаак, уяң деп угушат. Кыздар болсо киринип, ойноп бүткөндөн соң: «Көрдүм сени, жерлер! Ичтим сени, суулар! Жыттадым сени, гүлдөр!» – деп, асманга чабыттап, закым болушат.

Бир күнү баягы асман периси кырк кызы менен көлгө келип, оюн курат. Ошол кезде кырдын арасында бир чал-кемпирдин баласы кой кайтарып жүргөн болот. Ал: «Кайда кетип, кайда барбаган жан элем» – дейт да, ташка жашынып келип, тиги кыздын кийимин көрсөтпөй катып алат. Терең көлдөн тигилер чыгып келсе, кырк кыздын кийими бар, жалгыз бирөөнүкү жок. Кийими жок кыз ары чуркады, бери чуркады. Кийимин таппады. Тээ бийик чокуга жүгүрүп барып карады, дарексиз. Туу белден түшүп келип карады, көрүнбөдү. Айланып-айланып отуруп калды. Кыздардын баары – перилер эле. Кабагын салып, каарданып, асманга канат какты. Берки болсо, элдин салтын сактап, денесин жашырып, үйдөй таштын түбүнө корголоду. Эми мен асмандагы жылдыздардын алдында кирдедим го деп кейип-кепчип отура берди.

Аңгыча кайдандыр бир жактан алдына гүлдестелер катар-катар болуп тартыла түшөт. Кыз ага серп салбайт. Кимдир бирөөлөр аны каргыштап, күнөөлөп жаткансыйт. «Мага ким жолугаар экен?» – деп жүрөгүнүн жараты ырбап бараткандай болот.

Ошол учурда гүл менен коздолгон жайдын арасынан баягы койчу бала чыга келип, алыстан кыздын кийимин жөнөтөт. Асман кызы :

– Ий, менин кийимиме адамдын жыты сиңип калыптыр. Эми асманга учпай калдым. Кел, келе бер, бери» – деп, тигил гүл оронгон жашылдын арасындагы баланы чакырат. Бул учур кечке маа болуп, аңгыча коюу туман жүрүп калат. Бала аркар болуп, кыз кызыл марал болуп кубулат да, заматта башка тоодогу баланын үйүнө жетип барышат.

Кыз үйгө келсе, баланын эне-атасы анын жарк эткен өңүн көрүп, эстен танышат. Бала алардын бетине суу сээп сергитет да, болгон ишти түгөнбөгөн жомок кылып сүйлөп берет.

Кыз тири укмуш чырайлуу болуп, өңү ап-аппак экен. Ага тоо да суктанып, канаттуу да суктанып, ошондон кийин баланын иши оңоло баштайт. Баланын аты Султанмурат. Султанмурат кийин укмуштай чоорчу болот. Ал чоор тартса, мал жуушап, карышкырлар кулагын тосуп угат. Кыр-кырларга, таш-таштарга канаттуулар конуп, чоордун добушуна аралашып калат. Ошол эле дейсиңерби, желип бараткан жел да токтоп, сыбызгы үндү тыңшап калчу экен. Султанмурат чоор тартканда асман кызы да обон-үнгө берилип, былк этпей отура берчү дешет. Анын күүсүнө ак чокулуу тоо балкып, кашка суулуу көл муюйт.

Бул күүгө көзүнөн каары тамган адам жумшарып, жумшак адамдар жөн эле эзилип кете таштайт. Кар, музду тим эле кой, гүлдөр буруксуган жытын төгүп, кыялды айды көздөй желпинтип учурат. Тоо арасы ого бетер жашыл болуп, күүнү уккан ар бир жан бакытка ого бетер умтулат. Ал кезде жашоо кыйын болгон. Асман кызы бир күнү кирпиктерин төгүлтүп, күлсө күндөй көрүнүп, от ойногон көздөрүн күйөөсүнө буруп:

– Султанмурат, кемпир-чалды багалы. Бир оюмду айтайын. Жүрөк каалап, өзүңө калдым эле, тилимди ал. Айдын коюн бакканды ташта, аңчылыкка өт.

Султанмураттын көңүлүн шаттык араласа да:

– Мылтык атып көргөн жок элем. Эч нерсе ата албайм го? Атсам да тийбес! – дейт.

– Өмүрүбүз узак болсун, өзөн-деңиз болсун, мелт-калт болуп толсун десең, мергендикке бара бер, – дейт Асман кызы.

Бала макул болот. Билсем билермин мергендиктин сырын. Билбесем не чара? Чынымды айтсам Асман кызы угаар эмес сөзүмдү. Анын сөзүн укпасам, балким, кор болуп калармын, – деп ойлогон Султанмурат мергенчи болот. Мергенчи болгондон кийин ой кийигин ойдон, тоо кийигин тоодон чубаткан имиш.

Асман кызы эне-атаны сыйлап, өзгөчө багат. Эне-атаны ардактап баккан келиндин баркы болот, – деп, турмуштун тетиктерин үйрөнө берет. Арадан кыйла жыл өтүп, асман кызы жылдыз элин сагынып, көккө жөнөгүсү келет. Элин сагынбас жан болобу? Сагынат да. Ал да кыдырып, кол кармашкан кыздарды ойлоп, ойлоор замат эстен тана жаздап, кусалыгы артат экен. Асманга төркүлөп келейин деген оюн Сулмуратка айтат. Султанмурат: «Мен кийикке чыгып келейин, анан сүйлөшөбүз» – деп жөнөп кетет. Ал мергендикке келсе, баягыдай эле ой кийиги ойдон, тоо кийиги тоодон көп күттүрбөй эле жолуга берет.

Ошол кийиктердин арасында жүнү сан-сан, басса коңгуроосу шыңгыраган, өңү жылтылдаган бир кийик болот. Ошол кийик адамча сүйлөп:

– Кыйын болсоң, мени атып ал. Ата албасаң кууп кармап ал. Куусаң – жетпейсиң. Атсаң – огуң тийбейт, мага. Мени кууган менен ушул тоонун карагаты – ширесин чачкан кезде да жетпейсиң. Анан жоогазын ажарын ачканга чейин кууп, анда да жетпейсиң. Түн койнун кучактап куусаң да баары бир – деп, качып калат.

Султанмурат: «Сени куштан, кармап алыштан чаалыкпайм. От курактамын. Жердин түбүнө түшүп кетсең да жол табам. Чөптү жиреп кубалайм. Токтолбой кубалайм. Асмандагы булутка аралашсаң да

кубалайм. Ак самындын көбүгүнө айланып кетсең да атып алам» – деп, качырып калат.

Чаткалдын тоолору укмуш тик келет эмеспи. Бир тоосу бопбоз таш, сустайып турат. Бир тоосу көк, көктү карап «күлүп» турат. Султанмурат ошол тоолорду аралап баягы кийикти кубалап жүрөт. Адегенде жайлоодо чардап жыргап жүргөнсүп кубалайт. Кийикке жетмек кайда? Анан тозокту көрөт. Таш жарган гүлдөй жайнаймын деген Султанмурат шатырап жааган жаанга калат, шүүдүрүм кечип суу болот. Көк жылгаяк муз басып, таш басып таманы тилинет. Сымбаттуу мүчөсүнүн кейпи кетип, айчолпон тең келбеген өңдөн ажырап сүлдөрү калат. Бирок ошого карабай кубалап жүрө берет. Кубалап кармап албаса, асман кыздан ажыроочудай болуп, улуу дөөлөттөн калчудай болуп сезет өзүн. Жакшы сөөлөт кача тургандай, көңүлгө жөлөк эч нерсе калбоочудай сезет өзүн. Ичер суу түгөнчүдөй болот. Кийин экөө тең ушунча арыктап азып кетет. Бирде ичтерин бирөө аңтарып жаткансып, уйгу-туйгу болуп токтошот. Бирде төбөсүн майдалап жарып жаткансып сендиректешет. Ал турсун толкунда жүргөн кайыктай калкылдап баштары да айланат. Ошентсе да биринин качканы-качкан, биринин кууганы-кууган. Ошентип жүрүп, тиги Чаткалдын бир бийик аскасынан Султанмурат кулап кетет. Ал ошол жерден кулап турсун. Эми асмандын пери кызына келели.

Асмандын пери кызы кайнене, кайнатасын абдан кадырлап багып жүргөн. Алар өтө карып, кайтыш болот. Эл көөмп коёт. Пери кыз айылдан чыкса, ак алмадай бурап, жамалы ай болуп, жазгы баардай түрдөнүп чыгат. Шабдаалынын гүлүндөй кызылы кызыл, алманын гүлүндөй агы ак болуп кубулуп турат. Ага ар ким ашык боло берет. Сүйлөгөн сөзү мейиз таттуу, өзү корукка бышкан коондой сыйда, көзүнө сурма койгондой жалтылдап турган бир баш-

кача жан эле. Анан ага ар ким баш кошууну ойлогон экен. Бирок, ал эч кимге макул болбоптур.

Жүрөгү туйлап, санаасы чыдабай тоо-тоодон Султанмуратын издеп чыгат. Пери кыз күнгө жалынат, Султанмуратты таап бер – деп, андан жооп болбойт. Жаркыраган музга жалынат, андан жооп болбойт. Керме тоого жалынат, анда да үн жок.

Асман кызы жалдырап көктү карады, жалдырап жерди карады. Бирок Султанмураттан дайын болбоду. Кусалыгы ашынып кеч күзгү жалбырактай өңдөн азат. Түбү жүрүп ал да бир күбүргө түшүп кетти.

Түшүп кетсе, кыңкыстаган үн угулат. Караса, араң жаткан Султанмурат. Асман кызы ошол жерде Султанмуратты дарылап айыктырат экен. Айыктырат да ага мындай дейт;

– Султанмурат, биз асманга кетели. Ата-энени ээсине бергенбиз. Көккө учалы. Кийин айылда ак тамдар көбөйүп, бүт адамдар жыргалга бөлөнүп, көз жара элек бөбөктөр көз жарып, эл билимдүү болгон кезде көктөн кайра айылга келели, – деп көкүтөт.

Султанмурат киндик каны тамган жерди кыя албайт, таштабайын десе жанагы кырсыктан кутулушун амалын билбей, айласы куруйт.

Барбайын десе, Асман кызынын көңүлүн калтырганы турат. Анын тереңдеп айткан кебин унута албайт. Акыры аялына карап:

– Мейли эмесе, чеке тердеп ал жактан да турмуш үйрөнөйүн! – деп макул болот.

Асман кызы ошол жерден Ак-Көл, Көк-Көлгө кайра кайрылып келет. Келсе баягы кырк кыз жердеги көлгө түшүп, ойноп жүргөн болот. Булар аябай сагынышып калган экен дейт, тим эле укмуштай кучакташып көрүшүп, сыр сурашып калышат.

Кыздар айтат:

– Сиздин көзүңүз токтоо болуп калыптыр. Жашырбай болгон ишти айтыңыз. Кеч күздүн кейпин кийип бир аз жүдөгөн түрүңүз бар. Бирок, сүрдүү

болупсуз. Жалгыздыктын жабырын тарткан белемсиз? – дешет.

Анда асман кызы:

– Ооба, ээндикке өзүмдү кандырдым. Азап тартып жүрөктү эзип, Султанмурат деп, шамал болуп учтум, жарга урундум. Көрбөгөндү көрдүм. Бизге кийим алып келгиле – дейт.

Пери кыздар:

Эженин жамалына ашык болгон, өрттөй жанган жездени көрөлү – дешип, Султанмуратты ортого алып көрүшүп, анан асманга учуруп кетишет. Асманга барганда пери кыздар сейил куруп, чылдырман чертип, ыр ырдашып, ар даамдан той кылып, оюн курушуптур. Асмандын үстүндө да асман бар дейт. Ал асманга да жарык нур төгүлүп жанып турат экен.

Султанмурат ошолордун ичинде ак жылдыздарды аралап, пери кыздар менен бирге асмандан асманга көчүп ойноп жүрөт имиш. Эми алар баягы убадасы боюнча бизге, балким, келе жаткандыр. Анткени, илгерки кырсык жоюлуп, жерибиз гүлдөп, айылдар ак тамга бөлөнүп, термелип-көлкүп, ак тилегибизге жетпедикпи. Аларды ушул биздин керемет тоолор, жибек желдүү адыр-бел, эли-журтубуз кызыктырат. Алардын түшүнө жердеги жаштык күндөрү, таң атпай тосуп алган ак таңдар, тоонун гүлдөрү, көлдөр, бакылдашып үн чыгарган элдер кирет. Аларды сагынат дейт. Адамдар азыр Айга конуп жатпайбы. Эми айга жеткен адам жылдыздарды аралап, Султанмурат менен Асман кызды таап да калар.

## АСЫЛ ТАШ

Мындан нечен кылым мурда кыргыздын улуу тоосунун эки капчыгайын ээлеп, жанаша жашаган эки байдын толгон малы бар экен. Байлар бирин-бири жакшы көрбөй, бирине бири көз артып, ушунун малын канткенде ээлеп алам дешип, ичтеринде жаман

ой катылып, котур ташы койнунда жүрдү. Арадан көп жылдар өтүп, эки байдын бири көз жумду. Анын артынан кемпири да каза болду. Алардын жалгыз уулу он эки жаш курагында жетим калды. Жанаша конгон экинчи бай ушундан пайдаланып тоголок жетимдин малы менен мүлкүн бүт бойдон алмакчы болуп:

– Сен, балам, жарык дүйнөдө жалгыз досумдан калган жетимимсиң. Менин да жалгыз уулум чоң кербен менен бирге алыскы сапарга кетип, ошол бойдон кайтпады, билбейм, бир кырсык болгон окшойт. Ошондуктан сен менин уулумдун ордуна уул бол. Өз атаңдан кем бакпасмын. Мени да өз атаңдай көр, – деп көп сөздөрдү айтты.

– Бала жаш эмеспи, макул болду. Ушинтип жетимди бала кылып алдым деп, бай бүт айылына жар чакыртты. Жетимдин мал-мүлкүн өзүнө кошуп алды. Ошентип байдын байлыгы эки эсе артып, эми жетимден кантип кутулуунун жолун издей баштады. Жетим да бөлөк байдын балдарына кошулуп молдодон сабак алып жүргөн. Бир күнү сабактан келе жатып, жолдо буту сынып жаткан баканы көрөт. Бала аны үйүнө алып кетмекчи болду. Бир аз баскандан кийин алды жакта баткакка тыгылып жаткан арабаны көрдү. Бала ушул баканын бутун тепсеп кеткен дал ушул араба болсо керек деп ойлоду. Бала арабанын ээсине карап:

– Сен эмне, сокур болуп калгансыңбы? Мына бул байкуштун бутун эмнеге тепсетип кеттиң? – дейт.

– Мына кызык! Эми баканы коргой турган киши табылган тура! Мунун сага эмне кереги бар? – деп арабанын ээси балага ачууланып, камчысы менен жондон ары тартып жиберди. Бала далысы ооруса да ыйлаган жок. Баканы үйүнө алып келип, бутун таңып, курсагын тойгузуп, короонун ичине кичинекей чуңкур казып, ал чуңкурга суу толтуруп, баканы ошого коё берди. Андан кийин күн сайын баканы карап, сууга тамак-аш таштап турду.

Бай асыранды баласынын короонун ичиндеги көлчүккө күн сайын эки-үч жолу чуркап барып, ал жерде бир нерселерди жасап жатканын байкап калат. Ал баланын эмне жасап жүргөнүн билмекчи болот. Бир күнү бала сабагына кеткенден кийин, бай көлчүккө барып караса, көлчүктө аркы-терки сүзүп бака жүрөт. Бул бака биякка кайдан келди, алып келсе жанагы жубарымбек алып келсе керек, – деген ойго келди. Кечке жуук бала сабагынан келип, көлчүктөгү бакасын көргөнү барды. Анын артынан бай аңдып чыкты. Карап турса, көлчүктөгү бака чыга келип, баланын берген азыгын жеп, кайра сууга кирип кетти.

– Мен сени бала кылып багып алдым эле. Мен сени киши болобу деп ойлогом! – деген бай абдан ачуулана баштады. Бирок сен менин кызматымды барктаган жоксуң. Сен мага жакшылык кылбай, ушул жаман бакага жакшылык кылып, күн сайын эки маал буга тамак берип жүргөн экенсиң. «Мал арыгын сактасаң – ооз майлайт, киши арыгын сактасаң – төбө каңдайт!» – деген ушул тура. Сен эми менден таптакыр кеткин. Бакаңды көтөргүн да, көзүмө көрүнбөй жогол! – деп бай каарданды.

Бала баканы колуна алып, башы оогон тарапка кете берди. Ал ээн талаа, эрме чөлдө кетип баратып, жолдо бир көлгө туш келди. «Ушул көлгө баканы коё берейинчи, бул байкуш да эптеп оокатын кылсын», деген ойдо баканы көлгө коё берди. Бака көлгө түшүп:

– Сен мени ажалдан аман алып калдың эле. Мен дагы сага ошончолук жакшылык кылышым керек. Мынабу асыл ташты алгының. Эмнени кааласаң, ушул таш тилегиңе жеткирет, – деп адамча сүйлөдү. Анан бака оозун ачып, кусуп жибергенде, оозунан кичинекей көк жашыл таш ыргып кетти. Ал эми сенин мындан аркы жолуңду айтсам, көп күн жол жүргөндөн кийин, жолдун айрылышына кезигесиң.

Эгер айрылыштагы чоң жолго түшсөң, алты ай бою басышың керек, бирок ал жол тынч, сага зыян кылган эч нерсе болбойт! Ал эми тар жолго түшсөң, үч ай жол басасың, бирок ал жол эң эле коркунучтуу! Сен тар жолдон коркпогун. Сенин колуңда асыл таш бар эмеспи. Бул таш колуңда турганда, сен эч нерседен кор болбойсуң, – деген бака сөзүн бүттү.

Бала бака менен кош айтышып, тынбай басып отуруп, баягы жолдун эки айрылышына келди. Ырас эле бири чоң, экинчиси тар жол экен. Баканын айтканын эске алып, бала тар жолго түштү. Жолунан ар кыл жырткычтар чыгып, баланы качырып келип, бирок эч кандай зыян кылбастан кайра кайтып турушту. Ошентип бала узак жол жүрдү. Бир күнү бир жерге келип, бир аз дем алмак болду. Дал ошол жерден жыландын сыйрылып калган эски терисин көрдү.

– «Колумдагы асыл таштын кереметин канчалык экен, ушуну бир сынап көрөйүнчү» – деп, колундагы асыл ташты жыландын терисине тийгизди. Жылан ошол замат тирилип чыга келди. Анан балага ышкыра карап:

– Сен мени тирилтип алдың. Дал ушул күндөн тартып мен сага түбөлүк дос болом. Менин айткан сөзүмдү көкүрөгүңө түйүп ал, качан мен керек болсом, «кел, жыланым» дейсиң, мен дароо сенин жаныңда болом, – дейт. Ошентип жылан балага сырын айтып берип, сойлоп өз жолу менен кетти. Бала да өз жолун улантты. Жолдо баратса өлүп жаткан аары жатыптыр. Бала асыл ташын аарынын өлүгүнө тийгизип, аны да тирилтип алды. Аары мурутунан бирди үзүп берип:

– Эгер башыңа кыйын иш түшсө, мурутумдун учун отко күйгүзүп жибер, ошол замат мен жардамга келем, – дейт.

– Бала дагы көп күн жол жүрдү. Бир күнү келатса жолдун жээгинде адамдын куурап калган баш сөөгү

жатыптыр. Бала ага өзүнүн асыл ташын тийгизди эле, ал куу баш татынакай мырза жигит болуп тура келди. Асыл ташынын күчү менен адамды да тирилтип алганына кубанган бала аны өз агасындай көрүп, андан ары жолун улантты.

– Сен мени кантип тирилтип алдың? – деп сурады бир күнү мырза жигит. Бала баканы кандай кылып бакканын, ал бака ага асыл таш бергенин, ошол асыл таштын күчү менен тирилтип алганын айтып берди. Берки жигит да өз атасынын бай болгонун, атасынын баланы кербенчилерге кошуп берип, алыска соода кылууга жибергенин, жолдо каракчылар кол салып, кербенчилердин мал-мүлкүн бүт тартып алып, өздөрүн өлтүрүп кетишкенин айтып берди. Анан жигит балага өзүнүн ыраазычылыгын билдирип, мындан ары экөө түбөлүк дос болууга убада берди.

Экөө дагы узак жол жүрүштү. Бир түнү тыныгып жатканда мырза жигит балага карап: «Сен мага чыныгы дос болсоң, койнуңдагы асыл ташты мага бер, эртең кайра өзүңө берем», – деп сурады. Бала эч шек алган жок, асыл ташты койнунан сууруп, жигиттин колуна кармата салды. Эртесинде бала ташты кайра сурады эле, жигит аны бермек түгүл, балага үндөбөй койду.

Алар дагы узак жол басышты. Акыры ээн талаа, эрме чөлгө жетишти. Аябай суусап, каны катып баратышып, асманда учуп жүргөн карганы көрүштү.

– Суу жок жерде карга да жашабайт, жакын жерде суу болуш керек! – деп, бала кыйкырып жиберди. Ырас эле бир аздан кийин терең кудуктун жанына келишти. Кудукта аркан бар, бирок чака жок экен.

– Сен менден кичүү эмессиңби, анын үстүнө жеңилсиң, кудукка түшүп, калпагыңа суу сүзүп чык! Мен сени белиңен аркан менен байлап түшүрүп, кайра тартып алам, – деди мырза жигит.

– Менин калпагымдагы суу экөөбүзгө жетеби? – деп сурады бала.

– Жетет, андан көп суунун деле кереги жок, – деп жигит бырс күлүп койду. Бала оюна эч жамандык кирбей, макул болуп кудукка түштү. Анан калпакка толтура алып чыгып келе жаткан суусун жигит шап ала коюп, ошол замат арканды коё берди. Бала кайра кудукка түшүп кетти. Жигит кудуктан бир топ узап кеткенден кийин бул жерге кербенчилер келишти. Кербенчилер кудукка чака сала коюп суу алмакчы болгондо, кудуктун түбүндө жаткан адамды көрүп калышты.

– Баланы кудуктан алып чыккыла! – деп буюрду кербен башы. Буга кимдир бирөө кастык кылып, кудуктун ичине таштап кеткен окшойт! – деди. Кербенчилер баланы кудуктан чыгарып, тамак беришип, көңүлүн ачышып, жүктүү төөгө мингизип өздөрү менен ала кетишти.

Кербенчилер жүрүп отурушуп бир чоң шаарга жетишип, соодасын кылып жүргөн кезде, бала шаарды аралап көрүп чыкмакчы болуп адашып кетет. Кербенчилер аны издеп таппай, өз жерине кете беришет, ал эми бала чоң шаарда тентиреп жалгыз калат. Баланын курсагы ачып, кайда барарын билбей, көчөнүн боюндагы теректин түбүндө алсырап отурса, бет алдынан аргымак ат минген, жакшы кийинген, мурутун чыйраткан мырза жигит бастырып өтүп баратат. Бала карай салса, ал баягы өзү тирилтип алган досу экен. Бала сүйүнгөн боюнча ага жүгүрүп барып, салам айтат. Жигит дароо атына камчы уруп, жүрүп кетет.

Баягы жигит асыл ташты алгандан кийин ушул шаарга келип, ташты ханга берип, өзү анын вазири болуп алыптыр. Атына камчы басып чаап кеткен жигит дароо ханга барып:

– Биздин шаарга балакеттүү бала пайда болду. Аны кандай да болсо жоготуу керек. Андан жамандык гана болбосо, жакшылык жок! – дейт. Андай болсо, аны зынданга салып салгыла! – деп буйрук кылат.

– Ошентип бала зындандын түбүндө жатат. Бир күнү анын эсине баягы жылан түшүп: «Кел, жыланым!» деп жиберет. Бир заматта жанында жылан пайда болуп, эмне үчүн чакырганын сурайт.

Мени зынданга салып салды. Ушундан куткара аласыңбы? – дейт.

– Бир кезде сен мени өлгөн жеримден тирилтип алдың эле, эми сага кантип жардам кылбайын. Хандын кызы катуу ооруп жатканын уккандырсың. Менин айткан дубамды эсиңе түйүп кой. Ошол дуба менен сен хандын кызын айыктырасың. Ал кызды сенден бөлөк эч ким айыктыра албайт. Анын үстүнө мен азыр барып, ал кызды чагып алам. Ал кыз өлө турган болот. Так ошондо сенин пайдаң тиет. «Хандын кызын мен айыктырам!» – деп улам-улам кыйкыра бер. Ошондо сени зындандан чыгарып алып, хандын кызын көрсөтүшөт, – деп дубасын үйрөтүп, жылан зындандан чыгып кетти.

Жылан хандын ордосуна сойлоп кирип, төшөктө ооруп жаткан хандын кызын чагып алып, ого бетер өлө турган кылды. Хандын кызы эми ого бетер катуу онтой баштады. Адамдар хандын кызынын оорусу катуулап калганын байкашып, аны сактап калыш үчүн дарыгерлерди издей башташты. Миңдеген дарыгерлер келип, ар кимиси өз билгенин жасашты, бирок хандын кызы алсырай берди. Ошондо хандын айласы кетип, элин чогултуп:

– Кызымды ким айыктырса, ошол дарыгерге кызымды күйөөгө берем! – деп жар чакыртты.

Бул кабарды элдин баары укту. Ал кабарды уккан койчуман да бир күнү зындандын жанынан койлорун жайып өтүп баратып, хандын кызын айыктырып ала турган киши табылаар бекен деп ойлоду. Ошентип өтүп баратса, зындандын түбүнөн: «Хандын кызын мен айыктырам!» – деп кыйкырып жаткан үндү угат. Койчу токтой калып, үндү даана уккандан кийин, хандын желдеттерине кабар кылат. Алар келип баладан:

– Сенин аны айыктыра аларың чынбы? – деп сурашат. Бала сөзсүз айыктыраарын айтат. Ошондо баланы хандын ордосуна алып келет да:

– Ханым, бул жигит сиздин кызыңызды айыктырам деп жатат, – дешет.

– Сен чын эле айыктыра аласыңбы? – деп хан кайра сурайт.

– Айыктырам, ханым! – деп жооп берет бала. Эгер айыктырсаң, анда ушул кызымды сага берем! – дейт хан.

– Баланы кыйналып жаткан кызга алып келишет. Бала өлгөнү калган кызды көрүп, ага жыландын үйрөткөн дубасын окуду эле, бир аздан кийин кыз башын көтөрүп, айыгып чыга келет. Хан абдан кубанып, баланы мончого салууга буйрук берип, андан кийин жакшылап кийинтип, тамакка тойгузуп, анан жакшы жасалгаланган бөлмөгө жаткырып койду.

Бул кабар хандын вазири болуп жүргөн жигитке жетти. Ал ханга келип, даттанган түрдө:

– Таксыр ханым, сиз өзүңүздүн кызыңызды тентип жүргөн балага бересизби? Бала дайыны жок, теги жок кайырчынын бири эмеспи! – дейт.

– Мен өзүмдүн кызымды ким айыктырса, ошого бермек эмес белем. Ал убадам калкыма белгилүү. Ушул бала айыктырды, эми ушуга беришим керек, – деп хан терең күрсүнүп койду.

– Анын айласын биз табабыз, ханым, – деди жигит.

– Мен айласын тапкандан кийин, кызыңызды өзүңүз каалаган адамга бериңиз. Ал эми менин оюм мындай. Бул шаардан сиздин кызыңызга окшогон үч кыз таап, анан төрт кыздын үстүнө чүмбөт жаап, төртөөнү төрт арабага отургузуп коюңуз. Арабалар да, кыздардын үстүнө жабылган чүмбөттөр да, ал түгүл арабага чегилген аттар да окшош болсун. Мына ошондо, жанагы балакеттүү бала ушул арабалардан сиздин кызыңызды таап алсын. Эгер таба албай

калса, сиздин убадаңыз кайра кайткан болот да, кызыңызды өзүңүз каалаган кишиге бересиз.

Митайым вазиринин бул оюн хан жактырып, ошол замат макул болуп, эмесе ушундай деп жар чакыргыла деди. Алардын жанагы ою да балага жетип, ал өзүнүн досторун чакырды. Ободу аарыны эстеп, анын берген кылын күйгүздү эле, дароо аары учуп келди. Ага бала өзүнүн акыбалын толук айтып берди. Бир аздан соң аары досу:

– Кыздарды арабага салып, көчөгө алып чыккандан кийин, мени байкап тургун. Мен хандын кызы отурган арабанын үстүнөн ызылдап учуп, сага үн берем. Сен басып келип хандын кызынын арабасын токтот. Ошентип, хандын кызы сеники болот, – деди.

Болжогон убакта көчөгө төрт араба чыкты. Баланы жаңылтыш үчүн дагы бир араба кошушту. Кыздарды арабагасалып, орто жерине хандын кызын жөнөтүштү. Аары ызылдап, так ортоңку арабанын үстүнөн учуп баратты. Бала токтолбостон жүгүрүп барып, ортоңку арабаны кармап, арабага секирип чыгып, кыздын жанына отуруп алып, алар менен бир айланып, хандын ордосуна кайтып келишти.

– Тагдыр ушул экен! – деди хан. Менин кызымды ушул балага буйруптур, башка айла жок. Кызымды ушул балага бердим! – деп жар айтат.

– Хан кыз-күйөөсүнө атайын үй тиктирип, аларды шаан-шөкөт менен киргизип койду. Ошол эле кечке жуук баланын үстүнө баягы митайым вазир келип, баланын астында ыйлап-сыктап, жалынып-жалбарып жатканын сакчылар угуп, ханга айтып келишет. Хан вазирди чакырып:

– Сен менин күйөө балама эмне үчүн жалындың? – деп сурайт.

– Сиздин күйөө балаңыз мен сизге берген асыл ташты «меники» деп чатак чыгарып жатат, ошол себептүү аны менен айтыша кеттим! – деп вазир кайпактап жооп берет.

– Мен аны менен өзүм сүйлөшүп көрөйүнчү, – деп хан баланы чакыртып келет. Бала хандын алдына келип, баканы аман алып калганын, ал бака көк-жашыл кичинекей асыл ташты бергенин, ошол таштын күчү менен капкачан өлгөн, кураган башы калган жигитти тирилтип алганын, анан ошол жигит баланы кудуктун түбүнө таштап кеткенин, андан кийин да болгондорун төкпөй-чачпай айтып берет. Вазир чыдай албай: Мунун баары калп! Бул бала жеткен митайым! – деп кыйкырат. Ошондо хан асыл ташты койнуна сууруп чыгып, вазирге:

– Сөөмөйүндү ташка тийгизчи! – деп буйрук кылат.

– Вазир сөөмөйүн ташка тийгизгенде, анын сөөмөйү капкара көмүр болуп күйүп калат.

– Эми сен тийгиз, бала, – дейт хан балага карап. Эгер сенин колуң күйүп кетпесе, анда бул таш сеники. Ошондо бул вазирдин колу кайра калыбына келет, – деп ташты сунат. Бала колун ташка тийгизер замат вазирдин капкара болуп күйүп калган сөөмөйү калыбына келет. Ал эми баланын колу болсо, өзүнүн мурдагы калыбынан эч өзгөргөн жок. Хан окуянын чын экенине ишенди.

– Муну зындандын түбүнө салгыла, кайрадан куу башка айлансын! – деп буйрук берип вазирин зынданга салдырды.

– Балага өзүнүн тактысын кошуп берип, алар жыргалда жашап калыптыр.

## БАЛА МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫ

Илгери жалгыз уулу бар абышка-кемпирдин колундагы бирин-экин малын жут алып, күн көрүш өтө кыйын болуп, акыры ары карап ыйлап, бери карап күлүп, айласыздан баласын малайлыкка бериш үчүн шаарга барышат. Баланы алууга эч ким чыкпады. Арадан бир топ күн өттү. Күндөрдүн биринде абышка аябай чарчап, жол боюндагы төрт чарчы кара таштын үстүнө отуруп:

– Өх-х! – деп үшкүрүндү эле, кайдан-жайдан экени белгисиз ак сакал карыя пайда боло калып:

Мени эмнеге чакырдың!? – деп сурады.

– Мен сени чакырган жокмун. Чарчаганымдан жөн эле үшкүрүндүм эле, – деген абышка тайсалдай жооп берди.

– Эмесе менин атым Өкүш! Бул балаңды жетелеп кайда барасың?

– Оокатым өтпөй, баламдын күчүн бирөөгө берейин, – деп кыдырып жүрөм деп, карыя дагы бир жолу оор үшкүрүндү.

– Эмесе балаңды магабергин. Мен окутайын, келерки жылы дал ушул убакта келип аласың! – дейт аксакал карыя.

– Макул болгон абышкага бир дилде карматып, баланы колдон алаар замат экөө тең көздөн кайым болушат. Бала Өкүш карыяда окуп жүрүп, анын кызы менен таанышып калат. Кыз баланы ээн чакырып алып:

– Атам сыйкырчы, бирок менин бир өнөрүм анынан артык. Бул жерден сени эч жакка кетирбейт. Түбөлүк кул болуп жүрө бересиң. Мен сага ошол өнөрүмдү үйрөтөйүн, – деди да, балага өнөр үйрөтүп жүрдү. Аны сыйкырчы билген жок.

– Бир жыл өткөндөн кийин абышка сыйкырчы чалга келип: «Убакыт өттү, баламды бергин! – дейт. Ошондо сыйкырчы өзүнчө кобурап койсо, жети кара мышык пайда болду.

– Мына ушунун ичинен балаңды таап ал! – деди сыйкырчы. Менин балам мындай эмес да, – деген абышка эмне кылаарын билбей, көз жашын көл кылган боюнча жолго түштү.

Кийинки жылы дагы келди. Сыйкырчы дагы кобураса, жети кызыл түлкү даяр болду. Абышка баласын тааный албай дагы кетти. Ошентип арадан беш жыл өттү. Абышка баласын тааный албай жаман болду. Сыйкырчы:

– Алты жылдан бери балаңды тааный албадың. Эгерде эмдиги жылы таанybасаң, анда балаң баш-оту менен меники, – деди.

Абышка ыйлап жолдо келатса, артынан кара аргымак жете келип:

– Сенин балаң менмин. Эмдиги жылы бизди жети кара ат кылып чыгарат. Бизди азыр ошого үйрөтүп жатат. Оң жактан санаганда үчүнчү болуп мен турам, жаңылбай карма, – деди да, сызган бойдон кетти.

Кийинки жылы айткан маалында баланын атасы сыйкырчыга келди. Сыйкырчы оозун бүлкүлдөтүп койду эле, жети кара аргымак тизилип тура калды. Абышка ары карап, бери карап, оң жактан санаганда үчүнчү кара аргымакты тизгинден кармап: «Менин балам ушул!» – деди.

– Сыйкырчынын амалы кетип, баласын абышкага берди. Үйүнө келгенден кийин атасына карап: «Мен ат болуп кубулайын, ата, сен базарга алпарып саткын. Бирок жүгөнүмдү сыйрып кал, бербегин, – дейт.

Абышка атты базарга алпарып көп акчага сатты да, жүгөнүн белине курчанып, үйүнө кайтты. Бала кубулуп куш болуп, атасынан мурда үйүнө келди.

– Абышка баланы базарга экинчи жолу алып барды. Баасына эч ким чыдай алган жок. Бир убакта чоң соодагер чал келип, атты миң дилдеге сатып алып, жүгөнүн кошо саткын деп жабышты. Абышка айласы кетип, ары-бери карап туруп, миң дилдеге жүгөнүн кошо сатып жиберип, үйүнө келди.

– Көрсө, атты сатып алган Өкүш сыйкырчы экен. Ал үйүнө келип, кызына: «Атты сарайга аса байлап кой!» – деп тапшырды. Кыз макул болуп, жетелеп жөнөгөндө, бала: «Эми дагы бир жардамыңды тийгизип, мени коё бер», – деди. Кыз аргымакты коё берип, атасына келип: «Ат колумдан чыгып кетип, качып кетти!» – деп калп айтты.

– Сыйкырчы Өкүш кара аргымак болуп кубулуп,

баланын артынан кууп барганда, бала илбирс болуп кубулду. Өкүш жолборс болуп, кууп жеткенде, бала суу жээгинде колун жууп отурган эки кыздын жанына шакек болуп түшүп калды. Кыздын бирөө шакекти көрө коюп, колуна тагынып алып, үйлөрүнө кетти. Өкүш сыйкырчы жигит болуп кубулуп, кыздардын артынан, байдын үйүнө келди. Бай Өкүш сыйкырчыдан:

– Жол болсун, жигит. Кайдан жүргөн немесиң? – деп сурайт.

– Тээтиги жактан келе жатам. Сууга жуунуп жатып, шакегимди чыгарып койдум эле, унутуп кете берипмин. Сиздин кызыңыз таап алып, салынып кетиптир. Ошол шакек меники, алып берсеңиз? – дейт.

Кана, кызым, шакекти ээсине бер, – деди бай кызын чакырып.

– Кыз шакекти колунан чыгарып, Өкүш сыйкырчыга бермек болгондо, шакек буудай болуп чачылып кетет. Өкүш сыйкырчы таок болуп кубулуп, жанталашып терип жеп кирди. Таок бутунун алдында калган жалгыз буудайды жемекчи болгондо, ал таруу болуп кубулду. Өкүш сыйкырчы таранчы болуп терип кирди. Байдын кепичинин ичине түшкөн таруу кыргый болуп учту да, айланып келип таранчынын башын жара тепти.

Ошентип бала сыйкырчыдан кутулуп, Өкүш сыйкырчынын кызын алып, өз үйүндө аябагандай чоң той өткөрүп, бейпил турмушта жашап калган дешет.

## ЖАНЕК МЕРГЕН

Илгерки өткөн заманда көргөнүн жаза атпаган Жанек деген мерген болуптур. Ал бир күнү мергенчиликке чыгып, самаган жерге жетпей, орто жолдо бир жерге конуп калат. Уктап жатса, таңга жуук түш көргөндөгүдөй болуп, бир адам келет.

– Жанек, Жанек, элдин баары кетип, экөөбүз эле калып калдык. Жүрү, бат тур! – деп коюп, көздөн кайым жоголуп кетет. Жанек чоочуп кетип, башын көтөрүп тура калса, жанында киши жок, таң атып калыптыр. Ал туруп алып эки жагын карап, мени Кайып ойготкон экен го, – деп таң калат. Атын токунуп, жолун улантат. Кечке чейин бир да жандык көзгө чалдыкпады. «Мен эмне болуп турам. Түшүмдө киши ойготуп кетсе, өңүмдө жолум болбосо» деп өзүнчө кайгырып кете берет. Кечке жуук бир жерге атын откоруп, эки жакты карап турса, тоодогу зоонун арасынан бир ээр токулган кийик турат. Аны атып жиберсе, таштын жараңкасына кире качат. Жанек кийиктин артынан кирет. Кирип барса бир сулуу кыз:

– Алда, Жанек ай, мени бекер атпадыңызбы! Эми, кантейин, аксап калбадымбы! Отуруңуз, – деп атайын тактага отургузат.

Жанек кыздын сулуулугунан эсинен танып калат. Кыздын караган жагы жарык болуп турганын көрөт. Үйдүн эки жагында жыбыраган улактар байланып турат. Кыз тура калып эчкинин туягынан жасалган идиш алып, Жанекке айран куят. Айранды ичип түгөтө албайт. «Ичтим» деп кайра берсе, «түгөтө ичиңиз» деп кыз албай коёт. Жанек туякка куйган айранды кечке араң түгөтөт Ал күнү кыз Жанекти кондуруп калат. Көрсө, баягыда таңга маал Жанекти ойготуп кеткен Кайып кыз ушул экен. Эртең менен кыз Жанекке жайнамазын берип: «Тиги көрүнгөн кырдын артында дагы эки кыз бар, андан кийинки кырларды ашсаң, эрди желки сары кыз, дагы бир эрди желки кара кыз келип: «Жанек жездем келиптир деп тосуп алышат», – деп айтып көздөн кайым болот.

Жанек эки кырды ашып, үчүнчү кырдын башына чыкканда эле ойдогу аппак боз үйлөрдү, шарактаган кыз-келиндерди көрүп таң калат. Бир маалда баягы

айткан эки кыз келип: «Жанек жездем келиптир!» – деп эки жагынан колтуктап алып кетишет.

Жанек баягы кайып кыз берген жайнамазды башына коюп, жамбаштап жатса, кыз-келиндер келишип: «Бизди аралап киши келчү эмес эле. Бул адамды биздин кожоюнубуз жиберген экен го, атайы жайнамаз бериптир» – деп өздөрүнчө сүйлөшүп калат. Жанек болгон окуяны айтып берет. Ошентип өргөө көтөрүп, шаан-шөкөт менен Жанек баягы кайып кызды алат. Барган түнү колуктусу: «Сен таң аппак атканча кирпик какпай чык, эгер көз ирмеп койсоң эле, менден айрылдың?» – дейт. Жанек ал түнү таң сүргөнгө чейин уктабай жатып, аялы таң сүрүп келе жатканда түндүк тартканы эшикке чыгып кеткенде уктап калат. Аялы кайра үйгө кирсе, Жанек уктап калган. Кайыптын кызы чыркырап: «Көзүңдү ирмебе десе, бул уктап калган тура», – деп көздөн кайып болуп, асманга учуп кетет.

Бир маалда Жанек ойгонсо, аялы жок. «Мени кудай урган экен. Уктаба дебеди беле, мен андан айрылган экенмин», – деп кайгырып, суунун жээгине барып, анан сууга түшүп, жээкке чыгып отурса, асмандан чаңырган үн чыгат. Жанек тыңшап: «Жанек, Жанек дейм, менин убалыма калдың го, көзүңдү ирмебе десе, таңга аз калганда сени кудай урдубу?» – деп кыйкырып жатыптыр. Анан бир кезде: «Эмдиги жылы так ушул жерге келип этегиңди тос», – дейт. Мергенчинин айласы кетип: «Ушунча жашка чыкканча аялым жок, балам жок, деги мага кудайым эч нерседен айткан эмес экен го», – деп үшкүрүнүп үйүнө кайтат.

Келе жатса эки коктунун ичи толо аркар-кулжа, эчки-теке. Араласаң бир да бирөө мергенчи деп сезип койбостон жуушап жатышат. Анда мергенчи: «Эмне үчүн бул жаныбарлар менден сестенишпейт. Мени кайып колдогон экен. Бул жа-

ныбарларга тийбейин», – деп ошол жерге түнөйт да, жуушаган кийиктердин аягындагы бир аксак кийикти атып алып, карагайдын түбүнө барып, этти бышырып жей турган болгондо, аты кошкурунуп калат. Аңгыча болбой эки колун тумшугуна каткан бир аял келип, жанына отура кетет. Жанек болот шамшарын кайраштырып койсо, тиги аял:

– Болотту да болотко кайрайбы? – деп үн чыгарат.

– Эт жеңиз, – деп Жанек бир кесим эт кесип берди эле, баягы аял жемиш болуп, жеңине катып жөнөп кетти. «Токойдо жез тумшук болот дечү эмес беле. Бул мени соо койбойт», – деп ойлоп, Жанек эр токумун башына жаздап, чепкенин айкарасынан жамынтып, киши сыяктуу кылып карагайдын сыныгын жаткырып коюп, отту өчүрүп, мылтыгын октоп, карагайдын башына чыгып кетет. Түндүн бир оокумунда баягы жез тумшук: «Жанек мерген сенсиңби?» – деп чепкен жамынган карагайды мыкчып жыгылды. Карагайдын башында мылтык кезеп отурган Жанек: «Ооба, менмин!» – деп атып жиберет.

Жез тумшук бир чаңырып алып, жарадар болуп каны чубуруп, качып кетет. Жанек мерген чубурган кандын изи менен кубалап жүрүп отуруп, жез тумшуктун бир таштын жаракасына кирип кеткенин байкайт.

Таштын алдыңкы жаракасынан ылдый кеткен үңкүрдө баягы жез тумшук аял, абышка-кемпир отурат. Жаралуу аял бутунан кан агып, ыйлап жатат. Жанек мерген үңкүрдүн оозунан туруп баягылардын баарын атып өлтүрүп, жез тырмактарын кесип алып келет. Антип-минткенче арадан бир жыл убакыт өтүп, баягы асмандан кыйкырып айткан суунун жээгине келип, этегин тосуп отурса, балтайган эркек бала этегине учуп келип түшөт.

Бул бала баягы алган кайыптын кызынан экен. Жанек баласын өзү багып чоңойтот. Баласы чоңойгондо акылдуу, балбан болуп, анан калса атасындай

көзгө атар мерген болуп, элге кереги тиет. Ошентип, Жанек мерген эл-журту, баласы менен жашап калыптыр.

## ЖЕЗКЕМПИР

Өткөн замандарда эки кыздуу жесир аял болгон экен. Анын оокаты күн өткөн сайын начарлап, турмушу өтпөй калат. Бир күнү аял бир кызын оң колуна, экинчисин сол колуна жетелеп, оокат издеп жөнөйт. Алар жүрүп отурушуп бир алачыкка туш келишет. Алачыкка киришсе териге оронгон кемпир төрдө жатат. Аял кемпирге акыбалын түшүндүрүп:

– Багар-көрөрүбүз жок, бир жүргөн жанбыз. Түнөп кетели, уруксат берсеңиз. Бизге эч нерсенин деле кереги жок, – дейт.

– Кааласаңар, менин эле үйүмдө жүрө бергиле, – дейт кемпир.

Аял кемпирге ыраазы болуп, ошол үйдө жашап калышат. Кемпир керели-кечке тери жамынып жата берет. Аял болсо күнү-түнү жаны тынбай оокат жасайт. Күндөрдүн биринде кемпир:

– Жүрү, кийиз өтүктүн таманына салгандай чөп жулуп келелик, – деп келинди токойго алып келет. Аял чөп жулганы эңкейе бергенде, кемпир койнунан бычагын сууруп чыгып сайып өлтүрөт. Отту чоң калап жагып, баягы келинди шишкебек кылып жеп алат. Кемпир кайра тартып, алачыкка кирер менен: «Апабыз кайда?» – деп сурашат кыздар.

– Камырабай эле жата бергиле, силердин энеңер өтүгүңөрдүн таманына салгандай чөп жулуп жүрөт, жакында келер, – деп коёт кемпир. Өзү жатар менен коңурукка кирет. Кыздар ары оодарылышып, бери оодарылышып уйкулары келбей таң атырышат. Күтүп отуруп бир маалда кыздардын улуусу: «Эмнеге энем кечикти?» – деп тынчсызданып, токойду көздөй жөнөйт. Жүрүп отуруп токойго барса, жаңы

эле өчкөн оттун күлүндө адамдын сөөктөрү жатат. Ошол жерден энеси байланып жүргөн бүлөөнү, оттук ташты жана тарагын табат. Кыздар өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап, энесинин бүлөөсүн, оттук ташын жана тарагын алып, кайра алачыкка келет. Жолдо келатып эки чымчык кармай келет. Кыздар чымчыктарды көшөгөнүн ичине коё берет да, сиңдисин колдон жетелеп, тезинен күн чыккан тарапты бет алып качып жөнөшөт.

Ал эми кемпир уктай берип, бир оокумда ойгонсо, көшөгөнүн ичинде бир нерсе булкулдөйт. «Кыздар ордунда экен» деген кемпир кайрадан уйкуга кирет. Кемпир жети күн, жети түн уктайт. Бир күнү курсагы ачкандан ойгонот. «Эми кыздарды жейин» деп көшөгөнү ачса, ичинде эки чымчык тырпырап учуп жүрөт. Ошол жерден кемпирдин ачуусу катуу келип, кыздардын аркасынан кууп жөнөйт. Жүрүп отуруп, кууп жетип, кармай турган болгондо, кыздардын улуусу:

– Эне, энекебай, бизге жардам бер! – деп бүлөөнү ийнинен алыс ыргытып жиберет. Бүлөө түшкөн жерден чоң дарыя пайда болот. Кыздар бир өйүзүндө, кемпир экинчи өйүзүндө калат. Кемпир ташкындаган сууга киргенден коркуп, өкүрүп-бакырган боюнча кала берет. Кыздар андан ары качып жөнөшөт. Дарыя жети күн агат да, андан кийин кургап, ал эми бүлөө улуу кыздын чөнтөгүнө кайра барып түшөт.

Кемпир кайрадан кыздардын артынан түшөт. Анын жакын калганын сезген улуу кыз:

– Эне, энекебай, бизге жардам кыл! – деп оттук ташты ийнинен алыс ыргытып жиберет. Бир паста түптүз талаада бийик жалама зоо пайда болот. Ошентип кемпир дагы жете албай калат. Эже-сиңди артын карабай жүрүп отурушат.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, баягы кыздар бир аралга туш болот. Аралдын наркы өйүзүндөгү алачыкта жашаган бир кара кемпирди көрүп:

– Энеке, бизге жардам берип коюңуз, – деп чакырышат.

– Мени карап көргүлөчү, өңүм сулуу бекен? – деп сурайт кемпир.

– Биз көптөн бери адам көрө элекпиз. Бизге өңүңүз күндөн да жарык, колуңуз биздин энебиздин колундай жумшак көрүнөт, – дешет.

– Ошентип кемпир кыздарды суудан көтөрүп чыгарат. Аларды кемпир өз кызындай багып жүрөт. Күндөрдүн биринде кемпир:

– Менин эки балам бар, алар мергенчилеп кеткенине бир нече жыл болду, ошол экөөнү таап келгиле! – дейт кемпир. Токойго барсаңар бугуга чана сүйрөткөн эки бала көрүнөт. Силер койнуңардагы бугунун терисинин өңүн көрсөткүлө. Алар теринин өңүн көрөр замат, силерди ээрчип жөнөйт.

– Ошентип кыздар кемпирдин эки баласын издеп жөнөшөт. Жүрүп отурушуп токойго келишет. Балдарды таппай, көп кыйынчылыктарды тартып, акыры бир күнү араң дегенде табышат. Балдар аларды издеп барган кыздардын койнундагы бугунун терисин көрүшүп, «апабыз бул кыздарды бизге жиберсе керек» деп кыздарга жакындашса, чын эле ошондой болуп чыгат. Балдар баштарынан өткөн окуяларды айтып, кыздар да баштарынан кечирген кайгы-муңду айтышып, чогуу үйлөрүнө келишет. Улуу баласы улуу кызды, кичүү баласы кичүү кызды алып, жыргап жатып калышкан экен.

## ЖЕТИМ БАЛА

Илгери-илгери ата-энесинен эрте ажырап, ар кимдин колунда жүргөн жетим бала болуптур. Күндөрдүн биринде бир байдын коюн кайтарып жүрүп, түш ченде койлорун жуушатып коюп, чарчаган неме өзү да уктап калат. Ошол кезде койлорун жортуп жүргөн уурулар уурдап кетет. Бала ойгонсо, койлорунан

бирөө да жок. Ал кырдан кыр издеп, барбаган жери калбайт. Жедеп чарчаганда салбырап отурса, тээ алыстан үч караан көрүнөт. Малынан үмүт кылган бала аларга чуркап жетип:

– Кагылайын байкелер, мен коюмду жоготуп издеп жүрөм, силер көргөн жоксуңарбы? Мага жардам кылбасаңар, байкелер, бай мени тирүүлөй жерге көөмп коёт, – деп тигилерден жардам сурайт.

– Мунун бышыктыгын кара. Биз сага кой таап беришибиз керек экен да, – деген уурулар баланын эсин оодара сабашат. Анан эстен танган баланы ээн талаа, эрме чөлгө алпарып ташташат. Бир оокумда асманда айланып жүргөн бир чоң бүркүт талаада жаткан баланы көрүп, шукшурулуп келип баланы илип кетет да, андан ары учуп жөнөйт. Бүркүт учуп отуруп бир зоокага барып конот. Бала ошондо эсине келип, көзүн ачса жанында калдайган чоң бүркүт отурат. Баланын тирүү экенин көргөн бүркүт зоокадан учуп кетет.

Бала эсине келип айланасын карайт. Зооканын бетин бербеген ар кандай сөөктөр жатканын көрөт. Бала жанынан түңүлүп ыйлай баштайт. Зоокадан түшөйүн десе жол жок, аска зоонун кырында экен. Бир маалда асканын түбү менен кербенчилер өтүп баратканын көрүп, асканын башынан кол булгалап кыйкырат:

– Эй, бала, алдагы зоого кантип чыккансың? Сен андан көрө ошол аскадагы алтын таштардан кырк төөгө жүк болчудай кулат. Анан биз сени эптеп түшүрүп алабыз, – дешет кербенчилер.

Бала тигилердин тилине ишенип, аскадагы алтын таштарды, каухар таштарды кырк төөнүн жүгүнө жеткендей кулатып берет. Кербенчилер алтындарын төөгө жүктөшүп кетмек болушканда, бала дагы кыйкырат.

– Байкелер, мени түшүрүп алам дебедиңер беле? – деп сурайт. Жата бер, эмдиги келгенде тепкич ала

келип түшүрүп алабыз, – деп шылдыңдаган кербенчилер жүрүп кетишет.

Бала айлананы карап жата берет. Бир кезде уктап калат. Таң аткандан баштап зоокадан түшүүнүн амалын издеп бардык жерди карап чыгат. Бирок зоокадан жол таппай аябай капа болот Бир аз отуруп кайра аракет жасай баштайт. Акыры зооканын кычыгынан эптеп түшүүгө боло тургандай жол табат. Эми эптеп ушул жол менен түшүп көрөйүн деген бала тырышып жатып түшкө маал араң зоокадан ылдый түшөт.

Көп ойлонуп отурбастан кербенчилер кеткен жакка жөнөйт. Жүрүп отуруп мээ кайнаткан ысык чөлгө кез келет. Бала бир аз баскандан кийин акактап суусай баштайт, айласы кетет. Бир кезде алдындагы топ жыгачтын түбүнөн ийненин көзүндөй булакты байкайт. Жанына келсе үч аппак улак ойноп туруптур. Бала баягы булактан жуунуп, суусуну канганча ичип, тегеректи карап отурса, баягы үч улак тамандарын такылдатып, көкүлдөрүн сеңселтип жолго түшүшөт. Бала ордунан туруп үч улактын артынан жүрүп отурат. Бир кезде алдындагы үч улак да көрүнбөй калат. Бирок ошол жолдон бурулбай кете берет.

Нечен күн, нечен түн жол жүрүп, каны калып бир кашык, эти калып көк жашык дегендей буту серпилбей калганда алыстан бир караан көрүнөт. Бала эптеп тырмышып отуруп жете келсе, алдында жети бөлмө там турат. Эси оогон бала тамдын түбүнө отуруп уктап кетет. Кеч бешим ченде тамдын жанына бир абышка келет да:

– Бул жерге адамзаты келчү эмес эле. Кайдан келген бечара болду экен? – деп баланын ары жак, бери жагына чыгып карап туруп кайра кетет. Көрсө, ал абышка ошол жердеги канаттуу куштардын эсебин алган киши экен. Бир маалда бала ойгонот. Тигиндей отурган абышканы көрүп:

– Салом алейким, ата, – деп салам берет. Сен кайдан жүргөн баласың? Бул жерге адамзат аттуудан келчү эмес эле? – деп баладан сурайт. Ошондо бала башынан өткөндөрүн төкпөй-чачпай айтып берет. Абышка баланын сөзүн угуп отуруп:

– Адамзаттын чегинен чыгып, перилердин чегине келипсиң. Бул жерден эми кетишиң кыйын болот, балам, – дейт.

Кетишим кыйын болсо, ата, анда сизге эле бала болуп калайын. Мени бала кылып алыңыз? – дейт бала. Абышка макул болуп алты бөлмө үйүнүн ачкычын берет. Бирок бир бөлмөсүнүн ачкычын бербейт. Баягы алты бөлмөдө дүр-дүнүйө, тамак-аш деген көп экен. Бала тамак-аштан ичип, кийимдерден кийип жүрө берет. Бир күнү отуруп алып: «Атам мага алты бөлмөнүн ачкычын берди. Эмне үчүн жетинчи бөлмөнүкүн берген жок. Сурап көрөйүн, берсе берээр, бербесе уурдап алайын», – деп ойлонот да, абышкадан ачкычты сурайт.

– Ээ, балам, ал ачкычты сурап эмне кыласың? Андан эле азапка башың чырмалат, ал азаптан кутулбай артыңда бир топ чыр калат, – дейт атасы, бирок бала болбойт. Атасы бербейт. Ошондо бала ыгын таап ачкычты уурдап алып, жетинчи бөлмөнү ачса, анда алтын түркүк, күмүш бакан, чынар терек, түрдүү гүл, кичинекей көл бар экен. Таң калып карап отурса үч көгүчкөн учуп келип көлдүн жээгине конуп, аларга тил бүтүп адамча сүйлөшөт.

– Бул жерде адамзаттын жыты жыттанабы? – деп сурайт бир көгүчкөн. Ооба, эжеке, чын эле адамзаттын жыты жыттанат го, – дейт ортончу көгүчкөн. Адамзат бул жакка келбейт. Булардын мурундарынын жыттуусун кара, – деп кичүүсү шыңкылдап күлүп калат. Анан көгүчкөн кебин сыйрып ыргытып жиберсе, күндөй жаркыраган сулуу кыз болуп калат. Аны көрүп тура калган баладан чочуган эки көгүчкөн учуп кетет. Бала берки кыз ыргыткан көгүчкөндүн

кебин баса калат. Перинин кызы этин күнгө да, адамга да көрсөтпөш керек экен. Айласы кеткен кыз көлдөн чыгып, баланын жанына басып келет да:

– Жигит, болуптур, сен менин этимди да, бетимди да көрдүң. Көгүчкөн кебиме да колун тийди. Эми мен адамзат жыттанып калдым. Буйрук болуп никем сага түшкөн экен. Бирок катуу жабырчылык тартабыз, менин көйнөгүмдү бер. Үйгө барганда баары бир адам жыттанып калыптырсың деп ата-энем киргизбейт, бул жерге калган менен атам сени да, мени да өлтүрүп коёт. Мен барып ата-энемден эптеп уруксат сурайын? – деген кызды бала коё бербейт. Алар акыры баягы куш эсебин алган чалга барышат.

– Балам, пери деген ушул, – дейт чал. Кой десе болбой колго түштүң, чач-кирпигиңден көп шорго түштүң. Эми бул кыздын көйнөгүн бер. Кыздын атасы перилердин падышасы. Сен бөөдө өлүмгө дуушар болосуң. Бул кыз үйүнө барып келсин, баары бир адамзат жыттанып калыптыр деп жолотпой коюшу мүмкүн, – деп көйнөктү алып берет.

– Көгүчкөн көйнөгүн кийип, көз жашын көл кылган кыз учуп кетет. Эки эжеси мурда барып, эмне болгонун айтып барышат. Кыз барар менен ата-энеси суракка алып, караңгы жерге камап салат. Перилердин падышасы катуу ачууланып:

– Өлүмгө дабаа, ууруга айла жок, никең ошол адамзатка түшүп калды. Эми бияктан канаттуу куштун кебин алып барып, күйөө болчу адамыңды биякка алып кел! – деп кызды эртеси кайра балага жиберет. Кыз балага канаттуу куштун кебин кийгизип, ата-энесинин алдына алып келет. Ошондо кыздын атасы:

– Болуптур, эми таруудан калың берип кызымды алгының! – деп балага буйрук берет.

– Тарууну кайдан табам? – деп сурайт бала.

– Тарууну сен таппасаң, мен табам, – деп бир кап кара таруу, бир кап ак таруу алдырып келип, – ушул

таруунун аралаштырып туруп, жети жолу желден өткөрүп сапырып, эки бөлүп эки жерге коюп, ак таруунун ичинде бир тоголок кара таруу, кара таруунун ичинде бир тоголок ак таруу калтырбай таң атканча терип чыгасың! – деп буюрат.

– Болочок кайнатасынын сөзүнөн улам иши бүткөнүн сезип, капа болуп, көзүнө жаш алып колуктусуна келет.

– Атам эмне буйрук кылды? – деп сурайт колуктусу.

– Ээ, эмнесин айтайын, ак таруу менен кара таруунун аралаштырып, таң атканча кайра бөлүп чыгуум керек экен, – деди бала.

– Анын жарасы жеңил, эч сарсана болбой уктап жата бер, – деди колуктусу.

– Бирок атам эрте турат, ошол учурда сен эки каптын ортосунда болгондой бол – дейт. Бала макул болуп таң атканча уктап жата берет. Кыз таң атканча перинин кыздарын чогултуп таруунун экиге бөлүп койду. Эртең менен эрте турган жигит баягы таруунун теримиш болуп, эки каптын ортосунда отуруп калды. Кайнатасы келип, бөлүнгөн таруунун көрүп:

– Эми экинчи буйругумду аткар. Сен айнектен эки катар жети бөлмө там салып бер. Жети бөлмөнүн биринде алтын чынар орногон май көл, анын ичинде алтын балык болсун. Чынар теректин бутагында тоту куш конуп отурсун. Экинчисинде күмүш чынар орноп, сүт көл болсун. Сүт көлдүн ичинде күмүш балык ойноп, күмүш чынардын бутагында күмүш куйруктуу булбул конуп, алтын балык сүт көлгө секирип, күмүш балык май көлгө секирип ойноп турсун. Бул да таң атканча ишке ашсын, – деп экинчи буйругун айтты.

Жигит ого бетер капа болуп келип:

– Атаңдын буйругун кантип аткарам, – деп колуктусунун алдында мүңкүрөп турду.

– Сен буга кыйналып капа болбо. Таң атканча бар-

дыгы даяр болот. Сен таң агарганда үйдүн жанында бол, – деди колуктусу. Таң атканча үй даяр болду. Таң эртең кыз жигиттин колуна алтын балканы берип: «Айнекти сындырбай, босого жаккы көзүн акырын тыкылдатып тур» деп, катуу табыштады. Жигит аялынын айтканын аткарып кайнатасын күтүп турду. Ошондо кайнатасынын каары келип, кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңуп, андан да катуу буйрук берди.

– Эми эки буйрук беремин, ошону аткарып кетсең кызымды ал. Биринчи буйругум, менин ушул үч кызым коёндой окшош. Башка киши эмес, мен өзүм адашып калам. Өз колуктуңду өзүң таап ал! – деди. Бала колуктусунун жардамы менен аны да аткарып кетти. Падыша эми экинчи буйругун бере турган болгондо, бала менен кыз акыры куткарбасын сезишип качып чыгышат. Падыша алардын аркасынан куугун жиберет. Куугунчулар мына жете турган болгондо кыз сыйкыр менен өздөрүн бөдөнө кылып жерге түшүшөт. Аны бүркүт болуп эки куугунчу илип кетээринде, таруу болуп жерге жайнап калышат. Эки куугунчу таранчы болуп, тарууну тере баштаганда, кыз жылан болуп сойлоп кетет. Куугунчу жыланды илип алып ташка чабарында, ак балык болуп кара сууга ойноду. Кайырмак ийип, кара суунун түбүндөгү ак балыкты эки жигит болуп кубулган куугунчулар ала албады. Алар акыры үйүнө кетишти. Кармай албай барган куугунчуларына каары келген кыздын атасы өзү тигилердин соңунан түштү.

– Кыз менен жигит атасынын келерин билип, шумкар менен көгүчкөн кебин кийин зымырап учушту. Алпкаракуш менен күркүрөп келген атасы мына-мына жетээринде, шумкар менен көгүчкөндүн куйругунан серпип өтөрүндө, шумкар менен көгүчкөн перилердин чегинен чыгып, адамзаттын жерине келип, дароо адамга айланып жерге түшүштү. Жигит колуктусун шаркыраган суунун жээгине коюп, өзү эл

аралап, ал жайды билип келейин деп кеткенде, камыштуу токойдун арасынан бир каман чыга калып, жигитти күтүп отурган пери кызды чалып салат. Бир аздан кийин жигит кайра келсе кыз жарадар болуп жатат. Өлүм алдында жаткан колуктусу:

– Эми сен экөөбүз түбөлүккө кош айтышабыз. Менин сөөгүмдү күн чыкканча кайтарсаң көмөсүң, күн чыкканча кайтара албасаң, анда көгүчкөн көйнөгүм колуңда калды, сөөгүмдү алдырып жиберип, менин артымдан калбай өлөсүң, – деп керээзин айтат. Мен айтканыңды аткарам, таң атканча кайтарам! Мүрзөңө алтындан күмбөз тургузам! Өмүрүм өткөнчө ушул жерде калып, өзүңө кызмат кылам! – деп жигит убадасын берет.

Жигит таң атканча көз ирмебей кыздын сөөгүн кайтарып туруп, таң сүрүп келе жатканда талыкшып кетип көзүн жумду. Ошол кезде каардуу кайын атасы каарданып келип колун сунду. Кыздын жибек чачын бармагына ороп туруп, кыз менен жигитти башка урду. Ошону менен жигит көгүчкөн көйнөгүн көөдөнүнө кыскан боюнча өлүп тынды.

## ЖЫЛАН МЕНЕН КЫЗДЫН АҢГЕМЕСИ

Илгери учурда талаада бир кыз тезек терип жүрсө, бир ак жылан, бир кара чаар жылан алдынан чыгат. Ак жылан ийинге кире качат. Кара чаар жылан ийинге жете элегинде кыз өлтүрүп салат.

Ошо менен жүрө берет, кыз бойго жетет. Бойго жеткенде кыздын кичинекейинде кайындап койгон күйөөсү бар экен.

– Кыз он алты жашка чыкты! – деп, күйөөсү калың айдап, малын алып, баягы кызды алмакчы болуп келип, күйөөлөп жаткан түнү күйөөсү кыз менен сүйлөшпөй, бир күн ыракаттанбай төшөк үстүндө өлөт.

Кыз аман. Баягы күйөөнүн алып келген малын ата-энелери алып үйүнө кайтат. Ошондой кабарды

угуп, дагы бирөө куда түшүп, малын айдап келип, той өткөрүп жигит кызды алып үйүнө барып, түлөө тоюн өткөрүп, жатып калган түнү баягы күйөөсү өлүп, кыз дагы күйөө менен жүздөшпөйт. Андан кийин беш күйөөгө барып, баш-аягы жети күйөөсү өлөт. Ушуну менен кыз бир көзү ачык молдого барып, бал китеп ачтырат.

– Менин кандай бактым, жети күйөөгө барсам, жетөө тең өлдү?

Ошондо молдо бал китебин ачып олтуруп:

– Талаадан бир окуя көрдүң беле? – деп, кызга суроо берет. Кыз баягы жылан өлтүргөнү эсинен чыгып кетет.

– Жок, мен көргөн жок элем, – дейт.

– Талаадан бир жылан өлтүрдүң беле? – деп молдо айтат. Унутуп калган кыз:

– Билбейм! – дейт.

– Сен жакшы ойлонуп эстегин. Кандай жерден, кайсы убактыда, кандай жылан өлтүрдүң?

Баягы кыз кичирээк чагында өлтүргөнү эсине келбей, үйүнө келип жатып калат. Арадан үч күн өткөндөн кийин баягы жылан түшүнө кирип, түшүндө кыз баягыдай талаада тезек терип жүрөт, кадимкидей жыланды өлтүрөт. Бир жылан кутулуп жерге кирип кетет, түшүндө баягы жылан өлтүргөн жеринде болот. Ошондо кыз: «А мен бала кезде ушундай болбодум беле» – деп, баягы бала кезинде өлтүргөн жыланды эстеп, эртеси күнү молдого келет.

– Молдоке, мен эстедим, талаада тезек терип жүрсөм, эки жылан учурады. Ак жылан ийинге кире качкан. Кара чаар жыланды өлтүрүп, ошо жерге көөмп салгам, – дейт.

Ошондо молдо бал китебин ачып, кыздын окуясын карап отурса, кара чаар жылан менен ак жыландын үйлөнүп жаткан күнү экен. Баягы ак жылан кыз, кара чаар жылан күйөөсү экен. Экөөнүн бир түнкү сүйүүсүнө жетиштирбей, кыз өлтүрүп койгон.

– Сен мендей күйөөгө барарсың, мен да сенин сүйүүңө жеткирбеймин – деп, ошондо ак жылан ант берген.

Ошо менен кыздын күйөөсү үйлөнгөн күнү ак жылан өлтүрө берип, кыз сүйүүгө жетпей, кыз боюнча калып калган. Ак жылан да күйөөсүнүн кунун кууп, кыз боюнча жүрө берген.

Ошо менен кызга молдо:

– Сенин ошол күйөөлөрүңдү күйөөсүнүн кунун кууп, жылан өлтүрүп жүргөн. Эми сен мага миң дилде бер, мурунку күйөөңдү тирилтип берем, – деп кыздан миң дилдени алып, булактын башына барып, кырк бир күн окуганда жыландын падышасы булактын башына келет.

– Эй, молдо, өлгөн адам тирилеби, өчкөн кайра тамабы? – деп, жыландын падышасы молдого айтат.

– Ээ, жылан падышасы, менин пендемди тирилтип бер, сенин жыланыңды биз тирилтип берели, – деп, молдо жыланга жооп кайтарат.

– Өлгөн адамды тирилтүүгө күчүбүз жетпейт. Бул алдамчы молдонун өзүн чагып өлтүр, кызды алдаган немени, – деп, жыландын падышасы бир жыланга буйрук берет.

Жылан барып молдону чагып өлтүргөндө койнунан ат башындай алтын, кой башындай күмүш ыргып кетет.

Ошо чагып өлтүргөн жылан, бая ат башындай алтын, кой башындай күмүштү коргоп, курчап жатып калган экен. Ошол күндөн ушул күнгө ордолуу жылан жаткан жерде алтын бар деп айтылып калыптыр.

## ЖЫЛАМЫШ ХАН

Илгери өткөн заманда Жыламыш аттуу бир хан болуп, бирок баласы жок экен. Балалуу болом деп, кырк аял алган экен, бирок кырк катындын бири да төрөбөптүр. Күндөрдүн биринде увазирлери менен

талаага куш салып жүрсө, кушу верендеге чыкпай, бир чыбык алачыктын түндүгүнө конот.

Хан увазирлери менен барып:

– Алачыкта ким бар, кушту алып бер! – дептир. Алачыктан бир кыздын үнү чыгат.

– Кушту салган кишинин кушу казды алса, салган кишинин кушун салдырган каз алып береби? Куштан ээсин ажыратып өзү алат. Куш салып көргөн киши эмес ко – дептир. Хан Жыламыш кыздын сөзүнө жыгылып, кушту өзү алып караса ай десе ай эмес, күн десе күн эмес, адамда жок бир сулуу кыз экен. Хан:

– Ата-энең барбы? – дейт.

– Ата-энеси жок кыз кайдан жаралат? – дейт.

– Атаң болсо, энең менен ханга барып жолуксун! – деп, хан кушун алып кете берет. Кыздын атасы оокат үчүн бир жакка кеткен экен, кечинде келет.

Баштагы күнү кыз түш көрөт. Ханга тийип, бел курчоодон жогоркусу алтын, бел курчоодон төмөнкүсү күмүш бир эркек, бир кыз – эгиз бала төрөп жүрүптүр. Кыз түшүнө ишенип, атасына айтат:

– Бүгүн хан куш салып увазирлери менен жүрүптүр. Хандын кушу келип биздин алачыкка конду, мени көрүп эртең менен мага атаң барып жолуксун, – деп кетти. Ата, барып жолук. Мен жөнүндө кеп кылса, макул, менин кызым эгиз бала төрөйт, бириэркек, бири-кыз, балдарынын көкүрөгү алтын, көчүк жагы күмүш болот дей бер, жалганчы кылбаса мен түш көргөм. Калыңына эмне аласың десе, ушул кичинекей боз калтаны толтуруп алтын берсең болду дегин. Хан:

– Ушул идишиңби? Кап таба алган жоксуңбу? – дейт. Ханым ушуну эле толтурсаң болду дегин. Хан казынасын бүт салып, толтура албайт. Казына бүткөндө болду, ханым, жеткирип, – бер деп баса бер. Толбой калса, ач көздүк кылып толтуруп бер дебегин! – деп, кыз атасынын колуна кичинекей боз

калта берди. Атасы: «Барбай жатып хандын казынасын кызганат» – деп, айтпасын деген ой менен унчукпай, калтаны чөнтөгүнө салып, кызына наарazы болуп жөнөп кетти. Чал ханга барды. Салам айтып:

– Чакырган экенсиз, келдим, – деди.

– Сиз ким болосуз?

– Болотбекмин, – деди.

– Андай болсо, жакшы келипсиз, – деп, Болотбекти сыйлап, Болотбек аксакал, кымызды ичкенге бер, кызды сүйгөнгө бер деген. Кызыңды мен жактырып калдым, балалуу болсомбу, – дедим.

– Ханым балалуу болосуң. Менин кызым көкүрөгү алтын, көчүк жагы күмүш эгиз бала төрөйт, – деди.

– Менин тилегеним бала да, Болотбек аксакал! Калыңына эмне берем? – деди.

– Калыңына, мына ушул калтага алтын берсеңиз болду, деди. Хан:

– Түзүгүрөөк идиш тапкан жоксуңбу? – деди.

– Ханым, ала турган колуктуң ушуну берди, – деди. Хан казыначыга:

– Калтасын толтуруп бер! – деди.

Казыначы алпарып алтын салса, калта толбойт. Болотбек:

– Хан калтасын толтуруп бер дебеди беле, толтур! – деди. Казыначы ханга келди:

– Ханым, чалдын боз калтасы казынанын баарын салсам, толбоду.

– Чакырчы! – деп мастан кемпирди чакыртып келип, эмине кылабыз? – деди эле, мастан кемпир калтадан алтынды бүт төктүрүп, калтанын түбүнө топурактан: – Суф, - деп бир чымчып салып, бир табак дилде салды эле, боз калта толуп кетти.

Болотбектин кызы атасына көздүн челинен жасалган калта берген экен. Адамдын көзү топуракка толот эмеспи, калта топурак салгандан кийин дароо толду.

Болотбектин кызы Айсулууну Жыламыш хан алды. Кыздын боюна болду, тогуз ай, тогуз күн дегенде төрөлө турган болду. Жыламыш хан куш салып увазирлери менен чыгып кетти.

– Бала көрүнгөндө мага сүйүнчүлөп баргыла?

Жыламыш хандын кырк төрөбөгөн аялдары мастан кемпирге дилде берип:

– Баласын эптеп жогот! – деди.

Мастан кемпир төрөп жатканда аялды алаксытып, эгиз кыз менен баланын ордуна, бир эркек, бир ургаачы күчүк алдырып келип коюп, эгиз баланы мастан кемпир алып кетти.

Балдарды алып кетип дайрага ыргытты эле, балдар сууга түшкөн жок, көздөн кайым болуп кетти. Кырк аял:

– Ханга сүйүнчүлөгүлө! – деди. – Аялы бир эркек, бир ургаачы күчүк төрөдү! – деп киши чаптырды.

– Кысталакты көзүм көрбөсүн, күчүктөрү менен суунун аралыгына алып барып, оң бутун кесип таштагыла, – деп буйрук берди.

Айсулууну күчүктөрү менен аралга алып барып таштады. Айсулуу эмчеги ооруп чыдабай күчүктөргө эмизип, адамдын сүтүн эмген күчүктөр бат эле чоңоюп, аралдагы токойдон кекилик, чил, кыргоол тиштеп келип, Айсулууну багып, токойдо жашай берди.

Сууга ыргыткан балдарды сууга тийгизбей кайберен алып барып, кийик эчкини эмгизип, кайберен багып алды.

Жыламыш хан:

– Дегеле мага бала буйруган эмес экен, – деп ыйлап, бир канча күн эшикке чыкпай үйүндө жатты. Бир топ жылдан кийин:

– Кой, талаага чыгайын, – деди. Аң уулап тоого чыкса, тоодо кийиктин арасында бир жылаңач бала жүрөт.

Жыламыш хан:

– Кудай, тоого деле бердиң баланы, мени кандай кур койдуң! – деп катуу кейип келип үйүнө жатып калды. Катындары шекшип, мастан кемпирди чакырып:

– Хан тоого барып келип, жатып калды, балдарды эмне кылгансың? – деп мастандан сурады. Мастан балдарды сууга ыргытканда балдардын сууга түшкөнүн көрбөй калган.

Хандын кайсы тоого чыкканын сурап алып, ошол жакты карайынчы, – деп мастан жөнөдү. Тоонун арасынан баланы көрдү. Балдар аман калган экен. Бала чоңоюп калыптыр, балага тийсем, мени соо койбойт. Кызды таап алдабасам, бала алдана турган эмес, – деп, кызды издеди.

Из кууп жүрүп кызды бир үңкүрдөн тапты. Бала кызды бир үңкүргө киргизип, үңкүрдүн оозуна бир ташты коюптур, ал ташты карап, бала алп болгонун билип, мастан жанынан түңүлдү.

Мастан: «Кызды алдап көрөйүн» – дейт:

– Айланайын кызым, мен сенин апаң болом. Сени мен сагындым, мени үңкүргө киргиз, – деп жалынды. Кыз:

Менин сага окшогон апам жок. Менин апам – кийик деди. Мастан үч-төрт күн келип жалынды. Кыз түгөйү келгенде айтты:

– Бир кемпир келип, апаң болом, – деди. Мен сага окшогон апам жок, – деп, эшикти ачпадым, – деди.

Жигит:

– Эч кандай эшик ачпагын! – деди. Мастан бир күнү кийим алып келип:

Айланайын, кызым, сага кийим алып келдим, жылаңач жүрбөй, кийип ал! – деди.

Кыз болбоду, мастан сенин жалгыз отурганыңа жаным кейийт. Батыш тарапта Күлбөс деген хан бар. Гүлайым деген сулуу кызы бар экен, ошону алып келип бер десең алып келип берет. Жалгыз отурбай ошону менен ойноп отурбайсыңбы? – деди.

Мастан кемпирдин максаты: «Бир тууганы барып, Күлбөс хандын кара дөөсүнөн өлүп калса, кыз ушул үңкүрдө жатып жок болот. Буларды ушундай кылып түбүнө жетпесем, өзүмүн алым жетпейт», – деп ойлоду.

Кыздын бир тууганы кечинде талаадан келгенде:

– Мен жалгыз эле отура беремби. Күн батыш тарапта Күлбөс деген хандын Гүлайым деген бир сулуу кызы бар экен, мага ошону алып келип берсең, – деп ыйлады.

Мейли, алып келип берейин сага, үч айлык оокат камдап берейин. Беш-он күндөн кийин жөнөймүн, сен ыйлаба, – деп беш-алты күндүн ичинде отун-суу камдап берип:

– Эч кимге эшик ачпа, ачсаң экөөбүз тең өлөбүз! – деп жөнөдү.

Бир канча күн жол жүрүп олтуруп, куш салып увазирлери менен жүргөн Күлбөс ханга жолукту. Күлбөс хан жылаңач балага:

– Каякка барасың? – деди.

Күлбөс ханга барам, Гүлайым деген кызы бар дейт, ошону алып кетемин – деди. Хандын увазирлери:

Муну карасаң өлтүрүп коёлу, – деди. Күлбөс хан күлүп койду.

Шашпагыла, мен өлтүр дегенде өлтүрөсүңөр! – деди. Жылаңач бала:

Күлбөс хан кайда? – деди.

Ушундан нары барсаң табасың, – деди.

Жылаңач бала шаарга кирди. Шаардагылар шылдыңдап:

Бизчилеп кийинип албайсыңбы? – деп кийим көрсөттү.

– Кана, мага кийгизип көргүлө, – деди. Кийимди кийгизип, күзгүгө көрсөтүштү. Бала жылаңач жүрүп капкара болуп күнгө күйгөн. Бала:

Мен канткенде агарам! – деди.

Шылдың кылышып, көлдү көргөздү, ошого барып жатсаң, агарасың дешти.

– Болуптур! – деп, көлдү карай басты.

– Кийген кийимиңди чеч! – дешсе, анысын аякка, мунусун биякка ыргытып, көлгө барып, күзгүгө көрүнүп алып, агарганча жатам, – деп жатып алды.

Ханга кабар кылды, увазирлерин чакырып:

– Баягы жылаңач баланы кармап алып келгиле! – деп, буйрук берди. Увазирлер көлдө жаткан балага барып:

– Жүр! – деп кармашса, анысын аякка, мунусун биякка ыргытып, бирин бирине уруп, жолотпой койду.

Увазирлер Күлбөс ханга барды:

– Бая күнү келатканда өлтүрөбүз дебедиңер беле. Ошол жерде тийгенде өнөр көрмөксүңөр. Эми кайра баргыла. Сизди Гүлайым чакырып жатат десеңер келет. Хан чакырып жатат десеңер келбейт, – деп увазирлерин кайра жиберди.

Увазирлери кайра барып:

Күлбөс хандын кызы Гүлайым чакырып жатат, – деди.

Эмесе барайын, – деп кийинип жөнөдү.

– Башка киши менен сүйлөшпөйт. Гүлайым менмин, – деп тосуп чык. Ал адамга кошула элек жапайы, алдап сөзгө келтиребиз, – деп Гүлайымга айтыптыр.

Жылаңач баланын алдынан тосуп чыгып үйгө киргизип, оокат берип сыйлап, жакшы кийимдерди кийгизип отургузду. Мастан кемпир айткан бир тууганың жөө жүргөнчө, Күлбөс хандын Күлсары аты бар, ошону алып келип минип жүрбөйбү деп. Азыр баланын эсине ошол түштү:

– Күлсары ат кайда? – деди. Хан баланын үстүнө кирип:

– Күлбөс хан менмин. Гүлайым бул – менин кызым. Күлсары ат мына! – деп атты да көргөзүп таанышты.

Баладан:

– Сен кимсиң, кимдин баласысың? – деп да сураган жок. Анткени Күлбөс хан билет болчу. Баланы сыйлап жакшы айтып, он күнчө таанышып, жылаңач жүрүү уят экенин түшүндүрүп, үйүр кылды. Ал он күн ичинде кыз дагы көп-көп кеңештерди үйрөттү. Бала ханга:

– Гүлайым менен Күлсары атты мага бер, мен кетем! – деп карындашынын жалгыз калганын айтты.

Күлбөс хан айтты:

Бизден жогору капчыгайда кара дөө деген жатат, кырк күн ичинде бир тойгузабыз. Кырк күндүк оокат бербесек, бизди чаап кетет, ушуну өлтүрүп берип, анан кыз менен атты алып кетесиң! – деди.

Бала айтты:

– Мага Күлсары атты бериңиз, мен өлтүрүп, башын кесип алып келем! – деди. Балага Күлсары атты токуп, жарак-жабдык менен жөнөттү.

Бала барса, чоң ак дөбө, ал ак дөбөдө чоң ак үй турат. Үйгө кирсе кара дөө уктап жатат.

– Эй, кара дөө, тур, күрөшөбүз! – деди.

Кара дөө оң бутун көтөрүп, ушул бутту басып жерге тийгизсең эле болду, – деди. Бутун көтөрүп коюп кайра уктады. Үйдүн бир капшытында бир темир чынжыр жаткан экен.

Чынжырды алып, дөөнү ага байлап Күлсары аттын омуроосуна салып, чуу койду. Күлсары ат үй менен кошо сүйрөп жөнөдү. Бала капчыгайга салды. Дөө жанчылып, капчыгайдын ичи кан. Бир оокумда дөө сүйлөдү.

– Азамат экенсиң, эми мени арманда өлтүрбө, бир кармашып өлтүр, – деди.

Бала макул болуп, бошотуп кармашты. Кара дөө күч алып, баланын шайын кетирди, бала жыгыла турган болгондо ыйлап, кайберен-кайыптардан жардам сурады.

Кайберен-кайыптардын жардамы менен Кара дөөнү көтөрүп уруп, башын кесип, канжыгага байлап барып, хандын эшигине таштады эле, хандын үйү

солкулдап кетти.

Бала Кара дөөнү жеңгенден кийин, баркы көкөлөдү. Күлбөс хан той кылып, кызын камдантып жөнөтө турган болду. Кызына эки жүз түтүн элди кошуп, жайгашканча айыл ээси болуп турууга эстүү кишиден кошуп жөнөттү.

Бала дүңгүрөтө көчүп, эгиздин түгөйү калган төргө барып кондурду.

Жыламыш хан бир канча жыл жатып, тоого аң уулаганы чыкты эле, түзөң жеринде бир кийик эчки жүргөн экен. Хан увазирлери менен кийик эчкини кууп жөнөдү. Кийик эчки айылды карата качты, айылдын чекесинде чоң ак үйдүн эшигинде, бир канча киши менен бала отурган эле. Эчки качып барып баланын койнуна кирип кетти.

Жыламыш хан балага:

– Сен кайдан жүргөн баласың? Биз кууп жеткен эчкини бер! – деди, бала ханды аттан түшүрүп, жайлашып отуруп калды.

Хан:

Бул жер бизге тиешелүү жер, каяктан көчүп келдиңер, ким болосуңар? – деп сурады.

– Ханым, сиз эмне деп жатасыз, бул жер – мен чоңоюп жетилген Мекеним. Карындаш эгизим экөөбүз бул жерде чоңойдук.

Жыламыш хан баланын көкүрөгү алтын, көчүк жагы күмүш экенин көрдү.

Карындашың кайда?

Ушул эле жерде, – деди. Жыламыш хан:

– Менин баламсың! – деп бакырып, кучактап жыгылды, – кызымды көргөз! – деди эле, кызды чакырса келбеди.

– Менин апам кайда, мен апамды көрбөсөм, менин атам кайдан болсун, – деди.

Жыламыш хан бул иш кырк катындын кылганы деп, кырк катынды алдырып келип:

– Силер билесиңер, кана, чыныңарды айткыла жан керек болсо, болбосо азыр отко өрттөтөм! – деди.

Жандарына күч келгенде:

– Мастан кемпир билет, – дешти. Мастанды да чакыртты.

– Азыр өрттөймүн, чыныңды айтсаң, жаның калат! – деди. Мастан болгон иштин бардыгын айтты.

– Ушул балдардын көзүн жоготуп бер, – деп мага алтын берди. Мен бир эркек, бир ургаачы күчүктү алдына койдум да, эгиз балдарды сууга ыргыттым. Бирок балдар сууга түшкөн эмес. Ханым, ушул сенин балдарың! – деп далилдеди.

Эми кыздын талабы боюнча увазирлер алып барып таштаган жеринен Айсулууну издеп жөнөдү. Айсулуу чытырман токойдун арасына жаан, күн тийбей турган жерде жашачу экен. Ошол күнү иттер жоолук, көйнөгүн тиштеп, ачык жерге чыгыптыр.

Айсулуу келип: «Иттер да мени шылдың кыла баштады», – деп, эптеп көчүгү менен жылып, ачык жерге чыгыптыр. Иттер болсо, ар кандай жырткычтардан Айсулууну коргоп жүрүптүр.

Увазирлер Айсулууну таап, учурашып, болгон ишти айтып, балдарына алып келип тапшырып, балдары менен кошулуп калды. Жыламыш хан кырк катынды кырк азоо байталдын куйругуна байлап, сүйрөтүп өлтүрдү. Мастан кемпирди арчаны чоң жагып, өрттөп жиберди.

Жыламыш хан эсепсиз чоң той берип, Күлбөс ханды чакырып, эки хан баш кошуп, ат чаптырып, кийик аттырып, кырк күнү той берип, баланын атын Самаган коюп, кыздын атын Сары алтын койгон экен.

Жыламыш хандыкты Самаганга берип, атасынын ордуна Самаган хан болгон экен.

## КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ?

Илгери бир чалдын жалгыз өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма табы менен өзү бакчу экен.

Күндөрдүн биринде чал узак сапарга аттанмакчы болуп, кетеринде эки баласына өгүзүн табыштап:

– Сен дайыма убагы менен жем-чөп берип тургун, деп улуусуна тапшырат. Ал эми сен, убагы менен сугарып тургун, деп кичүү баласына тапшырып жолго чыгат.

Чалдын улуу баласы атасынын айтканын аткарып, убагы менен жем, чөбүн берип жакшы карайт. Арадан бир жума өтөт. Сегизинчи күнү баягы улуу баласы салган чөптү өгүз карап да койбойт. Жем берсе аны да жебейт. Өгүздүн кылыгына түшүнбөгөн улуусу:

– Биздин өгүз ылаңдап калган окшойт, чөп берсем да, жем берсем да жебейт. Сен сырын билчү белең? – деп кичүү инисинен сурайт.

– Жок, мен кайдан билем. Өгүздүн сырын атам билет, – дейт кичүүсү.

Эки-бир туугандын айласы кетип, өткөн-кеткенден сурашат өгүздүн сырын. Бирок эч кимиси билбейт. Күүгүм талаш бир абышка:

– Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол. Эртең Ала-Көлгө жетелеп барып сугаргыла, – дейт.

Атасынын тапшырган ишин ошондо гана эстеген кичүү баласы күнөөлүү болуп, эртеси өгүздү Ала-Көлгө жетелеп барып сугарат. Өгүз ушунчалык суусаган экен, көлдүн суусун бүт ичип салды. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту айтмакка агасына чуркап кеткенде, соолгон көлдүн түбүндө калган балык баягы өгүздү шак жутуп алды. Балык таноосун дердеңдетип, ары-бери оонап жатканда, кайдан келгени белгисиз бир кара бүркүт шукшурулуп келип балыкты илип кетти да, зооканын үстүнө алпарып жей баштады. Балыктын ичин жарганда андан чыккан суу ташкындап дарыядай акты.

Аскадан аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан чалдын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп, жамгыр жаап жатабы, азыр эле күн ачык эмес беле

деп, асманга тигилип күндү караса, көзүнө бир нерсе түшүп кеткенсийт. Чал үйүнө келип, көзүмө бир нерсе түшүп кетти деп кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап жатып, көзүнүн кычыгынан тилинин учу менен бир нерсени алып чыкса, көлдү жуткан өгүздүн бир кабыргасы менен далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөн соң алыстан келе жаткан кербенчилер:

– Ушул жер түз экен, өргүү жасап кетели, дешип кыз тилинин учу менен алып чыгып түкүрүп ташталган далынын үстүнө жатып калышат. Таң аппак атат. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр бир жакка жылып бараткaнын сезишет. Карашса, кызыл түлкү бир нерсени четинен тиштеп сүйрөп бара жатат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Чуркап жетишкен кырк кербенчи кырк жагынан чыгып түлкүнүн терисин сыйрышып жатып, күн бата бир капталын араң сыйрып бүтүшүп, экинчи капталына оодара албай коюшту. Аңгыча өтүп бараткан жолоочу аял келип:

– Соогат! Ушул түлкүнүн терисинин бир капталын мага бергиле, мен сыйрып алайын, жаңы төрөлгөн балама тумак чыгар, деп сурап калды эле, аябай чарчаган кербенчилер ага макул болуп, сыйрып ал дешти.

– Тиги аял ат үстүнөн туруп эңип алып, андан ары жүрүп кетти.

Кана, ойлонуп көргүлөчү: көлдү жуткан өгүз, өгүздү жуткан балык, балыкты илген бүркүт жана чал, түлкү, аялдын кайсынысы чоң экен?. .

## КАМЫР БАЛБАН

Мурунку өткөн заманда баласыз кемпир-чал болгон экен. Бир күнү кемпир камыр жууруп жатып: «Алда кудай ай, ушул жуурган камыр бала болуп

калсачы?» деп арман кылып айтып, тышка чыгып кетет.

Тыштан кайра келсе, баягы камыры чын эле бала болуп калыптыр. Кемпир-чал бири-бирине сүйүнчү айтышып, кубанычка бөлөнүшүп, той беришип, атын Камыр балбан коюшуптур. Чынында эле ал абдан балбан, жүрөгүндө калы бар эр чыгыптыр. Камыр балбан алтымыш өгүз, элүү ат араң кыймылдата турган темир таяк жасатып алыпон жети жашында саякатка жөнөйт. Жолундагы шаар эли үркүп качып кетет. Таягы жерди дүңкүлдөтүп солкулдатса, эл «жоо келатат» деп качышат экен.

Ошентип жүрүп отурса, алдынан Тоотолтоң деген адам чыгат.

– Эмне өнөрүң бар? – деп Камыр балбан сурайт.

– Балбандыгым бар! – деп жооп берет Тоотолтоң.

– Эмесе жүр, экөөбүз жолдош бололу, – деп ээрчитип алып жүрүп отурса, алдыларынан Суусулпаң деген адам кезигет.

– Эмне өнөрүң бар? деп сурашат андан.

– Мен агып бараткан дарыяларды, сууларды алаканым менен токтотууга жарайм! – деп жооп берет.

Аны да кошуп алышат. Үчөө жолдош болуп андан ары жүрүп отурса, жолунан Айалпаң деген кездешет.

– Эмне өнөрүң бар? – деп сурашат андан да.

– Мен тоодогу айбанаттардын баарын таш менен уруп өлтүрүүгө жараймын, – деп жооп берет.

Төртөө биригип алып, өздөрүнчө тоого чыгып, аң уламакчы болушат. Алардын күндө бирөө кезектешип кошто калып, калганына эт бышырып, тамак жасап турмак болот. Адегенде Айалпаң калат. Беркилер кечинде келишсе, эч кандай тамак жок. Биз жез тумшук от алымыш болуп келип, этин жеп, өзүн аябай сабап кетиптир.

Экинчи күнү Суусулпаң калат эт бышырганга. Ал күнү да жез тумшук этин жеп, өзүн сабап кетет. Ал күнү да ачка калышат. чүнчү күнү Камыр

балбан калып, эт бышырып отурса, жез тумшук келип:

– Эт берчи? – деп Камыр-балбандан сурайт.

– Эт жебей, чок же! – дейт Камыр балбан.

Экөө ошол жерден кармашып, Камыр балбан баягы темир таягы менен чабарда, жез тумшук качып жөнөйт, тиги артынан кууп жетпей калат. Жез тумшук кара үңкүргө кирип кетет.

Кечинде жолдоштору келгенде, Камыр балбан болгон ишти айтып, үчөөнү ээрчитип үңкүргө түшсө, бир ак үй бар экен. Алар үйгө кирсе, үч кыз ыйлап отурушат. Баягы жез тумшук уктап жатат. Аны Камыр балбан темир таягы менен бир-эки жолу чаап жиберсе, тура калып кармаша кетет. Үч кыз унчукпай отура беришет. Камыр балбан жез тумшукту өлтүрүп, үч кыздан сыр сураса, ал үчөө тең зордоп алып келген хандын кыздары экен.

Үч кызды Камыр-балбан сыртка алып чыгып, үч жолдошуна барып, үч кыздын бирин өзү алып, экөөнү Тоот олпоң менен Суусулпаңга берет. Айалпаң кур калат. Ошондон үчөөнүн ичинен наразычылык чыгып, Камыр балбанды өлтүрмөк болушат. Аны балбан билип калып, үчөөнү тең кызылдай сабай турган болгондо, алар качып кетишет. Үч кызды шаарга алпарып, ханга кабар айттырат. Үч кыз тең ошол хандын кыздары экен. Хан өзү хандыктан түшүп, Камыр балбанды хан көтөрөт. Ошентип Камыр балбан хан болуп, карыган ата-энесин алдырып, жыргал турмушта жашап калышыптыр.

## КАРАЧ БААТЫР

Илгери бир абышка-кемпирдин Эгизбек, Сегизбек деген эки баласы болуптур. Алардын бир канча жылкысы бар экен. Эки бала эр жетип, Тайгылмандын тайгак ташы деген жерде жылкыларды жайып коюп жата беришет. Тайгылмандын ташы деген жерге эч

бир адам чыгып көрбөптүр. Ошондуктан эки бала жылкыларын ээн-эркин жайып коюп, эртеден кечке ордо атышчу экен.

Күндөрдүн биринде Буктугул менен Шуктугул деген эки дөө баягы тайгак ташты түбү менен омкоруп таштап, эки баланы жылкылары менен кошуп алып кетишет.

Балдардын атасы жылына бир келип, балдарын көрүп кетчү экен. Бир күнү келсе, ордосу тигилген бойдон калып, балдары жок. Баягы Тайгылмандын ташы омкорулуп калган. Абышка балдары жоо колдуу болуп кеткенин сезип, ыйлап-сыктап үйүнө келет. Ошентип абышка-кемпир куу баш аталып, баладан да, малдан да ажырап, өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып, жашап турушат.

Күндөрдүн биринде абышка түш көрөт. Түшүндө бир аппак сакал карыя келип: «Ыйлаган менен эч пайда таппайсың, тиги жогоруда бир булак бар, ошол булактын жанындагы мазар терекке барып, түбүнө түлөө өткөрүп, кемпириң экөөң түнөгүлө. Түн ортосунда асмандан ак алма түшөт, аны өзүң жегин. Дагы убакыт өтүп, таңга жуук кызыл алма түшөт, аны кемпириңе бер. Арадан убакыт өткөндө балалуу болосуңар», – деп айтып көздөн кайым болот. Абышка чочуп ойгонсо – түшү. Ашып-ташып мазар терекке барып, түлөө өткөрүп, кемпири экөө түнөп калышат. Абышканын айтканындай түн ортосунда асмандан ак алма түшөт. Аны абышка өзү жейт. Таңга маал кызыл алма түшөт, аны кемпирине берет. Эртеси үйүнө кайтышат. Арадан көп өтпөй эле кемпиринин боюна бүтүп, тогуз айдан кийин эркек бала төрөйт.

Бала жерден боорун көтөрө баштагандан шок чыгат. Чоңойо баштап, айылдагы балдарды уруп-согуп, чуу салат. Бала онго чыгат. Бир күнү бир кемпирдин баласын уруп коёт. Кемпир баланы каргап: «Сен андай эле кыйын болсоң, колго түшүп кеткен

эки агаңды таап албайсыңбы!Айылдагы балдарды уруп-сокпой… » – деп катуу айтат.

– Буга чейин бала эки агасы бар экенин да, алардын жоголгонун да билчү эмес. Кемпирдин сөзүнөн улам капа болуп үйүнө келет. Энеси үйүндө жок экен. Бала үйгө жалгыз казанды гана калтырып, калган идиштердин баарын катып коюп, энеси келгенден кийин: «Эне, мага буудай кууруп берчи», – дейт. Энеси бадырак кууруп жатканда бала эшиктен: «Энеке эле, энеке! Көгүчкөндөр учуп өтүп кетмек болду, мен буудай чачып тузакка илиндирип алайын, кууруп жаткан буудайды алып чыга кой!» – деп шаштырып калат. Кемпир шашкан бойдон идиш таппайт. «Энеке, энеке, идиш жок болсо, колуңа эле уучтап чыга кал!» – деп баласы дагы кыйкырат. Энеси ысык буудайды колуна уучтап чыга калат.

– Бала энесинин колун ысык буудай менен кабыштыра кармап: «Айт энеке, чыныңды, менин эки агам болгонбу, же жок беле?» – деп сурайт. Ысык буудайга күйүп бараткан колуна чыдабаган энеси: «Сенин Эгизбек, Сегизбек деген агаларың бар болчу. Аларды жылкы кайтарып жүргөн жеринен Буктугул, Шуктугул деген эки дөө алып кетти деп угабыз. Башка дайын жок! – дейт жанталашып. Бала энесинин сөзүн уккандан кийин колун коё берип: «Эмесе, энеке, мен ошол агаларымды издеймин!» – дейт. Ага баланын энеси да, атасы да көнбөйт. «Али жашсың, балтыр этиң толо элек, барар чагың боло элек, койгун балам», – деп коюшат. Бала үч күн тамак ичпей таарынып жатып алат. Акыр аягында кемпир-чалдын айлалары кетип, макул болушат. Эки агасынын кандай экендигин толук айтып беришет. Бала онго чыкканча азан чакырып ат койгон эмес экен. «Эми жок дегенде баланча балабыз бар эле деп, айтып жүргөнгө атыңды коюп алалы, дешип кемпирчал элди чакырып, той берип, баланын атын коюп берүүнү элден суранышат. Эл да балага кандай ат

коёрун биле алышпай, ак сакалы кара сакалдууларды карайт, кара сакалдуулар кер мурут жигиттерди карайт, кер муруттар боз балдарды карады, боз балдар качып-качып тарады, бирок эч кимиси ат тандай албады. Ошол кысталышта кайдан-жайдан бир абышка пайда болду. Абышка баланы өзүнө каратып: «Баатыр болчу кебетеси бар экен, аты Карач баатыр болсун!» – дейт. Элдин баары «Карач баатыр болсун!» деп батасын беришип, тарап кетишет.

Карач баатыр эли-журту, ата-энеси менен коштошуп жүрүп кетет. Жолдо келатып бир аңга жыгылып жаткан даакысы түшө элек сары тайды көрөт. «Сен дагы бир шордуу өңдөнөсүң» деп сары тайды аңдан чыгарып, андан ары жолун улайт. Тай кишенеп Карачтын артынан ээрчип алат, кууса да болбойт. «Эми болбостур» деп тайдын башына нокто катар менен ал кунанга айланат, тердик салса бышты болот, ээр токуганда жайкалган опол тоодой аргымак болду. Ошентип, Карач баатыр сары тулпарга минип, жолун улап жүрүп кетти. Жолдо баратканда сары тулпарга тил бүтүп: «Сен ушул жол менен жүрүп отурсаң, бир терекке келебиз, ага жеткенде менин ээр токумумду алып, аса байлап кой. Ошол теректин ылдый жагында бейит бар, бейиттин арасында күмбөз турат. Ошол күмбөздүн ичине кирип, тердикти астыңа салып, ээрди башыңа жаздап күн чыгышты баштанып, коркпой жата бер. Эртең менен бир киши келет да, бул жерге адамзат келчү эмес эле деп: «Ой, жигит, тур!» – деп ойготот. Анда турбагын.

– Андан барып аяк жагыңдан ойготот, анда салам айтып тура кал да, ал адам менен достошуп кайт», – деди.

Карач баатыр бала сары тулпары айтканындай кылып, атын терекке аса байлап таштап, өзү күмбөздүн ичине кирип уктай берет. Эртең менен бир адам келип, Карачтын баш жагынан ойготот, анда турбайт. Андан келип аяк жагынан ойготкондо са-

лам айтып туруп келет. Белгисиз адам Карач менен достошуп сырын айтат:

– Мен да бир абышка-кемпирдин жалгыз баласы элем. Эртең менен «жоо келди» деген кыйкырыктан ойгонуп кетип, сыртка чуркап чыксам кимдир бирөө айбалта менен жыга чапты. Көрсө, алар Буктугул менен Шуктугул деген эки дөө экен. Экөөнүн учкаштырган эки баласы бар болчу. Болду-болбоду сенин агаларың болуш керек. Эгерде ошол дөөлөрдү өлтүрө турган болсоң, анда «Нурпери досума арнадым» деп башын кесип ал да, аларды баккан эки кызды да өлтүр. Алар тирүү калса, адам баласына көп зыян алып келет, ошол эсиңде болсун! – дейт.

Карач баатыр тиги адам менен коштошуп, атын токунуп, жолго чыгат. Бир жерге келгенде тулпары кан сийип жиберип, баспай туруп калат. Карачтын айласы кетип, ээр токумун сыйрып алып, көтөрүп жолго түшөт. Бир аздан кийин аты артынан жетип келет. Кайра минип жолго чыгат. Дагы бир топ жерге барганда аты дагы кан сийип, баспай коёт. Ээр токумун көтөрүп жөө кетти. Аты кайра жете келди, бирок Карач минбей жөө кете берет. Ал аңгыча аты айланып алдыга өтөт да, «бул чыныгы баатыр бекен, сынап көрөйүн! деп камыштын арасынан кара чаар жолборс болуп качырып калат. Карач да карап турбастан кылычын сууруп качырат. Ошондо: «Баатыр, сабыр кыл, жолборс менмин», – деп өз аты алдына тура калат. Бир аз жүргөндөн кийин сары тулпар: «Сенин эки агаңды алып кеткен дөөлөрдүн бири Буктугул сени издеп келе жатат. Анын аты да сыйкырдуу, менин тилимди байлап коюп, мен кан сийип баса албай жатканым ошондон болчу. Эми мен байладым ал аттын тилин, чечилбес кылып. Ал болсо менин тилимди байлай турган сыйкырын жоготуп алды. Эми мен сарала ат болоюн, сен укурук сүйрөгөн жылкычы болосуң. Аларды амал менен өлтүрбөсөк, мындай өлтүрүү кыйын. Сен барып салам айткын. Ал кайда баратканыңды сураса,

жылкы жоготуп издеп жүргөнүңдү айт. Ошондо дөө: «Карач деген келатат, аны билесиңби?» – деп сурайт. Сен «билем» дегин. «Ал жоого сексен өгүздүн этин бүт жеп, жети күн көлдөн башын чыгарып коюп, кар жаадырып жатат. Жети күндө көлдүн үстү тоңот. Ошондо муздарды асманга атылтып, Карач суудан чыга калып, жоого аттанат экен» деп айткын.

Карач жылкычынын кейпин кийип, аты сарала ат болуп жөнөйт. Аңгыча Буктугул дөө алдынан чыгат. Карач токтоп салам айтат. Дөө Карачтын келатканын айтып, андан сурайт. Карач болсо мурдагы аты үйрөткөндөй жооп берет. Карачтын кейпин башкача сүрөттөйт.

– Кой, андай болсо мен да сексен өгүздүн этин жешим керек экен, – дейт Буктугул дөө.

– Сен мага өгүздөрдү союшууга жардам бер.

– Карач макул болот. Дөө экөө сексен өгүз союшат. Карач бүтүндөй эттин баарын бышырып, дөөнүн алдына коёт. Карач ары-бери карап, бир жилик эт жегиче, дөө баягы эттин баарын жейт да, кар жаадырып, суук чакырып, көлгө жатып алат. Жети күн болгондо Карачтан: «Турсам болобу?» – деп сурайт. Көлдүн муздары чатырап жарыла баштайт. Шашып кеткен Карач: «Мен унутуп калган турбайымбы, дагы жети күн жатыш керек, бардыгы он төрт күн жатасың», – дейт. Дөө макул болуп, дагы жети күн жатат. Он төрт күндө муз калыңдап катып, дөөнүн мойну кейкеңдеп муздан чыга албай калат. Ошондо Карач баатыр Буктугулдун башын «Нурпери досума арнадым» деп туруп, шарт кесип алат. Аты кубанып: «Эми Шуктугул калды, аны өлтүрүш үчүн дөө өтө турган жолдун жээгине жашынгын. Бир убакта Шуктугул «сени Карач жебесем, сени Карач жутпасам» деп кыйкырып өтөт. Өтүп бараткaнда Шуктугулдан ак кебез булактап бараткан болот. Ошол жерге таамай сайсаң, ал өлөт. Антпесең алышып алың, күрөшүп күчүң жетпейт!» – дейт сары тулпар.

– Карач жолдун жээгине Шуктугулдун келерин күтүп жатып калат. Бир кезде ач айкырык салып, дөө келаткан экен. Жанынан чаап өтүп бараткан-да жонунан кебез булактап чыгып баратат. Мына ошондо Карач аны таамайлап жонго сайып өтөт. Дөө ошол замат аттан кулайт. Анын башын да «Досум Нурпериге арнадым» деп кесип алат. Шуктугулдун аты асманга уча бергенде, Карачтын аты: «муну өлтүрүү керек, антпесе Шуктугулду кайра тирилтип алат» деп, куйруктан тиштеп жерге алып түшөт. Карач дөөлөрдү, аттарын өлтүрүп, анан сарайына барса, ал жерде бири бирине коёндой окшош кырк сарала тулпар байланып турат. Карач кыркын тең мууздап, Нурпери досуна арнайт. Эки сыйкырчы кыздын башын алат. Ошентип, эки дөөнүн катуудан казаны, жумшактан күлү гана калат.

– Андан ары Карач эки агасын издеп келатса, бир төөгө жүк артып учкашкан эки абышкага кезигет. Алардын жөн-жайын сураштырса, жоголгон эки агасы болуп чыгат.

– Мен иниңер болом. Силерди кармап кеткен эки дөөнү өлтүрдүм. Мени менен үйгө кетесиңер, – дейт Карач баатыр аларга.

– Эгерде инибиз болсоң, биздин эмне белгибиз бар экендигин билесиңби? – деп сурашат агалары.

– Экөөңдүн тең далыңарда калыңар бар! – дейт Карач. Ошол жерден үчөө кучакташып көрүшүп, ал-акыбалдарын сурашат. Эки агасы дөөлөр кармап кеткенден берки көргөн азап-тозокторун толук айтып, ушундай инисинин болгонуна кубанышып, ыраазы болушат.

Алар бир жума ошол жерде өргүү жасап, дем алышып, жолго ат-тон камдашып, бир жумадан кийин ата-энесин көздөй сапар тартышат. Көп күн жол жүрүп үйүнө келишсе абышка-кемпир балдарынын күйүтүнө чыдабай, төшөккө жатып калышыптыр. Кемпир-чал балдарын көрүп, кеткени келип,

кемтиги толуп, күйүттөрү тарап, жыргап жашап калышкан экен.

## КАРЫШКЫР ЖЕГЕН АДАМ

Илгери-илгери бир замандын заманында Омор деген катуу каардуу, оңой менен адамдын сөзүнө ишенбеген текебер хан болот. Омор хандан атасы Жамаке хан жети катын алып, эч кимиси төрөбөйт. Хан жети катындын жетөөнү тең:

– Силер төрөбөйсүнөр – деп, коё берет.

Андан кийин бир күнү Жамаке хан:

– Мага ким эркек төрөп берсе, мен ошо кызга үйлөнөм, – деген жарлыкты жөнөтөт.

Ошондо бир кембагалдын кызы, атасына:

– Ата, сиз ханга барып, менин кызым эркек төрөйт, бирок кем акыл жаралат. Ошого көнсөңүз, сизге берейин деп айтыңыз, – дейт.

– Болуптур, эмне болсо да, мен куубаш хан атка конбой, уулду болсом – деп, хан макул болот. Чалга карап хан мындай дейт:

– Кыздын акысына эмне аласың? – дейт.

– Бир baштык алтын – деп, кол башындай кичине баштык көрсөтөт. Хан обозгерин чакырып, абышкага казынадан алтын салдырат. Хандын казынасында алтын-күмүштүбүт салдырса да толбой калат.

Хан айран калып, жети баштуу желмогуз кемпирди чакырып:

– Бул эмне деген баштык, эч толтура албадык, – деген экен. Ошондо мастан кемпир:

– Бул баштык адамдын көз майынан алып жасалыптыр, муну толтуруш оңой, ханым, - деп, жерден эки ууч топуракты баштыкка салары менен, баштык толуп калат. «Көзүң топуракка гана тоёт, башка эч нерсеге тойбойт» деген макал ошондон калган экен.

Ошентип, Жамаке хан кедей чалдын жалгыз кызы Жамыйланы аялдыкка алат. Күндөн күн өтүп,

айдан ай, жылдан жыл өтүп, хандын ханышасы Жамыйланын боюнда болот. Көп узабай ай күнү жетип, хандын ханышасы эркек төрөйт. Жамаке баласынын атын Мурад болсун деп Мурадша коёт.

Мурад үч жашка жетип-жетпей апасы Жамыйла дүйнөдөн кайтат. Бир жылдан кийин Жамаке хан дагы бир обозгердин кызына үйлөнөт. Обозгердин кызы Жамалды Жамаке хан катындыкка алат. Жамал ханыша күндөн күн, айдан ай өтүп, жыл айланганда бир эркек төрөп, атын Омор коёт. Жамал ханыша менен уулу көп жылдар бирге жашап, Омор айтканынан кайтпаган каардуу жигит болуп өсөт. Ал эми мурунку аялдан төрөлгөн Мурадша өз энеси болбосо да, бирөөнүн колунда момун, жоош болуп чоңоёт.

Атасы Жамаке хан Мурадшага барып, тартип-тарбия бере албады. Азыркы ханыша Жамал да ага жибермек эмес. Кийинчерээк Омор хан он беш-он алтыга чыккан убагында апасы Жамал Жамаке ханга айтып:

– Өз көзүң менен өз ордуңду уулуңа бер, хандыкты хандай өткөрөр экен, көрүп тур, – дейт. Элин чогултуп Жамаке хан:

– Омор уулума хандыгымды берем, – дейт.

Эл макул болуп, Омор хан болот. Күндөн күнгө каары күчөп, атасына баш ийбей, же хандык таажысын бербей коёт.Ошентип Омор хан жыйырма жыл хандык доорун сүрөт. Атасы Жамаке менен апасы Жамал дүйнөдөн кайтышат. Ошентип, Омор хан эми өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип дегендей, өзү – хан, өзү – бек болуп жашай берет. Омор хандын аталаш тууганы Мурадша элүү жаш курагында Омор ханга келип:

– Мен да Жамаке хандын биринчи баласы элем, жашымда апам Жамыйла өлүп, бактым байланып, бирөөнүн колунда өстүм. Мен элүү жашка чыкканда: «Менин атам ким?» – деп баккан энемден сурасам,

– сен, Жамаке хандын баласы элең, энең өлгөндөн кийин сени Жамаке карабай койгон деген сөздү уктум, мен да аталаш тууганыңмын, мага да кызмат бериңиз, көп жылдар адашып жүрүп, өз шаарыма эми келдим, – дейт.

Ошондо Омор хан ойлонуп туруп, аталаштан түбүнөн коркуп:

– Сен жалкоосуң, иштебейсиң, ошону үчүн сени Жамаке хан карабай койгон, – деп, тоого айдатып жиберет.

Мурадша колунан эчтеме келбей, ыйлап-сыктап, арман айтып: «Атадан алтоо болгуча, энелештен экөө болсочу» – деп, тоодо жашап жүрө берет. Ошентип, алтымыш курагына чейин кемпири төрөбөй, же башка катын ала албай, картаят. Алтымыштан өткөндө кемпиринин боюна бала бүтүп, ай күнү жеткен убагы болот.

Омор хан кийинчерээк ойлонуп: «Эмне болсо да тууган эмеспи» – деп, Мурадшага жылда бир келчү болгон.

Ошентип, Мурадшанын байбичеси эркек уул төрөп, Мурадша жалынып, этегине салып отурса, эшиктен бир адам салам айтып кирип келип, баланы көрүп, оозун күбүрөтүп, баланын жүзүнө карайт. Бирок ал кечикпей эле ыйлай баштайт. Ошондо үй ээси:

– Баланын атасы болуп сүйүнүп отурсам, сен жолоочум эмнеге ыйлайсың? – деген экен.

– Бул бала кордук көрбөй чоңоёт экен. Он сегиз жашка толгондо үйлөнөт, ошол үйлөнгөн түнү түн жарымында баланы карышкыр жеп кетет экен, – дейт.

Мурадша эмне дээрин билбей, ал да жолоочуга кошулуп ыйлап отурса, эшик дүр дей түшүп, көп аттуу адамдар менен кошо Омор хан келип калат. Хан үйгө кирип:

– Эмне ыйлап жатасыңар? – дейт.

Эч ким унчукпайт. Ошондо жолоочу болгон адам:

– Бул баланы он сегиз жашка чыгып, аял алган түнү, жарым түндө карышкыр жейт экен, таксыр, ошого ыйлап отурабыз, – дейт.

– Аны сага ким айтып берди, кайдан көрдүң, карыганда тапкан баласын кайта өлтүрүп ыйлайсыңар. Бул эмне жорук? – деп, кекетет.

Ошондо баягы жолоочу киши:

– Маңдайында жазылып турат, ошондон окудум, – дейт. Ошондо хан чочуп кетип, баягы жолоочу адамга:

– Сени эч жакка кетирбеймин, силердин баарыңарды хан сарайына алып барып, акысыз казына эсебинен багам. Качан бала он сегизге чыкканда, аял алып беребиз, ошондо аял алган күнү карышкыр жесе, анда силер өмүр бою хан сарайында болосуңар. Эгер бала өлбөй калса, калпыңар чыгат. Силерди ошол саатта башыңарды алдырамын, ушуга макулсуңарбы? – деп хан сурайт.

Ошондо баягы жолоочу киши:

– Мен калп болуп чыксам, анда кандай жаза берсеңер да, мен макулмун, – дейт. Ошондо Омор хан кан сарайына баланы ата-энеси менен жана баягы жолоочу кишини хан сарайына алып келип, казына эсебинен бактыра баштайт.

Омор хан да балалуу болгон эмес экен. Бала чоңоюп, беш-алтыга чыкканда, баланы чакырып карап отуруп, баланын сулуулугуна жана акылдуулугуна хан аябай суктанат. Ойлонуп отуруп, обозгерлер менен баланы сакташ жолун кеңешип отуруп хан мындай дейт:

– Силер, бардык темир усталарды чакыргыла. Алар жети катар үй жасашсын, темирден ар бир кананын ортосуна жети катар солдат тургудай болсун, бардык үйдүн оозу бирдей ачылып жана бирдей жабылып турсун, – деген буйрук берет.

– Ал үйдүн формасы тегерек боз үй сыяктуу үйдүн сыртына үй курулсун, ар бир капасына жети катар

кароол карап тургандай болсун деген экен. Ошентип, үйдүн сыртынан үй тигип отуруп, жети катар темир үй курулуп бүтөт. Ар бир капасынын ортосунда тегерете жети катар кароол коёт. Ошол убакта бала да он сегиз куракка жетип, келишкен, адамды таң калтыра турган сулуу бала болуп чоңоёт. Омор хан биринчи обозгерин чакырып алып, он сегизге чыккан кыз Акмаралды балага алып бермек болушат. Акмарал да баланы жөн бала эмес, хан тукуму экенин угат да, балага аял болууга макулдугун берет. Ошентип, кечке оюн, ыр-тамаша менен той башталып, кеч кирген убакта Омор хан жети катар темир үйдүн эң биринчи ички бөлмөсүнө жууркан-төшөк менен баланы жана кызды киргизип, бардык бурчту текшерип, хан өз колу менен каалганы кулптап, ар бир канада турган жети катар кароолго буйрукту берип, мындай дейт:

– Силер, ар бир канада кайтарып турганда, чымын учуп, эч нерсе кирбесин, жандуу эмес, жансыз топурак түшсө да, бутуңар менен тепсеп, эч жерде кыймыл болбосун. Саат 12ден 12 мүнөт өткөндө өзүм келип ачып, келин менен баланы алып чыгабыз, – деп кыз-жигитти саат жетилер чамасында киргизип, эч кимди кетирбей камап коёт. Ачкычты Омор хан өзү колуна алып, сырткы каалганын биринчи оозуна отуруп алат экен. Кыз менен бала өткөн күнүн, экөөнүн бири-биринин сүйүүсү аткарылып, махабаттын кызыгына батып, бири-бирине ыраазы экенин билдиришип, уктап калышат. Бир маалда кыз көзүн ачып баланы караса, бала кебелбей уктап жатат. Кыз башын көтөрүп, үйдүн ичин караса эч нерсе жок, кадимкидей каухар таштардын жардамы менен үйдүн ичи жарык болуп турат. Кыз баланы карап суктанып карап турса, башы шылк дей түшөт, кыз өзүн караса, килейген канчык карышкыр болуп калган, бала болсо килейген ысар кой болуп жанында жатат. Карышкыр койду көрөрү менен суктугу кирип, ысар койду жул-

малап жеп кирет. Качан баланын этин бүт жеп, шалдыраган сөөгү калганда карышкыр соолуга тиктеп калат, бир маалда башы өзүнөн өзү шылк дей түшөт. Кыз көзүн ачып караса, өз калыбына келип, кыз болуп калган. Бала болсо, шалдыраган сөөк болуп калат. Кыз башы-көзүн койгулап ыйлап жатканда, сааттуптуура 12ден 12 мүнөт болгон. Омор хан өз колу менен ачкычты ачып кирип келсе, кыз ыйлап жатат. Бала болсо, небак өлгөн, сөөгү шалдырап, төшөктүн үстүндө жатат. Хан эси чыгып, обозгерлерин чакырып өлүк баланы көрсөтөт. Кызды хандын ак сарайына отургузуп алып, такта отурган хан кыздан эмне болгонун толук айтып берүүсүн өтүнөт. Ошондо ыйлап отурганкыз мындай дейт экен:

– Бизди киргизип, сиздер чыгып кеттиңиздер. Ошондо жигит экөөбүз ойноп-күлүп, махабаттын кызыкчылыгына батып, бири-бирибизге сүйүүбүздү берип, ыраазычылыгыбызды билдирип отуруп, кандай уктап кеткенди билбей калыппыз. Бир кезде ойгонуп кетсем, күйөөм жанымда жатат. Сулуулугуна суктанып карап отурсам, бир кезде башым шылк дей түштү, өзүмдү карасам килейген канчык карышкыр болуп калыпмын. Жигитти карасам, килейген жайдары ысар кой болуп жанымда жатат. Карышкыр болгон кыялым бузулуп, ысар койду бир паста үзүп-тытып жей баштадым. Карасам, койдун эти бүт желип бүтүп, шалдыраган гана сөөгү калган экен, ошондо башым адаттан тышкары шылк дей түштү, өз акылым өзүмдө. Күйөөмдү карасам шалдыраган сөөгү калган. Карап отуруп түшүмбү десем – чын экен, жигитимдин шалдыраган сөөгүнөн башка эч нерсе жок, өлүп калыптыр. Таксыр, ханым, менин боюмда да болуп калган окшойт, – деп ыйлайт.

Омор хан ойлонуп отуруп, баягы баланын атаэнесин жана баягы жолоочу жигитти кошуп, хан сарайынан хандын отурган жерине алып келип, баланы чын эле карышкыр жеп кетиптир, – деп

угузат. Жамаке хандын биринчи уулу Мурадша кемпири экөө тең ыйлап кала беришет. Омор хан ошондо баягы адамдан:

– Сен мунун өлөөрүн кантип билдиң? – деп сурайт.

– Таксыр, ханым, жаш баланын бешенесиндеги жазуу ошондой жазылган экен, ошондон билдим, – дептир.

Ошондуктан эл оозунда: «Бешенеге жазылса ошону көрүп, ошол жазылган ырыскы түгөнгөндө өлөт, бешенеге жазылганды көрдүк» – деп айтылып калганы ошол себептүү. Омор хан ойлонуп отуруп бул жөнөкөй адам эмес экен деп, ичинен тообосунан жанып, жолоочуга жана мындай собол берет экен:

– Сен, адам пендеси, өзүңдүн өлөөрүңдү билесиңби? Ошондо жолоочу адам:

– Мен дагы көпкө жашаймын, бул жарыкчылык заманда, мындан да кызык окуяларды түшүнүп, качан гана адилеттүү заман курулганда, ааламда тынчтык заман болуп, залим кан ичкичтер жоголгондо, экинчи дагы сизге бир кезде жолугуп, мүдөөм бүткөндө гана ааламдан жоголом, – деген экен.

Мурадша өлгөн уулуна кайгырып, сөөгүнө күмбөз салдырып көөмп, келинин үйүнө алып келип, тиричилигин өткөрө беришет. Акмаралдын чын эле боюнда бар экен, айдан ай өтүп, жылга айланарда эркек бала төрөйт экен. Баланын атын Болотбек деп коюшат. Болотбек чоңоюп, жети-сегиз курагына келгенде Акмарал сулуу Болотбекти медресеге берип, беш жыл окутат. Болотбек аябаган көз талыткан сулуу, эстүү жигит болуп өсөт. Ошондо баягы адам келип балага акыл айтып:

– Сен эми адилеттүү хан болосуң, – деп айтып, өзү Омор хандын багына баланы ээрчитип кирип, ханга салам айтат. Омор хан чочуп кетип, обозгерлери менен тактан тура калат. Ошондо баягы адам Омор ханга:

– Сиздин ордуңузга ушул Мурадшанын небереси хан болот, өз ыктыярың менен бергин, – дейт.

Ошондо хан:

– Мунун башын алгыла! – деп, желдет чакырат. Желдет кирери менен баягы адам кол шилтеп койсо, желдеттердин башы өзүнөн өзү алынып, өлүп калат. Кандайдыр бир жылан пайда болуп, ханды чагып өлтүрөт. Хан өлөт. Обозгерлер таң калып, Болотбек менен жолоочу адамга таазим кылып, баш ийишет. Болотбек он үч жаш курагында эл сурап, адилеттүү заман курган дешет. Болотбек хандын тушунда бай-кедей, кулчулук, жокчулук – баары жоголуп, теңчилик болуп, кой үстүнө торгой жумурткалаган заман болгон экен.

## КАШКУЛАК

Илгери бир өткөн заманда Абалкан хандын тушунда бир абышка-кемпир эптеп жашап жүргөн экен. Абышка жалгыз кер байталын минип алып, күндө койгон капкан-тузагына эмне түшсө ошону үйүнө алып келип, кемпири экөө күн кечирет. Күндөрдүн биринде абышка капкан салган жерине келсе, капканга кашкулак түшүп калыптыр. «Куда каалаoriginally кемпир экөөбүзгө эки-үч күндүк оокат табылды» – деп, ичинен кымылдайт да, капкандын казыгын сууруп, кашкулакты өлтүрмөк болот. Ошондо кашкулакка тил бүтүп:

– Айланайын, ата, мени өлтүрө көрбө, сизге бала болоюн, кемпир экөөңдү ата-эне деп, колумдан келишинче сизди багайын, – деп жалынып-жалбарып, абышканын алдына жыгылып ыйлайт.

Абышка өмүрүндө мындай укмушту көрбөгөн неме нестейип, эси ооп жыгылат. Бир маалда эсин жыйып караса, жанында кашкулак, капканга чаптырган бутун кармап ыйлап отурат. Абышка көптү көргөн кыраакы адам болгон соң, эмне болсо да бул

кашкулакты кемпирге тирүү алып барайын деп, капкандан чыгарбай сүйрөп жүрүп отурат, зоонун түбүндө отурган үйүнө келип:

– Оо, кемпир, мен бир укмуштуу нерсеге кабылдым, келип көрчү сен! – деп, кемпирин чакырат.

– Бул кашкулак семиз экен, эки-үч күндүк оокат таапсың абышка, андан көрө тез сой, шорпо жасай коёюн, – деп кемпир шыпылдайт.

Ошондо кашкулакка кайра тил бүттүп:

– Айланайын, энеке, андай дебеңиз, мени бала кылып алыңыз, силерди багууга жарайм – дегенде, кемпир көзүнүн жашын көл кылып ыйлап, эси ооп жыгылып түшөт. Абышка кемпирге суу чачып, эсине келтирип туруп:

– Көрдүңбү, кемпир, өмүрү ыңаа деген баланын үнүн уккан жок элек, бала болоюн деген сөзүнө кубандым, ушуну бышырып жегенде кай муратка жетет элек, андан көрө коё берейин – деп, кашкулакты капкандан чыгарып коёт.

Ошондо кашкулак ата-эне деп, абышка-кемпирге жүгүнөт да:

– Мен сиздерге тез оокат таап келейин – деп, кашкулак желе-жорто жөнөп кеткен экен. Ошондо абышка-кемпирдин мууну бошоп, ыйлап отурушат. Абышка капканды сүйрөтүп үйгө келгенде, кеч кирип калган. Кашкулак ата-энеме оокат таап келем деп кеткенде, караңгы түн түшкөн болуп калат. Бир маалда шарт эшиктен кирип келип:

– Мына сиздерге оокат! – деп, көп кекилик-чилди абышка– кемпирдин алдына таштап коёт. Абышка менен кемпир аябай таң калып, кекилик-чилди колдоруна кармап көрүп:

– Чын эле кекилик-чил экен – дешип, таң калышат да, кашкулакка карашат.

Ошондо кашкулак жылтыраган курч көздөрүн күлүңдөтүп:

– Сиздерге ыракмат, мени өлтүргөн жоксуңар,

эми мен сиздердин балаңармын, мындан кийин өзүм багам силерди, – дейт.

Ошондо шордуу абышка-кемпир көздөрүнө жаш ала ыйлап:

– Мунусуна да шүгүр – деп, аябай сүйүнүшөт. Ошентип, абышка-кемпирди Кашкулак баласы түн ичинде таштын коңулунда жаткан кекилик-чилди секин кармап келип, кекилик-чилдин этине карк кылып, абышка-кемпирди бага баштайт. Күндөрдөн күн өтүп, айдан ай өтүп, жыл мезгили болгондо, абышка кемпирдин жүзү жаркып, балпайган аппак кемпир-чал болуп, анча-мынча мал күтүп, турмушу оңоло баштайт. Жамандык жерге жатабы, бул аңыз элдин кулагына да жетет экен. Ошондо эл ичиндеги акылмандар «кайыптан жардам болуп, баягы бала көрбөгөн шордуу абышка-кемпир бир Кашкулак бала көрүптүр» дешсе, кээ бир адамдар: «Жок андай эмес, кемпир түн ичинде ыйлап отурса, бир адам келип, бала кылып ал деп, колуна кашкулакты берип, көздөн кайым болуптур» – деп, түрдүү айыңды айтышат.

Ошондо абышканын Кашкулак баласы атасына мындай дейт:

– Ата, сиз зоонун түбүндө жалгыз отурбаңыз, эл аралап конгула – дейт экен. Кемпир-чал баласынын тилин алып, эл аралап конот. Бир күнү абышка кер байталды токуп минип, айыл аралап конуп калган экен.

– Мен да барам, – деп, ошондо Кашкулак уулу атасынын артынан желе-жорто кошо жөнөйт. Айылга жакындаганда, айылдын иттери абалап үрүп, кашкулакты тегеректейт, ошондо абышка коркуп кетип иттерге тап бергенде баласы:

– Ата, убара болбой, жөнөй бер, бул иттер мага жолой албайт, – дейт.

Абалап келген топ итке кашкулак тишин ырсайтып койгондо, иттердин баары коркуп, туш-тушка качат.

Айылдын адамдары кашкулакты көрүп, таң калышат да:

– Ээ, аксакал, сен бул кашкулакты эмне ээрчитип жүрөсүң? – деп, шылдыңдай башташат.

Кашкулак адамча сүйлөп, адамдарга кайрылып:

– Силер эки аяктуу макулук болсоңор, мен төрт аяктуу макулукмун, менден силердин кандай артыкчылыгыңар бар? – деген экен.

Көпчүлүк адамдар көзүнөн жаш чыкканча күлсө, кээ бир адамдар эси чыгып үйлөрүнө качат.

Мына ушундай аңыз угулуп, хандын шаарына да жетет, күндөрдүн биринде кандын желдети келип, абышкага мындай деген экен:

– Сизди кашкулак баласын ээрчитип келсин деп хан чакырып жатат, – дейт.

Абышка-кемпир нары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп балама зыяны тийбес бекендегенде, кашкулак баласы:

– Ата, коркпой бара бер, оозуңа эмне кирсе, ошондой сүйлөй бер, менден кеп сураса, өзүм жооп берем, – дейт.

Ошентип, абышка баласын ээрчитип хандын шаарына келген дейт. Ошондо хан кашкулак ээрчитип келе жатканда абышканы көрсүн деп он жети жашка чыккан ай десе ай, күн десе күндөй болгон сулуу Айпери деген кызын чакырып, кашкулакты көрсөтөт. Кашкулактын чоңдугу иттен чоңураак боло турган. Айпери сулуу кашкулакты таңыркап карап турганда, абышка салам айтып, ханга жүгүнүп, ырайым тилейт.

Кашкулак да ханга таазим кылып, Айпери сулууга жүгүнүп:

– Кандай жакшы жүрөсүзбү, Айпери сулуу? – дейт. Кыз селт этип, атасын карайт.

Менин атымды кайдан билет бул шумпай, – дейт. Ошондо айткан сөзүн биле койгондо:

– Сиздин сулуулугуңуз ай сыяктуу экен, ошондуктан атыңыз Айпери болсо керек деп айта салдым, ханыша – деген экен.

Хан айран-таң калып абышкага:

– Бул кашкулакты кайдан таптың, чының айт, калп айтсаң, тилиңди кесип салам! – деп коркутат.

Абышка коркконунан айтмакчы болгондо, Кашкулак уулу:

– Ханым, баш кесмек бар, тил кесмек жок! – дептир.

Айдан ай өтүп, жыл маалы болгон кезде, Кашкулактын аябай өңү азып, арыктап кетет. Кыраакы абышка-кемпир баласына жалынып-жалбарып:

– Эмне үчүн мурункудай өңдүү болбой, арыктап кеттиң? – деп сурашат.

Кашкулак баласы:

– Мен хандын кызына ашык болуп калдым, хандын Айперисин мага алып бер, – дейт.

Абышка-кемпир коркуп:

– Кокуй, балам, андай дей көрбө, кан кызын бизге бербейт, – дейт.

Ошондо Кашкулак уулу чочуп кетип:

– Ата, кокуй дебеңиз, мен Айперисиз жашай албаймын, андан көрө ханга жуучу болуп барып келиңиз, – деген экен.

Ошондо кемпир-чал ойлонуп отуруп:

– Барса барайын, бирок мени өлтүрүп койсо, энеңди жакшы багып ал, – дейт.

– Ата, эч ойлонбо, ханга мен жуучу болуп келдим, кызыңды менин Кашкулак уулума бер деп ачык айт. Коркпо, эмне десе да мага айтып кел, – дептир.

Абышка кемпири менен акылдашып, кер байталга минип, хандын шаарына жөнөп кетет.

Көп узабай кандын шаарына келип:

– Мен жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп, хандын дарбазасын каккылайт. Хандын обозгерлери мунарада кан менен сейилдеп отурганда, кароолчусу

ханга кирип, абышканын жуучулугун угузат. Хан обозгерлери менен сурак кылуучу жайга ээрчитип келип, сурай баштайт:

– Кандай жуучусуң! Кимге? Эмнеге жуучусуң? – деп сурашат.

Ханым, кызыңды менин Кашкулак уулума бергин? – дейт.

Хандын ачуусу келип:

– Мына бул акылсыз чалды айыбы үчүн буту-колун чагып, байталына артып, коё бергиле, озондотуп! – деп буйрук кылат. Обозгерлер жигиттерин чакырып алып, абышканы карматып, буту-колун ташка койдуруп чагып, эсин оодарып кер байталга таңып, коё берет.

Кер байтал абышканын өлүктөй денесин көтөрүп келе жатканда, кемпири көрө коюп, өкүрүп-бакырып:

– Кайран абышканы өлтүрүп коюшкан экен! – деп ыйлайт. Кашкулак баласы желе-жорто байталга жетип:

– Эне, атам тирүү экен, ыйлаба, – дейт да, үйгө төшөк сал, атам уктап эле тура калат, коркпо, – деп, байталдан абышканы түшүрүп, кийирип, жаткызып коюп, энесине от жагып, оокат жасоого буйрат. От жагып, оокат асып коюп, кемпир үйгө кирсе, абышка чүчкүрүп-бышкырып:

– Мен уктаган экенмин, кемпир – деп, күлүп коёт. Абышка буту-колун кармап көрүп, өзүнчө кобурайт:

– Тобо, мени чалажан кылып, буту-колдорумду ташка коюп чакпады беле, эми карачы, кемпир, эч жерим оорубайт, – деп таң калат.

Жанында отурган Кашкулак баласы:

– Ата, мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок деп, дагы бара бер, – дейт. Абышка-кемпир башын ийкеп, макул болушат. Көп кечикпей шаарга жетип:

– Мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп, хандын дарбазасын каккылайт.

Ошондо Абалкан аттуу хан обозгерлери менен таң калып:

– Эми муну өлтүрүп туруп, байталга таңып, коё бергиле!– деп, обозгерлерге буйрук берет. Обозгерлер желдеттерин чакыртып, абышканы кыйнап өлтүрүп, белден омкоруп туруп эки бөлүп, байталга жүктөп коё берет.

Кер байтал абышканын өлүгүн көтөрүп, үйүнө келет. Кемпир абышкасын өлтүрүп, эки бөлүп теңдеп, байталга артып коё берген экен, – деп ыйлайт. Кашкулак баласы:

– Атам өлбөйт, тирүү эле экен, – деп, мурункусундай төшөк салдырып, жаман алачыкка жаткызып коёт. Кемпир ыйлап отурса, абышка чүчкүрүп-бышкырып тура калып:

– Тобо! – деп, жакасын карманат, кемпири да көзүнө ишенбей, абышканы улам-улам карайт.

Эртеси баласы атасына:

– Баягы жуучулугуңду айтып, ханга бара бер, ата, – дейт.

Абышка дагы шаарга жөнөйт, бат эле хандын шаарына жетти:

– Мен жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп дарбазаны каккылайт. Хан обозгерлерин чакырып алып:

– Муну кандай өлтүрсөк, болбой эле келе берет экен, эмне кылабыз? – дейт. Ошондо башкы обозгер:

– Таксыр, муну өлтүрүп туруп, күлүн көккө сапырып ийип, бир чымчым күлүн чүпүрөккө түйүп, байталдын куйругуна байлап туруп, байталды коё беребиз. Анан кандай болоорун көрөбүз, күчү жетсе тирилип көрсүн ошондо. Хан обозгердин акылына макул болуп, абышканы өлтүрүп, өрттөп, күлүн көккө сапырып, бир чымчым күлдү чүпүрөккө түйүп, кер байталдын куйругуна байлап коё берет. Байтал жүрүп отуруп абышканын жаман алачыгына жетип келет. Кемпир көрө коюп:

– Абышка жок, чындап өлтүргөн экен. Эми эмне кылабыз? – деп ыйлап, баласын чакырат.

Кашкулак жыттап-жыттап көрүп:

– Атам кошо эле келиптир, эне – деп куйругундагы түйүнчөктү чечип алып:

– Мына атам, төшөк сал, – дейт.

Кемпир шаша-буша төшөк салат. Баласы баягы бир чымчым күлдү төшөккө коюп:

Атам уктап турат, – дейт.

– Өх! – деп абышка тура калат. Абышка бүткөн боюн карап көрүп:

– Жуучулукка өлүм жок, – дейт.

Эртеси атасын эптеп тургузуп:

– Ата, ханга дагы бар, – деди.

Атасы макул болуп, шаарга жөнөп кетет. Бат эле хандын дарбазасына жетип:

– Мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – дейт. Ошондо хан чочуп кетип, жакасын кармап:

Кудая тобо, кандай өлтүрсөм да болбой, тирилип жатат, эмне кылаарын билбей, мурдагыдай абышкага жаман сөз айтпай туруп, өзүнүн жан-жөкөрлөрүн, акылдуу айлакерлерин, билерман обозгерлерин чакырып алып, мындан кандай кутулаарын айтып, кеңешке чакырат.

Ошондо бир акылдуу обозгери:

– Ханым, муну өлтүрүүгө болбоду, эми таксыр, мындай тапшырма берели, хандын ордосунун алдына бир мунар терек, бир чынар терек орнотсун. Анын түбүнө бир май көл, бир сүт көл орнотсун, экөөнүн балыгы бир көлдөн экинчи көлгө бири-бирине секирип түшүп турсун. Андан кийин колотто жалаң кой болсун, бул коктуда топоз, бул коктуда жалаң жылкы, бул жерде жалаң төө болсун, булар санаса адам санай албагыдай көп болсун, жанагы мунар терек менен чынар теректин ортосуна алтындан так орнотулсун, ошого отуруп хан май көл менен сүт

көлдөн секирип ойноп жаткан балыкты көрүп тургандай болсун, ошонун баарын аткарса, хандын кызы Айперини абышканын уулуна беребиз, – деген экен.

Хан көп ойлонуп туруп:

– Болуптур, ушуга макул болбосо, кызымды берем, хан сөзү эки болбойт, баарын даярда, – деп абышканы чакыртып, хан абышкага убада берип, бүт элге жарыя кылат.

– Муну орундатпасаң, өмүрүң өткөнчө уулуңду, кемпириң үчөөңдү зынданга салып чиритем – дейт.

«Кемпир экөөбүз го карыдык эле, ушунча жылдан бери багып жүргөн уулум эмне болот?» – деп капаланат. Кер байталга минип, абышка тез үйүнө кайтат. Абышканын келгенин баласы көрө коюп, аябай сүйүнүп:

– Ата, эмне деди хан? – деп сурайт. Анда атасы капаланып, хандын буйругун төкпөй-чачпай баарын айтат.

Эч капа болбо, ата, арзан эле жумуш тура, – дейт, анда баласы.

Балам, муну кандай табабыз? – дейт атасы.

Ошондо кер байталга абышканы мингизип алып, кемпирди учкаштырып, алачыкты кашкулак баласы көтөрүп, азыноолак малын айдап, хандын шаарына жакындап келип, алачыкты тигип жатып калышат.

Эртеси кеч киргенде, кер байталды мингизип алып, өзү артынан ээрчип жөнөп кетишет. Түн киргенде шаарга кирип, хандын дарбазасына келип токтоп, эч кимге көрүнбөй, кер байталды атасына сойдуруп, калдасын кесип алып:

– Бир кулагын мунар терек, бир кулагын чынар терек бол! – деп жерге сайып коёт, саяр замат мунар, чынар терек пайда болот. Эки көзүн чукуп алып, эки теректин түбүнө коёт.

Бириң май көл, бириң сүт көл бол, – дейт.

Эки көл даяр болот, жалын кесип алып, кылды майда кыркып:

– Балык бол! – деп, көлгө салар замат балык

болуп ойноп, биринен бирине секирип турат. Кер байталдын башын жара чаап, ортосуна коюп:

– Алтын так бол, хан отургандай, – дейт, ал да даяр болот. Кан-жинин, бок-сагын ар колотко чачып:

– Кой, уй, жылкы, төө бол, – деп кобурайт. Айткандай кокту-колотко түрдүү мал пайда болот. Төрт шыйрагын төрт жерге сайып, төртөөң төрт алтын мамы бол, хандын күлүк аттары байлангыдай болсун, – дейт. Ал дагы орундалат.

Абышка баласына аябай таң калып туруп сүйүнүп:

Ыракмат, балам, өнөрүңө, – дейт.

Эми этти мага арт, ата, калдасын кошуп – дегенде абышка Кашкулакка бир байталдын санын сан, колун кол кылып майдаланган этти бүт артат. Баласы:

– Ата, секин эч кимге көрүнбөй келе бер – деп, өзү желе– жорто жөнөйт. Этти кер байтал байланган жерге илип коюшат да, жатып калышат. Бир маалда байтал кишенейт экен, ошондо абышка чочуп ойгонуп, эшикке чыкса байтал байланып турат. Атасы сүйүнүп, кемпирге кеп кылып отурганда, Кашкулак баласы ойгонуп, күлүп турганын көрүшөт.

– Аңгыча болбой хандын чабармандары абышканын жаман алачыгына чаап жетишип, сүйүнчү айтат:

– Оо, сүйүнчү, шордуу абышка, сенин кашкулак уулуңа Айперини бермек болду ханыбыз, бүгүндөн калбай тез алып келгиле. Сизге айткан бардык буйругун аткарып коюпсуз, малдын көптүгүн айтпа, тез жөнөңүз! – дешет, ошондо абышка-кемпир Кашкулак уулун соксоңдотуп хандын ордосуна жөнөйт. Ошондо кандын кудасын тособуз дешип хан өзү баштап кырк обозгер келген экен. Хандын ордосунун жанына төрт чоң ак үй тигилиптир, бирине абышка-кемпир кирди. Бирине күйөө бала кирет.

– Күйөө бала дегенибиз качан келет – дешип, хандын кызынын кырк кызы зарыгат.

А Айпери болсо ыйлап:

– Өлөмүн! – дегенден башканы айтпайт. Күйөө дегенибиз баягы Кашкулак соксоюп өргөөдө жалгыз отурат.

Хан кудасына келип:

– Эми сиз баарын орундаткан экенсиз, кырк күн тоюн берем, аземдеп туруп үй салып, кызды кийиребиз. Өзүңүз келип уулуңуздун урматын көрүп жата бериңиз, – деп чыгып кетет. Хандын кызы нөөкөр кыздарын жанына чакырбай, өзү жеңелери менен күйөө бала отурган өргөөгө кирип келет.

Ошондо:

– Сулуу, эмне ыйлайсың? Сен мындай кылба. Мен сенин көөнүңө толгудай күйөө баламын, эч капа болбо! – дейт.

Кыз ага болбой:

– Саксайган өлүксүз, нары тур, сен кантип мага күйөө боло аласың – деп шылдыңдап күлөт.

Ошондо кашкулак:

– Эртеңкиге чейин мени менен болсоң, ыйламак турсун сүйүнсөң, андан көрө өлөмүн деп коркутпай, чыда, – дейт.

Кыз аябай таң калып, сүйлөгөн сөзү кызга укмуштуудай жагып, кызды тер басып балкытат, ошентип отуруп кыз уктап калат. Кыз ойгонгондо, жанында соксоюп кашкулак отурат, башка эч ким жок. «Мени шылдыңдап жатабы, же чын эле күйөө болуучу неме ушубу? Кашкулак деген макулук кантип мага күйөө бала боло алсын. Атасы ушунча дүйнөнү тапканына караганда мында бир керемет болбосун» – деп ойлойт да, Кашкулак күйөөсүн карайт, карап туруп шолоктоп ыйлайт.

Күн кеч кирип калган убак эле. Кыздын эки жеңеси боло турган, бири ынак жеңеси, бири чунак жеңеси. Чунак дегенибиз ар нерсени көп билген ушакчы, ичи тар жеңе, ынак жеңеси кызга жанкеч боло турган. Кыздын күйөөсү кашкулак болгондуктан, жеңелеринен башка эч ким киргизилбеди жана

үйгө жан адам жолотподу. Хан менен ханыша кыздан кабар албады, дүйнөнү көрүп, пайгамбар жолдон адашат болуп, көрүп турган көздөрүнө ишенбей, мунар терек менен чынар теректин жанындагы алтын такта экөө жанаша отуруп, май көл менен сүт көлдүн бирине бири секирип ойноп жаткан балыктарды тиктеп, айран-таң. Күүгүм кирип, кыз-күйөөнүн өргөөсүнө чырак коёр маал болду. Ынак жеңеси чырак коюп, кызга ар түрдүү кеп-кеңеш берип отурат. Он эки канат ак өргөө эшигине каалга орнотулган алтындан. Кеч киргенде кыздын сулуулугундай айдын шооласы пайда болду. Үй ичинде түн ортосу ооп калган кезде, кызды төшөк салып жаткырып коюп, ынак жеңе ак өргөөнүн каалгасын тыштан кулптап, жөнөй берди, кыз төшөккө жатып, кашкулак күйөөсүн карап отурат. Кашкулак кыздан жатууга уруксат сурады. Кыз жийиркенген сыяктуу Кашкулакка карап:

– Ушул кебетең менен кантип менин койнума жатасың? – деп, тескери карап ыйлады. Ошондо бала кашкулак кепти оңой эле чечип ийди. Үйдүн ичи жарык боло түштү. Айпери сулуу кайрылып караса, адам баласы көрбөгөн бир сулуу жигит маңдайында турат. Ошондо кыз эси эңгиреп, эстен танат. Баягы ынак жеңеси шордуу кыз деп, ыйлап бара жаткан эле, кайрылып караса, үй жарык болуп турат. Аста басып келип караса, бир сулуу жигит кыздын чачын сылап, күлүп турат.

Баланын сулуулугу үйдү жарык кылып турган экен. Жеңеси сүйүнгөн бойдон күйөөсүнө айтат. Күйөөсү келип көрүп, атасы ханга айтат. Хан-ханышалар билгизбей келип көрүшүп, аябай таң калып, сүйүнгөндөн ыйлап жиберишет: «Кызыбыздын багы ачылган экен» – дешип, сүйүнүп жатып калышат.

Ал эми кыз менен бала көпкө сүйлөшүп отуруп, бири-бирине ыраазы экенин билгизип, махабаттын кызыкчылыгына батышат да, уктап калышат. Саар менен кыз ойгонсо, күйөөсүтөшөктөн туруп, кашку-

лак кепти кийинип алыптыр. Ошондо кыз:

– Муну кийбей эле койчу? – деп суранат. Бирок бала макул болбойт:

Жок, мен качан гана бүт сындан өткөндө таштайм, болбосо күн менден уялып, жарык шооласын жоготот. Биз күнөөгө батабыз, жаным, ашыкпа, – дейт.

Экөө сүйлөшүп отурганда, ынак жеңеси келип, кыз-күйөөгө тамак берет. Кайта кетеринде чунак жеңеси келип кызды:

– Кандай, күйөө жактыбы? – деп какшыктайт.

Кыз көзүнүн жашын төгүп ыйлайт. Чунак жеңеси кетип калат. Ошондо Айпери сулуудан күйөө:

– Эмне ыйлайсың? – деп сурайт.

– Ушул жеңемен корком, бул билбеген балаа жок, айлакер неме, ушунун залалы тиеби дейм – дейт. Күйөөсү ойлонуп туруп:

– Эч нерсе эмес, мунун айлакерлиги көп болсо да алты жылдан ашпайт. Андан кийин биз түбөлүк жашай беребиз, – дейт.

Кыз алты жыл дегенге көп түшүнө бербейт.

Алиги чунак жеңеси келип, күйөө-кызга ар түрдүү сөз сүйлөп отуруп, түн ортосу болгондо:

– Мен кетейин, – деп, эшикке чыгып, каалганын тышынан кулптап, үйдөн алысыраак барып кайта караса, үйдүн ичин жарык шоола каптап турат. Кайта келип караса, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу бала кыз менен кучакташып отурат. Көпкө отуруп махабат кызыкчылыгына батып, уктап калышат. Алиги чунак жеңеси секин келип, күйөө баланын кашкулак кебин коломтого өрттөп жиберет. Күйөө бала башын көтөрө калып, куш болуп түндүктөн учуп кетет. Кыз күйөөсү учуп кеткенин көрүп, аябай ыйлайт. Чунак жеңеси качып кетет.

Саар менен ынак жеңеси келсе, кыз ыйлап отурат. Кашкулак күйөө жок.

– Оо, кыз, күйөө кана? – деп, жеңеси сурайт.

Чунак жеңеси коломтого салып өрттөгөнүн, күйөөсү куш болуп түндүктөн учуп кеткенин айтат.

Кыздын агасы, хан-ханышалар кыздын чунак жеңесин суракка алат. Ал эч сыр айтпайт, ошондо хан кызына кылган кыянатчылыгы үчүн келинин – кыздын чунак жеңесин кырк азоо байталдын куйругуна байлатып, сүйрөтүп өлтүрткөн экен. Баягы кашкулак баласынан ажыраган кемпир-абышка боздоп ыйлап, башын ташка койгулап, баласын көрөр бекенбиз дагы деп ыйлоодо.

Хан болсо, эмне кылаарын билбей, ойлонууда. Мунар терек менен чынар теректеги тактын үстүндө канышасы экөө жакасын муунта кармап отурат. Кыз болсо ыйлай берип, эси эңгиреп, эки күндө өңүнөн азды. Ошондо хандын кызы ата-энесинен кашкулак кеп күйөөсүн издеп жөнөөгө уруксат сурайт экен.

Хан кызына күлазык камдап, темирден чокой, темирден таяк жасатып берип, кызын алыскы сапарга узатат. Кыздын кашкулак кеп күйөөсү эгер менден ажырап калса, алты жылга чейин көрбөй калышы мүмкүн, алты жыл издеп калса, мени таап калышың мүмкүн деп, мурда экөө махабат кызыгына батып жатканда сүйлөшкөндө эскертип айткан болучу.

Хандын кызы ата-энеси, тууган-туушкандары менен кош айтышып, жолго чыгат. Бир нече күн, бир нече жыл жол жүрүп кете берет. Ак кар, көк муз басат. Ошентип, алыскы жолду беш жыл басып, алтынчы жылга аяк басканда мелтиреген түз талаага туш келет. Кыздын алдынан сакалы аппак, өңү-түсү аппак, узун бойлуу бир абышка жолугат.

Кыз чочуп кетет:

– Ата, жакшысызбы? – деп, салам айтыптыр. Абышка сөзгө келип:

– Ээ, кызым, эмне кылып ээн жер, эрме чөлдө өңүңдөн азып кыйналып, мынча не азап түштү башыңа? – деп сурайт.

Хандын кызы башынан өткөргөнүн, акырында

ошол кашкулак кеп күйөөсүн издеп жүргөнүн айтат.

Жолоочу абышка ойлонуп туруп:

– Кызым, көп кыйынчылык тарткан экенсиң, мен сага жыкшылык кылайын, жакшы угуп, түк эсиңден чыгарба, – дейт.

– Ушул жол менен жүрүп отурсаң, бир зоонун түбүндөгү боз алачык учурайт. Ал алачыкта бир желмогуз кемпир жашайт. Сени көрүп күтүп отурат эшигинде. Ал кемпир:

– Ээ кызым, өңүндөн азып, мынча неге кыйналып, жол кезип жүрөсүң, башыңа эмне кыйынчылык түштү, – деп сен барарың менен сурайт. Ага эч сырыңды айтпа, сырыңды айтсаң, сени жеп коёт. Ошондуктан мен эл-жеримден адашып жүргөн бир мусаапырмын, – деп, ыйлай бер. Мени кыз кылып ал дегин, ошондо үйүнө киргизет. Киргизери менен үйдү үрпөңдөтүп катуу шамал болом. Быягын карма, тыягын карма, – дейт кемпир. Аягын карма десе аягын, тыягын карма десе тыягын карма. Бирок таң атканча үйдү учурган катуу шамал боло берет. Экөөң тең алдан тайып, шалдырап чарчай баштаган кезде, таңды атырам, ошондо чарчаган кемпир сенин алдыңа башын коюп, кызым чачымды жул, – дейт.

Сен чачын карап отура бер. Кемпирдин көзү бозоруп, аппак болуп чыгат, ошондо кемпирдин уктаган мезгили ошол. Эгер кемпирдин көзү кызарган болсо уктабаганы, агарганын байкасаң, тырышып кал деп, бүжүрөп жаткан денесине сыйпалайсың деп, кыздын колуна бир кара кыл берет. Көзү агарган кезде, ырымдап сүйкөп калсаң, ошол кыл кемпирди бүт тырыштырып, ордунан тургузбайт. Сен дароо үйдөн качып чыгып, күн чыгышты карай жол жүрөсүң, ошентип, кемпирден кутуласың, болбосо андан кутулуу кыйын, сени үйгө киргизери менен мен шамал болуп учурбасам, жеп коёт. Эми, кызым, кош бол, дагы эсен кутулсаң, жолугушаарбыз – деп, батасын

берип, абышка көздөн кайым болот.

Хандын кызы ушунчалык айран-таң калды, кете берди. Бир кезде алды жагын караса, укмуштай сонун түрдүү түстө бир кызарып, бир карарып, бир бозоруп кубулган сыяктуу жылгансып турган зоого туш келет. Чын эле түбүн караса, бир боз алачык турган экен. Үйдөн жети баштуу желмогуз чыга калып алдын тосуп:

– Ээ, кызым, алдан тайып, өңдөн азып, мынча не азап түштү башыңа? – дейт. Кыз сырын айтпай:

– Ээ, энеке, элимден-жеримден адашкан бир мусаапыр кызмын, – деп ыйлайт.

– Кой, кызым, үйгө эрте кир, каның толсун, жаның толсун, – деп, кемпир эшик ачат, үйдүн ичинде бир соку (минер аты), сокбилеги (камчыланар камчысы) гана бар. Башка эч байлык, же өзүнөн башка жан жок экен. Кыз бир имерип карагыча эле шатырап шамал боло баштады. Кемпир жан алакетке түштү. А кыз карма деген жерин кармай берди. Таң атканча шамалдын катуулугунан үй менен кармашып чыккан кемпир, кыз чаалыгып-чарчаган кезде таң атты.

– Кызым, чачымды жул, – деп, желмогуз кемпир башын жерге койду.

Кыз кемпирдин чачын карап отурду. Бир убакта кемпирдин көзүн байкаса, көзү чын эле бопбоз болуп агарып калат. Баягы абышка берген кара кылды ала коюп, бүрүшкөн буту-колуна сүртөт. Тырышып калсын деп тилейт. Кыз эшикке качып чыгат. Кемпир:

– Оо, оңбогон кыз, каныңды бир аз толтуруп туруп жейин дедим эле, тилегиме жетпей калдым! – деп, бакырат, тырышкан неменин буту-колу жазылбай, ого бетер тырышып кала берет.

Кыз күн чыгышты бет алып жөнөй берет. Күндөп-түндөп жүрүп, күндөн-күн, айдан ай өткөн кезде, баягы узун бойлуу аппак сакал абышка экинчи жолу кезигет.

– Ээ, кызым, эсен-аман келе жатасыңбы? – дейт.

Абалкан хандын Айпери сулуу:

– Ооба, ата, сиздин жардамыңыз тийип, өлбөй тирүү келе жатам, – деп ыйлайт.

– Ээ, кызым, көп жашык киши мурадына жетпей калат, андан көрө ыйлабай, кайраттуу бол! Эми кызым, көп кечикпей мындан көп жол жүргөндөн кийин дагы бир түз талаага туш болосуң, ошол түз талаанын орто ченинде такыядай болгон дөңсөө бар, дөңсөөнүн нары жагына өтсөң, бир он эки канат ак өргөө тигилип турат. Ошол үй сенин күйөөңдүн жашап турган турагы. Баягы экөөңөр кыз-күйөө болуп жүргөндө тигилген өргөө. Жигит да сени унутпай жүргөн кези. Алты жылда жолукмак экенсиңер, ага аз убакыт калды. Ал жигиттин кабары мындай: перинин кызынан туулган бала. Толгоо тартып жүргөн убагында адамзааданы көрөм деп, пери кызы жер кыдырып учуп жүргөндө, Абалкан хандын короосун көрөт, ошол жерде сен жаңыдан төрөлгөн элең. Ошондо перинин кызы да хан атаңдын хан сарайындагы мунарага чыгып төрөп, эркек төрөйт. Бир сени, бир уулун карап, экөөңдүн тең окшош жана сулуу болгонуңарды карап отуруп, перинин кызы ушул экөөңөрдүн өмүрүңөр бирге болуп, жашоого турмуш менен алышып жүрүп баш кошот экенсиңер.

Менин уулум адамзаада Айпериге баш кошот экен. Ошондуктан атын Актилек, – деп коёт. Кашкулак кеп жамынган баланын аты – Актилек. Сенин сүйгөн жигитиң ошол он эки канат ак өргөөдө жашайт. Сен түз эле барсаң, аны кармай албайсың, жашынып бар. Он эки канат ак өргөөгө кирсең, сол капшытта алтындан туур көрүнөт, ошол туурдун алдына өзүңдүн боюң менен тең ор каз да, үстүн чөп-чар менен бекитип, ичине кирип жата бересиң, сен барган кезде Актилек башка жакка учуп кеткен болот, – деп кыздын колуна жибектен тор берет. Качан сен орду казып бүткөндөн кийин, үстүн эптеп чөп-чар менен бекитип жата бер, куш болуп учуп

жүргөн күйөөң келип конот. Же болбосо адамзааданын жыты жыттанат деп, үйдү айланып уча берип, акыры адамзаада кайдан келмек эле деп, учуп келип туурга конот. Конуп алып өзүнчө сүйлөйт. Уктадым, уктадым, – деп, сүйлөп калат. Көзү ачык турат, бирок уктадым дегени уктабай турган учуру болот. Андан кийин уктаганым жок, уктаганым жок дей берет, ошол уктаган кези. Сен торду башынан алыс ыргыт. Ошондо жигит торго түшөт, тор-мор менен сени көтөрүп асманга алып учуп чыгат, сен коркпо, тордун учун белиңе байлап ал, кошо уча бересиң. Көзүңдү бекем жуумп аласың, качан гана күйөөң сени көзүңдү ач деп үч айтпаса, эч ачпа, ошондо үч ак көгүчкөн кошо жандай учуп келип, биринчи көгүчкөн мындай дейт:

– Ээ, шордуу, чачы узун, акылы кыска жан, көзүңдү ач, өлөсүң, ушундай жигиттин артынан кошо учуп, сен куш боло албайсың, ач көзүңдү, – деп кобурайт, сен да көзүңдү ачпа. Ошондо экинчи көгүчкөн мындай дейт:

– Койгула, кыздар, чачы узун, акылы кыска, – деп хандын кызы Айперини айтпагыла, кантсе да шордуу перинин уулу Актилекти сүйүп калса кантсин, экөө тең бир күнүжерге түшкөн тура, бирге төрөлүптүр, – дейт.

Үчүнчү кыз айтат экен, бир күнү төрөлгөнү мындай турсун, экөөнүн окшоштугун айтсаңар, экөө тең сулуу, жүзүнөн жарык шоола чачылат. Бул кыз төрөлгөндө, баланын энеси келип ушул кыздын хан сарайындагы мунаранын башына Актилекти төрөп, перинин кызы хандын кызынын бетине түкүрүп кеткен. Экөө окшош болгону ошо дешет. Биринчи кыз анда кызды өлүмдөн сакташ керек, болбосо кыз куш конгондо жерге катуу тийип өлөт. Ошондуктан үчөөбүз тең Айперинин көкүрөгүнөн жөлөп, аягынан көтөрүп, куш коноордо жардам кылалы дешет. Үч кыз макул болуп, кызды үч жерден көтөрүп уча

баштайт да, кушка карап (үчөө тең пери кыздар, ак көгүчкөн) ушунча жерден сени сүйүп, убара тартып, кыйналып жүрсө, сен эркекмин деп коркойбо, секин жерге түш, ыңгайлуу жерге кон деп, үч ак көгүчкөн кушка айткан экен. Ошондо перинин уулу Актилек пери кыздардан уялып, эсен-аман түшүрөт. Көзүңдү ач! – дейт үч жолу, ошондо баягы кашкулак күйөөң кашкулак кеби жок эле, кадимки адам сыяктуу жаныңа пайда болот деген экен. Бирок өзүңө өзүң сак бол, менин айтканымдын бир эле жеринен жаңылсаң, куш колго түшпөйт, менин сөзүмдү көкүрөгүңө бекем түй дагы жолугушууга чейин, кош кызым – деп, көздөн кайым болот. Ошентип, Абалкан хандын кызы Айпери күндүр-түндүр жол жүрүп кете берет, күндөрдүн биринде баягы аксакал айткан такыядай дөбөгө туш келет. Дөбөнү айланып келсе, кадимки кыз-күйөө болуп, кашкулак кеп менен бирге отурган ак өргөөгө туш келет. Ичине кирсе, чын эле сол капшытта алтындан орнотулган туур турат. Кыз туурдун алдына түшүп, үстүн эптеп чөп-чар менен жаап алып, жата берет. Бир убакта байкаса, шуулдаган бир нерсе учуп келип, үйдү айлана берип:

– Ээй, адамзааданын жыты жыттанат, – деп, туурга конбой, уча берет. Эки, үч күндөн кийин: «Адамзаада кайдан келмек эле» – деп, туурга келип конот, түн ичинде куш конору менен үйдүн ичи жарык болуп калат. Бир оокумдан кийин, уктадым-уктадым деп, өзүнчө кобурайт.

Андан кийин кайта эле: Уктаганым жок, уктаганым жок, – деп калат. Ошондо кыз торду куштун башына ыргытат. Куш торго түшөт да, чочуп кетип, он эки канат ак өргөөнүн түндүгүнөн уча качат. Кызды көтөрүп учуп, көп күн жүрөт. Бир кезде үч көгүчкөн шакылыктап күлүп, жандан учуп, кушка жана хандын кызына сүйлөй баштайт. Биринчи кыз:

– Чачың узун, акылың кыска шоордуу кыз, пери-

нин уулу сага теңби, көзүңдү ач! – дейт, кыз катуу жумган көзүн ачпайт. Анда экинчи кыз:

– Койчу, шоордуу деп кемсинтпе, хандын кызы Айперини – дейт.

Үчүнчү кыз:

– Булардын сүйүшүп калганына мындай себеп болгон: перинин кызы толгоо тартып, төрөй турган убагында, ушул Абалкан хандын сарайындагы мунарага келип, уулдуу болгон. Адам пендесин көрөм деп учуп жүрүп, ушул хан сепилинде Актилек тилеп жүрүп, Актилекти төрөгөн – дейт.

Ошондо биринчи кыз:

– Андай болсо үч тарабынан көтөрүп кошо учалы, кушту кондуралы, – деп сүйлөшөт.

Бардыгы абышканын атканындай болот. Перинин кыздарынын сөзүн угуп, перинин уулу Актилек уялып жерге түшөт да, хандын кызына:

– Көзүңдү ач! – дейт, үчүнчү жолу кыз көзүн ачса, баягы өзүнүн сүйгөн жигити күлүп, маңдайында турат. Көгүчкөндөрдү караса, аппак үчөө үч жерде жатат, аппак көгүчкөндөрдүн мойну, канаттары көгөргөн. Ошондон кийин көгүчкөндөр көгөрүп калган экен.

Көгүчкөндөр кош айтышып, учуп кетишет, кыз менен бала бирин бири кучакташып, жытташып калган экен. Он эки канат ак өргөөгө экөө кирип, көпкө жашап турушат. Чексиз азап тартып жүрүп кошулган эки жар биринен бири ажырабай көпкө ак өргөөнүн эшиги ачылып, баягы узун бойлуу аппак сакал адам кыз менен жигиттин үстүнө кирип келип, мындай дейт:

– Кызым, ата-энең сенин кеткениңе алты жыл болду деп, жол карап зарлап, бир көрсөк арманыбыз жок эле жалгыз кызды, – деп, ыйлап отурат.

– Ата менен эне – адам баласынын айы менен күнү, аларды унутпа, кызым, башка кеп айтаарым жок сага. Ал эми Актилек балам, сенин энең пери

кызы ушул адамзаада Айпериге кошулду. Бирге төрөлгөн курбулар эле, кийин чоңойгонуңда кыздын ак сарайына күндө учуп барып жүрүп, кызды каттуу сүйүп калган. Эми тилегине жеткен окшойт, келбей калды. Мен он эки ай көтөрүп чоңойтконума ыраазымын, адамзаада Айпери менен чексиз сүйүшкөндөр бирге жашай беришсин, менин уулумдан төрөлгөн балдар ушул экөөңдөй болуп сүйүүсүнө жолтоо болбой, эркин жашасын, – деп ыраазы болуп отурат. Кана эми, кандай кыласыңар? – дейт.

Актилек менен Айпери тура калып жүгүнүшүп, урмат көрсөтүп:

– Бизди ошол хан сарайына тез жетүүгө жардам бериңиз, – дешет. Баягы аксакал адам мындай дейт:

– Силер он эки канат ак өргөөдөн чыгып, бир күн жөө жүргүлө, ошол жерде алтын булак кезигет. Суудан ичип, бетиңер менен колуңарды жууп, суусу кургаган кезде экөөң тең бир деп кадам шилтесең бир жылдык, эки деп аттасаңар эки жылдык, үч деп бассаңар үч жылдык, төрт деп бассаңар, төрт жылдык, беш деп аттасаңар беш жылдык, алты деп аттасаңар алты жылдык жол басасыңар. Ошентип, кызым келген алты жылдык жолду алты аттоо менен өткөрөсүңөр да, хан шаарына жетесиңер. Алты аттоо менен алты жылдык азап мээнетиңер сап болот. Бирок мээнетсиз жашоо ырахатсыз, алты сапар басуу менен алты жылдык жол сап болот... Мээнитсиз ырахат жок.

– Актилек сен адам пендеге кошулуп, сүйгөнүңө жеттиң. Бирок адамдык сапат бирөөнүн акысын жебөө, өз адамгерчилигин бирөөгө сатпоо, туура жолдо туура жүрүү, жаман-жакшыны таразалап билүү, бирөөгө чоңсунбоо, булар адамгерчиликтин чоң милдети, пери менен адам пендесинин ыйык милдетине доо кетирбей, түбөлүккө ынтымактуу жашап өткүлө, балдарым, оомийин! – деп, бата берип, көздөн кайым болот.

Чексиз сүйүшкөн эки жар бири – пери, бири – адам

пенделер кол кармашып, бир күн жол жүрүшөт. Баягы алтын булакка келип, түнөп калышат. Эртеси эрте туруп, бети-колду таза жууп, суудан ичип, бети-колунун суусу кургагандан кийин алты жолу атташат, ошондо чын эле алты жылдык жол сап болуп, кандын шаарына жетип калышат. Шаарга кирери менен, шаар эли хандын кызын таанышып, ханга сүйүнчү айтышат. Хан сүйүнүп, ак сарайынан чыга калса, баягы мунар терек, чынар терек май көл, сүт көл калыбына келип калат. Хан менен ханыша чексиз сүйүнүшүп, кыз күйөөсүн урмат-сый менен тосуп алышат. Ошентип, хан дүйүм элди чогултуп, кырк күн оюн, кырк күн тоюн берип, күйөө баласы перинин уулу Актилекке хандыгын берет. Актилек баягы карып болгон ата-энесин алып келип, алтындан ак сарай салдырып, жыргап-куунап жатып калышат. Кийин бала менен кыздын башынан өткөн тарыхын китеп кылып, казынага салдырган экен. Ошентип, чексиз сүйүшкөндөр пери менен адам баласы адилеттик менен эл башкарып, казынанын оозун ачып, кедей-кембагалдарга бөлдүрүп берип, байы жок, кедейи жок, теңдик заман куруп, ушул күнгө чейин жашап калышкан экен.

## КЕДЕЙ

Кедейдин аялы, эки эркек баласы, бир аты, бир кушу, алты эчкиси бар экен. Кушун салып коён, кекилик алдырып, ошону менен күн көрөт. Бир күнү аялы ооруп өлүп калат. Балдарына тамакты өзү бышырып берип, эптеп жан сактайт. Анан аты жаталак болуп өлөт. Кушун көтөрүп алып, жөө салып, балдарын багат. Бир күнү кушу өлөт. Кедей айласы кетип, отун алып, аны базарга сатып балдарын бага баштайт.

Бир күнү базарга барып, отун сатып жатса, бир киши колуна куш кондуруп жүрөт.

Кедей барып:

– Кушуңду сатасыңбы? – дейт. Куштун ээси:

– Сатамын – дейт.

Кушту сатып алып, сүйүнүп үйүнө барат.

– Эми айланайын, балдарым, эптеп коён, кекилик алдырып келермин, – дейт. Талаага чыгып, кушун салат. Куш коёнго барбай эле үйүн көздөй учуп кетет. Эртеси алып чыгып кекиликке салат. Кекиликке барбай эле, үйүнө учуп кетип калат. Эми муну дагы бак деген турбайбы, – деп, баягы отун, куурай көтөрүп келип базарга сатып, балдарына дан-дун, кушка эт алат. Ошентип, кедей балдарынын үстүнө кошуп кушту багат.

Бир күнү кыштын күнү бурганактап кар жаайт. Күүгүм кирип калган экен.

– Үйдө киши барбы? – деп бир үн чыгат. Тышка кедей чыкса, бир жигит:

– Кудайы конокмун – дейт.

– Түш! – деп, атын алып сарайга байлайт.

Жигит үйүнө кирет. Берейин десе, тамагы жок. Алты эчкисинин бирөөнү сүйрөп келет. Жигит:

– Муну эмне кыласың? – дейт. Кедей:

– Тамак жок, айланайын, союп берем, – дейт.

Жигит кой десе болбой, эчкисин союп коноктойт. Эртеси жигит кетээринде:

– Кедейим, сен бир күнү меникине бар, балдарыңа, кушуңа, бир төрт-беш күндүк азык камдап берейин, бир күндө эле жетесиң, мына мындан ары бир айыл бар – деп, жигит аттанып кетет.

Балдарына ун, эт камдап:

– Кушка дан берип тургула. Төрт-беш күндө келемин, – деп кедей жүрүп олтуруп баягы жигиттин айлына барып, үйүн сурайт. Үйүнө барса, жигит жок, аялы бар экен.

– Бир кедей келет деди эле, ошо сизби? – дейт.

– Ошо менмин, – деп кедей айтат.

Жакшылап тамагын берип, сыйлап турат. Жигит келип калат.

– Атсалому алейкум, кедейим, келдиңби? – дейт.

– Келдим, айланайын.

Бир тай соёт өзүнө теңтуш отуздай жигит чакырып:

– Ушу бечара кедей экен, көп түкүрсө көл деген. Ушуну баамдап мал берип, кедейликтен куткарып, бай кылып коёлу?

– Кана, кедейди мурун өзүң көргөн экенсиң, өзүң эмне камдадың эле? – дейт.

– Өзүм жүз кой, бир жараган ат, да бир беш жылкы, да бир беш уй, ун-талканын камдадым эле, – дейт.

– Эми, койду үч жүзгө жеткирели. Дагы бир жыйырма жылкы, он уй, жүк көтөргүдөй үч-төрт төө болсун. Ушинтсек, кедей бай болуп калбайбы.

Баягы теңтуштары:

– Макул, жакшы болот, сенин айтканыңарга жеткирели, – дейт.

Баягы жигит:

– Мында бир жесир аял бар эмеспи, ошол эрге тие элек бекен, барып билип келчи? – деп жигитти жиберишет.

Жигит билип келет. Ал жигит:

– Эрге тие элек экен, – деп келет.

– Ой ошону үй-жайы менен алып берели, байкуш жигитти катындуу да кылалы, – деп баягы жигитке аялды да алып берип, үй-мүйү менен малын айдатып, үч-төрт жигит менен кедейди үйүнө жеткирет.

Кедей бай болуп эле жатып калат. Кедей отун-сотун сатып көнгөн неме, шаарга мал айдатып сатып, чоң соодагер болот. Баягыдан аябай байып бүтөт. Эки баласы окуп жүрөт. Кедей мал алып Мисирге соода кылганы кетет.

Хандын жигити ханга айтат:

– Баягы кедей укмуштай бай болуптур, мал деген эме жайнап жатат, бу кантип байыганын билбеймин, – дейт.

– Муну билиш керек, – дейт хан, – баягы сый-

кырчы кемпирди чакырып кел. Кантип байыганын ошо кемпир билет.

Кемпирди таап келишет. Хан кемпирге айтат:

– Момунда бир кедей бар эле, малы батпай эле жайнап, байып кетиптир, бул кантип байыды.

Анда кемпир китебин ачып:

– А кедейде бир куш бар экен, ошол куштун бактысы менен байып кетиптир. Эми ошол бак куштун дагы бир жакшы жери бар. Бак кушту союп башын жесе, падыша болот, жүрөгүн жесе баатыр болот, дагы дүнүйөдөгү жан-жаныбарлардын тилин билет. Бак куштун ошондой касиети бар. Ошол бак кушту эптеп сойдуруп жебейсиңби – деди ханга.

Хан бир күнү ошол жигитти ээрчитип, кедейдин үйүнүн жанына барып, жигитин жумшайт.

– Хан сейилчиликке келди эле ушул жакка, сиздикинен тамак ичсек болобу – деп, кедейдин аялына барат.

Аял:

– Келгиле, тамак даяр келгиле, – дейт.

Хан ошо жерде жигитин ээрчитип кедейдикине барат. Кедейдин аялы тамак-ашын даярдап, хандын атын жигит алып байлап, үйүнө киргизет. Тамак-ашын ичкенден кийин жигитин:

– Тышка бара турчу, – дейт хан.

Жигит тышка чыгып кетет. Хан кедейдин аялына айтат.

– Сизге көңүлүм түшүп турат, тамыр болбойлубу? – дейт.

– Ханым, жакшы болот – деп, кедейдин аялы туруп, жууркан-төшөктү салып, экөө кучакташып жатып калат.

– Эми үй жакка баралы – деп, хан жигитин чакырат.

– Атты алып кел.

Жигити атын алып келет. Аттанып кан жигити менен үйүнө барат. Эртеси дагы келет.

– Менин башым ооруп эле чыдатпай жатат, та-

бышка көрсөтсөм бир дары айтты эле, оозум батып айта албай турам, аяш.

– Айтыңыз, эмне дары экен.

– Куштун эти дары, – дейт.

– Өлүгүңдү көрөйүн, мына мунда куш турат, ошону сойдуруп берем, – дейт. Кушту сойдуруп, тамак-аш, суу алган күңү бар экен.

Эки күңгө:

– Жүнүн таза жулуп, жакшылап бышыргыла, – деп айтат. Эки күң айтканындай жүнүн тазалап, далисине казан асып, куштун этин салат. Күңдөр эшикке чыгып кетсе, эки бала мектептен келет. Казанда эт бышып жатат. Кыргоолдун эти экен деп, балдар сүйүнүп башын алып улуусу, жүрөгүн, өпкө–боорун кичүүсү жеп иет. Баягы хан менен катындын оюну канган кезде:

– Эт быштыбы? – деп күңдөрүн чакырат.

– Бышты, – деп, күңдөрү унчугат.

– Чыгарып алып келгиле.

Чыгарып алып келип, хандын астына коёт. Хан бүт бойдон куштун этин жейт.

– Ыракмат, аяш, башым кичине сергий түштү, – дейт.

– Ушу бойдон башыңыз жакшы болуп кетээр, ханым.

– Аяш, эми биз үй жакка баралы, жакшы туруңуз, дагы келип турам.

Хан үйүнө барып, эки-үч күн үйүндө болот. Баягы кемпир айткан белги жок. Жигитин жиберет кемпирге. Кемпир келет:

– Баягы айтканыңдай кушту жедим эле, белгим билинбей жатат, – дейт. Кемпир китебин ачып:

– Жебей кал сен, этин жеген турбайсыңбы, жүрөгү менен башын же дебедим беле, башын улуу баласы, жүрөгүн кичүү баласы жеп алыптыр. Эми аял сени кандай көрөт? – дейт кемпир.

– Аял мени жакшы көрөт, – дейт кан.

– Анда ошол балдардын жумурунда, эрий элек,

ошол балдарды союп туруп, куштун жүрөгү менен башын алып берсе болот, – дейт.

Кайра хан барып аялга:

– Мен жаңылыш айтыпмын, оозум батпай турат.

– Оозуң барып эле айта бер, – дейт.

– Ал табып, башы менен жүрөгүн же деген экен. Мен билбей эле этин жепмин. Ал эти дары болбойт экен. Башын улуу балаң, жүрөгүн кичүү балаң жеп алыптыр. Оозум барып айта албай жатам, – дейт.

– Айтыңыз, оозуң барып эле айт, – дейт.

– Эми ошол балдарыңдын жумурунда, – дейт. Ошол балдарды союп, жумурунан алып берсе деле болот, – дейт.

– Анда катын:

– Өзүм тууган балдар эмеспи, сойдуруп эле алдырып беремин, – дейт.

Аны эки күң угуп калат. Талкан, чайнек алып окуудан келе жаткан балдарды тосуп:

– Силерди энеңер соймок болду. Мынабу чайнекти, талканды, ширеңкени алып, атаңар Мисирге кеткен, Мисирден атаңарды издеп жөнөгүлө.

Чайнекти, талканды алып, балдар жөнөйт. Жүрүп олтуруп бир сазга барат экөө. Анда аркан менен түшүп ала турган бир кудук бар экен. Балдардын арканы жок. Саздын чөбүнөн жулуп, агасы аркан эшет. Инисинин белине байлап, кудукка түшүрөт. Инисин тартып алайын дегенде, чөптөн жасалган аркан үзүлүп кетет.

– Эми эмне кыламын, аркан үзүлүп калды. Сен сууда отурасыңбы – дейт.

– Жок таштын үстүндө отурам.

– Эми мен кетейин, сени дагы бир суу алганы келгендер чыгарып коёр. Кой, эми – деп агасы жүрүп кетет.

Жүрүп отуруп бир шаарга барат. Бир үйгө конуп, эртең менен турат. Шаардын эли бир жакка жабалактап эле чубап баратат.

– Бул эмне деген эл? – деп бала сурайт.

– Ушу шаардын ханы өлгөн. Бир жыл болду. Жалгыз кызы бар бойго жетти. Ошол менин өлгөнүмө бир жыл толгондо, элди чогултуп туруп кушумду учургула. Куш кимдин башына консо, ошону кан кылып алгыла деген, – дейт. Бала ошол жакка барат. Кушту учурат. Куш келип баланын башына конот.

– Куш жаңылды, кайдагы балага конот, – деп, кайра кушту учурушат. Кушту үч жолу учурушат, үчөөндө тең келип балага конот.

Баланы ээрчитип алып кандын аялына барышат.

– Кушту үч жолу учурсак, үчөөндө тең ушу баланын башына конду. Баланы сизге алып келдик.

– Ушу бала хан болот, – деп, хандын аялы кызын алып берип, хандын ордуна хан болуп, сурак кылып бала туруп калат.

Ошону менен баягы кудуктагы бала жатса, чака алып бир киши келатат.

– Бул жакта мен бармын, чаканы эле салгыла, – дейт. Сууну алгандан кийин, аркан салып баланы тартып чыгышат. Баланын кайдан келатканын сурайт. Бала келатып агасы менен чөп аркан үзүлүп калып, кудукта калганын айтат. Булар бир шаарга бараткан соодагерлер болот. Ал шаардын бери жагында бир чоң суу бар. Ары баратканда сууга бир кишини, кайра келатканда дагы бир кишини салып ийип, аман өтчү экен.

Соодагерлердин башчысы:

– Бир кишини сатып келаттык эле, ары баратканда бул баланы салып өтөлү, кайра келатканда жана сатып келаткан кишини салып өтөбүз, – дейт.

Аны бала угуп, соодагерлер уктагандан кийин, бала туруп токойду аралап качып кетет. Бир жерге барып уктап, эртеси белгисиз бир жакты көздөй жөнөйт.

Күн кеч кирип калган кезде, бир абышка бир топ эчки айдап баратат. Бала чуркап барып:

– Атсалоому алейкум, ата, – дейт.

– Алекима салам, кайдан келаткан баласың?

– Баласы жок кишиге бала болоюн деген баламын.

– Оо, айланайын, балам жок эле, мага бала бол. Бала абышка менен эчкини айдап баратат.

– Ой, балам, мобу кырдын ары жагына кекиликке желе тарттым эле, ошого кекилик түшсө, алып келе кал.

Бала барса, желеге үч-төрт кекилик түшүп калыптыр. Кекиликтин баарын коё берип, желени түрүп кайра келди. (Айбанаттардын тилин билет.)

– Баланы маа бергенден кийин кекиликтин кереги жок, – деп, эчкини айдап үйүн көздөй жөнөштү.

Үйүнө жакындаганда байбичесин чакырып кыйкырды.

– Байбиче, бат чык, балалуу болдук, кудай берди, суу ала чыгып баланын башынан тегеретип чач!

Байбичеси чыныга суу алып, баланын башынан суу тегеретип чынысын кошо ыргытып жиберди. Эки эчкиси бар экен, бир эчкисин кармап ак сарбашыл – баабедин деп союп, айылын чакырып, баласына бата алды.

Эртеси эле бала чуркап барып, тоодогу бадалдарды түп-түбү менен жулуп, үйдөй кылып көтөрүп, базарга алып барып сата берди.

Бир айга жетпей эле, абышканы байытып, жортуулга барып, малдын баарын алып келип, абышканы байытты.

Атасы менен бир күнү дөңгө чыгып, жаканы караса, арыда эки дөбө турат. Бири ак дөбө, бири жашыл дөбө.

– Ата, тетиги эмне дөбөлөр? – дейт.

– Аны сурап эмне кыласың, айланайын.

– Атакебай, айтсаң?

– Ушунда бир хандын бир шерменде кызы чыкты. Мен табышмак айтамын, ким табышмакты тапкан кишиге тиемин. Тетиги ак дөбө дегениң – табышмагын таппай өлгөндөрдүн башы. Тетиги жашыл дөбө

дегениң – жаңы өлгөн жигиттердин башы. Кимде ким тапса, ошого тиемин, таппаса башын аламын, – деп, канкор кыз жигиттин баарын кырып салды.

– Атакебай, мен барып табышмагын таап алып келемин, – деди.

– Кой, айланайын барба, атасынын көрү, канкор кызды эмне кыласың. Сага бир жакшы кыз табылаар.

Бир күнү атасы уктап жатканда, эртең менен тулпарын минбей эле жөө чуркап, хандын сарайына барды.

Кыздын коңгуроосун урду.

– Жаш бала экенсиң, табышмак табасыңбы? – деди. Бала:

– Табамын, – деди.

Кыз коңгуроо уруп, шаардагы элди чакырды. Шаардагы эл чубап келе берди:

– Баягы канкор кыз дагы бир жигиттин башын алмак болгон экен го, – деди. Эл чуркурап келишти.

– Эми, айланайын, жаш бала экенсиң, бул канкор кыздын табышмагын таба көр, – деп чуулдашты.

Кыз келип табышмагын айтты.

– Маашарып, мамашарып деген эмне? – деди. Бала таппай калды.

– Он күнү уруксат бер, тапсам-таппасам да, – деди. Элдин баары чуркурап калды.

– Ой, канкор кыз, он күн уруксат бер, жаш бала экен, – деди. Кыз:

– Макул, он күн уруксат, – деди.

Бала: «Айла болсо алпкаракуштан болот, алпкаракуштун терегине барайын, теректин башында алпкаракуштун эки балапаны чыйылдап жатат».

Бала барса, теректе оролуп бир ажыдаар чыгып бараткан. Алпкаракуштун балапанын жылда эле ажыдаар жеп кетчү экен. Бала барып кылыч менен ажыдаардын белин кыя чапты, балапандарга кескилеп салып, ажыдаардын этинен тойгузуп коёт.

Балдар тойгондон кийин:

– Энемде жумушуң бар беле? – дейт.

– Энеңде менин жумушум бар, энеңе учурашып, жумушумду айтайын деп келдим эле. Мен келгенде ажыдаар силерди жегени терекке оролуп баратыптыр. Ажыдаарды өлтүрүп, силерди аман алып калдым. Эми энеңер менин максатыма жеткирер бекен?

– Жеткирет, энеме биз да айтабыз. Аңгыча алпкаракуш келет. Келгенден кийин:

– Кайдан келген баласың? – деп баланы сурайт.

– Мен бир кандын кызынын табышмагын таппай калып, сени билер бекен деп келдим. Мен келсем, балдарыңды жегени ажыдаар терекке оролуп чыгып баратыптыр. Ажыдаарды өлтүрүп, балдарыңды тойгузуп койдум. Эми сен менин табышмагымды табууга жардам бер.

– Эмне деген табышмак экен.

– Маашарыпты, мамашарып деген эмне? Анда алпкаракуш:

– Маашарыпты билемин, Маашарып перинин падышасы.

– Эми мени ошого алып барыңыз. Мамашарыпты ошол жерден сураштырып көрөйүн. Балдарына алып келген тамактарын берип:

– Ыракмат, менин балдарымды ажыдаардан аман алып калгандыгың үчүн жан-дилим менен кызмат кыламын. Жонума келип отур, Маашарыптын шаарына алып барайын. Бала барып, алпкаракуштун жонуна олтурду. Алпкаракуш учуп жөнөдү. Бир кыйла учкандан кийин бир жонго барып конду.

– Түшкүн бала, Маашарыптын шаары, кандыкын сура, – деди. Эки сакчы турган Маашарыптын дарбазасына барат бала.

– Сен кайдан келген баласың? Эмнеге келдиң? – деди.

– Маашарыпта жумушум бар. Ошол падышага

кийирип койгула, – дейт.

– Биз падышадан сурайлы, киргиз десе киргизели, – деди. Бир жигит келип:

– Бир адамдын баласы келип, Маашарыпта жумушум бар, – дейт, кийирелиби? – деди.

– Өзү адам баласы болсо, өлгөнү келген эме го, киргизгиле!. .

– Киргин, падыша уруксат берди, – деди. Бала кирип, таасым кылды.

– Сен кайдан келген адамсың? – деди.

– Мен бир хандын кызы табышмак айтып, ошо табышмакты таппай сизди билээр бекен деп келдим, – деди.

– Эмне деген табышмак айтты?

– Маашарып, мамашарып деген эмне? Ар кимден сурасам, Маашарып деген перинин падышасы, мамашарып дегенди билбейбиз, – деди. Мамашарыпты сиз билесизби?

– Маашарып деген менмин. Мамашарып деген перинин манабынын кызы эле, мен ашык болуп ошо Мамашарыпты алдым. Мен сейилчиликке тайган салчу элем, бир күнү башым ооруганынан чыдай албай, үйгө келдим. Үйгө келсем, Мамашарып жок, үйдөгү тамак бышырган аялдан Мамашарып кайда деп сурадым:

– Сиз сейилге кеткенде эле арабасын курдуруп алып, тетиги кырдан ары кетчү, сиз келер убакта келип калчу. Бүгүн да ошентти, – деди.

Кырдын ары жагында катын албай жашаган кырк заңги бар эле.Барсам, ошо кырк заңги менен ойноп жатат. Ачуум менен барып, чык эле, чык, – деп кыйкырдым. Заңгилер чыгып келе берди. Келгенин кылыч менен башын ала бердим. Бирөөнүн бир колун сый чаптым. Ал ылдый карата качты.

Эң аягында кырктын чоңу кылычты чаптырбай кармап, күрөшө кетти. Мени жыгып алды. Камчымды алып, өзүмдү чабам дегенде кылычты бербей

тырмышып жатсам, тайганым жетип келди. Үстүмдө басып алган заңгинин атаманын чандырынан жара тартып тайган өлтүрдү. Тайганымды, Мамашарыпты ээрчитип, үйгө алып келдим:

– Бети жок, шерменде, сенин бетиң түгөнүп калсын, кырк бойдок мени өлтүрүп коё жаздады, жанымды мобу тайган алып калды.

Алтын керебетте мамык жаздыктарды коюп тайган жатат. Мамашарыпты чынжыр менен тайгандын ордуна байлап коюптур.

– Баланы өлтүргүлө! – деди.

Эки жигити алып чыгып даргага асабыз дегенде:

– Мен бир папирос тартып алайын, папирос тартчу элем, – деди.

Мындай барып, алпкаракуштун жүнүн орогон кагазга сала койду. Түтөгөндө алпкаракуш көрүндү. Эки сакчы аны байкап калды. Алпкаракуш келди да, баланы эңип алып кете берди. Баягы терегине барып конду. Бала менен коштошуп, акыреттик дос болуп, табышмагын айтып берип, кызды алгын, – деп узатып ийди.

Он күн эмес эки-үч күндө эле кыздын сарайына келди.

Коңгуроону урду, кыз чыгып келди.

– Таптыңбы? – деди.

– Таптым, элиңди чакыр, – деди.

Кыз коңгуроону уруп, элин чакырды. Эл чогулуп келип чуркурады:

– Ой, айланайын, таптыңбы? – деди. Кыз:

– Кана, эмне экен? – деди.

– Маашарып перинин падышасы экен, Мамашарып падышанын катыны экен. Ошону менен эл чурулдады:

– Ишиң оңолсун, айланайын, – деп, эл тарап кетти. Кыз барып, тийип алган заңгиге айтты.

– Табышмакты таап алды, эмне кыламын, – деди.

– Эми сага аял болдум, экөөбүз атамын эки тул-

парын алып, Кап тоосуна барып, ойноп келели де! Арак-шарап ал, менде бир самын бар, ошо самынды ала бар, Кап тоосуна баргандан кийин арakты берип мас кыл. Анан самынды баткак болуп кал деп, ыргытып жибер. Сен атыңды минип алып башка жагы менен келе бер. Масы тарагандан кийин атын минип сени издеп жөнөйт. Аты келип баткакка тыгылат. Аны баткак соруп кетет.

Ошентип өлөт, – деди. Айткандай мас кылып, самынды ыргытып ийип, кыз өзү келе берет.

Бир маалда бала ойгонуп, эки жагын караса, кыз жок. Атын минип келген жагы менен бастырайын десе, аты баткакка тыгылды. Бала секирип аттан түшө качты. Атты баткак соруп кетти. «Эми кантип кетемин» – деп, бала эки жагын каранып турду.

Үч көгүчкөн учуп келип, бир терекке конду. Силкинип койду эле, үчөө тең айнектей кыз болуп калды. Бирөө айтты:

– Ушул жерде бир үч бала бар, ошонун улуусуна тиемин, – деди. Анда бири:

– Опэ-эй, мен ортончусуна тиемин, – деди. Кичүүсүнө тиемин деген кыз:

– Мен күйөөгө тийгенде, мобу теректин түбүндөгү атамдын уч килем деген килеми бар, ошону менен ары-бери учабыз, – деди.

Үчөө кыткылыктап кайра көгүчкөн болуп учуп кетти. Бала сүйүнүп чуркап келип, теректин түбүн чукуп, уч килемди сууруп алды. Уч килемге отуруп учуп, бала кайра барды.

– Мен сени издеп таппай калбадымбы? Кантип келдиң, – деди.

– Ой, бир уч килем таап алып, ошо уч килем менен учуп келдим. Кыз баягы заңгиге барды.

– Баткакка тыгылбай эле, бир уч килем таап учуп келиптир, эми эмне кылабыз? – деди.

Ал түндө арак берип мас кыл, салкынга жаталы деп, сыртка жат. Астыңа уч килемди сал да уч ки-

лемге өзүң отуруп, уч килем менен учуп, баткактын ары жагына алып барып таштап, кайта өзүң учуп жүрө бербейсиңби, – деди.

Мас кылып, уч килемге жаткырып, кайра учуп барып, Кап тоосуна алпарып таштап, кайра учуп жүрө берди. Кыз заңгиге барды.

– Сен айткандай уч килем менен алпарып таштап келдим. Бала бир маалда көзүн ачса, бая Кап тоосунда зынданда жатат.

Ошондо баланын жини келди. «Мен акмак болуп Маашарыптын айтканын унутуптурмун. Кыз мени өлтүрө албай жаткан турбайбы. Өлгөн экемин. Эми кантип барамын» – деди.

Эки жакты караса, ылдый жакта бир үч бала мушташып жатат. Бая үч кыз, үч бала... Үчөөнө үчөөбүз тиебиз дегенин эстеп сурайт.

– Үчөөбүз бир тууган элек, атабыздан калган уч килем, бир кызыл гүл бар эле, теректин түбүндө болчу.

– Кана, алып чыккылачы, – деди бала.

Теректин түбүндөгү уч килем менен гүлдү алып чыгышты.

– Ушуну бөлүп алышка аябай мушташып жатабыз, – дешти.

– Муну мен бөлүштүрүп беремин. Үчөөңдү жарыштырамын.

Чыгып келгениңе уч килемди беремин. Экинчи келгениңе гүлдү берем, артта калганың куру каласың, – деди.

– Тээтиги жерден жарышып келгиле – деп, балдарды марага жиберди.

Гүлдү бала төш чөнтөгүнө катып, балдар келгиче уч килемге түшүп, учуп кетип калды. Ошону менен кайра барды. Маашарыптын айтканы эсине түшүп, сениби, – деп кекенди.

– Ой, сени мен издеп таппай жатса, кайда жүрүп келдиң, – деди кыз.

– Тияк-биякка эле жүрүп келдим, – деди бала.

Хандын кырк кызынын ичинде түрү суук чаар кыз бар экен. Кызыл гүлдү алып, чаар кызды бери чакырып:

– Күндөй эле жаркыраган сулуу кыз бол, – деп гүлдү кармата койду. Жаркыраган эле бир сулуу кыз болуп калды. «Мындай кыз жок эле» – деп, хандын кызы жакын барды. Кийими баягы чаар кыздын кийими:

– Ой, сен, кантип минтип калдың?

– Жездем эле бир нерсени жыттата койсо, ушинтип калдым, – деди.

– Ой, тетиги чаар кызды укмуштуу сулуу кыз кылып коюпсуң, – деди. Короого чыгып, гүлдү чөнтөгүнөн алып чыгып:

– Эшек болуп кал, – деп жыттатты хандын кызына. Эшек болуп калды. Талдан союл кыркып, өкүртүп сабап, минип баккан атасына барды. Атасы баягы кыздан өлгөн экен деп ыйлап-сыктап жүргөн. Эшекти эшикке атасынын мамысына байлап коюп:

– Салоомалейкум, ата, – деп кирип барды.

– Ой, алдыңа кетейин кайда жүрдүң, баягы канкор кыздан майып болгон экен, – деп жүрөгүбүз түшүп калбадыбы.

– Канкор кызыңды утуп алып келдим, келиниң эшикте турат, – деди. Абышка-кемпир чуркап эшикке чыкты.

– Кана? – дешти.

– Мына келиниңер! – деп союлду алып эшекти койгулады.

– Байкушту эмнеге сабадың, – деди энеси.

– Мунун ошончо кылмышы бар – деп, өкүртө сабады.

Баягы агасы бир жерге барып, куш башына конуп, хан болбоду беле.

– Мен хан болбой кара жерге кирейин, ошол инимди издеп көрөйүн, – деп туш-тушка жигит чаптырды.

Баягы абышкага келди.

– Ушундай бир бала жоголду, көргөн-билгениңер

барбы?– деди агасынын жиберген эки жигити.

Эшегин минип, кыйкыртып-өкүртүп баягы эки жигиттин арт жагынан чапты.

– Ошол хандын иниси – менмин, барып сүйүнчүңөрдү ала бергиле, мен да барамын, -деди.

– Эшекти минбеңиз, жорголордун бирин минип алыңыз, хан башыбызды алат, – деди.

– Башыңарды алдырбайм, жүргүлө, – деп эшеги менен жөнөдү.

Эшегин тышка мамыга байлап коюп, кирип агасы менен кучакташып көрүштү.

– Ой, айланайын кудай, көрсөттүңбү, – деп, жалынып-жалбарып, жигиттин бирөөн койдон аксарбашыл өткөргүлө – деп, жигитин жумшады.

Тышка бала чыгып кетип, эшегин каңкылдатып союл менен сабап жатты.

– Мамыга байлап эле бир эшекти сабап жатат иниң, бир балаа болгон эме го, – деди. Сабап, сабап үйгө кирип, коюн союп, түлөө кылып, түлөөнү жеп жаткан кезде бир-эки жигит келди.

Жанакы кыздын атасынын жигиттери экен.

– Күйөө-кызым жоголду, билгениңер болсо кабар жибергиле, – деп хандарга кабар жибериптир.

– Ошол хандын жоголгон кыз-күйөөсүн мен таап берем, сүйүнчүсүн ала бергин. Жигиттерине уят кылбайм, – деди иниси агасына.

Хандын жигиттерине инисинин тили менен:

– Таап берем, келе бергиле, – деди. Эки жигит чапкан бойдон:

– Сүйүнчүсүн алып келсин, таап берем деди, – деп канына барды. Хан үйүнө далай дүнүйө, мал алып жыйырма-отуз киши менен келди. Баланын агасы сүйүнчүсүн алып, келген конокторду коноктоп, түнөтүп:

– Кана, күйөө-кызды көрсөткүн, – деди, кыздын атасы хан.

– Ой, айланайын, мени шерменде кыласыңбы, кайда күйөө-кызы, – деди.

– Кана, таппайсыңбы? – деп омуроолоду.

– Мага уруксат бер, мынабу эшекти минип барып эле таап келемин, – деди, кыздын атасынын жигиттерине.

Эшекти минип:

– Жүрүңүз, мен таап беремин, – деп, агасын ээрчитип барды.

– Кана, менин кыз-күйөөм, кана, табам дебедиң беле? – деди. Эшектен түшүп:

– Күйөөң – мен, кызың – мына! – деди.

– Ой, бу кандай неме, кызың деп эшекти көрсөтөт, – деп, хандын ачуусу келди. Кызыл гүлдү колуна алып:

– Калыбыңа кел! – деп, эшекке жыттата койду.

Апарык, кийиминин баары самсаалап тытылган баягы эле кыз тура калды.

– Кызыңыз ушубу, ата? – деди.

– Кызым – ушу! – деди.

– Эмесе, күйөөңүз мен, – деп, кыздын кылган жоругунун баарын айтып берди. Үйүнө барса, заңги ачкадан өлүп калыптыр.

– Кыздын сазайын өзүм берейин – деп, хан күйөөсүн алып жөнөдү.

Багып алган увазирдин кызы бар экен, ошону балага алып берди. Өзүнүн ордуна хан кылды. Экөө атасын издеп барса, кедейдин аялы ханга тийип, кедейди ат баккан кул кылып коюптур. Ошол жерден элди чогултуп:

– Ханыңар жакшы ханбы? – дегенде.

– Ханыбыз жаман, эптеп байыган бир кедей Мисирге кетсе, аялын алып, эки баласын өлтүрөм дегенде, качып кетип, мал-мүлкүн ушул хан ээлеп, балдардын атасын кул кылган. Митаам хан, – деп эл чуулдады. Ханды даргага асып өлтүрдү.

Атасына баягы эки баланы качырган күңдү алып берип, атасын хандын ордуна хан кылып жашап калды.

## КЕДЕЙ КЕМПИР

Илгери-илгери шайтан жаралып жер жүзүнө келгенден кийин адамдардын кулк-мүнөзү өзгөрүп, жүрүш-турушу бузулуп, Алланын өзүнө акарат айта башташыптыр. Кудай таала тынчсызданып: «пенделерим кандай жашап жатышыптыр барып билчи» – деп Жебирейил периштени атайын жети кабат асмандан жерге түшүрүптүр. Ал каалаган учурда Алла менен акылдашып, сүйлөшүп турчу экен. Периште көп жерди кыдырып, көп эл менен таанышып, адамдар ар түрлүү динде жашап жатканына таң калып:

Оо, жараткан, пенделериң таза бузулуптур. Жамы ааламды жараткан сени унутуп бири отко, бири сууга, бири ташка, кала берсе малга сыйынышат экен. Сыйынган нерсесин кудай деп эсептешет экен. Мүмкүн болсо баардык адамдарды бир динге баш ийдирип, акыл-насаатыңызды айтып койсоңуз жакшы болор эле, – деп кудайга кайрылыптыр.

– Айтканың ырас дептир Алла таала периштеге, эл түшүнбөй адашып ар башка динди кармап жүрүшөт. Аларды чогултуп бир динге баш ийдирип, кудайдын бардыгын, бирдигин түшүндүрүш пайгамбардын милдети. Менин элге айтаар сөзүм Мухаммат пайгамбарга жиберген куран китепте толугу менен жазылган. Эл ошону окусун. Элге билим бериш үчүн, элге тамга таанытыш үчүн молдолорду жараттым. Курандагы сөздү элге жеткизиш ошол молдолордун милдети.

– Оо, жараткан, сиз адамды да, шайтанды да жараттыңыз. Экөөнө бирде ирээк бердиңиз. Бирок шайтан жөн жүрбөй пенделериңиздин көөдөнүнө толуп алып, башын айландырып түз бараткан багытынан ажыратып, ыйманын таман астына тебелетип жатат. Мүмкүн болсо шайтанды жер жүзүнөн алып кетсеңиз жакшы болгон турат. Шайтан жок болсо эл урушпай-

талашпай ынтымакта, биримдикте жашашарында шек жок. Сизге да акарат айткандар болбойт.

– Аның туура, – деди Алла таала жети кабат асмандын үстүндө туруп, мен адамды да, шайтанды да жараттым. Шайтанга алдатпасын, азгырыгына кирбесин, күнөө кылып тозокко түшпөсүн деп адамдын акылын шайтандан артык кылдым. Кимде ким кудайга ишенсе, куранда жазылган Алланын сөзүн аткарса ал пенде эч качан шайтандын жолуна түшпөйт. «Элдин баары бузулуп кетиптир» деп сен бекер айтасың. Эл деген эл, бири билип күнөө кылса, бири билбей күнөө кылат. Аны ажыратып билиш периштелердин милдети. Андыктан сен жерде жашаган адамдардын кейпин кийип алып элди арала. Адамдардын ар түрлүү экенин, ар башкача жашаганын өз көзүң менен көрөсүң. Жамандык кылса да, жакшылык кылса да ар бир адамдын өзүнөн экенине ишенесиң!

Эртеси Жебирейил периште Алланын айтканын аткарыш үчүн мойнуна баштык асынып, тамтыгы кеткен эски чепкенди сүйрөлтүп кийип, кудайчы болуп эл аралап чыкты. Көчөдөгү адамдардын көпчүлүгү кудайчыны тааныбаса да ал кишинин улуулугун сыйлап салам айтып учурашса, айрымдары салам бербей тескери карап өтүп атышты. Периште улам бир үйгө кирип, алакан жайып кудайы сурап, бергенин алып, бербесе да ыраазычылыгын билдирип кетип жатты. Сырдалбаган жаман дарбазаны какты эле бутун сүйрөп баскан картаң кемпир чыгып, кудайчыны көрүп:

– Олдо бечерамай, – деди кемпир кудайчыга боору ооруп, кудай сени да азапка салган экен го. Үстүбүздө үйүбүз болгон менен биздин да ичерге ашыбыз жок ачка отурабыз. Неберем ооруп, берерге эч нерсе таппай наабайчыга жоолугумду карматып жарты нан алдым эле ошондон берейин, деп үйгө кирип жарты нандын теңин сындырып алып чыгып берди. Периште нанды баштыгына салып, алакан жайып:

– Оо кудай ушуга окшогон ак көңүл, боорукер энеден жардамыңызды аябаңыз. Ылайым ушул байбиченин небереси оорусунан сакайып, өмүрү узак болсун. Үйүнө береке кирсин, оомийин, – деп бата берди.

Кайырчы кеткенден кийин бир чай кайнам убакыт өтпөй жүк жүктөгөн төөнү жетелеген бир жигит короого кирип:

– Байбиче, ушул төөнү жүгү менен сизге апкелдим. Айып көрбөсөңүз алып коюңуз. Үстүндөгү төрт кап ун, бир кап кургаткан жүзүм төөсү менен сиздики, – деди.

Кемпир таң калып:

– Балам, мынча мүлктү мага ким берди, билүүгө болобу? – деди.

– Болот, – деди төө жетелеген жигит, менин кожоюнум соода кылып көп пайда тапты. Ушул айылга келгенде бейбечарага жардам кылып берем деп ушуну даярдаган. Көчөнүн башына келгенде узун чапаны сүйрөлгөн кудайчы жолукту. Аны кожоюнубуз чакырып алып:

– Сиз жардылыктын азабын тартып кыйналып жүрүпсүз, ушул төөнү жүгү менен сиз алыңыз, үйүңүз болсо үйүңүзгө алпарыңыз, үйүңүз жок болсо сатып кийим алып кийиңиз, – деди.

Биз кудайчыны кубанат, чуркап келип төөнү жетелеп жөнөйт кудуңдап деп турсак ал:

– Сиздин адамкерчилигиңизге, марттыгыңызга чоң рахмат. Бактылуу болуңуз. Бирок мен сиздин бергениңизди албайм, анткени ушул көчөнүн аягында бир кемпир бар, ал менден да жарды. Небереси ооруп, тамагы жок кыйналып ачка отурат. Сиз айып көрбөсөңүз ушул дүнүйөнү ошол кемпирге алпарып бериңиз, – деди.

– Биз кожоюндун марттыгына бир ирет кубансак, кудайчынын адамкерчилигине, артыкча жоомарттыгына дагы бир ирет кубандык. Ошол кудайчынын

айтканы менен төөнү сиздикине жетелеп келатам, – деди жигит.

Жигит төөдөгү жүктү түшүрүп, үстүндөгү унду, мейизди үйгө киргизип коюп кетип калды. Ал кеткенден кийин кемпир үйгө кирсе небереси оорусунан айыгып ойноп отуруптур.

Кемпир кыйналса да, ачка болуп жоолугун жарты нанга алмашса да кудайчыга колдон келген жардамын көрсөткөндүгү үчүн Алла таала аны жалгап, небереси айыгып, өзү төөлү болуп, ундуу болуп, жыргап жатып калышты.

## КЕДЕЙДИН ҮЧ УУЛУ

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери өткөн заманда Сарымсак аттуу кедей болгон экен. Турмуштан кысталып, жалаң өзүнүн билек күчү менен иштеп, жан сактап, кандайдыр бир жылдары насиби буюруп, Бурул аттуу бир кедейдин кызына үйлөнүп, таң аткандан керели-кечке чейин иштеп, байлардын отунун алып, отун жагып, жайдыр-кыштыр эч тынбайт. Жылдар өтүп, Сарымсак кедей Токтоназар, Токтобай, Токтоалы аттуу үч уулдуу болот. Кичүүсү Токтоалы он экиге толгон кезде, Сарымсакка карылык жетип, баштагыдай байлардын катуу жумуштарына жарабай калат.

Күндөрдүн бир күнүндө балдарынын маңдайына олтуруп, балдарын кепке салат.

– Мен байдын ак көңүлүн таап, көп дүнүйө табамын. Ошонун жарымысын зарп кылып, сизди багамын – дейт, биринчи уулу Токтоназар.

– Дурус, балам, жакшы тилегиң бар экен, жарымысын зарп кылганың көптүк кылбас бекен, балам. Өзүңдүн да алган жарың болот, бала-чакаң кыйналып калбайбы, ондон бир үлүшүңдү таамай берип баксаң, кемпир-чал кор болбойбуз, – дейт Сарымсак.

Ата, айтканым айткан – деп, ага баласы болбойт.

– Болуптур, балам, тапкан учурунда көрөлү, – дейт. Экинчи уулу Токтобай агасын жекирип тилдеп:

– Менден улуу болуп туруп эсиң жок. Уялбай жарымын зарп кылам дейсиң. Мен да адамга кайрымдуу байларга малай жүрүп, толугу менен тапкан дүнүйөмдү жумшайм, аял албайм, дүнүйөдө энеатадан кымбат эмне бар, силерди бүт тапканымды зарптап багамын. Аял алсам, бөлүнүштүү болуп, силерге каралай албай калам. Эгерде өмүрдү берсе, силерди өлөр-өлгөнчө алаканыма салып багамын. Жаза тайып көзүңөр жумулуп кеткендей болсо, Сарымсак кедейдин күмбөзү деп кооз эстелик курдурамын. Эки жылы иштеп оокат таап, анан турмуш курууга коёмун, ага чейин сизди гана апам менен баксам деген тилегим бар, – деди.

Анда Сарымсак кедей уулу Токтобайдын айткан сөзүнө абдан ичи эзилип, «айтса-айтпаса төгүнбү, балдарым жетилип бараткан тура, үйлөнбөстөн энеатамды багамын дейт тура, акылыңдан айланайын» – деп, ошол убакта өзүн багууда тургандай сезип, бир жагынан кубана, экинчи жагынан тобо кылып, уулуна эч нерсе деп айта албастан кичүү уулуна кайрылды:

Кана, балам, сен бизди кандайча багасың, оюңду айтчы, угалы?

– Ээ, ата, сиз бекер эле бизден сурап убара болуп жатасыз, – деди үчүнчү уулу Токтаалы. Токтоназар байкем тапкан дүнүйөмдүн жарымын зарп кылып багам деди го. Байкемки деле туура, балалуу-чакалуу болуп калсам, жарымын өзүмө, бала-чакама жетсин деген ою туура. Токтобай байкемдин айтканында деле калети жок. Эми менин сизге бере турган жообум:

– Ата сиздин карыганыңызды, менин бакканым билет, – деди.

– Ээ балам, бул эмне дегениң? Менин карыганымды билсең, мен карыдым да, анда бакпайсыңбы?

– Мына ошону айтып жатпайынбы, сиз карыдыңыз, мен жашмын, сизди багууга убактым жетпей жатпайбы.

– Балдарым, бул жүрүшүңөр жарабайт. Үчөөңөр тең кетсеңер болбойт. Токтаалы жаш, биз менен болсун, экөөңөр бир жылча бир жакка барып, иштеп келгиле – деди.

– Макул болушуп, Токтоназар менен Токтобай азыраак жол азыгын камдана баштады.

– Мен эптеп өз оокатымды табууга кантип жарабайын – деп, Токтаалы да, ата-апасына ач кенедей асылып, уруксат сурайт.

– Мейлиң, байкелериң менен барсаң, барып келгин, – деп ак батасын берип, кемпир-чал узатышат.

Үч бир тууган жүрүп олтурушуп, бир топ күн өткөндөн кийин, түгөнгөн тоонун тумшукта, туюкталган кысыкта бара жаткан жолоочу үч тарапка кетет. Биринчи жолуна: «Барса келет» – деп жазуу жаздырып койгонун, Токтоназар эжелеп жатып окуйт. Экинчи жолуна: «Барса келер-келбеси күмөн» – деп, үчүнчү жолуна: «Барса келбейт» – деп жазган. Бардык жазуулардын этегинде жалгыздан жол жүрүш, экиден жүрүүгө уруксат эмес деген эскертүүлөрү бар экен. Эми эмне кылыш керек?

– Чогуу кетүүгө уруксат эмес. Мынабу барса-келбесине мен барайын. Мен силерге караганда мектеп көрүп калдым. Экинчиден, силерден улуумун, – деди улуу агасы Токтоназар.

Ага эң кичүү иниси Токтаалы болбоду.

– Байке, өзүңүз айткандай, улуулата жол бериш керек. Сиз биринчи окуганда: «Барса келет» – деп окугансыз, ал сизге тиешелүү. Себеби сиз бизден улуусуз. Экинчи окуганда «Барса келер-келбеси күмөн» – деп окугансыз. Ал Токтобай байкеме тиешелүү, менден улуу. Үчүнчүсүндө: «Барса келбейт» – деп окугансыз, ал мага, менин үлүшүмө туура келип жатат. Эмнеси болсо да, бир жыл маалы болгондо, ушул секиден табышабыз. Мурда келгенибиз жети күндөн күтүшөбүз. Жети күндө келбесе, анда кете бермей, – деп, үч бир тууган үч жолго түшөт. Эң эле

опурталдуу, барса-келбеске бара жаткан Токтаалы.

Бир азыраак жол жүргөндөн кийин, жайылып жүргөн койго кез келет. Жер жайнаган кой, карап турса бири да баспайт, бири да оттобойт. Койлор жайылып, чөп үскөнү чөп үзүп, кашынганы кашынган бойдон турган-турган жеринде катып калган. Койчусу жок. Токтаалы жолдон чыгып, койду аралап, койчусун издей баштады. Кырда таягына сүйөнгөн бойдон ал дагы катып калган. Жанына барып кыйкырып сураса, жооп жок. Акырында таягын кармалап карап турса, бир темир сороюп чыгып турат. Эмне темир болду экен деп, баягы темирди басып койсо, койлор маарап, койчу тилге кирип сүйлөй баштайт.

– Ажалың жок бала экенсиң, сен бул жакка кандайча келдиң, эч кимге билгизбей жасаган тээктер бар, аны бир бассаң болду, ал чоюн башка туташтырылган, басарың менен чоюн баш чокуга бир салып, бул дүйнө менен кош айттырып коёт. Эмнеси болсо да бактың бар экен, таяктын боорундагы темирди кайдан билдиң? – деп дагы толгон-токой суроолорду берди.

Жай олтуруп, Токтаалы түшүндүрдү, эмне көргөнүн кандайча келгенин, эч нерсесин койбой айтып берди.

– Биздин турганыбызга канча жыл болду, – деди койчу Тотаалыга карап.

– Белгисиз бир мастан кемпир башчыбыз, койчусу жалгыз менмин! Жүз миңдеген койлор бар. Жакшылап семирип келгенден кийин, беш жүзбү, миңби, ага болбосо ушунча жүз миңдеген койго бир адамдын көздөөсү жетишеби, чөп орбойбуз, жем жебейт, суу ичпейт. Керек деген койдон керегине айдатып кетет. Мындан ары эки белес ашкандан кийин, эчкилер жайылган жерге барасың, ичинде ак серкенин мойнунда коңгуроо бар. Коңгуроодогу тээкти бассаң, эчкилер маарап жайыла баштайт.

Аралап жүрүп отурсаң шагылдуу боркулдаган этегинде мага окшогон койчуманы бар, калган сөздү ошол эчки баккан койчудан уккун, – деп сөзүн кыскартты.

Айткандай эле агылгалап жүрүп олтуруп, калың эчкинин жайылган жерине жетти. Ичинен издеп жүрүп ак серкени тапты да, мойнундагы коңгуроо орноткон тээкти басты эле, бардык эчкилерге жан кирип, маараганы маарап, оттоп басканы басып, айланага текши кыймыл кирип калды. Шагылдуу боркулдаган этегине барса, койчуманы бар экен, баягы серкедеги тээкти басканда эле кошо жан кирди. Саламдашып учурашып, экөө көпкө сырдашты.

– Эми жаш бала экенсиң, тилегиң орундалсын, мындан ары саналуу беш белес ашсаң, көз кайкыган жайыкка учурайсың. Жүрө түшсөң, кадимкидей жайылып жаткан уйларга кез келесиң. Жакындап барсаң, алар да ушул көргөн кой-эчкилер сыяктуу оттогону оттогон, жатканы жаткан жерде кыймылсыз турганын көрөсүң, уйлардын ичинде көркөмү келишкен көк буканын мүйүзүнө орнотулган биздин серкенин мойнундагы коңгуроодогу тээктей тээги бар, ошону бассаң, бардык уйларга жан кирет. Ошонун жанында тура берсең, кызыл кашка ноопас минген уйчуман өзү жетип келип, сага ыракмат айтып кучактап, кубанып тосуп алат. Калган сөздү ошол уйчумандан уксаң болот, – деди.

Таң азандан чыккан Токтаалы жолсуз адыр менен саналуу беш белес ашканда, көз жоосун алган адам суктанарлыктай түз мейкинге кез келди.

Азыраак жүргөндөн кийин, жайытта катып калган уйларга кез болду. Аралап жүрүп, бир күн, бир түн дегенде баягы көк буканы таап, мүйүзүндөгү тээгин басып туруп келди эле, көз ачып жумганча, нечен уй бүткөндүн баары кыймылга кирди. Көп узубастан, кызыл кашка ноопас минген карыя ноопазынан секирип түшүп, бала менен кучакташып

көрүшүп, кандайча келгендигин, эмне иш менен жүргөндүгүн карыя сурап укту.

– Балам, өзүң жаш болгонуң менен идирегиң бар окшойт, асты-кийиниңди байкап жүргөнүңө ыракмат, уулум. Биздин болсо карылыгыбыз жетти. Эчкинин жашындай жашыбыз калды. Күндөп-түндөп иштегенибиз Абдижалил хандын малын багабыз. Үстүбүздөн эч ким билбеген аяр мастан кемпир башкарып турат. Абдан жакшы жайыттарга жиберип, семирген кезекте үю, кою, жылкысы болобу, жайылып келе жатканда, ушинтип орду-ордуна катырып таштайт экен. Чөп камдабайбыз, суу бербейбиз. Керек деген маалда падышага жеткирип берет. Ууру-бөрү дегенди билбейбиз. Бир жаман адаты, уйчусун да, койчусун да кошо катырып таштайт. Эми, балам, мындан ары барсаң, ушул мейкин талаа түгөнүп, кайрадан тоо башталат. Майда чыбырда жер жайнаган жылкы бар. Ошол жылкылардын ичинде, ээр токулгасы менен дал ушул биз сыяктуу катырып таштаган, жерде кашка айгыр бар. Ээрдин кашында тээкти бассаң, бардыгына жан кирет. Кашка айгырдан айрылба, минип бастырып жүрүп олтурсаң, мунарыктап алыстан шаардын карааны көрүнөт. Көрүнгөн шаар Абдижалил хандын шаары. Ошол шаарга баргын, четине бир үйгө кайрылып жатып алып, эртең менен эрте күндүн мурдун тийгизбестен бар, а киши күн чыкканча уктап жатканды жаман көрөт. Элди ушундай катуу кармайт. Күн чыкканча уктап жаткан адам көрсө, эрте туруп эмгектенгенден качкан адам – адамбы, өз ырыскысын өзү кырккан немени айбандан айырмасы жок, бул дүйнөгө уйку үчүн келген болсо, түбөлүккө уктай берсин, болбосо эртең менен салкында бүткөргөн жумуш бирөөлөр бүткөргөн сыяктуу болот деп, ар бир айылга, көчөгө тыңчы коюп, уктап күн тийгенге калса, хандын алдына алып келип, дарга асып коюшат. Эми сен таң аппак аткан мезгилде, түз эле үстүнө кирип барып,

салам айтып, жай жообуңду божурап, көпкө созбогун, бала болоюн деп келдим эле, жок дегенде бир жылча кой кайтарып, бала болуп берейин дей бергин. Сенин бир туугандарыңдын эмне болуп жатканын, кайсы күнү кетээриңерди, баарын өзү билет. Мейли, балам, десе болду, адал эмгектене бер, акыры өзү билип, жыл маалында жөнөтөт, болбосо өмүр бою кызматында кала бересиң, каяша кылсаң, башыңды алдыртып коёт. Жолуң ачылсын, менин айткандарымды эсиңден чыгарбагын, уулум, – деп батасын берип, узатып кала берди.

Карыя уйчумандан бошонуп чыгар менен жүрүп отуруп, үч күн, үч түн дегенде жылкыларга барды. Жээрде кашка айгырдын өзүн таап, ээр кашынын алдындагы тээкти басып койсо, жылкылардын бардыгына жан кирип, ой-тоонун баары кыймылга келе баштады. Колдон чыгарбай жээрде кашка айгырды минип, тоону түптөп жүрүп олтуруп, кечке жуук шаарга барып, бир айылга кайрылып, таң заардан туруп, түз эле Абдижалилдин ордосуна келип, аттан түшүп, кол куушуруп хан алдына барат:

– Сизге бала болоюн деп келдим эле, жок дегенде бир жылча таалимиңизди алып кетсем, бала болуп! – деп, зарлап туруп алгандан кийин:

– Болуптур, балам, ак ниет бол! – деп, тим болду. Башка сөзгө өткөн жок.

Кандай жумушу болсо да каралаша берди. Тез эле Токтаалы балам деп ишенип, көп жумуштарга жумшоочу болду. Өзүнүн илбериңкилиги менен Абдижалил ханга жакты. Бекер карап туруу болбойт, козу-кой кайтаруу, отун алуу, от жагууга үйүндө эле көнгөн.

Токтаалы кабагым-кашым дебестен, алы жеткен жумушунан эч баш тартпады. Бирок кандайдыр төмөндөгүдөй бир ой Токтаалынын тынчын кетире баштады. «Байкелерим менен барып, мен да ал жетишинче азыраак каражат таап келишим керек.

Байкелерим мал, кийим табышса, мен болсо, ханга бала болуп жүрдүм деп эч нерсе жок, эки колумду мурдума катып баруугa болбойт го» – деп, дүнүйө табуу жагын ойлоду. Эң биринчи кандын келинин, анан кызын алдасам деген ойдо болду.

Күндөрдүн бир күнүндө жайлоонун чөбүн жулуп тазалап, эки жагынан үч кестен аралык коюп, кырк түп дарбыз айдайт. Дарбыздар абдан жакшы чыгат. Жаңыдан чылбыр таштайын деп калганда, эриккен хандын кызы менен келини ышкын терип келе жатышып, коюн айылга каптатып коюп, эрбеңдеп ээн талаада бир нерсе кылган болуп жүргөн Токтаалынын жанына басып келишет.

– Аралыгын бир ат чабымдан тигип, мунун дыйкандыгын кара дешип, аябай күлүшөт.

– Сенин мээң барбы, Токтаалы жайлоонун башы, суу муздак, аралыгы алыс болсо, хандын малы батпай жүрсө, мал тебелеп таштабайбы дарбыздарыңды, карасаң этегине суу чыкпай калган сыяктанат. Ушул жерге кур мээнет кетирип, айдаганың кимдин чекесин ысытмак, – деген шылдыңына чыдабай Токтаалы:

– Кыйналмайын эмгектин үзүрү болбойт. Мен силерге түшүндүрүп берейин, анан күлгүлө – деп, келин менен кыздын сөзүнө териге сүйлөдү. – Биринчиден, бул дарбыз айдаган себебим, ушундай жайлоого эгин, мөмө өсүүсүн билмекчимин, бул жер күнгө бет, тырс эткен таш жок. Кыян келүүдөн, зоодон алыс. Айдоом зоого жакын болсо, түшкү ысыкта жылкы көлөкөлөп, күн жаанда корголоп тебелеп коёт болуучу. Эми бул жерге жылкычылар жаанда да, ысыкта да келбейт.

Ошентип, жылкы тебелөөдөн калган. Болбосо, ушунча өскөнчө тепселбес беле? Экинчиден, чөбүн койбой таза жулуп таштаган себебим, такыр жерге койлор келбейт, дарбыздын өзүн кой жебейт, качан гана түйүлгөндө, чылбыр таштап көгөрө баштаганда

мал аралайт, ага чейин бул конуштан көчүп кетебиз. Өйдө-ылдый өткөн мал издегендер суусунун кандырат, – деп жооп берет.

Айткан сөздөрү орундуу болуп калганга сына түшкөн хандын кызы менен келини эптеп шылтоо таап, баланы жеңмекчи болушат.

Мына көрдүңбү, акыркы түп дарбызыңа суу жетпей калган, бул эч качан дарбыз болбойт дешет.

– Силер билбейт турбайсыңарбы, мен эртең менен зоо түбүнө буруп, күндүзү сууну тартып таштаймын, эң акыркы түбүнө астынан таш чыгып, дем болуп чыкма болуп калган, баары бир андан эч нерсе болбойт, булар берген түшүмдү ал деле берет, – деди бала.

– Сенин бардык айдаганың кырк түп болсо, бир түбүнө суу жетпей калса, эч болбойт! – деп, келин менен кыз жоолап талашты баштышты.

Эмнеден мелдешели! – деп, абалы өз ара сөзгө келишти.

Эгер силердики туура болбой калса, эмне бересиңер?

– Биздин колубуздан эмне болсо келет. Менин күйөөмдүн күлүк кара тулпарын ээр токуму, жарак жабдыгы менен алып беремин, – деди келин.

– Мен атамдын даарат алып жүргөн алтын кумганы бар, ошону алып беремин, – деди хандын кызы.

– Эми сиздерде баары бар, кара тулпарды жоожарагы, ээр токулгасы менен сайсаң, сен алтын кумган сайсаң, мен болсо эч нерсем жок, бир кедейдин баласымын, малым да, пулум да жок, өз өмүрүмдү кулдукка сайдым. Эгер утулуп калсам, ушул экөөңүздөрдүн айтканыңар менен болуп, өмүр бою силерге кул болууга даярмын.

– Анда эмесе калыска түшөбүз, калыс адамды каяктан табабыз – дешти хандын кызы менен келини.

– Калысты таптым, хандын өзүнө калыска түшөбүз. Дүйнөдө андан ашкан калыс жок. Биз эмес, эр

өлтүрүп, эриш бузгандарды калыстыгы менен таң калтырган...

– Бирибиздин атабыз, бирибиздин кайнатабыз болсо, кантип ушул жетим менен мелдештик эле деп айтмак элек, башка калыс тапкын, – дешти.

Ага бала болгон жок.

– Падыша кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес, хан турганда башка кишилер калыстыкка жарабайт. Эгер силер уялсаңар, үйдүн сыртында менин айткан кебимди толук угуп тургула, кийин укканыбыз жок деп, чатак чыгарбагыдай болгула, – деди Токтаалы.

Баланын кебине келин менен кыз аргасыздан макул болушту. Кеч кирди, койду короону карата айдап, келин менен кызды хандын тушундагы капшытка коюп, өзү ак өргөөгө салам айтып кирип барып, сыңар тизелеп олтура калып:

– Хан ата, мен бүгүн бир чатак иш менен келдим, калыстык кылып бир ажатыбызды ачып койсоңуз экен, – деди.

– Айтчы, балам, ажатыңды ачып берейин, – деди.

– Анда эмесе, сизге бала болуп келгенден бери эл-журт дыйкан экен деп жүрсүн деп, кой жайчу жердин күңгөй багытына саналуу кырк түп дарбыз айдадым.Ушунча сан жетпес жылкылардын туягы тийбей, койлор, уйлар тебелебей турган бир жакшы жер таап айдадым эле, чылбыр таштап, күлдөө маалында сугарат эмеспи, ошол маал болуп сугарсам, сууну жөн эле жөөк менен албастан, суу муздак болуп чирип калбасын деп сууну талаага жайып, муздак илеби кайтып жылуураак болуп ичиле тургандай болсун деп суу калың чөптү аралап келип, жөөккө түшүп, этегине бир түбүнө жетээри менен эле сууну баш жагынан тартып койгомун. Себеби күндүн мурду чыгып кетсе, дарбызды чачып койбосун деп, ар бир дарбыздын аралыгын үч метрден алгамын, ошол акыркы түбүнүн астына бир таш пайда болуп, суу жеп аң болуп чыгып калган. Ошону көрүп алып,

бир эки адам: сенин мобул дарбызың болбойт дейт, мен болот деймин. Ошентип, талаш менен келдим. Хан ата, калыстык кылып, же болоорун, же болбосун айтып берип койсоң экен, – дейт.

– Балам, Токтаалы, бул айтканыңа караганда анык дыйкандын сөзүн айтып жатасың. Бийик тоолуу, абасы салкын, суусу муздак жерге күңгөй тарабына айдап, аны муздак суу менен сугарбай, кечке чейин жайылып олтуруп, зорго жөөккө жеткиресиң. Ал эчен жылдан берки кара чирик болуп калган бузулбаган дың жер менен, жердин ширесин боюна тарткан суу өзү өсүмдүктүн жаны болуп калат эмеспи. Айтууңа караганда отуз тогузунун түбүнө жетип, бир түбүнө чала чырпып жетип, суу жиберсем да тартылып туруп алды дедиң. Суу барган, бирок жер дем болуп калат, балам, мелдешсең мөрөй сеники, – дейт.

– Бул калыстыгыңызды айттыңыз, хан ата, ыраазымын! – деп таазим кылып, жүгүнүп чыгып кетет.

Сыртка чыгып:

– Мына, хандын калыстык сөзүн уктуңуздар; отуз тогуз түбүнө дем болуп, толук жетпей жатат десем, эч нерсе эмес, бир түбү заңдан эле болуп калат дебедиби. Эми силердин убадаңар боюнча мелдештерди берүү жагын күтүнө берсеңер болот. Болбосо, хан атама кайрадан калыска түшөбүз, – деп, келин менен кыздын жүрөгүн опкоолжутуп, чочутуп койду.

– Менин алып берүүм оңой эле. Эки-үч күн удаа эле оокат ичпестен таарынып жатып алсам эле, эмне сураганыңды беремин, айткын дейт. Мен алтын кумганды сурайм, сөзсүз берет, – деди хандын кызы.

– Мен да эмне кылаар айламды таппай турат элем, ырас эстебедимби, мен да сенин жолуңа түшөмүн. Кез-кезде буулугуп ыйлап да, бир топ күнчө убара боломун. Акыры кара тулпарды жарак-жабдыгы менен берет, аламын, себеби эркектер аялдардын көз жашынан коркот дешет го. Эгер ошол

чындык болсо, көз жашты көлдөтүп төгүп отуруп албай жаным жокпу, – деди келин.

Ошентип арадан бир топ күндөр өтө баштайт. Келин күйөөсү келээр тушта тетири карап жатып алып, үшкүрүп-бышкырып капалана берет.

– Мынча кимдерден капа болдуңуз? – деп, хандын баласы сурап, колуктусунун жанынан чыкпай айланчыктайт. Көздөн жашты кылгыртып үшкүрүнүп, эч жооп айтпайт.

Экинчи күнү да ошол жорукка түшөт.

– Бай болгур, болгон ичиңдеги сырыңды айтчы, мен угайын. Кулдардан, күңдөрдөн кагуу, же мен жөнүндө ушак уктуңбу? – деген суроосуна унчукпастан, оң каратып жаткырса болбостон тетири карап, бир жагынан ачка болгон келин көзүнүн жашын төгөт.

Хандын уулу өз ичинен эмне кылаар айласын билбей, жүрөгү күйүп, таң атканча колуктусу ачкадан уктабаса: «Эмне болду, же ооруп жатабы, табып издеп тапсамбы» – деп, нечен түркүн ойлор менен таң атырат.

Эртеси дагы эле үшкүрүп-бышкырып ыйлай бергенден улам, жанына келип олтуруп:

– Сенин эмне көздөгөнүң бар, же бир нерсе жетишпей турабы, сурагын, бардыгын орундатайын, – дегенде, аялы:

– Эгер орундатсаң айтам, болбосо убара болбой эле коёюн, – деди.

– Айт, айта бергин, эмне болсо да орундаймын, эгер колдон келе турган болсо, орундатпасам адам эмес дегин, – деди.

– Анда эмесе мен ушул козу-кой кайтарып жүргөн Токтаалы жетимге сенин кара тулпарыңды ээр токулгасы менен уткузуп жибердим, ошону кантип айтарымды билбей, же макул болбой коёбу? – деп, ар кайсы ойлорго түшүп ыйлап жатамын. Эгер тулпарды бере албаймын десең ушул жетимге өмүр бою кул боломун, – деп дагы ыйлады. Ары ойлоп, бери

ойлонуп беремин деген сөз оозунан чыгып кетти. Оң карап күлүп, сол карап жашып:

– Эми мейли, болуптур, эр жигиттин алдындагы атты бийлеп уткузуптур, эми мындан аркыларга сабак болсун. Эркектир-аялдыр өз-өз буюмун өздөрү билсин, аял эркектин, эркек аялдын буюмуна тийбесин, – деп, атты мингизет.

– Атты жетелеп келип Токтаалыга берет. Токтаалынын санаасы тынып, тулпарга минип, кой кайтара баштайт. Күндөрдүн бир күнүндө кызга келет.

– Кана эми, жеңең болсо кутулду, көрдүңбү. Кара тулпарды минип жүрөмүн. Сен дагы эртелегин, жыл маалы болоюн деп калды, хан атамдан үйгө кетүүгө жооп сурайын, – дейт.

– Ата, мени кызым дей турган болсоңуз даарат алган алтын кумганыңызды бериңиз. Мен болбогон бирөөлөр менен мелдешип уткузуп жибердим, – деп хандын эрке кызы түз эле атасынын үстүнө кирип барып ачык айтат.

Ошондо хан оюна кылт эле түшүп: «Түшүнүктүү, баягыда Токтаалы балам калыстыкка кырк түп дарбыздын болор-болбосун сурабады беле, болду-болбоду дал ошол» – деп, дароо түшүнөт кексе хан:

– Болуптур, балам, мелдешкен нерсени бербей коюш адамкерчиликке жатпайт, алгын! – деп, алтын кумганын берет. Секин алып чыгып кетип, Токтаалыга алып барып берет.

Токтаалы алтын кумганды алгандан кийин, терең ойго батып отуруп ойлонот. «Хандын баласынын тулпарын, кызынан алтын кумган утуп алдым деп, күнүгө тулпар минип кой кайтаруу мага ылайык эмес, мүмкүн болсо хан атамдан үйгө кайтууга уруксат сурайын» деген ойдо болуп, кара тулпарды минип келип, кериге байлап кирип барып:

– Хан ата, жыл маалы болоюн деп калды, уруксат берсеңиз элге кайтсам, – деп сурады. Балам, бир жыл болсо да бала болуп калдың эле, көздөгөн максатың эмне, айткын балам, – деди хан.

– Көздөгөн максатым эки агамдын аманчылыгы, ошолор аман-эсен болуп жолго чыгышса, анан өзүбүздүн болжошкон жерибиз бар эле, алар мурда барса, бир жумага чейин күтөм дешкен. А мен мурда барсам, бир жумага чейин күтөм, болбосо элге кете бермей. Эгер хан ата, мүмкүн болсо, менден мурда эки агамды бошотсоңуз экен.

– Болуптур, эки агаңды бошотоюн, кийим, акча, мал, жар керекпи, уялбастан сурагын, балам.

– Ырахмат, хан ата, бизге малдын да, кийимдин да, жардын да кереги жок. Өз учурунда бешенеге жазганды көрөбүз. Эки агамды ээрчитип, барса-келбес сапардан аман калсам, мындан артык олжо жок.

– Анда эмесе болуптур, балам, пейлиңден тап, – деп, бата берип, Токтаалыга кетүүгө уруксат берет да, – жолдон бирөөлөр кармаса, ушул темирди көргөзсөң, коё берет – деп, түшүндүрүп, колуна белги тагылган ак калай темир берет.

Кара тулпарды минип, алтын кумганды куюшканга бекем байлап, элин карай жол тартат. Үч күн, үч түн жол жүргөндөн кийин, баягы болжошкон жерге келсе, алар ошол жерде күтүп олтурушуптур. Агалары менен кучакташып көрүшүп, жай алып олтурары менен:

Сен каяктан келген адамсың? – деп, оозду тоскон жаш жигиттер сурай баштайт. Жооп берүүнүн ордуна баягы хан берген темирди көргөзөт.

– Бая эле ошондой дебейсиңби? – деп, көрөрү менен агаларына кошуп, сыртка чыгууга, кай жакка кетсе да өз эрки экендигин билгизишет.

Сыртка чыкканда тулпарды агаларына:

– Мингиле! – деп берсе, минбей коюшат. Себеби атасына ар кимиси өз тапкандарын алып барышмак. Эң кичүү иниси тапкан кара тулпарды алып баруудан агалары баш тартышты.

– Биз мына бул жаткан аздыр-көптүр табылгабызды өзүбүз айдап бара беребиз. Сенин атың бар, бизге

карабай алга бара бер, күткөн жерден күтөөрсүң, күтпөсөң түз эле үйгө бара берсең да болот, – дешти.

Токтаалы агаларынын сөзүн уккандан кийин, чоң жол менен секин жүрүп олтуруп, бир айылдан өтө бергенде, жоо-жарак кийими бар, желдей учкан ат минген жигит учурайт. Салам айтса, алик албай, аттын оозун коё берип, кете берет. Ичи күйгөн Токтаалы аттан түшүп, төш олонун бош тартып, чап олоңун, кош басмайылды бек тартып, оозун коё берди эле, көп узабай барып калың долонолуу булакка түшүп, тулпардын белин бошотуп, бир долоного аза байлап, өзү нары-бери басып турса, баягы жигит атын көл-шал кара терге түшүрүп, жетип барат.

Бала жолдон тосуп алып, дагы салам айтат. Саламга алик алуунун ордуна:

– Аттан түшүп, атты кармап тур! – деп, буйрук берет. Бала атты кармап турат.

– Сен каяктан жүргөн, кимдин баласысың? – деп сурайт.

Хандын баласы дейин десе, кийими начар, анда Токтаалы шашпастан:

Хандын баласы болом, – деди.

Бала жолдон тосуп алып, дагы салам айтат. Саламга алик алуунун ордуна:

– Аттан түшүп, атты кармап тур! – деп, буйрук берет. Бала атты кармап турат.

– Сага окшогон хандын баласы жок, жаныңды жеп калп айтып жатасың. Сен андан көрө тулпарды мага саткын, – деди баягы жигит кадимкидей чыйралып.

– Эч кандай сата албаймын. Мен хандын баласы болгондон кийин өзүм минип жүрүшүм керек.

– Деги сен бул тулпарыңды эмнеге сатасың, малгабы, пулгабы, жаргабы? Акыры сатышың керекпи? Эгер сатпасаң зордуктап болсо да алып кетемин.

– Зордукчуга, ууруга мал жокпу? Зардукчу зордуктаса, ууру уурдап алат. Сиз зордуктап ал-

ганыңызга жол болсун? Агамдын досу болсоңуз, менден зордуктап тулпар алсаңыз, досуңуз укса эмне болот? Мени жаш, коркот экен деп ойлобоңуз. Өз оюма койсоңуз, эч кандай тулпарды бере албаймын. Анан зордоп аламын дечү болсоңуз, баары бир мени өлтүрүп коё албайсыз. Эгер өлтүргөн күндө да, эл оозу элек дейт, угулбай калбайт. Ошондо эл карысынан жашына чейин, баласынан-чакасына чейин күлбөгөн эл күлбөйбү, айтпаган эл аңыз кылып айтпайбы. Бир тулпар үчүн досунун инисин өлтүрдү дебейби!

– Мен эчен жолу барып жүргөмүн. Сага окшогонду ким көргөн? Кара тулпарды уурдап, өзүнөн башка киши даарат албаган аяш атамдын касиеттүү кумганын алып жүргөнүңдү карагын. Сен жаныңды жеп калптарды айтып, менден кутулуп кеткиң бар. Эч убакта барбайсың. Жок десең, тулпарыңды бир кара буурага жүктөгөн алтын бар, ошону алгын да, жолго түш, кара тулпарды мага калтыргын. Ага Токтаалы болбоду.

– Мен дагы айтамын, падышанын баласымын, өз дүнүйөмдү өзүм уурдамак белем. Бул өзүмдүн тулпарым, агамдыкы болгондон кийин өзүмдүкү болот. Алтын кумган атамдыкы болсо, баласы болсом, меники эмей кимдики, ойлонуп көрүңүзчү!

– Макул, сен падышанын баласы болсоң, анда мен эмнеси болом, падышанын уулу болгондон кийин билишиң керек! – дегенде, бала токтолбостон кара буурадагы алтынды айтканда эле кербен башчысы Жоробек деген жигит экендигин дароо эске түшүрүп:

– Сиз атамдын кербен башчысы болуп кызмат кылат эмессизби, жаңылбасам сиздин атыңыз Жоробек болууга тийиш, – деди.

Жоробек шылкыя жер тиктеп: «Бул шумпай падышанын баласымын деп мени алдап жатат, мунун калпын чыгарыш үчүн хан алдына айдап барсамбы?- Кокус баласы болуп калса, өзүмдүн баламды өзүмө

айдап келипсиң, абдан кыраакы жакшы жигит болгон турбайсыңбы десе, эмне дейм? Андан көрө бул баланы алдап, колго түшүрүү керек» – деп көпкө ойлонот.

Хан астына барасыз!

– Эмнеге барамын, мен үйдөн минип чыккан атым үчүн бармак белем. Кандай түшүнбөгөн адамсыз, ушул сизди да атам ишенип соода-сатыкка коюп, минтип кербен башчы кылып иштетип жүрөт.

– Эч кайда барбайсың. Кыскасы, сендей хандын баласы жок. Сен кимди окуткуң келди? – деди намыстанган Жоробек. Токтаалы айтты:

– Сиз менин айтканыма болбой, ишенбей жатасыз! Кайра жолдон калып жөн эле бараберелиби, баалуу нерседен мелдешип, анан баралы.

– Эгер кан сени балам десе, сен эмне саясың?

– Ушул минип турган кара тулпарымды, алтын кумганы менен кошуп саямын. Өзүң эмне саясың?

– Мен ушул миң төөнүн ичинде өз салмагына жакын алтын жүктөлгөн кара бууранын алтыны менен сайдым, – деди.

Экөө кол алышып убадалашты.

– Эгер атам мени балам деп бир ооз эле айтса болду. Кайрадан тантып сурашып отурбайбыз. Ооздон эмне чыкса, ошону орундатабыз – деп убадаларын бекемдеп, ханды карай жол жүрүштү.

Аттардын оозун коё берип отуруп, тез эле хандын ордосуна кирип келишти. Токтаалы баягы өзү бала болуп жүргөндө кирген жагы менен Жоробекти ээрчитип, хандын астына барып, чөгөлөп олтура калат да:

Хан ата, арызым бар! – дейт.

Айт, балам, айта бергин! – дейт.

– Айтсам ата, сиздин кербен башчыңыз, мына бул Жоробек деген жигитиңиз сен хандын баласы эмессиң, бир дагы балалык белгиң жок, сен башкалардын баласысың, кыскасы, мени башка адамдан

бүткөнсүң дегендей ой менен экөөбүз сиздин алдыңызга келдик. Мен сизге адал ниетим менен эле бала болом деп келбедим беле, анан буга окшогон жигиттериңиз мени шылдыңдап, сен уурусуң, – деп зээнимди кейитти. Мен балаңыз болгондугум чын болсо, айтып түшүндүрүп берсеңиз.

– Жоробек балам, сен менин баламды сен хандын баласы эмессиң деп айтууга кандай акың бар? – деп, катчысын чакырып, хандын уулу Токтаалы деген күбөлүк жаздырып берип туруп:

– Мына бул Токтаалы менин уулум, ушул үйдө жүргөнүн көрүп билбеген кыраакы эместигиң үчүн каяктан болсо да мелдешиңди берип кутул, бүтөөрүң менен ушул жерде болгун, – деди.

Жоробек басып чыгып, өзүнүн кербенчилерине келип, баягы айтылган кара бурараны алтыны менен жетелеп Токтаалы үйүн көздөй жөнөп, жол жүрүп, эки күн өткөндөн кийинүйүнө келсе, кечинде баягы жаман үйдүн ичинде дуулдап көңүлдүү үндөр чыгып жатат. Алысыраак жерге бурараны чөгөрүп, кара тулпарды бир даракка аса байлап, өзү агаларынын кызыгын угууга үйдүн эшигине келип тыңшайт. Улуу агасы Токтоназар башынан өткөндөрүн айта баштайт:

– Үчөөбүз үч башка жолго түшүп, жолубузду уланттык. Мен биринчи күнү эл жок ээн сай менен жүрүп, эртеси түз жер менен жүрүп, азыгым түгөнүп, курсактар ача баштаганда эл четине жеттим Же элинин бай экенин, же элинин жарды экенин бир жыл маалы жүрүп эч түшүнө албадым. Малы кайда жайлайт, даны кайсыл тарапка бышат белгисиз, бирок кабынан ун, казанынан эт өксү болбойт. Биздикиндей шарылдап аккан суусун көрбөдүм, сууну кайдан алат деп ойлонуп жүрсөм, эртең менен күн чыга электе, кечинде кеч караңгы киргенде, ар кайсы үйдүн короосунда жыгачтан коздоп жабылган жерлер болуучу эле. Көрсө, ошол төрт чарчы кооз-

долгон жыгач кудуктан суу алышат экен. Мен көп узабай эле бир адамга учурап, ушундай кедей-кембагал адам элек, мал күтсөк, эл катары болсок деген ойдо өзүмдүн адал таман акы, маңдай тер менен жан сактайын деп ушул элге келдим эле десем, тилегиң жакшы экен, мына бул үйгө жатасың, мына бул үйгө күнүгө койлор камалып калат, ошол камалган койлорду союп, этин мобул үйгө жеткизесиңер, – деп жыйырма-отуздай адамга кошуп койду.

– Бир жыл маалы эле иштейм, эмдиги жылы ушул бүгүнкү күнү бошотсоңуздар экен деп сурандым. Баягы киши айтканың кабыл болот деген.

– Ошол кишинин айтуусу боюнча күнүгө келген койду союп, бир тамга киргизип, аягынан илип чыгабыз, эртеси баягы союлган койлор жок. Кыскасы, күнүгө ушул иштерди кайталай бердим. Акыры жыл маалы бүткөндө баягы киши келип:

– Ырахмат, уулум, аз жүрдүңбү, көп жүрдүңбү, биз сага ыраазыбыз, эми сиз бизге ыраазы болуңуз, – деди да, эки торпок жетелеп келип, бир сыйра кийимди, жолдо жей турган оокат, азыраак күмүш тыйындарды берди.

Ошолорду алып, алардын көргөзгөн жолу менен келсем, баягы ушул жерден күтөбүз деген жерге келип, эс алайын десем, Токтобай иним келип калды. Анын эмне болуп жүргөнүн, кандай абалда болгонун өз оозунан уккула – деди.

Экинчи уулу Токтобай сөзгө кирди.

– Байкем айткандай «барса келер-келбеси күмөн» деген жолго кирдим, булардан бөлүнгөндөн кийин же жолум арбыбайт. Оң кол тарабымда тоонун башынан уйлардын жайылып жүргөнүн көрүп, айыл бар окшойт деп үмүткөр болуп жүрүп олтуруп, бир жума, жети күн болду дегенде, зорго элге аралаштым. Байкем мага көп азык берген эле, ошол жетинчи күнү түгөндү. Байкем айткандай алардын салт-санаасын ким билсин. Өзүмдүн кем-

багал экенимди, анан азыраак мал таап, ата-энемди кор кылбай багуу жагын сураган бир адамга айтып берсем, абдан жакшы болот деп, бир үйдү көргөзүп, үч күнгө чейин ушул жерге жатасың деп, ошол үйдө керебеттин түбүнө жатып жүрдүм. Бул жакшы жайга үч күндөн кийин дагы бирөө келет го деп ойлогом. Баягы мени башкарган киши келип, мени керебетке жатууга буюрганда, ошондо мен үчүн экенин билдим. Эзели керебет көрбөгөн жаным, жаткандан кийин көнө баштадым. Өзүмдү болсо, бир ак сарайдын ичинде уй союуга буюрду. Кечке уй соёбуз, кечинде үйгө келип жатмай. Ошентип эл менен бир тууган-дай болуп кеттим. Элге боор батырыштык кылып алаксып жүрүп, убакыттын өткөнүн билбей калып-тырмын. Он кой айдап келип, бир сыйра кийим кийгизип, бир калта күмүш акча берип жөнөтүштү. Болжошкон жерге келсем, байкем бар экен. Үчүнчү уулуңуз Токтаалы өз көргөнүн өзү айтып берет, – деп айтар менен андып турган Токтаалы:

– Ассалоом алейкум, мага кезек келдиби? – деп, салам айтып кирип келери менен, атасы-апасын кучактап бетинен өпкүлөп:

– Ээ айланайын, уулум, барса-келбес сапарга кеткен экенсиң, агаларыңды сыйлап, кичүү мен барамын деп, эми көргөн-билгениңди айта отургун, – дешти эне-атасы.

– Болуптур, бир жыл ичинде баштан өткөзгө-нүмдү айтып берейин. Эки байкемден бөлүнгөндөн кийин жолго кирбей, жолсуз жер менен бир топ убактылар жүргөндөн кийин, жайылып жүргөн койго жеттим. Бирок бири да баспайт, кашынга-ны кашынган жерде, басып баратканы дал ошол баскан түрдө, чөп үзүп жатканы ошол бойдон бардыгы катып калган. Себеби Абдижалил хан-дын мастан кемпири койлорду семиртип туруп, койчусу менен кошуп катырып таштайт экен. Кой-чусуна жетип барып суурасам үңдөбөйт. Салам айт-

сам, алик жок. Кадимкидей турат, кыймыл жок. Жанына барып таягын сыйпалап турсам, бир тээк учурады, басып койсом койлорго, койчуга тил бүттү. Андан эчки жайылып жүргөн жерге бардым, анын тээги серкенин мүйүзүндө экен, аларды да жанга киргиздим. Аларды койчу айтып берген эле. Эмне кылышты эчки баккан уйчуларга бар, ичинде көк бука бар, ошонун мүйүзүндөгү тээкти бассаң, баары тилге кирет, калганын ошондон угасың деген. Айтканындай эле ал карыя адам экен, бардыгын айтып берди. Мындан ары жылкы ичинде ээр токулгасы менен жээрде кашка айгыр бар, ошол жээрде кашка айгырды минип, ошол уйчу карыянын үйрөткөндөрүн айтып, бир жыл бала болуп коюн, козусун багышып каралашып жүрдүм. Менин эки байкем дагы ушул эле хандын кол алдындагы элге барышты. Мен өзүмдүн айтуум боюнча бала боломун, дүнүйө деген эмесмин. Кара тулпар таптым. Сизди даарат алып жүрсүн деп алтын кумган, аздыр-көптүр үй-там жасалгалап салдырып алсак деп, бир кара буурага жүктөп алтын алып келдим, – дегенде атасы Сарымсактын оозу ачылып:

– Бул каяктагы жокту айтып жатат, кара тулпар, алтын кумган, кара буурага жүктөлгөн алтын алып келдим дейт, ушул туурабы. Токтоназар эки ургаачы торпок алып келди, жыл айланса эки уй. Токтобайым он кой алып келди, жыл айланса кой-козусу менен көбөйүп калат. Бул жиндим алып келгени чынбы, же жокпу? Сыртка чыгып, алып келгениңди көрөлүкчү, – деп, сыртка чыкса, чын эле кара тулпар байлануу турат. Алтын кумганды канжыгадан чечип келип атасына берет. Кара буурадагы алтынды байкелери менен ташып, жаман үйдүн ичин толтурушат.

– Турмушумда көрбөгөн байлыкты көрдүм. Балдарым жетилип, менин канат-куйругум өскөн турбайбы! – деп, эртеси Токтобайдын алып келген койлоруна тийбей, алтынга кой сатып алып, заң-

гыраган жай сатып алып, «жардынын бир тойгону орто байыганы» деген ылакаптагыдай болуп, кыргыз элине атагы чыккан чоң той берип, үйлүү, жайлуу, малдуу болуп, уулдарын үйлөнтүп, атак-даңкы жер жарган Сарымсак кедей бала-чакасы менен жыргап жатып калган экен.

## КЕНЖЕ БАЛА

Илгери-илгери бир элдин ханы болгон экен. Ал бир түнү уктап жатып түш көрөт. Түшүндө бир куш көрүп, куштун көзүнөн жаш ордуна шуру агат экен. Хан мындай ажайыпты эч качан түшүндө да, өңүндө да көрбөптүр. Эртеси хан төшөгүнөн турбай, түш болгуча жата берет. Хандын үч уулу бар экен. Экөө бойго жеткен жигит, үчүнчүсү ойноо бала. Атасынын ооруп калганын сезишкен балдары келип сурашат. Хан айтпайт да, сүйлөбөйт. Эртеси да балдары келип, чөгөлөп турушуп атасынан сыр сурашат. Хан ошондо түш көргөнүн, түшүндөгү ажайыпты айтып берет да, ошол кушту эңсегенин айтат. Жигит болуп калган эки уулу кушту алып келебиз деп камынып калышат. Хан да макул болот.

– Эки уулу кеткенинен бери күндөр өтүп, айга алмашып, жылдар жылат. Хандын балдарынан эч дарек билинбейт. Алиги кичүү баласы бой тартып жигит куракка келет. Хан болсо эки баласынын кайгысынан эл башкаргандан калат, ооруга алдырат. Эл ичинде ар ким өз билгендерин жасап, чаң-тополоң башталат. Ошондо хандын кенже баласы эл ичиндеги билермандарды жыйнап алып, ары акылдуудан, ары амалдуудан, эл камын ойлогон эр жүрөк баатырдан он башчыдан тарта миң башчыга чейин шайлайт да, атасына келип, эки агасын таап келүүгө уруксат сурайт. Бирок хан кенже уулун жибергиси келбей:

– Балам, эки агаң кетип келбей калды. Мен көргөн нерсе болбогон бир кыял экен. Эми сен барбай

эле кой, мен өлсөм ким көмөт, элди ким башкарат? Менин көзүм өткөнчө жанымда бол! – деп макул болбойт.

– Жок ата, Шуру көз кушту таппасам да, агаларымдын дарегин билейин. Сиз эч нерседен муктаж эмессиз, ал эми агаларымды таап келбесем, армanda өтөөрсүз, уруксат бериңиз? Хандыгыңызга кам санабаңыз, акылдуу-амалдуудан, эр жүрөк баатыр адамдардан журт башына дайындадым. Мага уруксат бериңиз? – деп эки ирет таазим кылып сурайт.

– Болуптур балам, барсаң бар, – деп уруксат берип:

– Кыдыр даарысын, бак карасын, баатырдан жолдошуң болсун, ак пейил колдоочуң болсун, оомийин! – деп батасын берет да, жолго узатат.

Хандын кенже баласы кажыбасты минип, жыртылбасты кийип, кырк күндүк азык алып, кырк күндүк жолду бет алып жөнөйт. Күн кырк батып, таң кырк атып, бала да уйку даамын кырк татты. Кыйналды, аты ыргайдай, өзү куурайдай болду. Көзү соолуп бараткан булактай үңүрөйдү. Аты арык, өзү карып болду. Кырк биринчи күнү дегенде өзү өргүп, атын отко коюп, уктап калат. Бир убакта көзүн ачса түн кирген, аты оттоп жүрөт. Бала төшкө чыгып көз чаптырса, коргоолдой жерде кол башындай от жылтылдайт. Бала кайраттанып кол созуп атын токуп, бир заматта баягы отко жетип барды. Жакындап келип көз салса, аябай өңдөн азган, бети-башын жүн баскан, кийиминин чалдыбары чыккан эки киши арчадан отту жагып коюп уктап жатышат. Бала эки кишини ойготуп, алардын ал-жайын сураштырса, өзүнүн агалары болуп чыгат. Ошентип, үчөө бири бирин таанып, кучакташып көрүшөт. Эртеси таңдан туруп оокаттанышып, үчөө биригип баягы Шуру көз кушту издеп жөнөп калышат.

– Үчөө жүрүп отурушуп, «барса келбес», «барса келери арсар», «барса келер» деген үч айрылыш жол-

го келишет. Чоң агасы «барса келер» деген жолго, ортончусу «барса келери арсар» деген жолго, кичүүсү «барса келбес» деген жолго түшүшөт.

– Кенже бала дагы көп жол жүрүп, токой аралап, чөл кезип отуруп, аскалуу тоого кез келет. Бала сайды өрдөп, асканы аралап баратса, бет маңдайынан түрүлүп, сансыз кийик чыгып, бура бастырбай каптайт. Бала катуу ышкырып жибергенде бир аз токтоп калат да, кайра жапырып жолду тосот. Акыры бала жолборсчо качырып киргенде, кийиктер тең жарыла берет. Бала андан күн баткан жерге конуп, таң аткан жерде жолго чыгып жүрүп отуруп, как эткен карга, кук эткен кузгун жок бир жерге туш келет. Аңгыча көздөрү чакырайган, чачтары саксайган бир кемпир пайда болуп: «Как этип карга учпаган, кук этип кузгун учпаган, кишинин буту баспаган жерге келип, адамзат эмне кылып жүрөсүң? Сен эми кийик бол!» – деп баланы кийик кылып салат.

– Ошол замат бала так секирип кийиктерге аралашып кетет. Ал чуркап отуруп устундары жез, баштары күмүш, торсундары дилде, майда жыгачтары каухар бир ажайып заңгыраган үйгө кез келет. Үйдүн далиси толгон алтын-күмүш жаркылдайт. Бала айраң таң калып төркү үйгө кирсе ай десе ардак, күн десе кымбат перидей сулуу кыз отурат. Сүйлөйүн десе сөзү жок, баланын ичи күйүп чок, эки көзүнөн жаш буурчактай тоголонуп, санаасы сайдын ташындай, арманы аттын башындай арбып, перизатты буту менен чапчып, бышкырып жатып зорго ойготту.

– Какбаш апам ай, дагы бир маңкайган жигитти тикчийген кийикке айландырып койгон тура, таш боор, – деди да, ичинен күбүрөп челектеги суугa ак ташты салып, андан кара ташты алып, балага жети мертебе дем салып, мурунку калыбына келтирди да:

– Кандай жумуш менен жүргөн жансың? – деп сурады. Бала Шуру көздүү кушту издеп жүргөнүн айтты.

– Ошол атаң түшүндө көргөн куш меники эле, аны перилердин ханы зордук менен алып кеткен. Перилердин шаары өтө алыс. Барсаң өлөсүң, сен барбай эле кой, – деди кыз.

Өлсөм өлөрмүн, атам боорун көтөрбөй жатат, барам! – деди бала.

– Бер жагы кырк күнчүлүк жол, аягы чаң-тополоң шор, мындан өтө албайсың. Ар жагында кырк күнчүлүк кыя ашуу, андан аша албайсың, ашсаң түшө албайсың, ашуудан түшүү эле кырк күнчүлүк жол. Эгер алардан өтсөң, асман мелжиген чынар бар, анда алп кара куштун уясы бар. Ал жылына тууйт, жылыга балапандарын ажыдаар соруп коёт. Эгерде ажыдаарды өлтүрүп, алпкаракуштун балдарын аман алып калсаң гана тилегиң орундалат. Ошонун баарын аткарууга күч-кубатың жетпейт, бөөдөдөн бөөдө өлүм болуп жүрбө? – дейт кыз.

– Ал жагынан кам санаба, алышууга алым, күрөшүүгө күчүм жетет. Мен жолго чыгайын, – дейт бала.

– Ошондо баланын айтканынан кайра тартпасын билген кыз ага бир кутуча берип:

– Болуптур, ак жолуң ачылсын. Ушу кутучаны жоготпо, курсагың ачканда ичиндеги күл азыктан бир чымчым жесең, ошол замат калыбыңа келесиң, – деди. Бала кыз менен кыяматтык дос болду да, сапарын улап жөнөп кетти. Курсагы ачып, алдан тайып баратканда кутучадагы күл азыктан чымчым жеп, чарчаганын жазып, чырым этип уйку албай, эч жакка буйдалбай жол жүрдү. Кыз берген күл азык уйкусун кандырып уктатпай, чарчоосун жазып чарчатпай аттан тез, куштан ылдам учурат экен, кырк күнчүлүк жолду төрт күндө басып өттү, кырк күнчүлүкашууну төрткүндө ашты, ашуудан төрт күндө түштү. Ошондон кийин гана учун асман тиреген чынарга келди. Ага жетип барса жоондугу теректей ажыдаар чынарга оролуп чыгып бараткан экен, ал эми чынардын башындагы алпкаракуштун уясында-

гы канаты ката элек балапандары чыркырап турган экен. Бала күлазыктан чымчым жеп, кылычын кынынан сууруп, керилип туруп чапты эле, ажыдаар тең экиге бөлүнүп жатып калды. Бала ажыдаардын денесин барча-барча туурап, анан чынардын башына чыгып барса, алпкаракуштун үч балапаны сүйүнүп, ага канаттарын саябан кылып беришти да: «Сен эми жерге түшпөгүн, энемдин келе турган убагы болуп калды. Энем келерде катуу бороон болот да, анын эпкинине эч ким туруштук бере албай, койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үңүрөңдөп учат, андан коркпогун. Учуп келип конгондо чынардын учу үч мертебе жерге тийип, үч мертебе асманга чыгат. Мындан да коркпогун», – деп баланы канатынын алдына жашырып алды. Аңгыча болбой заматта алай-дүлөй болуп, жандуудан эч нерсе көрүнбөй калды. Чынында алпкаракуштун каары анын балапандары айткандай экен, койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үдүрөңдөп учту.

– Аңгыча алпкаракуш чынарга келип конду эле, анын учу жерге үч тийип, үч кайра чыкты. Балапандарынын аман экенин көрүп, алпкаракуштун көңүлү жайланды. Бир паста борошо басылып, жай күнү кайрадан жаркырап тийди. Алп кара куштун балапандары: «Жамандыкты көрсөтөлүбү, же жакшылыкты көрсөтөлүбү?» – деп сурашты. «Биринчи жамандыкты көрсөткүлө», – деди алпкаракуш. Балапандар барча-барча тилинген ажыдаардын денесин көрсөтүштү эле, алпкаракуш баарын бир сугунуп жиберип, бүркүп-бүркүп чачып жиберди. Анан балапандар баланы көрсөтүштү эле, алпкаракуш баланы белине чейин сугунуп калганда, балапандары чырылдап жиберишти. Алпкаракуш баланы кусуп жиберип: «Эй, шашма тентектерим десе, бир пас аяңдасаңар боло, баланы ок өтпөс, кылыч кеспес, отко күйбөс, сууга чөкпөс кылып коёт элем», – деп үшкүрүнүп жиберди. Андан кийин гана баланын

ал-жайын сурады. Бала Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту издеп чыккандыгын айтты. Алпкаракуш жакшылыкка жакшылык кылып, жардам берейин деди. Мен ой кийигин ойдон, тоо кийигин тоодон терем, алардын терисин чанач кылып, этин ага сала бер, анан учабыз деди алпкаракуш.

Алпкаракуш айтканындай кылды. Бала болсо чаначтарга эттерин салып миң чанач жасады, миң чаначка суу куюп, оозун бууп, алпкаракуштун үстүнө иреттеп тизип, өзү анын үстүнө отуруп, асманга чыгышты. Учуп бараткан алпкаракуш оң жагын караганда бир чанач эт, сол жагын Караганда бир чанач суу берип жүрүп отурушту. Бир убакта баягы азыктары түгөндү. Алпкаракуш эт сурап кайрылганда бала өзүнүн сан этин кесип бере салды. Бир кезде алпкаракуш: «Жер көрүнөбү?» – деп сурады. «Жок, көрүнбөйт», – деп жооп берди бала. «Эмесе, жеткен экенбиз», – деген алп аракуш учуп келип конуп калды.

– Эми мындан ары өзүң бар. Мынабу чокунун ары жагын дөөлөр мекен кылышат. Алар кырк күн уктап, кырк күн укташпайт. Чокуга чыгып кара, эгер дөөлөр ар кайсы жерде төөдөй таштай болуп томпоюп жатышса, уктап жатканы. Анда мени чакыр. Уктабаган болсо келе бер, – деди.

– Бала чокуга чыгып барса, тоодой болгон дөөлөр коңурукту кош тартып уктап жатышкан экен. Алпкаракушту чакырды эле, ал чокугачыгып келип, баланы ошол жерде күтүп жатып калды. Бала дөөлөрдү аралап өтүп, шаарга кирет. Андан Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту издеп үйдөн үйгө кыдырат. Акыры чарчап бир кооз үйгө кирсе, анда бир сулуу кыз уктап жатыптыр, кыздын артындагы капаста куш отурат. Бала бир азга ойлонуп туруп, анан кызды ойготту эле, кыз баланы көрүп: «Кайдан жүргөн жансың, адам баласынын буту жетпеген жерге кантип келдиң? – деп сурайт Бала кантип

келгенин айтып берет. Кыз бала менен кетүүгө макул болот. Бала кушту алып, кызды ээрчитип, алп кара кушка келет. Ал экөөнү канатынын үстүнө кондуруп алып, баягы агалары менен ажырашкан үч жолдун айрылышына жеткирип коюп, кош айтышып кайра тартты.

– Бала эки агасы менен коштошкон жерге келсе, агалары аны күтүп отурушуптур. Ортончусу кара сакал, улуусу көгала сакал болуп, карылыкка моюн сунуп калышыптыр. Эки агасы инисинин баягысынан да жаш, мурдагысынан да күчтүү болуп калганын көрүшүп, аябай таң калышат. Түнкүсүн экөө акылдашып: «Атам ансыз дамуну жакшы көрчү эле, эми энчиден чындап куру кала турган болдук. Муну өлтүрүп, «кушту биз алып келдик»деп атама баралы», – дешти да уктап жаткан баланы да, кызды да өлтүрүшүп, ошол жердеги кудукка таштап, кушту алып атасына келишти да: «Кушту биз таап келдик. Кичүү балаң кой дегенибизге болбой барса келбес жолго түшүп, ошол бойдон жоголду. Күтө-күтө жол арыттык. Акыры күдөр үзүп, Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту алып келдик», – дешти атасына.

– Атасы кичүү баласынын кайтпай калганына аябай капа болуп: «Мага кичүү баламсыз куштун кереги жок, кушту силер алгыла да, бала али тирүү болсо таап келгиле», – деп экөөнү кууп жиберет. Экөө кетип баратышып кушту талашып чырдаша кетип, улуусу ортончусун өлтүрүп коёт. Ал кушту алып дагы бир хандын шаарына барып туруп калат.

– Кенже бала менен кызды өлтүрүп кудукка салып жибергенин баягы кыямат дос болгон кыз түшүндө көрөт да, эртеси дос кызынын кырк дөөсүн ээрчитип келип, тогуз жолдун тоомундагы кудукта жаткан бала менен кыздын денесин алып чыгышып, аны сыйкыр менен тирилтип, өздөрү көздөн кайым болушат. Бала элине келип, атасы менен көрүшүп, анан эки агасы кеткен жагына издеп барып, ортон-

чу агасынын өлгөнүн билип, улуу агасынан Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту алып келип, ээрчитип келген кызга үйлөнүп, бакты-муратка жетишип, жыргап-куунап жашап калышыптыр дейт.

## КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ

Өткөн замандын биринде бечара кемпирдин жети баласы бар экен. Жети баласы жети түрдүү өнөр билиптир. Энеси эң мыкты жаа жасатып, аны кимисине берерин билбей: «Балдарым, баарың өнөрүңөрдү айткыла, кимиңдин өнөрүң артык болсо, ошонуңа берейин!» – дейт. Балдары өз билген өнөрлөрүн айта баштады.

– Энеке, – деди улуу баласы.

– Алпкаракуш асманда торгойдой болуп көрүнгөн кезде да ыргыта атамын! – деди.

– Энеке, мен жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билемин, – дейт экинчи баласы.

– Мен эки дүйнөнү алаканга салып койгондой көрүп турам, ар жерде эмне болуп жатканын жаңылбай айтам, – деди үчүнчү баласы.

– Мен ачка болгон жерде бардан жок кылып, жоктон бар кылып, канча адам болсо да тойгузууга жараймын, – деп калды төртүнчү уулу.

– Мен кандай чоң дарыя болобу, деңиз болобу, ташкын суубу, көз ачып-жумганча кеме жасап өтөмүн, – деди бешинчи баласы.

– Мен жеке эле кара жер менен эмес, дарыя-деңиздердин үстүнөн чуркасам да, таманымдан чаң чыгат, – дейт алтынчы уулу.

– Жоо жакындап кирип келгенде, кара жер жарыл десем жарылып, түбүнө түшүп, өзүм каалаган жерден кайра чыгып, душманымдан кутулуп кетемин, – деп айтты жетинчи кенже баласы.

– Энеси балдарынын өнөрлөрүн угуп, бирок кимисинин өнөрү артык экенин биле албады. Ошондо

өзү жасаткан жаасын берип: «Балдарым, мына бул жааны алып барып, Болбос ханга өзүңөрдүн өнөрүңөрдү айткыла, кимиңердин өнөрүңөр артык болсо, ошонуңа берсин!» – деп балдарын Болбос ханга жиберди.

– Кемпирдин жети баласы Болбос хандын шаарына келсе, шаардын ичи чаң-тополоң, кыйкырыкчуу болуп дүрбөп жатыптыр. Балдар таң калышып: «Эмне болду, шаарыңарга жоо тийдиби?» – деп бир абышкадан сурашты. Анда абышка: «Ботом, түндө эл жатаарда хандын жалгыз кызы жок, кайда кеткени белгисиз. Эми хан кызымды тапкыла, же болбосо баарыңдын башыңарды аламын деп, чаң салып жатат, балдарым», – дейт.

– Жети баатыр кеңешип туруп, кандын кызын таап бермек болушту. Алар хандын сарайына бара жатышып: «Ой, биз олуя болбосок, аны кайдан табабыз», – деп калды бири. «Жинди го, кечээ эле энем өнөр сураганда, жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин айтып берем дебедиң беле, кана изи кайда кетиптир?» – деп сурап калды экинчиси. Жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин тапчу баатыр ары-бери карап: «Бул жер менен эмес, асмандап учуптур», – деди. Анда эки дүйнөнү алаканымдай билемин деген жигит, алаканын ачып-жуумп туруп: «Тойбос хан деген хандын алпкаракушу алып учуп баратат», – деди. Алар кызды куткарып алыш үчүн артынан кууп жөнөштү. Бара жатып бир чоң дарыяга капталып калышты. Бир жагынан курсактары да ачып, балдар капа болуп турушту. «Эми дарыядан кантип өтөбүз, анын үстүнө курсак да ачты», – деп калды бирөө. «Ой, жиндилер, энем өнөр сураганда бардан жокту табам, канча адам болсо да тойгузам дебедиң беле?» – деп төртүнчү бир тууганына карады.

– Ошондо ал асманды карап, алаканын жайып койду эле, эки кой маарап түшүп келди. Анын артынан нан, жемиш, башка тамактар да түштү. Алар кубанып

тамак жеп, кой союп жатканда, дарыя, деңизден кеме жасап өтүп кетем деген баатыр, эт бышканча эле кеме даярдап коюптур. Балдар кубанып тамакка тоюп, кемеге отуруп, дарыядан сүзүп өтүштү.

– Алар күнү-түнү жол жүрүп Тойбос хандын шаарына келишти. Көрсө, Тойбос хан Болбос хандын кызын түшүндө көрүп, ага ашык болуп, алпкаракушка алдырган экен. Жети баатыр жеткен кезде Болбос хандын кызы кырк кыз менен сууга түшкөнү келе жаткан. Баягы балдардын дарыянын үстүнөн чуркасам, таманымдан чаң чыгат дегени көл үстү менен барып, Болбос хандын кызына кошуп Тойбос хандын кызын да көтөрүп келип, балдар кайра жол тартышат. Болбос хандын кызына кошуп өзүнүн кызын да алып кеткенин Тойбос хан угуп, алпкаракушун жиберет. Алпкаракуш асмандан торгойдой болуп көрүнгөндө, асмандан торгойдой болуп көрүнгөн алпкаракушту атып түшүрөм деген баатыр мээлеп туруп атып жибергенде, алпкаракуштун канаты сынып, Тойбос хандын эшигинин алдына барып түшөт.

– Тойбос хан муну көрөөр менен кемеге салып көп аскерин жиберет. Бул убакта, баягы кара жер жарыл десем, жарылып кетет деген бала, тебетейин жерге бируруп, «кара жер жарыл» дегенде жер жарылып кетет. Балдар жердин түбүнө түшүп кетишет. Арт жагынан кууп жетип калган боз атчан аскер башчысы балдар менен кошо түшөт. Аскерлер кайсалап барып, кайра тартып, Тойбос ханга көргөндөрүн айтат. Булар адам эмес, азрейил жин-шайтандар болсо керек деши. Алар менен кошо аскер башчысынын да жерге түшүп кеткенин айтышты.

– Тойбос хан кудайдын каарына калган экенмин деп ойлоп, экинчи бирөөнүн кызына ач көздүк кылбаска ант берип, өзүнүн кызынын үчүлүк, жетилик ашын берип, кудайга тобо кылып жатып калат.

– Жети баатыр Болбос хандын коломтосунан чыгып келе жатса, шаар эли коркуп: «Бая күнү Болбос

хандын кызын жутуп кеткен эле, эми хандын өзүн жутканы келе жаткан экен. Ушинтип баарыбыз жерге жутулат экенбиз», – дешип, бүт бойдон тоого качып чыгышат. Жети баатыр шаарга келсе адамдардын бири да жок. Артынан кууп кошо келген Тойбос хандын аскер башчысын хандын босогосуна байлап, эки кызды окшоштуруп төргө отургузуп, кой союп, анын этин казанга салып, от жагып жатканда, үйүнөн чыгып жаткан түтүндү көрүп: «Ким барып көрүп келет? – деп хан тоодогу качкан элине жар салат. Эч адам чыкпаган соң: «Өлсө кунсуз, сатса пулсуз» – деп ата-энеси жок жетим баланы барып көрүп келгин деп жиберет. Бала корконунан макул болуп, хандын үйүнө келип караса, баягы кемпирдин жети баласы казанды асып салып, жыргап отурушат. Төрдө эки кыз өздөрүнчө ойноп отурат, улагада бир жигит байланып турат. Буларды көрөөрү менен кубанып, Болбос ханга келип сүйүнчүлөйт. Болбос хан баланын кебине ишене бербей:

Дагы ким барып көрүп, билип келет? – деп элине кайрылат.

Мага уруксат бериңиз, барып көрүп келейин», – деп бирөө чыгат.

– Ал кандын үйүнө барып, жетим баланын көргөндөрүнүн баары чын экендигин ханына айтып, сүйүнчүлөп келет. Бир кызыңыз эки кыз болуп келиптир дейт. Хан эли менен тоодон түшүп келишет. Хандын кызы аны куткарып келген жети баатыр экендигин айтып берет.

Жети баатыр ханга кайрылып, энесинин айткандарын жана өзүлөрүнүн өнөрлөрүн толук айтып беришет. Болбос хан жети баатырдын өнөрү бирдей экендигин айтып, өзүнүн хандык тактысын балдарга берип, өзүнүн кызын улуусуна алып берет. Тойбос зандын кызын экинчи баатырга алып берет, ал эми калган инилерине шаарынан кыз тандатып алып берип, баарына бир чоң той берет. Балдар үйлүү-

жайлуу болуп, карыган энесин алдырып келип, очорбачар жыргалда жашап калышат. Бирок, «Бул бир туугандардын ичинен кимисинин өнөрү күчтүү?» – деп ошол убактан ушул убакка чейин Болбос хандын башы катып жүрөт дейт.

## КИМИБИЗ УЛУУБУЗ

Адеп жер каймактап калган кезде сөзгө чечен адам болгон экен. Ал сөздөн такыр жеңилбептир. Бир күнү шайтандын атасы Малкум менен айтышып, аны жеңип, мөрөй алып калат. Ал мындай болгон эле. Ким улуу экенин айтышалы. Ким улуу болсо, ошол жаңылыкты көп билет. Уламаны көп угат дешет. Мына ошентип мелдеш чарчы жыйын элдин көзүнчө башталат.

– Сөз кезегин сен алгын, чеченим, – дейт шайтандын атасы.

– Болуптур, – деп, чечен сөз тизгинин алып кеп баштайт.

– Башканын баарын айтып баш оорутуп не кылалы, жер каймактаган кезде жети жашар бала экемин, – деп, элди карады.

Анда эл:

– Оо, бу улуу турбайбы, мунун алдына киши чыкпайт! – деп сөзгө алып, дуулдашып калышат.

Эмики кезек Малкумдуку деп, эл чыдамсыздык менен күтүп турушат. Сөздү баштабастан чечендин оозунан сөз чыгаары менен эле Малкум ыйлап жиберди, өпкө-өпкөсүнө тийбеди, деле басылбай койду. Чеченди улам карап буркурап көз жашын көлдөттү. Отурган элдер дагы кошомат кылып жатышты. Себебин айтпай Малкум аябай көз жашын төктү. Отургандар:

– Ыйыңды токтот, ыйлап кутула албайсың. Мөрөйдөн айрылдың! – деп жаалап калышты.

Бир маалда Малкум чеченди кучактап:

– Жер каймактаган кезде менин жети жашар балам жоголуп кеткен. Кулунум ошол сен турбайсыңбы, жаш сурашканым дагы сонун болбодубу! – деп каткырды.

Чечен эмне деп айтарды билбей:

– Жеңилдим, өзүңө да, сөзүңө да баракелде, жараган адам экенсиң! – деди.

– Отургандар:

– Антпесе азезил болобу, муну улуу кылалы, бирок азгырганын токтотсун, – деп калышты, ошондон баштап азыткы болор-болбос акылга кирип, чебердеп калган экен.

## КУБУЛМА АЖЫДААР

Бир заманда талаага бир өгүз өлүп калат. Өгүздүн мурдунан, кулагынан курт кирип кетет.

Алиги курт өгүздүн этин жеп, сөөгү куруп, ичи көңдөй болуп калат. Өгүздүн ичиндеги курт жей турган эч нерсеси калбаганда бирин бири жеп олтуруп, акыры бир курт кубулма ажыдаар болот. Бир туруп кыз, бир туруп ажыдаарга айланат. Ошол убакта бир падыша миң адам менен ойноп келебиз деп, бир жакка саякатка чыгып кетип баратса, чоң шаар көрүнөт. Бир чекеден кай жерге кирсе, адамы жок, оту жагылган, ашы кайнап, оокаты бышууда.

Алиги кубулма ажыдаар шаардын баарысын жалмап бүткөн.

Миң адам жабыла чаап, шаарды караса, эч бир адамдын уругу жок. Шаардын чекесине чыгып караса, жалгыз кыз турат.

Жанагы кыз ханга оропара келет. Кыз тие турган, хан ала турган болот.

Хан алып, ар күнү увазирлери келип, кабар алат. Увазирлери кабар алып турса, күндөн-күнгө сапсары болуп, хан ыраңынан адаша берди.

Увазири айтты:

– Сиз ушу кызды эмне деп ойлоп жатасыз. Калааны аралап карасак, бир адам жок, бу кыздан бир иш чыгат. Бөөдө кырылып кетпейлик.

Кандайча байкайбыз.

– Билбесек болбойт. Кечкурун эттен аябай бастырып, жакшы аш жасат. Оокатты казанга салып кайнатаарында даарат кылам, дароо суу алып келгин деп айткын. Ал сууга чыгып кеткенде казанга тузду аябай сала бергин. Ажыдаар туздун ачыгын билбейт, оокатты жей берет. Үйдүн ичине суу койбогун. Челекте сууларды жок кылып салгын. Анан билинет, – деди увазир.

Айтканындай кылып, ал эшикке чыгаары менен оокатка тузду аябай салды. Ал туздуу ачык оокатты экөө жеп, төшөккө жаткандан кийин, ажыдаар чаңкап суусап, о челекке башын салды, бу челекке башын салды, суу жок. Үйдүн морунан башын чыгарып, сууга барды. Аябай чоң ажыдаар экен. Куйругу хандын койнунда жатат. Сууну ичип алып, жыйрылып келип, төшөккө жатып кыз болуп калды.

Саар менен увазир келип:

Байкадыңызбы? – деди.

– Байкадым. Мындан кандайча кылып жан куткарабыз. Увазир айтты:

– Жан куткарыштын айласы жок. Бир айга айтканын аткара бер, бул убакыттын ичинде мен бир иш кыламын. Аскерлерди чогултуп, чоюндан эритип, хандын айыбына кечке тынымсыз үй салабыз. Антпесек жаныбыз калбайт.

Кечеги-күндүз чоюндан эритип, эки кабат үй салды. Ортолугуна көмүр толтурду. Бир айга жеткирип, жеткирбестен үйдү бүтүрдү.

Кырк эшиктүү кылып, үйдүн төрт тарабына чейин басма көрүктөн отургузду. Үйдү бүтүрүп, увазири ханга айтты.

– Колуңду дубалга тийгизип жакын отургун. Колуңуз ысып келатканда кийимиңизди таштап, эшикке чыгың, күмөн алып калбасын.

Хан увазири айткандай кылып, биринчи дарбазадан төртүнчү дарбазага барганда кыйкырык чыкты. Көрүктү басты, ошондо үйлөр алды да ысыды, үстү да ысып, чоюн кызып кеткенде үйлөрдү солкулдатып, аңтарып ийе турган болуп, ажыдаар экенин билгизди.

Увазирдин акылмандыгы менен чоюнду ысытып жиберип, ажыдаарды өрттөп, күйгүзүп өлтүрүп, ошончо калк аман сакталып калган.

## КУЛАНЧЫ МЕРГЕН

Жай кетсе, кыш келип, кыш кетсе, жай келип, аң уулап жүрчү экен. Аң уулап жүргөн жылында бир жерде кара дөө менен ак дөө экөө кармашып жатат. Куланчы: «Каранын иши кара, актын иши ак» – деп кара дөөнү ыргыта атты.

Барса, жез тумшук экен. Жез тумшуктун тумшугун, тырмагын кесип алды. Айылына, үйдүн жанына келгенде кошунасы:

Куланчы, мен да барбайт белем сени менен, – деди.

– Сен менден бөлөк боорсуң, ажалың жетип, күнүң бүтүп, талаада өлүп калсаң, ага тууганың менден кун алат. Мен ошол үчүн сени алып барбай, таштадым.

– Жок, Куланчы, канга барып, өлсөм кунсузмун деп кагаз алып беремин, – дейт. Ошентип сөз бекиткенден кийин, ок-дарысын мол алып, Куланчы мергенчи ээрчитип алды мергенге.

– Ээн талаада кетип баратып, элик атып, карагайдын түбүнө жатып, эликтин этин бышырып жеп жатканда, бир жаш келин келди.

Ой, эмне келдиң сен?

– Оттун түтүнүнүн жыты чыкканынан, от өчүп калып, от алайын, – деп келдим.

Ал жезтумшук экен. Эт бышканда эт берсе, жемиш болуп жеңине катат. От алып басып, бир-эки

саржан, үч саржандай барганда отту ыргытып ийип кетет. Куланчы мерген жолдошуна:

Муну тааныдыңбы, ким экен? – деп сурайт.

– Бул бөлөк жандар, жезтумшук дегенди укчу белең? Ошо жезтумшук – ушул. Отту тетиги жерге ыргытты, бар, көр.

Барса, от ошол жерде жатат. Кайра келди.

– Эми сен өзүңдүн боюңа өлчөп, чириктен омуруп кел. Экөө тең ошондой чириктен омуруп, тердикти, көрпөчөнү астына салып, ээрдин башына жаздап, чапанды айкарасынан жаап, тебетейин башына кийип жаткандай кылып, өзүлөрү карагайга чыгып, былк этпей аңдып жатышты.

Бир оокумдан кийин баягы жезкемпир келе жатат. Куланчыга жетип, тумшугун Куланчыга сайып, эки колунун беш салаасын жолдошунун жүрөгүн көздөй матырды.

Ошондо карагайда турган Куланчы мылтык менен так жүрөктүн өзүнө таамай атат. Карагайдан түшүп, тебетейин кийип, чепкенин жамынып, баягы уктаса уктап, көзү илинбей эртең менен чайын ичип, бастырса, мындай чыккан кезекте:

– Токто эле, токто! Куланчы эле, Куланчы! – деген кыйкырык чыгат.

– Мурунку келгенде атамды жедиң эле, анан апамды жедиң, эми аялымды жепсиң, эми өлбөгөн жерде калам, сенин бир кашык каныңды ууртаймын.

Жанындагы жолдошу эси чыккан бойдон:

– Ой, айланайын, Куланчы, ат! – деп, Куланчыны шаштырып, бир жак омуроосун сындыра аттырды. Ошондон аттан түшүп кала жаздап барып оңолуп, кайра кетти. Эртеси баягы убакта:

Токто эле токто, Куланчы! – деп, кайра келди.

– Айланайын, сен көзүңдү жумуп, качан мылтык атканда көзүңдү ач, – деп, жолдошун айтат.

Баягы жигит мылтык атылганда көзүн ачса, баягы жез тумшук учуп жерге түштү. Куланчы мергенчи анын да тумшуктарын кесип алды.

Ошондон кийин үйдү көздөй жөнөп кеткени баратса, талаада бир ак эркеч, көк эркеч баштап ээрчитип эки короо кой жүрөт.

– Ой, Куланчы, бөлөк дүнүйөнүн бизге эмне керети бар, оокат бизге табылды, ээн жерде жүргөн эки короо койду экөөбүз айдап кетели. Бир короосун сен, бир короосун мен алайын. Экөөбүзгө дүнүйө деген табылды, – деп айтат.

Анда Куланчы:

– Кой, ээн жер болсо, ээси артыбыздан түшсө, экөөбүздү тең кармап, байлап албайбы, кой, мунун түнөгөн жерине түнөйлү да, ээси жок болсо, бир койду союп, анан эртең айдайлык. Антпесек, ээси экөөбүздү тең кул кылып айдап алат. Күн баткандан кийин эки эркеч маарады эле, койлор ызы-чуу болуп маарап басылары менен, эки короо кой түз менен жөнөп жүрүп калды.

Барып, ошо кетип бараткандa түз эле жерден кокту чыгып, коктунун башы айлана жар болду. Баягы туюк жерге барганда эркеч маарады эле, кой дагы ызы-чуу түшүп маарады. Калдырт дедирип кара ташты ачып, жезтумшук чыкты. Бөлөк мал кечеге карабай Куланчыны:

– Түшкүлө айланайын, Куланчым, малымды кайтарып келген турбайбы – деп, экөөн тең аттан түшүрдү. Малды таштап, Куланчы жолдошу экөөнү үйгө алып киргенден кийин, жанынан чубап эки короо кой бүттү. Куланчыны жолдошу менен темир көгөнгө көгөндөдү. Көгөндөп салгандан кийин Куланчы мергенчи бая жолдошуна:

– Өлөт деген ушул. Ушундай өлүмгө дуушар болдук, көрдүк жазууну.

Таш көмүр оту. Бир узун темирди отко салып койду. Бир убакта Куланчыны айтты:

– Ай, Куланчы, бүгүн конокту сен бересиңби, же мен берейинби?

– Ээ, бүгүн сиз бересиз го.

– Ой, Куланчы, сенде бет жок экен го. Менден үч конок жебедиңби, сен бир конок берсең эмне болот эле, мага.

– Анда тышта үч ат бар, бирөө эттүүрөөгүн соёлу.

– Мен малдын этин жебеймин.

Экөө тең унчукпайт. Бир убакта жезкемпир туруп, жолдошу семиз экен, мыкчып кармады.

Бол, жолдошуңдун кийимин чечиндирт, жолдошуңду жеймин. Темир көгөндө жатып көрсө, учу ширөөчүдөй болуп, темир аябай кызарыптыр. Жолдошун жезкемпир мойнунан кармап сүйрөп келип, ичин жарбай туруп, жамбашына темир шишти сайып, омуроодон чыгарып, боорун бир кактап, сыртын беш-алты кактап, этин сыйрып, жей баштады. Жеп болуп, сөөк-саагын, иче-кардын тышка таштады.

Жезкемпир жатты. Куланчы мерген байланып жаткан жолдоштордон сурады.

Ой, бул уктабайбы?

Уктайт.

Ушул үйдүн ичиндегилер кызарып, кызарган чок болуп уктайт.

Менин мойнум кандай чыгат чынжырдан?

Мына быяктагы чынжырды оолаштырсак өзүң бош чыгасың.

– Баягы уктап, үй буурул болуп келе жатканда мени бошоткула, – деди.

Үй буурул болуп жатканда бошотту. Башын кыймылдатса бош, үйдүн ичи кыпкызыл болду.

Куланчы жолдошунун кийимине темирди ороп туруп, баягы темир шишти алып жалгыз көзгө сайды. Карайлап, кармай албай калды. Качып көп койдун ичине кирип кетти.

– Өлүгүңдү көрөйүн, Куланчы, менин тукумумду бүтүн жедиң. Эми сени мен жебесем дагы, кермеде жаткан таргыл букам жейт.

Төрт күнү, үч күнү койду короодон чыгарбай, камалуу жатат. Ак эркечти туюк союп, көк чанач

кылып кийип алды. Төртүнчү күнү баягы кемпир эшигин ачып туруп:

– Айланайын эркечтерим, баягыдай жайылып оттоп келгиле, башта ак эркеч, – дегенде ак эркеч чатынан өттү.

А дегенде чыгып эле, кермеде жаткан кер буканы болот бычак менен чандырга сайып өлтүрдү.

Бир убакта мылтыкты даярдап алып, туруп калды. Кер бука темселеп, жезкемпир жарган жерине колун малып алып бакырды:

Куланчы, жемекчи элең жептирсиң, жутмакчы элең жутупсуң.

– Эми, Куланчы, кыйнабай мени жогот! – деди. Таштан жасалган каалганы бекитип кеткен.

Кана эми, ач үйүңдү.

Жок, ачпайм, мени жоготкун, – дейт.

– Тигиниңди ач, – деп, эшигин ачтырып кирип кет, – деп, жезтумшуктун омуроосун сындыра атты. Жыгылып калып, кайра өйдө турам деп жатканда:

Куланчы, мени талкаладың! – дегенде атып өлтүрдү. Оозунан кирип, байланган көгөндөлгөн адамды бошотту. Ошондон өзүнүн коштогон, жолдошунун аты үчөөн ошо жерге коюпбир топ чалдырып, бирөөнү мойнунан кармап өткөзүп, бир топ чалдырып, бирөөнү мойнунан күрмөп жетелеп бастырды.

Куба кийинген, кулан минген үч жигит келди. Куланчынын жетелеген атын колунан алды. Ошондон Куланчыны астыга салып, беркилер кокту ылдый жездекелеп кубалап, айдап жөнөдү.

Бир убакта бирөө айтат:

– Эй, сен баягы келгениңде кара дөөнү ыргыта атканда, атам убада кылган экен, жалгыз кызымды сага берем деп, ошон үчүн бизге жездесиң сен. Мына азыр колуктуңа, кайындарыңа алып барабыз.

Ошо жерден айдап, көп айылга алып барды. Аттарынын баарын баягы жигиттер:

Биз башкарабыз, – деп, алып калды.

Күйөө келди! – деп, кыз-келиндер чубап кирип жатат.

– Күйөөнү жалгыз отургузбай, кызды алып келгиле, – деп бир убакта тыштан бир чоң кишинин үнү чыгат. Колуктусун алып келгенде, ай десең аты жок, күн десең көркү жок перинин кызы экен. «Кудай мага ушундай бербеспи» – деп, Куланчы мергенчи кубанат.

Баягы бойго жеткен кыз:

– Ай, Куланчы, сен мени ала турган болсоң, алтүндө күн тийгиче уктаба, андан кийин кечке уктай бер. Жок, уктап калчу болсоң, бул үйдү да көрбөйсүң. Өзүңдү чөп басып калат. Тердигиңди астыңа салып, эки жагыңа эки мылтыгыңды коюп, чепкениңди айкарасынан жаап, көчүп кетебиз. Биз кайып болобуз. Ошондо атам:

– Жалгыз кызымды берем, – деп убада кылган экен. Куланчы мерген сенсиңби? – деп койду.

Уктабай жатты Куланчы. Бир убакта тышка чыкса, таң куланөөк болуп, сүрүп калган экен.

Ээ, а айланайын кудурет, күндү бат чыгара көр, – деп кыз менен отуруп, тизесине башын коюп жатып, тарс көзү илинип кетиптир. Чочуп ойгонсо, чөп өзүн басып калыптыр. Ээн талаа, эрме чөлдө жатат, ыйлап быяк-тыягын караса, аттардын баары жанында оттоп турат. Бир ээрди башына жаздаган, тердикти астына салып, ээр токумда жаткан.

– Мага берди эле, өзүм иттик менен ошо ырыскы–шыбагамдын баарын тээп, өткөрүп жибербедимби, үйгө кетейин, жолум болбоду.

Ошентип, эки атты жетелеп алып, кетип баратат. Адырда килейген бир кулжа оттоп турат. «Куру кеткиче ушуну атып, үйгө байлана кетейин» – деп, атын тушап, мылтыгын алып, кулжаны көздөй басты. «Менин кайын атам болуп жүрбөсүн», – деп мылтыкты таштап, буркурап ыйлап кулжаны көздөй жөн басты. Кулжа кайын атасы экен.

– Мен жылаңач турам, балам. Жеңең, кайын энең аркы кабакта, жардын астындагы булакта кир жууп жатат. Жолдошуңдун кайда экенин ошолор билет.

Аттарын жетелеп, энекелеп ыйлап барганда:

– Ээ, балам, биз айтпай койсок, таарынычың бар эле. Айтып туруп өзүң жасабадыңбы. Буйруп койгондур, сен эле аласың, тээтиги көрүнгөн атыр көлдө, перинин кыздары менен жүрөт. Ошол кыздардын ичинде жалгыз гана сенин жолдошуң шуруга окшош жүндүн темгил-теми, жалгыз ошол. Кумдан тизеге чейин ороо казып алып жат. Анан көгүчкөндөр түштө көлдүн боюна келип түшкөндө:

Адамзат жыты жыттанат! – дейт.

Жылда жыттанбаган быйыл эле жыттанып калыптырбы.

Ал дагы үч жолу айтат, сен дагы үч жолу айт. Ошондо чечинип сууга киришет. Сенин жолдошуң көгүчкөн кебин кызыл кеби, бөлөгүрөөк коёт. Тээ көлдүн ортосуна чейин сууга кирип, кайра чыгып, перинин кыздары ойнойт. Жүгүрүп бар дагы көгүчкөн кеби кызыл, ал болбой сенин колуңан жулуп алат, киет, сени алып учат. Коё бербегин, эки мүрүдөн ал. Ошондо жарга барып урат, мында да коё бербегин. Тоого, сууга алып урат, мында да коё бербегин. Ошондо аябай чарчайт, чарчаганда айтат:

– Мен эми сеникимин, мени коё бер, – дегенде:

– Сен меники болсоң, таңдайыңда карала кагазыңды бер, – деп айт. Ошондо ыйлап туруп: «Ай, энем айткан экен» – деп, айла жоктон таңдайында карала кагазды берет. Анан коё бер, жаныңда эле турам, эми кайда кетели дейт. Аттарыңа бар, бирөөнү жолдошуңа мингиз, бирөөнү өзүң минип элиңе кет, карала кагазды бербегин, атка мингизип алып кете бер, таңдайыңдагы кагазды жоготпогун, уурдатпагын. Өмүр шеригиң сенин колуңда жүрүп, дүйнөдөн кайтат.

Бардыгын энесинен угуп алып, көлдүн боюна барып, кумдан ороону казып жатты. Алты-жети көгүчкөн жерге түшүп туруп:

– Ой, адамзат жыты жыттанат! – дейт.

– Жылда жыттанбаган быйыл эле жыттанмак беле? – деп, ал дагы үч айтты.

Чечинип алышып, атыр көлгө кирип кетишти. Көлгө түшүп, сууда ойноп жатканда Куланчы мерген туруп, кызыл көгүчкөн кебин алды. Болбой келип, баягы көгүчкөн кепти колунан жулуп, кийип алып, Куланчыны көтөрүп учту. Жарга, суугa, бадал-карагайга алып барып урат. Коё бербей койду.

– Мен эми сеники болдум. Коё бер мени, – деди.

– Таңдайыңда карала кагазыңды бер. Ыйлап туруп айтты:

– Энем айткан экен, кайыр болбостур, берейин, – деп, таңдайында кара кагазын берди.

Эми элге кетелик, эми алпар.

Ошону менен Куланчы мерген аттарды токуп, ээрчитип алып жөнөдү. Элге жакындап калган кезекте кайыптан жаратылган кыз айтты.

Сен каны бар журтсуңбу, же каны жок журтсуңбу?

Мен каны бар журтмун.

– Эмесе, кан сени өлтүрүп, мени алам, – дейт. Мен ак көтөн кулаалы болуп колуңа конуп алайын, – дейт.

Ак көтөн кулаалы болуп, Куланчынын колуна конуп алды. Түн ичинде Куланчынын жолдошу, күндүз ак көтөн кулаалы болуп колуна конуп, жүрүп олтуруп, Куланчынын үйүнө келет.

Ошол Куланчынын бир досу бар экен. Ошонун кою менен дайым эле бир-эки аркар келип, короого түнөйт.

– Ай, Куланчы, бир-эки аркар келип, короомо түнөйт, ошол аркарларды атып берсең боло, – дейт теңтушу.

Куланчы айтат:

– Ай, мен өзүм барып атып берейин, сен мага келбей эле кой.

Намаз убагында короодон чыгып кетет. Кой жайылганча төштө турат. Качан кой төшкө барганда кой менен кошо жайылып кетет.

Ай, ушуну атып берсең, ырас болот эле.

Мен өзүм барып атып берейин. «Күндө келем деп коюп эле келбейт, мунун эмнеси бар?» – деп, бир күнү аңдып, акырын барып, таң сүрүп келатканда караса, койнунда перинин кызындай болуп бир аял жатат. «А атаңдын көрү Куланчы, ушул аялды бирөөгө айтып коёт деп, менден кызганып жүргөн турбайбы. Ханга барып айтайын, хан алсын», – дейт ичинен.

– Хан, Куланчы ак көтөн бир кулаалы кармап келген, ал кулаалы эмес экен. Ал бир бөлөк перинин кызыбы, ушундай ай десе аты, күн десе көркү жок кыз койнунда жатат. Куланчыга ылайык эмес, сага ылайык аял экен. Увазгериңизди жиберип, Куланчынын ак көтөн кулаалысын ал.

Алып кел! – деп, төрт-беш киши жиберди.

– Ханым, муну эмне кылат, алса алсын, ханым. Муну мен уча албай, өз жанын бага албай калганда алып келип бактым эле, эми оңолуп келе жатат. Алса алсын, – дейт. Куланчыга келген увазгер таштап кетет. Аял экенин көргөн жигит кайра барды.

– Ой, ханым, муну өзүң барып ал. Тиги кулаалыны Куланчы бергиси келбей жатат. Баягы жигиттин тили менен хан өзү келет.

Кулаалы айтат Куланчыга:

– Мээлейди сууга чылап туруп, отко express кактап кургат. Кургатканда колжоюп эле темир болуп калды.

Ой, Куланчы, кулаалың бар дейт, алып чык, мен алайын.

Алыңыз ханым, алыңыз.

Кулаалынын чолок боосун кыскартып койгон. Ханга каткан мээлейди берсе, колун колжойтуп

жумдурбай, колу ачылып калды. Чолок боосу менен хандын колуна кондурду.

– Хандын колунан учуп кетемин. Ой, Куланчы, кулаалың кетти дегенде, менин кайда кеткенимди көрүп кал.

Жүгүрүп тышка чыкса, батышты көздөй кетип баратат.

Ошондон хан кетти. Ок-дарысын, мылтыгын алып, баягы кулаалынын кеткен жагын көздөй Куланчы жөнөдү. Бир ай, эки ай издеп жүрдү. Куланчы калың жылкыга туушар болду.

– Бул кимдин жылкысы? – деп сурайт.

– Бул Куланчынын жылкысы.

«Мен аттуу да бай бар экен ээ» – деп, ылдый бастырса, көп кой, уй жатат.

– Бул кимдин малы? – десе.

– Куланчынын малы, – дешет мал баккандар: «Ай түтөгөн бай экен», – деп ойлоп:

– Мунун үйү кайда? – деп сурайт.

– Тээтиги кара тумшуктун оозунда.

Байды көрөйүн деп барса, дамбурадай ак үй турат.

Үйгө жакын жетсе, чырылдап бир бала ыйлайт. Үйгө түшүп, кырчоого атын байлап, баягы баланы он бир, он экидеги кыз бала терметип турат.

Куланчынын баласы. Куланчы элинде калыптыр.

Качан келет?

Билбейм, баланын энесин издеп кеткен.

– Энеси качан келет?

– Энеси келе турган маалына аз калды.

Оозун жыйып алгыча тарп-тырп этип түндүккө конуп, түшүп балага келбей, ыйлап Куланчыга келди.

– Жакшы турасыңбы, жыл бою мен сени издеп куурадым. Балаң – эркек, баланды алып кетесиңби, кетпесең кулан болуп мени ээрчип кет.

– Мен өзүм адам болсом, кулан болуп сени кантип ээрчийм.

Макул болсоң, көз ачып-жумгуча кулан болуп кетесиң.

Макул, кандай болуп кулан болобуз?

– Адам болуп жүрсөк болот эле, элиң кандуу экен, мени сага койбойт, өлтүрөбүз деп сага илээшет, сени өлтүрүп, мени алам дейт. Кулан болуп кеткенибиз ылайык. Ошону менен Куланчы мерген кулан болуп кетелик деп куланга бет уруп, кулан болуп кетиптир.

## КУЛДУН УУЛУ ЖАНА ЗЫМЫРЫК КУШ

Өткөн заманда бир хандын Зымырык кушу бар экен. Зымырык куш дүйнө жүзүндө эмне болуп жатканын күн сайын эртең менен айтып турчу. Күндөрдүн биринде Зымырык куш дайынсыз жоголуп кетти. Хан аябай капаланып, жигиттерин туш-тушка чаптырып, эч таптыра албаган соң, элин бүт жыйып:

– Кимде ким Зымырык кушту тапса, мен ага хандыгымдын жарымын берем, – деп издөөчү кишилердин ар бирине арыбас аргымак, жоорубас жорго мингизди. Бул кабарды кулдун баласы Бекжал да угуп, колуна таяк алып, мылтыгын жонуна асып, Зымырык кушту издеп жөө жөнөдү.

Эми сөз Бекжал жөнүндө болсун. Бекжал күнүтүнү жол жүрүп, арыдым ачтым дебей баратты.

Бир күнү бет алдынан алты аркар жарышып чыкты. Бекжал мылтыгын камдап, атмакчы болуп сунганда:

– Бизди атпа, биз аркар эмес, адамбыз, – деп алар кыйкырып жиберишти. Бекжал аңтаң калып, сунган мылтыгын кайра тартып алды.

– Силер эмне үчүн аркар болуп калдыңар? – деп сурады.

Аркарлар болгон ишти айтышты:

– Биз да ушул жолдо жолоочулап баратканбыз. Мындан ары жүрүп отурсаң, он эки канат ак үйгө туш келесиң. Үйдүн ичине кирсең – эч ким жок.

Дасторкон жайылып, анда нечен түркүн тамак-аш жайнап турат. Үйгө кирбе, тамактан жебе, эгер жесең, бизге окшоп айбан болуп кетесиң...

Бекжал аркарлардын сөзүн уккан соң, өз ичинен «бара көрөм» деп ойлоп, жолун улантты. Ырас эле чоң ак үйдү көрүп, ага атайы барып кирди. Үйдүн ичинде кыбыраган жан жок. Төрдө дасторкон жайылып, ар кыл тамак аш жайнап турат. Бекжал ары карап, бери карап! «Эмнеси болсо да курсагымды тойгузуп алайын» деп шырдакка отура калды. Аңгыча бурчтан бир кемпир чыга келип, жерден топурак алып, Бекжалдын бетине чачып жибергенде, ошол замат бул тоо теке болуп, тили байланды. Анан үйдөн чыгып, темтеңдеп басып, ак сарайга кез келди да, дарбазанын түбүндө турду.

Ак сарайдан сулуу кыз чыга калып, тоо текени көргөндө: «Бул айбан эмес, киши окшойт, баягы менин шум энемдин кылганы» деди да, жерден топурак алып, тоо текенин бетине чачып жиберди. Бекжал өз калыбына келе түштү, кыз үйүнө кийирип, конок кылды.

– Азаптуу жолдо арып-азып неге жүрөсүң? – деп сурады кыз, Бекжал жок издеп жүргөнүн айтып:

– Ошол куштун дайнын билсеңиз, жардам кылсаңыз кантет? – деди. Мен Зымырык куштун кайда экенин билем, – деди кыз. Бирок ага жетиш үчүн башты канжыгага байлаш керек. Мындан ары жалгыз аяк жол кетет.

Ошол жол менен жүрүп отурса, асман тиреген чынар терекке жетет. Ал чынардын башында алпкаракуш уя салып, балапан чыгарат. Аны жыл сайын жалгыз көздүү ажыдаар жеп коёт.

Ошол ажыдаарды өлтүрсөң, андан ары ашуу бар, аны жүз жылда ашып өтөсүң, анан чытырман токой бар, токойдон токсон жылда өтөсүң, андан ары деңиз бар, аны сексен жылда сүзүп өтөсүң... ага жеткенче өзүң да өлөсүң.

– Эмнеси болсо да бара көрөм, – деп Бекжал кыздын каршылык кылганына эч көнгөн жок. Ошондо кызга өзү жагып да калды.

– Эмесе мындай кылгын, – деди кыз, мындан ары жүрүп, чынар терекке жеткенде, анын түбүнөн ороо казып, үстүн куурай менен жаап, ичине кирип жатып ал. Үч күндөн кийин ажыдаар келип, чынардын башына чыгат.

Сен аны как башка атып өлтүр, ансыз өзүң майып болосуң. Эртеси эртең менен алпкаракуш келет. Сенин жакшылыгыңды көрүп, ойлогон оюңа жеткирет.

Бекжал кыз менен коштошуп, анын куржунга салып берген тамак-ашын көтөрүп жолго чыкты. Бир нече күндөн кийин чынар терекке жетти. Кыз айткандай ороо казып, үстүн үлпүлдөк куурай менен жаап, ажыдаардын келишин күттү.

Үч күн дегенде ажыдаар ышкырып, оозунан от күйүп мурдунан түтүн бурап, өзү чынар терекке оролуп чыга баштады. Эртең менен мээлеген Бекжал бармагынан май чыкканча түшкө чейин мээлеп, анан атканда, ажыдаар жерге кулап түштү. Жаны чыкпай ары бери катуу чамынып, карагайлар түбү менен омкорулуп, сойлогон жерлери кадимкидей аң болуп калды. Бекжал даты үч жолу атып, ажыдаар араң өлдү. Башын кесип салып, карап турса, чынар теректен:

– Ой, бала, бизге кел! Чык бери! – деп чыйылдаган үн угулду. Бекжал ажыдаардын башын көтөрүп, теректин учундагы чоң уяга күн батып, каш карайганда зорго жетти. Алпкаракуштун балдары абдан сүйүнүп, Бекжалга чоң алкыш айтып жатышты.

– Эми сен биздин канатыбыздын алдына кирип жат. Энебиз эртең менен келет. Ал келатканда көзүнүн жашы жамгыр болуп төгүлөт, канатынын күүсүнөн койдой таштар коктуну карай учат.

Мында келип конгондо, теректин башы жерге үч тийип, үч көтөрүлөт. Сен андан коркпогун – дешти.

Таң атып, күн чыкты. Бир маалда күн бүркөлүп, нөшөрлөгөн жамгыр жаап, сел жүрүп кетти. Койдой таштар коктуну карай учту.

Бороон болду. Аңгыча алпкаракуш келип конгондо, чынар теректин башы үч жолу жерге тийип, үч жолу кайра көтөрүлдү. Алпкаракуш балдары аман экенин көрүп:

– Жакшылыкка-жакшылык, жамандыкка-жамандык, силер кантип аман калдыңар? – деп сурады.

– Энеке, биз оболу жамандыкты көрсөтөлү, – деп балапандар ажыдаардын башын көрсөтүштү.

– Эми жакшылыкты көрсөткүлө! – деди алпкаракуш.

Анан Бекжалды көрүп, алпкаракуш муну «ап» эттирип жутуп жиберди. Балапандар энесин кекиртектеп:

– Бул эмнең, жакшылыкка жамандык кылчу беле?! – дешип, чыйпыйы чыга түштү.

– Бир аз коё турсаңар, мындан да ашкан баатыр кылат элем, – деп алпкаракуш Бекжалды кайра кусту. Бекжал күлүп тура келди.

– Болуптур эмесе, сен үч күнгө чейин күт. Мен адырдан аркар, булуңдан бугу кармап азык камдайын, – деп учуп кетти. Үч күндөн кийин айры мүйүздүү алтымыш бугу, аркасы ачылбаган алтымыш аркар көтөрүп келди. Бекжал аркар менен бугуларды союп, терисинен чанач жасап, эттерин салып даярдап бүткөндөн кийин, күн чыга учмак болушту. Таң сүргөндө Бекжал алпкаракушка минип, жол азыктарын артынды. Алпкаракуш балапандары менен коштошуп, анан Бекжалга минтип эскертти:

– Сен көзүңдү чылк жуумп, ал, антпесең башың айланып жерге кулап кетесиң. Качан мен «көзүңдү ач» дегенде гана ач. Учуп баратып оң жагыма карасам – эт, сол жагыма карасам – суу бер. Күн кандай батып, таң кандай атканын Бекжал эч көргөн жок.

Алпкаракуш оң жагына караса – эт, сол жагына караса – суу берип жүрүп отурду. Бир күнү куш:

– Бекжал, көзүңдү ачып, жерди карачы, – деди. Бекжал көзүн ачып жерди карап:

– Жер кой короодой гана болуп көрүнөт, – деди. Андан ары барып:

– Көзүңдү ачып жерди дагы карачы, - деди.

– Жер такыр көрүнбөй калды.

– Эмесе биз бийик тоодон ашып өткөнүбүз ошол. Мен мындан ары жерге жакын учам, – деди да, ылдыйлап түшө баштады.

Акыры бир шаарга жакындаган кезде, алпкаракуш эт сурап, оң жагын карады. Бекжал чаначтарын аңтарса, эт түгөнүп бүткөн экен. Эмне кылаарын билбей, өзүнүн сан этинен оё кесип, алпкаракушка берди. Ошол эттин күчү менен Зымырык куш турган шаардын четине барып конуп:

– Жолдо карай көп эле эт жедим, бирок эң кийинкиси бөтөнчө таттуу экен, – деди алпкаракуш.

– Аны мен өз санымдан кесип бергем, – деп Бекжал санын көрсөттү. Алпкаракуш Бекжалга абдан ыраазы болуп, муну айтты:

– Сен издеген Зымырык кушту ушул шаардын ханы алдырып кеткен. Хан өзү – кыз. Ал кыздын ордосунда иштегендердин баары жалаң кишилер. Сен алардан эч коркпо, жети күн удаа уктап жаткан кези. Эми сен шаарга кирип, оболу кыздын ордосун тап. Андан Зымырык кушту ал; кыздын колунда алтын билерик бар, аны чыгарып алып, сени жолго салган алыстагы кызга бер. Билерик ошол кыздыкы, «Ушул билерикти ким уурдап алса, ошого күйөөгө чыгалы» деп бул экөө антташкан болчу. Билерикти берсең, ал кыз сага сөзсүз тиет. Мен үч күн күтөм, андан артык күтө албайм… Бекжал шаарды аралап жүрүп, кыздын ордосун таппай эки күн өткөрдү. Үчүнчү күнү кыздын ордосун араң таап, ичине кирип барды. Барса кыз уктап, Зымырык куш карап отур-

ган экен. Бекжал Зымырык кушту көтөрүп, кыздын колундагы билерикти чыгарып алып, алп каракушка келсе ал аркан бою өйдө көтөрүлүп калыптыр. Муну көрүп кайра конду да, Бекжал менен Зымырык кушту алып учуп, чынар терекке келди. Алпкаракуш менен коштошуп, Зымырык кушту минип, Бекжал баягы ак сарайдагы кызга келип, билерикти берди.

– Сени түбөлүк сүйгөнүм ушул, – деди кыз. Экөө Зымырык кушту алып, ханга жөнөштү… Булар көлдүн жээгинде эс алып олтурганда, хандын эки уулу Зымырык кушту көрүп:

– Кулдун уулу Бекжалга хандыкты алдырып, биз карап калабызбы! – деп бузуктук ойлоп, муну өлтүрмөк болушту. Экөө ошентип кеңешип алышты да:

– Бекжал, сен бизден кичүү эмессиңби, аттарды сугара койчу, – дешти. Бекжал эч нерседен капары жок, аттарды жетелеп келип, көлдөн сугарып турганда, хандын балдары артынан түртүп жиберишти. Колуктусун кошо өлтүрүш үчүн аны кармаганы келгенде, кыз ак куу болуп кубулуп, көлгө кирип кетти. Хандын эки баласы Зымырык кушту алмак-салмак өңөрүп, чапкан бойдон атасына жетип, кушту колуна тапшырды. Аябай сүйүнгөн хан элин жыйып, ат чаптырып, эр сайыштырып, балбан күрөштүрүп чоң той берип, эки баласын эки шаарга хан көтөрдү. Зымырык кушту ордуна кондурушту. Бирок, бул мурдагыдай сүйлөбөй койду. Арадан бир топ күн өттү. Зымырыктан эч кандай сөз чыккан жок. Бир күнү Бекжал колуктусу экөө шаарга келип, хандын ордосуна кирди. Зымырык куш ошондо гана сүйлөп:

– Мени таап келген жигит мына, сенин балдарың бузуктук кылды, ханым, – деди.

Хан Зымырыктын сөзүнө кубанып, Бекжалдан муну кантип тапканын сурады. Бекжал болгон ишти бүт айтып өттү. Шаар ичине «Зымырык кушту тапкан кулдун уулу Бекжал экен» деген сөз тарады. Хан балдарын даргага тарттырып, убадасы

боюнча Бекжалга хандыгынын жарымын берди. Мына ушундан кийин Зымырык куш келер-кетерди, болор-болбосту, жамандык-жакшылыкты мурдакыдай ар дайым айтып турду.

## КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ

Кайсы бир заманда Көчпөс бай, Көчөрбай деген эки бай жашаган экен. Көчөрбай ар дайым жайы-кышы дебей көчүп жүрүп, жайында жайлоодо болуп, кышында кыштоодо болчу экен. Ал эми Көчпөсбай жайы-кышы бир жерде отуруп, өмүрү эч жакка көчпөптүр. Кайсы бир жылы ошол өрөөндө жут болуп, тегерегиндеги оту түгөнүп, малы кырыла баштаганда Көчпөсбай көчмөкчү болуптур. Көчүп көнбөгөн аялы бир жүгүн унаага артса, бирин унутуп, үзүгүн таңылчакка таңса, кийизин унут калтырып, аягын салса, табагы калып, чөмүчүн салса, кашыгын унутуп жатып, күн чыкканда үйүн чечкен, күн батканда араң жыйнап бүтүптүр.

Ошентип, айдын жарыгы менен Көчпөсбай көчүп жөнөйт. Жолдо келе жатканда баласы: «Атаке, менин сакам журтта калган тура», дейт. «Балам, сен өзүң эле чаап барып алып келе кой», дейт атасы. Бала өзүнүн кызыл бууданын минип, журтту көздөй чаап келе жатса, аты токтой калып адамча сүйлөп: «Эрдигиң бар эсиң жок, жаш бала. Мен көргөндү көрдүңбү, мен билгенди билдиңби? Журтта жети баштуу жез кемпир отурат. Мен аттан жапыс, иттен бийик болгондо, сен амалын таап туруп, эптеп саканы алып качалы», деди.

Журтка барышса кемпир мойнун жерге салып, саканы карап шылкыйып отуруптур. Бала ага кайрылып: «Энеке, тиги жаткан сакамды алып бериңизчи?» деп сурайт. Кемпир анткорлонуп: «Ой, айланайын, өзүм араң жан адаммын. Отурсам тура албаймын, турсам отура албаймын, жаш бала эмес-

сиңби, өзүң эле түшө калып ала кой», дейт кемпир. Бала кемпирдин кууланып жатканын билип: «Ээ, энеке, тиги жар боорундагы жарганатты карачы», деп калды. Кемпир мойнун буруп карай салганда, бала саканы эңип алып качып жөнөдү. Кемпир артынан кууп калды. Бала качып отуруп кой кайтарган абышкага туш келет. Абышка баланын качып келе жаткан жөн-жайын билгенден кийин: «Мага бала болосуңбу?» деп сурайт. Бала макул болуп, абышкага бала болуп, кууп келаткан кемпирден кутулат.

Абышканын үйүндө күчүктөрүн ээрчиткен кара ит бар экен. Бала күчүктөр менен моюндашып жатып уктап калат да түш көрөт. Түшүндө баягы жезкемпир, сени жебесем деп кууп жүргөн болот. Бала чочуп ойгонуп, күчүктөрдү көтөргөн боюнча качып жөнөйт. Бир канча күн жол жүрүп, аябай чарчап, бир жерге келип уктап калат. Күчүктөр жезкемпирдин келе жаткан табышын бир күндүк жерден билип, баланы ойготушат. Бала ойгонсо, күчүктөрү дөбөт болуп калышыптыр. Ошол жерден күчүктөрүнө ат коёт. Чоңуна «Угаар кулак» деп, ортончусуна «Көрөөр көз» деп, кичүүсүн «Жер тыңшаар» деп атайт. Аңгыча сокусун минип, сокбилегин камчыланып кемпир да келип калат. Кемпир жете бергенде бала иттерин коё берди эле, үчөө үч жагынан талап киргенде, иттериңди чакырып алгын, экөөбүз жарашалык, мен сага кызымды берейин деп, жалына баштады. Бала балалык кылып, кемпирди иттерден ажыратып алып, кемпирдин кызын алып туруп калат.

Бала күнүгө иттерин ээрчитип мергенчиликке чыгып жүрчү экен. Бир күнү аялы балага: «Сен өзүң эчтеке ата албайсыз, иттериңдин аркасы менен мергенчилик кылып жүрөсүң, кыйын экенсиң, иттериңди үйгө таштап өзүң барып бир нерсе атып келчи», дейт. Бала аялынын сөзүнө намыстанып иттерин таштап өзү жалгыз тоого чыгып кетсе, баягы кемпир артынан кууп келет. Ошондо бала: «Мылтык, сен эки

ача терек бол, ортосунда мен болоюн?» деп мылтыгын ыргытып жиберсе, дароо эки ача терек болуп, бала анын башына чыгып кетет. Кемпир бир тишин сууруп алып, аны балта кылып теректин түбүн кыя баштайт. Ошол кезде бир кызыл түлкү келип: «Ой, энеке, сиз чарчап кетипсиз, эс алып туруңуз, балта менен арааңызды мага бериңиз, мен кесип турайын», дейт. Кемпир сүйүнүп кетип куралдарын берип, өзү окчун барып уктап калат. Түлкү теректи кесимиш болуп, кемпир уктагандан кийин куралдарды суугa салып жиберип, өзү качып кетет. Бир убакта кемпир туруп караса, балта менен араасы жок, түлкү да жок. Кемпирдин ачуусу келип дагы бир тишин сууруп алып, балта менен араа кылып, теректи кесип отурса, дагы бир ак түлкү келип:

– Ой, энеке, сиз карыган киши экенсиз, чарчап да калыптырсыз, бериңиз куралыңызды, мен жардам берейин, дейт.

– Мени жана бир кызыл түлкү келип алдап, куралымды суугa салып жибериптир, эми курал жасар тишим да калган жок, деп болбойт.

– Ой, энеке, сиз алжып калсаңыз керек, кызыл түлкүнүн сырын ушул убакка чейин биле элек турбайсызбы. Кызыл түлкү деген куу болот. Өзүңүз деле ойлоп көрүңүзчү, ак түлкү жакшыбы, же кызыл түлкү жакшыбы? – дейт. Кемпир ак түлкүнүн кебине муюп, ак түлкү эле жакшы деп, жабдыктарын берип, эс алганы жатып уктап калат.

Аңгыча асмандан бир карга учуп өттү эле, теректин башындагы бала ага карап: «Ой, карга, менин иттерим үйдө калды эле, ошолорго кабар берип койсоң?» деп кыйкырат. Карга баланын бактын башында отурганын үч итине айтып келет. Бирок ал кезде кемпирдин кызы иттерди терекке байлап салган. Үчөө кабарды уккандан кийин теректи түбү менен жулуп алып, балага жетип келишет. Ошол жерден үч ит кемпир менен алышып жатып көлгө түшүп

кетишет. Бала болсо теректен түшүп, иттерин күтүп отурду. Аңгыча иттери кемпирди өлтүрүп, суудан чыгып келишти. Бала аларды ээрчитип алып үйүнө келип, аялынын кастыгын билип аны мергенчилик кылып жүргөн мылтыгы менен атып өлтүрөт.

Бала эми душманымдан кутулдум го деп, баягы багып алган атасына барып, аны менен кеңешип, атын минип, үч итин ээрчитип элине кетмек болуп жолго чыгат Айылына жакындаганда чогулган элди көрүп, чуулдаган үндү угуп, бир койчудан: «Бул эмне чуулдап жатышат?» – деп сурайт. Анда койчу: «Ээ балам, эмнесин сурайсың, мен ошол үйдүн койчусумун. Чуу чыккан Көчпөсбайдын үйү, өзү өмүрүндө көчүп көрбөгөн киши эле, мындан эки жыл мурун жайыты түгөнүп, от калбай калганда бир ирет көчкөн болчу. Ошондо жалгыз баласынын сакасы журтта калып, сакасына кеткен бойдон баласы келген жок. Көчпөсбай ошол баласынын ашын берип жатат», дейт койчу.

– Эмесе, байга барып сүйүнчү ал, ошол баласы менмин! – дейт бала.

Койчу тебетейин көккө ыргытып, чуркаган боюнча байдын алдына барып: «Сүйүнчү, байым, сүйүнчү!» деп кыйкырат. Бай ачууланып: «Мен балама аш берип жатсам, сен сүйүнчү айтасың. Мен жалгыз баламдын өлгөнүнө сүйүнөмбү?» дейт.

– Байым, сүйүнчү, ачууңду тыйгын, элиңди жыйгын, ашты тойго айланткын, жалгыз уулуң кайтып келди! – деп баланы алдына алып келди.

Бай да, эли да сүйүнүп, ашты тойго айландырып, жалпы эли менен жыргап-куунап жатып калышкан экен.

## КЫЗ ТАНДАГАН ЖИГИТ

*Тандадым тал-тал кара чачтууну, Жолуктум аарчыган пияз баштууга.*

Өткөн замандарда Баймурат деген байдын эки уулу болот. Улуусу – Карыбек, кичүүсү – Эркебек. Улуусу он алты жашта кезинде эле калыңын төлөп үйлөнтүп коёт. Ошентип келиндүү болуп, өзүнүн байлык дөөлөтү менен жакшы жерден өзүндөй бай куда-сөөк күтүп, жыргап жашап турганда келини уул төрөп чоң той берет. Той өткөндөн кийин эки уруу айылдын жигиттери эрегишип көкбөрү тартып, балбан күрөш оюнун баштап, күжүлдөп калышат. Карыбек ошол көкбөрүдө аламан байгеге чаап келе жатып, аттан жыгылып каза табат. Баймуратка катуу кайгы түшүп, аза күтүп мөгдүрөп калат. Келини жыл маалына чейин кайыш курчанып алдына аркан төшөп жатып, кара кан жутуп олтуруп калат. Жыл өтүп Карыбектин ашын бергенден кийин, илгерки салт боюнча, калыңды көп төлөп: «Атан өлсө тайлак бар, кому жерде калчу эмес», – деп он үч жашар Эркебекке жыйырма жаштагы келинин нике кыйдырып салат. Жаш келин кантет, ыйлап сыктап тагдырына баш ийип, кечинде Эркебек эрте эле эркек бала кыялы менен төргө же оттун жанына уктап калат. Келини көтөрүп көшөдөгү төшөгүнө жаткырып, күйөөсү эмес эле кенже инисиндей мамиле жасап, жашай берет Ошентип жылдар өтүп, Эркебек да эр азамат жетет. Баймураттын көпкөлөң уулу болуп, чыга берет. Шордуу жеңе аялы эми: «Эркебегим эр жетти, эл катары ойноп-күлүп жүрөм го» – десе: «Сени мен жесир алгам. Өзүмдөн улуусуң, үстүңө жаш кыз алышым керек», – деп сабап кирет. Атасынын да кулак-мээсин жейт.

Өлгөн уулуңдун катынын алып бергенсиң мен бала чакта. Мен: «Көрчү деген ажынын сулуу Нуркыз деген кызын алам. Мага сарп кылбаган малыңды, байлыгыңды эмне кыласың» – деп, чырды сала берет. Атасы бир күнү: «Балам, Көрчү ажынын кызынын кайыны бар. Аны ала албайсың. Жакшыдан калган керээз, сага карылык кылбайт. Агаңдан бир

тукум төрөп берген Сулу десең сулуу, эстүү десең эстүү, теги жакшы, кесир болуп кетпесин», – деп насаат айтат.

Баласынын кулагынын сыртынан кетет:

– Ата шарият куранда, акыретте тиги дүйнөдө адам кыз алган жарына кошулат турбайбы. Акыретте бойдок калайынбы? Мендей байдын балдары үчтөн аял алып жатпайбы? Жалгыз уулуңдан малыңды аяп жатасың, – деп чыгып кетет. Өзүнүн бир Сейит деген жан досуна барып:

Кана, дос, жакшы ат камда, эртең экөөбүз эл кыдырып кыз көрөлү, – деп, акылдашып келет.Эртеси эрте туруп, короодон бир ак мүйүздүү ирикти шыйрактан алып, атасы жаткан чоң ак боз үйгө сүйрөп кирет да, койду кыбыланы баштантып:

– Кана ата, батаңды бер. Мен кыдырып, кыз көрүп келем. Анан сен барып сөйкө саласың, – дейт. Атасы:

– Бул шумдук, мени карыганда кыйнайт экенсиң го, чык эшикке койду коё бер, өзүң жогол, – дейт.

Эркебек да ачуусу келип, койду буубай, көтөрүп чаап туруп, мууздап чыгып кетет. Баймурат бакырып кокуй наалат деп, ак көйнөк дамбалчан тура калат. Кой жанталашып, үйдүн ичинде чуркайт. Байдын кийимине бүт кызыл жаян болуп кан чачырайт. Аңгыча эл чогулуп калат да, байды ортого алат:

– Кой, бай, балаңдын эркине кой, ушунча байлыгың туруп, балаңды капа кылба, койду союп салалы да, бата берели, – дейт.

Ошентип ага-тууганы чогулуп, этти салып бышырып, бата берээрде, атасы мындай дейт:

– Балам, көз боочудай иш кылдың. Көз боочудай колукту аласың. Көздөгөн кызыңа жетпейсиң, болуптур жолуң ачылсын, – деп бата берген экен. Эртеси Сейит экөө жакшы ат минип, жасанып-түзөнүп чыгышат. Кыдырып жүрүп олтуруп, эрте бешим убакта бир айылдын четине чогулган элди көрүшөт.

Экөө бастыра олтуруп жанына барса, тегеректеген көп киши ортодо бир киши бир төөнү чылбырынан кармап турат. Төөнүн төрт туягынын ортосунда бир жигит малдаш урунуп турат, бышкан койдун башын мүлжүп. Турган кишилердин баары баягы төөнү карап тиктеп турушат.

Четиндеги бир жигиттен Сейит сурайт:

Ой, бул эмне чогулганыңар?

– Бир жигит бышкан койдун башын алып, мобу төөнүн оозун ачтырып, ичине кирип кетти, ушул башты төөнүн ичинен таптаза жеп чыгам, – деди жигиттин байгеси ушул төө. Анда Сейит менен Эркебек каткырып жиберип:

– Ой силер ушул турган баарыңар сокурсуңар го. Төөнүн төрт туягынын ортосуна малдаш урунуп олтуруп, мүлжүп жеп атпайбы, – дейт.

Турган элдин баарына көрүнүп калат.

Көрсө, ал жигит турган элдин көзүн сыйкырлап дуба окуп, тыштан келген эки жолоочунун көзүн байлаган эмес, жигит төөнү алмак турсун өзү уят болуп тура калат. Ошону менен мөрөй эки жолоочунуку болот. Жолоочулардын жайын сурап бир байдыкына, кудайы конок болуп конуп калат. «Бул мырзаларга козу сойгула» – деп жакшылап коноктойт. Кечки кой саан убагы. Саанчы малайлары кой кармап, кой саап, бака-шака түшүп турган убагы. Ошондо сайма алачыктан бир бойго жеткен кедейдин кызы, өңү серт кетирекей жаман тебетейин баса кийип, кой саап, козу кармап, тызылдап жүргөнүн көрөт да Эркебек өзүнүн кесир сөзү менен: «Ушу кызды да бир эркек алаар ээ», – деп шылдыңдап күлүшөт. Жаман тебетейин баса кийгенине караганда башы таз го байкуштун, – деп ого бетер күлүшөт. Ошондо Сейит: «Бирок өтө тың экен да татынакай жетим го» – деп сын берип коёт. Анда Эркебек:

– Мүчөсүн урайын, ушуну алган киши энесин алсын, – дейт. Так ошол айыл Көрчү ажынын айылы

болуп чыгат. Эки жигит ошол жерге, байыр алып келиндер менен таанышып калат. Көрчүнүн кызын качырып бергиле, сураганыңарды берели, – деп жалына берет. Анда келиндер айтат: «Кайдан калыңын төлөшкө кудуретиңер жетеби», – дейт. Эркебек:

– Кудуретибиз жетет, – дейт. Келиндерге алтын акчалардан беришет. «Таш, ташты эриткен аш» дегендей алтын акчаларды алганда ар кандай амал ойлоп келиндер сүйлөшө баштайт.

Бир келин айтат:

– Тобокел, эптеп качырып иели, – дейт. Ажы акемдин кызын даап кантип качырабыз, бизди дарга астырып таштабайбы? Келиндер Көрчүнүн кызына барып, сүйлөшө баштайт:

– Кызыке, ушунда бир алтыны, акчасы көп эки мырза жигит келди, – дейт. Сенин болсо күйөөң келип-кетип жүрөт, жакында той күтүшөт ошол мырза жигиттердин бири көздөп келиптир. Биз андан алтын акча алып койдук. Сени бир жолуктуралы, бир эле жолу. Макул, кудалаган күйөөмдү каалабайм деп кой. Эмки жуманын түнү ала качып кет, – деп ошол жерди болжоп кой, кызыке, андан аркысын өзүбүзгө кой – деп жалынышат жеңелери.

– Кыз андай болсо: «Макул жеңелер, мени апам үйдөн чыгарбайт да» – дейт. Анда бир шум жеңеси: «Ал жеңемди мага кой, эртең кечинде сурап кетебиз» – дейт.

Ошол чечимге макул болушат. Келиндер эки жигитке сүйүнчү айтышат:

– Эртең кечинде кыз менен жолуктурабыз, сүйлөшүп көргүлө. Өз ыктыярыңар менен, – дешет.

Дагы акча, алтын алышып, шарактап жолго түшүшөт. Эртеси кечинде келиндер Көрчүнүн аялына барышат:

– Жеңе, сулууке бийкечти конокко чакырып келдик. Эми жакында күйөөгө кетет. Бизге окшогон жеңелери менен кичине көңүл ачып, комуз кагып

ойноп келсин да, – деп ой-боюна болбой жалынып жалбарып, алып кетишет. Эки мырза жигит келиндер болжогон жерде чыдамсыздык менен күтүп турушат. Бир убакта келиндер кызды жетелеп келишет. Көрүндүгүн чоң алышат. Көлөкөгө тон бычып сызга олтураарын текеберлүү эргул кайдан билсин. Ошентип кыз менен жигит бир топко сүйлөшөт. Нуркыз жеңелеринин үйрөтүүсү боюнча кайындаган күйөөсүн каалабагандыгын, сиздей болсо гана деп бал тилге салып, эми жигит болсоң үч күндөн кийин ушул жерден качалы, – деп, убадасын берет. «Мен үчүн далай азап чегесиз го» – дейт.

Анда жигит:

– Сиз жүр десеңиз кыяматтын тозогуна баруудан баш тартпас элем. Убадалашып кол алышып, эми түн караңгы болсун, жараган ат менен тынбай баруучу жерге бат жетчүдөй бололу. Жолдо сүйлөшөлү, – дейт, дагы келиндердин үйрөтүүсү боюнча. Ошентип кош айтышып жолго түшөт. Нуркыз жеңелерине: «Силердин милдетиңерден кутулдум. Эми бул көпкөн немелериңерди желкемдин чуңкуру көрсүн» – деп күлүп каткырып үйүнө кетет. Ошентип Эркебекке үч күнү үч жылдай узун болот. Таң атса, кеч кирбейт. Жабдыгы менен күлүк ат камдайт. Келиндер да өз милдеттерин аткара баштайт. Баягы экөө шылдыңдаган Кундуз деген кедейдин жетим кызын жууп тарап, келишкен кийим кийгизип, бетине эндик упа жагып, үчүнчү түнү болжогон жерге алып барып, Эркебектин калган-каткан акчасын шыпырып алып өтө шашылыш түрдө аткарып жиберет. Кундузга: «Кудай багыңды ачсын. Атка тың жүр, шартылдап астына жүр, жигиттерди караба, сүйлөшпө, өтө шашылыш жөнө да, эптеп үйүңө жет. Андан аркы таалайыңды көрө жатарсың», – дейт.

Бата берип, узатып жиберишет. Түнү менен күлүктөрдүн оозун коё берип, таң аппак атканда үйгө жетип түшүшөт. Эркебек караса эле башка кыз!

– Сейит, бизди кудай уруптур, эми эмне кылабыз. «Тандадым тал-тал кара чачтууну, жолуктум аарчыган пияз баштууга» дегендей баягы экөөбүз күлгөн тазды аткарышкан тура, – деп тегеренип калат. Кундуз кадимкидей эле көшөгөгө олтуруп, келген-кеткенге каада менен ийиле жүгүнүп сынынан жазбай олтура берет, Эркебек тайманбастан атасына, ага-тууганына мындай дейт:

– Ата, мени кудай урганда да мүйүздүү ак ирикти сизден уруксат албай мууздаганда жаңылгам, эми кандай кылам. Көрчүнүн келиндери мени алдаган тура, – деп болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет. Атасы, жеңе аялы абдан сүйүнүшөт. Атасы, биринчиден, калыңды аз төлөйт. Экинчиден, эмгекке бышык татынакай эле келин болот. Улуу аялы андан сүйүнөт. Кол бала, мени менен басташпайт, өзүм тарбиялап, өзүм башкарам, - дейт. Татынакай эле кыз турбайбы? Ак элечеги башынан түшпөй этегинен жалгап, оокатка тың болсо болду ургаачы топко сүйрөп, же жоо сайып бермек беле, же чырайын ичмек белең – деп баласын көндүрөт. Кундуз тың, сарамжалдуу байбичеси экөө ынтымактуу, элге эмгеги менен, күйөөсүнө өзүнүн таза жүрүш-турушу менен жагып, бактылуу үй-бүлө болгон дейт.

## МАДЫЛГЕН СУЛУУ

Илгери малга бай, төрт түлүгү шай, Кулуке деген бир хан болуптур. Анын Мадылген деген жалгыз кызы ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу чыгыптыр. Кыздын сулуулугуна жараша, колунан көөрү төгүлгөн иштүү да экен. Ошол Мадылген сулуу бир күнү биттин ичегисинен ичик курап, атасына жабат. Хан ары ойлонуп, бери ойлонуп, ичик эмнеден жасалганын табалбаптыр.

Акыры кызы «биттин ичегисинен жасадым эле» дегенде хан: «Ким ушул ичиктин эмнеден жасалга-

нын тааныса, анда кызымды ошол адамга беремин», деп жар салат. Жасалган ичикти таанып, хандын кызын алмак болуп, төрт тараптан эл чогулат. Келген эл тоодой этти жеп, көлдөй чыкты ичип, томуктай эт, кашыктай чык калганда жээрде ат минген, чыйт түкүргөн, көзү кызарган бир абышка келет. Калган томуктай этти жеп, кашыктай чыкты ичип болгондон кийин: «Ичик биттин ичегисинен куралып жасалыптыр!» дейт.

Хан убадасы боюнча кызын ушул чалга бермек болот. Той аяктап Мадылген сулуу аттана турган болгондо, жылкы арасындагы көк бышты кызга келип: «Мадылген сулуу, сен атаңдын элинен эл, жеринен жер бөлдүрүп алып эмне кыласың, андан көрө жылкынын ичинен мени ал, төөнүн арасынан куу ингенди, күңдөн Куйту күңдү, кийимден суусар телпекти, курал-жарактан кара болот кестикти ал. Башка эч нерсе албагын. Эркекче кийинип, тобокел деп жолго чык, калганын көрө жатарсың», дейт. Мадылген сулуу атасына келип көк быштынын айтканын сурады эле, хан макул болуп, кызынын каалаганынын баарын берип жөнөтөт. Кетип бара жатканда кызыл көз абышка Мадылгенди: «Узун тарткан жериме журуп кел туура тарткан жериме конуп кел», деп кете берет. Абышка кеткенден кийин адамдан акылдуу көк бышты: «Мадылген сулуу, желмогуз чал деген ушул. Баратканда такыр арт жагыңды караба. Чал адегенде кара чаар жолборс болуп келип, Куйту күңдү жейт. Артыңды карабай кете бер», дейт. Бир кезде баягы чал кара чаар жолборс болуп келип Мадылгендин артында бараткан Куйту күңдү чаңыртып жей баштайт. Мадылген сулуу артына бурулуп койбой кете берет. Анан кыздын алдынан чыгып: «Келе жатасыңбы, Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел!» деп дагы айтып, өзү узап кетет.

Ошондо көк быштыга дагы тил бүтүп: «Эми артыңдан кара чаар жолборс болуп келип, куу ингенди жеп кетет, дагы эле кылчайба», дейт. Бир маалда чал кара чаар жолборс болуп келип, куу ингенди боздотуп качыратып жей баштайт. Мадылген сулуу артына карал да койбойт. Аңгыча ал алдынан чыгып: «Ии, келе жатасыңбы, Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел», деп дагы жүрүп кетет.

Алдындагы көк бышты: «Эми кара чаар жолборс болуп келип өзүңдү алат. Ага жеткирбейлик ээрге бек отур, мага кайталап камчы сал! Булуттун асты, муңдуу чөптүн үстү менен алып жүрүп кетем, эки көздү бекем жум. «Көзүңдү ач» дегенде жүрөктөй жерден жүлүндөй түтүн чыккан бир үйдү көрөсүң. Чалдын үйү ошол, түшүп үйгө кирип, отура бер», дейт. Көк быштынын айтканындай эле аздан кийин кара чаар жолборс Мадылгенди качырып калат. Көк бышты жаныбар учуп жөнөйт. Бир кезде Мадылген сулуу көзүн ачса алдында баягы айткан үй турат. Көк бышты Мадылгенге: «Эми үйдө отура бер. Желмогуз чал келип, эки көзү кыпкызыл болуп чыгат. Ошондо кара болот кестигиң менен эки көзүн оюп алып, эшикке жүгүрүп чык, андан аркысын мага кой», дейт.

Аңгыча желмогуз чал келип, эки көзү кызарып: «Мадылген сулуу, сакалымды карап берчи», деп чалкасынан түшүп жатат. Мадылген сулуу ар кайсы жерин бир карап, эрмектеп отура берет. Бир убакта чалдын көзү оттой жанып, түрүлүп чыгат. Ошол кезде Мадылген сулуу кара болот кестиги менен эки көзүн оюп алып, үйдөн качып чыгат Эшикте көк бышты коёндой жапыз болуп күтүп турган экен. Ал Мадылгенди мингизип алып учуп жөнөйт. Аттын күүсүнөн кар жаап, борошо уруп, көк бышты аска зоолордон өтөт, эрме чөлдөн өтөт. Ошентип бир шаардын четине келип, чөптөн алачык жасап туруп калышат.

Ал шаардын ханы Акимкандын кырк аялы бар экен. Бирок кырк аялынын бири да төрөбөй, бир перзентке зар экен. Күндөрдүн биринде Акимкан жигиттери менен ит агытып, куш салып жүрсө, коё берген кушу чөп алачыкка барып конуп калат. Хан кушту алып кел деп, бир жигитин жиберет. Жигип чаап келип: «Үйдө ким бар. Кушумду алып бер?» деп кыйкырат. Мадылген сулуу кушун алып берейин деп үйдөн чыга калганда, анын сулуулугун көрүп жигит эсинен танат. Анда кыз: «Адам көргөн немеби, же көрбөгөн немеби», деп бетине суу чачып тургузуп жиберет. Жигити ханга келип: «Таксыр ханым, мен бир периште көрдүм. Эркекче кийинген менен эркек дейин десем, үнү назик, жүзү жумшак, бетинен нур чачырап толгон айдай толукшуйт! Сиз кырк аял алдыңыз, бирок бирөө да мен көргөн сулууга тең келер эмес. Хан жигиттин сөзүнө ишене бербейт. Эртеси күнү хан дагы куш салып чыкса, кушу учуп барып, дагы чөп алачыктын башына конот. Хан, алып кел деп, дагы бир жигитин жумшайт. Ал жигит да келип, Мадылген сулуунун сулуулугунан эстен танат. Аны да жоолугу менен желпип, суу сээп, тургузуп жиберет. Жигит канга келип мурдагы жигиттин сөзүн кайталайт. Баягы чөп алачыкка кандын кушу үчүнчү күнү да конот. Бул күнү Акимкан өзү бастырып келип, «кушту алып берем» деп чыккан кыздын сулуулугун көрүп, эси ооп талып жыгылып калат. Кыз, жоолугу менен желпип, суу чачып, эс алдырат да, ханды да аттантып жиберет. Хан бул сулууга ашык болуп калат, бирок анын эркек же кыз экенин биле албай үйүнө келет.

Хан ары ойлонуп, бери ойлонуп, анан кырк аялына кеңеш салса, бир аялы: «Анын эркек же кыз экенин таанымакка, кырк ийикке сап жасап бергин деп, кырк табылгы алып барып бер. Аял болсо уңкулчуңкул кылып жонот, эркек болсо жылма жонот, ошондон эле билсе болот», дейт. Эртеси хан келе жатканда көк быштыга тил бүтүп:

– Мадылген сулуу, хан сага «кырк ийик сап жасап бер» деп, кырк табылгы алып келет. Сен мени кайчы тушай салып, кырга коё бер. Мен кыңырыңдап кетип бараткända «жардан уча турган болду» деп күйпөлөңдөп кал. Ошондо хан жигиттеринин бирин «алып кел» дейт. Сен «башка кишиге карматпайт» дегин да, ийик сапты жоно келейин деп кармай чык. Сабоолорду менин оң таноомо салып, сол таноомдон сууруп алсаң, адамдын көзү тайгылгандай ийик сап болот, дейт.

Аңгыча болбой Акимкан жигиттери менен келип калат. Хан Мадылген менен аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, «кырк аялыма кырк ийик сап керек эле» деп кырк сабоону кыздын алдына таштайт. Мадылген сабоолорду жонуп баштаганда көк бышты жарга чыга качат. Кыз «атымды алып келе коёюн» деп жөнөп калат. Сабоолорду көк быштынын оң таноосунан салып, сол таноосунан алганда чын эле укмуштай ийик сап болуп калат. Мадылген аларды алып келип ханга берет. Хан таң калып, ийик саптарды алып үйүнө кайтат.

Ал күнү хандын дагы бир аялы: «Ээ, ханым, анын эркек-кызын билбеске эмне, ат жарышмак ойнойлу деңиз. Эркек болсо этеги кетет делбиреп, жеңи кетет желбиреп, кыз болсо кымырылып чабат, ошондон эле билсе болот», дейт. Аны сезген көк бышты Мадылгенге: «Эртең кан сени менен жарышмак болду, сенин эркек-кызыңды таанымак болду. Этек-жеңинди коё берип, атка бекем отуруп, оозумду тартпай коё бер. Кайра тарткан кезде хандын тулпарын караандатпай келемин», деди.

Көк быштынын айтканындай эле эртеси хан кырк жигити менен келип: «Ии, мырза, ат жарышмак ойнойлу», дейт. Кыз макул болот. Экөө жүрүп отурушуп, бир жерге баргандан кийин аттын оозун коё беришет. Көк бышты коё берген жерден эле кандын тулпарынан озуп чыгат. Кыздын этеги кетип элби-

реп, жеңи кетип желбиреп, алдыга озуп келиптир. Хан үйүнө барып, болгон ишти айтып берет. Дале кыз экенин биле албай, ойго батып отурат.

Анда хандын кичүү токолу: «Ханым, анын эркек-ургаачысын билмек эмне экен? Уу арак, бал арак тартып туруп, аны мейманга чакырыңыз. Үйгө келгенде уу арактын кызга, бал арактын сизге сунабыз. Тиги мас болот, анан эркек-ургаачы экени билинет», дейт. Хан буга да макул болуп, эртеси мейманга чакырат. Ошондо көк бышты: «Менин тилимди алып, өзүңө өзүң бек болгун. Хан сага уу арак сундурат. Сен эки үйдөн ортосуна керме салып, ага мени аса байла да, арактын ачуусу көк быштыга, таттуусу мага деп иче бер. Мен мас болом. Кирип, чыккандар «капырай жаныбар, өлө турган болду» дей беришет. Сен менин сөзүмдү бек кармап, камырабай отура бер. Арактан баш тартпай иче бер», дейт. Кыз көк быштынын айтканындай кылат. Мадылген сулуу арактан тартынбай ичип, былк этпей отура берет. Күн бешим болуп калган кезде бир абышка эшиктен кирип: «Капырай жаныбарга убал болбодубу, жок дегенде ээси мууздап койсо боло», деди. Муну укканда мал боор эт менен тең деген туура белем, Мадылген чочуп кетип, ордунан козголгон экен. Ошол замат кыздын башынан суусар телпек ыргып кетип, кундуздай чачы төгүлө түшөт. Көк бышты куландай соо болуп, «өз убалың өзүңө, эптеп ата-энеңдин жүзүн көргөзөйүн дечү элем, акыр түбү дагы бир азапка дуушар болоорсуң» деп көздөн кайым болот. Акимкан чоң той берип, Мадылген сулууну аялдыкка алып, ага өзүнчө өргөө көтөрүп энчи бөлүп берет. Жыл айланбай Мадылгендин боюна бүтөт. Ай-күнүнө жетип, төрөй турган болгондо хан: «Ушул жашка келгенче «аа» деген баланын үнүн уккан жок элем, жүрөгүм жарылып кетер», деп ит агытып, куш салып кетет.

Күндөрдүн биринде Мадылген сулуу толгоо тартып калат. Кырк аял тигинин толгоо тартканын

билиш үчүн, «токолдун өргөөсүнөн барып от алып кел» дешип бир күндү жумшашат. Күң от алайын деп, Мадылгенден коркот, от албайын деп, тиги кырк аялдан коркот. Айласы куруганда этегин түтөтүп чыгат. Ошентип, Мадылгендин толготкону кырк аялга белгилүү болот. Алардын эси кетип эңгиреп, алы кетип алсырап, хан эми бизди карабай кетти го деп сокусун минип, сок билегин камчыланып, туурдугун түптөгөн, туткучун теминген бир кемпирге келип: «Айланайын энеке, токолдун баласын жок кылып бериңиз?» деп жалынып-жалбарып, кыркы кырк табак дилде алтын беришет. Кемпир толготуп жаткан Мадылгенге келип, Мадылгендин көзүн байлап, жаңы төрөлгөн эгиз кыз менен баланын ордуна эки күчүктү салып коёт да, эки баланы суугa ыргытып жибererде, баягы көк бышты кайып болуп келип, балдарды суугa түшүрбөй тосуп алып кетет. Куш салып жүргөн канга: «Токолуңуз эки күчүк төрөдү», деген сүйүнчү барат. Акимкан арман кылып, токолу менен эки күчүгүн кайсы бир аралга алпарып салгыла, деп буйрук кылат.

Мадылген эки күчүк менен аралда калат. Күндөр өтүп, айлар сызат, Мадылген кайгыдан жинди болуп өңдөн азат. Күндөрдүн биринде кайдан-жайдан баягы көк быштысы пайда болуп, эки баланы колуна берип: «Булар сенин балдарың. Эми мени минип тиги өйүзгө чык. Суудан кечип өтөөрдө эки көзү жок сыйкырчы чал жолугуп, учкаштырып суудан өткөрүп койчу деп суранат. Сен «өткөрүп коёюн, эки кончуңа кум толтургун» деп айткын. Чал эки кончуна кум толтурат. Эки балаңды алдыңа алып, чалды учкаштырып алгын да, аны болот кестигиң менен ургулап жүрүп отур. Бир кезде ал суугa түшүп кетет. Андан кийин менин капшытымды жара сай. Мен өлөм, ыйлап-сыктабай этимди бышырып жеп, бата кылып, уулуңдун атын Айтомуш, кызыңдын атын Күнтомуш кой. Анан кырк кабыргамды эптештирип

кармасаң, кырк канат темир үй болом. Ошол үйдүн ичинде оокатыңды кылып жата бер, андан аркысы өзү эле келет. Балдарыңа сак бол», дейт көк бышты.

Бул сапар да көк бышты айткандай болот. Мадылген сулуу аттын кырк кабыргасын бириктирип, ал кырк канат үй болуп, алар ошол үйдүн ичинде оокаттарын өткөрүп калат.

Арадан бир топ жылдар өтөт. Айтомуш айтылуу балбан болуп чоңоёт. Күндөрдүн биринде Акимкан ит агытып, куш салып жүрүп, балага жолугуп калат. Алар аркы-беркини сүйлөшүп, чогуу уулашып кумардан чыгышат. Кечинде үйүнө барганда: «Айталаадан Айтомуш деген бала көрдүм», деп аялдарына айтып барат. Ошол учурда хандын элине сырттан жоо кол салат. Айласы кеткен хан: «Эгер Айтомуш жоону кубалап чыкса, элибиздеги сулуулар Апал, Үпөлдү алып беремин», - деп айттырып бир жигитин Айтомушка жиберет. Анда Мадылген сулуу жигиттин жолун тосуп туруп: «Апал, Үпөл деген эки кызды албайт экен Айтомуш», деп хандын жигитин кайтарып жиберет. Хан жигиттерин дагы жиберет. «Апал, Үпөл эки кыз, албайт экен Айтомуш», деп Мадылген дагы кайтарып жиберет. Аңгыча бала ойгонуп калат да: «Апал, Үпөл эки кыз албайт деген эмне?» деп атка минип, хандын элин жоодон ажыратат.

Акимкан жигиттерин ээрчитип Айтомушка келе жатып, баласы менен сыртка чыгып турган Мадылген сулууну таанып, эси ооп аттан кулап түшөт. Андан кийин алар менен жүз көрүшүп, болгон окуяны угуп, аялы менен балдарын элине көчүрүп барат. Баягы мастан кемпирди тогуз жолдун тоомуна алып барып, жыгачка сайып коёт. Кырк катынын даргага астырат. Ошентип, Акимкан уулу Айтомушту өзүнүн ордуна хан көтөрүп, Күктомушту күйөөгө берип, жыргап-куунап жатып калышыптыр.

## МЕРГЕНЧИНИН КЫЗЫ

Илгери-илгери Жоомарт деген хан болуптур. Анын акылы анчалык толук эмес жалгыз уулу бар экен. Ал ар качан уулунун камын көрүп, көзүмдүн тирүүсүндө өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк боло турган, акылына акыл кошуп эл камын көрө турган колукту алып берейин деп уулуна аял издептир. Өз элиндеги кыздарды сынактан өткөрүп, акылы артык, маанайы жарык ылайыктуу кыз таппаптыр. Эмне болсо да коңшулаш хандын айылына барып эстүү-баштуу адамдардын кыздарын кыдырып көрөйүн деп кырк жигитин ээрчитип кетип баратса эки чоң жылганын ортосунда, шынаадай жайпак кичине жайыкта бөлөк-бөлөк тигилген үч боз үй туруптур. Жакындап барса эскилиги жеткен, туурдугу ыш болгон кара алачыктар экен. Хан четтеги үйдүн эшик алдына токтоп, айланта карап четте жаткан иттен башканы көрбөй үн салды:

– Бул үйдө ким бар?

Саландап жабылган чий эшикти серпип ачып бели кындай, бети айдай, саймалуу көйнөк кийген кыз чыга келип, ийилип таазим кылып:

– Мен бар, ата, -деди.

Хан кызды сынай тиктеп сурады:

– Кайсы элден болосуңар?

– Биз өзүбүзчө элбиз, эч элге кошулбайбыз, - деди кыз.

Хан таң калып, «кыз айтканымды түшүнбөй калды» деген мааниде суроосун кайталады:

– Мен кайсы хандын эли болосуңар деп сурап атам, кызым!

– Мен айттымго, ата, - деди кыз сөзүн кайталап, биз өзүбүзчө элбиз.

Эч бир ханга карабайбыз, эч бир ханга баш ийбейбиз.

Кандайча?

– Ушундайча, – деди кыз токтоо, жылганын сол жак бети Жоомарт ханга карайт, ал хандын чекарасы ушул жылганын кырына чейин, – деп сол колун жаңсап көрсөттү, жылганын оң жак бети Баялы ханга карайт, ал хандын чекарасы оң тараптагы жылганын кырына чейин, – деп оң колун серпип койду да эки колун сунуп шынаадай болгон тайпак жерди көрсөтүп,

– Мына бул эки хандын ортосундагы жер биздин жер. Ушул себептен биз өзүбүзчө элбиз.

Хан сөз таба албай жанындагы жаа асынган жигитке карады эле ал хандын оңтойсуз абалда калганын сезип сөз учугун улап кетти:

– Деги сен кимдин кызы болосуң? Такылдаганыңа Караганда атаң же апаң чечен болуш керек?

– Мен Абыштын кызы болом. Атым Айнагүл. Атам мергенчи. Ал аң улап аска ташты аралап элге кыштык эт даярдап жүрөт. Апам байдын мал кайтарып кеткен. Сиздер такылдата суроо берген соң мен такылдата жооп берүүгө аргасыз болдум. Кечиресиз байке, ашык кетсем айыбын тартайын.

– Жок-жок, - деди жигит, ат жалынан ашыра чыйт түкүрүп коюп, айып тартар иш кылган жоксуң. Андан көрөкчө келген конокту түшүрүп суусундук жуткузбайсыңбы?

– Болуптур, – деди кыз, жаныңыздагы салабаттуу атам болбосо, мадыра баш жигиттерди түш деп айта албайт элем, түшүңүздөр, түшүп даам ооз тийиңиздер: «Кудай күндүн жарыгы менен ырыскысын ааламга да, адамга да тегиз чачкан». Хан кыздын тыңдыгына ичи жылып биринчи болуп түштү. Кыз чий эшикти көтөрүп ачты.

Хан менен төрт жигити кирип калганы сыртта калды. Хандын кыраакы көзү боз үйдүн ичин чалып өттү. Жупуну жашашат экен, анткен менен баары ордунда. «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп таптаза.

Анын көңүлүн бурган бурчтагы чатыраш (шахмат) болду. Бул оюнду өзү жакшы көргөн соң кызыгуу менен сурады;

– Кызым, бул чатырашты ким ойнойт?

– Мен ойноймм, ата.

– Ким менен?

– Атам менен, айылдагы адамдар менен.

– Мени менен ойнойсуңбу? – деди хандын он тарабында отурган жигит.

– Алгач айран ичиңиздер, анан оюн болсун, – деди Айнагүл.

Хан жигиттери менен айран ичип. Чатырашка киришти. Жанындагы эки жигитти бирзаматта утуп койду. Үчүнчү болуп хан ойноду. ыз утуп келип аягында атайын уттуруп койду. Аны хан да сезди. Оюн бүткөндөн кийин хан сурады:

– Чатырашты туура ойнобой койдуң го, кызым?- Кыз жымың этти:

– Болсо болоор, ханым.

– Сен менин хан экенимди кайдан билдиң?

– Баары эле ханым десе айтпаса да түшүнүктүү эмеспи, -деди кыз.

Сыртка чыгып коштошуп кетип бараткaнда четтеги жигитке ит асыла берди ал эңкейее түшүп жылан боор камчы менен башка чапканда ит каңкылдап ээсине корголоду. Кыз иттин башын сылап сыйпап:

– Эч нерсе эмес, агасы инисин ушинтип ура берет, – деп күлдү. Хан кыздын какшык сөзүн угуп алып ууртунан жылмайып бастырып кетти. Ал уулуна акылдуу колукту тапканына кубанды. Кийинки жумада куда түшүп мергенчинин кызына уулун үйлөндүрүп чоң той өткөздү.

Арадан бир жыл өтүп хан каза болду. Анын ордуна уулу Муңдук хан болуп эл башкарып калды. Мамлекет ишине Айнагүл катышып акылын үйрөтүп турду. Хандын башкы вазири муну сезип оома Муңдукту көкүтүп: «Сен хан болуп туруп жалчынын

кызын аял кылганың туура эмес, хан ханга же хандын кызына үйлөнөт. Айтылуу Көйкапта хандын перидей кызы бар, сен ошого үйлөнүшүң керек» деп күндө айтып акыры көндүрдү.

Муңдук аялы менен акылдашпай падышалыгын убактылуу башкы вазирине калтырып жалгыз өзү Көйкапка жөнөп кетти. Үч ай тынбай жол жүрдү. Акыры издеген калаасын тапты. Перинин кызы тоонун арасында жашайт экен. Айланасы бийик тоо, ортосу мейкин талаа, толгон токой, аскадан аккан шаркыратма, алар чогулуп дайра болуп шаарды жарып өтөт экен. Бактан бакка учуп конгон ар түрлүү канаттуулар. Айтор бейиш жер экен. Калаанын кирериш капкасында отурган күзөтчү карыя Муңдукту токтотуп сурады:

– Атың торгойдой, өзүң ыргайдай болуп кыйналып кайдан келатасың, кайда баратасың, балам?

Муңдук бир элдин ханы экенин, перинин кызынын атын угуп ашык болуп келатканын жашырбай айтып берди.

– Ээ балам, – деди күзөтчү, бекер келатасың. Сага окшоп хандын кызына ашык болуп келгендер көп болгон, бирок бири да койгон шартын аткара албай баары түбөлүк кул болуп ушул жерде калып калышты. Сен менин тилимди алсаң барба. Аман сооңдо ушул жерден атыңдын башын кайра тарт.

– Ал кандай шарт?

– Анын шарты жөнөкөй. Кимде ким чатыраштан аны утса ал ошого турмушка чыгат. Уттурса түбөлүк кул болот. Атасынын кол астында иштейт.

– Барам, – деди Муңдук, – мен аны чатыраштан бир эмес миң жолу утам.

Кароолчу кары киши ары айтып, бери айтып көндүрө албай койгон соң хандын кызына келген кишинин кабарын билгизди эле үстүнө кирүүгө руксат берди. Мундук кирип кыздын сулуулугуна таң калып оозу ачылып токтоп калганда:

– Кириңиз, жогору чыгып отуруңуз, – деди кыз.

Мундук төргө чыгып отурганда кыз сөз баштады:

– Жигит, сиздин эмнеге келгениңизди айтышты, бир элдин ханы экениңизди да уктум, мага үйлөнүш үчүн кандай шарт коюлганын билерсиз?

– Билем, – деди Мундук, сени менен чатыраш ойноого даярмын.

– Жакшылап ойлонуңуз, – деди кыз, алыңызга, акылыңызга караңыз. Уттуруп коюп арманда калбаңыз. Кул болуш оңой эмес. Кулдун эрки жок, анын тагдыры кудайдан мурун ээсинин колунда, аны менден да жакшы билесиз...

– Ойноймм, – деди Муңдук дөөгүрсүп, сага окшогон кыз эмес нечен оюнчу эркектерди уткам.

– Мейлиңиз, – деди кыз сылык сүйлөп, эрк өзүңүздө.

Экөө чатыраш залга кирип калыстарды каратып коюп ойноп киришти. Мундук канчалык аракет кылса да кызга уттуруп, кул болуп чоочун элде кала берди.

Айнагүл эрин бир жыл күттү. Эки жыл күттү. Ал ың-жыңы жок жоголуп кеткен соң эркекче кийинип, эрдине мурут чаптап, таанылгыс болуп издеп чыкты. Үч ай жол жүрүп кыздын жерине келди. Шаардын капкасын кайтарган күзөтчүгө мындан эки жыл мурун Муңдук деген жигит ушул тарапка келип жок болуп кетип, ошону издеп жүргөнүн айтты.

– Андай жигит келген, бирок кайра чыккан жок. Ал кызга чатыраштан уттуруп кул болуп калса керек, – деди күзөтчү ойлонуп.

Айнагүл күзөтчүдөн уруксат сурап шаарга кирди. Элдин көп жүргөн жерин кыдырды, бирок эрин тапкан жок. Сураштырып кен казган жерге келди. Ал ошол жерде көмүр казып, аны каптап сыртка ташып, жылаңайлак-жылаңбаш, карала-торала болуп жүрүптүр. Аялын тааныган жок. Кул катары жүгүнүп учурашты. Айнагүл кул ээсинен жарым күнгө Муң-

дукту бошотуп алып, мончого түшүрүп, чач тарачка аялдыкындай узун өскөн чачын алдырып, ороктой болгон тырмагын кестирип, таманынын чорун кырдырып чүпөрөккө түйүп, кийими менен кошо каттырып койду. Өзүн тамакка тойгузуп, таза кийиндирип кайра жиберип өзү хандын кызына барды.

Хандын кызы акыйкатта адам суктанаар сулуу да, акылдуу да кыз экен, маектешип отурганда сурады:

– Жигит менин шартымды билесизби? – деди.

– Билем, – деди Айнагүл такалбай жооп айтып, билген үчүн келдим.

– Билсеңиз абдан жакшы, – деди хандын кызы сылык сүйлөп, сиз өтө эле жаш, назик экенсиз. Үнүңүз да жоонойбоптур. Тил алып ойлогон оюңуздан кайтыңыз. Сиздин мага уттуруп коюп кул болууңузду каалабайм.

– Рахмат, – деди Айнагүл, эскерткениңизге ыраазымын. Мен утам, сизге үйлөнөм деп келгем. Андыктан сиздин койгон шартка мен макулмун, ал эми мен утсам менин шартыма сиз көнөсүзбү?

– Ал эмне шарт?

– Мен утсам мен сизди айылыма алып кетем, бул бир. Экинчиси сиз мага уттурган соң сиз утуп алып түбөлүк кул кылган адамдарга бoштондук берүүңүздү талап кылам. Ушуга макулсузбу?

– Макул, – деди падыша кыз ойлонуп туруп, сиздин айтканыңызды аткарам.

Падыша кыз мурункудай эле утам деп ойлоду, бирок Айнагүлгө уттуруп койду. Бир эмес үч жолу катары менен уттурду. Бул кабар шаар элине чагылгандай тарады. Кыздын атасы, апасы капа болуп ыйлап кулдарды кулчулуктан бошотуп, нечен төөгө алтын күмүш артып кызын узатышы. Бир нече ай жол жүрүп айылга жакындаганда эл менен аралашып келаткан Муңдукту чакырып алып, хандын кызын беттештирип:

– Мен сизди аялдыкка албайм, сиз менин ушул байкем Муңдукка аял болосуз. Мен кеттим. Мындан ары силер менен көрүшпөйм, – деп аларды калтырып талаанын чөбүн аралата чапкан бойдон кетти. Кыз да, Муңдук да эч нерсеге түшүнбөй таң калып анын карааны үзүлгөнчө карап турушуп сапарын узатышты. Айнагүл айланып айылына келип аял кийимин кийип коп киши менен эринин астынан тосуп чыкты. Добулбас урулуп, музыка ойноп айлананы шаңга бөлөдү. Муңдук Айнагүл менен сүйлөшмөк түгүл учурашкан жок. Хандын кызын өзүм апкелдим деп элге мактанды. Арадан бир ай өтсө да Айнагүлдү теңсинбей, а түгүл шылдыңдоочу болду.

Бир сапар Айнагүл вазирлерди, казыны, айыл аксакалын бүт чакырып алып калыска түштү.

– Бул жерде баштаган ханыңар, жалпы эле кадырман калк турасыздар, -деди Айнагүл. Сиздерге айта турган сөзүм бар эле.

– Ал эмне сөз? -деди вазир.

– Ханыңар айтсын, кантип перинин кызын алып келгенин.

– Кантип алып келмек элем, – деди хан аялынын сөзүн жактырбай, перинин айылына барып чатыраш ойноп уттум. Анан хан кызын узатып колума салып берди.

– Калп айтат деди Айнагүл, бул кызды ханыңарга мен алып бергем.

Эл дуу дей түштү. Вазир такып сурады:

– Айтканыңды аныктай аласыңбы?

– Аныктайм.

– Кантип?

– Ал үчүн Муңдук хандын жакшы көргөн жарын чакыргыла, анан мен аныктап берем.

Жигиттер барып перинин кызын чакырып келгенден кийин Айнагүл катып койгон баштыктын оозун ачып Муңдуктун кул болгондо кийип жүргөн кийимин, бүркүттүн тырмагындай болгон тырма-

гын, эти менен бутунун какачын алып чыгып элге көрсөттү:

– Бул кийим ханыңардын кийими, бул какач ханыңардын какачы. Перинин кызына чатырашты уттуруп, кул болуп калган. Мен аны ошол кулчулуктан бошотуп перинин кызына үйлөндүргөм, – деди. Эчкинин терисинен ичке кылып жасаган мурутун алып эрдине жабыштырып, перинин кызына бурулуп, сен мени тааныйсыңбы? – деди.

Перинин кызы басып келип Айнагүлдүн астына чөгөлөп, этегине өөп:

– Тааныйм эже, тааныйм. Сиз менен чатыраш ойногондо эркек деп ойлогом, бирок үнүңүздүн ичкелигинен, териңиздин жукалыгынан шекшигем. Бала эле бойдон деп ойлогом. Көрсө сиз сыйга татыктуу жан экенсиз. Сиз мага эже болуңуз, мен сизге сиңди болоюн. Муңдук ортобузда эркелеп эл башкара берсин, – деди.

Муңдук өзүнүн кул болгондогу тытылган кийимин, жуулбай чачышкан кыркылган узун чачын, денесинен чыккан какачын, аюнукундай болгон тырмагын көргөндө башын көтөрө албай калды. Эл перинин кызынын айтканын туура көрдү. Үчөөнө ынтымакта жашоону каалашты.

Мына ушундан кийин хан Айнагүлдүн сөзүн угуп, эл башкарып бактылуу өмүр сүрүштү.

## МЕНДИРМАН

Илгери өткөн заманда Мендирман деген жигит Карахандын шаарына тентип барат. Ал а дегенде ашпозчулукка өтөт. Анын иштеген иштери орундуу болгондуктан Карахан өзүнүн тулпарын бактырып коёт. Ал тулпарына айына үч кап арпа берип турчу экен. Бирок Мендирман тулпарды багып жүрүп, алты айга чейин жемдик арпа сурап келбейт. Анын үстүнө хандын тулпары мурдагыдан да жакшы бо-

луп, жылтылдап колго карматпай калат. Буга хан таң калат. Бир күнү хан баягы жигитти чакырып алып, атын сурайт:

– Атың ким?

– Атым Мендирман.

– Мендирман, анда сага менин бир суроом бар. Сага чейинки тулпарды баккан жигиттер үч кап арпа бир айга жетпей калды, – деп, улам кайра сурап алып турчу эле. Эмне себептен үч кап арпаны алты айга жеткиздиң жана тулпар семиз чыкты?

– Ээ, ханым, аз көз адамдын колунда береке болбойт. Алар тулпар менен кошо арпаны жешкен да. Экинчи бир себеби – тулпар өзү тойбогон мал болот. Ачкөзүрөөк келип, арпаны чайнабай жутат. Мен ошол арпаларды заңынан кайра жууп, кургатып кайра бердим. Ошентип үч кап арпа алты айга жетти.

Ии, мында бир кеп бар экен деп хан ойлонуп калат. Карахандын бир адаты болот эле, ал жакшы көргөн адамына ар убакта өз колу менен нан сындырып берчү эле. Бул жолу да Мендирманды эркелетип нан сындырып берет. Андан кийин Мендирмандын баскан турганына көз сал деп, артынан бир жигитти койгон экен. Ал жигит Мендирмандын баскан турганын ханга жеткирип турат. Бир күнү Мендирман хандын тулпарларын сугарып жатып уйга чалышкан жери бар экен деп күбүрөп калат. Аны баякы жигит ханга жеткизет. Хан Мендирманды чакыртып алып сурайт:

– Ээ, Мендирман саяпкер көрүнөсүң, менин тулпарымды сынап бер, – дейт.

– Жок, ханым. Хан менен хандын тулпарына сын жок, – деди.

– Тулпарды сындайсың, сындабасаң башыңды алам, – дейт хан.

Мендирмандын айласы кетип, тулпарды жетелеп чыгат. Суунун ары жагына бир тартып, бери жагына бир тартып, кечиртет.

– Тулпарыңыз тулпар экен, бирок уйга чалышкан жери бар, ысыкта элирип, салкында жакшы жүрүп, андан башка айыбы жок, – дейт.

Хан буга таң калат. Чынында эле тулпардын ысыкта элирип, салкында жакшы жүрмөй адаты бар экен. Бирок мунун уйдан чалышканын кантип билди деп ойлойт хан. Ал жылкычысын чакыртып, тулпардын кандай туулгандыгын айт, – дейт. Ал киши уйга чалышканы чын дейт.

– Мунун туулганын адегенде мен көрбөй калдым, бирок кийинчирээк барсам уйду эмип турган экен. Чаар бээ жанында оттоп жүрүптүр, мунун уйга чалышканы ушул дейт.

Хан Мендирманга ыраазы болуп, тулпардын сынын туура айттың, бирок тиги ысыкта элирип, салкында жакшы жүргөнүн кайдан билдиң дейт.

– Аны билүү оңой, – дейт Мендирман. Төрт түлүк малдын ичинен сайгактаган уй, ылаалаган ат. Тулпар ылаалабайт, бирок элирип кетет, бул – уйдан калган адат дейт. Хан:

– Андай болсо, мени да сындап бер, – дейт.

– Ханга сын жок, – дейт Мендирман.

– Мени сындабасаң башыңды алам, – дейт хан.

Эми болбостур, Мендирман ханды ары кара, бери кара, – дейт. Ары карасаң хандын уулу кейиптенесиң, бери карасаң, навайчы карасарттын уулу экенсиң, – дейт. Хандын ачуусу келип энесин чакыртат. Энеси сексенге барып калган экен.

– Эне, бул жигит мени – мени навайчы карасарттын уулу, – дейт, ачык айтып, ак сүйлө, жалган айтса башын алам, – дейт. Анда энеси, өлөрүм калды, өсөрүм калган жок, эми кантип калп айтайын, жазыксыз кишинин күнөөсүн тиги дүйнөгө кантип алып кетейин, мунун айтканы чын, – дейт. Атаң баласыз жүрүп, карыганда боюма бүтүп, мен төрөөр күнү навайчынын аялы да толготуп, экөөбүз бир күнү төрөдүк. Меникин карасам кыз анык эркек экен.

Ал эс-учун билбей жаткан эле, алдымдагы кызды ага жылдырып, анын алдындагы эркек баланы өзүм алдым. Сени хандык кылган жазыгымбы кааласаң башымды ал, же тиги жигитти бошот, – дейт.

Хандын ачуусу келип, энесине сөз айта албай, менин навайчынын уулу экенимди кантип билдиң дейт.

– Ал эң эле жөнөкөй дейт Мендирман. Ар кимдин өз иши өзүнө кымбат. Сиз ар убактарда көңүлүңүзгө жаккан кишиге нан сындырып берчү элеңиз. Навайчыга нандан кымбат нерсе жок, ошол үчүн навайчынын баласы го дедим.

Хан мунун таап айтканына ыраазы болуп, сен мындан ары ат багуучу болбой, кырк жигиттин бири бол деди. Мендирман мындан дагы бат эле көрүнө баштады. Ал барган жердеги иштер бат бүтүп, жигиттер да кадырлап баштады. Аны көргөн хан адегенде он башы, анан кырк башы кылды. Карахандын алты шаар эли бар эле. Эл дагы Мендирманды кадырлай башташты. Муну көргөн Карахан бир күнү аны чакыртып алып, ата-баладай болуп калдык, мага башкы вазир бол, алты шаарды кыдыр, сүйгөн кызыңды алып берейин деди.

Мендирман ат агытып, куш салып жүрүп Күлгаакы деген кызды жактырып калды. Ал ай десе арксыз, күн десе көрксүз ашкан сулуу экен. Чоң той берип жатып, Мендиман үйүнө айлып келет. Аны көргөн хагдын жигиттери ханга барып, ханым Күлгаакы Мендирманга эмес сизге ылайык экен дешет. Карахандын көңүлү бузулуп, кандай жол менен Күлгаакыны тартып аларды билбейт. Бир күнү ага бир кемпир келип, мени он алты жаштагы жигитке алып бериңиз, Мендирмандын аялын алып бериштин жолун табамын дейт. Хан макул болот. Кемпир ханга мындай дейт:

– Карт ооруган кишиге Айкөндүн сүтү даары, карт ооруп калыптырмын деп Мендирманды Айкөндүн сүтүнө жибер. Ага барган киши көп болгон,

бирок келген киши жок болгон. Барган кишини Айөкөн жутуп таштайт. Андан башка айөкөндүн жолунда кырк каракчы бар. Айөкөнгө жеткиче эле кырк каракчыдан өлөт, – дейт кемпир. Хан калп оорумуш болуп Мендирманды чакыртып:

– Мендирман балам, ата-баладай болуп калдык эле, карт ооруп калдым,

Айөкөндүн сүтү даары дейт, сенден башка жигит жарай турган көрүнбөйт. Ошол Айөкөндүн сүтүн алып келип бер, – дейт. Мендирман макул болот. Хандын оюн түшүнүп, алты шаардын темир устачыларын жыйнап, жети катар темир үй салдырат. Сегизинчи күнү ханга келип, мен Айөкөндүн сүтүнө барууга даярмын дейт.

Карахан кайра ойлонуп, бузукунун тилине кирип, жакшы көргөн вазиримен айрылып каламбы, сулуу аял кайда жок деп ойлойт. Мендирман балам, жакшы болуп калыптырмын, Айөкөндүн сүтүнө барбай эле кой дейт. Анда Мендирман.

– Тарт колуңду тарт! – мен айткандан кайткан эмесмин, – деп атынын башын буруп, жүрүп кетет. Мендирман көп жол жүрөт. Аты ыргыйдай, өзү кыргыйдай болот. Бир күнү Мендирмандын атына тил бүтүп:

Мен мен мен бийик,
Мен үстүмдө сен бийик.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?

Мен мен мен бийик,
Мен үстүмдө сен бийик.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Анда ат айтат:

– Тээ алыскы көрүнгөн Кара-Тоонун этегинде кырк каракчы жол тосуп олтурат. Сен да өлөсүң, мен да өлөмүн, – дейт.

– Бара көрөбүз, ажалсыз чымын өлбөйт, ажалыбыз жетсе качсак да өлөбүз. Тике бара бер, – дейт. Аңгыча кырк каракчы жетип келип, тизгинден алат:

– Аттан түш, башыңды алабыз, атыңды соёбуз.

– Өлтүрсөңөр өлтүргүлө, даарат алып алайын, уруксат бергиле, – дейт. Мендирман даарат алып жатканда кырк каракчы кеңешет. Алдыбыз аксакал болдук, артыбыз көк сакал болдук. Мындай неме көрө элекпиз. Колго түшкөндүн баары эле, ата-энем кары эле, балдарым жаш эле, деп ыйлашчу эле. Бул жөн киши эмес, талаалап жүрүп өлөбүзбү? Белдүү киши болсо ушуну бел байлап, эл четине барып оокат кылсак кантет. Аксакалдын сөзүнө баары макул болушат. Мендирман келгенде ал жайын сурап, кырк жигит кылып алууга өтүнүшөт. Мендирман макул болуп, айөкөндүн сүтүнө баратканын айтат, кайра келатып алып кетем дейт. Кырк каракчы ай туяктуу бээ чалып, курун мойнуна салып, кудайга жалынып, Мендиманды узатышат.

Бир күнү мендирмандын аты сүйлөйт:

Мен мен мен бийик,
Мен үстүмдө сен бийик.
Мен көргөнду көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?

Мен мен мен бийик,
Мен үстүмдө сен бийик.
Мен көргөнду көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?

Анда ат айтат:

– Тээтиги түлүндөй жерден түтүн чыгат, ошол жерде Айөкөн бар.

– Ассолом алейкум энеке, – деп айт.

– Салам айтпасаң саргайтат элем балам дейт. Эмнеге келдиң балам, – дейт.

– Сиздин сүтүңүзгө келдим, – дейсиң.

– Менин сүтүм ушул, – деп кырк кулактуу каза-

нын тегеретет. Ошондо мен коендон жапыз болоюн, сен кыргыйдай илгич бол. Кырк кулактуу казанды жалынга койсоң, качып жөнөйүн. Казанды ала албай калсак өлдүк, сени да, мени да жутат. Казанды алып кетсек, мен жеңилдим деп чакырат, кайра барабыз. Ошентип Айөкөнгө барышат.

– Ассолом алейкум энеке, – дейт.

– Салам айтпасаң саргайтат элем балам!

– Алик албасаң алсыратат элем энеке!

– Эмнеге келдиң балам?

– Сиздин сүтүңүзгө келдим энеке.

– Менин сүтүм ушу деп кырк кулактуу казанды тегеретет. Ошол замат Мендирман казанды ат жалына коюп, качып жөнөйт.

– Мен жеңилдим балам, – деп Айөкөн кайра чакырат. Мендирман келет. Анда Айөкөн айтат:

– Балам менде сүт жок, сени касташкан бирөө жиберген экен. Мага келген киши көп болгон, кеткен киши жок болгон. Башыңа күн түшсө түтөткүн деп мурутунан жулуп берет. Мендирман келатса, кырк каракчы кырк дөбөнүн башына чыгып алып, буркурап ыйлап отурушкан экен. Мендирманды көрүшүп, сүйүнүшүп, бээ союп той берет. Мендирман Карахандын шаарына келсе, аялына жасаткан жети катар темир үйдүн алтоосун талкалап, жетинчисине киришкен экен. Кырк жигити менен Мендирман согушка кирет. Хан көптүк кылып, Мендирмандын жигиттерин көбүн өлтүрүп жиберет. Мендирман чарчап-чаалыгып качып чыгат. Ошондо Акөкөндүн айтканы эсине түшүп, мурутун күйгүзөт. Дароо Айөкөн даяр болот. Ага болгон окуяны айтат. Айөкөн үрүп чыккан итин жутуп, мөөрөгөн уюн жутуп, хандын айылын талкалап жиберет. Хандын айласы кетип Мендирманга жеңилет. Мендирман хан болот. Караханды нан жапкан навайчы кылып, элин адилеттүү башкарган экен.

## МҮНҮШКӨР

Илгери-илгери он жети жашар мүнүшкөр бир байдын үйүнө келип консо бир бүркүт турат. Эртең менен бай байбичеси экөө желеге бээ байлайлы деп кетишет. Бала бүркүткө карап:

– Кайран асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийипсиң, – деп сүйлөнөт.

Анын сөзүн угуп калган бир бала байга барып:

– Үйдөгү конок бала бүркүттү "кайран асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийип калыпсың" деп жатат, – дейт. Балага келип бай:

– Бүркүттү таптап бергин, -дейт.

– Бүркүттү таптоону билбеймин, – дейт бала.

– Балам, ушул бүркүттү таптап берсең, кызымды сага беремин, – дейт бай. Ошондо бала макул болуп:

– Эки жыл туу калган бээ тап, бир боз үй тиктирип коюңуз, ал үйдүн ичинде эч нерсе болбосун, ага бүркүттү коёмун жана бээни союп этин киргиземин, – дейт. Бай эки жыл туу калган бээни алып келет жана бир үйдү тиктирип даярдайт, үйдүн ичине эч нерсе койдурбайт. Бала бээни сойдурат, аны бүтүн үйгө киргиздирет. Бүркүттү да кийирип байлабай бош коёт. Ал чыгып кетпей турган кылып үйдү жылчыгы жок бекитет. Ошентип бүркүттү камап коёт да, кээде гана суу берип коюп жүрөт. Бүркүт бээнин этин жеп бүтүп, семизинен баса албай калат. Бала: "Баса албай калган бүркүт таптоого оңой болот" деп, таптай баштайт. Бир ай таптагандан кийин аны түлкүгө салуу үчүн алып чыгат. Бир топ киши менен бала кыдырып жүрсө, бир кара түлкү чыга качат да, бүркүттү көрө салып тиктеп туруп калат, ал жөн түлкү эмес калтар экен. Бала бүркүттүн томогосун башынан алат да, бирок бүркүттө калтарга салбай томогосун кайра кийгизип коёт. Бала менен

бирге жүргөн кишилер: “Бүркүттү эмне салбайт?” деп таң калышат. Бала бүркүттү томогосун дагы башынан шыпырып алып, бүркүттү салбай томогосун кайра кийгизип коёт. Баланын жолдоштору “бул бала бүркүтүн эмне салбайт, калтарды бизге ыраа көрбөй турат го” дешип наалышат. Бала томогону алып бүркүттү шилтейт. Бүркүт калтарга карабай асманга кетет. Калтар болсо алдыңкы эки бутун көтөрүп асманды тиктеп калат. Бүркүт өтө бийик көтөрүлүп, карааны көзгө көрүнбөй үлбүлдөп калган кезде шукшурулуп тик сайылып келип калтарды башынан мыкчый кармап көккө көтөрүлдү да, жерге таштап жиберди. Калтарды алышкандан кийин жолдоштору:

– Эки жолу бүркүттүн томогосун алдың, бирок салбадың, үчүнчү жолу гана салдың, мунун себеби кандай? – деп баладан сурашат.

– Биринчи жолу асыл менен асыл кантип беттешет деп бүркүттү калтарга салууга колум барбады. Экинчи жолу асылды асыл кантип кыят деп салууга колум барбады, үчүнчүсүндө тобокел деп чымырканып туруп бүркүтүмдү коё бердим, бүркүттүн асманга бийик чыкканынын себеби, ал канчалык бийик көтөрүлсө, ошончолук тиктей берип түлкүнүн көзүнө жаш толот, качырып келе жаткан бүркүттү көрбөй калат. Акчекир деген бүркүт ушул – деди бала. Эл: “Чынында байдын кызы балага ылайык экен” дешип, баланы үйлөндүрүп-жайландырып коюшат.

## КААРДУУ ХАН

Илгери бир хан элине абдан ырайымсыздык менен карап, алтымыш жашка чыкканча перзент көрбөйт. Мунун карамагында эки вазир болот. Бир күнү хан ойлонуп отуруп, биринчи вазирин чакырат:

– Менин өсөрүм калган жок, өлөрүм калды. Менден эч кандай перзент жок. Эгерде ажалым жетип

өлүп кетсем, артымдагы мал-мүлкүмдү ким ээлейт? – деп биринчи вазирден сурайт. Анда биринчи вазири: “Эгерде ажалыңыз жетип, көзүңүз өтүп кетсе, балам жок эч кандай капа болбоңуз, биз деле ээлейбиз, ”-дейт. Хан вазиринин башын алдырып таштайт. Экинчи күнү экинчи вазирин чакыртып, хан жогорку сөзүн кайталайт. Анда ал вазири:

– Ханым, эч кандай капа болбоңуз, бир айласын табабыз, – дейт.

– Айласын тап, – дейт хан.

– Ханым, мага темирден таяк, темирден чокой, түгөнбөс гүлазык таап бериңиз. Хан вазирдин айтканынын бардыгын берет. Вазир буларды алып, ханга бала тилеш үчүн жолго чыгат. Айлап-жылдап жол жүрүп отуруп, бир күнү эки жолдун айрылышына барганда бир аксакал кишиге жолугат. Вазир салам айтат.

Аксакал киши алик алып:

– Кайда барат элең, балам? – деп калды.

– Биздин ханыбыз алтымышка чыкканча перзент көрбөгөндүктөн, мен ханга бала тилеп чыктым эле, – дейт. Анда аксакал киши:

– Сен ханга бала тилеп чыга турган болсоң, мен бир сөз айтамын: Сенин ханың абдан ырайымсыз, элге каардуу, жетим-жесирге кайыр санабайт. Элдин муң-зарын түшүнбөйт. Ошондуктан перзент көргөн жок, силер чын ыкласыңар менен бала тилей турган болсоңор, дайындуу бир адам каттай турган тогуз жолдун тоомуна бир дүкөн, бир сарай, бир чайкана куруп, ошол жолдон өткөн-кеткендердин бардыгына, ач калган, кеч калгандарга оокатты, кийимди акысыз берип, адамдарды жети жылга чейин түнөтүп, өткөрүп турасыңар. Жети жыл өткөндөн кийин да жолугушарбыз, башка айтаарым жок, – деп аксакал киши көздөн кайым болду. Ушуну менен вазир жолго түшөт. Кайра дагы ошончолук жол жүрүп, жерине келет. Келгенде хан вазирди чакыртып:

– Кандай, айласын таптыңбы? – дегенде, вазир ошол сөздүн бардыгын ханга айтат. Хан макул болуп, тогуз жолдун тоомуна баягы аксакал кишинин айтканынын бардыгын куруп, иреттейт. Жети жыл бою жолоочулардын бардыгын багып, кийим, оокат менен камсыз кылат. Жети жыл бүтүп, сегиз жылга айланганда хан кургандарын көчүрүп, өзү алдында келе берет. Хан жалгыз келе жатса, жолдо бир аксакал киши жолугат. Ал ак сакал кишиге салам айтат. Ал алик алып туруп:

– Баякыларды аткардыңбы? – деп туюк гана сурайт. Хан ал сөзгө түшүнө коюп:

– Толук аткардым, таксыр, – дейт.

– Анда сен бул сөздү толук аткара турган болсоң, жакшы болуптур, алтымышка чыкканча перзент көргөн эмес элең. Сен мына бул алманы ал – деп, бир алма берет.

– Бул алманы алып барып, кечке маал тышкы кабыгын аарчып кара бээге бер, алманы тең жарып, байбичең экөөң бөлүп же. Байбичеңдин боюна эгиз эркек бала бүтөт. Таптакыр туубаган кара бээң боoз болот. Ал эми эгиз эки бала төрөлгөндө бирөө сага, бирөө мага. Өзүңдө калган баланын атын, Шаайсмайыл коёсуң. Бээң тууганда кулундун атын Камыртай коёсуң, – дейт. Ошону менен экөө ажырашып кете берет. Үйүнө келип, ордосунда иштерди айлаштырып жүрүп, койнундагы алма эсинен чыгып калат. Чай ичкенде эсине келбейт. Чечинип жатаар мезгилде койнуңдагы алма түшүп кеткенде гана эсине келет. Хан алманы аарчып, байбичеси экөө бөлүп жеп, ак сакалдын айтканын аткарат, ушундан баштап байбиченин да, бээсинин да боюна бүтөт. Тогуз ай, тогуз күн болгондо хандын байбичеси эгиз эркек бала төрөйт. Бээси да эгиз эркек кулун тууйт. Эгиз эркек баланы эч кимге көрсөтпөй, бир кемпирге каратып, кара бээни жер үстүнө чыгарбастан, жер астына орун жа-

сап, ошол жерге бактырат. Төрт күн болот дегенде, кечки тамакты ичип жаткан убакта эшиктен салам айтып, бир ак сакал киши кирет. Хан алик алып, төр жактан орун берет.

– Кандай, аялың төрөдүбү, бээң туудубу?– деп сөзгө келет. Анда хан.

– Аялым эгиз эркек, бээм эркек кулун тууду, – дейт.

– Балдар кайда? – дейт ак сакал.

– Балдарды бир кемпирге бактырып жатам, – дейт хан. Ак сакал киши эки баланы алдырып келип, бир баланы ханга берип, бирөөнү өзү астына алып олтурат.

– Сенин алдында отурган баланын аты, Шаамысмайыл, кулундун аты Камыртай болсун, кулун Шаамысмайылдын келечекте мине турган аты – деп, бир баланы алып, көздөн кайым болот. Ошондон баштап хан баланы бага баштайт. Молдого берип кат таанытат. Бала сегиз жашка чыгат. Ал дайым суугa барып, кайырмак салып жүрөт. Ошол мезгилде суунун боюна бир боз үй пайда болот Андан бир кыз дайыма суу алып кетет. Бала кызды көрүп, сүйүп калат. Бала бир күнү энесине:

– Мага аял алып бергиле, – дейт. Энеси ханга айтат. Хан:

– Шаамысмайыл али жаш, аял алгыдай боло элек, коё турсун, – дейт. Ага, Шаамысмайыл болбойт. Хандын айласы кеткенде вазирлерин чакыртып, Шаамысмайылга кыз тандатып жөнөтмөк болот. Муну Шаамысмайыл угуп:

– Атам убаракерчилик тартып, башка жакка киши жөнөтпөсүн. Ушул жерде бир кыз бар, ошону алып берсин, – дейт.

– Мен өзүм хан болуп, эл бийлеп туруп, ушул кызды балама кантип алып беремин, – деп хан болбойт.

Мында бала сүйлөбөстөн, тамак ичпестен, эки күн жатып калат. Хандын айласы кетип, суунун

боюндагы боз үйгө жуучу жиберет. Жуучу суунун жээгинен бул үйдү таппай кайта келет. Бала энесине:

– Камыртайды бир көрөйүн, – дейт. Энесинин болбогонуна койбостон, атты жетелеп чыгып, минип алып, ары-бери бастырып:

– Апа, атты менин атым дедиңер эле, “камдалган жоо-жарак, кийим-кечек бар дедиңер эле, мага көрсөтүңүзчү, кийип көрөйүн, жарашар бекен, жарашпас бекен? – дейт. Энеси жоо-жарагын, кийим-кечесин, ээр токумун алып берет. Бала жарагын асынып, кийимин кийинип, атка минип ары-бери бастырып көрсө, ат жер баспайт, учкан сыяктуу болуп көрүнөт. Ары-бери бастырып келип, энесине:

– Мен кеттим, эне, – дейт. Энеси чачын жулуп ыйлайт. Ага да болбойт. Анда энеси;

– Түгөнбөстүн күл азыгын көп кылып камдап берейин, анан кеткин, – дейт. Бала ага да болбойт. Күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп бир жерге барса, бир боз үйдүн орду турат. Бул журтта бир кеседей таш жатат. Ташты аңтара салса, таштын астында Гүлдүзардын жазган каты бар экен. Ал катта мындай деп жазылган: “Шаазысмайыл, сен анык эр жүрөк, туруктуу жигит болсоң, мени издеп келерсиң. Биз Мисир шаарына көчүп кеттик. Жок, коркок жигит болсоң, ушул жерден кайра тартарсың” деп казылган. Катты окуп, Шааысмайыл андан ары жолун уланта берет. Дагы эки күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп, бир жерге барса эки жагында жол жок бир капчыгайга туш келди. Ал капчыгайда жалан гана адамдын башынан бүткөн, эч бир жан өтө алгыс бир чоң дубал турат. Ары-бери бастырса, жол жок, айласы куруп турганда Камыртайга тил бүтүп сүйлөйт:

– Мен жүгүрүп бара жатып токтоймун, ошол учурда кылычың менен дубалды колуң жетсе жетпесе да шилтеп өт. Ошондо дубал урап түшөт. Андан ары дубалдын ичине киргенден кийинкисин өзүң билесиң, – дейт.

Ат айтканындай бир жерге келип токтойт. Шаасмайыл кылыч менен чаап өтсө, дубал кулайт. Бул дубал жалаң гана кишинин башынан курулуп, бир кишинин башынын гана орду калыптыр. Ал дубалдын ичине кирсе, бир чаар тулпар Камыртайды көргөндө кишенеп тизесине чейин, дагы арыраак бастыра түшсө, көзүнө чейин жерге батты. Далдаага Камыртайды байлап, арыраак барат. Эч кандай адам жок. Бирок, коргондун ичинде абдан сонун кооз бак асман тирейт. Ал бактын ортосундагы көлдүн четинде бир терек бар. Аяк-быягына көз жүгүртсө, эч ким билинбегендиктен, Шааысмайыл теректин башына чыгып кетет да, уктап калат. Ошол мезгилде үч кыз келип, көлдөн суу алайын десе, сууда бир абдан сулуу жигиттин сүрөтү турат. Кыздар ал жигитти кармап алабыз деп, көпкө убара болушат. Чакаларына суу сузуп алышса, анда да жигиттин сүрөтү түшөт. Кармап алалы дешсе, колго илинбейт. Кыздардын айласы кетип чарчаганда кетип калышат. Кыздардын падышасы:

– Эмне кечиктиңер! Силердин башыңарды аламын, – деп кысымга алат. Кыздар көргөнүн айтып беришет. Аны уккан падыша кыз:

– Биздин коргонго кандай киши келди экен? Дубалга бир кишинин башы жетпей турат эле, жакшы болду, – деп падыша кыз кыздарды ээрчитип чыгат. Барса, кыздар айткандай сууда бир сүрөт турат. Ал дагы кармап алайын деп аракеттенсе, колго илинбейт. Аяк-быягын айланып караса, теректин үстүндө бир жигит уктап жатат.

– Муну өлтүрбөстөн тирүү кармап алсак, зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан жарадар кылып, сууга түшүрүп, башын алып, дубалды бүтүрөлү, – деп падыша кыз эки кызын жумшап, теректи аралата баштайт. Терек солкулдаган кезде, Шааысмайыл ойгонуп кетип, түшүп келет. Падыша кыз:

– Жигит, мага келдиңби? – дейт.

– Жолоочунун жолу ушундай экен, – деп бала жооп берет. Анда кыз:

– Бул жерге келген кайтып кетчү эмес. Тетиги дубал сага окшогон жигиттердин башынан бүткөн, – деп дубалды көрсөтөт. Ал падыша кыздын аты Рабизаңга болот. Кыз:

– Менин шартым бар, күрөшөм, мен жыксам башыңды алам, сен жыксаң сага тиемин, – дейт. Атайын койгон калыстарын чакыртып, каратып коёт. Экөө күрөшүп, Шаасмайыл жыгып алат. Падыша кыз кайрадан күрөшөт. Шаасмайыл дагы жыгат. Эки жолу жыкканда кыз таажысын тартып жиберет. Тартып жибергенде кыз экени көрүнө түшөт.

– Эркек башым менен кыз менен күрөшүп эмне пайда таптым, – деп Шаасмайыл кыздын үстүнөн ооп түшөт. Ооп түшкөндөн кийин кыз Шаасмайылдын үстүнө минип, канжарын алып, башын алмак болот. Бул учурда турган калыстар:

– Ээ, Рабизаңга, наамарттык кылбагын, бул жигит сени бир эмес, эки жолу жыкты. Жеңиш бул жигиттики, – дейт. Ушул сөздү уккандан кийин, ордунан ыргып туруп, жигитке жүгүнүп:

– Жеңиш сиздики, мен да сиздики, – дейт. Шаасмайыл андан ары жолун улантмак болот. Рабизаңга уруксат бербейт. Кеч курун бир күндүк той жасап, экөө бирге жатмак болот. Шаасмайыл кылычын экөөнүн ортосуна коюп коёт. Анда кыз:

– Шаасмайыл, сен эмне үчүн мындай ишти жасайсың, эмне үчүн унчукпайсың, же сага менин сулуулугум жакпайбы, же баатырлыгым жакпайбы? Менден көңүлүң калдыбы? – дейт. Анда Шаасмайыл айтат:

– Мен үйдөн аттанып чыкканда бөлөк максат менен чыкканмын. Менин сүйгөн кызым бар болучу. Сиз меники, мен сеники болдум. Сизди мен аламын. Бирок экөөбүздүн ким-кимибиздин ниетибиз ишибиз кылычтын мизиндей курч болсун деген ой менен

койдум. Мен азыр сапар кетип бара жатамын. Ошол сапарымды туура аткарыш үчүн мен түз жана туура жолдо болоюн. Кайра келе жатып, той жасап, анан сүйлөшөбүз, – дейт. Эртеси андан жөнөп кете берет. Мында да ай жүрүп, күн жүрүп, түн жүрүп, жыл жүрүп, бир капчыгайга туш келет. Капчыгайда бир чоң таш жатат. Өтүп кетүүгө жол жок. Ары-бери бастырат. Ошол кезде Камыртайга тил бүтөт.

– Ээ, Шааысмайыл, камчы сап менен ташты көтөр. Ал таш ачылгандан кийин каалга, каалгада кулпу бар. Ал кулпунун ачкычы ошонун үстүндө турат. Ал эми ачып киргенди өзүң билесиң. Аты айткан ишти жасаганда жол ачылат да, атын жетелеп кирип жатса, оң жактан дагы бир кичине каалганы көрөт. Ал каалганы ачып кирсе, караңгы үй, төрдө бир кыз чачын сылап отурат. Анын сулуулугунан үй жарык көрүнөт. Баягы кызга сүйлөшүүдөн сүрдөп, кичинекей майда таштарды кызды көздөй ыргытат. Анда ал кыз:

– Ой, сен кандай бей тартип жансың? Жырткыч карышкыр болсоң, мени жегин. Жок, сөз түшүнгөн адам баласы болсоң, жолуңа түшкүн, – дейт. Анда Шааысмайыл:

– Мен жырткыч эмесмин, адам баласымын. Караңгы жердин астында жашаган өзүң кандай жансың?

– Эгерде сиз муну уккуңуз келсе, тарыхымды айтып берейин. Жети эркек бир тууганды ичинде бир жалгыз кыз элем. Атым Гүлпаары. Эң кенжеси болучумун. Биздин ханыбыз мени аламын деп агаларыма айттырат. Бирок, агаларым болбой коёт. Болбогондо хан уруш ачты, быйыл жети жыл толот. Ошондон бери эки акем өлүп бешөө калды. Мындан ары жүрүп олтурсаңыз, жолдо бир жагында көп киши, бир жагында беш киши эки тарап болуп согушуп жатканын көрөсүз. Ошол беш киши менин бир тууганларым. Ошондуктан ханга бербес үчүн мени ушундай караңгы жайга сактап турушат, – дейт кыз.

Сөздүн маанисине түшүнгөндөн кийин Шаайсмайыл жолуна түшүп кете берет. Жүрүп отуруп барса, жолдун бир тарабында көп киши, бир тарабында беш киши болуп согушуп жатат. Кетип бара жатып, Шаайсмайыл жакын келгенде эки жактагыларды карабай туруп салам айтайын, кайсы жагы алик алса, ошол жагына кошулайын деген ойго келет. Ойлогондой салам берсе, беш киши алик алат, көп киши тарабы унчукпайт. Шаайсмайыл бешөөнө кошулуп согушка кирет. Ошентип, падышанын аскерлерин кырат, жеңишке ээ болушат. Бирок, беш бир тууган сүйлөшүп Шаайсмайылды кетирбей, үйлөрүнө алып барышып, карындашын ага бермекчи болушат. Ал кечеси той жасап, карындашын Шаайсмайылга беришет. Бирок, түндөсү бирге жаткырганда Шаайсмайыл ортосуна кылычын жылаңач коюп коёт. Анда кыз кылычтын ортого коюлушунун жайын сурайт.

Менин сулуулугум көңүлүңө толбодубу, же беш бир тууганымдын баатырлыгы жакпадыбы? – дейт.

Силер жөнүндө эч кандай наразычылыгым жок. Мен үйдөн жөнөгөнүмдө бир максат менен чыккамын. Ошол максатым аткарылмайынча, менин сиз менен сүйлөшүүм туура келбейт. Бул кылычтын коюлушунун себеби – экөөбүздүн сүйлөшүүбүздүн маңызы, мына ушундай курч болсун. Заар менен сапарымдан калбай жөнөп кетейин. Мен сизден айныбайм, – дейт Шаайсмайыл. Ошону айтып кайта келишке убада кылып жөнөп кетет. Ошентип күндөп-түндөп жүрүп отуруп, бир шаардын четине жетип, бир жесир аялдын үйүнө түшөт. Ал аялдан:

– Элиңерде эмне кеп бар?-дейт.

– Бизде эч деле кеп жок, бир гана жаңылык, падышабыз Гүлдүзар деген кызды аламын деп, тою болуп жатат. Бүтүшүнө эки гана күн калды!

– Андай болсо жакшы. Сиз мына бул акчага базарга барып, жууркан-төшөк, жемиш алып келиңиз, – дейт. Акчаны алып, аял базардан айткандардын

баарын алып келет. Кеч киргенде аялга Шаауысмайып айтат:

– Сиз ханга жакшылап оокат жасаңыз. Мына бул шакекти кошуп алып барасыз да, тасмалды хандын астына коёсуз. Сиз өзүңүздү Гүлдүзардын эжесимин деп, ханга билдирбестен туруп шакекти Гүлдүзарга көрсөтөсүз. Анда Гүлдүзар сизге эмне десе, мага айтып келесиз.

Айтуусу боюнча жесир аял шакекти кошуп, дасторконду алып барат. Анда Гүлдү зар:

– Сиздин үйүңүзгө ким келди? – деп сурайт.

– Менин үйүмө бир жигит келип, ушундай жасагын деди, – дейт аял. Анда Гүлдүзар:

– Андай болсо мен ханга айтып тойду токтото турайын. Заар менен көчөгө бир киши чыгарбас үчүн буйрук бердирейин. Өзүм кырк кызды ээрчитип бакка барайын. Ошол жерден мени алып кетсин. Ушундай деп айтып барыңыз, – дейт кыз. Аял бардыгын Шаауысмайылга айтса:

– Жок, сиз кайра барыңыз да мындай деңиз: мейли тоюн токтото турсун, заар менен көчүрүп жөнөсүн. Мен хандан тартып алып кетем, кудурети болсо тартып калсын, – дейт.

Хан Гүлдүзарды алып келе жаткандыгын көрүп, Шаауысмайыл алдынан тосуп чыгат да, Гүлдүзарды ала качат. Хан кабарды катуу салып, артынан куугунтукташып, хандын тулпарлары да кууп жетпейт. Шаауысмайыл менен Гүлдүзар аттан түшүп эс алышат. Артынан хандын аскерлеринин келгендерин Шаауысмайыл жеңе берет. Ошентип, төрт-беш күн ошол жерде согуш болот. Алар жолдон Гүлпаарыга келет. Анда жети күн той жасап, сегизинчи күнү Гүлпаарыны алып жөнөйт. Гүлпаарыга агалары эки тулпар, үч куржун алтын, жана үчөөңө тиешелүү кийимдер, Гүлпаарынын бала кезинен бирге жүргөн күчүгүн кошо беришет. Күчүк бардык жаман, жакшылыкты алдын билет экен. Андан жүрүп отуруп,

Рабизаңгага келишет. Рабизаңга аябаган баатыр кыз болгон экен. Ал карамагындагы элди, шаарды бүт Шаайсмайылга бүтүн өткөрүп берет. Ал жерден алынын келишинче алтын-күмүштөрдү, кымбат баалуу таштарды жүктөп алып жөнөйт. Айылга жакын келгенде Гүлдүзар:

– Биз кайнатабыздыкына барбастан, ушул жерге жай салып туралы, – дейт. Шаайсмайыл макул болуп, атасынын айлынан он беш, жыйырма алыстыкта үй салдырат. Анын жайлары кымбат баалуу таштар менен бүтөт. Хан бир күнү саякатка чыгып, кеч калып келе жатса бир канча алыстыкта абдан жаркыраган кооз жай көрүнөт. Эртеси хан изилдетип жиберсе, уулу Шаайсмайылдын жайы болот. Эртеси атасын үйүнө чакырат. Гүлдүзар:

– Кайнатабыз үйгө келсе, бизди көрсөтпө, – дейт. Хан баласы менен кошо жөнөйт. Шаайсмайыл атты жайлаганча хан үйүнө кирип барат да, тамак даярдап жаткан үч аялды көрүп калат. Хан:

– Мен жетимиш-сексен жыл хандык доорон сүрүп, ушул жашка келгиче мындай сулуу аялдарды көргөн эмес элем. Чыныгы аялдар ушулар турбайбы! – деп баласын өлтүрүп, келиндерин алмакчы болот. Ошол жерден калп ооруп калат. Баласына:

– Мен ооруп калдым, күн сайын келип кабар алып тургун, – деп тамак ичпестен аттанып кетет. Кемпирине барып:

– Балабыз динден чыгыптыр, каапырды алыптыр. Жети ата-быздан бери тозокко түшө турган болдук. Уулду эптеп өлтүрөлү, – дейт. Кемпири макул болуп, хандын акылы боюнча бал жана уу ачытат. Баланы чакыртат. Бала жөнөөрдө Гүлдүзар күчүктү кошуп берип:

– Атаңкына барганда күчүктүн кылганын кыл, баскан изин бас, – дейт. Бала барса, атасы кыңкыстап жаткан болот. Ошол мезгилде энеси бир пиялага бал алып келип, ханга сунат, экинчи пияладагы ууну

баласына сунат. Хан балды ичип жиберет. Шаасмайыл ичейин десе күчүк колдон тырмалап ичирбей коёт. Анда атасы менен энеси:

– Эмне үчүн ичпейсиң? – деп сурайт. Мындай оокатты ичип көргөн эмесмин, мага жакпайт, – дейт Шаасмайыл. Бул сапар өлүмдөн калып, үйүнө кайтат. Экинчи жолу дагы чакыртат. Энеси палоо басып, бир жагына май аралаш, бир жагына уу аралаш палоону экиге бөлүп алып келет. Хан жей баштайт. Күчүк Шаасмайылга жегизбей коёт. Шаасмайыл өлүмдөн экинчи жолу калып, үйүнө кайтат. Үчүнчү күнү чал ордосунун эшигинен тартып, төрүнө чейиин килем менен төшөйт. Эшигинен төрүнө чейин терең чункур каздырат. Бул чуңкурдун ичине учун жогору каратып, эки шиш темир кактырат. Ал темир шиштердин учу ууланган болот. Ушинтип даярдатып коюп, баласын дагы чакыртат. Шаасмайыл күчүктү астына коё берет. Күчүк килемдин ортосун баспастан чети менен басат, күчүктүн изи менен Шаасмайыл да жүрүп отурат. Барганда ууланган күрүч берет. Аны да жебей коёт. Ошентип, үйүнө дагы аман-эсен кайтат. Төртүнчү жолу дагы баласын чакыртат. Хан:

– Балам, мен сени өлгөндө-талганда ак деп, так деп – көрдүм эле. Сен мага ишенбей, күчүктүн бир баласына ишенип калыпсын. Чын сырыңды айтчы, сенин күчүң эмнеде? – дейт.

– Менин эки колумду алтымыш кулач аркан менен артыма байласа, күчүм ошондо, ошону чече албаймын, – дейт бала. Айткандай хан алтымыш кулач аркан менен Шаасмайылдын колун байлап:

– Башын алгыла! – деп кыйкырат. Шаасмайыл күйшөнүп койсо, аркан бытырап, үзүлүп кетет. Хан:

– Ии, балам, мен сени катыксын деп жатам, – дейт. Хан экинчи жолу дагы сурайт.

– Алтымыш кулач чынжыр менен колумду аркага байласа, менин күчүм ошондо, – дейт бала. Хан Шаасмайылды байлатып:

– Алгыла, жигиттер, башын! – деп кыйкырат. Ал күйшөнүп койсо, чынжырдын көзү сайын үзүлөт. Үчүнчү жолу таарынычтуу, ырайымдуу сөздөр менен баласынан сурайт:

– Менин өлөрүм калып, өсөрүм калган жок, чын сырыңды айт, күчүң эмнеде? – дейт. Бул сөзгө бала эрип кетип:

– Мен чын сырымды айтайын, Камыртайдын куйругунан бирт ал кылын алып, эки чыпалагымды бириктирип байласаңыз, менин күчүм ошондо, – дейт. Аны менен байлатып, хан:

– Алгыла башын! – деп кыйкырганда, Шаауысмайыл үзө албай калат. Хан эки көзүн чукутуп, көзүн көлгө салдырат да, өзүн орго салдырат. Хан үч келинине: "Шааысмайыл болсо ордо, мага тийсин" – деп кабар айттырат.

– Биз тирүүбүздө тийбейбиз, күчү жетсе, бизди өлтүрүп алсын, – деп келиндери жооп кайтарат. Ошондо согуш башталат. Хандын аскерлери жеңиле берет. Алар согуша берсин, биз ордо жаткан Шааысмайылдан кабар алалы. Бул ордо жаткан Шааысмайылга кайдан-жайдан тамак таап, күчүк алпарып таштай берет. Күндөрдүн биринде бир чоң соодагер келип, ордонун туурасында бир-эки чакырым алыстыкта түнөп калышат. Ал соодагердин жанында дайыма күчүк болот дагы, күчүккө канчалык оокат берсе дагы аны жебестен, тиштеп алып кете берет. Акырында соодагерлер:

– Бул кандай күчүк? – деп аңдып калышат. Күчүктүн артынан кайчы коёт. Пайчы күчүктүн артынан барса, тиштеп алган оокатты бир жерге алып барып эле таштап жиберет. Артынан барып караса, бир чоң ордун ичинен бир кишинин добушу чыгат.

– Сен кандай жансың? – дейт.

– Мени ордон чыгарып койгула! – деп суранат. Бул сөздү угуп, баягы кербен башы соодагерге айтат. Алар төрт качыр менен аркандарды алып, орго

барышат. Арканды таштап, качыр менен сүйрөтүп чыгарат. Ордон чыкканда Шаасмайылдын эки көзү көр, сакал муруту өскөн болот. Аны алып булакка келишет. Ал булактын суусу менен бети-колун, көзүн чайкап отура берет. Күчүк көлгө барып, Шаасмайылдын эки көзүн алып келип берет. Ошол кезде Шааысмайылга түбүндө отурган талдын башына эки көгүчкөн келип конот. Алар кишиче мындай деп сүйлөйт:

– Көздү жакшылап жууп туруп, өз көзүңө сал. Көзгө салгандан кийин экөөбүз куйругубуздан эки тал таштайбыз. Талды эки колуңа ал да, оң колуңдагы менен сол көзүңдү, сол колундагы менен оң көзүңдү сыйпайсың. Анда көзүң кадимкидей таза болот. Шааысмайыл көгүчкөндөр айтканын кылат. Күчүктү ээрчитип кете берет. Жүрүп отуруп эки өгүз менен кош айдап жаткан дыйканга жолугат. Дыйкан:

– Падышабыз согушуп жатат. Алардын катары мага жакындап калды. Согушка барсам, келемби, келбеймби деп эгин айдап жатам. Сен кимсиң? – дейт.

– Мен баласызга бала болоюн, ботосузга бото болоюн деп жүргөн жанмын, – дейт. Аңгыча эки өгүзү чарчап калат. Бала эки өгүздү чыгарып коюп, бир колу менен тартып, бир колу менен кармап, жерди айдап таштайт. Анан дыйканга:

– Сиздин ордуңузга мен барамын, "менин балам бар, ошол барат" деп айта бергин, – дейт. Дыйкан:

– Болуптур, – деп баланы үйүнө ээрчитип жөнөйт. Үйүнө келип, үйүндө болгон бар тамагын берип:

– Балам, сен эмне оокат жейсиң? – дейт.

– Мен кочкор, теке, бука, айгырдын этин жеймин. Дыйкан ал түнү бир кочкору бар экен, ошону союп берет. Аны бүт жеп жатат. Саар менен бир текенин этин жейт. Дыйкан кечте бир букасын союп берет. Бала аны эки күн жейт. Ошол мезгилде хандан чакыруу кагаз келет да дыйкан Шааысмайылды жөнөтөт.

Аялдары Шаайсмайылдын келатканын, согушка кирерин билет. Баатыр аял Рабизаңгиге беркилер:

– Шааысмайыл келип азыр согушка кирет. Бирок, алдан-күчтөн тайыган немени этияттагын, – дейт. Шааысмайыл барып:

– Биз бул хандын баатыр баласынын аты бар деп уктук эле. Ошону берсе, душманын сөзсүз жеңип берем, – деп ханга айттырат.

Атасы Шааысмайылды таанybай калат. Анткени күчүк көзүн таап келгенде, көздөрүн алмашып салып койгон экен. Хан бул Шааысмайылдын суроосун канааттандырып атын берди. Атты минип, согушка киргенде, аялы Рабизаңги дароо тааныйт да кача берет. Шааысмайыл Рабизаңгини эңип, хандын астына алып келет. Хан Рабизаңгини желдеттерге башын алганга буйрук кылат. Муну угуп турган Шааысмайыл.

– Ханды кармагыла! – деген буйрукту берет. Ошентип нысапсыз хандын ниети өз башын жоготкон экен.

## МҮРӨК СУУСУ

Илгери өткөн заманда бир адам өтө билерман болгон экен. Бирок да өтө карып, чөгүп калат. Ал адамдын жалгыз уул-келини болот. Уул-келини ыймандуу чыгып, атасын жакшы багып турушат. Ошол заманда элдин тынчы кетип, чабышып, алдуусу алсыз элге үстөмдүк кылып, орду токтобой көчүп, ачарчылык жут болуп, эл катуу кыйналат. Атасын алып баягы баласы дагы ар кай жакка көчүп, орду токтолбой арык болуп, эл менен алар да кыйналат. Бир күнү атасы баласына суроо салат.

– Балам, бул кандай алаамат болуп кетти? – дейт.

– Ата, эки жылдан бери элдин тынчы кетип жатат. Биз эмес ханыбыздын да айласы кетти, – дейт баласы.

– Ии балам, элди кара көпөлөк айдап турган тура. Сага мергенчиликти да үйрөттүм эле. Ошол кара көпөлөктү атып таштасаң, эл тынчыйт. Сен ханга барып айткын да, ок дарысы менен бир жакшы мылтык сура.

«Ханым, элди кара көпөлөк айдап калыптыр. Элдин токтобой көчүп, тынчы кетип жатканы ошол. Кара көпөлөктү атып сизге көрсөтөйүн» – дегин да хан сага жакшы ок дары менен мылтыгын берсе алып мага кел. Анан мен айтып берем. Атасынын тили боюнча уулу ханга барат да:

– Ханым, эки-үч жылдан бери тынчыбыз кетип, ордубуз токтолбой көчүп жүрүп, азып-тосуп куурадык. Элди кара көпөлөк айдап жүрөт. Мен ошону атып, сизге алып келейин. Сиз мага ок дарысы менен жакшы жараган мылтык бериңиз. Хан сүйүнгөнүнөн:

– Сен жакшы жигит экенсиң. Андай аттуу күн кайда, макул – деп ок дарысы менен жараган жакшы мылтык берет.

– Эгер сен ошол кара көпөлөктү атып, эл мамырап тынчый турган болсо мен сага тогуз байге берем да, сени жигит кылып алам.

Жигит да өзүнчө хандын жакшы кабыл алгандыгына сүйүнүп, атасына келет.

– Эми, балам, угуп тур. Эл самсаалап көчө баштайт. Алдуусу малдуусунун астында көчтөн атчан, төөчөн болуп өтөт. Орто чарбасы ортосунда өтөт. Аягында бей-бечара, жетим болуп, аркасында жөө-жалаң кары-картаңы учкашып-чиркешип, эшек минип самтырап өтөт. Көч өткөндөн кийин чай кайнам убакыт өткөндө бир төрт көз чоң кара дөбөт акактап тилин жерге салып, көч-көч, – деп көчтүн артынан жүрө берет. Дөбөткө көрүнбөй өңүп жатып, өтө бергенде артынан ат. Дөбөт каңкылдап кайра караганда мээлеп туруп жазы маңдайга ат. Анан ханга алып келип бер. Териси баа болот. Эки-үч ооруга

дары болот. Ошону менен кудай буюрса эл тынчып калаар – дейт.

Баласы эртеси азык-түлүгүн алып, жакшы атка минип, мылтыгын асынып жөнөп кетет. Айткандай көчкөн элдин артынан утурлап жүрүп олтурат. Беш-алты ат чабым жүргөндөн кийин көч аяктап ээн талаа болуп калат. Жигит жолдун четине барып атын кишиге көрүнбөгөн коктуга тушап салып өзү бир чоң ташка жашынып, карап жатат. Бир топ убакыттан кийин баягы атасы айткан чоң төрт көз карала дөбөт келе жатат тилин жерге салып. Эки жагын карап: «Көч, көч, көч, көч, көч-көч» – деп акактайт. Жигит мылтыгын даярдап өтө бергенде дал куймулчак жакка атат. Дөбөт ошол жерден сулап жатып калат. Жигит дөбөттү артып алып ханга алып барып берет. Хандын көп жыл ооруган карындашы дөбөттүн эки бөйрөгүнүн этинен жеп айыгып кетет. Терисин хан ордосуна аземге илип коёт. Хан убадасы боюнча баягы жигитти жигит кылып алат. Карыя айткандай эл да тынчып калат. Ошентип күндөр айга айланып, айлар жылга айланып өтүп кетет. Күндөрдүн биринде хан баягы жигитти чакырып алып мындай дейт:

– Сен менин жакшы көргөн акылман жигитимсиң. Сенин атаң да акылман кеменгер, эми менин сага айта турган сырым бар. Менин өткөн жети атам тең хан болгон экен. Мен да атамдын ордунда отуз жашымда такка отурдум. Ошондон бери мына быйыл алтымыш алтыга бара жатам. Өмүрүмдө арманым жок десем деле болоор эле, аттын аргымагын, жоргосун миндим, кыздын сулуусун сүйдүм. Жети аялдан уул-кыз болуп отуздан ашык тукумум бар. Бирок ошол өткөн жыргал күндөрүм бир күнчө көрүнбөйт. Жашоого тойбойм. Дагы эле жашасам дейм. Колдон келсе кайра жашарсам дейм. Эми сен атаңдан акыл сурай турган болсоң мени дагы бир тилегиме жеткирбейсиңби?Менин сенден өтүнүп сураарым мүрөк суусу болот дейт. Тал чоку деген

чокунун башында асман тиреген зоо бар, – дейт. Ошол зоонун бир жылгасында жыбылжып бир күндө бир гана жолу тамчылап агат, – дейт. Каалasaң ошончолук күлазык, жакшы аттан дегендей баарын камсыз кылайын. Анан сурасаң сен келгенче атаңды сенден артык кылып багып турамын. Сен мүрөк суусун алып келип мени өлбөс кылсаң, – деп сөзүн бүтөт. Жигит мындай дейт.

– Ханым бул оңой жумуш эмес, атамдын карылыгы жетти, алжып бара жатат, мейли мен атам менен сүйлөшүп келейин. Бар, балам десе барайын, жок бара албайсың десе бара албаймын, – дейт.

Баласы атасына келет. Хандын айтканынын баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Атасы карыганы менен акылы түзүк болот. Багуусу жакшы, келинуулу көңүлүн оорутпай эркелетип сүйлөшөт. Атасы:

– Кантесиң балам, хандын каарына калбай барып кел. Бирок эки айда келесиң, мүрөк суусун бир ай тосуп жатасың. Ошондо кол чаначтын кап ортосунан болоор. Ошондо бир айда келесиң, – дейт.

Жигит ханга барып: «Атам бар деди», – дейт. Ошентип беш-алты күн камданып кош айтышып, аттанып кетет. Айткандай бир айда жетет. Бир ай тамчы сууну кол чаначтын капортосунан кылып, тосуп чыгат. Тал чокунун зоосунан бир аз узап бастырганда бир жерден муңканган үн чыгат. Тыңшаса: «Пенде баласы мүрөк суусун ичпегиле, мендей болуп каласың» - дейт... Жигит абайлап караса адамдын куу сөөгүжатат калыбы менен. Жигит суроо салат.

– Сиз кимсиз, бул сөз кайдан чыгып жатат?

– Ээ, балам, астыңдагы куу сөөкмүн. Мүрөк суусун ичем деп, нечен жылдан бери жаным чыкпай ушинтип эле кыйналып жатам. Сени көрүп айтып жатам. Тил алсаң пенде баласы мүрөк суусун ичпесин, сен да ичпе.

Жигит таң калып кете берет. Эки ай дегенде айлына келет. Мүрөк суусун ханга алып барып берет.

Бирок баягы көрүп койгон окуясын ханга айтат. Хананы уккандан кийин чаначты карагайдын башына алып барып илдирип коёт. Баягы жигитти ээрчитип ошол куу сөөккө жөнөйт. Хан жигити менен жетсе баягы куу сөөк муңканып сайрап жатат. Хан баягы куу сөөккө салам салып, суроо берет:

– Сиз ушунча жылдан бери кыйналып жатыптырсыз. Сизди кандай кылып адам катарына кошууга болот?!.

– Мени кошкуң келсе он беш жашар кыздан төрттү алып кел. Өзүң хан экенсиң колуңдан келсе, келбесе убара болбо, – дейт. Хан жигитин чаптырып, он беш жашар кыздан төрттү алдырып келет.

– Айтканыңды аткардым, эми эмне кылыш керек? – дегенде.

– Эми менин өңүмдү бузба. Эки кызды эки колтугума жаткыргыла – дейт. Аргасыз эки кызды эки жагына жаткырат. Эки кыз күнү-түнү менен жатканда сексендеги кемпирдей карып хан-сөлүнөн ажырап, жан берет. Баягы куу сөөк кадимкидей эт байлап, адам катарына келип, кыймылдап кадимки киши болуп калат. Эми эки кызды кучагына бек кучактайт. Бир күн, бир түндүн ичинде эки кыз сексенге чыккан кемпир болуп калат. Баягы куу сөөк кадимки киши болуп, силкинип тура калат. Хан атка мингизип, элине алып келет. Бей-бечаранын төрт кызына убал кылып коюшат. Баягы мүрөк суусун ичпей тура берип, бир күнү кузгун жарып, карагайга агат. Өзү тойгуча ичип, арчага келип кусат. Ошондуктан кузгун көп жашап, карагай менен арча дайым жашарып турат дейт.

## НААБАТ

Илгери бир өткөн заманда Азил деген хан өзүнүн акылдуулугу менен элин жакшы башкарып, бейпил убак менен эли куунап-жыргап бир нече жыл

жашаптыр. Бирок, оп тартканда үйдөй таштарды жутуп алуучу ажыдаар сууну бөгөп жатып алат. Ал эми ажыдаардын өзүнүн шарты боюнча күнүгө бир кыз бербесе суу берүүчү эмес экен.

Күндөрдүн биринде кезек Азил хандын улуу кызына келет. Хан элин чогултуп:

– Калайык-калк, ушул ажыдаардан куткаруучу күч элдин арасынан чыкпайт бекен? Эгерде кимде ким ажыдаардан өз элин куткарып алса каалаганын орундатам. Мейли хандыгымды алсын же үч кызымдын жактырганын алсын, мен сөзсүз убадамды орундатам. Кана, ким барып берет, элимдин керегине-дейт.

– Мен! – деп кылычын көтөрүп Наабат деген жигит хандын астына келет. Наабатка көпчүлүк эл батасын берип, ажыдаарга жиберишет. Наабат үйүнө келип энесинен кыздын кийимин таптырып, кызча кийинип ажыдаарга барат. Ажыдаар оп тартканда Наабат кылычын көкүрөгүнө такап кармай салып, ажыдаарды экиге бөлүп салат. Жалаң ажыдаардын каны суу менен эки күн, эки түн агып, араң дегенде суу тазаланат. Наабат ханга келип, таазим кылат. Ошондо хан:

– Кана уулум, эмнени каалайсың?

– Таксыр ханым, сиздин үч кызыңыз бар экен. Биз үч бир тууганбыз. Айып этпесеңиз үч кызыңызды бизге бериңиз.

– Болуптур, уулум, жакшы болот.

Ошентип хандын ордосунда кырк күнү-түнү менен той болуп, кыздары турмушка чыгат. Бул жыргалдуу турмуш, көпкө узабайт. Анткени Ак дөө, Кара дөө деген чыгып, элдин байлыгын, мал-салын талап ала баштайт. Хан элге дагы кайрылат:

– Буга менин кичүү күйөөм жана ага кошулуп эки күйөө балам барып дөөлөрдү өлтүрүп мал-салды кайрып келишсин, – деп хан буйрук кылат. Ошентип үч бир тууган сапарга аттанат. Эки улуусу

кетет. Ал эми Наабат эки күндөн кийин барса, эки агасы жолдук азыгы түгөнүп, малдын кыгын талашып жатышкан экен. Наабат өзүнүн тамагынан берип, эки агасын калтырып, өзү жалгыз жортуулга жөнөйт.

– Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп тогуз канат өргөгө келет. Ага кирип барса, бир кемпир отурган экен. Ал:

– Кел балам, жол болсун! Бизге адам эмес, чымын учуп келчү эмес эле, өлгөнү келген турбайсыңбы. Азыр менин уулум келип сенин сазайыңды берет, – дейт. Көрсө, бул баягы Ак дөөнүн энеси экен. Наабат:

– Балаң кайда жүрөт? – деп сураса, кемпир:

– Айтпаймын эле, айтпаймын, – деп Наабатты жулмалап баштайт. Наабат кемпирди чачынан кармап туруп чапканда бакырып ыйлап:

– Өлтүрбө эле, өлтүрбө, жанымды кой, – деп жалынат. Ошондо Наабат:

– Андай болсо Ак дөөнүн кайда экенин айтып бер, – дейт.

– Ал ууга кетти эле, келээр маалы болуп калды. Жолу болсо тайгандары кубалашып келет, жолу болбой калса, тайгандары бөлөк-бөлөк келишет, – дейт кемпир. Аңгыча болбой тайгандар желип-жортуп өз-өзүнчө келишет. Дөөнүн келерин билип, Наабат жолунан тосуп чыгат.

– Кана дөөм, биздин элдин мал-салын алган сенсиңби?

– Ооба.

– Андай болсо мен сени менен кармашканы келдим.

– Кармашса кармашалы. Ошентип Наабат менен дөө үч күн, үч түн кармашат. Дөө Наабатты көтөрүп урганда, кызыл ашыгына чейин жерге кирип кетет. Наабат кайра оңдонуп дагы үч күн, үч түн кармашып, дөөнү мүдүрүлтүп жерге жыгып, кылыч менен жарып салат. Андан ары жүрүп отуруп, жүрүп

отуруп дагы бир тогуз канат ак өргөөгө кез болот. Ага кирип барса, бир сулуу келин ыйлап олтурат. Келиндин жөн-жайын сураса, ал:

– Кара дөө мени туткундаганына бир нече жыл болду. Элиме жете албай зарлап жүрөм. Кара дөө эртең менен кетип, кечинде келет. Ал келгенче мен тамагын жасап, оокатын кылып отурам. Бул жерге келген адам кайра айланып элине жетпейт. Кара дөө нечен, нечен мыкты жигиттерди өлтүрүп, сөөгүн сөпөт, устуканын упат кылды. Кайдан келе жатасың? Кокуй, Кара дөө келээр маалы болуп калды, бул жерден батыраак кет, сени өлтүрүп койбосун, – дейт. Наабат:

– Коркпо, мен азыр эле Ак дөөнү жайлап келдим, мунун дагы айласын табам, – деп Кара дөөнүн келер жолун тосуп жашынып жатат. Бир убакта Кара дөө күшүлдөп-бышылдап келет. Наабат муну да чекеге атып өлтүрүп, талап алган малын, баягы келинди, эки агасын ээрчитип элине келет. Ошентип кайрадан эл жыргалдуу турмушта жашап калган экен.

## ОБОЛБЕК

Кара такыя Оболбек кара эжийин (мурунку аты канжыгалуу кара сеңсел экен) отуз жыл салган экен.

Ак суунун башы. Бир чоң ташка чыгып карап турса бүркүт теминет. Коё берет. Калың түнткө кирип эле жок.

– Кудай урду, каманга катылдыбы.

Чың жер экен, өлүп-талып жөнөп калат артынан.

Марал экен, ичин жара тартып, экөөлөп союп, жүктөп алып, үйүнө келет. Марал сүйрөп кеткенде, бир жак көзүн бир нерсеге уруп алган окшойт, бүркүтү силкинип, бир жак көзүн жумуп эле ачпайт.

– Байкуш бүркүт карышкыр-түлкүнү жаздым алып калган кезде кара эжий деген атка конбодубу, – дейт ээси үрпөйүңкү. Бирок бүркүтүнө ыраазы.

Ошондуктан, эркин коё берүүнү чечип, жайлоонун башына бир чың жерге кой союп, аны этине тойгузуп таштап келет. Беш-алты күн өткөндөн кийин караса, бүркүтү өзүнүн түндүгүндө отурат. Бала-бакырага кол салып жибереби, – деп Оболбек чочулап, бүркүттү алыс алып барып таштайт.

Арадан он беш жыл өтөт. Оболбекке башка бүркүт жакпайт. Мүнүшкөрлүк кыла албай, зеригип жүрөт. Тасманын жолу. Эл чогулуш кылган жер. Бир топ кызуу сөзгө кирип калган кезде асмандан эки бүркүт тебишип, шаңшып калат.

Оболбек баатыр эки бүркүттөн көзүн айырбай карап туруп:

– Жаныбарым, менин кара эжийим турбайбы, – дейт.

– Ой, жаның чыккыр, айтат-айтат десе, кудайды карасаң боло. Ушул убакка чейин сенин эжийиң кантип жүрсүн. Карып деле өлгүдөй болбодубу – деп, эл жаалап ыза кылат.

– Атаңдын көрү, мени калптыкка чыгардыңар ээ. Айбандык кылбасаң кара эжий бир кайрыларсың – деп, атынын басмайылын чечип, ээрин алып, ичмегин сууруп чыгып:

– Кара эжий эле, кара эжий! – деп, кыйкырып жөнөйт.

Оболбектин бүркүтү ургаачы бүркүт экен, чаңдашып жүрүптүр. Ичмекти жаза серпип тээп, асманга кайра көтөрүлүп кетет.

– Капырай! Ушундай да болот экен, ээ! – деп, эл таң калат. Күндөрдүн биринде Тезекбай дегендин келини түш көрөт.

– Эне, мен бир түш көрдүм, жоруп бериңизчи?

– Жумуру өгөө таап алып, таш көзөп жатыптырман, бул эмнеси? – дейт келин.

– Ии, балам, жакшы түш экен, бөлөк кишиге айтпа Кайыбынан бир эркек балалуу болот экенсиң. Бала кыйын чыгат экен.

Аксуунун башынан Оболбек бүркүт уулайт. Бирок октум-соктум колуна тийбейт. Бүркүт уя деген зоого бүркүт жумурткалаган экен, ошону аңдыйт. Бир күнү барса, уяга бүркүт жакындатпай коёт. Ал тургай кыйгап өтүп, кол сала турган болот. Экинчи жолу балапандын ата-энеси жокто жоро– жолдоштору менен аркан алып барат. Уяда жалгыз баласы бар экен. Бараң мылтыкты кур дөрмөттөп колуна карматып, аркан менен киши түшүрөт. Уяда марал жана карышкырдын сөөгү бар экен. Ала барган кийизине бүркүттүн баласын ороп, аны белине байлап коюп балапанды алып чыгат. Түлөө берип, балапанды таптай баштайт.

Жай өтүп, күз келет. Бүркүттү таптап, илбээсинге үндөп көрөт. Сонор чыкса бирди алат, экини алат. Кармаша кетип, карышкырды кээде колунан да чыгарып жиберет.

Бул канаттуу мындай боло турган эмес эле, көлдүн илбээсинин жактырбай жүрөбү деп, бушайман болуп коёт. Жүрүп олтуруп, салаңдап сыртка кетет. Карагол, Капкак, Ышкеч кыстап бара жатканда, чоң айыл көрүнөт.

– Оо, бу кимдин айылы, – дейт.

– Бу Коргоол бийдин айылы.

– Мен кудайы конокмун, уруксат болор бекен, конуп кетсем.

– Уруксат. Ат ал! Ат ал! – деп калат.

– Өргөөгө түшүр! – деп, келинине айтып, кичүү баласынын өргөөсүнө түшүрөт.

– Балам, баягы түшүң ушул. Жакшыраак мейман кыл. Төшөнчү-орунчуңду жакшылап сал, – дейт байбичеси.

Аңгыча болбой Коргоол бий келип калат. Атын байлатып, үйгө кирет.

– Ой, байбиче, тиги өргөөдөгү ким?

– Бир чарчаган бүркүтчү экен. Мейман ээн эс алып жатсын деп түшүрүп койдум. Эт салгызып,

сүйлөшүп, аралашып калат.

Жатаар убак болуп, Коргоол бий өз үйүнө кетет. Оболбек түшкөн үйүнө жатып калат. Күйөөсү бир жакка жолоочулап кеткен экен.

– Ушу кишини жакшы күт! – деп кемпир айтат келинге. Келин маасысын тартып, таң атканча отту жагып, бутун кармалап, төшөктү кеңири салат. Жашы бир топко келип калса керек, келинге көңүл бурбайт.

Келин оттун жанында. Оболбектин аягын жаздана, отту өчүрбөй улутунуп коюп жатат.

Аңгыча таң атат Отко суу коюп койгон экен, Оболбек баатыр даарatын алып келип, намаз окуйт.

Бая келин калак менен оттун күлүн чыгарайын десе, бүркүт силкинип жиберет. Келин чочуп:

– Алда, жаныбар ай! Музга тууган музбурчак, калбыр өпкө жез канат экен, – деп айтат. Оболбек баатыр келиндин айтканын угуп, өзү сынчы киши да:

– Чын эле! – деп, намазынан жаңыла турган болуп кетет. «Эми бул балакет келин го, бу бүркүтүмдүн октум-соктум алганын да билет го», – деп ойлоп, намазын бүтүп, чайга киргенде:

– Ээ балам, сен сынчы экенсиң го. Бүркүтүм: музга тууганы да, калбыр өпкө, жез канат экени да чын эле. Бүркүтүм октум– соктум алып жүрөт, ушуну да билесиң го.

– Жок, ата, чочуганымдан айтып жибердим, сынчы деле эмесмин, – дейт келин.

– Айт – деп, Оболбек келинди кыйнайт. Келин болбойт. Анан Оболбек: – Бүркүтүм калбыр өпкө, жез канат, музга тууган музбурчак экени да чын. Кээде жаздым алат. Эмне үчүн жаздым алып жүрөт, келин сынчы экен, айтып берсин, – деп, кайната-кайненелерине айтат. Ошондо баягы келин ээсин жактырбай жүргөн бүркүт экендигин айтат.

– Келишимдүү жакшы эле киши экен, эмне үчүн жактырбайт, – дейт кемпир.

– Жактырбаганы, мырза коңур дегени ушул, өзүнүн боосун, томогосун, жарак-жабдыгын жаратпайт экен. Бүркүттүн томогосун, боосун алып жүргөн балдагын, үзөңгү-куюшканын күмүштөтүп, ат жабуусун келиштирип, өзүн жасалгалап, суусарданбы, калтарданбы тебетей кийип, кийимин жакшылап, ээр токумун келиштирип, жезден мык такалатып, мына ошентип алып чыксын, төө комдот деген бүркүт ушу, – деп айтат келин анан.

Ошонун баарын жасаттырат. Анан Коргоол бий, төөнү комдоттуруп ууга чыгат. Бүркүт көзүнө көрүнгөндүн баарын алат.

Келинге шыралга деп жолборстун терисин, бир суусар, бир калтар калтырып, Оболбек айылын көздөй жөнөгөн экен.

## ОТУНЧУ ПАДЫША

Илгерки бир заманда Султан деген отунчу болгон экен. Ал эр жетип өзүнө ылайык кембагалдын кызы Умсунайга баш кошуп, эки бакыр бир тукур дегендей оокаттарын өткөрүшөт. Умсунай жыл маалында эркек төрөйт. Ата-эне баланын кубанычы менен жетишпестик, кембагалдык эстен чыгып, бар оокатка ыраазы болушат. Баласы да чоңоюп он жашка чыгат.

– Султан үй-бүлөсүн багуу үчүн күнүгө эртеден кечке талаадан отун алып, аны базарга сатат. Күндөрдүн биринде кылаңгыр жармага каниет алып, өлбөс оокатына кетет. Койнунда кечке жей турган бир токочу бар. Аркы-беркини ойлоп келе берди. «Мен алтымыштамын, кемпир да барып калды бир далайга. Демек экөөбүз тең картайып баратабыз. Атыбызды чыгарар артыбызда уулубуз бар, бирок ошол жалгызымдын тоюн берип сүннөткө отургузууга кудурет келбеди. Атаганат!» – деп үшкүрүнүп, бир далай жерге келип калганын да билбей калыптыр.

– Отун алчу жеринде баягы ойлор башынан кетпей бир далайга отуруп калат. Бир убакта ордунан шак туруп, артын көздөй жөнөдү. Жолдо келе жатып да: «Кой, аздан болсо да акча жыйнайын, ага күрүч, май, кой сатып алып, элди чакырып той берейин», – деген ойдун кучагында болду. Анан алдында жайнаган куурайды көрүп, кызыгып кетип оро баштайт. Ал күздөгүсүнөн алда канча көп куурай жыйнап, бекемдеп таңып, көтөрүүгө аракеттенип алка-шалка терге түштү. Бил маалда эптеп дөңгө сүйрөп чыгып, андан ары жылдырууга дарманы келбеди. Бүткөн бою суга түшкөндөй терге чөмүлдү. Эмне үчүн көтөрө албаганына ыза болду. Куурайды кантип жеткирүүнүн амалын ойлоп туруп калды. Жолдон өтүп бmegaрактан жолоочу да анын жинин келтирип сурап калды.

– Эмне кылып жатканымды көрбөй жатасыңбы? Эгер бооруң ачыса жеткиришип койбойсуңбу? – деп жинденди Султан.

– Кыйкырба, ачууланба, – деди жолоочу.

– Билем сенин балаңа той берем деп жан алакетке түшүп жатканыңды. Сен жаныңды кууратып эмне кыласың. Бу дүйнөдөн жыргал көргөн жоксуң, андан көрө менин акылымакөн.Сен тетиги чоң ташты көтөрүп, астындагы чуңкурга колуңду салсаң, анда бир дасторкон, бир сака, бир бешмант бар. Ошолорду алсаң, көктөн тилегениңди жерден берет, – дейт жолоочу.

– Аларыңды эмне кылам? Шаарга алпарып сатамбы? – деп сурайт.

– Кокуй, сатуу жөнүндө оюңа да келбесин. Эгер кайсы тамакты кааласаң ошол замат дасторкон тамакты даяр кылат. Дасторконду кайра катып алып жүр. Бешмантты кийип алсаң, эл көзүнө көрүнбөй каалаган жериңе жетесиң. Саканы болсо, башыңа кыйын иш түшкөндө курал кыл. Саканы тамдын төбөсүнө коюп туруп, анын артынан өзүң чуркап

бар. Сака түшкөн жерде эшик ачылып калат. Ичине кирип ылдый түшсөң, адамдын көңүлүн чайыттай ачкан бак пайда болот. Ортосунда чоң жолу бар. Жол менен баратып оң жагыңды карасаң бышып жетилген мөмөлөрдү көрөсүң. Сен сол жакка карабай, ар дайым оң жактагы мөмөлөрүн жегин. Сол жактын мөмөлөрүн сага ким жамандык кылса, ошого берип жедир. Аны жегенден кийин алар таш болуп катып калат. Эгер каргап туруп берсең, сен каалагандай болот. Кыскасы, сен кандай ойлосоң, ошондой болот, – деди да жолоочу көздөн кайым болду. Султан же түшү экенин, же өңү экенин ажыраталбай көпкө турду. Акыры эсине келип, жолоочу айткан чоң ташты жылдырып, колун салып жолоочу айткан дасторконду, бешмантты, саканы алып чыгып, сүйүнгөнүнөн кемпирине келип: «Байбиче, эмне жегиң келет? – деп дасторконду жайды.

– Мен эмнени кааламак элем, абышка. Сары майга бышырган каттама болсо эле... – деген кемпири токтоп калды. Сары майга бышырган каттама даяр болсун! – деп колун жаңсап койду эле, дасторкондун үстүндө каттама даяр болду. Алар ыракаттана жешти. Жеп бүтүшкөндө жолоочу айткандай дасторконду ороп катып койду. Ошентип абышка-кемпир жашоонун ыракатын көрө башташты.

– Бир күнү бешмантты кийип, Султан шаарга бармакчы болду. Шаардын базарына келип, бир жерден бешмантын кийип, шаардын базарын аралап жүрүп, нан чыгарып жаткан наабайчынын жанынан өтүп баратып, бир нанын алды. Карап турса эч ким көргөн да жок, наабайчынын аны менен иши жок. Султан дагы сынап көрмөкчү болуп, алма сатып отурган кишинин алмасын алып кетти эле, аны да эч ким көргөн жок. Андан ары бал саткан, жашылча-жемиш саткандарга барып, өз каалаганын алып, керегине жумшады, бирок бир да киши аны көрбөдү. Кездеме саткандардын акчасын алып койду, аны да

байкашпады. Бир сыйра айланып чыккандан кийин, менин мунум жок, тигиним жок дегендердин үндөрү чыга баштады. Султан кайра кыдырып кимден канча алса, ошончосун орундарына коюп кетти.

– Жолдо келе жатып бир казыга жолукту. Казынын башындагы жибек селдесин алып, ордуна жаман чүпүрөктөн ороп койду. Казы бул ишти байкабай жүрө берип, ары кеткен, бери өткөндөр шылдың кылышып, шермендеси чыкты. Султан үйүнө келип болгон ишти кемпирине айтты.

– Арадан көп убакыт өтпөй Султан эми саканы сынап көрөйүнчү деп үйүнүн үстүнө чыгып, жолоочу айткандай саканы атып жиберип, анын артынан саканын түшкөн жерине келсе, шарт этип эшик ачылып, андан ары мөмөлүү бактар көрүндү. Ортосундагы жол менен басып, оң тарабындагы бышкан мөмөлөрдү татып көрдү. Жолдун сол тарабындагы бышкан мөмөлөрдү көрүп шилекейи акты. Самсаалап турган алмадан бирди үзүп алып, өзү жебей: «Умсунай жакшы көрчү эле», – деп сүйүнгөн боюнча кемпирине алып келип берет. Умсунай жейин деп оозуна салаар менен мышык болуп мыёлоп калат. Султандын айласы кетип эмне кыларды билбей турду.

– Анан, бир алма берем деп кемпиримден айрылдым деген кургур эстен танды. Анан баягы сакасын калчап, бактын оң тарабындагы мөмөлөрдөн үзүп келип, мышыкка зордоп жедирди. Мурдагы алмадай алма жегенден кийин Умсунай өз калыбына келди. Ошондон кийин мөмөлөрдүн кандай пайдасы жана зыяны бар экендигин билди. Сыйкырдуу бешмантын кийип, шаар аралап арам тамак соодагерлердин, элди алдаган көпөстөрдүн акча, буюмдарын көрсөтпөй алып, аларды кембагалдарга таратып берчү болду. Хандын казынасына да кирип, аны чачты, элге берди.

– Күндөрдүн биринде Султан кемпири менен кеңешип туруп, уулуна той берди. Ага шаардын ханы

менен вазирлерин чакырып, ааламда жок даамдарды дасторконго жайнатып, бардыгын таң калтырды. Падыша кетер маалда Султандын сыйкырдуу бирдемеси бар экенин билип, анын сырын тартыш үчүн:

– Султан, мындан ары жакшы жүрөлү, катышып туралы, балким, куда болуп калаарбыз, – деген сөзүн айтты.

– Кулдугум бар, ханым, кулдугум бар! – деген Султандын кубанычы терисине батпай турду.

– Мына ушундан баштап хандын кызы менен Султандын уулу бирге ойноп, бирге сабак ала турган болду. Бир күнү Султан кемпири экөө бир жакка кетишип, баягы сыйкырдуу бешмантты үйдө унут калтырышат. Айжамал менен Мырза ойноп жүрүп бышып турган коонго барышып, ээси кармап алат да, Айжамалды жибербей коёт. Ошондо Мырза үйүнө барып бешмантты кийип келип, Айжамалды бошотуп, экөө коонго аябай тоюп, анан үйлөрүнө кетишет. Айжамал болгон ишти атасы ханга айтып келет.

– Сен ошол бешмантты алып келсең, алтындан сөйкө жасатып берем, – деп алдайт хан кызын. Айжамал атасынын айтканын орундатып, сыйкырдуу бешмантты алып келип берет. Хан бешмантты сынап көрүп, аны бекем катып таштайт. Дагы бир күнү Султан кемпири экөө дагы айылчылап кеткенде, Мырза Айжамал кыздын алдына барпаландап баягы дасторконду жайып, түрдүү даамдарды жайнатып, экөө улам бирин сурап, моокумдан канышат. Тамакка тойгондон кийин дасторконду ордуна илип коюшат. Айжамал үйүнө келгенден кийин дасторкондун сырын атасына айтат. Атасы кызын дагы алдап, дасторконду алып келүүгө жиберет. Кыз билдирбей дасторконду алып барып берет атасына. Султан дасторкон менен бешмантынан айрылганына капа болуп, бирок аны ким алып кеткенин билбейт. Ошентсе да баласынын кылыгынан улам ким колдуу болгонун боолголоп билди. Ал сакасын ыргытып, анан жердин алдындагы бакка кирип, ар кандай

мөмөлөрдөн эки чака жыйнады. Кыштын кырчылдаган күнү канга тартуу кылып мөмөлөрдү берди. Баарысы буга таң калышып, ыракаттанып жешти.

– Эртең дагы алып келип берем, – деп убада кылды Султан. Эртеси жолдун сол тарабындагы мөмөлөрдөн алып келип берди да: Мен бирден оозуңарга салам. Силер оозуңарды ачып, көзүңөрдү жуумп тургула, – деген Султанга падыша да, вазирлери да макул болушту. Падыша мышык, вазирлери чычкан болсун, аялдары ит болсун! – деп Султанар биринин оозуна мөмөлөрдөн салып чыкты. Ошондон кийин айтканы айткандай болду. Ит, мышык, чычкандар бири бирин кубалашып, бири бирин жеп баарысы өлдү. Падышанын тактысына Султан өзү отуруп, элге кайрымдуулук менен адил иш жүргүздү.

## ӨГӨЙ ЭНЕ

Бир абышканын байбичеси өлүп, анын Нуркан, Мустапа деген эки баласы калат. Нуркан улуусу, Мустапа кичүүсү. Абышка бай, бардар адам. Балдардын энеси өлгөндөн кийин бир төрөбөгөн аял алат.

Анан ошо менен жүрөт-жүрөт, атасы барда өгөй эне балдарга тамакты дурустап алдына коюп, атасы жокто айранга суу кошуп берип:

– Бар талаага, кой кайтарып кел! – деп, айдап жиберет.

Бая эки бала койчулардын жанына барып, кой кайтарышып, өңү азат, арыктайт, кирдейт.

Эки бала эмне начарлап кетти, көз салсаңчыдейт, бир күнү атасы.

– Көз салып жатам – деп, жооп берет өгөй эне. Атасы барда талканды элеп, көөлөп берсе атасы жокто кебеги менен көөлөп берет.

Улуусу эстүүрөөк, элеп берген талкандын теңин жеп, теңин түйүп, элебей көөлөгөндүн да теңин жеп, теңин түйүп коёт.

– Силер талаадан эмне ичип, эмне жеп келдиңер? – деп, балдарды сабайт.

Эчтеке жегенибиз жок деп, чоң баласы эстүүрөөк айтпай коёт.

– Тезекчи абам бир кой союп берди, – деп, эсакылы кире элек кичирээги токмоктон коркуп айтып коёт.

– Талаадан кой союп жептир, – деп, кечинде бай келгенде атасына айтат.

Бай Тезекчини чакырып, суракка алса, Тезекчи өлгөндөй танат. Кичинекей бала тана албай, чындыкты мойнуна салат. Тезекчи койчу байдан кордукту көрүп, кара өгүз менен кайкайып, антип-минтип койго жеткенче койдун теңин бир кара карышкыр кырып салат.

– Боорукер койчуң койдун баарын кырдырды! – деп, баягы албуут эне байга кыйкырып, койчуну кубалатып жиберет.

Тезекчи ал байдан чыгып, башка байга койчу болот. Бая эки бала Тезекчинин ордуна кой кайтарып, баягы кырга коюн жайып барып, Тезекчи койчуга учурап, алып келген азык-түлүгү, май, сүтүнөн чогуу ичип-жеп, өңдөнө баштайт. Анда өгөй эне:

– Бул экөө өңдөнүп, семирип, сергип кетти – деп, каршылык кылып.

– Кой-козуңдан союп жеп жатат, – деп, дагы атасына жамандайт.

Анда эси жок ата өлөрчө эки баланы тепкилеп, эки жоон санына кыл чылбыр менен толготуп, эки баланын алы-күчүн бүт кетиртип таштайт. Ошо менен балдар баса албай, бир ай үйгө жатып калат. Бая ата эмеспи, малынан сойдуруп, балдарга өз колу менен тамак берип өңдөнтүп, тыңытып, жакшылап багып калат.

Күз болот, мал семирет. Малайларына мал айдатып алып, бай Анжиянга кетет. Ошо соода-сатык кылып жүрүп, бай бир ай кечигет.

Бая балдар чоңоюп калган. Байдын артынан өгөй эне кат жазат:

– Бай, тез кел. Мени эки балаң койнума кол салып, тынчымды кетирди, – деп балдарды каралап, ак жеринен күйгүзүп, байды чакыртат. Бай келет, суроо берет. Баягы өгөй эне каралап:

– Эки балаң менин койнума кол салды, – деп айтып берет. Эки баланы чакырып, бай суракка алат. Эки бала атасына:

– Ал ишке барганыбыз жок! – деп, жанталашып, карганса деле бай ишенбей:

– Эки баланы өлтүргүлө! – деп, жигиттерине буйрук берет. Эки баланы алып жигиттер талаага чыгат. Эки бала:

– Ушу бизди кантип өлтүрөсүңөр, өлтүрбөгүлө, акелер! жуучумун, – деп жигиттерине, койчуларына жалынат. Бая жигиттер, койчулар болбой дарга асып өлтүргөнү жатканда бир арпа сугарган кедейдыйкан келет.

– Ой, баатырлар, эмне кылган жатасыңар?

– Ушу балдарды өлтүргөн жатабыз.

– Ой, бул баланын кандай кылмышы бар? Жан соога, бул баланы мага

бер.

– Бул балдардын кылмышы көп, бербейбиз! – деп, баягы жигиттер айтат.

– Деги кылмышын айткылачы.

– Өз энеси өлүп калды эле, өгөй энесинин койнуна кол салыптыр.

– Ошол да кылмышпы, өгөй эненин кастыгы!.. Ошо эки баланы мага бер, жан соога! – деп, жигиттерден сурап алат.

– Биз өлтүрдүк деп эмне белги алып барабыз, байга?

– Койдон бирди сойгула, эки баланын көйнөгүн канга боёгула. Балаңды өлтүрдүк деп эки көйнөктү алып барып бергиле, ишенет! – деп, бир койду союп,

этине тоюп, ханга эки көйнөктү боёп, жигиттердин колуна берип, эки баланы дыйкан үйүнө ээрчитип кетет. Үйүнө барып, сууга ээрчитип алып, дыйканчылыгын кылып жүрө берет.

Баягы албуут эне көйнөктү көрүп:

– Бул сенин балдарыңдын каны эмес! Бул жигиттер өлтүрбөй эле, бу же койдун, же иттин каны! – деп, жигиттерди суракка алат.

– Өлтүрдүк! – деп, жигиттер айтса болбой кыйнаганда бир жигит чаап дыйканга барып:

– Бизге ишенбей, баламды өлтүрбөй келдиң деп кыйнап жатат, – дейт.

Жигиттин сөзүн укканда дыйкан:

– А болбостур, эки бала элин сагынып. ойногон балдарды сагынган неме элине кетсе керек, үйдө жок, ошо жактан издегиле – деп, жооп берет.

Аргасыздан дыйкан үйгө келип, эки балага:

– Балдарым, силерге бул жер жай болбой калды. Атаңар ишенбей, жигит жибериптир. Силер бул жерден качып кеткиле, – деп баягы дыйкан бир чака бадырак кууруп берет.

– Бул жактан чыгып, бөлөк шаарга кеткин же болбосо өлтүрүп коёт, – деп, бир чака бадыракты эки баштыкка салып, эки баланын далысына түйүп, узак жолго салат.

Балдар узак жол менен күндөп-түндөп жүрүп олтурат. Баягы буудай азык-түлүгү түгөнөт. Ичээр эчтекеси калбай, шаарга жетпей, айдай талаада калышты. Как эткен карга, кук эткен кузгун жок, бир чоң таш кызыл жардын алдына барышты. Көлөкөлөп олтуруп, көп ыйлап, көп кайгырып жатып, уктап калышты. Бир оокумда улуу байкеси ойгонуп тура калса, жар түбүндө олтурат. Бая кичүү бөбөгү уктап жатат.

Чарчаган неме уктасын, уйкусу кансын деп, ойлоп ойготпойт. Эригип олтуруп, таштын түбүн таягынын учу менен чиймелеп казып олтурса, бир төөнүн

кумалагындай алтын чыгат. Алтынды ала коюп, бала сүйүнүп, жеңинин учу менен тазалап: «Эми өлбөй калдык, бир шаардын четине эптеп жетсек сатып, ушунун тыйыны менен оокаттанып жан багабыз», – деп, сүйүнүп кетип, бөбөгүн ойготот.

Күн кечтеп баратат. Ойготсо бөбөгү ойгонбойт Ары чоёт, бери чоёт, ары жакка тартат, бери жакка тартат, ойгонбойт.

«Өлүп калган экен» – деп, бала ыйлап олтуруп, түн кирип кетет. Бала бөбөгүнүн жанына түнөп, жылдыз суюлуп, таң атканда: «Ойгонор бекен?» – деп аракеттенип ойготот. Ойгонбой койгондон кийин бала: «Өлгөн экен» – деп түңүлүп: «Ушул жерден өткөн адамдар баланын колтугуна койгон алтынды алып, соопчулукка көмүп койгула» – деп таштын бетине катты жазып, бая баланын агасы узак жолго түшөт. Бөбөгү ошо кара таштын түбүндө калат. Бала жүрүп олтуруп, бир шаардын четине барса, бир заңкайган ак үй турат. Баягы ак үйгө кирейин десе: «Бул ак үйгө кирген киши чыкпайт» деген сөз жазып койгон.

Бир уугу көрүнгөн, аябай жыртылган кара үйгө кирейин десе, дагы жазылган сөз бар. «Бул кара үйдүн ыгын таппайт. Ыгын таап кирген адам кылымга чейин жан сактайт», – деп жазылган.

Бала тура калып ойлонот. «Кой мен ак үйгө кирип чыкпай калсам, анда тапкан пайдам кайсы, тобокел кара үйгө эле кирейин» – деп бала кара үйгө кирет. Кара үйгө кирсе, эки көзү көрбөгөн ээгин эңилчек баскан, бүктүшө жаткан, сакалы белине түшкөн, жашоодон үмүт үзгөн, астында казылган ороо бар, ороонун үстүндө кара талпак, кара талпактын үстүндө карылыгы жеткен бир кара абышка жатат. Бала тура калып, колун бүгүп салам айтат. Кулагын укпай калган, кишинин саламын укпайт. Бала кайра-кайра кыйкырып:

– Ата! – деп, барып колун кармайт. Анда абышка сезип:

– Ээ, балам, сен кимсиң? – дейт.

Бала атага жооп берип, башынан өткөн жайын айтат.

– Ээ, балам, кайда барасың?

– Э-эй, ата, кайда барайын, жашоонун жайын издеп жүрөм. Мен баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн, – деп жүрөм.

– Ээ, балам, менин балам, ботом жок, мага бала бол!.. Анда бала: «Мен бала болсом, кандайча жашоо болот, эч нерсеси жок болсо?» – деп, бала ойлонот дагы:

– Ата, эч нерсеңиз жок экен, экөөбүз кантип жашайбыз.

– Ээ, балам, мен бир миң үч жүзгө чыктым, ырыскы жетип жашап келе жатам. Мен жашагандай эле жашайсың.

Бала шарт эшикке чыкмакчы болгондо, абышка шап билектен алат.

– Ай, балам, токто! Ырыскы жетет деп айтпадымбы! – дейт. Бала бир ойлоно калып, бая эшикте жазылганды сезип.

«Эмнеси болсо да бир түнөп өтөйүн» деген ойго келет. Бала абышканын жанына чөгөлөп олтура калат. Абышкага бала сырын айтат.

– Ата, ачкамын, беш күндөн бери эч наар сыза элекмин. Ачкалыктан бөбөгүм өлүп жолдо калды. Баягыны угуп абышка:

– Бир аз тура турчу, балам! – деп үшкүрүп таягын жерге сайды. Бир аз болор-болбос, болуп койбос, жесе адам тойбос, бир кенедей тамак пайда болду.

– Балам, тур, мобу насипти алып же, – дейт, абышка балага кайрылып. Бала алып жейт. Бала тойбой калат.

– Тойбой калдым, ата! – дейт.

– Мындан көп тамак жеегө болбойт. Ачкамын, арыкмын дейсиң, мындан көп жесең өлүп каласың. Мындан көбүрөөк насибиң эртең болот, – деп коёт абышка.

Аңгыча күн батып, күүгүм кирип, каш караят. Бала жатмакчы болуп жата албай, көңүлү ооп, абышканын таягын акырын уурдап алат. Бала үшкүрүп, абышкадай жерге сайса, эч кандай майнап чыкпайт. Баягыдан башка тамак болбойт, бала уктайт.

Бир аз тамак өзөгүнө түшүп, эртеси күнү эртең менен шашкеге чейин турбайт. Шашкеде козголуп бала көзүн ачса, баягы абышка да, тамак да, таяк да жок, ороо да жок, талпак да жок, үй да жок, бир эле айдай талаада жатып калат.

Бала туруп, чекесин сыйпап, үшкүрүп олтуруп, элдир-селдир эсине келип: «Мен эмне болдум, өңүмбү же түшүмбү, кандай керемет?» – деп, анан туруп, дагы узак жолго түшсө, астынан бир жээрде сакал, жээрде ат минген, кементай кийген, кейпи көп күн жүргөн бир адамга учурайт.

– Ассалоом алейкум! – деп, бала ийилип салам берет. Баягы киши алик алып, балага карата сөз салат:

– Ээ, жол болсун, балам! Түрүң арып-ачкан, кейиш тарткан, узак жол баскан бала экенсиң. Каякка бет алган баласың?..

Бала жээрде сакал кишиге жооп берет.

– Ээ, ата, мен баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн, – деп, ата-эне издеп жүрөмүн.

– Ээ, менин балам жок, ботом жок, мага бала-бото бол, – дейт, жээрде сакал киши. Жээрде атка учкаштырып, алты канат ак сарайдай болгон ак үйгө алып барат. Ак үйдө тамак-аш, ана-муна дегенден ным эчтеме жок. Бая суусаган, чарчаган бала тамшанып үстүңкү ээрдин жалап коёт. Аны биле калып жээрде сакал киши:

– Жум, балам, көзүңдү, – дейт.

Бала көзүн жумат. Абышка бир кара кыңырыкты:

– Чөлдөгөн балага кымыз бол! – деп, жерге таштап коёт.

Кымыз болуп, кымызды ичип, уйкусу келген бала кымызга мас болуп уктайт. Бир убактыда

бала тура калса, жээрде сакал киши уйкуга батып төрдө жатат.

Ата, ата, курсагым ачты, – дейт, төрдөгү кишини ойготуп.

– Дагы көзүңдү жум, балам! – деп, баягы атасы көзүн жумдурат. Макисин кармап дагы үшкүрүп:

– Жээриңе аш бол, киериңе кийим бол, – деп, таштап коёт.

Дасторкон толо тамак жайнайт. Үстүнө жаркылдаган кийим болуп, кийимди киет, тамакты ичет. Баягы курсагы ачып келген бала тамакты көбүрөөк ичип, тамак өзөгүнө түшүп эси ооп, бир күнү-түнү жатып тура калса, ак үйдүн ичинде жатат. Курсагы ачып калыптыр. Эшикке чыга калса, кабыланы баштанып, ээр токумун башына жазданып, абышка кырда жатат. Жанына барып салам айтат, укпайт.

– Ата, ата! – деп, кыйкырат, укпайт. Абышка керилип, чиренип кайра оңдонуп уктайт. Баягы бала: «И-и бу дагы менчилеп өзөгүнө түшүп кеткен тура. Мен деле макини үшкүрүп, жерге таштасам, тамак болбойбу» – деп ойлоп, макини үшкүрүп, жерге таштайт. Тамак чыкпайт, эчтеке жок. Аңгыча алай-дүлөй шамал болуп, ак үйдү асманга учуруп, күлүн сапырып, баланы учуруп барып бир кырга таштап, ат менен абышкадан дайын жок, кууураган жерге, каккан куу мамыга жүдөгөн даакысы түшпөгөн бир кийик байланып калат. Кер эчкини бала, кер эчки баланы тиктейт. Ошентип тиктешип олтуруп, көп убакыт өтөт. Кер эчки эңкейип чөп жейин десе моюну жерге жетпейт. Котуру күбүлүп, даакысы жерге түшүп турат.

Бала курсагынын ачкалыгынан эчкини союп жесем деп, көңүлүн буруп, кер эчкинин жанына басып келет. Эңкейип мойнун кармап, семиз-арыгын көрөт. Анда кер эчкиге тил кирет:

– Ээ, бала, мага көңүлдү бурба, адамзат, менин кебиме кулак сал! – дейт. Бала чочуп кетип колун тартат. Анда кер эчки балага айтат.

– Ушундай колуңдун шоктугунан, нээтиңдин бузуктугунан, өз ырыскыңдан өзүң күбүлдүң. Мен сага бир эмес, үч жолу кабылдым. Ниетиң бузук, ичиң сасык, ырыскыңан кагылдың. Бирок акыркы ирет мен сага ырыскы болдум. Жата калып эмчегимди эм! – дейт.

Бала жата калып эмчегин эмейин десе, эчки былжыраган сынма котур. Анда жийиркенип этин жыйып, эмбейин десе ачкалыктан өлүп баратат. Аргасыздан бала эмчегин эмет, үч соргондо бала тоёт.

Ушуну менен бала менен эчки тиктешип, күн батканча олтурат. Күн батканда дагы эчкиге тил кирип:

– Ээ, бала, канчалык азар, азап тартып жүрсөң дагы, бир тобо кылган жоксуң. Ушуну менен үч кабылдым. Биринчи кара үй, карыган абышка болуп калдым. Мында ниетиңди бузуп, таяк уурдадың, экинчиден жээрде ат, жээрде сакал киши болуп кабылдым. Үчүнчүдө ушундай котур эчки болуп колуңда турам. Менин котурумдан жийиркенип көңүлсүз арган жок эмдиң. Мен котур эчки эмес, перинин Умай энесимин. Мен сенин келечектеги бактылуу, жылдыздуу шер болоруңа көзүм жетип, акылдуу адам болот деп, жалгыз кызым бар эле, ушуну бермекке жолуңду тостум эле. Аттегин ай, эмчегимди, сүтүмдү эмип койдуң. Кызым экөөң эмчектеш болуп калдың. Болбостур, мындан ары ырыскың өзүңдө – деп, көздөн кайым жок болот, бала талаада кала берди.

Ыйлап-ыйлап, узак жолго түшүп жүрүп олтуруп, бир шаардын четине барып, шаардын ичи карарып-түнөрүп эле көп кишилер чогулуп жатат. Бала чогулган жерди көрүп, шаарга батына албай, бир булактын башына барып, суу ичип:

«Кандайдыр суу алган жер экен, бирөө келээр» – деп олтурса, бир жыртык чака, сынык кумган колуна алып, бир бөкчөйгөн байбиче сууга келип, эңкейип суу сузат.

Бала барып:

– Эне, амансызбы? – десе, такыр кемпир укпайт.

– Эне, бул кайсы айыл? – десе.

– Суу алып жатам, – дейт.

Суу алган чакасын караса, түбү жыртык: «Буга кантип суу токтойт» – деп бала ойлоп коёт. Мындай караса, суу ала турган кумганы сынык. Баягы кумганды көрүп: «Буга кантип суу токтойт» – деп дагы ойлоп коёт.

Баягы байбиче кумганга сууну сузуп алып, булактан ылдыйраак барып, даарат алып, чапанын жайып, намаз окуп калат.

Ошондо бала мурункусун эскерип, зырп этип жүрөгүнө түшүп: «Бул кереметтүү экен» – деп, байбиченин жанына барып, мойнуна колун салып, зыркырап ыйлап иет.

– Кой, балам, намазыман жаңылып калдым. Тобоңо таянып, эсиңе эми келдиңби, балам. Ушуну менен төртүнчү жолугушум – деп байбиче акактай кыз болуп тура калат.

– Ата-а, кичине макүрөө болуп калдың эле, – дейт.

Ал: «Макүрөөсү эмне» – деп ойлойт. Анда кыз жооп берет:

Макүрөөсү ушундай. Биринчи жолуккан кишиң менин чоң атам эле.

– Экинчи жолуккан өз атам, үчүнчү эчки – албарсты. Ошол кубулган котур эчкинин сүтүн эмип койдуң, макүрөөнүн жайы ушундай. Эки атама адал иш кылсаң, сени өз жаныма тартып, өздөрүндөй шер кылып алмак. Мени сага бермек. Бирок ошолордон ажырап калдың. Тээ карарган калың элге барба, анда бир жаман иш, хандын кызы тилсиз жатат. Ошону ууланттыңар, ким уулантканын билип бергиле, – деп хан элди кыйнап жатат. Болушаарың жок, жалгыз экенсиң, мен төртүнчү жолу жолуктум, – деп, кыз кайра тартмакчы болот.

– Карындаш, бардык ишти кечир, бир мээримиңди берип кет! – деп, бала жалдырап, жалооруп кызга кайрылып, көзүнүн жашын төгүп жиберет. Эч жерде, жакын жерде шааркөрүнбөйт, азыгым жок, ачкамын.

Кыз жүрөгү жумшак эмеспи, мээримин төгүп:

– Көзүңдү жум! – деп, баланын көзүн жумдурат.

– Минээрине ат, киерине кийим, атаарына мылтык, чабаарына кылыч, саярына найза бол! – деп үшкүрүп, колунда шакегин жерге таштайт.

– Көзүңдү ач! – деп кыз кайрылат.

Баягы кыздын айтканындай бардыгы орундап, минээрине ат, ичээрине аш, киерине кийим, чабаарына кылыч, атаарына мылтык, саярына найза болуп калат. Кыз айтат:

– Токто, жигит! Бу шаардын ханынын кызынын тилден калганы эки бутунун ортосунда тилин бууп албарсты жатат. Сен жалтанбай, хандын үйүн ыргыта сайып, кыздын бутунун ортосунда жаткан албарстынын башын камындырбай кылыч менен кыя чап!.. Ошондо кыз:

– Ушунчалык уктаган экенмин – деп, үшкүрүп тура калат.

Албарстынын боорун жарып, өтүн, тилин кесип, тилинин астындагы мөөрүн ал, таманын тилип туз салсаң, ишиң оңолуп, кандын кызы сенин жарың болот. Ошенте албасаң, сенин өлүмүң ошо жерден, хандан. Жалтанбай бар! Алың жетпей баратса, өзүм жардам берем. Көзүңдү кыздын бутунан алба, бурулуп эки жакты карап калба. Бурулуп калсаң, албарсты тура калып, сенин бооруңду тилип, туз салат. Ошентип кыз көздөн кайым болот. Жигит зооту кийип, жарак-жабдыгын тагынып, найза менен сайып, хандын ордосун жалтанбай жардырып өтөт.

Хан тура калып:

– Кайдагы акмак, макулук, кармагылачы! – дегиче, жигит бурулуп кыздын жанына келип, албарс-

тынын башын кыя чаап, көзүн оюп, тилин кесип, ичин жарып, боорун алып, таманын тилип туз салып, денесин отту көздөй ыргытканда, кыз:

– Ох! – деп, тура калат.

– Тактымды, таажымды, кызымды да берем, – деп хан шерт кылган. Айткандай такты-таажысын, кызын, хандыгын берип, баланы хан көтөртүп, өзү увазир болуп, жыргап жатып калат.

Өз жаны тынчып көңүлү толкуп, колуктулуу хан болуп, жайланып калгандан кийин, эртегеси эсине, баштагысы башына түшүп, ит агытып, куш салып, канчалык шайырланып жүрсө дагы хандын кабагы салыңкы, капалуу. Анын оюн хан кайнатасы таап коёт. Кайнатасы айтат:

– Ме ушул шаарга жүз жыл сурак жүргүздүм. Элимден сендей жылдыздуу, бактылуу, маңдайында периште ойноп турган жигитти көргөн эмесмин. Ошондой болсо да бир капаң бар, сырыңды жашырбай айт, – дейт.

Анда бала намыстанып: «Толук сырымды айтсам болбостур, башкача жооп берейин» – деп:

– Ата, менде эч капа жок. Мен дагы сиздей кандын баласы элем. Айылдан чыгып, мергенчилеп, кийиктин кызыкчылыгына түшүп, үйүмдөн чыкканы үч ай талаада болуп, үч айдан кийин барсам, айылымды жоо чаап, ата-энемди колго түшүрүп байлап кетиптир. Ошентип, ага-инимден, эже– карындаштардан ажырап, сизге келип бала болуп калдым. Эч капачылыгым жок, – деп, жашырып коёт.

Баякы кыраакы кайын ата көп ишенбеди. «Мейли эми, кандайдыр жашырып койду. Дагы көрө жатарбыз. Жоо чапса, каракчы алса, калайык-калктан, жумурай-журттан бирөө бир белги берет эле да! Бул сөзү жалган» – деп ойлоп, эки-үч жыл өткөндөн кийин Атакан хан мурунку хан Токсобайга келип:

– Ээ, атсалоом алейкум, Токо! Эми бир кулач уулдуу болду деп угуп, достошоюн деп, күйөө балаңыз экөөңүздү конокко чакырып келдим, – дейт.

– Достошуп келгениң үчүн, – деп, Токсобай хан Атакан ханга ээр токуму менен тулпар мингизип, алтын зоот кийгизип, колуна туур менен шумкар кондуруп, Атакан ханды узатат.

Арадан беш ай өткөндөн кийин, күлүктөн жүздү, жоргодон жүздү байлатып, бир нарга жамбы арттырып:

– Ассалоом алейкум, Атакан ханым, тууруң кут болсун, жубайың жуп болсун – деп, Атаканга конокко барат.

Атакан кызыр эмди тай, ак боз бээ союп, конокту жакшы мээримдүү тосуп алат. Кеч бешимде тайдын эти бышып, меймандардын колуна суу куюлат. Бала хандын колуна суунун кезеги келгенде эси ооп, колун суруга жууй берет. Жалгасын дебегендиктен, суу куйган бала сууну куя берип, кумганда суу түгөнүп калат. Суу куйган бала сыртка барып, кумганга кайра суу куюп келип, кайта куйганда эси ооп, жууй берет, астындагы чылапчын толуп кетет.

– Мага достошкону келбей эле, булар шылдыңдап келген тура. Бер батаңды! Тарт кумганды! – деп, тыяктан Атакан хан кыйкырып иет.

– Болду, баатыр! – деп коёт, бая эси оогон хан.

Атакан хан ансайын ачуусу келет. «Баатыр быякта турса, менин суу куйган баламды баатыр дейт тура! – деп, Атакан сынып калып, сыр билдирбейт. Хандан ылдыйкы элге бала сууну куюп бүтүрүп эшикке чыгып кетет. Аңгыча алты-жети табакка эт жасалып, эт келет. Этти устукандап, эл устукан алып жеп жатканда, бая суу куйган бала кирип келгенде:

– Ме, баатыр! – деп, макиси менен сайып, устуканды берет.

«Бул мени шылдың кылганыбы, жан бага албай сенделип жүргөн жетим баланы баатыр дейт. Баатырдыкты көрсөтөйүн» – деп, Атакан хан баланы экинчи жолу баатыр дегенде ашкере жини келип кекенет.

Аңгыча макидеги этти алам деп, эт менен маки кошо кетет. Эттеги макини бала суура коёюн десе

эле, бая агасынын макиси. Суу куйган бала макини таанып, бетиндеги атын окуп, бакырып ыйлап чалкасынан кетет. Бая эт жеген элдин баарысы таң калып, баланын башын көтөрө калат. Ачуусу келип турган Атакан жигиттерине буйрук кылат.

– Чыгар, эшикке сүйрөп чык! Жаагын бас! – дейт. Эки жигит желпилдетип эшикке сүйрөп чыгат.

Ошо менен кекейип хан бала сыр алдырбай, эт да жебей, желпилдетип баланы сүйрөп кеткенине зээни кейип, улутунуп үшкүрүп, катуу ойго түшөт. Аны капшытта олтурган кара хан кайнатасы таанып: «Бир керемет болду!» – деп, байкап калат. Ошондо эл эт жеп бүтүп, бата кылып, Атакан:

– Суу куйгуч баланы чакыр! – деп, кайта башынан суу куйдурат.

Кайра башынан бала суу куят. Ханга жеткенде баягы кан кайра талып, баягысындай эси ооп, колун жууй берет.

Башта эле ачуусу келип турган Атакан чыдай албай кетип:

– Ой, хан балам, канча жылдан бери колунду жууй элексиң? – деп, ачуураак сөз менен айтат. Анда колун жууп жаткан бала хан:

– Аба, анын жайын шашпай айтам, – дейт.

– Балам, бир керемет болду го. Ханга кан сырын жашырбайт. Кары-жаштын астында айт! – дейт, төрдө олтурган аксакал киши.

– Кандайча керемет болду, аба? – дейт, бала токтоло калып.

– Биринчи суу куйган бир жарым кумганга, экинчи суу куйганда Атакан айкырганча жуудуң. Бирок жалгасын дегендин ордуна шашкан сыяктуу: «Болду» – деп койдуң. Төртүнчүсүндө устукан бергенде: «Ме, баатыр» – деп бердиң, бешинчи макиң кошо кетип, балаң бакырып жиберди Бул кандай керемет дегенде карыя, бала хан жооп кайтарды.

– Ата, менин элимди жоо чаап кеткенде, бир кичинекей иним бар эле, ошол мен мергенчилеп

кеткенде артыман кетип, үй таппай жоголуп кеткен. Колунун үстүндө меңи бар эле. Ошол менин бөбөгүмдүн меңине окшош экен. Ошол меңди көрүп бөбөгүм эске түшүп, ойго батып кетиптирмин. Аяш атам бер батаңды, тарт кумганды дегенде, ойго баткан жаным, шашып кетип, иним мендей баатыр болчу бала эле, байкоосуздуктан баатыр болот эле деп ойлоп жатып, айтып коюптурмун. Экинчи устукан сунганда колумдан маким кошо кеткен себеби, эсим ооп туруп, ошо болсо билсин дегендей кылып, макини кошо коё бердим. Макинин бетинде: бир жагында өзүмдүн, бир жагында инимдин аты бар эле.

Ошондо Атакан тура калып, баланын тың, баатыр болооруна көзү жетип: «Атаңдын көрү ай! Менин балдарымдын бири да ушундай эмес» – деп сын коюп жүрчү. «Суу куйгучун бала кылып алыптыр дейби» баланын кандай табылышын, кайсы жерде болгондугун, ит агытып, куш салып жүрүп, бала кара таштын түбүндө ымжан жаны менен жатканын, койнуна корголдой алтын катканын, түгөл-түз эл алдында айтып берди.

Ошондо бала хан эси ооп күн-түн үч күн жатып калат.

– Баланын сырын эбак билгем! – деп, инисин табыштырып, Атакан пери кызындай сулуу кыз алып берип, үстүнө үй, астына казан асып, өрүшүнө мал салып узатат.

Эки бир тууган табышып, мурунку башынан өткөн окуяны эсине алышып, бирибиз хан, бирибиз үйлүү-жайлуу болдук, атаны бир кайрылып издейлик деп, эки бир тууган кеңешип, элине жөнөйт.

Келсе, элин жоо чапай эле, эли аман. Атасы тирүү. Өгөй энеси кадимкисиндей жүрөт. Бирок атасы карып калган.

– Ассалоом алейкум, ата! – деп, балдары келет.

– Ээ, балдарым, кайдагы балдарсыңар? – дейт атасы.

– Биз сиздин балаңыз болобуз, – деп, жооп берет таанныбай калган эки бала.

– Менин балдарым эбак эле өлгөн – деп, ишенбейт атасы.

– Балдарыңыз эмне болуп өлдү эле? – деп, балдары суроо берет.

– Ээ, балам, балдарымдын өз энеси өлүп, кийин ушул байбичемди алгам. Сулуулугуна суктанып, байбичеме ушундай жаман бузуктук иш кылган. Элден, журттан уялып, элдин бетин карай албай өлтүртүп таштагам.

– Ай, ата, бизди койчуларың, жигиттериң өлтүргөн эмес. Биздин ордубузга кой сойгон. Койдун канына көйнөгүбүздү боёп, сизге көтөрүп келип берген десе балдары, атасы ишенбейт.

– Дагы кандай белгиң бар? – дейт.

– Ээ, ата, эми бир белгибиз калды, ошону көргөзсөк, ишенесизби?

– Ишенем, балам.

– Өгөй энебиз өзүң барда айран, өзүң жокто айранга суу кошуп, өзүң барда талканды көөлөп, өзүң жокто кебеги менен көөлөп берчү эле. Ошондо өзүң барда көөлөп берген талканы мына деп, кебеги жок талканды, өзүң жокто көөлөп берген талканы бул деп, кебектүү талканды көтөрүп келип берет.

– Биздин акыркы белгибиз ушул. Түшүнсөң – түшүн, ишенсең – атабызсың, ата кылып алабыз, ишенбесең – как талаада каласың деген экен эки бала.

Ошону менен балдарынын ак экендигине көзү жетип, өгөй энени кер өгүзгө мингизип, кементайды кийгизип, чытырман токойду көздөй айдатып өрттөтүп, балдарын бала кылат.

«Ата-бала кыйышпайт, ак жеринен ийне сынбайт» деген ылакап ушундан калган экен.

## ӨНӨРЛҮҮ БАЛА

Илгери өткөн заманда бир хан болуптур. Ал хандын жалгыз кызы бар экен. Ал сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу болуптур.

Күндөрдүн биринде хандын төрт тулпарын багып жүргөн абышканын жалгыз баласы, хандын жалгыз кызына ашык болот да:

– Ата, сен мага хандын кызын алып бер, деп атасына айтат.

– Иттин гана баласы! деп абышка баласына ачуусу келет. Мен киммин, кейпим бул болсо, сенин кейпиң алдагы болсо, хан кантип бизге кызын берет?! – дейт. Бирок бала ага болбой атасын кыйнай берет. Абышка болсо баласына ачууланып, канча айтса да тиги укпайт.

Бир күнү хан эшигинин алдында ары-бери басып жүрүп, абышканын баласына ачууланып жатканын угуп, абышканы өзүнө чакырып алып: «Сен балаңды эмнеге эле тилдеп жатасың?» деп сурайт. Абышка коркуп, сөз эмнеден болгонун айтпайт. Ага болобу, хан абышканы коркутуп жатып себебин айттырып алат.

– Андай болсо, – дейт хан. Сенин балаң мага күнтүн дебей күйүп турган алтын чырак таап келип берсин, андан кийин мен кызымды балаңа беремин, дейт.

Абышка үйүнө келет да, баласына хандын тапшырмасын айтат. Бала макул болуп, алтын чыракты таап келүүгө жол тартат. Бала чыракты издеп бир нече ай жол басат. Бир күнү түш ченде ээн талаада чарчап келип уктап калат. Бир убакта чочуп ойгонуп кетип, ылдый жагын караса, кумдан оргуштап кичинекей булактын агып чыгып жатканын көрөт. Бала тура калып калпагы менен булактагы сууну башка жакка төгүп жатып, булакты соолтот. Андан кийин булактын түбүн караса, түбүндө күйүп турган алтын чырак турат. Бала түшүп барып алтын чыракты алат да,

кайра бир нече ай жол басып келип, атасынан алтын чыракты канга берип жиберет. Хан алтын чырактын күн-түн дебей күйүп турганына ишенет да, абышкага: «Эми балаң элимде жок, жеримде жок өнөр үйрөнүп келсин!» дейт. Абышка хандын тапшырмасын айтып келди эле, бала угаар менен өнөр издеп жол тартат. Ал нечен шаарды кыдырып, өз элинде жок өнөр таппайт. Ошентип бир топ жылды өткөрөт. Чарчап-чаалыгып да, аябай арып-ачып бүтөт. Кайра үйүнө, келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, бир жарды кемпирдикинде отун суусуна каралашып, оокат кылып жүрөт.

Бир күнү түн ортосунда эшикке чыкса, бир жаман тамдын жанынан жылтылдап күйүп жаткан отту көрөт. Бала жүгүргөн бойдон жетип барат да, бул эмне болду экен деп акмалап турат. Бир киши акырын оттун ысыгына бутун салып күйгүзүп, күл кылып, кайра бут жасап, колун отко салып күйгүзүп, кайра кол жасап жаткандыгын көрөт да, кантип үйрөнүш керек деп карап тура берет. Бир убакта эшикти шарак эттирип ачып, үйдөн бир кыз чыгып келет да, баланы кармап алат.

– Сен кайдан жүргөн баласың? Бул шаарда сендей неме жок эле, чыныңды айт! деп кыйнай баштайт баланы. Бала айласы кетип, башынан өткөндүн баарын айтып берет. Андай болсо, сен биздикинде тургун. Тигил менин атам, анын андан да артык өнөрлөрү бар. Атам кээде ат болот, кээде канаттуу куш болот, кээде төө болот, кээде адам жей турган тамак болот. Мен сага ошол өнөрдүн баарын үйрөтөмүн. Үйрөнүп болуп, анан үйүңө кетесиң, дейт кыз. Кыз балага атасынын бардык өнөрүн үйрөтөт. Бала кызга алкышын айтып коштошуп, баягы өзү жатып жүргөн кемпирдин үйүнө келет.

– Энеке, мен азыр чоң кара ат боломун, сен базарга алпарып саткын да, ошол акчага өзүңө оокат алгын, бирок менин башымдагы ноктомду сатпа. Эгер

аны сатсаң, менден ажырайсың, сатпасаң мен кайра келем, дейт кемпирге. Кемпир ага макул болуп, атты базарга алып барып, бир топ акчага сатат. Ноктосун шыпырып алып, кайра жүрө берет. Ошентип жатып кемпир ашкан байлыкка ээ болот.

– Эне, дейт бала бир күнү кемпирге. Эртең шаарда чоң базар болот. Мен эртең чоң кара нар болоюн, сен мени базарга алып барып саткын, бирок ноктомду сатпа, эгер сатсаң менден айрыласың, дейт.

Эртеси бала чоң кара нар болот. Аны базарга алып барат. Базарда кемпир бир топ киши менен соодалашып жатканда, баягы өнөрдүн ээси көрүп калат да, «бул менин өнөрүмдү үйрөнүп алган кандай неме» деп караса, баягы өзүнүн үйүндө жүргөн бала. «Ии, буга өнөрдү менин кызым үйрөткөн экен. Кой, муну сатып алып, үйгө алпарып, баланы балталап өлтүрөйүн», деп ойлоп:

– Ай кемпир, кара нарыңды мага сат. Мен көп теңге берем, деп сүйлөшө баштайт. Кемпир макул болот. Төөңдү ноктосу менен сат! Жалаң ноктоң үчүн беш жүз теңге берем! дейт абышка. Кемпир теңгеге кызыгып, нарды ноктосу менен сатып жиберип, үйүнө жүрө берет.

Абышка кара нарды жетелеп алып келип, үйүнүн алдындагы мамыга байлап коёт. Аңгыча баягы өнөр үйрөткөн кыз, баланын эшикте кара нар болуп байланып турганын көрүп: «Кой, бул байкушту агытып жиберейин. Бул да бирөөнүн жалгызы эмеспи, эптеп күнүн көрсүн», деп баланы агытып жиберип: «Сен эми куш болуп сызган бойдон качып жөнө да, өз айылыңа жеткин», дейт.

Абышка сыртка чыгып, баланын артынан бүркүт болуп кубалап жөнөйт. Бала менен абышка бири бүркүт, бири кош болуп куушуп жүрүп отуруп, кечки бешимде бала турган шаарга келишет экен.

Бала зымырап учуп келип, дөбөдө отурган хандын жанына конуп калат. Абышка баланын артынан

келет да, обочороок барып конот да, бирде кыргый, бирде каз, бирде өрдөк болуп кубулуп турат. Бир кезде бала таруу болуп кубулуп, хандын төш чөнтөгүнө куюлуп кетет. Абышка чоң кызыл короз болуп, «эми таруунү терип жеп коёюн деп» хандын жанына келип жер чукуп турган кезде, бала кайра куш боло калат да, кызыл корозду басып өлтүрүп салат. Ал адам кейпине айланып өз үйүнө барат.

Хан кечинде көргөн укмуштуу ишине таң калып, эртеси элин чогултуп: «Бул ишти ким билет? Мен ушул жашка келгенче бир канаттуунун кубулуп, экинчи канаттуу болгонун көргөн эмесмин. Бул кандай укмуш? Ушул ишти көргөн-билгениңер болсо, айтып бергиле? дейт.

Эл жымжырт болуп калат. Бир убакта баягы бала чыгып келип:

– Ханым, уруксат бериңиз, ал ишти мен билем! дейт. Хан балага уруксат берет. Ошондо бала ханга карап:

– Сиз мага менин элимде, менин жеримде жок өнөр үйрөнүп кел дегенсиз, ал эсиңизде болсо керек? Жанагы куш болуп корозду басып жеген мен болчумун! Менин үйрөнгөн өнөрүмдү ошол короз болуп кубулган адам да билчү. Бирок ал мага душман эле. Ошондуктан ал менин артымдан кууп келген. Бирок ал мени жей албай, мен аны жеп койдум. Душманымды өлтүрдүм, ханым! - дейт бала. Баланын айтканына элдин баары таң калышат.

– Ошол куш сен болсоң, анда азыр элге бир өнөрүңдү көрсөтчү? – дейт хан балага ишене бербей. Бала макул болуп, дароо бир чоң аргымак болуп элдин ортосуна алчаңдап чыга калат.

Хан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп, хан болсо убадасы боюнча кызын берип, чоң той берген экен.

## РУМ ПАДЫША МЕНЕН ТУРУМ ПАДЫША

Илгерки бир заманда Турум деген падышанын баласы куш салып кечинде үйүнө келатса, ак тайлак минген бир кыз алдынан чыгат.

– Кайдан келатасың, атың ким? – дейт сурайт бала.

– Мен Рум падышанын Каракөз деген кызымын. Мени издеп таап ал! деп ак тайлакка камчы басып жөнөп кетет.

Кара кашка аргымагым кууса жетет, ушу кызды кармап эле алайын, деген бала кызды кууп жөнөйт. Бирок тиги жерден чаң бурк этип, бул жерден чаң бурк этип, ак тайлак чуркаганда бала жетпей калат.

Турум падышанын баласы бир топ жигит менен эртеси да ууга чыгып, кечинде үйүнө кайтып келатса, баягы кыз дагы алдынан жолугат. Бала дагы кууп жетпей. калат. Ошондон тарта баланын оюнан жанагы кыз кетпей, өңүнөн азып, санаа тартып, жүдөп кетет.

– «Менин балам өңүнөн азып кетти, эмне болгонун сураштырып билгилечи?» деп вазирлерине тапшырма берет. Алар падышанын баласына келишип:

– Сен эмне санаа тартып жүрөсүң? Эмнегедир өңдөн азып, жүдөп баратасың? – деп сурашат.

– Рум падышанын Каракөз айым деген кызы мага эки жолу жолугуп, мен эки жолу кууп жетпей калдым. Каракөз айымды алышым керек. Аны атама айткыла. Каракөз айымды алууга ыраазычылык берсин. Мен жалаң ошону ойлоп жатып азып кеттим, башка оорум жок! – дейт.

Баланын айткандарын вазирлери Турум падышага төкпөй-чачпай айтып келишет. Турум падыша бир топко ойлуу отуруп:

– Алса алсын! Анда жолго камдагыла, деп баласына курал-жаракчан кырк жигит кошуп берип,

кырк бээни союп, кырк төөгө азык, кырк төөгө пул, дүйнө артып Румдун шаарына жөнөтөт.

Кербен бир нече күн жол жүрүп, Румдун шаарынын четине жетип конот. Жигиттерин күзөткө коюп, өзү дем алганы жатат бала. Бир оокумда чурулдаган чуу чыгат, чочуп ойгонуп кетип караса:

– Тос эле тос, карма эле карма! деп бирөөнү бир нече киши кубалап жүрөт. Качып келаткан кишини бала карматып алат да:

– Сен эмне болгон жансың? деп сурайт.

– Мен Рум падышанын колуна түшкөн Кыраанкара деген ууру элем, ал эми сен кимсиз? – деп кайра баладан сурайт.

– Мен Турум падышанын баласымын. Рум падышанын Каракөз айым деген кызын издеп келатам, – дейт бала.

– Эгер мени тигилерден куткарып алсаң, мен сага Каракөз айымды уурдап келип берем, – дейт Кыраанкара.

– Сени кантип куткарып алам?

– Кырк төөңдү дүйнө-пулу менен берсең, куткарып аласың.

Бала дароо макул болуп, кууп келгендерге кырк төөсүн пулу, дүйнөсү менен кармата берип, Кыраанкараны куткарып алат. Алар дем алып отурушкан кезде Кыраанкара:

– Каракөз айым менен Жансүйөр деген кызды өзүм эле алып келем. Тиги кырк жигитиңди кайра кетирип жибер, дейт. Бала буга да макул болуп кырк жигитин үйүнө жиберет. Кыраанкара тоодогу токойду аралап жүрүп, балтасы менен токойду кыркып жол ачып баратса, алдынан бир кыз чыгат: «Кайда баратасың?» – деп сурайт Кыраанкара.

– Рум падышанын Каракөз айым деген кызы тоодогу ак сарайда жашайт. Аны кырк кыз, кырк жигит болуп кайтарабыз. Мен ата-энеме тамак жасап берейин деп кетип баратамын, дейт кыз.

– Эмесе сага бир сыр айтайын, деген Кыраанкара кызды өзүнө тартып: Каракөз айымдын сүйгөн жигити алыстан келиптир. Сен анын турган жерин эле көрсөтүп кой, деп ээрчитип алат. Алар токойду аралап жүрүп отурушуп араң жетишет. Ал жерден Кыраанкара Каракөз айымды чоң куржундун бир көзүнө, Жансүйөрдү экинчи көзүнө салып алып көтөрүп жөнөйт. Аны байкап калган күзөтчүлөр артынан кууйт. Кыраанкара канаттуулардын, айбанаттардын, өсүмдүктөрдүн тилин билген, бир уктаса кырк күн уктап, кырк күнгө чейин такыр уктабаган күлүк адам болуптур.

– Бүгүн үйгө жетебиз, мен кырк күн уктаймын, менин кырк бөлмөлүү үйүм бар, силерге бир аял кырк бөлмөнү бирден кыдыртып чыгат, бөлмөдөгү дүйнөлөрдү көрсөтүп, кайра жыйнаганча кырк күндүн өткөнү билинбей калат, – дейт Кыраанкара.

Ошол күнү куугунчуларга жеткирбей куржунун көтөрүп алып үйүнө келген Кыраанкара баягы өзү айткандай уктайт. Бир аял үйдүн ар бир бөлмөсүн ачып, ичиндеги дүйнөнү тигилерге көрсөтө баштайт. Кыркынчы бөлмөнү ачып көрсөткөндө, анда эки тулпар турат. Аял эки тулпарды Каракөз менен Жансүйөргө жетелетип сугартат. Аңгыча бир калдайган кара булут келип, эки тулпар менен эки кызды көтөрүп алып кетет. Ошол күнү Кыраанкара ойгонот. «Эки тулпар менен эки кызды бир калдайган кара булут келип көтөрүп кетти», дейт бала.

– Бир тулпар меники, бир тулпар алп кара куштуку болчу. Экөөбүз мелдешип жарышканбыз. Ал асманга учкан, мен жерде жүгүргөнмүн. Ошондо алп кара куштан мен озуп, анын тулпарын утуп алганмын. Ал ошого ичи күйүп алып кеткен турбайбы, дейт да чоң балтасын көтөрүп барып, бир чоң теректи кыя баштайт. Көрсө, алпкаракуштун жаны ошол жерде экен.

– Кара жаным, кыйба! Ой жаным ай, жаным! Мына аманатың, деп эки кызды, эки тулпарды алып түшүп келет.

Эртеси Кыраанкара баланы бир ийнине, кыздарды бир ийнине көтөрүп баланын үйүнө жөнөйт. Ошол күнү анын үйүнө жептей, бир токойго конуп калышат. Кыраанкара уктамыш болуп жатса, бир маалда дарактын башына үч көгүчкөн конот.

Бул баланын атасы ушул кызды алганына капа болуп, балам ууланып өлсүн деп, уудан кошуп куш жасап, уудан эр токумдуу ат камдап, уудан тайган алып атасы эртең жолдон тосуп чыгат, дейт бир көгүчкөн жанындагы жолдошторуна.

Эртең менен турушканда Кыраанкара балага карап:

– Сенин атаң, сенин келинчек алып келатканыңды угуп, алдыңдан токулгалуу ат, куш, тайган алып чыгат. Достук кылсаң, ошол үчөөнү тең мага бергин? – деп суранып калат.

– Берейин, досум, дейт бала. Алар сага аздык кылат. Андан да көп нерсе берсем болот сага.

Эртеси баягы Кыраанкара айткандай атасы тосуп чыгат.

– Балам, мынабу атты минип, кушту кондуруп, тайганды ээрчитип ууга чыгып, көңүлүңдү ачкын. Сенин келинчек алганыңа кубанып алып келдим, деп алдына тартат.

Бала атасынын тартуусун алып, досуна берет. Досу атты, кушту, тайганды алат да токойго барат, анан баарын өрттөп туруп, күлүн суугa салып жиберет.

Атасынын айласы кетип, бир күнү баласы уктап жатканда, баламды соруп өлтүргүн деп, ажыдаарды жиберет. Кыраанкара аны билип, уктабай кылычын камдап, аңдып жатат. Ажыдаар эшиктен жылып, үйгө белчесинен киргенде Кыраанкара аны кылыч менен бөлө чабат. Кан чачырап Каракөз айымдын бетине тийет. Каракөз айым ууланып калбасын деп анын бетине жоолук жаап, тамган ханды Кыраанкара соро баштайт. Бала ойгонуп, ичинен наараzы болуп калат.

– Досум, мен сага жакшылык кылып жатам, сырымды айтпаймын. Айтсам таш болуп калам, жакшылыкты билбейт турбайсыңбы? – дейт.

– Жок, сен дос эмес, мага кас экенсиң! – деп болбойт.

– Эми досум, сен учун таш болсом болоюн, сырымды айтайын. Атаң сенин Каракөз айымга баш кошконуңа нааразы болуп, сени өлтүрүү үчүн ууланган ат, куш, тайган алып келип тосподубу. Алар менен ууга чыкканда сен ууланып өлмөксүң, ошондуктан мен аларды алып өрттөп жоготтум. Кийин соруп өлтүр деп ажыдаарды жиберди, кылычымды даярдап түнү менен аңдып жатып, ал үйгө жылып киргенде бөлө чаптым. Анын каны Каракөз айымдын бетине чачырап калды эле, ууланып калбасын деп, соруп жаткан болчумун, дээр менен Кыраанкара белине чейин көк таш болуп катып калат.

– Айтканындай эле бул көп жакшылык кылды эле, эми мунун жакшылыгынан кантип кутулам! – деп бала Кыраанкараны көтөрүп алып жөнөйт. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге барып жатып калат. Ак кийинген, ак боз ат минген ак сакал карыя келип:

– Ой балам, эмне жатасың? деп сурайт. Анан баланы ойготуп, ордунан тургузат да: Сен барып Кара тоону тап, анда капкалуу кара булак бар. Аны сен «кайдан табылчу элең, капкагың кайдан ачылчу эле» – деп туруп, Кыраанкаранын биринчи буттарын салгын. Буту тыбырайт, анан булакка бүт денесин малгын. Кыраанкара «ушунча уктаган экенмин» деп тура калат. Баргын, балам! деген сөздү айтып карыя көздөн кайым болуп кетет.

Бала Кыраанкараны көтөрүп алып, Кара тоого жөнөйт, барып капкалуу кара булакты табат. Баягы карыя айткандын баарын аткарып, булактын капкагын ачат. Андан кийин Кыраанкаранын бутун салат, ал тыбырайт. Анан денесин булакка матырып алат.

– Өх, абдан уктаган экенмин, деген Кыраанкара тура келет.

Алар ал жерге бир аз өргүү жасап, анан Кыраанкара баланы көтөрүп алып, бир күндө үч айлык жолду басып, анын элине жөнөйт. Бала кетип баратканда: «Кыраанкара мурункуга караганда кандай басып калды экен, сынап көрөйүн», деп тебетейин түшүрүп жиберет.

– Ой досум, тебетейим түшүп кетти! дегиче Кыраанкара жарым күндүк жолго узап кеткен экен.

Алар жүрүп отурушуп баланын айылына келишет. Айылда чогулган көп элдин карааны көрүнөт. Кара кементай кийген, кара өгүз минген бир койчу жолугуп калат. Андан сурашса, койчу:

– Балам болсо өлдү, анын досу Кыраанкара таш болуп калды деп, алардын ашын берип, эми эки кызды өзүм алам деп кан той өткөрүп жатат, деп иштин жөн-жайын айтат.

– Сен койчум, – дейт Кыраанкара, азыр ханга барып айт. Акылыңа кел, ээси келатат, аманатын колуна сал, дегин, деп койчуну той болуп жаткан жерге, баланын атасына жиберет.

Койчу ханга барып. Кыраанкаранын айткан сөзүн айтат.

– Бул жаман койчу эмне дейт! деген кан ачууланып, жигиттерине койчуну кубалатып чыгат. Койчу Кыраанкаралар турган жакка качат. Кыраанкара койчуну кууп келгендердин сазайын берип, чаңын асманга чыгарып, кыргын салат. Ханды туткундап, дарга асат.

Ошентип, бала хандын таажысын кийип, такка отуруп, атасынын ордуна хан болот. Чоң той берип, Каракөз айымга баш кошот. Ал эми Жансүйөр кызды Кыраанкарага алып берип, кош айтышып, аны эли-жерине узаткан экен.

## САРГАЛДАЙ МЕНЕН АК КОЁН

Илгерки өткөн заманда байлыгы менен мартабасына чиренген Кансейит бай:

– Кандайча болсом малсыз боло аламын – деп, элден кеңеш сураган экен.

– Кансейит байым, сиз байлыктан кутулгуңуз келсе, төөнүн үстүндө бара жатып нан жесе, жарды болот, – деп уккамын. Сиз да ошону кайталасаңыз, малдан ажырап, жарды болуп калууга тийишсиз, – деген экен эл ичинен бир карыя чыгып.

Ошондо Кансейит бай колуна ак буудайдын нанын кармап, ак төөгө минип, нан жей баштайт. Көп узабай эле жеп жаткан нанынан үбөлөнүп бир күкүм нан жерге түшүп кетет.

Кансейит төөдөн түшүп, күндүн мурду жерге жаңы чачыраганда издеген, каш карайып, адам көрбөй калганча издейт, бирок табылбайт.

Акыры караңгы кирип, эч нерсе көрө албай калганда, аза таягын ошол жерге житире казык кылып кагып кетет. Нандын күкүмүн таба албай, убара болгон Кансейиттин көз жашы мененби, же ак буудайдын нанынын касиетиби, айтор, бир чынар терек болуп өсүп чыгат. Эртеси дагы издөөгө барган экен. Ошентип айбы-жылбы табалбай, акыры «Ушул чынар терек болуп жүрбөсүн» деген ойдо калыптыр.

– Төөнүн үстүндө нан жесем деле, малдын жок болот деген сөзү жалган го. Жок дегенде карышкыр кырып, же боор базгак болуп, бир азыраак зыян келтирбес беле. Ойгода, тоого да малым батпаса, убайын мен көрбөй, күң-кулдар көрүп жатса, жети жылдан бери малымдын эсебин билбесем, андан көрө«ач кулактан тынч кулак» кедей болуунун жолун таап берсеңиздер, калайык-калк! – деп, Кансейит бай элге экинчи жолу кайрылганда, эл ичинен Айдаркул деген киши чыгып:

– Кансейит байым, «кесирлүү киши бай болбойт, жардынын колу май болбойт» деген ылакап бар го, сиз кесирлүү болсоңуз, жыл маалына жетпей жылан сыйпагандай малдан ажырайсыз – дейт.

– Эмесе, мен кандайча кесир күтүүм керек – деп, суроо берет Кансейит бай.

– Биринчиси, сиз ак төөнүн үстүндө ак нан жедиңиз, бирок жоголгон нандын күкүмүн издеп, кыйналбоо керек эле. Нанды талаага тепсендиге таштаган кесир, сиз адам баспай тургандай кылып короолоп коюпсуз, андан чынар терек пайда болуп жатпайбы. Сизге үч тапшырма берейин, ошону аткарсаңыз, малдан толугу менен ажырап, итке минген жарды боло аласыз. Биринчиси, кыргыздын көбү эле боз үй күтөт. Ар бир боз үйгө кирген сайын, эстен чыгарбай, эшигин кайра тээп кирип жүрүңүз. Экинчиси, иттин ит аягын колуң менен кармабай, бутуң менен тээп келип, көмкөрүп коюп жүрүң. Үчүнчүдөн, элдин тыгыз орношкон жерине чоң сууга тегирмен салдырың да, андан кала алдырың, ошондо малдан ажырайсыз – дейт Айдаркул.

– Айтканыңды аткарайын, анда жарасы жеңил экен, – деп, бир топ күндөр эмес айлап, өз үйүнө кирсе да, өзгө үйгө кирсе да, босогону басып туруп, эшикти кайра тебет. Көп убактылар ушундай көрүнүштөрдү эчен жолу кайталаса да, эч кандай шекшыбаат болбойт. Айласы кетип, Кансейит иттин ит аягын тээп барып, тамак берип, кайра келип, ордуна келип көмкөрүп таштайт.

Айласы кеткен Кансейит Айдаркул чеченди чакырып алып, катуу кысымга алат.

– Сен Айдаркул, мени шылдыңдаганы жүргөн экенсиң да, мына сенин үч жолку берген тапшырмаңды аткардым, эч нерсе тыянак чыкпады. Жалган айтып мени маскаралагандыгың үчүн жазаңды аласың, – дейт.

– Ээ Кансейит байым, экөөнү туура аткарыпсыз, бирөөнү туура эмес аткарып жаткан экенсиз.

– Кандайча мен туура эмес аткарам, өзүңдүн айтканыңдын баарын өз ордундай аткардым. Айдаркул чечен сен жаныңды жебе, – деген турбайбы.

– Бирөө гана туура эмес дебедимби, ал сиз тегирмендин каласын алгандан алсам деп, тегирменге келген адамдардан өзүңүз моюнуңа баштык асынып алып, эки-үч эселеп көп алып турсаңыз, ошондо мудааңызга тез жетүүгө тийишсиз.

Ошол айткан күндөн баштап, Кансейит мойнуна баштык байланып, тегирмендин каласын өзү ала баштайт. Бир алган кишисинен көңүлүнө карабай абдан ашыкча алып. элдин каргышын уга баштайт.

Кансейит ойлонот: «Ушул жашка чыкканы, мен Кансейит болгону эчендерди көрдүм. Бактымды ачтыбы, ой менен тоого малым, ороолорго даным, карындарга майым, сандыктарга шайым, үкөктөргө чайым батпады. Жалаң койдун аксагы жүз короо кой болду. Алтын-күмүш акчаны ар кайсы жерге көөмп бекитем. Жылкым жүз миңден ашты. Эчки-кой эсебин кимдер эсептеп айтты. Жуттун малы деп уйду, Кансейит кесирленип, Ойсул ата төө эсебин ким билсин, кишичил буурадан беш жүздү эсептеп, калганга санат жетпей, кайра келе жатты. «Ушунча да чексиз байытабы? – деп, кыбыланы карап, наалышын үстү-үстүнө айтты.

Ошентип, байлыктан жадап, ушунча малым болгону менен, элге баркым болбосо, ойго-тоого батпаган малды берип, эмне мынча мени кыйнаганы. Биринчи уулумдун атын кебетесин карап, кабагы жардай салаңдаганынан Жармандай койдум. Мында деле баатырлык, балбандык, акылмандыктын бир да белгиси билинбеди. Малга ээ болор түрүн көрбөдүм. Экинчи уулумдун маңдайындагы калын көрүп сүйүнүп, мүчөсү деле жаман эмес, баатыр болор деген илгери үмүт менен Калмаңдай койдум. Мунум да малга ээ болчу түрү жоктой.

Үчүнчү уулум төрөлгөндө, согончогу менен желкеси жерге тийип, көмкөрөсүнөн жаткырсак, маңдайы

менен бутунун башы тийип, жерге денеси тийген эмес. Көлөмү көөдөндүү тайгандай, жоосун жеңсин, баатыр болсун тайманбай, Ак дөө, Көк дөө, Кара дөөлөрдү жеңсин, Саргалдай деп атын койдум, мунумдун деле малга ээ боло турган белгиси билинбеди. А көркчө уулдарымдын үчөө тең менин билишимче начар, белдүү, алдуу болбосо, же эрдиктен, же акылдан айтпаса, ушунча малдын ээси болсом, бирөө жарым кол салып келсе, баш көтөрөр уулум болбосо, мадыра баштар менен тостоюп туруп бергенден көрө, малсыз жашаганым оң» – деп, тегирменден түшкөн каланы ач көздөнүп ашыкча алып, элдин наалатын, жек көрүүсүн уга берди. Жек көрүнчү, шүмшүк атанып, элдин урматсыйынан калды.

Күндөрдүн бир күнү Кансейит уулдарына кеңешет:

– Малсыз болуп, тынч жашаар бекенбиз, баарыңар тобо таасир кылып тилегиле. Ошентип, кара кой союп, бир күндү болжошуп, ошол күнү түш көрүүгө жабыла уйкугакиришет.

– Ата, мен түш көрдүм, элсиз ээн чөлдө экенбиз, мал деген бизде болбоптур. Үрүп чыгар ит да жок, кыйынчылык тартат экенбиз. Акырында бир байга жалданып койчуман болдум. Денемдеги сары түгүмдү устара менен кырып таштады, – деди эң биринчи болуп уулу Жармаңдай.

– Түшүң туш келсин, кырып койгон түктөй малдан ажыраппыз. Бул малдан көрө байдын малын баккан оң, кедей болот экенбиз, – деп атасы бата кылды.

– Ата, мен да көргөн түшүмдө ээн талаа, эрме чөлгө туш келип, ой-тоого ар түрдүү эгин айдап, абдан жакшы чыкты. Анан бакпай, сугарбай кууратып, шамал учуруп кетти. Кой эмес, коргол жок, уй эмес, жампасы жок, какыр чөлдө калып, акыры көпкө убара болуп, эл четине бир уйлуу байга уйчуман болуп калгандай болдум, ойгонсом түшүм экен, – деди экинчи уулу Калмаңдай.

– Ээ, балам, шамал учурган куураган чөптөй малдан ажырап, түйшүгү жок томаяк кедей болот экенбиз, оомийин Алло акибар! – деп бата кылды.

Үчүнчү уулу Саргалдайга кезмет жетет:

– Ата, мен түш деле көрө албадым, белги деле биле албадым. Байкелеримдин айтуусуна караганда, сиздин жоруганыңызга караганда, түшүңүздөр оңолбоптур. «Түшү оңолбогондун өзү оңолбойт».

Жармаңдай байкем койчу болсо, Калмаңдай байкем уйчу болсо, апам экөөңүздөр уйдун, кээде койдун сүтүн бышырып ичип, кара алачыкта жашап күн өткөрөт окшойсуздар, – дейт.

– Сен менин тилимди албайт экенсиң, – дейт да, Кансейит байдын заары бетине чыгып туталанып, бүткөн боюн калчылдак басып, улуу байкелериң макул болсо да, сен макул болбойт экенсиң да, андай болсо балалыктан кечтим! Тезирээк көздөн далдоо жок кылгыла тилазарды, – деп буйрук берет.

Саргалдай үйдөн атып чыгып, токойду карай качат. Агалары аркасынан кууп жүрүп отурушат. Токойдун калың жерине келгенде, чарчаган алсыз Саргалдай өлдүм деп коюу өскөн жаш балатыга боюн тыштап, аппак коёндун бөжөгүн баса жыгылат.

– Бир тууган элек, өлтүрөмүн десеңер мен даярмын. Адамдын төрөлүшү болгондон кийин, өлүмү да болот, байкелерим, – деп Саргалдай агаларына жалынып-жалбарат.

– Тирүү калсын, эптеп жан сактап, күнүн көрсүн десеңер, мынабу коёндун бөжөгүнүн канына көйнөгүмдү боёп, атама ала барып ишендиргиле, – дейт. Эки агасы ары ойлонуп, бери ойлонуп отурушуп акыры Саргалдайды коё беришмекке, ак коёндун бөжөгүнүн канына боёлгон көйнөктү көргөзүп, баланча жерге өлтүрдүк деп, атасын ишендириш үчүн макул болушат.

– Экинчи элге жолобогун, биздин сага тапшырмабыз. Ак дөө менен алышып, Көк дөө менен күрөшүп,

Кара дөө менен кармашып жеңгин. Антпесең эч арга жок. Эгер жардам бер десең, биз дагы кошо барабыз. Атамдын корккону да ушул дөөлөр. Малды ээ кылбаса, баш көтөрөр балдары биз манжепис болуп калдык, – дейт агалары.

– Өзүң айткандай өлсөк да, талсак да жеңүүгө аракет кылып көрөлү, ажал жетсе өлөлү, – дешет.

– Анда эмесе жол баштагыла, баралы, – деп агалары менен дөөлөрдү карай жол тартат. Үчөө жол жүрүп бара жатса, жол боюнда бир кемпир-чал олтурушат. Экөөнүн тең көздөрү сокур. Абайлап басып келип, агаларын жол жээгине калтырып, өзү басып барып:

– Ассалоома алейкум, ата-апа, баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн деп келдим, – деди.

– Мындай келчи, балам, жамандык кылчу түрүң жоктой көрүнөт, – деп карыя жанына чакырып, башы-көзүн, буту– колун колу менен кармалап карап чыгып:

– Балам, сенин ата-энең бар немесиң го, эгерде ата-энең болбосо чучугуң толо болмок эмес, – деп жакадан кармап бир силкти эле, Саргалдай былк эткен жок.

– Эми балам, менин сынымдан өттүң. Биротоло мал-мүлкүмдү сага өткөрүп берейин. Эми, балам, ушул жол менен түптүз жүрүп олтурсаң, тайпаңдуу жайлоо Көкжайык деген жердин күн батыш тарабында көз учкан кайберен жүрчү ак зоонун үстүндө коркок киши минип, жүрөктүү киши жүгүрүп өтө турган Минме деген өткөөлдөн өтсөң, Ак кайыптын Ак үңкүр деген үңкүрү бар, мынатошол жерге барып:

– Жок болсо экен ууру-бууру, Камбар ата жол баштагын А жаныбар кыруу-кыруу! – десең Камбар ата баштаган миң сан жылкы көз астыңа келе түшсө, жылкынын бүт болгону. Ичинде өкчөп, салып алсаң, сака болгон, адамча сүйлөп, жоонун сырын үч ай мурун айтып бере турган сары тулпар бар. Ошого

мынабу жүгөндү башына катсаң, сенден ажырабайт. Күч келген жерде сага акыл үйрөтөт. Көп убактыларда өкчөп, жаныңа сака кылып салып алсаң да болот.

Чолпон атага сыйынып, ошол үңкүрдүн кыбыла тарабына туруп курейлесең, мүйүзү казандай көк кочкорго арманыңды, сырыңды айтсаң, чагарак куйрук көк токтуну таап берет. Көк токтуну кармаарың менен жер жарган ачуу үн менен:

– Кедейбайдын малына ким ээ болуп көздөп калган, – деп жети баштуу желмогуз келип, сени менен кармашат. Сары тулпардын айтканын кылсаң, акыры желмогузду жеңип чыгасың. Эгерде сары тулпардын тилин албасаң, биз чал-кемпир көзүбүз ачылбаган бойдон көзсүз калабыз.

Уйдун эсебин билгиң келсе, уй ээси Зеңги баба көрүнөт, малым түгөл экен дегин. Төө эсебин билгиң келсе, Ойсул атага жалынып, күн чыгышты карап үн салсаң, жер жайнаган эчкилер көрүнөт. Ичинде коңгуроолуу ак серкени кармап алып, дароо курмандыкка чал. Ачуусуна чыдабай жети баштуу кемпир сени менен алышат. Жигиттердин пири Шаймерден колдо! – деп алып уруп, алты башын кесип, алты жакка бир бирине кошпой, ыргытып жибер. Жетинчи башына келгенде, аман коёр бекенсиң деп сырын айта баштайт. Сырларынын баарын угуп, бир башын аман коюп, нечен ал жетпеген дөөлөрдүн сырын сурагын, оомийин аллоу акибар – деп бата беришип, чал-кемпир кала беришет.

Саргалдай агаларына келип, болгон ишти айтып берет. Эки агасы кошулуп, күн-түн дебей жети күн, жети түн жол жүрүп, Көкжайыкка жөнөшөт. Минмеден өтүп Акүңкүргө барышат. Камбар ата пирим деп катуу зыйрат менен сары тулпарды өндүрүп алды. Жылкы ичинен эки агасына эки тулпар кармап миндирип, үчөө тең атчан болуп калышты. Уй, төө, эчкилердин түгөлдүгүн билип, кой тарапка өткөндө, жер жаңырган ачуу үн чыгып:

– Ким Кедейбайдын малын эсептеп жүрөт. Кара оозуңа кан толгур, Саргалдай келер маалы боло элек эле, – деп жакындап келип:

– Айткан сөзүм ук, балам,
Алышчу болсоң чык, балам.
Жети баштуу мен болом,
Алың жете жык, балам,
Кедейбай мага баш ийген,
Ошондуктан кысканам.
Күч атасын тааныбайт,
Чайнабай тирүү жут, балам, –

деп келип, жети баштуу жезкемпир Саргалдай менен кармашып калат. Жети күн, жети түн кармашат. Тоо жерлер түз, түз жерлер саз, саз жерлер көл болгончо кармашып, акыры сары тулпардын жардамы менен көтөрүп уруп, алты башын кесип, бир бирине кошпой ыргытып жиберип, жетинчи башына келгенде жан соогалап, бардык сырын ачып, айтып берет.

– Кой ичиндеги көк кочкор, чагарак куйрук көк токтуну таап берсе, эчки ичинде ак серкени кудайы чалгын, – дейт.

Угары менен Саргалдай дароо ак серкени мууздап, канын айланта чачып, ырымдап басып кетет. Чагарак куйрук көк токтуну жетелеп, кемпирдин айтуусу боюнча атасы Кедейбайга келет. Жер жайнаган жылкы, кой, уй, эчки, төөлөрдүн баары мурдагыдай сыйкырланбай, ачыкта жашап калат.

Саргалдай он үч жашар кезеги экен. Экинчи атасы Кедейбай, энеси Зууракан байбиче эки көздөн ажырап, желмогуз кемпирдин туткунунда кармалып, күндө келип канын соруп, ого бетер карайлатып турган. Айласы кетип Саргалдайдан жеңилгенден кийин эне-атасынын көзүн ачып берүүгө аргасыз болду. Саргалдайга жетелетип келип, көк токтуну сойдуруп, боз үйдүн күн чыгыш тарабына чийдин каттоосуна бекиткен ак чүпүрөк – көк чүпүрөгүн чийдин каттоосунан алып чыгып, көк токтунун канына сүртүп, Саргалдайга берет:

– Чал менен кемпирге өзүң сүрткүн, көздөрүнө көрүнбөйүн, эгер көрүнсөм, эски жарабыз ырбап кетип жүрбөсүн, – деп, желмогуз кемпир кеткенден кийин, Саргалдай атасына сыйпады эле, көзү чайыттай ачылды. Экинчи жолу энесине сыйпады эле, ал дагы көрүп калды.

– Жаның жашарсын, учуң узарсын, кайгы-капасыз жаша, – деп атасы бата берди. Энеси Зууракан бата бербестен туруп оюна бузук ой кетти:

«Аа бу балада иш бар окшойт, бизге калп эле бала болсом деп, өзү эле бизди сокур кылып койсо керек. Качан колуна сары тулпар тийгенден кийин биздин көзүбүздү ачып отурат. Бул бала бизге бала болмок беле, тирүүлөй отко өрттөп жибериш керек» – деп, Кедейбайга отту чоң кылып жактырып, от абдан кызып күйгөндө Саргалдайды чакырып:

– Сен биздин балабыз болсоң, мына ушул күйүп жаткан отко түшөсүң. Эгер түшпөсөң, биздин балабыз эмессиң, – дешет.

Оздон сөзүн угар менен Саргалдай:

– Куп ата, сиз үчүн чокко-отко түшүүдөн кайра тартпаймын, – дейт да, отко ыргып түшөр менен, сары тулпардын жардамы менен тулпар болуп ойноп чыгат.

Экинчи жолу отко ыргыттырды эле, сары тулпардын жардамы менен жолборс болуп жойлоп чыкты. Үчүнчү жолу ыргытканда ак коён болуп секирип чыкты. Төртүнчү жолу кайрадан камынтпай алоолонгон отко ыргытышты эле, ак шумкар болуп чыкты.

Кедейбай кемпирин акырая карап, сакалын тарап:

– Бизге пейлибиздин оң эмесинен ушул иштерге оропара болсок керек – деп, Саргалдайга карата:

– Балам, жети башты жок кылсаң, белги барбы? – дейт.

– Ата, алты башын кесип, алты жакка бир бирине кошпой ыргыттым. Бир башын түбөлүккө аман калтырып, силердин көзүңөрдү ачтырып олтурам.

Ишенбестик болуп жүрбөсүн деп, жонунан үч эли кайыш тилип алдым эле, – деп тилип алган кайышын атасынын алдына таштады.

– Учуң узарсың, балам. Жаның жашарсын, балам. Алды– кийниңден жоо чыкпасын, душманың багынып өтсүн! Тилеген тилегиңе жеткин, балам. Ырыска шерик жигиттин жан жолдошу сары тулпар сеники. Жооңду – Ак дөө, Көк дөө, Кара дөөңдү жеңгин, кайда барсаң, олжолуу жеңиш менен келгин – деп, Кедейбай бата берди.

Ошондо агасы Жармаңдай, Калмаңдай агылгалап, агаларың бар экен дебесин, алдап жүргөн шум окшойсуң деп, бекер кайгы жебесин дешип, эки күндүк узак жолдо калышкан. Азыраак азык көтөрүп, эне атасынан бата алып, өз атасы менен өгөй атасынын душманы – Ак дөө, Көк дөө, Кара дөөлөргө каршы сапар жолун баштады.

Эки күнү-түнү менен жол жүрүп, агаларын таап, андан ары Ак дөөнү карай сапарын улантышты. Эчен күнү элсиз талаада жол жүргөндөн кийин, эч оокаттары калбай азыктары түгөнүп калгандыктан эки агасы:

– Саргалдай сары тулпарды сойгун, – дешип ортого алат. Айласы кетип, Саргалдай сойсо – соёмун да деп, сары тулпардын төрт бутун бууп, жыгууга даярдаганда, сары тулпар дүйүм тамакты көрсө кайткыс, кирсе чыккыс кылып жайнатты. Эчен жылдык азык-оокатын камдап берип:

– Байкелер! Сиздер көңүл ачып эс ала бергиле!- Мындан ары өзүм барып келейин! – деп, агаларынан уруксат сурады. Себеби аттары да, өздөрү да куйкаланган күндүн илебинен запкы жеп, агаларынын андан ары бара турган кудуреттери жок эле.

Азыраак жол жүргөндөн соң сары тулпар:

– Мен көргөндү көрдүңбү, досум, Мен туйганды туйдуңбу, – досум.

Ак дөөнүн карга кароолу төгөрөккө көз салып калыптыр. Менин жалымдын түбүндө ыраакка атчу

жазайыл бар. Күнчүлүк жерди аркан бою келтирген турнабай дүрбү менен карап көрүп дааналап, кароолуна жеткизе карап атып таштабасаң, Ак дөөдөн кутула албайсың, досум – деди.

Жал түбүндө турнабайды алып карап, жазайыл менен бизди көрүп калды окшойт, сырт кийимиңди чечип ыргытып кой. Карга экен, учуп кетти, карайтып чычып кетти, – деп калат.

Саргалдай сырткы чепкенин чечип ыргытып туруп калды. Санаасы тынган карга кароол Ак дөөнүн жаны турбайбы, айланып башка жакты карап, карга экен учуп кетти, карайта чычып кетти. «Кайсы жоо буза алмакчы, Ак дөөлөр баскан чекти» – деп, кара карга бурулуп оңдонгуча, жазайыл менен мелтирете мээлеп, кароолго толук алып, аяк серппей жыгылсын үчүн машааны секин ирмегенде, көз ачып-жумганча жалп этип кулап кетти.

– Жазбай таамай аттың, бали ыракмат! Билгизбедиң мылтыктын доошун, эми аша берсек, коркунуч болбойт, алдыңда турган Ак дөөнүн тоосун – деп сары тулпар Саргалдайдын мергендигин куттуктады.

Саргалдай секин жыла басып, сары тулпарды минип, Ак дөөнүн айылына жөнөйт, бара жатса оозун төөнөгүч менен тепчип койгон бир кыз учурап:

– Бул жерге келген куштун канаты, келген кишинин таманы күйчү эле, – деп, тактап сүйлөй албай жатканда, Саргалдай төөнөгүчүн сууруп алат. Бүдөмүк сүйлөп жаткан кыз ачык сүйлөй баштайт.

– Силерге бакты-таалай берсин. Ак дөөдөн этият болуңуз, – деп Көк дөөгө бара турган жолдун татаал жактарын толук көргөзүп берди.

Ак дөөнүн жаны чыга албай, эки көзү алайып, эки буту шалайып, аа дээрге алы калбай, кара кушун жарып ок тийип, жан чыкпай коркурап жаткан экен: Ошондо Ак дөө:

– Атаңдын көрү, Саргалдай,
Таамай аттың жазганбай.

Мергендигиң болбосо,
Мертинет элем шайтандай.
Ажалым жетти, мен өлдүм,
Бир окту сага аталбай,

деп айтып, сен мага наамарттык кылып алыстан атып койдуң. Сары тулпардын жалындагы жазайылдан мерт болосуң, – деп атам айтчу эле. Бала баатыр Саргалдай керемettүү аты менен дөөлөрдү кырат дечү эле!.. Ошол мүмкүн ушул турбайбы... Мен сага достошо албай жүрчү элем. Тирүүмдө болбосо да, ушул жан таслим болуп жаткан маалда достошсоң, бизден кийинки бала-чакалар ынтымактуу болуп өтүшсүн. Бол, Саргалдай, мени кыйнаба! Өзүмдүн ач албарс кылычым менен кыя чаап ташта, кыйналбай өлөйүн, жүрөгүмдү сууруп алып, жүрөгүңө бас, менден да жүрөктүү баатыр болосуң. Ичегимди алып, ичегиңе басып, белиңе орогун, белдешип душман жеңбеген баатыр болосуң, – деди да узап кетти.

Сары тулпар Саргалдайды ээрчите алыска алып барып:

– Бул Ак дөөнүн нагыз душман экенин билесиңби. Өзүнүн ач албарс кылычы менен моюнун кесип, жүрөгүн сууруп, сууга ыргыткын, ичегисин алып, чынар терекке орогун, - деди.

Керемettүү сары тулпардын айтканын угуп, ач албарс кылычын сууруп, сууга ыргытты эле, адам агызып жаткан чоң суудан тамчы суу калбай соолуп, заматта кургап калды. Экинчи жолу ичегисин алып, чынар терекке орой койду эле, көз ачып-жумганча кыйылып түштү.

Саргалдай сары тулпарын карай басты эле, оозу төөнөлүү кыз учурайт.

– Сен эмне кылып жүргөн кызсың? – деп сурайт.

– Мен келгениме көп жыл болуп калды. Келген күндөн баштап алтын-күмүш, асыл баа буюмдарын каткан казынасын кайтартат, даамдуу оокаттарды ичип, бирөө менен сүйлөшүп, сыр ачып коёсуң деп

дайыма эки жакка кетсе оозумду төөнөп кетет – деп күңкүлдөп түшүндүрдү.

Саргалдай оозун төөнөгөн шишин жулуп алып, Ак дөөнүн тулпарына мингизип:

– Жол көргөзүп бергин, – деп өзүнө кошуп алды. Андан ары бара жатып кыздан:

– Мындан ары кимдер бар? – деп, сыр сурады.

– Ак дөөнү атып душманыңды жеңдиби, сен күнчүлүктөн атпаганыңда, дубалап сени жок кылып коймок. Эми Көк дөөнүн абдан сак түлкү кароолу күнү-түнү уктабайт. Түнкүсүн жылдызын карай түндүккө жол жүрсөң, кадимкидей Жети аркардын жайылып жүргөнүн көрөсүң. Алардын ичинде карды салык кара аркар бар, ошону атып өлтүр. Аркардын ичине сыйкырлап бекитип таштаган темир сандыкта Көк дөөнүн жаны – жети балапан. Эми аркарлар караңгыда учурайбы, күндүз учурайбы, таамай мээлеп атпасаң, баарыбыз өлүм болобуз, – деди сулуу кыз.

Көп узабай айлуу түндө көгөргөн тоонун тумшугу түгөнө берген жеринен аркарлар күндүз бирөөлөр сезип коёт деп, караңгыда сууга чубап түшүп келаткан экен жыт алып:

– Адамзаттын жыты жыттанат, сууга барбай кете берелик, – десе баягы карды салык кара аркар болбой сууну көздөй жөнөйт. «Ушунча жылдан бери темир сандык ичимди эзип кыйнап болду. Адамзаттын колунан өлгөнүм бул көрөкчө сооп эмеспи» – деп, сууну карай жөнөдү. Аркасынан алтоо ээрчип келип, суу ичип кайра тартканда:

– Ата албасам мага жаман, жазып тийсең жазайыл сага жаман деп, такыр колтук тушу деп, өлөр жериң ушу, – деп жазайылды дүң дедире басып туруп калды.

Карды салык кара аркар типтик түйүлүп барып, ала салып жатып калды. Түлкү кароолу кеч калыптыр.

«Адамзаттын жыты жыттанды, шамал оңдоп кетти, бул жерге ажалдуу адам келбесе, башкасы

кайдан жетти?» – деп, түлкү акең жойлоп келип, бир шумдуктун болгонун сезди да, Көк дөөнү карай зымырады.

Барса Көк дөө кабыргасынан кагынып, төбөсүнөн сезгенип, адам таанығыс абалда жаткан экен.

– Кел, түлкү баатыр, жакын отурчу, сен чыккынчылык кылган жоксуңбу? Аркарлар кайда болорун сенден башка ким билет. Аны билген адамзат жарала элек деп жүрсөм, өзүмдү өлтүрүүгө келип калган белем. Сен аркылуу болуп жүрбөсүн, түлкү баатыр! Бери жакын отур, ажал чиркин жакындаган сайын, кулак чиркин укпай жатат. Жакын отурары менен көк болот кылычы менен курсагын жара сайып сурай баштады, терисин сыйрып кирет.

– Кана айтарсың, түлкүм, айтарсың. Айтпасаң жаның колумда, а дүйнө көздөй кайтарсың, – деп жанын көзүнө көргөзүп, терисин сыйрый баштаганда:

– Эмнени айтайын, күн батыш тараптан адамзаттын жыты жыттана түшүп, эч нерсе көзгө көрүнбөй койгон. Көрсө, Кансейиттин Саргалдай айры белес кайкаңды аша келген турбайбы. Карды салык кара аркар ата келген турбайбы. Антыңды унутсам, Көк дөөм, мени кудай урбайбы.

Өлтүрсөң – жаным колуңда,
Жулсаң – жүнүм колуңда.
Нас баскан түлкү баатырмын,
Батмак элем сонунга.
Тоотпогон акмакты,
Алып турам моюнга.
Деген сөзүнө болбостон:
– Саргалдай менен дос болуп,
Сырыңды ачтың душманга.
Карайлап турам катуу ооруп,
Экөөңдү бирдей жутканга.
Түбүмө жеттиң куу түлкү,
Калтырдың мени бышманга.
Калтылдап өйдө тура албайм,

Кан аралаш сары зил
Катуу ооруп кузганга.
Бир беттешип өлсөмчү,
Саргалдай сындуу душманга.
Тумшукка чейин жиреди,
Ырсаңда, түлкүм, ырсаңда.

Ажал алдына ачууга уукан дөө терисин сыйрып ыргытып, түлкүнүн мойнун бурап, кыпкызыл жылаңач ичегисин чубалткан бойдон ыргыткан экен. Ошондон түлкү-күлкү деген сөз калган дешет. Ичегисине чалынып ырсаңдай качып түлкү өлдү.

Жаны чыкпай башмалдак атып жаткан учурда Саргалдай Көк дөөнүн жаткан жерине жакындап калган кези эле. Аркардын ичиндеги жети балапандын алтоону өлтүрүп, алты жакка ыргытып, бир балапанын тирүү калтырып, койнуна катып келе берет. Бирок баягы Көк дөөгө жакындашканда Саргалдайдын бир жак ныптасынан, кабыргасынан кысып, өпкө-жүрөгүн куушурултуп жибергенинен секин койнунан алып чыгайын десе, алдырбай кабыргага тумшугун матыра баштайт. Акыры зор аракет кылып, мойнун толгоп чыгарып, колуна алары менен Сары тулпар келип, баягы балапандын башын жара чайнап өлтүрөт. Саргалдай Көк дөөнүн үстүнө кирсе, жаны жаңы эле чыгып, аяк-башы суналып калган кез экен. Аңгыча болбой ашкана тараптан эки кыз чыга келишет Ооздору төөнөлгөн. Мурдагы дөөдөн кандим болуп калган Саргалдай дароо шиштерин сууруп алып, сураштыра баштаса, бирин аялдыкка алыптыр, бирин үй жумушуна жумшап жүргөн кыздардан экен.

Көк дөөнүн тулпарына бирөөнү мингизип, Ак дөөнүн үйүнөн келе жаткан кызга кошуп, андан ары жол жүрүүнү улантат. Эки тулпарчан эки кызды ээрчитип, Кара дөөнү карай жол тартып бара жатышып, тиги кыздардан Саргалдай Кара дөөнүн жайын сурайт.

– Мына ушул кара тоонун эң чокусунда жолборс кароолу бар. Аны эч пенде алмак тургай, жакындап алдына бара алган эмес. Түштүк жол калганда жолборстун күркүрөгөнү, Кара дөөнүн кыйкырган добушу угулуп турат. Кара дөө жеткен дубакөй, күчтүү айлакер, сыйкырчы, малдарын семиртип туруп ташка айлантып коёт. Малдары бир калыпта семиздикте тура берет. Кай маалда өзүнө керектүү малын жан киргизип дароо союп, жей берет. Буга алышып да, атышып да ушул убакка чейин эч жан тең келген эмес. Уккан кабарга караганда мунун жанын жанагы жолборско киргизип, сыйкырлап койгон дешет. Кара дөөгө эч кандай дөөлөр да, баатырлар да даап келе алган эмес экен. Буга бир көзгө атар айлакер кыл мерген болсо, Кара дөөгө тийбей, күркүрөп чамынып жаткан учурда жолборстун эки көзүнүн ортосунда бармак басым агы бар дейт, ошол акка таамай атса, Кара дөө өлөт, андан башка эч Кара дөөнү өлтүрүү жолу жок. Өзүн атсаң баарыбыздын ажалыбыздын жеткени, бир жак азуусунун кычыгына да туура келбей, бул тургандарыбыз жок болобуз. Сенин жазайыл мылтыгыңа арналган, аксакал-акылмандар жети жылы ачыткан уу бар. Ошол ууга окторуңду бир күн чылап коюп, анан алып сергитип, тоборсугандан кийин гана октош керек. Антпесе жөнөкөй окко өлбөй калууга тийиш дешип, баягы сулуулар өздөрүнүн көргөн-билгендерин Саргалдайга тартынбастан айтып беришти.

Ошол замат Саргалдай жети жылы чыланган ууга окторун салып, бир күнү күнү-түнү менен чылап коюп, окторунун баарын даярлап коёт. Эртеси таң азандан кара тоонун чокусун карата дүрбү салып караса, эч нерседен бейкабар жолборс чамынып, Кара дөө менен алышып, ойноп жаткан учуру экен.

Берки сулуу кыздар айтышты:

– Сиз жанагы жолборстун маңдайындагы бармак басым ак таамай көрүнгөнчө жакындап бара бериңиз,

ага чейин алар эч нерсе менен иши жок алышып ойной берет, – дешти кыздар. Саргалдай сары тулпарды кыздардын жанына таштап, кара тоонун чокусун карай жазайыл мылтыгын алып жол тартып, туу чокуга жете бергенде, бас белести бетке алып, жазайыл мылтыгын сундура чыкты. «Ата албасам менде айып, өлтүрө албасаң чыланган уу окто айып – деп, кароолго жеткире мелтирете тиктеп, үч жолу тартып алып, кайра сундурду.

Үчүнчүсүндө: – Жигиттин пири Шаймерден колдосоң – колдо, мен мерген дөөлөрдүн баарын кырсам деп, аттанып чыктым эл-жерден, намыстандым жашымдан Кансейит атам өзүмдү өлүмгө буйрук бергенден» – деп, өз ичинен тобосун келтирип, жолборстун маңдайындагы бармак басым акка кароолду мелтиретип тиктеп, басып жибергенде, жолборс түндүк бою түйүлүп келип, Кара дөөнү апчып, Кара дөө жолборсту мыкчып, ооздорунан кан кетип, бирин бири коё бербей, денелеринен жан кетип, карышкан бойдон жан беришти.

Кызыкка баткан Саргалдай эки жагын арылтып: «Чын эле өлдүбү, же сынамакчы болуп жатып алыштыбы?» – деп, аярлай басып келип караса, экөөнүн тең оозунан көбүк аралаш кан куюлуп жатканын көрүп, өлгөндүгүнө толук ишенет.

Кара дөөнүн мекен кылган үңкүрүнө кирсе, алтындан такты жасап, күмүш түркүк орнотуп, хандардын сарайынан да ашыкча, кирген киши чыккысыз кылып жасап койгон экен. Эки сулуу кыз эки жагынан чыгып келип, кол берип учурашып, көп жылдап туруп калышкандыктарын айтып, бул дөөлөрдү эч ким жеңе албайт, кандай пенде жеңип, бизди куткарар экен деген ойлорго батышканын айтышып, акырында Саргалдайдын айлакерлигине, акылмандыгына, жүрөктүүлүгүнө, жазбай аткан жазганбас, сүрдөбөс мергенчилигине чын жүрөктөн ыраазы болушуп, кайда болсо да баарыбыз силер

менен чогуу бололук деп кеңешишип, Кара дөөнүн казынасындагы алтын-күмүштөн, асыл баа буюмдардан эки тулпарга зыңгырата жүктөшүп, кыздын бири Кара дөөнүн мекенин, Ак дөөнүн мекендеген жерин бир кыз, Көк дөөнүн мекендеген жерин бир кыз башкарып, үч кыз өздөрүнүн колунан келишинче дөөлөрдүн тулпарларын мингизип, Саргалдайга кошуп узатышат. Жети күнчүлүк жерге узатып келишип:

– Эми бизден кабар алып, колдон келсе, тез-тез келип турсаңар, биздин көргөн күнүбүз эмне болот? – дешип, кыздар ыйлашып, коштошуп калып калышат. Эки-үч күнү удаа жол жүргөндөн кийин, баягы өзү калтырып кеткен агаларына келет. Агалары баягы сары тулпардын жасап берген сыйкырлуу оокатын ичип-жешип, дүнүйө бейкапар жатышкан экен. Саргалдай үч дөөнүн үч сулуу кыздары менен, эчен тулпарларга жүктөлгөн алтын-күмүш жана башка асыл баа буюмдар менен келип, агалары менен аман-эсен көрүшүп, душманды жеңгенин, аздыр-көптүр кыйналыштык көргөнүн, түбөлүк душмандары Ак дөө, Көк дөө, Кара дөөлөрдүн өлгөнүн, агаларынын алдында кубанычы койнуна батпай, ал жерге үч кызды үч дөөнүн мекенине дөөлөрдүн ордуна эли-жерин башкарып турууга дайындап келгенин айтып берип отурду.

Ошондо эки агасы Жармаңдай менен Калмаңдай сыртынан инисинин сөзүн угуп, баатырлыгын, тайманбай дөөлөрдү аткандыгын мактап отурганы менен, ичтерине жаман ой-сезимдер пайда боло баштады, ал сезимдер төмөндөгүчө: ысык кумдун илебине чыдабай, азык-оокат жетишпей калса ачкалыкка чыдабай, бардаштары жоктугунан атыңды союп бергин деп, инисин кыйнагандары, иниси тулпарын союп беремин деп, сары тулпарды жыгып, мууздаймын дегенде, дүйүм тамак даяр болуп калып, ошол жалганчы тамакка алданып, өлүм алдында инисин жалгыз жибергендиктери агаларын катуу ойлонтту.

Эми минтип, атынан башка жардамы жок, жалгыз өзү барып жоосун жеңип, канча олжо менен дөөлөрдүн тулпарларын жана алтын-күмүш менен үч сулуу кыз алып келип олтурса, ушинтип биз бери жакта калдык эле десек, кандай таш боор бир туугандар колдорунан келген жардамын бербей, инисинин жолуна тоскоолдук кылган деп, кандай жан болсо да айтпайбы. А көрө бир акыл табыш керек. Эли-журтубузга уят болбогондой бололу.

Экөөбүз улуу болсок, анан кичүүсүнө жардам бербегенибиз аз келгенсип, атак-даңк да албасак, а көрөкчө атабыздын айтуусу боюнча Саргалдайды дөөлөрдөн мурда жайлаганбыз дебейликби да, Саргалдайды өлүмгө көзүбүз кыйбаса да, бир жолун таап ушул жерде кала турган кылалы деп, эки агасы кеңешип Саргалдай жаткан үйдүн эшигине кылычты туура байлашып, катуу уйкуда жаткан инисин эки тараптан экөө келип:

– Жоо келди! Каптап келди! Тулпарлар менен кыздарды алып кетти! Камырабай жата бересиң? – деп, агалары кыйкырганда, уйкулуу көзү менен чуркап чыгамын деп, кылычка урунуп, эки тизеден эки буту шарт түшүп калат. Мурдатан даярданып алган эки агасы тулпарларды алып келишип, алтын-күмүш дүр-дүнүйөнү жүктөшүп, үч сулуу кызды өз-өз тулпарына мингизип, Саргалдайга кылчайып карабай кете беришет. Өзүн өзү жаман куйкул сары ат кылып куулуп, баса албай аксап сары тулпар Саргалдай калган жерде кала берет. Экинчи өзү менен кошо колунда ала жүргөн жазайыл мылтыгы калат. Эки тизеден түшүп калган буттарынын жанында, бир тууган байкелеринин көрүнөө кылган ишине муңканып айтып турганы:

Аралап өсүп чоңойдум,
Ата Журт кыргыз төрлөрүн.
Өлүмдөн коркуп качканча,
Атамдан неге өлбөдүм!. .

Ит-кушка мени жем кылбай,
Байкелер, неге көмбөдүң.
Кийинки атам Кедейбай,
Кейиштүү күнүм көрбөдүң.
Зууракан апам экөөлөп,
Жар көчүрүп көмбөдүң!. .
Эки буту жок, эп да жок.
Кара мүртөз, байкелер,
Кайрылып бириң келбедиң.
Ак дөөнү аттым алыстан,
Ал намысты алып берген
Кедейбай атам даанышман.
Караңгыда Көк бөрү дөөнү,
Кароолу менен сулаттым.
Каргашалуу Кара дөөнү
Жолборс менен кулаттым.
Жосуну жок, байкелер,
Жоолашкандай не жаздым.
Эки буттан ажырап,
Карып болгон убагым.
Как эткен карга жүрбөгөн
Кумдуу чөл болду турагым.
Эки агам кылды кордукту,
Кимдерге жетет убалым.
Ажалым жетип өлгөнчө,
Айла жок жашай турайын, -

деп, көз жашын көлдөтүп, муңун кимге айтаарын билбей, заманасы куурулуп, сан ойго батып думугуп, ичинен чери тарабай, эки жерде жаткан эки бутун алып коюуга жарабай, эси ооп, жазайыл мылтыгын кармалап турса, шартылдаган добуш чыгат. Кылчайып артын караса, бир эликти кубалап эки колу жок чолок киши келе жатканын көрөт. «Көр оокаттын айынан, элсиз жерде күн көрүп жүргөн мендей шордуунун бирисиң го» – деп элигин ыргыта атып коёт.

– Айланайын тилегиңе жет! Көп күндөн бери наар сыза элек элем, – деп, Саргалдайга салам айта

келип, эки бутунун эки жерде жатканына таң калып, жакын отуруп, белимдеги курду чечкин, кагылайын. Ичинде кырма кызыл дарысын кытай табыбы берди эле, ажеп эмес, бир шыпаа болуп кеткиси бардыр, – деп, дарысын чечтирип, сыйпаар менен кан токтоп, ооруганы басыла баштайт.

Аңгыча дагы бир дүбүрөгөн добуш чыгат, караса бир коёнду кубалап бир киши келе жатат, караса эки көзү жок. «Бул дагы мендей шордуунун бири го» – деп, коёнун ыргыта атат.

– Ким болсоң да өмүрүңө береке берсин. Көз салып бербесең да, бир күн да болсо жаныма жардам бердиң, – деп алкайт.

Эки бакыр, бир тукур болуп оокат өткөзүп, ошол күндөн баштап, көзү сокур Саргалдайды көтөрүп, колу чолок көзү сокурду жетелеп алат.

Бир жерден экинчи жерге келишсе да, өздөрүндөгү кытайдын кырма кызыл дарысын Саргалдайдын эки бутуна бириктирип сыйпап, эч даба таба албайт. Бир күнү Саргалдай буту ооруп жаны кейип, өз жанын өзү кыюудан тартынып, көз жашын көл кылып олтурса, жанына ойноп бир чычкан келе берет.

– Мен жыргап калгансып келгенин кара! – деп, кылычтын учу менен чаап жиберсе, чычкан тең бөлүнүп, ичеги-карды чубалып кызыл ала канга боёлуп, нары-бери жанталашып, бир чөптү тиштеп алып, жараттарына сыйпап, көз ачып-жумганча көздөн кайым жок болуп кетет.

Чычкан үзгөн чөптү издеп бирди таап, ушундай чөптөн издешип таап алып келип:

– Мени эптеп бастырсаңар, анан калган күндү көрүп кетет элек – деп, аздыр-көптүр издеп табышып, Саргалдайды эптеп бастырып алышат. Ага чейин сокур көтөртүп, чолокко жетелетип, Саргалдайга кыюусу келе калганда бир нерсе аттырып өлбөстүн күнүн көрүп, жүрө беришет.

Саргалдай бир күнү ойлонуп олтуруп:

– Туугандарым, эми бизге бул жүрүшүбүз жарашпайт, бизге бир оокат жасап бере турган карындаш издеп таап келейин! – дейт.

– Андай болсо, жакшы болбойбу! – деп жолдоштору сүйүнүшөт. Саргалдайдын буту айыгып, кадимки калыбына келбесе да, басууга жарап, төшкө чыгып сары тулпарын чакырып:

– Биз эки бакыр, бир тукур болуп оокат кылып жатабыз. Эгер мүмкүнчүлүгүң болсо, бизге бир оокат жасап бере турган бир карындаш таап бербесең болбойт, – деп кеңешет.

Сары тулпары айтканына макул болуп, өз көңүлүндө макул болбой, зордук күч менен бирөөгө алып бергени жаткан бир байдын кызынын үстүнөн чыгарат.

– Секин көшөгөгө кирип, бир тууганың бар экен, чакырып жатат дегин. Ал кайсыл бир тууганым болду экен деп, кыз бизге келери менен, айтпастан менин атым Саргалдай, сенин атың Ак коён, бир тууган карындашым болосуң деп мага учкаштырып алып жөнөгүн. Ошол бойдон сага түбөлүк карындаш болуп калууга тийиш, – деди сары тулпар Саргалдайга.

Айтканына макул болуп, Саргалдай сары тулпарды минип алып, айткан байдын кызына барса, мергендерге жамбы аттырып, оюн куруп жатыптыр.

– Кимде-ким ушул ыйыкты атып түшүрсө, күйөө бала болууга акылуу, – деп акындар жар чакырып жатканын угуп, Саргалдай сары тулпарга:

– Мен өз эмгегим менен эле алып кетсем болбойбу. Дөөлөрдү аткан Саргалдай ыйыкты ата албай калмак белем?– дейт.

– Ал өзүңдүн ишиң, иримде сен карындашым болсун дебедиң беле, эми түбөлүк жарым болсун дейсиңби? Анда эмесе, ошол ыйыгын атып түшүр, күйөө бала деп ырчылары айта берсин. Андай болсо өзүң билгин, – деди сары тулпар.

Байдын кызына эчен жерден, эчен элден мен кыйынмын дегендин баары жети ай бою ыйык атышып, эч кимиси ыйыкка тийгизе албаптыр. Ой кийигин ойго шилеген, тоо кийигин тоого шилеген, учкан кушту кондурбай аткан мергендерден, уламалуу карыдан, узун кулак жаштан, алтын тапкан соодагер, күмүш чапкан зергер, дары ийлеген дарыгер, казысы, муптусу, табыбы, эл бийлеген акылмандан эч ким калбагандан кийин, думана, бакшы, ырчы, чоорчуларга уруксат берип, ошолордун келүүсүн күтүп турганда, Саргалдай келип олтурбайбы? Думана, бакшы, ырчы, чоорчу, соку, жаргылчак көпчүлүктүкү деген сөз ошондон калган.

– Ыйык атууга мен даярмын, аялдыкка эмес, карындаштыкка алып кетемин, – дейт

Саргалдай кабар берип.

– Шертимди бузбайм! – дегенден кийин кыздын атасы Саргалдай ойлонот: «Ыкка көнбөс дөөлөр да өлгөн, ага болбосоң, ошо болорсуң» – дейт да, өздөрүнүн айтканын бузбастан келип, ыйыкты ыргыта атат.

– Бек күйөө! – деген хандын сөзүн укпастан.

– Карындашым үйдөн чык! – деп, сары тулпарга учкаштырып алуу менен бирге, сары тулпар удаа-удаа оосурду эле, жытына келген жыгылып, уккан жандар уугуп, түшкөн адам бири-бирин таба албай калышты.

Саргалдай Ак коён карындашын учкаштырып, беймарал жашап жаткан жерине барды. Ал колу чолок, көзү жок агалары менен Саргалдайга тез көнүп, оокат-ашын жасап, кийим-кечесин жууп берип турду. Ээн талаа, эрме чөл болгондуктан, от маселеси абдан кыйын болгон. Саргалдай карындашы Ак коёнго:

– Биз жокто отко боор бышырып жечү болбо, садагасы, – деп абдан эскерткен. Күндөрдүн бир күнүндө: «Байкелерим келгенче отко боор бышырып көрөйүнчү» – дейт да, күнүгө атып алып келип жат-

кан кайберендин этинен бирөөнүн боорун отко салып коёт. Арадан бир аз убакыт өткөндөн кийин от өчүп калат. «Эч жерде от жок, агаларым келгенче от жок тамак даярдай албай каламбы» деген ой менен Ак коён эчен адырлуу тоо ашып, эчен татаал жол басат. Бир жерден оттун чыгып жатканын көрүп, Ак коён өлө-тала жетип, от сурайт.

– Балам, келген экенсиң, отту ал, сени менен кошо барып, сенин кай жерде турганыңды билип, ээн жерде мен да жалгыз эригип жүрөм, эне болуп алайын кагылайын. Мен да жанга эш болор адам таппай жүрбөймүнбү, садага болоюн, отту сенден кантип аяйын, – деп отту алып, Ак коёнду ээрчип кошо келет.

– Үйүң ушул жерби, садага болоюн, мен жакшы көргөн адамды маңдайынан сүйөмүн, ага капа болбойсуңбу, – дейт.

– Жок, эне, жакшы көргөн кишилерге биз кантип капа бололук, – деп айтаары менен маңдайынан сүйүп, Ак коёндун канын соруп, жатканын байкас албайт. Күнүгө отту дубалап өчүрүп салат. Күнүгө агаларына билдирбей эчен белес тоолордон ашып, Ак коён от сурап барат. Ошентип, кыздын канын соруп, оокатын ичип жүрө берет. Күндөрдүн бир күнүндө Саргалдай сезип:

– Эмне сыр болбосо байкагын, – деп, биринчи жолу көзү жок агасын калтырат. Көзү жок өзүнүн жаткан жеринен жылбай, кейиген болуп жата берет. Анын жатканын, же сыртка чыгып кеткенин карындашы Ак коён болбосо анын душманы желмогуз кемпир билбейт.

– Бүгүн сени убара кылбай өзүм келдим, Саргалдай байкең сезбесе болду. Биз, балам, өлүү менен тирүүнү билген адамдардан болобуз, – деп жакындап келип, Ак коёнду маңдайынан соргондо, Ак коёндун ээси ооп, акылын жоготуп, көпкө барып зорго оңолду. Ошону сезип жаткан көзү жок байкеси: «Ии

биздин карындашты ушул желмогуз ырастап жүргөн экен» – деп, кечинде келээри менен Саргалдайга түшүндүрөт. Экинчи жолу эки колу жок байкеси калат.

– Кана, карындашыңызга сиз да бир кам көрүңүз, кандай дейсиз! – деген турбайбы.

– Айланайын карындашым үчүн кашык каным чачылып кетсин, – деп чолок байкеси калган экен. Колу чолок байкеси калган күнү эмнеси болсо да билип, айткан кеп сөзүн угайын деп, көз ирмебей карап турса, биринчи жолу желмогуз кемпир:

– Саргалдай агаң каякта? – деген болуп үйгө кирет.

– Саргалдай байкем өз иши менен кетти, коркпой эле кире бериңиз.

– Жок, балам, Саргалдайдын жыты жыттанат.

– Туура, эне, акемдин кийимин жууп коёюн деп эртең менен алып калдым эле. Ошол жыт болсо керек.

– И-и айланайын, ошондой эле болсунчу, Саргалдай үйдө экен деп, сансыз ойго чөмүлбөдүмбү, – деген кемпирдин сөзүнөн улам колу жок ойлорду ойлоп, акыры Саргалдайга өзүнүн түшүнгөн ойлорун айтат.

– Эми сен өзүң калгын – деп, көзү сокур менен колу жок талаага кетишип, Саргалдайды калтырышат. Өзүнө чакан жерди оюп: «Берсең ушул жерден бер» – деп, жазайылды бетине кармап, даярданган бойдон жата берет.

– Агаң үйдөбү, жыты жыттанат! – деп, бир убакта добуш чыгат.

– Жок, эне, талаага ууга кетишкен. Агаларымдын кийим-кечесин жуудум эле, кечээ сизге айтпадым беле, кир, кире бериңиз, – дейт.

– Охо, ошондой эле болсунчу, үйдө экен деп жаным калган жок деген болуп, сырттан үйгө кирип, Ак коёндун жанына келип отурат.

– Жалгыз ээн талаа, эрме чөлдө зериккен чыгарсың, чырагым! Биздин үйгө айылдап барып келсеңчи.

– Кокус агаларым келип калышса, кайда кетти деп издешип убараланбасын деймин, болбосо барат элем, – эне.

– Андай болсо жөнү бар экен, – деп кызга жакындап, бетинен эми сүйө турган болгондо, жазайыл менен жамбаштын кошконуна эч качалбас кылып атып салды.

Ошондо желмогуз кемпир:

– Атаңды ат, Саргалдай, Жотоңду ат, Саргалдай. Аздык кылса бардыгы, Ботоңду ат, Саргалдай!..

Жайламакчы элең, жайладың, Саргалдай, сенин баскан изиңе баспаймын, артыңдан кыяпат айтпаймын дедим эле. Мени жолдон азгырган карындашыңдын каны болду. Адам жашарткан кандан чыга албай байырлап алдым эле, мына акыры өз колуңа түшүп олтурамын. Эми эмне суранарың болсо айткын, колумдан келген жардамымды аябаймын, – деди.

– Менин бир туугандарымдын баары жарым жандуу кеселман болуп калды. Мүмкүн сенин колуңдан келер деп ойлоймун. Ушулардын баарын кайра калыбына келтирип бергин, андан ар жагын да ойлонушуп көрө жатарбыз.

– Анда эмесе мен макулмун, бир туугандарың келгенче өзүңдү жутуп көрөйүн, буттан сабыркап жүргөн экенсиң, эч оорубас кылып, энеден жаңы төрөлгөндөй болсоң, ыраазы болор белең?

– Жо-ок, ириде менин туугандарымды оору-сыркоодон каксыз кылгын, көзү жогун көздүү, колу жогун колдуу кылгын, – деди. Аңгыча көзү жок келип калды эле:

– Ушул кишиден баштасаң болот, – деди.

Жарадан жамбашын коомайлап, өйдөрөөк болуп туруп жутуп жиберип, мекчейип карап туруп калды. Оңдонуп обдулуп коюп, эч бир куса турган кебетеси жоктой сезилет. Шашып кетип Саргалдай кылычтын сырты менен желмогузду желкеге койду эле, шашканынан окшуп-окшуп барып кусуп жиберди.

– Саргалдай иним, ыраазымын, сен болбосоң дүнүйө бейкапар, күн-түндү ажыратпай, ак-караны таанybай, чоң-кичинени өлчөбөй, күнү-түнү да караңгы бойдон өтмөкчүмүн – деди эки көзү жайнап.

Экинчи кезек колу жокко келди. Колу жок жакындап келе жатканда эле даярданып, жаратынан коомайланып турган кемпир лак дегизе сугунуп, эч нерсе көрбөгөн, билбеген адамдардай мисирейип олтура берди. Чай кайнамдан ашык убакыт өттү, куса турган пейли жок.

– Сен кузгуң келбей, аш кылып кеткиң келеби? – деп, кылычтын сырты менен көк желкеге шилтер замат, эки колдуу башкача бир адам пайда болуп калды. Колдуу болгонго кубанычы койнуна батпай, кайра-кайра Саргалдайды алкай берди. Кемтиги толуп, көзү жогу көздүү болду. Колу жогу колдуу болуп, мурдагыдай болбой, бараандуураак, алдуу-күчтүү, ден соолуктары таза адамдардан болуп калганына ыраазы болуп жатышты.

Үчүнчү кезек Саргалдайдын өзүнө келди. Саргалдай дагы баягыда байкелери кылыч байлап, эки тизеден кесилип түшчүдө, кайра бүткөндө ойдогудай бүтпөй уруюп-буруюп тукур болуп, басканда көп кыйналчу болгон.

– Азыраак туугандарым менен кеңешип алайын, – деп далдоо жерге ээрчитип барып айтат.

– Мени жуткандан кийин куспайт. Үчөөлөп алдын келишинче сабап жибербесеңер болбойт, аш бышымга жетсе, аш кылып коёт. Айла кеткенде сойгула, союп туруп денесин тинтип жиберсеңер табасыңар, болбосо өткөн өчү бар, өлсө да аш кылып кетүүгө аракет кылат, – деди.

Колу чолок, көзүжок туугандары көздүү, колдуу болгонго жетине албай сүйүнүп турушкан эмелер:

– Айланайын, Саргалдай иним, ушул Ак коён үчөөбүз кантип сени куздуруп албайлык, – деп чуулдашты.

– Мейли андай болсо, мен макулмун, – деп желмогуз кемпирдин бет маңдайына келди. Оозун чоң ачып, эки көзү чакчайып, жаны чыкчудай жарадарына карабай тыбырчылап жатып, араңдан зорго жутту. Жутуп бүтөөрү менен бир мудаага жеткенсип, өңү кубулуп барып оңолуп, буту-колун сунуп суналып, уйку-соонун ортосунда көшүлүп калды.

Чай кайнам убакты өткөн маалда:

– Куспайсыңбы? – деп, аракет жасашты. Киши катарында көрбөстөн, беймарал толукшуп жата берди. Ошондо Ак коён чыңырып:

– Кагылайын, байкелер, ушул да жакшылык болобу? Сойбойсуңарбы? Бул кебелбей жатышы менен Саргалдай байкемди аш кылып жиберет, – деп ыйлап жиберди.

Ошондо эстерине келишип, Кара дөөнүн ач албарс кылычы менен жалгыз башын кыя чабышып, ичин жарып издөөгө кирди. Ичеги-карындан издеп эч таба албай, бүт денесин канжарлап жиреп издей баштады. Анда да табылбады. Колун кесип ары жакка таштап койду эле, ошол туштан:

– Чыпалак, чыпалак, чыпалакта бир туяк – деп бир чыпалактын кайталап сайраганын угуп: «Чыпалакта бир туяк дегени – ушунда калды деп жүрбөсүн» – деп, баягы чыпалакты канжар менен тилип жиберсе, баягыдан эки эссе чоң, эч жеринде жарат жок, салам айтып тура калат Саргалдай.

Ошентип, өлгөнү тирилип, кемтиги толуп, колдуу, буттуу, көздүү болуп, ынтымакта жашап калышат. Душманы болгон кемпирден да кутулуп, жыргалдуу турмуш кура баштāшат.

– Байкелер, ушунча жыл бир бирибизге караанбутак болуп калдык, – деди бир күнү Саргалдай. Эми колдуу, буттуу, көздүү болдук. Ортодо бир карындашыбыз, бир дөбөтүбүз бар экен, биз эми өз-өз эл журтубузга кайталы. Куу турмуштун запкысын жакшы эле тарттык. Мындан аркысы кайырлуу бол-

гусу бардыр. Анан карындашты, дөбөттү өз жайына коёлу, кимибизди ээрчисе, ошонубузга бара берсин, – дешип убада кылышты.

Көзү сокур менен колу чолок бир тарапка кетишти. Саргалдай бир тарапка кетти эле, аны Ак коён менен дөбөт ит ээрчий кетти. Колу чолок колдуу, көзү жок көздүү болуп, сүйүнгөнүнөн бир карайган шаардын караанын көрүп, өлбөсөк ушул шаарда жашайбыз го деген ниет менен кадамдарын кере шилтеп жөнөп кетишти. Эмдиги кезек Саргалдайда. Саналуу он эки күн жол жүргөндөн кийин, азыраак табы айный түшүп, ара жолдо Саргалдай кайтыш болуп калат. Ак коён карындашы эмне кылар айласын таппай, ыйлай берип үнү бүтөт. Бир зоокача кара ташты пааналап, ошол таштын түбүнө түнөп, агасынын сөөгүн алып кете албай, же таштап кете албай, кыйноодо туруп: «Таш жарылып кетсе, ушул жерге коюп кетсем – ит-куш жебесе» деген тилек менен:

Көлдөп акты көздөн жаш,
Кандайча дүйнө болду кас.
Саргалдай агам жаткыдай,
Зоо бөлүнүп, жарыл таш.
Тилегим курч али жаш,
Бири бийик, бири пас.
Бир адам жок жанымда,
Жардам бергин, жарыл таш! -

деп, хан какшап айлап буркурап, боздоп турган учурда, көлкүлдөй түшүп таш ачыла берет. Ак коён агасын киргизип, өзү сыртка чыгар менен кайра жабылып калат.

Ботодой боздоп, артын кылчак-кылчак карап, байкесин кыя албастан айласыздан узап жол тартат. Үч күн жол жүргөндөн кийин калың той берген айылга туш келет. Байкеси менен жүргөндө жан алакет менен жүрүп, байкесинин кийимин кийип, жазайылын асынып, эркекче жасанып алганда байкеси да, башка адам да эч кандай кыз деп ойлобос

эле. Эркекче кийинген кийими менен той берген айылдын четине келип, эмне деген той болуп жатканын сураса, Ооган элинин падышасы Абдырахман хан кызын турмушка узатууга жар чакырып, узун шыргый жасатып, бир калта алтын байлап, ыйык аттырып, жаа тарттырып жаткан экен.

– Ким ыйыкты атып түшүрсө хан күйөө болот. Анын байгесине Ак келтек сыйлык берилет, – дейт. Ак келтек керемети бар келтек. Өлгөн адамдын баш жагына саят экен, дагы бир тууганы Сулайман ханда Көк келтек бар экен. Ал дагы кызын турмушка узатканы той өткөрүп жатыптыр. Ал Көк келтек да кереметтүү келтек, өлгөн адамдын аягына саят экен. Үчүнчү бир тууган Абдиталып хан ал дагы кызын бергени жаткан экен. Себеби үч бир тууган бир жылда, бир айдын ичинде кыздуу болушкан.

– Эл ылакабы боюнча жакшы ниет жарым ырыс, – деп, эң улуу агасы Сулайман хан:  Ак келтекти Абдырахман хан сен алып, кызың турмушка чыкканда күйөө балага сыйлыкка бергин. Көк келтекти Абдиталып хан алгын, сенин да кызың турмушка чыкканда күйөө балага сыйлыкка бергин. Мына бу көк гүлдүү бетаарчыны мен алайын. Менин кызым турмушка чыкса, күйөө балама сый кылып берем. Бул үч буюмду сый кылып берели дегеним: өлгөн адамдын баш жагына ак келтекти, этегине, аяк жагына көк келтекти сайып, көк гүлдүү бетаарчы менен желписе, өлгөнүнө жети жыл толбогон адамдын баары тирилүүгө тийиш. «Жакшы ниет тилек, жарым ырыс» дегендей, инилерим кыздан айланалы. Үчөөбүздүн кыздарыбыз үч жерде болобу, же жакын болобу, күйөө балдар ынтымактуу болуп, бирин бири сыйлап турса, бирөө жарымыбыз көз жумуп кетсек, чогулуп келип, Ак келтек, Көк келтегин ала келип, көк гүлдүү бет аарчы менен желпип, кайра эл арасына кошуп койсо, адамзат пендеде мындан ашкан таттуу турмуш болобу! Өлгөндү тирилтет экен деген сөздүн өзү даңкы таш жарып жатпайбы, – деген

тура улуулук кебин айтып, эми тойду баштаганыбызга үч айга жакын болуп келатат, бир да ыйык ата албады. Үчөөбүз үч жерде тойду берели да, бир базар күтөлүк, болбосо башкача тартип чыгаралы, – деди.

Аны уккан Ак коён ичинен сүйүнүп, оң карап күлүп, сол карап ыйлап, агасынын сары тулпарын минип, жазайылды колго алып, той башкаруучуларга келип, уруксат алып:

«Менин колум эмес, байкем Саргалдайдын колу, ата албасам мага жаман, тийбей калсаң жазайыл сага жаман, жакшылык нишаандан кабарлар болуп агамды тирилтип алсам» – деп, сумсая түшүп, жазайылды сундуруп, ыйыкты карата мээлеп туруп басып калды эле, октон мурда ыйык учуп кетти. Аны жерге тийгизбей сары тулпар менен тосуп алды.

– Күйөө болду, – деп, Абдырахман хан Ак келтегин алып келип, эки бетинен өөп туруп, сыйлыкты тапшырды.

– Эми бөлөк-бөтөн болбой калдык, – деп, Ак коён сыйлыкты алып:

– Мен бир айга жетпей шаан-шөкөт менен келип, колуктумду алып кетемин, – деп убадалашып, Ак келтегин алып, топтон чыгып жөнөдү. Айыл четине келип, баягы ыйыктан алган сыйлык акчаларына бир келишкен бай баласынын коздоп жасалган кийимин сатып алып, кийинип, тез эле Абдыталып хандын той берип жаткан жерине келди. Той башкарган билермандарга учурап, өз ичинен кыңылдап ырдап, байкемди тирилтип алсам деген ойдон бөлөк, оюнда эч нерсе жок. Ак коён ыйыкты карай жазайыл сунуп: «Менин колум эмес, Саргалдай байкемдин колу» – деп, мелтиреп жазайылды басып туруп калды. Калтадагы алтынды өзүнүн үстүнө жакындаганда жерге түшүрбөй эңип алып кетти.

– Буюрса уулум болдуң! – деп, Абдыталып хан өз айтуулары боюнча Көк келтекти алып чыгып, бетинен өөп, салт боюнча белегин карматты.

– Эми мен өз адамыңар болуп калдым. Менин катуу оору карыган атам бар. Мүмкүн болсо, барып көрүп келейин. Анан сый-сыпат менен колуктумду алып кетүүгө даярмын, – деп Ак коён уруксат алгандан кийин, элден бөлүнүп чыгып, ыйыктан түшкөн алтынды берип, падышалардын балдары кийчү кийимден кийинип алат.

Түз эле Сулайман хандын тоюна бет алып, тойду башкарган адамдарга барып, ыйык атууга уруксат алып, өз ичинен:

«Ушул сапар уят болбой атып, Саргалдай байкемди тирилтип алсам, ушул кылгандарымды байкем билсе» – деп, ойго батып, санаага чөмүп, ыйыкка жакындаганда: «Ата албасам мага айып, тийбей калсаң сага айып», – деп жазайылды адатынча сундуруп: «Менин колум эмес, Саргалдай байкемдин колу» – деп байкесин пир тутуп, жазайылдын машасын секин басып калганда, ыйыкты үзө атып, жогору көтөрүлүп барып кайра түшүп келатканда Ак коён жерге тийгизбей тосуп алат.

– Атаңдын көрү, армандуу дүнүйө! Нагыз күйөө балам ушул турбайбы? – деп Сулайман хан өзүнүн күйөө балалуу болгондо берем деген көк гүлдүү бет аарчысын алып келип, эки бетинен өпкүлөп, чыдай албай жашып ыйлап, кучактап коё бербей туруп, салт катары белегин берет.

Өлгөндү тирилтүүчү буюмдар колуна тийгенине кубанып, байкесине тез эле жетип барууну көздөп турганда, ызы-чуу түшкөн калың эл:

– Хан күйөө, бек күйөө! – дешип, уу-чуусу басылбады.

– Калайык-калк, мен мурда таанылбай бейтааныш болгонум менен, насип буюруп силерге бир тууган болуп отурамын. Сиздерден уруксат болсо, менин бир карыган энем бар эле, мени көрбөй тура албайт. Ага барып өзүмдүн ал-жайымды түшүнтүп келбесем, карыган адам бейтап, бир жакка басып

кетип кыйналып жүрбөсүн, – деп Ак коён калың элден суранат.

– Туура, жалгыз уулу болсо, эне деген кыйын, барып келгин, балам, – дешип, аксакал-көксакал айыл билермандары жооп беришет. Ак келтек, көк келтекти, көк гүлдүү бет аарчыны алып, түз эле сары тулпарды минип, Саргалдай калган зоого келет. Баягы бекилгенде өзү турган жерге туруп:

– Жамбыны атып мен келдим,
Жапалуу күндү мен көрдүм.
Байкемдин жүзүн көрсөм, – деп,
Календер болуп сенделдим.
Эркекче кийим кийиндим,
Тилекти бер деп сүйүндүм.
Өлгөн жан калсын тирилип,
Тилек менен жүрүмүн.
Жарыл таш – жарыл, мен келдим,
Байкемдин жүзүн көрөйүн
Тең бөлүнүп тилингин!
Жарылгын, ташым, жарылгын,
Байкемди абдан сагындым.
Эчен күн бактың бекитип,
Багындым, ташым, багындым.
Эч жүзүн көрбөй келатам,
Тулуп өскөн айлымдын, -

деп, зар какшап ыйлап, көз жашын көл кылып карап турса, таш жарылып байкеси көрүнөт. Кучактап беттен өөп, баш жагына ак келтекти, аяк жагына көк келтекти сайып, көк гүлдүү бет аарчы менен желпиди эле...

– Өөх, кагылайын, ушунча катуу уктап кеткен экемин – деп, уйкудан жаңы ойгонгондой ойгонуп, карындашынын көз жашын көрүп, айран-таң калгандыктан, Ак коён болгон ишти кыскача баяндап берет. Саргалдай байкесинин санаасы тынып, Ак коён карындашынын айтканын угуп, кеңеше акыл куруп, Ак коён экөө баягы кыздарга келишет.

Абдыталып хандын кызы бир жума мурда төрөлүптүр. Абдырахман хандын кызы Сулайман хандын кызынан үч күн мурда төрөлүптүр. Эң кичүүсү Сулайман хандын кызы болот. Ак коён кыздарды сынамакчы болуп, эң биринчиси, улуусу Абдыталып хандын кызынын үйүндө болот. Адам кейпинде эмес, аппак коён түрүндө куулуп жашай баштайт. Ашкана жакка жойлоп, сүтүн төгүп, кээде шуруларын кырчып коёт. Ак коён байкем сезсин деп агын сууга түшүп, жеңеси уруп койгон учурда кайрадан көлгө оонап, агасы Саргалдайдын жолуна жатып алат. Саргалдай жакшы жышаан болбогонун билип, Ак коёнду ортончу кызга алып келип коёт. А жерде да Ак коён тынч турбай жүгүнүн астын казып, айран-сүтүн иритип, чач мончокторун парчалап кыркып таштайт. Кыз ура баштайт Саргалдай карындашын кичүүсүнө алып келип коёт. Мурдагыларга караганда үйүн абдан чачат. Баарын кыркып жатса, астына алып эркелетип:

– Сен менин кыйбасымсың, чача бер, кырка бер, мен эч нерсеге теңештире албаймын. Өйдөгө чыкса өбөк, ылдыйга түшсө жөлөк боло турган бир эле сенсиң, – дей турган.

Ак коён ойлонуп: «Байкемдин анык түбөлүк жары ушул экен» – деп, адам түрүндө болуп, кыз менен үч убак сүйлөшүп, кеңешип, үйүнүн ичине кирсе чыккыстай кылып колдон келген өнөрлөрүн көргөзүп, оймо-чийме сайма түрү менен коздоп, жасап коюшат. Эки кыз келип: «Булар үй-жайларын оңдоп жатышкан экен» – деп, эчен ойго батышып, күнүгө келип, сайган саймага суктанып таң калышат. Булардын биримдигин бузуп: «Жок кылыш керек» – деп, эки улуу кыз кеңешишет. Бир күнү үйдө киши жокто келишип, экөө Ак коёндун мээсине теменеден житире кагып кетишет. Тилге дурус келбей, оюндагысын айта албай, Ак коён мүрт өтүп кетет. Саргалдай карындашынын кандай болуп өткөнү белгисиз болуп:

– Ак коён карындашымдын сөөгүн жерге койбоймун, күнүгө көрүп турушум керек, – деп арчадан суу өтпөс кылып ящик кынатып, деңиз жээгиндеги асман тиреген чынар теректин эң кылда чокусуна табыты менен түшпөстөй кылып байлатып коёт. Күнүгө үйүнөн чыкканда жана келгенде карындашын эскерип, кылган жакшылыктарын ойлончу болот...

Күндөрдүн бир күнүндө катуу бороон болуп, чырмап байлаган зымдары үзүлүп, деңизге түшүп, Ак коён агып кетет. Эртең менен эрте темирден чокой кийип, Ак коёнду таап алыш үчүн издеп кетет.

Саргалдай издеп кете берсин, Ак коёндон кабар алалы. Ак коён сандыгы менен чынар теректен учуп түшөр замат агып олтуруп, бир тор салган чалдын торуна түшөт. Чал болсо, чоң балык түшүп калды, жалгыз тарта албай койдум деп, жээкке казык кагып, торун байлап коюп, кемпирине келет. Кемпири экөөлөп тартып алышса, бир арчадан жасалган сандык, кыйналып-кысталып жатышып, экөөлөп оозун ачышса, ай десе аркы жок, күн десе көркүжок, бир сулуу кыз уктап жаткандай көрүнөт. Кемпир байкуш тарткылап ойгото албай, акыры башы-көзүн сыйпалоого өтөт. Башын сыйпаласа, колуна катуу нерсе урунганынан тырмактап жатып сууруп алса, кыз көзүн ачып:

– Энеке, мен ушунча катуу уктаган экемин, – деп, оор уйкудан ойгонгон сыяктуу ойгонот.

– Эми кагылайын, – деди эне, ушу жашка чыканы атаң экөөбүз балалуу болбодук. Эгер атаңдын торуна түшпөгөндө, кай жерде, кандай күндө калат элең, кан какшаган үнүбүз жетсе керек, атың ким, кагылайын?

– Атым Ак коён – деди кыз муңайып.

– Карыганда Ак коёндой кыздуу болдук – деп, беш эчкисинин бирин союп, кемпир-чал кыз кылып алды.

Арадан бир топ күндөр өткөндөн кийин падыша Көзөлшаа кырк жигити менен куш салып, чалдын

айылынан өтүп бара жатышып, калың каз-өрдөккө хан кушун салса, түптүз учуп барып, торчу чалдын чөп алачыгына конот.

– Үйдө ким бар, кушту алып берип коёр бекенсиздер? – дейт хандын жигити. Кыз чуркап чыгып, кушту жигитке алып берип, өзү кирип кетет. Баягы жигит бир саатка жакын эси ооган бойдон ат үстүндө тура берет. Бир оокумда эсине келип, эки жагын карап, ханга келет.

– Сага эмне болду, эмне кечиктиң? – дейт хан.

– Таксыр, сөздүн ачыгы керек. Чындыкта сиздин аялыңыздан ашкан сулуу көрдүм. Ошого эсим ооп, эмне кылаарды билбей, кечигип келдим, ханым.

Экинчи жолу да кан кушту салса, дагы эле баягы чөп алачыкка учуп барып конуп калат. Бир жигитин жиберет. Ал дагы кечигип келет, сураса, мурдагы жигиттин сөзүн кайталайт.

– Мен падыша болсом, анан менин аялдарымдан ашкан сулуу кыз чөп алачыкта жашайбы? Же мени көзгө илбей жигиттердин кордогонубу, каратып туруп калпты айтат. Дүнүйөдө менин аялдарымдан ашкан сулуулар болбоого тийиш. Болсо да, тор салган балыкчы чалга мени теңегиңер келеби, – деп, падыша ачуусу келип, өзү кандайдыр билмексен киши болуп, кушун дагы салат. Айланып учуп каз-өрдөккө барбай, түз эле чөп алачыкка барып конуп калат. «Эми жигиттерди жумшашым болбос, өз көзүм менен бир көрөйүнчү» – деп, айланып деңиз жээгине кеткен болуп, капыстан чөп алачыкка бурулса, кушу конуп отурат.

– Үйдө ким бар? Кушту алып берип коёр бекенсиңер? – десе, Ак коён үйдөн чыкпастан:

– Кайра-кайра кушуңарды качырып силерге эмне болгон? Биринчи, экинчи жолкусун кечирдим, үчүнчү жолкусу одонороок болор, бир кушка ээ болбогон, – деп ханды уятка калтырат. «Эми алып бербесе болбос» – деп, үйдөн чыгып, кушту алып

бергенче кыздын кыймылына, өңү-түсүнө өзү таң калып, карап турду.

Бир учурда терең ойго батып, жигиттерине келип:

– Кыздын башы бош бекен, же болгон жери барбы, толуктап сурап келгиле, – деп жигиттеринен жиберет. Жигиттери барып башы ачык экендигин айтып келишет. Калкына кадырлуу Көсөлшаа айыл билер, ордо билермандарынан жиберип, куда түшүп, кыздын макулдугун алып, падыша өзү баш кошуп, эл-журт билсин деп дүңгүрөтө той берет.

Жыл айланбай Ак коён эркек балалуу болот. Айылдагы өңдүү-түстүү кыздарга акысын төлөп, баласын бактырып жүрөт.

– Ырыска шерик Саргалдайдын жээни Рысбай болсун – деп, ат коюшат. Көтөрүп багып жүргөн кызына Ак коён төмөндөгүдөй ыр үйрөтөт. Аны басса да, турса да эл чогулган жерге барса да, ырдай бергин деп, тындырбай ырдата берет:

Алдей бөбөк, ыйлаба,
Ата-энеңди кыйнаба.
Ашуу-бел ашып алыстан,
Таякең келет кыйлада.
Ак коён энең төрөгөн,
Ак бешикке бөлөгөн.
Ата уулу болуп өсө гөр,
Ырыска шерик бөбөк сен.
Кенен болсун өрүшүң,
Көсөлшаанын белисиң.
Сардалы болгун элиңе,
Саргалдайдын жээнисиң, -

деген кыздын ырын темирден чокою жыртылып, кийген кийими тытылып, сакалдары өсүп апсайып, сүйлөсө көзү чакчайып, алп мүчөсү бакжайып, жыйындын чекесине келип, ырдап бала соротуп жүргөн кызга назар салып, кызды секин токтотуп:

– Садагасы кызым… – деп, жөн-жайын сурайт. Кыз бардык көргөн-билгендерин төкпөй-чачпай айтып берет. Акырында Саргалдай:

– Кызым, Ак коён аман-эсен барбы? – деп сураганда:

– Бар, аман-эсен, ордодо сырттан келген меймандарды узатып жүрөт, – деди. Ой баскан Саргалдай: «Чын эле тирүү барбы? Чын эле Ак коёнумду тaптымбы? Тагдырдын кыйноосу чын эле бүттүбү? Же түшүм болбогой эле» – деп, өзүнө өзү суроо берип, жөө тумандай баскан ойдон кутула албай, мындай караса баягы кыз дагы эле турат.

– Кызым, сен мени бактылуу кылган жакшы кыз экенсиң, андай болсо бул бала менин жээним экен. Сен ырдап жаткан Саргалдай деген мен болом. Баланын аты Рысбайбы? Рысбайдан айланайын, Рысбайдан! – деп көз жашын кылгыртып, – менин карыгандагы белим-кубатымды мен ала турайын, сен барып агаң келди, сүйүнчү деп чакырып чыккын, – деди.

Баланы Саргалдайга берип, кыз чуркаган бойдон ордого кирип:

– Ак коён жеңе, сүйүнчү, Саргалдай агаң келди! – деген сөздү угары менен көзүнүн жашын буурчактай куюлтуп, чуркап чыгып агасы менен кучакташып көрүшүп, жоголгон жоктор табылып, эскиси кайра жаңырып, өлгөндөр кайра тирилип, тирилген жандар сүйүнүп, эскини эстен чыгарып, Көсөлшаа кайнагасына кол берип, кырк күнү кыргызга той берип, кеткен кемтигин толтуруп, адашкандар кошулуп, темене каккан жеңелер өзүнчө жашасын деп, Сулайман кандын кызын алдырып, Саргалдайга арнап хандык сарай салдырып, көргөндүн көзүн талдырып, ар үйүнө каухар фанар жандырып, эл элге кошулуп калат.

Саргалдай эне-атасына, эки байкесине барбастан, Ак коён карындашы, Көсөлшаа күйөө баласы болуп, чогуу жашап калган экен.

## САСЫК ҮПҮПТҮН ТААЖЫСЫ

Илгери-илгери бир заманда аялын аябай сүйгөн бир хан болуптур. Бир күнү аялы:

Сен мени аябай сүйгөнүң чын болсо мага куштардын канатынан бир келишкен үй салып бер, – дейт. Аны аябай сүйгөн хан аялынын сөзүн эки кылбай макул болот. Ал хан элдердин тилин гана эмес түркүн куштардын да тилин билчү экен. Хан бүт куштарга баланчанчы күнү мага келгиле, – деп жар салат. Куштардын бардыгы келе баштайт. Азыраак кечигишип тоок, кыргоол, карга, бөдөнө келишет. Хандын каарына калгандан кийин булар кийин бүркүт, куш, жагалмай, кыргый, каркыра ж.б. куштар сыяктуу көкөлөп, ылдам уча алышпай начар учуп, секирип басып калышат. Өтө кечигип аягында сасык үпүп келет.

– Эмне мынча кечигип? – деп хан каарланат.

– Дүйнөдө өлүк көппү, тирик көппү, аял көппү, эркек көппү, ошолорду билейин дедим, ошолордун эсебин алып жүрдүм, – дейт сасык үпүп.

– Анда кандай экен, бул дүйнөдө өлүк көп бекен, же тирик көп бекен, – деп кайта сурайт баягы хан.

– Бул дүйнөдө өлүк көп экен! – дейт сасык үпүп. Чочуган хан:

– Менин эсебимче дүйнөдө тирик көп болушу керек эле да, сен жаңылсаң керек... Анда сасык үпүп жооп берет:

– Мен күн чыкканга сейинки уктагандарды өлүккө коштум, ошондо бири ашып кетти.

Сиз да аялыңыз менен күн чыкканга чейин уктап жатыптырсыз, – дейт.

Хан унчуга албай калат.

– Бул дүйнөдө сенин эсебиң боюнча аял көп бекен, эркек көп бекен?

– Аял көп экен, – деп жооп берет сасык үпүп, – себеби аялынын сөзүн уккан эркектерди аялга

коштум. Сиз да аялыңыздын сөзүн угуп, куштардын канатынан үй салдырып бергени жатыпсыз.

Хан сөзгө жыгылат, унчуга албайт, сөзү туура болгондуктан сасык үпүптү да жазалай албай калат.

Өлүмдөн калган куштардын бардыгы чогулушат. Сөз таап, аларды өлүмдөн куткарган сасык үпүпкө аябай ыраазы болушат. Эгер сасык үпүп болбосо ошол куштардын бардыгынын жүнүн жулуп, хан аялына үй курдурат эле да. Ыраазы болгон куштар сасык үпүптү хан көтөрөт, башына таажы кийгизишет. Сасык үпүптүн башы башка куштарга окшобой, таажы кийип турганы ошондон калган деген сөз бар.

## СУЛУУ ИЗДЕГЕН ЖИГИТТЕР

Бир жигиттин түшүнө сулуу кыз кирип, ошо сулуу кызды табамын деп, төгөрөктүн төрт бурчун төрт, Медийнанын беш бурчун беш айланып кыдырыптыр. Аты ыргайдай, өзү торгойдой болуп арыпазып, чарчап, таппай келе жатса, бир дарыя суунун башында, булактын көзүндө ай десе аты жок, күн десе көркүжок бир мелтиреген сулуу келин олтурат.

Баягы жигит: «Менин түшүмдөгү кыз келин болуп калды, мейли, келин болсо дагы алайын» – деп ойлоп, сүйлөшүп калды.

Келин макул болуп, жигит үйүнө алып келди. Күндөрдүн биринде баланын досу учурады.

– А досум, колукту алдыңбы?

– Алдым, – деп, жигит жооп кайтарды.

– Кана, мен колуктуңду көрөйүн, – деп, досу баягы аял алган досунун үйүнө келсе, алган сулуусу ажыдаар экен.

– Ээ, баатыр, сенин аялың аял эмес, оокат кыла албай, темселеп калган карыган ажыдаар, – дейт.

– Анда берки досу: «Бу менин сулуу аялымды көрө албай, айтып жатат» – деп, ичи тарыйт.

Аны берки досу билет да:

– Ай, баатыр, сен аялыңдын ичин сылап көр, киндиги болсо – аялың адамзат, киндиги жок болсо – жылан.

Чыпалагыңды кез-кез тузга мал, уктабай жат, аялыңа шек алдырбай ичин сыла, эгер шек алдырсаң, бул шаарды бүт чаптырасың, өзүң кошо өлөсүң, – дейт. Ошо менен баягы жигиттин айтканындай киндиги жок. Эртеси күнү досуна:

– Сенин айтканыңдай киндиги жок экен, – деп айтат.

– Эмесе аялыңдын боюна бүтүп калды, эки айлык, сен бир жакка соода-сатык кылып, жолоочулап кет, тогуз ай, тогуз күн, тогуз саат, тогуз мүнөт дегенде кел. Ошондо аялыңдын толготуп, төрөп жаткан учуру болот, – дейт.

Ошо келгенче берки досу бир жакшы кылыч жасап коёт.

– Бул бала түшүп келе жатканда аялыңдын мойнун кыя чап! – деп кылычты колуна берет.

Жигит аялынын мойнун кыя чабат. Астына түшкөн баланын эч жерине кан тийгизбей ал деген досу. Бирок алганча баланын көкүрөгүнө энесинин мойнундагы канынан эки тамчы кан таамп кетет. Ошо менен баягы аялы өгүздөй кырк кулач ажыдаар болуп жатып калат.

– Эми эмне кылам? – деп досуна кеңешет.

– Жонунан эки карыштай терисинен тилип калып, калганын өрттөп ий, – дейт баягы жигит.

Ошо менен досу бир күнү дагы учурайт да:

– Балаң кандай бала болду? – дейт.

Ой, билбейм, бир көтөрүп келген отуну бир шаарды камсыздандырат. Бир ичкенде бир шаардын тамагын бир ичет, – деп айтат баланын атасы!

– Балаң экөөң биздикине бир конокко барып келчи? – деп досу чакырат.

– Алар келгенче досу темирден үй жасап, ичин кооздоп, бир жагынан кирип, бир жагынан чыгып

кеткендей эшик жасайт. Баягы досу баласын ээрчитип конокко барат. Досу менен баласын темир үйгө ээрчитип кирет. Жасалгалуу биринчи үйгө бала, экинчисине баланын атасы кирет.

Досу баланын атасы экөө бир эшигинен кирип, бир эшигинен чыгып кеткенден кийин, бала эмеспи, сүрөттөргө каралап, артта калат. Шап эшик жабылып, бекилет. Ошо менен бала бакырганда баягы темири асманга үч көтөрүлүп, үч түшөт. Жети күнү бир кесим нан, бир чөйчөк суу берип багып, андан кийин бир талаага ор кастырып, бир бээни союп, казысын ичине жайдырып таштайт. Жети кетмен, жети нан койдурат. Ачыккан баланы чынжырга байлап алып, ордун башына коёт. Этти, нанды көрүп оп тартканда оозунан эки жылан атып кетип, жети катар нандан, казыдан өтүп, жети катар кетменге барып токтойт. Жылан атып кеткенден кийин баланын эси ооп, жалдырап жыгылып калат. Сүт берип, ак боз бээнин сүтүнө киринтип, баланы адалдап үйүнө алып келет. Баягы эки тамчы кан баланын денеси менен бирге өсүп, жылан болуп, кийинки учурда бала ажыдаарга айланып калмак. Досунун илим-билими менен бала аман-эсен тазаланат.

Ушундан кийин баланы атанын канынан жаралды, бала эркектики деп айтылып келген экен.

## СОКУР СООДАГЕР

Бир заманда Нуржан деген соодагер соода кылып жүрүп, байлыгы ташып, дүнүйөсү ашыптыр. Бирок мастан кемпирге алдатып, сокур болуп калат. Сурап деген жалгыз баласы бар экен, баласы он сегиз жашка толот.

Балам, мен сооданы он сегиз жашымдан баштадым эле, сен да эми соода кыл! – дейт.

– Сен бүгүн өзүбүздүн үйдөгү бардык дүнүйөнү карап чык. Эртең миң сом жаныңа сал да, биздикинде жок буюмду таап кел! – дейт.

Баласы базарды араласа, базардагы дүнүйөнүн бардыгы эле үйүндө бар экен. Бир адам капкара ит жетелеп, сатканы туруптур: «Бизде мындай ит жок эмеспи» – деп, сатып алды:

Атасына:

– Мен базардан үйдө жок буюмду таба албадым, бир адам кара ит алып жүргөн экен, бизде кара ит жок, ошону сатып алдым, – деди.

Атасы:

– Жакшы кылыпсың! – деди.

– Дагы миң сом алгын да, жакшы жолдош сатып алгын! – деди.

Баласы Сурап базарга барат. Эки жигит бир өлгөн адамды мүрзөдөн алып чыгып уруп жатат. Сурап:

– Бул өлгөн адамдын эмне күнөөсү бар? – деди.

– Беш дилде карыз эле, бербей өтүп кетти, жок дегенде уруп алсакпы деп, уруп жатабыз! – деди.

Сурап беш дилдени берип, ак кепиндеп көмдүрүп, күмбөз салдырып, күмбөздүн акчасын төлөп, баса берди. Болгон окуяны атасына айтты.

– Жакшы кылыпсың, балам! – деди.

– Эми миң сом алып, базарга жар салгын. Жакшы, ак ниет жолдош болсо миң сом берем дегин. Акча алыш үчүн: «Мен ак ниет болом», – деп келе берет. Сен жарабайсың деп, кетире бер, базар тараганда кыбыла тараптан боз чепкен кийген, эски этегин кайра түрүнгөн жигит:

– Аке, мен жарар бекемин, – дейт. Ошол жигитти алгын! – деди атасы.

Баягы жигитти алды. Жигиттин аты – Билерман.

Билерманды ээрчитип келди. Атасы:

– Сурап балам, жакшы жолдош таапсың, – аксарбашыл миң кунан кой, кой айдай турган эки жигитти кошуп берет.

– Бүгүн күн жолго эрте чыккыла, кеч бешимде камыштуу булакка жетесиңер. Ал булакка малыңарды сугаргыла, ал жерге жатпагыла, андан өтүп барып,

кеч кирген жерге жаткыла. Андан жүрүп олтуруп эки хандын шаарынан өтүп, үчүнчү хандын шаарына сатасыңар. Биринчи сыйкырдуу кыздын шаарынан өтөсүңөр, андан ары Узур шаарынан өтөсүңөр, акырында Береке шаарына саткыла. Малыңар баалуу болот – деп, сокур соодагер балдарын жөнөтөт.

Балдар эрте жөнөп, малын айдап олтуруп, кеч бешимде атасы айткан камыштуу булакка жетип, малын, аттарын сугарып, сокур соодагер баласы Сурап:

– Атам айткан, бул жерге жатпайлы, – дейт. Жигити Билерман:

– Жок, кожоюн, атаңыздын айткан булагы ушул, бул булактын сырын мен билем, ушул жерге жатабыз! – дейт.

Сурап сокур соодагер баласы:

– Сен сырын билсең, жатса жаталы, – деп, макул болот. Билерман бир көк улакты союп, терисин ийлеп чанач кылып, ичине талкан салып, бууп коёт.

Күүгүм талаш бир кемпир эки челекти бакан менен ийнине салып:

– Айланайын, балдарым, мен бир мусаапыр кемпирмин. Өткөн-кеткен соодагерлерге май талкан берип, бергенин алып, эптеп оокат кылып жүрөм, – деп көк улактын чаначына салынган талканды балдарга сунат. Билерман жигит:

– Эне, бизде дагы жол азык кылып жүргөн май талкан бар. Колундагы чаначты көрсөтүп, алманы кырымыш болду. Кемпирдин өзүнүн чаначын өзүнө берип, өз чаначын өзү алып калат.

Кемпир үйүн көздөй челектерине суу алып жөнөйт. Билерман жигит мылтыгын октоп алып, аркасынан барып, кемпир жаман үңкүргө кирээри менен артынан кирсе, кемпирдин эки кызы бар экен. Кыздарына айтып жатат:

– Баягы мен сокур кылгандын баласы миң кой айдап түнөп калыптыр. Чаначты колуна бердим. Төрт киши экен, бардыгы сокур болот, миң койду сатып

жыргайбыз. Алардын талканын биз жейли! – деп үчөө тең жеп сокур болуп калды. Кемпир кыздары менен:

– Алдады! – деп сыйпалашып, кокуй, айыга турган дарыны тап, – деп калганда бала үчөөнү тең атып өлтүрүп, үңкүрдүн эки жагын караса, бир каалга турат, каалганы ачып караса ичи толгон дүр-дүнүйө, каалганы жаап эшикке чыгып, от коюп өрттөп, белгилеп коюп Билерман жолдошторуна келип:

– Жайлап келдим, беймарал уктай бергиле! – дейт.

Бир-эки күн жол жүргөндөн кийин бир аппак бай кемпирге жолугуп, ошол жерде түнөшөт. Бай кемпир ыйлап отурат:

– Менин эки жакшы көргөн балам силер келе жаткан жолдо сыйкырдуу кызды аламын деп барып, аскери менен таш болуп калды. Менин балдарыма окшогон азаматтар таш болуп турат. Айланайын, балдарым, силер катылбай өтүп кеткиле.

Билерман эки күн жол жүрүп, сыйкырдуу кыздын шаарына жетти. Шаардын дарбазасы бар экен. Дарбазанын эшигинин алдында көп солдаттар аттары, жарактары менен таш болуп калган.

Соодагердин баласы:

– Жандап өтүп кетебиз, – деди. Билерман:

– Дарбазага барабыз, буюрса ушул кызды сага алып берем, – деди.

Эшигинин алдына барды эле кыз:

– Эрдемсинген кызыталак! – деп, эшикти катуу жапты эле, аттары таш болду. Экинчи эшикти жапты эле, балдардын бел курчоосуна чейин таш болду, үчүнчү жолу жапты эле, балдардын бел курчоосунан ылдый таш болду. Кыздын сыйкыры үчүнчү жолу жапканда бүт таш болчу экен. Бүт таш кыла албандан кийин, эшикти ачып:

– Мен сеникимин, сага багындым, дарбазанын оозу ачык, киргиле, – деди эле, Билерман:

– Кирбейбиз сага окшогон мыкаачыга, эмне шартың бар? Айт, – деди. Кыз айтты:

– Менин шартым, кимди таш кыла албасам, ошого тиймекмин. Мынабу таш болгон баатырлар – менин шартымды көтөрө албай, таш болгондор.

Билерман айтты:

– Сага окшогон мыкаачыга ким макул болот? – деди. Кыз айтты:

– Силердин шартыңарга көнөйүн, айткыла! – деди. Билерман айтты:

– Мынабу таш болгон адамдардын бардыгын адам түрүнө келтиресиң, анан сүйлөшөбүз, – деди.

– Кыз дарбазасынын эшигин үч жапты эле, бардык таш болгондор:

– Айланайын, бизди кандай адам куткарды! – деп, өйдө-ылдый чапкылап, сүйүнгөнүнөн ыйлап, чурулдашып жиберди.

Билерман:

Сыйкырдуу кыздын азабынан биз куткардык силерди, – деди.

– Жолдо биз конок болгон Чынар деген бай катындын балдары ким? – деди эле, эки жигит:

Биз! – деп алдына келди.

Биз Үзүр шаарынан соода кылып келе жатып, силердикинде болобуз, ошондо сүйлөшөбүз, – деди сыйкырдуу кызга:

– Сиздин аты-жөнүңүз ким, сиз эмне дейсиз? – деди. Кыз:

Менин атым – Гүлбара, ушул шаардын падышасы болом. Менин атам – Тынык хан, сени ким келип жеңсе, ошол жигитке тиесиң деген, силерге макул болсом, шартымды бузбайм. Гүлбаранын атасы Тынык менен сүйлөшсө кызын бере турган болду.

Гүлбара кыздын шаарына үч күн жатып, Береке шаарына барып соода кылып, келе жатып кызды алып кетебиз, – деп, убаданы бек кылып кетишти.

Сурап менен Билерман сыйкырдуу кыздын шаарынан өтүп, эки-үч күн жол жүрүп, Үзүр шаарга

кире бергенде, чоң тыттын түбүндө булак бар экен, ал булактын түбүндө бир кемпир-чал жашоочу. Өткөн-кеткен жолоочулардан катык сурап, оокат кылчу экен, жол жүрүп, кеч келип, кемпир-чал отурган булакка түнөйлү, – деп кайрылат. Кемпир-чал айтты:

– Биз болсо өткөн-кеткендерден кайыр сурап, оокат кылган бечарабыз, катыгыңар болсо бергиле да, биерге жатпагыла, ар күнү хандын казынасын уурдайбыз деп ушул жерге жети каракчы чогулуп келип, казынага бара албайт. Силерге окшогон жолоочуларды талап алып жиберет.

Билерман:

– Ушул жерге жата беребиз, – деп, түнөй турган болот. Караңгы киргенде жети каракчы келет. Жети каракчы Билермандан:

Каяктан келе жатасыңар, каякка баратасыңар? – деп сурайт. Билерман:

– Уурубуз, ушул уурдап келе жаткан койго ыраазы болсоңор, силерди да шерик кылабыз. Отуруп сырдашкандан кийин, жети каракчы:

– Хандын казынасын уурдайбыз деп күнүгө келебиз, бирок уурдап кете албай, күнүгө убарабыз. Билерман:

– Уурдап келаткан койго силер шериктешсиңер. Хандын казынасын уурдасак, биз шериктеш болобузбу? – дейт.

Бардыгы тамактанып, эл жаткандан кийин, казынаны уурдаганы жөнөшөт. Билерман казынанын дубалынын бир жерин киши баткыдай тешип, өзү кирет, казына эки кабат дубал экен, алтын экинчи дубалдын ичинде экен.

– Мен кирем, менин артымдан силер киресиңер, кандай кылып алып чыгарыбызды ичине кирип сүйлөшөбүз. Силер сойлоп отургула! – деп, өзү эң мурда кирип, утур бирден чакырып, тар эшиктен сойлоп кире бергенде башын кылыч менен чаап, бирден таштай берет. Жети каракчынын башын кесип,

казынанын ичине калтырып, жети каракчынын оң кулактарын кесип, жети каракчынын аттарынын сол кулагын кесип алып, кете берет.

Хан кароолчулары жетөөнүн башын биз алдык – дейт ханга.

– Макул, азаматтык кылгансыңар, бирок эмне белгилери бар? – деп сурайт хан. Кароолчулары эч билги көрсөтө алышпайт.

– Демек, муну өлтүргөн силер эмессиңер, андан көрө элге жарыя кылып, өлтүргөн кишини таапкыла! – деп, буйрук берет хан. Элге:

– Ушундай окуя болду, муну ким кылды? – деп, жарыя салат.

– Муну мен кылгам! – дегендер чыгат. Андай адамдардан:

– Эмне белгиңер бар? – дейт. Эч нерсе көрсөтө албагандарды капаска отургузуп, издөөнү жүргүзө берет. Таба албайт, кемпир-чалдан башка эч кимди да калтырбайт. Акыры кемпир-чалды алдырып:

– Чет жакадан келген киши болду беле? – деп сурайт.

– Болгон. Жети каракчы казынаны уурдайбыз деп, күнүгө барып уурдай албай, биздин жаныбызга түнөгөн жолоочуларды тоноп алып кете берген. Кечээ кечинде көп кой айдаган көп киши түнөй турган болушту, караңгы киргенде баягы жети каракчы келген Жолоочулардын ичинен Билерман деген:

– Биз – уурубуз, ушул биз айдаган миң кой бир байдын кою экен, койчуларын өлтүрүп, коюн алып келе жатабыз – деп, жети каракчы менен сырдашат.

– Азамат экенсиңер, коюңарга шерик кыласыңарбы? – дейт Билерман:

– Албетте, кылабыз, – дейт. Силердин эмне өнөрүңөр бар? – деп, жети каракчыдан сурайт. Жети каракчы:

– Ушул шаардын ханынын казынасы бар, кире албай жүрөбүз, – дейт. Билерман айтты:

Койго дагы шериксиңер, казынаны уурдасак, силер бизди шерик кыласыңарбы!

Уурдашсаңар, шерик кылабыз! – деди.

Болду, уурдашпай анан! – деди.

Жолоочулар жети каракчы болуп казынага кеткен, таңга маал жолоочулар жайладык, – деп, коюн айдап жөнөп кеткен. Жолоочулар чай ичип, жай жөнөгөн, шаардан көп алыстай элек болуу керек, – деди кемпир-чал.

Хан жолоочуларды таптырып келип:

Силер эмне билесиңер? – деди.

Ханым, аны мен кылдым, – деп, Билерман айтты.

Эмне белгиң бар? – деди.

– Белги бар! – деп, оң чөнтөгүнөн жети каракчынын оң кулагын, сол чөнтөгүнөн аттардын сол кулактарын алып, хандын астына таштады.

Үзүр шаарынын ханы Райымбек Момун уулу Билерман менен Сурапка чоң ырахмат айтып:

– Бали, баатырлар, Билерман сага бойго жеткен кызым бар, аты – Сырга, кызымды калыңсыз берем! – деди.

Жок, ханым, менин агам – Сурап. Кызыңызды Сурапка бересиз, – деди. Хан кызын үч күн конок кылып сыйлап, анан алып берди.

Күйөө бала Сурап кайнатасынан сурады:

Менин атам Нуржан миң кой айдаткан. Береке шаарына саткыла деген, атанын айтканын сыйлап, Береке шаарына сатабыз. Кызыңызды камдантып турсаңыз, келе жатып ала кетсек экен, – дейт.

Үзүр шаарынын ханы буга макул болду. Сокур соодагер балдары Береке шаарына барып, соода кылып, малын сатып бүттү. Малы жакшы пул болду.

Билерман ушул шаарда жакшы ээр жасай турган бир уста бар экен, ошого жолукту. Миң сомдук ээр жасап бер, – деп, колуна миң сом берди.

Ээрчи он күндөн кийин келип:

– Ээриңди ал! – деди.

Он күн өткөндөн кийин Билерман Сурапка айтты:

– Бүгүн ээрчиге барасың, ээрге кызыгып ала койбо. Ээрчиге дагы миң сом бер. Мындан да жакшы ээр бергин, – деп. Ээрчи бул ээр жакпаса, миң сомуңду ал. Мен мындан ары ээр жасаганды койдум, – деп, устаканадан чыгып кетет. Сен артынан калбай, ээрчип бара бер. Жолдон коркунучтуу жолборс, илбирс, ажыдаар кезигет, коркпостон бара бер.Сага алар тийбейт. Калың бактын арасында чоң ак үй, ичине кирсең орундук бар, отура бер, таң атканча отур, бирок уктаба.

Сурап түнү менен отурат, эч ким кезикпейт. Таңга маал бир кыз келип, «кылыч менен чаап салайын» десе, кылычтын бетинде: «Өлтүрбө, сенин никеңди ушул жигитке буюрган» деген жазуу турат.

Береке шаарынын ханы Азрапжан кызымды эч кимге бербейин, кызым менен эч ким сүйлөшпөсүн, – деп бактын арасына үй тигип, коркунучтуу айбандарга кайтартып койгон. Кыз ойлоду: «Атам эрге бербейм деп ушул жерге бекитсе, бул эмне деген шумдук, бул жигитти өлтүрбөй коё турайын».

Таң атканда Сурап туруп жолдошуна келди. Билерман:

– Эмне көрдүң? – деди. Сурап:

– Эч нерсе көргөнүм жок.

– Уктадыңбы?

– Таңга жуук көзүм илинип кетиптир, – деди.

– Өлбөй калыпсың, жакшы болуптур. Эми курсакты жакшы тойгузуп, кечке чейин укта, кечинде баягы жерге барасың, – деди.

Сурап кечке чейин уктады. Билерман Сурапты ойготуп:

– Баягы жерге бар, бирок уктаба, бүгүн уктасаң, тирүү калбайсың! – деди. Сурап барды, уктабай отурду. Түн ортосунда кыз келип:

– Бул жерде эмне отурасың? – деди. Сурап:

– Сизди күтүп отурам, – деди. Кыз айтты:

Мени атам эч кимге бербейм, – деп ушул жерге бекиткен, кокус киши барса, өлтүрөсүң, – деп, мобу кылычты колума берген.

Сени түндө чаап таштай турган элем. Кылычты сага көтөрсөм, кылычтын бетинде жазуу пайда болду. Эми менин пальтомду көтөрүп, атама салам айтып киргин. Пальтону тааныйт. Өзүң билип жооп бер! – дейт. Сурап пальтону алып, Билерманга барды.

– Кудай бериптир, кыз колубузга тийди. Пальтону көтөрүп ханга баргын, сен бул пальтону кайдан алып жүрөсүң, бул менин кызымдын пальтосу, – дейт. Сиздин кызыңыздан башка пальто жок деп ойлойсузбу, мындай пальто бизде тогуздап бар дегин, мындай пальто эч кимде жок, – деп жасаткан. Эгерде ушундай пальтодон тогузду таап берсең, мен сага ушул пальто кийген кызымды берем, – дейт. Болуптур, үч күн мөөнөт берсеңиз, мен тогуз пальтону таап келемин дегин, – деди Билерман.

Сурап пальтону көтөрүп хандыкына барды. Салам айтып, пальтону илип коюп отурду, хан аялы экөө таанып:

– Сен бул пальтону кайдан алып жүрөсүң, менин кызымдын пальтосун, – деди.

Сиздин кызыңыздан башкада мындай пальто болбойбу? Биздики тогуздап турат.

– Эгерде силерде тогуз пальто болсо, анда кызымды берем, эгерде жок болсо, башыңды алам! – деди.

Болуптур, үч күн мөөнөт бериңиз, – деп Сурап чыгып кетти. Билерманга келди.

Убада кылдык, ушул пальтодон тогузду тапсак, бере турган болду кызын.

– Сен ушу жерде эс алып жата бер, эртең ушул маалда келип калам, – деп Билерман бир жакка жөнөп кетти.

Билерман тогуз пальтону таап, айткан убагында келип калды. Билерман экөө тогуз пальтону көтөрүп, хандыкына барды. Хан аялы экөө кеңешти.

– Биз пальтону жасатканда, мындай пальто эч кимде жок деп жасаткан элек, бул жигит тогуздап көтөрүп жүрөт, оңой жигит эмес экен, убада боюнча кызды берели, – деди. Хан кызды түнү менен төөгө айдатып жөнөттү.

Сокур соодагердин балдары Сурап менен Билерманга Береке шаарынын ханы Зулайка кызын жыйырма сарпайын кул-күңү менен отуз түтүн эл кошуп жөнөттү. Үзүр шаарынын Райымбек кызы Райымбүбүнү элүү төөгө сарпайын жүктөп, кул-күңү менен жөнөттү. Сыйкырдуу кыздын атасы Тыным хан сыйкырдуу кызы Гүлбараны он түтүн кул-күңү менен жүз төөгө сарпайын жүктөп жөнөттү.

Сыйкырдуу кыз: «Шаарында аскери менен таш болуп калган эки жигиттин апасы ак байбиче келсе, балдарын дос кылалы», – деп камданып турган экен, жүз жылкы ал жөнөттү. Камыштуу булактагы мастан кемпир өткөн-кеткенден ар кандай айла-амал менен жыйнаган мүлктөрү бар экен, анын мүлкүн бүт алып, сокур соодагердин баласы эпсиз байып, армансыз келе жатты.

– Кана, жолдошум, дагы эмне арманың бар? – деди.

– Билерман, ыракмат сага. Бир гана арманым – мен ушинтип келе жатканда атам соо болуп, өз көзү менен көрүп, алдымдан улак тарттырып тосуп, чоң тойду өзү өткөрсө, эки дүйнөдө арманым болбос эле! – деди Сурап.

– Ал да болот. Сен жай бара бер, атаңа барып, ушул маалда атаң экөөбүз алдыңдан тосуп чыгабыз, – деди Билерман.

Сокур соодагер баласы Сурапты базарга барып биздин үйдө жок буюмду алып кел деп колуна миң сом берип базарга жөнөтпөдү беле. Сурап базардын баарын кыдырып караса, базардагы буюмдун бардыгы үйдө бар экен. Сурап: «Атам өзүнүн байлыгын билсин деген экен го», – деп ойлоду. Базарда бир

адам ит жетелеп жүрүптүр. Иттин эки жагын караса, кара экен. Биздин үйдө мындай ит жок деп, ошол итти сатып келген. Билерман ошол итти союп, сокур соодагердин көзүнө сүрттү эле, көзү ачылды.

– Эми атка мин, балаңдын аман-эсен ойноп-күлүп, хандын кызын күң-кулу менен, адамдын акылы жеткис олжо менен келатканын өз көзүң менен көрүп, алдынан улак тарттырып чыгып, тоюн өткөр! – деди.

Соодагер көздүү болуп, эли менен баласы Сураптын алдынан улак тарттырып тосуп алды. Билерман ата-баланы кошуп:

– Кана эми, миң сомдук кызмат кылдым бекенмин силерге? Сокур соодагер баласы Сурап:

– Балам, Билерман, миң сом эмес, эсеп жеткис кызмат кылдың! – деп ыраазылыгын айтып, эми экөөң тең бир тууган болуп ушул дүйнөнүн ыраатын көргүлө, – деди. Билерман:

– Сиздер ыраазы болсоңор болду, – деди, – мен силерге ыраазымын, мени көрүмдөн сууруп чыгып, беш дилде үчүн уруп жатканда, ажыратып алып, ызат менен күмбөз салдырып, ак кепиндеп көмдүңөр эле. Сурап узак жашап, алып келген кандын кызынан өнүп-өсүп, убай көр, мен кеттим! – деп кыбыланы карап, Билерман учуп кетти.

## СЫЙКЫРДУУ САКА

Илгерки бир замандарда эки кошуна жашаптыр. Анын биринин миң кою бар экен. Экинчисинин жүз кою болуптур. Эки коңшу байлыктарына карабай ынтымактуу жашашса да, алардын ичинде бири бирин көрө албастык, биринен экинчиси мыкты сынып, атаандаштык бар эле. Алардын койлорун балдары кайтарышчу экен. Күндөрдүн биринде миң кой кайтарган бала менен жүз кой кайтарган бала койлорун эки бөлөк жайып коюшуп, чүкө ойношот. Оюнга кызыккан балдар кечтин киргенин да бай-

кашпайт. Жүз койлуу бала бүт чүкөсүн уттуруп, жалгыз сакасы калат. Ошондо гана кайтарган койлору эстерине түшүп, койлоруна келсе, жүз койдун баарын карышкыр кырып кетиптир. Миң койлуу бала койлорун айдап үйүнө кетет.

Жүз коюн кырдырган бала үйүнө баргандан коркуп, ошол тегеректеги бир үңкүргө келип түнөйт. Курсагы ач, ичерге тамак жок, кою кырылып, чүкөсүн уттуруп, ичи күйүп уктай албай коёт. Ошондо сакасын колуна алып: «Сакам, сен да жакшы конбой койдуң, мен да жакшы ойной албадым. Чүкөмдү уттурганым аз келгенсип, койлорду карышкыр кырып кеткенин карачы. Эми кантип жан сактайбыз? Тамак-ашты кайдан табабыз? Атаңдын көрү ай, кайра жүз койлуу болсок, чүкө ойногонду коюп, жакшылап кайтараар элем», – деп көз жашын төгүп ыйлайт. Жашы салаалап сакасына тамат. Ошентип санааркап жатып уктап кетет.

Эртең менен ойгонуп өз көзүнө өзү ишенбейт бала. Үңкүрдүн тегерегинде баягы өзүнүн койлору жуушап жатат. Бала сүйүнүп койлорун айдап үйүнө келет Бирок болгон окуяны ата-энесине айтпайт. Дагы бир күнү койжайып чыкканда, чүкө ойнойлу деп келген миң койлуу балага сырын айтып, экинчи чүкө ойнобойм деп убада кылганын айтып коёт. Миң койлуу бала кечинде уккандарын атасына айтып келет.

Ошондон баштап миң койлуу киши сыйкырдын баары баланын сакасында экенин ойлоп бушайман болот. Ал саканы алып, дагы байыгысы келип өз баласына: «Тиги баланын сакасын бүт чүкөңдү берсең да, бир койго сатып алсаң да алып кел?» – деп тапшырма берет. Эртеси бала бүт чүкөсүн жүз койлуу баланын сакасына алмашып, атасына алып келип берет. Тиги киши саканы колуна алып: «Миң коюбуз эки миң болсо экен, ушул чөлкөмдөгү элден бай болсок экен. Айланайын сака, тилегенимди

бере көр?» – деп тилек айтып, баласы экөө тең таң атканча койдун чекесинде койлор кантип көбөйөр экен деп карап турушат.

Таңга жуук уктап кетишет. Бир маалда чочуп ойгонуп жуушап жаткан койлорун карашса, баары тегиз кырылып калганын көрүшөт. Ошондо ачуусу келген ач көз киши саканы отко ыргытат. Сака отко түшөр замат жарк этип жалын чыгып, жалындын арасынан он эки ача калдайган мүйүздүү бугу чыгып, токойду көздөй чуркап кетет.

## СЫЙКЫРДУУ ЧАКЧА

Илгери-илгери Жапак хандын үч уулу болуптур. Улуусунун аты Бекмурат, ортончосунун аты Чекмурат, кичүүсүнүн аты Текмурат деп уйкаш коюптур. Үчөө катар өсүп, үчөө үч башка кишиден тарбия алышыптыр.

Бекмурат кичинесинен эле согуш ойнун ойноп, жаа тартып, канатуулардын тынчын алып өсүптүр. Чекмурат ойногон балдарды башкарганды жакшы көрчү экен. Текмурат боорукер, жаныбарларга жакын болуп чоңоюптур.

Бир күнү Текмурат көзү ачыла элек кыңшылаган күчүктү койнуна катып үйүнө келсе атасы көрүп калып:

– Ай, Текмурат, агаларың элге керектүү өнөрдү үйрөнүп жатса, сен кулга окшоп ит менен ойнойсуң, жогот көзүмө көрсөтпөй, – деп кыйкырды.

Текмурат шымдын багалегин эмчек деп соруп аяк астында темселеп жүргөн сокур күчүктү көрсөтүп:

– Ата, караңызчы, көзүн ача элек. Эч нерсени көрбөйт. Караңгы менен жарыкты ажыраткыча үйдө турсун, анан сыртка чыгарып коём, – деп атасына көрсөттү. Атасы ачуусу келип күчүктү тирүүлөй жерге көмгүзөөрдө Текмураттын апасы арага түшүп:

– Ханым, баланды ыйлатпай ырайым кыл. Күчү-

гүн азырынча кампада кармап турсун. Бала эмеспи аны бат эле унутат, ошондо көзүн тазалайбыз - деди. Хан макул болуп кампага калтырып койгондо Текмурат жанынан чыкпай упчу менен сүт берип багып чоңойтту. Атын Кумайык койду. Ал ушунчалык акылдуу, ушунчалык тапкыч болду. Текмурат каякка жашынса да баскан изин жыттап таап алат.

Арадан көп жыл өттү. Бекмурат аскер башчысы болуп дайындалды. Чекмурат атасынын жолун жолдоп эл башкарды. Текмурат билимдин артынан түшүп окумуштуу болду. Ал китепканадан чыккан жок. Көп китептерди окуп айбандардын тилин да үйрөндү. Бир күнү эскирген чоң китепти барактап отуруп сыйкырлуу чакчанын баянын таап алды. Анда минтип жазыптыр: «Кимде ким жылгадагы ичке жолго түшүп, ашуудан ашып, чокусунан кар кетпеген, канатуу куш учуп жетпеген мөңгүлүү тоого жетсе ошол тоонун этегинде үңкүр бар, үңкүрдүн ичинде жети бөлмө бар, эч нерсесине тийбей акыркы бөлмөнү ачса ичинен сыйкырлуу чакчаны табат» дептир. Текмурат сыйкырлуу чакча жөнүндө кайра-кайра окуп, сыйкыр сөздөрүн үйрөнүп ошол чакчаны таап келүүгө атасынан уруксат сурады. Атасы ага руксат бермек түгүл «ага окшогон алыс жолго бала эмес чоң киши баралбайт. Барбайсың» урушуп койду.

Текмурат атасына айтпай аргымак атты токутуп минип, жоо жарагын алып, чакчаны издеп табыш үчүн качып чыкты. Жылганы бойлоп жүрүп отуруп, жүрүп отуруп калың токойго келди. Келсе токойдо бир да кыбыраган жан жок. Эмне кылаарын билбей отурса канаты уйпаланган картаң жору карагайдын башына келип конду Үнүн бийик чыгарып:

– Эй, жору, эмне үчүн бул токойдо кыбыраган жан жок? Алар кайда кеткен? – деп сурады.

– Токойдун баш жагында булак бар эле, ал кылымдан кылымга шаркырап агып турчу. Ушул то-

койдо жашаган жан жаныбарлар бүт ошол суудан ичишчү. Мен да ошол суудан ичип жан сактачумун. Эми ошол булакты ажыдаар ээлеп, суунун баарын соруп кургатып койду. Токойдогу алдуу күчтүү жаныбарлар чыгып кетишти, алсыздары кырылып калды. Мен булактын суусу кантти экен, өз нугуна түшүп акты бекен деп билгени келдим, – деп жооп берди жору.

Текмурат бир аз ойлонуп отуруп токойдун жан жаныбардарына сууну алып берүүнү чечти. Аргымагына минип жулкунтуп кашатка чыкса булактын көзүн бүтөп жаткан ажыдаар келаткан карааңды көрөр менен ышкырта оп тартканда ат туруштук бере албай томолонуп, аласалып камгакка окшоп учуп жөнөдү. Текмурат да кулап баратып аңга түшүп ошол жерге жатып калды. Ат ээр токуму менен ажыдаардын ичине бүкүлү бойдон кирип кетти. Ажыдаар даты оп тартканда Тек мурат аңдан чуркап чыгып ажыдаардын алкымына кылычтын мизин туурасынан кармай берди. Ажыдаар экиге бөлүнүп жатып калды. Ал өлүп баратып куйругу менен жер сабап туйлаганда карагай, кайың омкорулуп, тоо урап, жаткан жери жарга айланды. Тек мурат ажыдаардын уусунан эси ооп көптөн кийин өзүнө келди.

Туруп караса булактын көзүн топурак басып калыптыр. Күндүр-түндүр кылычтап казып булактын көзүн ачты. Суу оргуштап чыгып адамча сүйлөдү.

– Балам, жакшылыкка жакшылык. Чарчаганга күч берген, оорулуну айыктырган, өлгөндү тирилткен менде касиет бар, ошол касиетти сенден аябайм. Керек болгондо келип тур, кызматыңа дайым даярмын, – деди.

Текмурат булактын суусун өлүп жаткан аттын оозуна зордоп куюп, атын тирилтип алып булак менен коштошуп сапарын улантты. Улам барган сайын жол татаалдап, кыя жол жоголуп, капталдан таш кулап ат менен жүрүүгө болбой калды. Текмурат

«бар эми жаныбарым айылга барып жаның сакта» деп атын бошотуп айдап жиберип өзү жөө жөнөдү. Бир аз жүргөндөн кийин караса чаар жыланга таш тийип, белинен жанчылып, жыла албай жолдо жатыптыр. Текмурат чала жан жыланды таштап кете албай мойнуна ороп көтөрүп кайра тартты. Келип булактын оргуп жаткан жерине салса жыландын териси түлөп түшүп, сынган омурткасы бүтүп, суудан сойлоп чыга келди.

– Чоң ырахмат адам баласы, жакшылыкка жакшылык кылуу баардык жан жаныбарларга таандык. Сен ушул терини ал, – деди жылан сыйрылган терисин берип, зарыл болгондо күйгүзсөң жардамга келем.

Текмурат жылан менен коштошуп сапарын улантты. Таш кулаган зоокадан өткөндө чытырман токойго туш келди. Текмурат кылычын ташка кайрап алып тоскоол болгон бадалды, бутакты карты терши чаап жүрүп отурду. Капталынан качырып карышкыр, жолборстор да чыкты. Аны да жеңди. Бир нече күндөн кийин токойдон өттү. Бир аз жүргөндө азуусун айга кайраган, бет маңдайына ким келсе жара тарткانга жараган өгүздөй каман желип-жортуп кетип баратыптыр. Аңгыча ачык жерде бараткан доңузду асмандагы бүркүт көрүп шукшурулуп качырып сала берди. Жетип каманды чаңыртып денесине тырмагын батырды. Каман жан талашып бадалды аралай качты. Бүркүт бир буту менен камандын соорусун чеңгелдеп, бир буту менен жоон шилбини кармап токтоткондо каман күч менен жулунуп бүркүттү эки бөлүп таштады. Бүркүттүн бир буту каман менен кошо кетти, денеси экинчи буту менен тырпырап шилбиде калды. Текмурат издеп жүрүп бүркүттүн айрылган бутун токойдон таап, ордуна коюп таңып, көтөрүп алып кайра булакка жөнөдү. Келип оргуштап аткан көзүнө киринткенде буту бүтүп көзүн ачып:

– Ырахмат сага адам баласы. Жакшылыгың тийгиздиң, өлгөн жанды тиргиздиң, жакшылыкка жакшылык кылуу ар кимдин милдети, эми бул жүнүмдү ал, керек болгондо күйгүзсөң жардамга келем, – деп канатынын атынан жүн жулуп берди.

Текмурат кайра бет алган жагына жөнөдү. Жүрө берип, жүрө берип жер титиреген жерге туш келди. Бул эмне титирейт деп айланасын караса жанар тоо биринин артынан бири атылып, от бүркүп, жер өрттөнүп титиреп жатыптыр. Ошол өрттүн ичинде бир арс чычкан камалып чыга албай калыптыр. Текмурат чапанын суугa салып, өрттү сабалап өчүрүп чычканды аман сактап калды. Ошондо чычкан:

Жаныңды аябай тозок отунан мени куткардың, эми ушуну ал, – деп мурутунан бир кыл жулуп колуна карматты.

– Муну эмне кылам? – деди Текмурат муруттту колуна алып.

– Сен ушул муруттту күйгүзсөң мен жардамга келем, – деди чычкан. Текмурат муруттту алып чөнтөгүнө катты. «Ушул байкуш эмне жардам бере алат» деп ичинен ойлоп койду. Сапарын улантты. Адыр-адыр тоо басып, аскасы бийик зоо ашып, агымы катуу суу кечип өлдүм-талдым дегенде башынан мөңгү кетпеген, канаттуу учуп жетпеген тоонун этегине жетти. Кыркалай кырк күн кыдырып үңкүрдү тапты. Каалга кылып алачыктай ташты оозуна бастырып коюптур. Ары түртүп, бери түртүп ташты жылдыра албай айласы кетип эс алып отурса эки сагызган учуп келип долононун бутагына отуруп шакылыктады.

– Капырай, миң жылдан бери адам жыттанбай калды эле, бул бала кайдан келген? – деди бирөө.

– Бул баланын ажалы жетип келди, буюрса муну жез кемпир өлтүрүп, этин жеп, тарпын баягыдай бизге ыргытат. Биз көзүн чукуп той кылабыз.

Муну укканда биринчи сагызгандын ачуусу келди көрүнөт, экинчи сагызганды тарс дегизе тумшугу менен башка бир салды.

– Ачкөздөнбө, – деди сагызган бул бала жаныбарлардын досу. Канаттууну да, эки аяктууну да, торт аяктууну да тарынтпайт. Мунун көзүн жегенде дагы миң жашамак белең. Ачка болсоң аскадан кулаган эчки, текенин көзүн жесең да тоёсуң. Андан көрөкчө жардам беришибиз керек.

– Тилиңден башка күчүң жок бул балага кандай жардам бере аласың?

– Үңкүрдүн оозун жапкан таштын астындагы коңулда тутка бар, ошол туткадан кармап тартса ачылат. Адам баласы биздин тилди билбесе да акылы болсо ошону издеп табар, – деди экинчи сагызган.

Эки сагызган бир аз отуруп учуп кетишти. Текмурат барып таштын алдына колун салса жыгач тутка урунду, аны тартканда таш жылып үңкүрдүн оозу ачылды. Кирсе үңкүрдүн ичи кенен, ийне түшсө көрүнгөндөй жарык экен. Айланта караса бир да чырак жок, көрсө асыл таштар күндүзкүдөй жарык кылып туруптур. Кубанган Текмурат этияттыкты унутуп биринчи эшикти ачып караса каухар экен, экинчисин ачса толгон алтын, үчүнчү эшикти ачса үйүлгөн күмүш, төртүнчү эшикти ачса ак тулпарды аза байлап коюптур. Астындагы жемге жетпей жер чапчып окуранат. Текмурат атка боору ооруп чылбырын чечип жемге коё берди эле коңгуроо шаңгырап, кайдан-жайдан келгени белгисиз тырмагы болот, тумшугу жез, чачы куудай агарган жезкемпир шарт кирип келди.

– Аа, балакай келдиңби? – деди колун тарбайтып, мен сени күткөм. Мен сени өлтүрбөйм, кыйналып жүрүп өз ажалыңдан өлө турган кылам.

Текмурат кетенчиктеп качууга аракет кылды, жезкемпир жерден топурак алып дубалап чачты эле Текмурат ит болуп калды. Ит болгондо да кичинекей, жүнү тайкы, борс-борс үргөн кандек болуп калды. Жезкемпир болот тырмагын батырып, желкесинен кармап туруп ыргытканда Текмурат каңшылап үңкүрдүн сыртына барып түштү. Эси ооп көпкө жатты.

Бир маалда көзүн ачса түн кирип калыптыр. Эти ооруп кыймылдай албайт. Жамбашы сынып калыптыр. Арткы бутун сүйрөп булакка жол тартты. Бир аз жүргөндөн кийин жамбашы шишип жыла албай калды. Ушул учурда чабыттап келаткан бүркүт көрүп калып кандекти көтөргөн бойдон асмандап учуп жөнөдү. Эч бир дем албай учуп келип булакка чалп дегизе таштады. Ошол замат Текмураттын сынган сөөгү бүтүп, ооруган жери басылып тура келди. Бир күн, бир түн булактын жанында болуп айылына жөнөдү. Жол бою курт-кумурска терип жеп эптеп күн өткөрүп араң айылына жетти. Айылга кире бергенде бош жүргөн иттер талап, өлдүм-талдым менен андан кутулду. Агасыныкына келсе Бекмурат жоо жарагын кийинип сыртта отуруптур. Ит болгон Текмурат көзүнүн жашын агызып агасын тиктеп турса ал:

– Эй жигиттер, аркы жааны алып чыккылачы, мобул көзүнөн шоросу аккан кандекти атып таштайын, оорулу болсо керек, – деди. Аны укканда Текмурат тызылдап андан качып жөнөдү. Качып отуруп, качып отуруп Чекмураттыкына келди. Келсе ал атын токутуп аң уулаганы даярданып жатыптыр. Ачкалыктан карды кабырылган кандекти көрөр менен тайганы качырып сала берди. Текмурат дагы качып жөнөдү. Качып баратып артын караса сур тайган жетип калыптыр. Куткарар эмес. Жан талашып бирөөнүн тоокканасына кире качты. Ичиндеги тооктор туш-тарапка бырпырап учуп чуу салганда ээси чыга калып тайганды кууп жөнөдү. Текмурат бул ажалдан да аман калды. «Эми тааныса атам тааныйт» деп өзү туулуп өскөн үйгө келсе атасы алтын кыйуулаган чепкенди желбегей жамынып жан жөкөрлөрү менен бакты аралап сейилдеп жүрүптүр. Текмурат көзүнүн жашын агызып атасынын бутунун арасына кирип кыңшылап жиберди. Башынан итти жек көргөн атасы кандекти керилип туруп тепкенде учуп барып көлчүккө чалп деп түштү.

– Кармагыла, – деди атасы каарданып, кармап мойнуна сыйыртмак салып талга асып таштагыла.

Бекер турган жигиттер дабырап кууп жөнөштү. Өздөрү жетпей бараткanda иттерди айдактап коё берди эле алар келип басып калышты. Улам бири тиштеп ыргытат. Ошолордун арасында жүргөн Кумайык кандекти кабыштыра тиштеп баратып тык токтоду. Бүрүшүп аягы асманды караган кандекти кайра-кайра жыттап:

– Сен Текмуратсың, таанып турам, – деди.

– Ооба, мен Текмуратмын, кантип тааныдың?- деди кандек.

– Жытыңан, – деди Кумайык ыркыраган иттерге тиш салдырбай коргоп, сендеги жытты мен эч качан унутпайм. Унутууга акым жок. Учурунда упчу берип бакбасаң мен өлүп калмакмын.

Арттан келген иттер жабалактап качырып киришти. Кумайык жеткенин тиштеп ыргытып көп итке алы келбей калды. Ыгын таап кандек ийинге кире качты. Ошентип Текмурат ошол ийинде жашап калды. Кумайык үйдөн тамак ташып багып жатты. Жарасы бүтүп тыңыганда:

– Бул жерде сенден башка мени таанубайт экен, кетейин, – деди.

– Сени жалгыз жибербейм, – деди Кумайык, кайда барсаң да мен сени менен барам. Өлсөң өлөм, тирилсең тирилем.

Экөө ээрчишип жөнөштү. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп баягы тоонун этегиндеги үңкүргө келсе эки сагызган даты кездешип калды.

– А, баягы ит болгон бала дагы келиптир, – деди бирөө шакылыктап, эми чындап ажалы жеткен экен. Жезкемпир көрсө тирүү койбойт. Бекер өлгөнчө ушул ит боюнча эле жүрө бербейби, шордуу.

– Бул бир нерсени билбейт, – деди экинчи сагызган, күн батышта Кажыр деген жер бар. Ошол жерде сабагы да ак, тамыры да ак сарымсак сы-

мал чөп өсөт. Ошол чөптү таап жесе кайра адам болоор эле.

Муну уккандан кийин экөө эки ит ээрчишип күн батышка жол тартты. Жаныбарлардан сураштырып жүрүп Кажыр жайлоосуна келишип сагызган айткан чөптү издеп табышты. Аны кандек жегенден кийин киши калыбына келди.

Үңкүргө кайра жол тартышты. Бир ай дегенде араң жетишти. Келип үңкүргө кирсе ичи баягыдай эле жарык, мурункудай эле тынчтык. Бул сапар Текмурат эч нерсеге тийбей, эч жакка бурулбай, учуна коңгуроо байлап туура тартылган жиптен аттап өтүп жетинчи бөлмөнү ачса толтура эски буюмдар бар экен. Ошолордун арасында дат баскан наспай салчу эски жез чакча жатыптыр. Текмурат чакчаны алып, ичи сыртын карай көрдү да: «Куттуу чакча сөзүмдү ук, кутмандуу кары сыртка чык» деп чакчанын бетин алаканы менен сүрттү эле чакчанын оозунан буу абага көтөрүлүп, бою бир карыш, сакалы үч карыш чал пайда болду. Ал калпагын алып ийилип:

– Эмне буйрасыз, мырзам? – деди.

– Жезкемпир эшек болуп астымда турсун, – деди Текмурат.

Чал түшүнүксүз сөздөрдү айтып «фу- у» деп алаканын үйлөдү эле ошол замат көк эшек пайда болду. Текмурат ак тулпардын ордуна аза байлап, чакчаны чөнтөгүнө катып, Кумайыкты ээрчитип, тулпарга минип айылына жөнөдү. Келсе атасы жолдун боюнда жылаңайлак, жылаң баш, бутун чөңөргө тыттырып зар какшап уй кайтарып жүрүптүр. Уулун көрүп кучактап жыгылды.

– Сага эмне болгон, – деди Текмурат таң калып, сени бул абалга ким апкелди?

– Балам, сен сапар тартып кеткенден кийин көргөн күнүбүз ушул болду. Кара хан капысынан кол салып басып алды. Эркектерди кул кылып, аялдарды күң кылды. Мен ушинтип уйчумун. Сен

кара хандын көзүнө көрүнбө, кармаса сени да кул кылат, – деди.

– Менин агаларым кайда? Аларды мактачу элеңиз, эмне алар жардам бере алган жокбу?

– Жардам бере алган жок, – деди атасы, экөө эки жерде. Бири торпок багат, бири кой багат.

– Ата, сиз баштап, алиги эки балаңыз болуп элдин кыйналганын, адамдын муктаждыгын билчү эмес элеңиздер. Эми ошонун баарын өз башыңыздардан өткөрүп жатыпсыздар. Муну кудай таала сиздерди көрсүн, кедейлер кандай жашаарын билсин деген экен, кокус кайра тактыңызга минсеңиз муну унутпайсызбы? – деди Текмурат.

– Унутпай калайын, – деди атасы, унутпай калайын. Кудай буйруп такка келсем эл камын көрөр элем. Жардылардын байышына жардамдашар элем. Мен тирүү турганда менин жеримде кулчулук болбойт эле.

Текмурат атасын уйдун жанында калтырып айылга барса Кара хан кырк кызды бийлетип коюп, шарап ичип жыргап отуруптур. Эски чапан, тешик малакай кийген кедей жигиттин астындагы аргымакты көрүп:

– Эй макоо, кайдан жүрөсүң? Астыңдагы аргымакты кайдан уурдап алдың? – деди түз эле.

– Мен жолоочумун, – деди Текмурат, эл кыдырып, жер кыдырып жүрөм. Аргымак өзүмдүкү.

– Кимдин баласы болосуң?

– Жапак хандын баласы болом, – деди Текмурат тайманбай.

– Кармагыла, – деди Кара хан атып туруп, колун байлап зынданга таштагыла.

Текмураттын чактысын келтирбей, чакчасына жеткирбей артында аңдып турган жигиттер Текмураттын колун кайрып, дегдеңдетип сүйрөп барып зынданга салып ташташты. Жулкулдашканда чапанын өңүрү айрылып, аны менен кошо чакчасы чаңдын арасындагы тепсендиде калыптыр. Текмурат

эки күн жатты. Эки күндүн ичинде эки кароолчу которулуп тамак бермек түгүл сүйлөшпөй коюшту. Үчүнчү күнү Жамаш деген кароолчу келип өз нанынын теңин сындырып берди.

– Жигит, ар жакта чаңдын арасында менин жаман чапанымдын айрындысы калыптыр, ошону алып келип берчи? – деп суранды.

Жамаш боорукер жигит экен, ээндетип туруп айрылган чапандын өңүрүн таап келип колуна карматты.

– Сен акырын сүйлө, – деди Жамаш чапандын айрыгын берип жатып, Кара хандын жигиттери жүрөт. Укса экөөбүздү тең өлтүрүшөт.

– Алар эмне кылып чуулдап жатышат? – деп сурады Текмурат.

– Сыйыртмак даярдап атат, – деп түшүндүрдү Жамаш, элдин айтуусуна Караганда Жапак хандын өзүн, анын бала-бакырасын бүт бүгүн даргага азат экен.

Муну уккандан кийин Текмурат чакчасын алып, «Куттуу чакча сөзүмдү ук, кутмандуу кары сыртка чык!» деди эле, «эмне буйрасыз, мырзам» деп бою бир карыш, сакалы үч карыш баягы чал дагы келди.

– Мен сыртка чыгайын. Кара хан колу, буту байланып алдымда болсун, – деп буйрук берди. Ошол заматта айтканы айткандай аткарылып Кара хан баланын алдында колу, буту байланып жатты.

– Кана Кара ханым, сүйлө, – деди Текмурат, Жапак ханга жазаган дарган сенин өзүңө буюра турган болду.

Кара хан ажалы жетерин билип жойпуланып жалынды.

– Кагылайын уулум, айланайын уулум, жаңылдым, жаздым. Мага окшош атаң бар. Менин күнөөмдү кечирип кой. Айбымды тартып кызымды сага берейин. Кызым ай десе ай, күн десе күн. Мени тирүү калтырып ошол кызыма үйлөн. Сен күйөө

бала болсоң эки элди өзүң башкарасың, – деди бал тилге салып.

Текмурат Кара хандын сулуу кызы бар экенин билчү. Ары ойлонуп, бери ойлонуп жалынып-жалбарган кишинин ханын агызганга колу барбай, анын үстүнө эки элдин тынчтыгын ойлоп Кара ханды коё берди. Эл тынчып арадан бир ай өткөндөн кийин Текмурат атасын жуучулукка жиберди. Барса Кара хан бербестин айласын кылып:

– Жапак хан, сен мага туура түшүн, – деди, уулуңа кызым берем дегеним чын, бирок үч шартым бар, үчөөнү тең аткарса кызым берем, аткарбаса кызым бербейм.

– Айт шартыңды, – деди Жапак хан.

– Сен экөөбүз илгертеден бери кошуна турсак да каршыбыз, – деди Кара хан, эми куда болгону турабыз, ошол үчүн уулуңа айт ортобузду бөлүп турган дарыяга көпүрө салсын. Бул биринчи шартым, муну бүтүрсө экинчисин айтам.

Жапак уулуна келип:

– Балам, Кара хан кызын бербестин аракетин кылып ишке ашпай турган оор шарт койду, эки мамлекеттин ортосундагы дарыяга көпүрө салсын дейт. Бир чакырым суугa кантип көпүрө салууга болот. Аны сала турган уста элибизде жок. Андан көрөкчө өз элибизден тандап туруп колукту алып берейин, убара болбо, – деди.

– Ата, жата бериңиз, калганын эртең сүйлөшөбүз, – деди Текмурат.

Жапак хан капалуу жатып калды. Атасы уктаар менен бою бир карыш, сакалы үч карыш карыяны чакырып алып Кара хан берген тапшырманы айтты. Эртең менен Жапак турса көпүрө даяр экен. Жапак хан жанына кырк киши ээрчитип, жаңы көпүрө менен бастырып Кара ханга кайра келди.

– Кана Кара хан, биринчи шартың аткарылды, калган шартың айт, – деди.

– Экинчи шартым, – деди Кара хан, – менин мамлекетимди айланта жоо өтө алгыз кылып кызыл таштан кынап чеп курсун. Бийиктиги төрт киши бою болсун. Алты жерине темирден дарбаза орнотуп, ичинен ачылма кылсын. Шаардын ортосунан булактын тунук суусу агып турсун.

Жапак хан кайра келип:

– Балам, иш чатак. Кара хан чекарасына кызыл таштан кынап чеп курсун дейт. Муну так Сулайман пайгамбар да жүз жылда куруп бүтүрө албайт. Бул чеп курулса бизди ичине киргизбейт, - деди капалуу.

– Кабатыр болбоңуз, – деди Текмурат атасын колтуктап аттан түшүрүп, эртеңкиге чейин али убакыт көп. Жатып эс алыңыз.

Жапак хан эртең менен эрте туруп караса Кара хандын чекарасында чеп курулуп калыптыр. Текмураттын атасы бул сапар жүз киши менен келип түштү. Кара хандын көңүлү жайдарыланып жакшы кабыл алды.

– Эми үчүнчү шартым, – деди Кара хан, уулуң эки мамлекеттин орто суна алтындан ордо салдырсын, ошол жерде той болуп кызымды алсын. Мына ушунда мен макулмун.

Текмурат Кара хандын акыркы шартын аткарып кызы Күнжамалга үйлөнүп жатып калды. Бирок Кара хан күйөө баласынын сыйкыры бар экенине билип мастан кемпирди барып байкап келүүгө жиберди. Мастан кемпир хандын кызыныкында бир жума болуп кайра тартты.

– Ханым, – деди кемпир келгенден кийин, кыз, күйөөң ынтымакта турушат экен. Бирин бири көрбөсө сагынышып калышат экен. Текмурат насбай атбаса да эски чакчаны чөнтөгүнөн түшүрбөйт экен. Жашыруун жаткан сыр мына ошондо болуш керек, – деди.

Кара хан көп ойлонуп отурган жок, кемпирди чакчанын сырын билип келүүгө жез кемпирди кайра жиберди. Мастан кемпир келсе Күнжамал ооруп жатыптыр.

Дарыланып жакшы боло албай коюптур. Ошондо мастан хандын кызынын аржак-бержагына чыгып:

– Кызым, сенин өмүрүң кыскарып, өлүмүң жакындап калыптыр, – деди коркутуп, айыгышыңа бир гана айла бар.

– Ал эмне айла?

– Сен чакчанын сырын сурап билсең ошол күнү айыгасың, билбесең жарык дүйнө менен коштошо бер.

Күнжамал күйөөсү кечинде келгенде кемпирдин айтканын айтты эле Текмурат айласыздан чакчанын сырын айтты. Мастан кемпир жашынып туруп жашыруун сырды угуп алып токтолбой кайра тартты. Билгенин ханга айтканда Кара хан калп эле ооруп кызын чакыртты Күнжамал келгенде өлүп бараткан киши болуп тилин сунуп, көзүн алактатып:

– Кызым, мага эч бир дары жакпай койду. Төрүмөн көрүм жакын калды. Айыгарга бир гана айла бар, аны сен гана аткара аласың, – деп жалдырады.

– Ал эмне айла экен? – деди кызы чебеленип, айтыңыз.

– Текмураттын чакчасын бир чай кайнам кармап турсам айыгарымды табыптар айтты. Сен ошол чакчаны алып кел, бир чай кайнамдан кийин кайра алпарып бересиң.

– Аны күйөө балаңыз мен эмес атасына да кайрматпайт.

– Деги аны кайда сактайт?

– Ар убак бешмантынын ич чөнтөгүнө салып жүрөт, жатканда жаздыктын астына коюп, мончого кирсе бешмантын ала кирип мончонун бир бурчуна илип коёт. Мен аны алып бере албайм.

Кара хан макул болбогон кызына ачуусу келип чакчаны алып келишти мастан кемпирге дайындады. Ал Текмурат менен Күнжамалга дары ичирип уктатып коюп чакчаны уурдап келип хандын колуна карматты. Кара хан ошол эле замат Текмурат менен итин ээн талаа, эрме чөлгө калтырып, өзү күйөө ба-

ласынын ордосун ээлеп, Жапак хандын бүт тукумун кул кылып ар кимге таратып берип, өзү эки элге хан болуп жатып калды.

Текмурат сыйкырлаган уйкудан ойгонуп көзүн ачса талаада жатат. Маңдайында Кумайык шоңшоюп отурат. Бул жерге кантип, кайдан келгенин билбейт. Ары карап, бери карай айылына кетчү жолду таба албай туш келди жүрө берди. Куму эшилген чөлдү басып өттү. Акыры бут шилтөөгө алы келбей кулады. Көк чөптүн үстүндө оонап жатып чөнтөгүнө колун салса жыландын териси, бүркүттүн жүнү, чычкандын муруту жүрүптүр. Алардын айтканы эсине түшүп колундагысын отко күйгүздү эле ошол замат бүркүт асмандан түшүп, жылан шыбактын арасынан сойлоп чыгып, чычкан топуракты тешип келип:

– Биз кызматыңызга даярбыз, – дешти. Текмурат Кара хандын кызына алдатып, сыйкырлуу чакчадан ажырап калганын айтты.

– Күнжамал сени алдаган жок, – деди бүркүт билгенин айтып, ал сени сүйөт. Аны да, сен да алдаган анын атасы Кара хан. Ал кызын алдап чакчанын сырын үйрөнүп, мастан кемпирди жиберип уурдатып алды, сени ушул абалга калтырды.

– Ал чакчаны кайра алууга болобу?

– Аны алыш кыйын, – деди жылан, Кара хан чакчаны сакташ үчүн кытайдан уста алдырып мунара салдырып, ошонун чокусундагы бөлмөгө каттырып койгон. Ага жеткенче жети катар эшиги бар. Ал эшиктер кулпуланып ачкычы Кара хандын чөнтөгүндө. Мунараны курчаган аскер күндүр-түндүр уктабай кайтарышат.

– Демек алууга айла жок экен да? – деди Текмурат кейип, суулу жерди издеп таап эптеп жан багалы.

– Аракет кылалы, – деди бүркүт бел байлап, балким алып каларбыз.

Бүркүт кыйынчылык ишке бел байлап, тобокел кылып, Текмурат менен Кумайыкты калтырып,

жыланды мойнуна ороп, арс чычканды далысына отургузуп он күн, он түн тынбай учуп Кара хандын айылына келишти. Тоонун башына отуруп, эс алып кеңеш курушту. Бүркүт чалгынга барып келип:

– Мунаранын башында терезе жок экен, – деди көргөнүн айтып, жел кирип турганга айланта алты тешик коюптур. Ал тешиктен чакча чыкпайт. Ал эми Кара хан күндө эртең менен келип чакчанын бары жогун текшерип кетет экен.

Анда сен бизди бүгүн мунарага жеткирип кой, – деди чычкан, мен түнү менен бир тешикти кемирип чоңойтуп ичине кирейин да чакчаны тиштеп чыгайын, а сен мени көтөрүп алып уч. Ал эми жылан болсо эшиктин үстүнө чыгып жол тозуп турсун, кокус биз чыкканча Кара хан келип калса чагып өлтүрсүн.

Бүркүт кечте жылан менен чычканды мунаранын башына алып келди. Алар ичине тешиктен сыгылып кирип кетишти. Өзү мунаранын үстүнө жер менен жер болуп жашынып жатты. Жылан оролуп, оролуп атылып тийүүгө даяр болуп турду. Чычкан бышкан кирпичти болоттой тиши менен кемирип кирди. Бир да эс алган жок, улам тишин таш менен кайрап коюп кемирип жатты. Барган сайын чычкандын тиши мокоп, түгөнүп, таңга жакын дүмүрү эле калды.

– Таң атып калды, бүттүңбү, – деп сурады бүркүт.

Бүтө элекмин, бир аз чыда, - деди чычкан чыйпылдап.

Бир оокумда уктаган эл ойгонуп бирин-серин кишилер сыртка чыга баштаганда бүркүт эңкейип:

– Чычкан, чычкан дабышың чыкпай калды бүттүңбү? – деди.

Ошол учурда чычкандын тиши түгөнүп, кирпичти ээги менен кемирип, оозу канга толуп алка-шалка тердеп жаткан.

– Бүтүп калдым, – деди чычкан чыйпылдап, бирок чакча чыгаар чыкпасын билбейм. Бир аз каза түшөйүн.

Ошол учурда Карахан туруп үйүнөн чыгып мунарага бет алды. Мындан ары күтүүгө болбой калганын сезип бүркүт эңкейип тешикти караса чычкан айткандай эле тар экен. Ага карабай чычкан чакчаны тиштеп сыртка чыгара албай атканда Кара хан эшикти шарт ачып кирип келди. Даяр турган жылан атылып бир тийди. Бирок мээлеген жүрөккө тийбей сол ийнин көзөп дубалга башы кирип кайра чыга албай калды. Бүркүт шашканынан чакчаны күч менен сууруп алып жөнөдү.

– Аткыла! – деди Кара хан аскерлерге кыйкырып буйрук берип, бүркүттү атып түшүргүлө! Эгерде бүркүттү тирүү кетирсеңер баарыңарды кырам!

Кароолчулар жабыла атышты. Жаанын эки жебеси бүркүттүн эки санына сайылып, бир нече жебе канат, куйругун тытып өттү. Бүркүт чеңгелиндеги чакчаны аз жерден түшүрүп жиберген жок. Эптеп жаа аткандардан узап кетти. Канаты тытылып, куйругу жулунуп бүркүт арандан зорго учуп баратты. Жаралуу санынан кан агып, барган сайын алы кетип, алсырап, Текмураттын жанына жетип жетпей кулап түштү. Текмурат бүркүттүн санына сайылган жебени сууруп алганда ал бутун бир серпип жан берди. Текмурат чакчаны алып: «Кутуу чакча сөзүмдү ук, кутмандуу кары сыртка чык!» деп чакчанын капталын алаканы менен сылады эле ичинен буу көтөрүлүп бою бир карыш, сакалы үч карыш баягы чал пайда болуп:

– Эмне буюрасыз, мырзам? – деди.

– Менин досум чычкан менен жыланды таап кел, – деди. Чал эрдин бүлкүлдөтүп дуба айтып, алаканын үйлөдү эле жылан менен чычкандын териси тап этип Текмураттын астына түштү. Көрсө Кара хан бүркүт учуп кеткенде экөөнү кармап алып кыйнап, таш менен жанчып өлтүрүптүр.

– Эми урматтуу карыя, мени менен бирге бүркүттү, жыланды, чычканды касиеттүү булакка жеткир,

– деди. Ошол замат төртөө булактын жанында болушту. Текмурат үчөөнү тең булактын оргуштаган көзүнө киринтип тирилтти эле мурункудан да балбан болуп үчөө тең тура келишти. Караса Кумайык жок, шашып жүрүп досун унутуп калышыптыр. Кайра учуп келишсе Кумайык асманды тиктеп улуп отуруптур. Бешөө кучакташып көрүшүп көңүлдөрү жайлангандан кийин Текмурат:

– Куттуу чакча сөзүмдү ук, кутмандуу кары сыртка чык! – деди эле чал пайда болуп:

– Эмне буюрасыз, мырзам? – деди.

– Кара хан менен мастан кемпир өрттөнүп күлү калсын, биз өзүбүздүн ордобузда бололук, – деди.

Чал дуба сөз айтып алаканын үйлөгөндө Кара хан менен мастан кемпирге чагылган тийип өрттөнүп, түтүнү асмандагы булутка аралашып жок болду. Текмурат ордосуна келсе аялы Күнжамал күйөөсү дайынсыз жоголгондон бери кара жамынып, нечен жыл бою көчөгө чыкпай отуруптур. Эрин көрүп кучак жайып тозуп алды. Текмуратты эл хан шайлап, зынданда жатканда жардам берген Жамашты өзүнө вазир кылып, эки элге калыс сурак жүргүзүп жыргап жашап калды. Арбир жума сайын бүркүтүн колуна кондуруп, Кумайыгын ээрчитип ууга чыгып, токойдогу жылан менен чычкан досуна ушул күнгө чейин жолугуп турат экен.

## СЫЙКЫРДАН КУТУЛГАН СЫРГА КЫЗ

Илгери - илгери бир мергенчи болуптур. Ал мээлегенин жаза атпаган чоң мерген экен. Менргенчи ууга чыгып, асканы аралап жүрүп жаңы туулган тоо эчкинин баласын таап алыптыр. Улак асканын арасында калса энеси жок ачкадан өлүп каларын же жырткычтар жеп кетерин ойлоп, таштап кетүүгө дити барбай жапайы эчкинин улагын баштыгына салып көтөрүп алыптыр. Келатып жолдун боюнда-

гы тааныш койчунукуна кайрылып, сыртта ойноп жүргөн тестиер уулун чакырып алып:

– Атаң, апаң кайда? – деп сурады мерген.

– Атам байдын коюн кайтарып талаада жүрөт, апам байдын үй-оокатын жазап байдыкында, – деди Адыл.

– Мен сага жапайы эчкинин улагын берсем өлтүрбөй багып алаласыңбы? – деди мерген.

– Багып алам, – деди Адыл тартынбай, мен байдын улактарын көп бактым, кантип багышты билем.

– Анда бул сур улакты багып ал, – деди мерген улакты баштыгынан чыгарып колуна карматып, чоңойгондо койго кошуп койсоң эркеч болуп жол баштап берет.

Адыл улактуу болуп кубанып калды. Атасы, апасы кечте үйгө келгенде баланын сөзүнөн бул улакты тааныш мерген бергенине түшүнүп:

– Балам, бул касиеттүү кайберендин улагы экен. Эчкиге сүздүрбөй, итке талатпай жакшы бак. Чоңойсо бир керегиңе жарайт, жок дегенде бир ирикке алмаштырып аласың, – деди атасы.

Адыл улакты багып жүрдү. Отуга элек улакка упчу соргузуп сүт берип бакты. Ал Адылга өз энесиндей үйүр алып, Адыл кайда барса улак ошол жакка барчу болду. Койго барса да, уйга барса да, отунга барса да ээрчип алат. Кичине көрбөй калса маарап, бакырып Адылды тапмайынча жаны тынбайт. Кечте кой менен аралашпай, айдаса короого кирбей Адылдын жанында жатат. Адыл да эчкинин алдына жылуулап талпак салып, мойнунан кучактап, чекирейген көзүнөн өөп эркелет.

Бир күнү Адыл улакты ээрчитип баратса байдын баласы астынан чыгып:

– Эй, Адыл биздин эчкинин улагын сен эмне ээрчитип жүрөсүң? – деди.

– Улак силердин эчкиники эмес, бул деген кайберен эчкинин улагы. Муну мергенчи байкем берген мага, – деди.

– Жок, сен калп айтасың, бул улак меники. Мен муну азыр үйгө алып кетем, – деп улакты кармайын деди эле сур улак качып карматмак түгүл жанына жакын жолотпой койду. Айласы кетип атасына арыстанып барды эле: «сур улак биздики эмес, аска- оодо жүргөн жапайы эчкинин улагы. Ал азыр кичине, кийин чоңойгондо баары бир качып кетет. Ошондуктан аны талашып кереги жок. Өзүбүздүн эчки тууганда тандап багып ал,» – деп тыйып койду атасы.

Күн өтө берди. Улак чоңоюп эчки болду. Кыздарга сөйкө таккандай Адыл анын мойнуна кичинекей коңгуроо байлап койду. Коңгуроо такканга сур эчки мурункудан да көрктүү болуп калды. Баарыдан да сур эчкинин кайда жүргөнү белгилүү болуп Адылды кубандырды. Төрөлгөндөн кой менен аралашып өссө да байдын эчкилери сур эчкини сүзүп, жектеп араларына кошпой коюшту. Айыл араласа иттер да безелентип кубалачу болду.

Шаштысы кеткенде сур эчки иттен качып боз үйдүн үстүнө чыгып кетет. Аны көргөн үйдүн ээси ачуулanып, тезек менен уруп, колуна союл алып кубалап түшүп: «Ай, Адыл, эчкиңди байлап ал, экинчи үйдүн үстүнө чыкса мууздап таштайм» деп коркутушат.

Сур эчки элдин сөзүнө түшүнөбү ким билсин, бир нерседен корксо же ит кубаласа Адылга качып келет. Адыл эчкисин ээрчитип урушкан кишилерден оолактап качышат Ал ачка болгондо жайытка чыгып оттогону болбосо Адылдын жанынан чыкпайт. Кечте мурункудай эле Адылдын жанына жатып уктайт. Кийин сур эчки чөптү тандап жеп, алыстан барып отточу болду. Айрым учурда талаада түнөп калып эртеси келет. Бир күнү мергенчи уудан келатып койчунун үйүнө атайын кайрылып, аялына жолугуп:

– Аяш, Адылдын сур эчкиси тоодогу жапайы эчки, текелер менен аралашып жүрөт. Аз жерден атып алган жокмун. Мойнундагы коңгуроосунан таанып атпай калдым. Муну союп албасаңар сур

эчкиден айрыласыңар, – деди мерген.

– Макул, Адылдын атасы келгенде айтайын, – деди койчунун аялы.

Адылдын атасы кечте койду короого айдап келип, жаман алачыкта от жагып, сүт кайнатып ичип отурганда койчунун аялы:

– Бүгүн мергенчи келип «сур эчкиңер зоокада жапайы эчки-теке менен аралашып жүрөт. Союп албасаңар андан айрыласың деп айтты.

Бул сөздү укканда сур эчкинин кулагы тикчийип, Адылдын көзү чекчейе түштү.

– Мергенчи туура айтат, айрылып кала электе сур эчкини союп алганыбыз оң болот, – деди атасы.

Атасынын сөзүн укканда азыр эле эчкини союп жиберчүдөй Адыл сур эчкинин мойнунан кучактап ыйлап жиберди.

– Сур эчкини сойгузбайм. Соём десеңер мен сур эчкини жетелеп тоого качып кетем, – деди Адыл бакырып ыйлап .

– Сойбойбуз. Сур эчки колдо чоңоюп биздин балабыздай, сенин карындашыңдай болуп калды. Муну союга кол да барбайт качса качар. Качпаса жүрөр. Качса эчкиң талаада калбайт, кайра өз ата-энесине кошулат, – деди атасы уулун жоошутуп.

Адыл ушул сөздөн кийин сур эчкини катуу кайтарып калды. Жатса да бирге жатып, турса да бирге турат. Ошол жылы кыш катуу болуп мал кырыла баштады. Жазга жакын байдын малы бүт кырылды. Адыл карды күрөп астынан чөп оруп алып эчкисине берип аман алып калды. Байдын союп жээрге малы калбаганда койчусун чакырып алып:

– Сен жай мезгилинде малга чөп чогултпай, кышта жакшылап карабай, малдын баарын ачкадан кырып салдың. Үйүңдөгү сур эчкини мага бергин, мен аны союп жейм, – деди.

Жай мезгилинде мен таң аткандан кечке кой артынан жүрсөм чөптү качан чогултмак элем. Сиз

антип малдын өлүмүн мага жалаа жаппаңыз. Малдын өлүмүнө мен күнөөлү эмесмин. Бул каатчылык жалпыга келген алаамат. Ал эми сур эчки меники эмес, баламдыкы. Бералбайм, бер деп да ага айта албайм, – деди койчу.

Бай койчусуна каарланып сабап, бети-башын жарып таштады. Эки жигитти күлүк атка мингизип сур эчкини тайган менен кубалап кармай алышпай коюшту. Эчки тоого чыгып кетти. Үч күн тоодо жүрүп кечте келди.

Ошол түнү байдын аңдып жүргөн жигиттери эчкини боз үйдөн чыгарбай жаткан жеринен кармап алышты. Адыл бакырып ыйлап эчкинин артынан жүгүрдү эле атасы аны колунан кармап токтотуп:

– Барба, балам. Барсаң байдын жигиттери эчки менен кошо сени да союп таштайт. Алар жеткен ташбоор, мыкаачы адамдар, – деп уулун жибербей койду.

Адыл тонун жамынып ыйлап бурчка жатып калды. Атасы менен апасы иш менен алагды болгондо Адыл бычакты койнуна катып акырын сыртка чыгып эчкисин издеп жөнөдү. Караңгыда жашынып байдын үйүнө барса эчкини мамыга бакыртып байлап коюп өздөрү үйдө бычак курчутуп отурушуптур.

Адыл жандуугa шек алдырбай боору менен жылып барып эчкинин мойнундагы кайыш чылбырды бычак менен шарт кезгенде коңгуроонун жиби кошо кесилип ал «шаңгыр» этип жерге кулап түштү

– Ай, жигиттер чыккыла сыртка! Сур эчки бошонуп кетти көрүнөт, – деген байдын үнү угулду.

Жигиттер дабырап чуркап келатканда Сур эчкиге тил кирип:

– Кач Адыл кач! Кийин аскадан кездешебиз, сен ошол жерге бар, – деп көздөн кайым болду. Адыл да качып жөнөдү, бирок жигиттер аны кууп кармап калышты. Адылды аябай уруп, кабыргасын сындырып, эсин оодарып «өлдү деп күрөндүгө таштап коюшту.

Адылдын ата-энеси уулун үйгө апкелип оозуна суу тамызып карап турушту. Бир нече күн тилсиз жатты. Бир күнү түн ортосунда сур эчки келип:

– Ушул чөптү кайнак сууга чылап ичирсеңер Адыл айыгат, – деп бир тутам чөп таштап кетти. Адылдын апасы сур эчки айткандай чөптү кайнак сууга чылап маңызы чыкканда чыпкалап ичирди эле бир жуманын ичинде «Сен көр, мен көр!» айыгып кетти.

Бай койчусун, жардамдашкан эки үйлүү малайын талаага таштап, өзү көчүп кетти. Кембагалдардын барар жери, ичер ашы жок ачка калышты. Бир күнү бирге ойноп, бирге жүргөн кошунанын уулу Аскар Адылга келип:

– Ай, Адыл жүр кекилик, чил кармайлы, – деп калды.

– Кантип кармайбыз? – деди Адыл.

– Ал оңой, – деди Аскар, өлгөн аттын куйрук, жалын чогултуп тузак жазайбыз.

Экөө Аскар айткандай кылышты. Ачкадан өлгөн жылкынын кыл куйругунан тузак жазап өлчөмдүү жерге тартып коюшту эле чил, кекилик түшчү болду. Аны менен өлбөстүн күнүн көрүп жатканда Адыл кар жиреп сур эчкини издеп аскага барды. Эмне кыларын билбей асман тиреген асканы айланта тиктеп түбүндө биртопко турду. Айласы кетип «А - уу-у, сур эчки, кайдасың? Мен келдим. А - уу - у!» деп кыйкырды. Бир аздан кийин сур эчки асканын адам жүрө алгыз жолу менен аттап-буттап секирип түшүп келди. Ал адатынча Адылдын денесине мойнун сүртүп эркелеп:

– Адылжан, мени унутпай издеп келгениңе чоң рахмат. Кардың ачкандыр, жүр биздин үйгө, барып бир күн конок болуп кет, – деди сур эчки .

– Мен конок болууга макулмун, бирок тоонун этегинде үчүй-бүлө ачка отурушат. Сен ошол шордууларга эмне жардам бересиң? Мен ошону билейин деп келдим, – деди Адыл.

– Жардам болот. Ага кам санаба. Бүгүн конок болуп бер мага, – деди сур эчки.

Адыл макул болуп эчкини ээрчип жөнөдү.

Ал асканы аралап бир үңкүргө кирди. Үңкүрдүн ичи жарык, таптаза экен. Кыз, жигиттер ырдап, бийлеп жатышыптыр.

Кыздар сур эчкини ээрчип келаткан Адылды көрө коюп:

– Жездем келатат, жездем келатат, – деп чуулдап калышты.

Адыл жанжагын карап, өзүнөн башка киши жоктугуна көзү жетип, айтылган «жезде» деген сөзгө анчалык маани берген жок. Алдыда келаткан сур эчки токтоп:

– Адылжан, бир аз сабыр кыл, мен кийинип ала алайын, – деди.

Адыл ал сөзгө да маани берген жок, сур эчки таштын арасынан чыгып турган чөптү тиштеп кыртылдатып чайнап жеди эле ошол замат сур эчки кызга айланды. Келбети келишкен айдай кызды көрүп Адыл көргөн көзүнө ишенбей, оозун ачып тирмийип тиктеп калганда:

– Адылжан, сур эчкинин адам кейпине келгенине таң калып, түшүм деп ойлоп турасың го, бул көргөнүң түш эмес. Чындык. Мен сени ишендирейин деп атайын сенин көзүңчө адам болдум. Мен касиеттүү кайберендин кызымын. Сен мени кичинемден упчу эмизип, түрлүү кырсыктан коргоп чоңойттуң. Акыры мыкаачы бай мени мууздарда өз жаныңды аябай мени жырткычтардын чеңгелинен бошоттуң. Өзүң өлөрчө таяк жеп араң аман калдың, – деди кыз.

Адыл тез арада болуп кеткен окуяга түшүнбөй, акылы жетпей башы айланып отуруп калды. Жанындагы сур эчкиден адамга айланган сулуу кыздын атын билбей, эмнеден сөз баштарына акылы жетпей турганда:

– Адылжан, атын айтпады деп айып көрбө. Атым Зулайка. Мен сени улак кезимде эле сүйүп калгам.

Сенин боорукерлигиңе ишенгем. Ага кийин толук көзүм жетти. Ушу сага түбөлүк жар болсом деп кудайдан тилегем.

Ата-энеме сөз айттыргам. Көрсө мен сенин колуна барганда ата-энем аска зоодо жүрүп: «Кызымдын тагдыры адам менен аралашып кетти. Кызым жакшы адамдын колуна түштү, адам болгондо аты «Зулайка» болсун, кийин аны багып өстүргөн жигитинин акыреттик жары болсун» деп бата кылышыптыр. Аны кийин кайберендер менен аралашканда уктум. Ошол себептен кыздар сени «жезде» деп жатканы да ошол, – деди Зулайка.

Зулайканын айтканын укканда Адыл кубанып: «менин сүйүктүү сур эчким» – деп кызды кучактады. Адыл бактыга батып Зулайка менен сүйлөшүп отурганда кыздар эчкинин туягына куюп жуурат сунду. Адыл аны колуна алып «ууртап кайра берейин» деп ойлоп кайра-кайра ууртап бөксөртө албай койду. Иче берип карды кампайып чыкты. Кыз-жигиттер бийлеп, ырдап оюн курушту. Таңга жакын уктап кетиптир, көзүн ачса кечээки кыз-жигиттин бири жок. Жанында Зулайка эчкинин терисин жамынып уктап жатат

– Зулайка, ай Зулайка, тур! Элдин баары кетип биз эле калыппыз, – деди Адыл.

Зулайка туруп, жуунуп, туяктагы жууратган ичип тамактанышты. Курсактары тойгондон кийин:

– Адылжан, бизди тагдыр түбөлүк кошту. Эми биз акылдашып оокат кылышыбыз керек. Макул десең ата-энеңди эки кошунасы менен мында көчүрүп кел. Тоо арасы ээн-эркин, жашоого ыңгайлуу, – деди Зулайка.

– Тамакты кантебиз? – деди Адыл.

– Анын да айласы табылар, – деди Зулайка.

Адыл айылына барып үч үй-бүлөнү көчүрүп келди. Келсе жылганын ортосундагы жайыкта алты канаттуу төрт боз үй тигилип турат. Ичине кирсе

жууркан, төшөк тактада жыйылып, ар бир адамга арналган ылайыктуу кийим керегенин башында илинип туруптур. Үч үй-бүлө үч үйгө кирип, кийимин оторуп кийип жыргап калышты. Төртүнчү үйгө Адыл менен Зулайка жайгашты. Аңгыча котологон көп эчки маарап боз үйдүн жанына келип токтоп калышты. Аны көргөн эл «Эми ушул жапай эчкиден кармап алып союп жейбиз» деп кобурашып турганда Зулайка суйкайып боз үйдөн чыгып:

– Урматтуу аталар, апалар, эжелер, сиңдилер келген эчкини колуңардын келишинче, күчүңөрдүн жетишинче саап сүтүн ичкиле. Силерден суранарым эчкини сааганда этин оорутпагыла. Тилдебегиле каргабагыла. Кайберен эчкилер өз эрки менен сүт берип жаткан соң силер да аларды сыйлагыла, – деди.

Кедейлер көнөчөгүн көтөрүп сүт сааганга киришишти. Эчкилер дөөмөт күтүп катар туруп сүтүн беришти. Саап бүткөндөн кийин эчкилер жайытка кетип, түштө бир маал келип турушту. Эл кайберендин сүтүн саап алып каймак, чөбөгө, быштак жеп, жуурат ичип жыргап калышты. Курсак толуп, көңүл жай болгондо:

– Жаз келгенде көчүп жакага түшүп эгин-тетинайдаш керек, антпесек ачкачылык кайра бизди издеп табат, – деди ак сакал кошуна карыя.

– Шашпаңыздар, - деди Зулайка кеңеш берип, жакага түшкөндө сиздерде жер жок. Сатып жер алалык десеңиздер мал жок, өлбөстүн оокатын кылыш үчүн кайра эле байга жалданасыздар. Кайра эле өткөн таз кейпиңиздерди киесиздер. Андыктан биз көчпөй ушул жерде калышыбыз керек. Мына, маңдайыңыздарда көз жетпей жаткан жайык жер сиздердики, эмне каалаcаңыздар ошону эгесиздер. Мына тоо, канча мал кармап багып аламын десеңиздер багып аласыздар. Тынчтык болсо, ынтымак болсо мал да, нан да табылат.

Эл Зулайканын сөзүн туура көрүп тоо арасында калмак болгондо:

– Урматтуу туугандар, биз бул жерде жашаш үчүн бир шартты аткарышыбыз керек. Ошол шартты аткарышка макул болсоңуздар гана биз бул жерде жашай алабыз, ансыз жашоого мүмкүн эмес, – деди.

– Ал эмне шарт, балам? – деди аксакал кошуна.

– Ал шарт өтө жөнөкөй. Ким ушул жерде жашаса мылтык алып кийикке чыкпайт, тузак тартып канаттууларды кырбайт. Сиздер жапайы жаныбарларга кайрымдуу, боорукер болсоңуздар сиздерге кудай берекесин аябайт, – деди Зулайка.

Ачтан кырылып аларда кайберендер келип сүтүн берип өлүмдөн алып калгандан кийин эл ансызда кайберендерге тийбейбиз деп макулдашкан. Зулайканын сөзүнөн кийин ал ой ого бетер бекип калды.

Эл күткөн жаз да келди. Дүркүрөп чөп да чыкты. Баардык жаныбарлар өзүнүн жары менен ойноп, сайрап турган учурда Зулайка арага түшүп Адылдын досу Аскарга кайберендин кызын алып берди. Зулайка аскадан таап келген алтын, күмүшкө базардан көптөгөн уй, кой сатып келишип кенен-кесир жашап калышты. Кайберендерди атпагандыктан, ага тийбегендиктен эчки, теке, эликтер мал менен чогуу жайылып, айрым учурда короого келип түнөп калган учурлар болду. Эл ээн-эркин жашап, жардычылыкты билбей турган учурда Зулайка эркек төрөп, атын Акмат коюшту. Аскардын келинчеги кыз төрөп, атын Сырга коюшту. Акмат менен Сырга бирге ойноп, бирге туруп катар чоңоюшту. Алар көпчүлүк учурда ойноп атып бирде Адылдыкына түнөп калса, бирде Аскардыкына түнөп жүрүштү. Ата-энелери уктап калган балдарды бир төшөккө жаткызып жылуулап жаап коюшар эле. Акмат менен Сырга бирин бири артыкча жакшы көрүп калган соң Адыл менен Зулайка Сыргага куда түшүп кыздын калыңын алдын ала берип коюшту.

Сырга чоңойгон сайын көркүнө чыгып ашкан сулуу кыз болду. Ал караңгыда сыртка чыкканда

чолпон жылдызга окшоп аппак жүзүнөн нур төгүлүп алыстан көрүнүп турганы элди таң калтырды. Күн санап ага сугун арткандар көп болду. Анын сулуулугу Кашкелең деген ханга жетип уулуна колукту кылып алып берүүнү ойлоп «бала менен кыздын арасын бузуп, Сырганы уурдап келип колума тийгиз» деп мастан кемпирди жиберди. Мастан кемпир ошол күнү «ичкен киши бири бирин жек көрүп калсын» деп кымызды дубалап Адылдын айылына келсе Акмат менен Сырга арчанын көлөксүндө ойноп отурушуптур. Ал «боорукер эне» болуп:

– Ии, балам сен кимдин уулу болосуң? – деди мастан кемпир.

– Мен Адылдын уулу болом, – деди Акмат.

– Сен кимдин кызы болосуң? – деди кемпир Сырганын маңдайынан сылап.

– Мен Аскардын кызы болом, – деди.

– Мен силердин атаңарды, апаңарды тааныйм. Учурашып, кездешип турабыз. Келатсам Зулайка апаңар «Балдарым күндүн ысыгында суусаган чыгар. Баратып бал кошкон кымызды бере кет. Ичип алышсын. Ойноп бүткөндөн кийин чөйчөктү ала келсин» деп эки чөйчөк кымыз берди. Мына апаң берген кымыз ичип жибергиле, – деп колдоруна чөйчөктү карматып жойпуланды .

Суусап турган Сырга эч нерсени таназар албай сыйкырланган кымызды ичип жиберди. Акмат ичээрде чөйчөк колунан түшүп кымызды төгүп алды. Мына ушундан баштап Сырганын нерви бузулуп Акматтын сүйлөгөнү, ойногону ага жакпай туталанып:

– Мен үйгө кетем, сени менен ойнобойм, – деди Сырга.

– Токто, бир аз ойнойлу, – деди Акмат.

– Айттым го сени менен ойнобойм деп, ойнобойм! Сен жаман баласың, ойногонду билбейсиң, – деп айтпаган жаман сөздү айтып, Сырга үйүнө жөнөдү. Акмат кызды ээрчип үйгө келгенде:

– Апа Акматты кет дечи, мен аны менен ойногум келбейт, мен аны көргүм келбейт. Кетир! – деди Сырга.

– Кызым, каралдым, сага эмне болду? – деди Сырганын апасы, жана эле экөөңөр эзилиши ойноп жатпадыңар беле? Эмне, Акмат сени таарынттыбы? Уруштуңарбы? Эмне болду?

Айтчы алтыным? – деп жалынды апасы.

– Урушкан жокбуз. Бир кемпир келип «Апаң берип жиберди» деп бир чөйчөктөн кымыз берген. Ошону ичкенден кийин ушинтип мени менен урушуп, мени жек көрүп калды, – деди Акмат.

– Ал кымыздан сен ичтиң беле? – деп сурады Сырганын апасы Акматтан.

– Ичкен жокмун, – деди Акмат, ичейин деп атканда чөйчөк колуман жылмышып түшүп, кымызды төгүп алдым.

– Кетир Акматты, кетир, – деди Сырга бакырып ыйлап, болбосо мен өзүм кетем.

– Кайда кетесиң, чырагым? – деди Сырганын апасы.

– Алыс жакка кетем. Акмат барбаган, Акмат көрбөгөн жерге кетем, – деди Сырга.

Акмат айласыз чыгып кетти. Үйүнө барып болгон окуяны апасына айтты эле, ал келип Сырганы көрүп:

– Мен кемпирди көргөн жокмун, силер ичейин деп кымыз да берген эмесмин. Бул сыйкырчынын колунан келген иш экен, эми кемпирдин сыйкырын алып ташташ керек, – деди Зулайка. Бирок көп аракет кылып мастан кемпирдин сыйкырын жандыра албай койду.

Сырга күндөн күнгө туталанып Акмат менен ойномок түгүл сүйлөшпөй качып калды.

Акмат келгенде тескери карай отуруп алат же жашынып калат. Акмат ага болбой күндө келе берет. Келген сайын жөн келбей гүл же оюнчук кармай келет. Сырга ал белекти албайт, жанына койсо сыртка

ыргытат. Сырга Акматты жек көрүп, анын жүзүн карабай калды. Ушул учурда айылды аралаган куюн пайда болду. Ал айылдын четинен же ортосунан чыгып, улам чоңоюп, улам күчтөнүп жалбырак, топуракты учуруп, айыл аралап, боз үйдү тегеренип анан жылга бойлоп жок болот. Бир күнү Сырга сыртта турганда ошол куюн жардын түбүнөн жаралып, көбөйүп шуулдап келип Сырганы жалбырак, топурак чаңга аралаштырып учуруп жөнөдү. Обочо турган Акмат чуркап барып кыздын бутунан кармайын деди эле жетпей калды. Куюн кызды чимириктей айлантып улам бийиктеп кетип баратты. Акмат артынан биртоп жерге чейин кубалап барып жетпей калды. Куюн шуулдаган бойдон күн батыш тараптагы кырды ашып көздөн кайым болду. Акмат ыйлап үйүнө келгенде апасы уулунунан иштин чоо жайын угуп:

– Сырганы сыйкырчы алып кеткен экен, эми аны издеп табыш кыйын, – деди Зулайка.

– Кайда кеткенин мен көрдүм, мен аны издеп табам, – деди Акмат.

Ата-энесинин “Жашсың, сага баруугa болбойт” деп айтканына конбой Акмат издеп чыкмак болду. Айласы кеткен Зулайка уулун отургузуп алып:

– Сен сүйгөн кызыңды, түбөлүк жарыңды издейм дегениң жакшы, биз аны колдойбуз, бирок жол татаал, эчким билбеген тарапка баратасың, андыктан этият болуш керек. Сен жети тоону басып өтүп башынан кары кетпеген, адам басып жетпеген Улуу тоого кез келесиң. Ошол жерге барганда ушул ак жоолукту булгалап: «Таята, мен Акматмын» деп үч жолу кыйкырсаң аркайган мүйүзү ийилип чычаңына жеткен менин атам Алабаш теке келет.

Ийилип менден салам айт. Ким экениңди түшүндүр. Жардам берсе ошол жардам берет, – деп Зулайка башындагы жоолугун алып баласына берди.

Акмат апасы берген ак жоолукту койнуна салып Сырганы алып качкан куюндун изи менен кырды

ашып күн батышка жөнөдү. Жолдон чычканга жолугуп:

– Чычкан, чычкан сен кызды учуруп бараткан куюнду көрдүңбү? – деп сурады.

– Мен көпчүлүк учурда жердин астында болом, ошол себептен көргөн жокмун, бирок мен жердин астында ийин казып атканда үстүмөн куюн күркүрөп учуп өткөнүн уккам, – деди.

Акмат андан ары жөнөдү. Көп жүргөндөн кийин кашкулакка жолугуп:

– Кашкулак, кашкулак сен кызды учуруп бараткан куюнду көрдүңбү? – деп сурады.

– Мен ийиндин ичинде уктап алсам күркүрөгөн үн угулду. Чочуп ойгонуп сыртка чыксам топурак, чаң, жалбыракты учуруп куюн өтүп баратыптыр. Ошонун арасынан «Ата, мени кармап кал» деген кыздын чаңырган үнү угулду, бирок аны чаңдан көрө албай койдум. Ал ушул кырды ашып кетти, – деп батыш тарапты көрсөттү.

Акмат андан ары жөнөдү. Көпкө жүргөндөн кийин оттоп турган эликке жолугуп:

– Элик, элик сен кызды учуруп бараткан куюнду көрдүңбү? – деди.

– Көрдүм, – деди элик, мен оттоп турсам күркүрөгөн үн угулду. Карасам куюн мен тарапка уюлгуп келата. Коркуп жолунан чыга бердим. Ошондо жалбырак, чаңдын арасында бир кыз «Ата, апа мени сыйкырчы кемпир алып баратат, алып калгыла!» деп чаңырып, ата- несинен жардам сурап батыш тарапты көздөй кетип бaратканын уктум.

Акмат андан ары жөнөдү. Көп жүрдү. Чарчап чоң суунун жээгине токтоп караса балык сууда сүзүп жүрүптүр.

– Балык, балык сен кызды учуруп бараткан куюнду көрдүңбү? – деп сурады.

– Көрдүм, – деди балык, мен балдарым менен сууда сүзүп ойноп жүрсөм күркүрөгөн үн угулду.

Мөңгүнүн кары эрип кыян келаткан экен деп корктум. Карасам кыян эмес эле куюн экен. Жалбырак, чаңды аралаштырып учуп келатыптыр. Ичинде «Ата жардам бер!» деген кыздын үнү угулду. Куюн уюлгуп келип дайрага урунганда анын таманы тийген суу көтөрүлүп, суу менен кошо ичиндеги балыктар кошо кетти. Мен балдарымдын көбүнөн ажырап ушинтип мусапыр болуп отурам.

Акмат андан ары жөнөдү. Көп кыйынчылыктан кийин апасы айткан Улуу тоого келди. Кырга чыгып, ак жоолукту булгалактап:

– Таята мен келдим! – деп үч жолу кыйкырганда мүйүзү аркайган Албаш теке секиге чыгып тиктеп калганда:

– Таята, мен сиздин небереңиз болом. Апам Зулайка сизге салам айтты, – деди.

Алабаш теке секиден секирип түшүп келип ак жоолукту жыттап-жыттап алып, анан Акматтын бетинен жалап өөп:

– Кудайга шүгүр, кызым аман экен. Эми айтчы балам, апаң менен атаңдын турмушу кандай? Сен быякка кайдан келдиң? Эмнеге келдиң? – деп сурады.

– Апам менен атамдын турмушу жакшы. Мен бул жерге Сырга деген кызды издеп келдим. Күтпөгөн жерден куюн келип ошол кызды учуруп кетти. Сиз көргөн жоксузбу? – деди Акмат.

– Эх, ишиң оор экен, балам – деди Алабаш теке, куюн Улуу тоону аттап өтө албайт, ошол себептен ал этек менен күркүрөп кетип баратканын секиде туруп көргөм. Анын башы асманга жетип, аягы жер шыпырып күркүрөп кетип бараткан. Кучагында чөп да бар, тамыры менен суурулуп учкан бак да бар болчу, бирок сен издеген кыз жок болчу. Учкан жалбырактардын шуулдаганын уксам да кыздын үнүн уккан жокмун. Балким учуп келатып бир жерге түшүп калгандыр. Түшсө бүттү, ал соо калбайт.

Таятасы кыздын дайнын билбегенге Акмат кайгырып, кабагы бүркөлүп турганда Алабаш теке карды туягы менен тазалап күзгүдөй жалтыраган кок жылгаяк музду тиктеп турду да:

– Сен издеген кыз тирүү экен, – деди Алабаш теке кубанып, – ал кыз Кашкелең деген хандын ордосунда жашап атыптыр. Балама келинчек кылып берем деп элге кошпой бийик мунарага чыгарып камап коюптур. Ал кыз мурункудай эле эч ким менен сүйлөшпөй отурат. Сени жек көргөзгөн мастан кемпир кыздын денесинен сыйкырды чыгара албай убараланып жүрөт. Сырга Кашкелең хандын уулун карабай, кабагы ачылбай капалуу отургандыктан анын көңүлүн ачыш үчүн хан мунаранын түбүндө оюн-зоок кургузуп жатыптыр.

Акмат Сырганын дайнын билгенден кийин:

– Мен кетейин, барып Сырганы камактан бошотоюн, таята, – деди шашып.

– Шашпа, балам, – деди Алабаш теке, ал жерге барыш кыйын, баргандан кийин кызды бошотуш андан да оор. Мен сага үч чүкө берейин. Ошону чөнтөгүңө катып ал, керек учурда өкчөсөң ат болот, керек болбогондо суулуктан кармап туруп «Чүкө бол!» деп силксең кайра чүкө болот, – деп бир ак сака, бир көк сака, бир кызыл сака берди.

Акмат таятасы менен коштошуп жолго чыкты. Түзгө келгенде көк саканы өкчөдү эле ээр токуму келишкен көк аргымак пайда болду. Артылган куржунда көк жибектен тиктирген кийим бар экен. Ал кийимди кийип, өз кийимин куржунга салып, жылан боор өрүлгөн камчыны колуна алып, аргымакты алкынта минип жөнөдү. Шаарга жакындаганда көк аргымакка тил кирип:

– Акмат байке, сен ушул бойдон барсаң, сени шаарга киргенде эле таанып кармап алышат. Ал үчүн жаңы кийиминди чечип, өз кийиминди кий. Мени чүкө кылып чөнтөгүңө кат, – деди.

Акмат көк аргымак айткандай жаман кийимин кийип шаарга кирди. Барса мунаранын башында Сырга отурат. Ал баякысындай эле кабагы ачылбай кыжылдаган элди жалдырап тиктейт. Мунаранын түбүндө жаштар оюн-зоок куруп, бири ырдаса, бири бийлеп, бири комуз чертсе, бири кыл кыяк тартып жатышат. Маскарапостордун ар түрлүүсү бар. Сырга алардын бирине да көңүл бөлбөй жалдырап маанайы пас отурат.

Акмат Сырганы бошотордун амалын издеп үч күн эл менен аралашып ошол жерде жүрдү. Нечен ирет элдин астына чыгып сүйгөн кызына көрүнүүгө аракет кылып жалдырап тиктеп көпкө турду. Сырга Акматты көрдүбү, көргөн жокбу ким билсин ал Акматка такыр көңүл бурбай телмирип отура берди.

Төртүнчү күнү мастан кемпир мунаранын башына чыгып, Сырганын жанына туруп:

– Эртең Сырга ушул жерде отурат. Мен колуна бир баштык алтын карматам. Кимде ким ат менен чаап келип колундагы алтынды алса ошол киши утат. Алган баштыктагы алтындан башка хан ошол уткан кишиге жүз жылкы, жүз уй, жүз кой берет деди.

Кемпирдин жарыясынан кийин жакшы аттуулар жабалактап биринин артынан бири чаап баштыктагы алтынга жетмек түгүл караандашпай коюшту. Карап турган калың эл. “Буга канаты бар куш жетпесе ат жетпейт” деп кобурашып турганда Акмат далдоого барып көк саканы өкчөп, көк кийимди кийип, көк тулпарды минип, жылан боор өрүлгөн тобулгу саптуу камчыны колуна алып аркырата чаап жөнөдү. Көк тулпар учуп келип секиргенде мунаранын ортосуна жетип-жетпей түшүп кетти. Сырга көк тулпарчан баланын өңү тааныш болсо да түшкөн кирпигин көтөрүп карап да койгон жок.

Акмат буйдоо жерге барып, көк тулпарды чүкө кылып чөнтөгүнө катып тополоңдогон элге кайра

келди. Алар көк тулпарды мактап дуулдап атышыптыр.

Ал күнү эл тарап, сулуу кыздын колундагы алтынды алууга талапкерлер түнү менен жакшы ат издеп, тулпар тандап чыгышты. Эртеси кайра мелдеш башталып баштыктагы алтынга эч ким жеткен жок. Элдин аягында Акмат далдоого барып ак саканы өкчөдү эле, ээр токуму күмүштөлгөн ак тулпар пайда болду. Куржундагы ак жибек кийимди кийип, ак тулпарды минип, күмүштөлгөн камчыны колуна алып аркырата чаап жөнөдү. Ак тулпар куштай учуп кызга жетип-жетпей, элди таң калтырып түшүп кетти. Акмат буйдоо жерге барып, ак тулпарды чүкө кылып чөнтөгүнө катып тополоңдогон элге кайра келди. Эл дуулдап ак тулпарды, аны коркпой минип чапкан баланы мактап жатышыптыр. Жупуну кийинген Акматты эчким тааныган жок, таанымак түгүл «бул бала ат чабат» деп ойлошкон да жок.

Ал күнү кечте талапкерлер көбөйүп, түнү менен ат тандап күлүктөрүн суутуп чыгышты. Буга бир нече хандын балдары да аргымактарын алкынтып минип келишти.

Мелдеш кайра башталды. Бу сапар мелдеш катуу болду, бирок бири да кыздын колундагы алтынга жете алышкан жок. Элдин аягында Акмат далдоого барып кызыл саканы өкчөдү эле ээр токуму алтындаган кызыл аргымак пайда болду. Куржундагы кызыл жибек кийимди кийип, алтын сап камчыны кармап, кызыл тулпарды минип ортого чыкты. Эл чоочун балага таңыркап карай калышты. Акмат аргымактын оозун алыстан коё берип жакындаганда аттын соорусуна камчыны басып-басып алды эле эти ачышкан кызыл аргымак бир секирүү менен куштай учуп кызга жетти.

Акмат сунулуп турган алтынды албай Сырганы билектен алып ат жалына өңөрүп качып жөнөдү. Атчан турган хан менен бектин балдары артынан сая түшүп

кууп калышты, бирок Кызыл аргымак жеткирмек түгүл караандаткан жок. Куугундан кутулгандан кийин Акмат шар аккан суунун боюна токтоп, атты чүкө кылып чөнтөгүнө салып, кызга кайдан келатканын, кантип издегенин, кандайча убара болгонун, акыры кантип тапканын кобурап айтты эле Сырга Акматтын оозун тиктеп мелтейип унчуккан жок.

– Сен мени тааныйсыңбы? – деди чыдамы кеткен Акмат.

– Билбейм. Сени бир жерден көрсөм керек. Кайдан көргөнүмдү билбей атам, – деди Сырга.

– Мен Акмат эмесминби, бирге ойноп, бирге чоңойбодук беле, чын эле мени таанybай калдыңбы? – деди Акмат.

– Таң! Акмат болсоң болгон чыгарсың. Билбейм. Акмат деген бала эсимде жок, – деди Сырга.

Акматты Сырганын кайдыгерлиги бир чети таң калтырса, бир чети жанын ачытып боорун оорутту.

– Алтыным, Сырга. Чыны менен сен ушул абалга келдиңби? Мени чындап унуттуңбу? Мен сенин сүйгөнүң Акмат эмесминби, чыны менен мени тааныбай калдыңбы? – деп Акмат ыйлап Сырганы кучактап бетинен, көзүнөн, оозунан өпкүлөдү Сырга ошол учурда эсинен танып жерге кулап түштү. Бир оокумда «Өх - х!» деп үшкүрүп башын көтөрүп маңдайында турган Акматты тигиле карап:

– Акмат, сенсиңби ыя? Сен бул жерде кайдан келдиң? – деп Сырга ордунан турду.

– Менмин. Мен Акматмын. Сен мени тааныбай аттың эле, кантип таанып калдың? – деди Акмат.

– Билбейм, – деди Сырга, сен менин оозумдан өпкөндө шилекейиңди жутуп алгансыдым. Ошол замат ичимден ысык бир нерсе демим менен кошо чыккандай болду. Анан алым кетип, башым айланып жыгылып кеттим. Көзүмдү ачсам тунарган көзүм чайыттай ачылып, сен мени эңкейип тиктеп турганыңды даана көрдүм.

Сырга менен Акмат сыйкырчыдан кутулуп суу боюнда бийлеп, кубалашып ойноп атканда алыстан дүбүрт угулду. Караса сокусун минип, сокбилегин камчыланып, шыпыргысын найза кылып мастан кемпир келатыптыр. Акмат көк саканы өкчөп көк тулпарга экөө учкашып качып жөнөштү. Мастан кемпир такымдап кууп келатат. Ойго түшсө ойдон кууйт, чөлгө түшсө чөлдөн кууйт. Астындагы көк тулпар чарчап, тер жамгырдай төгүлүп арышы азайды. Мастан кемпир сокбилеги менен сокусун койгулап жакындап калганда көк тулпар:

– Акмат байке, колуңдагы жылан боор камчыны «токой болуп жолун тоз!» деп артыңа ташта, – деди.

Акмат колундагы камчыны «Токой болуп мастан кемпирдин жолун тоз» деп артына ыргытты эле чычкан мурду өткүз калың токой болуп калды. Мастан кемпир бир тишин сууруп балта кылып, бир тишин сууруп араа кылып токойду кыркып жол салганча качкандар узап кетти. Акмат менен Сырга булакка келип, атты чүкө кылып катып коюшуп тамак жеп, эс алып отурганда дагы дүбүрт чыкты. Караса мастан кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланып, шыпыргысын найза кылып анда-санда жерге бир тийип чаап келаткан экен. Акмат ак саканы өкчөп ак тулпарга учкашып алып качып жөнөштү. Көпкө качышты. Ойго түшсө ойдон кууйт, чөлгө түшсө чөлдөн кууйт. Мастан кемир такымдап жетип калганда:

– Акмат байке, колун даты күмүш камчыны «Улуу тоо бол» деп артыңа ташта! Менин алым кетип баратат, – деди ат.

Акмат колундагы күмүш сап камчыны «Улуу тоо болуп мастан кемпирдин жолун тоз!» деп артына ыргытты эле мөңгүсүнөн муз кетпеген бийик тоо пайда болуп кемпир өтө албай калды. Акмат менен Сыртта кемпирден кутулганына кубанып, атты чүкө кылып катып алышып көк чөптүн үстүнө оонап эс алып отурушканда дагы дүбүрт угулду. Тура калып

караса мастан кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланып, шыпыргысын найза кылып, айкырып Улуу тоону айланып өтүп келип калган экен. Акмат кызыл саканы өкчөп кызыл тулпарга экөө учкашып качып жөнөштү. Кызыл тулпар он арыкты бир аттап көк менен жердин ортосунда кетип баратты. «Мастан кемпирден кутулдук го» деп экөө ат үстүндө кобурашып баратканда арттагы дүбүрт дагы угулду. Бурулуп караса мастан кемпир жетип калган экен. Ошондо кызыл тулпар:

– Акмат байке, мастан кемпир жакындаганда колундагы алтын сап камчыны «найза болуп сайылгын!» деп арыңа ыргыткын, – деди.

Акмат менен Сырга кобурашканча мастан кемпир кууп жетип:

– Ээ, балакайлар колго түштүңөрбү! Менден качып кутула албайсыңар! – деп кызыл аргымактын куйругунан кармарда «Найза болуп мастан кемпирге сайылгын!» деп колундагы алтын сап камчыны Акмат артына ыргытканда, ал бөрү тилдүү найза болуп мастан кемпирдин жүрөгүнө кадалды. Ал оңкобаш атып ошол бойдон турган жок .

Мастан кемпирден кутулуп, Сырга ак аргымакты минип, Акмат кызыл тулпарды минип айылына келишти. Ата-энеси, жалпы эл кубанып тозуп алышты Жанын аябай Сырганы мастан кемпирдин сыйкырынан куткарган Акмат элдин сыйына, Сырганын сүйүүсүнө татыктуу болуп жыргап жашап калышты.

## СЫРДУУ БУЛАК БАЯНЫ

Илгери-илгери бир эшен болгон экен, жашы жетимиштен ашканына карабастан жаны тынбаган, жер чабыттап бүтпөгөн адам. Айлынан безип, үч айда үйүнө бир келүүчү экен. Андан узак дагы жүрүп алыска кетип кала турган. Бир күнү эшен эң алыска жолго жүрүүгө даярданып, жолоочулап жөнөмөк бо-

лот. Бир нече күнү жол баскандан кийин, бир эрме чөл кезигет, тогуз күн өткөндө чөлдөн чыга албай айласы кетип, амалы түгөнүп, көмөкөйү кургайт, көзү чакчаят. Сүйлөөгө дарманы куруп, денесин тер басып, амалы аябай кетет.

Эшен ушундай абалда кетип баратса, жолдон булактын акканын көрөт. Ал суунун даамы таттуу, шербеттин суусундай, бирок ал бир дөөнүн сыйкырдуу булагы, эркек ичсе аял болот, аял ичсе эркек боло турган чырын билбеген эшен чыдабай көмөкөйү кургап, булактан жата калып суу ичет. Ана-мына дегенче эле эшен он сегиз жашар кыз болуп калат. Бирок эшен аны өзү билген жок. Каны каткан байкуш дагы суу ичет. Бир убакта суудан жакшынакай кызды көрүп калып, карыганына карабастан ашык болот. Өзүнүн кийим-башын оңдоп, кыз менен тамашалашкысы келет Чынында ал өз көлөкөсү экенин таптакыр билген жок.

– Бери чык, кантип суу ичинде зерикпей жатасың? Өмүрдү бирге өткөрөлү – деп, жинди болгон адамча күлө баштайт. Кел берилеп ымдайт. Өзү эмне кылса, баарысы ошондой көрүнүп жатат. Үнүн чыгарбай, оозун басып, кызга кол жаңсады. Кыз дагы унчукпай колун булгалады. Суудагы кыз дагы эшенди өз тарабына чакыра баштады. «Мейли барайын» – деп, суунун түбүнө түштү, суу азыраак ылай, колу менен суудан кызды карады, сыйпалады, аңтарды, эчтеме жок. Так ушул маалда булактын ээси дөө келип калды. Дөө эшенди кепке ала баштады.

– Сен кайдан келген немесиң, эмне издеп жүрөсүң?

– Мен жолоочумун, бойго жеткен кызымды түшүрүп жибердим, – деп баарысын айтып берди.

– Сен жолоочу, калп айтып менин башымды катырба, суудан көрүнгөн – сенин көлөкөң. Сен булактан ичип эшен болбой, кызга айланып калганыңды билбейсиңби! – деп айтты.

– Эшен таптакыр ишенбеди.

– Кантип ошондой болсун! – деди.

Адегенде өзүн суудан карады, анан күзгүдөн көрдү. Өзүнүн башын койгулап, эмне амал-айла кыларды билбеди. Кайсы бетим менен айымдын жүзүн көрөм? – деп, капаланды.

– Эмне кылганда өзүмдүн мурдагы абалыма келем? – деп, эшен жалынып, дөөдөн сурады.

– Сен калп айтасың, мен сага такыр чын айтпайм – деп дөө өжөрлөндү. Эшендин амал-айласы түгөнүп, жолун узартты. Көп узабай туруп, аң уулап жүргөн падышага кезикти.

Ай десе аркы, күн десе көркү жок, башкача бир кыз. Падыша бардык ишти жыйнаштырып, кызга аябай ашык болду Падыша сарайына алып барып, нике кыйдырып, кызды аялдыкка алды. Арадан беш-алты күн өткөндөн кийин, кыз падышага тыным бербей бакырып-өкүрүп ыйлады.

Акыры падыша кыздан сураганда, башынан өткөн окуялардын баары-жогун калтырбай айтып берди. Бирок падыша анын сөзүнө таптакыр ишенбеди:

– Кантип эле эркек аял болсун? – деп, ишенбестикти туудурду.

– Көзүм көрмөйүнчө ишенбейм, – деди падыша.

– Эмесе булакка баргын, ошондо гана айтканың туура деп айтамын, – деп эскертти. Эртең менен эрте булакка барганга убада кылышты. Падыша сырдуу булакты анчалык байкас албай, жата калып суу ичти да, он сегиз жаштагы кыз болуп калды. Эки кыз эмне кылар айлаларын билбей, көз жаштарын көлдөтүп ыйлай баштады.

Бир ушакчы кемпир жолдон өтүп баратып эки кызга таңданып карап, булактын суусунан ичмекчи болду. Кыздар ал кемпирди коркутса да болбоду.

– Силердей кыз боло албай жүрөм, оозуңардан айланайын! – деп, жалынып-жалбарды. Кемпир башын көтөрбөй, тойгончо булактын суусунан шимирди. Татынакай жигит болуп жатып калды. Эшен – кыз,

падыша – кыз, кемпир – бай болуп чогуу болушту. Эки кыз күйөө кылганга макул болуп, падышанын сарайына барышты. Бул болгон окуяны эч кимге оздорунан чыгарышпай, булар алты жылдан ашык эл сураштты. Эшен – кыз ар жылы эгиз төрөп отуруп, он эки баланын энеси болду. Күндөрдүн биринде эки аялы менен Кемпирбай уктап калат. Ошондон кийин такыр көз жумбайт. Кемпирбайдын аргасы кетип: «Сырдуу булакка барсамбы», – деп чечти. Ошентип, сырдуу булакка жетип отурары менен, баягы дөө келип:

– Эмне менин булагыма келип жүрөсүң? – деп, такый баштады. Кемпирбай окуянын бардыгын төкпөй чачпай айтып берди.

– Анда бардыгыңар чогуу келгиле, мурдагы калыбыңарга келесиңер, – деп сүйүндүрдү.

Дароо барып, үй-бүлөсүн чогуу алып келди. Дөө Эшен– кызды абдан жемеледи.

– Элди алдаган, калпычы, ошондон таптың, – деп айтты.

– Пайдыша сен калыс эмес экенсиң. Акыйкатсыз падышадан көрө – жогуң жакшы. Кемпирбай, сен калп айтканды жакшы көргөн ушакчы залим элең, муну мен туура айтамбы? – деп, үчөөнөн жандырып сурады.

– Чынбы? – деди, эгерде жакшы жолго түшүп, жалган ишке барбаска ант ичсеңер, мурдагы калыбыңарга келтирем.

Баарысы:

– Андай болбойт! – деп, өпкөсүн калбыр кылышты.

Булар жыйырма балалуу болушкан эле, дөөнүн амалынан кийин баарысы өз калыбына келишип, ынтымакта, алдым-жуттум болбой акыйкат жашап калышыптыр.

## ТАГДЫР

Илгери-илгери бир хан болуптур. Анын өтө билгич, көзү ачык төлгөчүсү бар экен. Ал төлгөсүн тартканда айтканы айткандай келип элди нечен ирет таң калтырыптыр. Бир күнү хан үч жашар уулун жанына отургузуп, төлгөчүнү чакыртып алып:

– Кана төлгөчүм, ушул бала менин ордумду басар уулум экенин билесиң. Мен көзүмдүн тирүүсүндө баламдын тагдырын билгим келет. Төлгөңдү тартып болгонун болгондой айтып бер, – деди.

Төлгөчү ойлонуп туруп:

– Ханым төлгө жакшы айтса кубанып, жаман айтса капа болуп мени жазага тартпайсыңбы? – деп сурады.

– Андай ойдон алыс бол, мен канкор эмесмин. Аны жакшы билесиң, – деди хан.

Төлгөчү жайнамаздын үстүнө төлгө ташын жайып, үч катар тизип, өзү менен өзү кобурап сүйлөшүп отуруп:

– Ханым уулуңуздун тагдыры татаал экен, өмүрү узун болот, бирок чоңойгондо ооруп айыгат. Ал жеткен кедейдин кызына үйлөнөт. Ошол келиниңиз сиздин ордуңузду басып хан болуп элиңизди башкарат, – деди.

Хан төлгөчүнү таң кала тиктеп сурады:

– Ал кыз качан төрөлгөн, кимдин кызы экенин билесиңби?

Төлгөчү төлгөсүн кайра тартып:

– Төлгө таштын айтуусу боюнча ал кыздын төрөлгөнүнө бир жыл болуптур. Энеси төкөр, атасынын бир колу сенек, майыптыгынан элге белгилүү адамдар экен. Экөө тең байга жалданып малын багып күн көрүшөт экен, – деди.

Хан ошол замат жигиттерин туш тарапка чаптырып төлгөчү айткан кембагалды таптырат. Чынды-

гында алардын бир жыл мурун төрөлгөн кызы бар экен. Хан бир жигитин жиберип баланы уурдатып алып, өлтүртүүгө дити барбай, «бирөө алып кетер» деген ой менен тогуз жолдун тоомуна алпарып таштайт. Аны бир кедей таап алып багып жүрөт. Кыз бой тарткан сайын ачылган гүлдөй көркүнө чыгып, сулуу да, акылдуу да болуп чоңоёт. Арадан он беш жыл өткөндө хандын уулу жигиттери менен куш салып жүрүп элсиз ээн жерде мал баккан кедейдин үйүнө туш келип суусундук ичкени кайрылса ай десе ай, күн десе күн бир сулуу кыз кара аякка жарма куюп сунат. Ага хандын уулу ашык болуп калат. Кыз ичинен хандын уулун жактырып, ал да жигитке ашык болот, бирок карегинен махабат отун чачып, жылуу жылмайып тим болот. Кыздын табышмактуу жылмайганы жигиттин жүрөгүн ого бетер куйкалап, хандын уулу ошол кечте кызды ойлоп таң атканча уйку бетин көрбөй эртеси кедейдин үйүнө кайра келип:

– Карындаш, таанышалы, менин атым Чолпонбек, хандын уулу болом, сенин атың ким? – деп сурады.

– Атым Акылай. Сиз хандын уулу экениңизди биринчи келгенде эле билгем, – деди кыз.

Экөө ээн отуруп көпкө сүйлөшүштү. Хандын уулу Акылайды сүйгөнүн, ага үйлөнөрүн айтты эле:

– Сиз курчтук кылып атасыз, жигит, – деди кыз, хан уулун кедейдин кызына үйлөндүрбөйт. Уруксат бербейт атаңыз.

– Атам мени жакшы көрөт, – деди Чолпонбек мен айтканды жок дебейт.

Кечинде барып сага үйлөнүүгө уруксат алам.

Чолпонбек ошол күнү келип атасына Акылайды кездештиргенин, ага үйлөнөм деп убада бергенин айтты эле:

– Сен кедейдин кызына үйлөнөм дегениң туура эмес, балам сен падышанын же жок дегенде белгилүү

кишинин кызына үйлөнүшүң керек. Андай эле аял алгың келсе эртең жергебиздеги көрүнүктүү кишилердин кыздарын бүт чакыртайын каалаганыңды тандап ал, – деди атасы.

– Мен башка кызга үйлөнбөйм, үйлөнсөм эле Акылайга үйлөнөм, – деп көжөрдү Чолпонбек. Атасы ага болгон жок. Он күндөн кийин аймагындагы кыздарды чакыртып уулунун астынан сынактан өткөрттү, бирок Чолпонбек бирин даты жактырган жок, жактырмак түгүл кыздарга көңүл салып карабай тескери карап отуруп алды. Ою, эс дарты Акылайда болду. Атасы уулунун кедейдин кызын катуу сүйүп калганын байкап амалданды.

– Болуптур балам, сен сүйгөн кызды мен барып көрөйүн, ылайыгы келсе куда түшүп келейин, – деп уулун жоошутту.

Чолпонбек кубанып калды. Хан эртеси атына минип, эки жигитин ээрчитип кедейдикине келип уулу ашык болгон кызды көрдү. Уулу айткандай ал кыз сулуу да, акылдуу да кыз экен. Айыбы эле кедейлиги. Атасы жайдын саратанында кийерге кийими жок тонун аңтарып кийип отуруптур. Хан сүт катыктаган жарманы ичкен болуп отуруп, бир жашар кызды тогуз жолдун тоомуна таштатканы эсине түшүп, «Балким ошол кыз болуп жүрбөсүн» деп үй ээсинен чегип сурады:

– Айтыңызчы мырза, кыз негедир сизге да, энесине окшобойт, эмне муну багып алгансыңарбы? – деди.

– Бул кыз өз кызым эмес, – деди кедей ханга чынын айтып, муну мен кан жолдун боюнан ыйлап отурган жердей таап алгам. Андан бери он беш жыл өттү.

Хан баякы өзү таштаткан кыз экенин билип дагы сурады:

Акылай деген аты өзүнүкүбү же бул атты силер койдуңар беле?

Бул биз койгон ат, – деди кедей.

– Анда сен кызыңды мага бер, мен келин кылып алам. Калыңын азыр төлөп, азыр алып кетем, – деди хан.

Кедей макул болду. Хан кедейдин кызын алдап сатып алып, кедей менен аялын четке чыгарып «мен кызыңды алганымды бирөөгө айтпа, айтсаң койчо мууздалып каласың» деп коркутуп, бир жигитинин атына мингизип жолго чыкты. Чоң жолго чыккандан кийин токтоп:

– Менин уулум сага ашык болуп калыптыр, – деди хан кызга карап, анын айтуусунда сен да аны сүйөт экенсиң. Бирок хандын тукуму кедейдин кызына үйлөнүүгө уруксат берилбейт. Сен менин уулумду сүйгөнүң чын болсо, ага жакшылык кааласаң сен биздин элдин көзүнө көрүнбөй бул жерден алыс жакка кетишиң керек. Эгерде ушул шартка макул болсоң, менин уулума аялдыкка чыкпайм десең мен сага көп акча берип кетирем, макул болбосоң бакка мойнуңдан асып таштайм. Башка арга жок, бирок күнөөсү жок кызды өлтүртүп күнөөгө батууну каалабайм, – деп хан көп акча сунду.

Кыз аргасыз макул болду. Кыз алтын акчаны алып белгисиз тарапка жол тартты. Хан үйүнө келип:

– Балам, капа болбо. Кыз жок үйүндө. Аны бирөө аялдыкка алакачып кеткенин же өз бетинче тентип кеткенин эч ким билбейт, – деди.

– Сулуусуна кызыгып бирөө ала качса алакачып кеткендир, бирок ал өз бетинче тентип кетчү кыз эмес эле, – деди Чолпонбек капа болуп.

– Ага окшогон дейди кыздын жоголгонуна капа болбо балам, – деди хан, ал болбосо бактыңа башка кыз тургандыр. Андан көрөкчө куш салып, кийик атып көңүлүңдү көтөр.

– Мен Акылайды издейм, аны тапмайынча көңүлүм көтөрүлбөйт. Аң уулабайм. Акылайды жердин түбүнө кирип кетсе да табам. Мен ансыз жашай албайм, – деди Чолпонбек.

Чолпонбек капа болуп сүйгөн кызын издөөгө даярдык көрүп жаткан мезгилде Акылай хандын берген акчасын койнуна катып чоң жол менен кетип баратса чубалган кербен жолугуп калды. Аларга кошулуп, жол киресин төлөп бир ай жол жүрүп чоң шаарга келип токтоду. Жанын багыш үчүн табыпка жалданып иштеп калды. Табып атактуу чоң дарыгер экен. Кол астында өзүнө окшогон беш-алты кыз, эки, үч улан иштешет экен. Арадан бир ай өткөндөн кийин кыраакы табып карыя кыздын эмгекти сүйгөнүн, жаркылдаган жайдары мүнөзүн, адамга кылган артыкча мамилесин жактырып өзүнө чакырып, жанына отургузуп сурады:

– Кызым, атың ким?

– Атым Акылай, – деди.

– Атыңа затың бап келген жакшы кыз экенсиң кызым. Эми менин сөзүмдү жакшылап ук. Мен карыдым. Менде уул да жок, кыз да жок. Сен мага кыз бол. Мен болгон өнөрүмдү, элди кантип дарылашты үйрөтөйүн, сен ошолорду кунт коюп үйрөн. Менин көзүм өткөндөн кийин ордумду жоктотпой ооруган элди дарылап сообун ал, – деди.

Кыз макул болду. Акылай табыпка кыз болуп, чарбасын башкарып анын айтканын так аткарды. Бара-бара «Устаттан шакирти өтөт» деп табыптан алда канча озуп кетти. Баккан атасы каза болгондон кийин Акылай ошол аймакта гана эмес көп жерге белгилүү болгон табып болуп аты ааламга тарады.

Акылай табып болуп жүргөндө Чолпонбек кызды издеп абдан убараланды. Кыдырбаган жери, барбаган эли калбады. Жакын араны бүт кыдырды. Уулу чарчап, чаалыгып, капаланып үйдө жатканда хан башка ой ойлоп тапты. «Чүнчүгөн уулум алаксысын, көңүлү көтөрүлсүн, ашык болгон кызын унутсун» – деп, жанына барып көкүлүнөн сылап:

– Уулум, сен эл кыдырып, жер кыдырып соода кылып кел. Барган жериңде сураштыр, балким Акылай табылып калар, – деди.

Чолпонбек Акылайдын атын укканда кубанып макул болду. Атасы кырк төөгө кымбат баалу жүк артып, кырк кул, кырк күң кошуп берип узатты. Бирок кыз кеткен күн батыш тарапка эмес, күн чыгышка карама каршы тарапка аттандырды. Чолпонбек Акылайды табам деген үмүт менен жүрүп отурду. Кырк төөдөгү болгон дүнүйөсүн сатып, акчасын Акылайды издеш үчүн зарп кылды. Акыры акчасы түгөнүп артка тартты. Жолдон төөлөрдү сатып, кул менен күңгө эркиндик берип бир жыл дегенде өзү араң үйүнө жетти. Акыры ашыктыктын айынан ооруп калды. Мурункудай көңүл ачып сыртка чыкпайт, сыртка чыкса бет алды басып кетет. Тоо, токойду аралап Акылайды издеп, өз алдынча кобурап сүйлөп дейди болуп калды. Акыркы күндөрү үйгө түнөбөй төбөсү түшкөн көргө кирип жатчу болду. Атасы табыптын табыпка салып, молдодон молдого окутуп айыктыра албады. Күн өткөн сайын уулу акылынан айнып, тамактан калып арыктап бүттү. Элден «Ала-тоонун аймагында чоң шаар бар, ошол жерде атагы ааламга тараган табып кыз иштейт, айыктырса ошол айыктырат» деген сөздү угуп хан уулун төөгө мингизип алып, кырк жигитке кайтартып ошол табыпка өзү алып жөнөдү. Эс алып, акырын жылып отуруп бир жарым айда эңсеген шаарына араң жетти.

Табыпка дарыланам деп келген оорулу адамдар көп экен. Үч күн мөөнөт күтүп бөлмөгө киргенде бетине маска тагынып, карагат көзү жалжылдаган кыз тозуп алды. Табыпты хан да, Чолпонбек да тааныган жок, бирок Акылай алар келгенде эле тааныган, сыр билгизген эмес. Аларга жүзүн көрсөтпөс үчүн бетине маска тагынып алганы да ошондон болчу.

Акылай келгендерди сөзгө тартты. Атасы уулунун оорусун айтып жымсалдайын деди эле Чолпонбек атасынын сөзүн бөлүп:

– Атам калп айтат, мен сүйгөн кызымды издеп жүрөм, сен Акылай деген кызды көрдүңбү ыя? Ал жөнүндө уктуң беле? – деди.

– Акылай деген ким эле? – деп сурады билмексенге салып Акылай.

– Айттым го, ал менин сүйгөн кызым. Мен ошону издеп жүрөм. Билсең айт. Мен Акылайсыз жашабайм, – деп уңулдап ыйлап кирди.

Акылай ашык болгон жигитинин ыйын көрүп, жүдөгөн кейпин көрүп жүрөгү туз куйгандай ачышты, көзүнөн жаш кылгырып да кетти, бирок сыр билгизбей Чолпонбекти тамырын кармаган болуп:

– Балаңыз сүйүү махабатына чалдыгып катуу ооруп калыптыр. Мунун сүйгөн кызы ким эле? – деп сурады.

– Мунун жолу болсун, – деди хан, жергебизде кыз түгөнүп калгансып кайдагы кедейдин кызын сүйүп калыптыр. Мен ага үйлөнүүгө уруксат бербей койгом. Нечен-нечен сулуу кыздарды көрсөтүп үйлөндүрө албай койдум. Мен Алтынайга үйлөнөм деп күндүр-түндүр какшайт да отурат. Акыры акылынан айнып калды. Тамак ичпей, сууга түшпөй тирүү арбакка айланды. Акылайды издеп талаага түнөп, дөбөсү түшкөн көрүстөндүн ичине кирип жатчу өнөр тапты.

– Уулуңуз айыгат, ата – деди Акылай.

Айыктырыш үчүн балаңызды жалгыз тамга жаткырабыз. Мен өзүм дары берип, тамак ичирип турам. Мен уруксат бермейинче үстүнө киши кирип дарылаганга жолтоо болбосун.

– Мен макулмун, – деди хан шашкалактап, эптеп уулумду айыктырып берсең эле болду. Уулум айыкса мал десең малга, алтын десең алтынга карк кылам. Дүнүйөнү балам үчүн баарын чачам.

– Болуптур, аракет кылайын. Болгон билимимди, күчүмдү аябайын. Сиз хан экенсиз, бир элдин башчысы экенсиз, биздин даамыбызды татып конок болуңуз, – деп шаардын четине боз үй тиктирип коноктоду.

Атасын тынчыткандан кийин Акылай Чолпонбекти жалгыз үйгө жайгаштырып, өзү акырын басып

үстүнө кирди. Ал берген тамакты ичпей тескери карап төшөктө шылкыйып жатыптыр. Акылай жанына жүйүртө отуруп:

– Сен Акылайды көрсөң азыр тааныр белең? – деп сурады.

– Көрсөм тааныйм, – деди Чолпонбек, кантип таанымбай коёюн.

– Анда мени жакшылап карачы, – деди Акылай бетиндеги маскасын алып.

Чолпонбек Акылайды көрөр менен таанып тилге келбей эсинен танды. Бетине суу чачып, дары ичиргенден кийин араң эсине келди. Көзүн ачып, мандайында турган Акылайды көрүп көзүн кайра жуумп:

– Оо кудай, бул өңүмбү же түшүмбү? – деп кобурады.

– Түшүң эмес, өңүң. Ач көзүңдү, – деди Акылай.

Чолпонбек көзүн ачып Акылайды таанып мойнунан бек кучактап «Оо кудай, чын эле Акылайымды таптымбы» деп бакырып жиберди. Экөө кучакташып ыйлап басылгандан кийин:

– Эми Чолпонбек сөзүмдү ук, – деди Акылай, сен абдан арыктап жүрбөй калыпсың. Он күнгө чейин үйдөн чыкпай жат. Дарыны ичип, берген тамакты же. Күч кубатка киргенде сыртка чыгасың.

Чолпонбек Акылайдын айтканын кылды. Он күнгө чейин чогуу тамактанып оңолуп калды. Мөөнөтү бүткөндө ханды чакырып уулунун үстүнө киргизгенде хан отурбай атып:

– Урматтуу табып, айтчы, негедир атың мага тааныш болуп атат? – деди.

– Сиз туура айтасыз, – деди Акылай, менин атым сизге тааныш. Мен баягы сиз сатып алып тентитип жиберген майып кедейдин кызымын. Мына балаңыз айыкты. Алып кетиңиз. Алпарып падышанын кызына үйлөндүрүп алыңыз, – деди.

– Мен эми атам менен айылыма кетпейм, – деди Чолпонбек. Ушул жерде калам. Акылайдын улага-

сында жүрүп күн өткөрөм. Мен Акылайга кул болом. Ишин аткарам, бирок үйгө барбайм.

– Жалгыз уулум сен болсоң, сен деп ушинтип темселеп башка элде, башка жерде жүрсөм эмнеге барбайсың? – деп сурады атасы.

– Барбайм дегенден кийин, барбайм. Сүйгөн кызымдан ажыратып оору кылган да сен, бактысыз кылган да сен. Көп жылдан бери издеп жүрүп тапкан бактымдан айрылгым келбейт. Бар өзүң бара бер, – деди Чолпонбай.

– Болбостур, төлгөчүнүн айтканы туура чыкты. Тагдырдан качып кутулууга болбойт экен. Айла жок, сени Акыйлайга үйлөндүрүүгө милдеттүүмүн, балам. Апаңдын атынан, өзүмдүн атыман кечирим сурайм. Акылай кызым, Чолпонбек уулум кечиргиле мени, – деди.

Уулу кубанып кетти. Ошол жерде кырк күн той өткөзүп Акылайды ак жоргого мингизип айлына алып жөнөдү. Элине келгенден кийин хан дагы кырк күн той өткөздү. Ынтымакта жашап бир уул, бир кыздуу болушту. Бир күнү хан катуу ооруп калды. Өлөөрүн билген соң хан мамлекет башчыларын чакырып хандыгын баласынаөткөрүп берүүсүн жарыя кылды.

– Мен хан болбойм, – деди Чолпонбек, хандык келиниңе ылайык. Акылай хан болсун.

Төлгөчүнүн «келиниң хан болот» дегени да туура чыгарына көзү жеткен хан эч каршылык көрсөтпөй:

– Мейли Акылай хан болсун, – деп келинин хан шайлады. Акылай кара кылды как жарган, калыс, элине күйүмдүү падыша болуп, арзып күтүп жүрүп тийген Чолпонбек менен бактылуу жашашты.

## ТАЗ БАЛА

Илгери-илгеричал менен кемпир болуптур. Алардын жалгыз Байымбет деген уулу бар экен. Ал чоңоюп кол арага жарап калганда чечек оорусу

менен ооруп бир көзүн ак басып, жаранын калдыгы бетин картошканын каскан аңызындай уңкул-чуңкул кылып араң жаны калыптыр. Анысы аз келгенсип башына жара түшүп, ылжыраган таз болуп, калпагынын астынан ириң агып турчу экен. Эл чаар баланын тазы жугуп калат деп жийиркенип, үйүнө киргизмек түгүл балдарын аны менен ойнотушчу эмес экен. Анын Байымбет аты өчүп «таз бала» аталып кетиптир. Ал ак көңүл, эмгекчил, кужурмөн бала болуп чоңоюптур Балдар аны тазсың деп кодуласа да, «чаар бака» деп шылдыңдап ызаласа да Байымбет колдон келген жардамын элден аябай боорукер болуп өсүптүр. Ата-энеси алдан-күчтөн тайганда, отун ташып сатканга алы келбей калганда бала токойдон көк эшекке теңдеп отун жүктөп келип наабайчыга өткөрүп үч нан алып, бирин атасына берип, бирин апасына берип, бирин өзү жечү экен.

Бир сапар Байымбет отун арткан эшегин жетелеп келатса карылыгынан кайышкан кемпир арыктын жээгинен чогулткан бир колтук отунун көтөрө албай улам эс алып, улам жылып, таягын таянып бөкчөңдөп келатыптыр. Аны көргөн бала, кемпирге жаны ачып отунун көтөрүп үйүнө жеткизип:

– Чоң апа сиз экинчи отунга барбаңыз, барсаңыз жыгылып майып болуп каласыз, – деди.

– А балам, – деди кемпир наалып, отунга өзүм барбасам анан ким барат. Чалым өз ажалынан каза болгон. Балам кечээки эле согушта элди коргойм деп курман болду. Жалгызмын. Көрөөр-багарым жок, – деп кемшеңдеп ыйлап жиберди.

– Ыйлабаңыз чоң апа, – деди Байымбет, мен жардам берем. Күнүмдүк отунуңузду күндө апкелип турам.

Кемпир баланы алкап, ага бакты-таалай тилеп батасын берди. Байымбет убадасына туруп күндө эки таңгакты эшекке тең салмактап артып, үстүнө бир таңгакты кемпирге арнап жүктөп келчү болду. Кемпир отунду алган сайын балага ыраазы болуп

батасын берип, ал кеткенден кийин да ар бир намаз окуган сайын боорукер балага узак өмүр, бактылуу болушун кудайдан сурады.

Бирок Байымбеттин акыбалы күндөн күнгө оорлой берди. Айылдагы байдын тизеси сенек чолок баласы аргымак атка минип алып, отун алып келаткан таз баланын жолунан тозуп туруп, ат менен жөөлөтүп эшегин жыгып, отунун кулатчу оюн таап алды. Байымбет айласы кетип токойдон узун укурук жазап алып ал келатканда булгалактатып, атты үркүтүп, чапкылап жанына жолотпой коргонду, бирок ал да жардам бербеди. Байдын баласы далдоого жашынып туруп капталдан капысынан качырып чыгып, көмөлөтө койгузуп кетчү болду. Байымбет жыгылганда «сары таз жыгылды, эшеги сазга тыгылды!» деп кыйкырып өйдө-төмөн чапкылап мактанат.

Байымбет ага да чыдады. Капа болбосун деп байдын баласынын кылыгын атасы менен апасына айткан жок. Ошол турмушу бир калыпта өтүп жатты. Күндө таң атпай эшегине минип алып токойго жөнөйт. Кууураган бутактарды чогултуп эшегине артат. Түштө булакка келип отунун түшүрүп эшегин сугарат. Жаныбарлар суу ичкенде булгап кеткен булактын көзүн күндө тазалап, күндө ураган жээктерине таш тизет. Анан отуруп алып суу менен жарты нанын жеп тамактанат. Болгон оокаты ошол.

Бир сапар күндө кайра-кайра ырдап жат болуп калган жалгыз ырын кыңылдап ырдап, булакты тазалап атса чачы да ак, сакал-муруту да ак, кийген кийми да ак, карыя келип калды. Бутун сүйрөп басканына караганда өтө чарчаганы сезилип турат. Байымбет тура калып, колун бооруна алып салам айтты. Карыя алик алып:

– Балам, ыймандуу бала экенсиң, бул жерде эмне кылып жүрөсүң? – деди.

Байымбет чарчаган карыяга бешмантын чечип көк чөптүн үстүнө жая салып:

– Келиңиз, чоң ата отуруңуз. Эс алыңыз. Мен бул жерде отун терип жүрөм. Чарчап-чаалыкканыңызга караганда сиз алыстан келатат көрүнөсүз, – деди.

– Алыстан келатам, балам, – деди карыя таз бала салган чапандын үстүнө отуруп атып, токойдогу үйгө жетсем дегенде эки көзүм төрт болду.

Байымбет таң калып тактап сурады:

– Сиз токойдо жашайсызбы?

– Ооба балам, – деди карыя, жайы, кышы ушул жерде жашайм. Мен ушул булактын ээси болом. Кечетен бери наар татпай, кардым ачты. Андан көрөкчө өзөк жалгарга бирдемең барбы, балам?

Кары кишинин жүдөгөн кебетесин көрүп Байымбет шашып калды :

– Наным бар, чоң ата, – деди Байымбет койнунан жарты нанын сууруп чыгып, мына жеңиз, – деп чалга сунду.

Чал нанды алып, бирде нанга карап, бирде башынан ириңи агып турган таз балага карап:

– Балам, сен наныңдын баарын мага бердиң, эми өзүң эмне жейсиң? Ачка болсоң айылга жетпей жыгылып каласың го, карагым, – деди.

– Жей бериңиз, – деди Байымбет чалдын көңүлүн калтырбас үчүн калп айтып, мен азыр эле жартысын жедим. Курсагым ток.

– Болбойт, – деди карыя башын чайкап, тең жегенди теңирим сүйөт деген. Экөөбүз тең жейли. Жарымын сен же, жарымын мен жейин, – деп чал нанды экиге бөлүп бирин өзүнө калтырып, бирин балага берди. Ачка болуп турган Байымбет нанды бурдап сугунуп, суудан ичти. Канчалык жесе да нан түгөнбөй койду, тойгондон кийин ошол нандын теңи калып калды. Калганын ороп койнуна катып алды. Баланын курсагы тоюп көңүлү жайлангандан кийин карыя сурады:

– Балам, атың ким?

– Атым Байымбет, – деди бала жер тиктеп, бирок элдин баары таз бала дешет.

– Капаланба, балам, – деди карыя балага мээримдү карап, таз дагы айыгат. Чач да чыгат. Сенин арман ырыңды анда-санда алыстан угам, ошол ырыңды обону менен ырдап берчи? – деди карыя.

– Макул чоң ата, – деди Байымбет күлүп, ырдайын, бирок ырым сизге жакпай уят болупкалам го...

– Ырдай бер балам, жакшылап укса жакпаган ыр болбойт, – деди карыя.

Байымбет эл арасында ырдап көнбөгөн соң улуу кишиден уялып, сүрдөпжатып чымчыкка айткан арман ырын ырдап берди.

Айланайын чымчык куш,
Азаптуу күнгө болдум туш.
Капа менен кайгыга,
Качан да болсо жүрөк жыш.

Бул дүнүйө мен үчүн,
Жылуусу жок тоңгон муз.
Тазсың деп мени жеришет,
Желмогуздай көрүшөт.

Балдары менен ойнотпой,
Жакындасам тебишет.
Агытып итин айдактап,
Азабым колго беришет.

Байымбет атым айтылбай,
Таз бала болуп аталдым.
Отун сатып ар күнү,
Өнөрүн алдым атамдын.

Жийиркенбей өпкөн бетимден,
Өмүрүн тилейм апамдын.

Карыя баланын ырын угуп анын чаар бетине, ысыкта кийген малакайына тигилип тиктеп турду да, алакан жайып:

– Оомийин, жараткан жалгасын тилеген тилегиң кабыл келсин. Тазың айыгып, бетиңдин чаары

кетсин, Алла таала ак көңүл баладан жакшылыгын аябасын, – деп бата кылды. Бир аз отургандан кийин:

– Балам, наныңа, ырыңа, адамкерчилигиңе ырахмат. Эми мен кетейин, – деп карыя коштошуп жолуна түштү. Чарчаган Байымбет карыяга айткан арман ырын кайра-кайра ырдап жатып уктап кетти. Ал уктаар менен periштелер келип аны көтөрүп алып Көйкаптын көлүнө жуундуруп, башын, көзүн, бетин дарылап, бешмантынын эки чөнтөгүн толтура алтын салып кайра ордуна жаткырып коюшту.

Аз уктадыбы, көп уктадыбы ким билсин бала ойгонуп башын тырмайын десе колуна жара эмес эле чач урунду. Өзү чочуп кетти. Барып булактын тунук суусуна караса бетиндеги тагы кетип, айдай болуп агарып, таз башына капкара тармал чач чыгып, сокур көзү көрүп калыптыр. Күтпөгөн бактыдан көздүн жашы бет ылдый салаалап акты. Аккан жашты сүртөйүн деп бет аарчысын издеп колун чөнтөгүнө салса толтура алтын экен. Бала кубанып үйүнө жөнөдү, келсе атасы менен апасы жалгыз уулун араң тааныды.

– Ыя, балам, ооруңдан кантип айыктың? – деп сурады кубанган атасы.

– Мен бүгүн булактын ээси менен жолугуштум. Ал мага ооруңан сакайып кет деп бата берди. Ал киши мени жон тана айыктырбай эки чөнтөгүмдү толтура алтын берди, – деп алтынын көрсөтүп, болгон окуяны баштан аяк айтып берди.

– «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт» деген ушул, балам, - деди атасы, сен боорукерсиң, колдон келген жакшылыгыңды элден аябайсың. Эл сага бата берет. Бата алган бала сага окшоп Алланын алкышына татыктуу болот.

Байымбет ак эмгеги, элпек мүнөзү менен булактын ээсине жагып бай болуп жатып калды. Өздөрүнө үй салдырып, мал алып, жетим балдарга кийим сатып берип, тамакка тойундурду. Багары жок кемпир-чалга бирден саан уй сатып берди. Балдарды

үндөп аларга каралашып турушту. Анын «таз» аты тез өчүп эл Байымбет деп өз атынан атап калышты. Калк арасында кадыр барктуу болуп калган Байымбетти бир күнү байдын чолок баласы кармап алып:

– Ай, Байымбет, сен кантип чаар бетиңди, сокур көздү, ылжыраган тазыңды айыктырдың?

– Кембагалдарга жардам берген дүйнөнү кайдан таптың? – деп сурады.

Байымбет жашырган жок, булакка барганын, аппак кийинген, аппак сакалчан булактын ээсин көргөнүн, анын батасын алганын, анан жатып уктап ойгонсо оорусунан айыгып, чөнтөгү алтынга толуп калганын айтып берди.

Байдын баласы ошол күнү аргымакка минип булакка жөнөдү. Барып атын бакка аса байлап коюп булактын жанында отурду. Көпкө күтүп калды. Карды ачып үйдөн бышырып келген этин жеп атса ысыкта үстүнө эски тон, башына жыртык малакай кийген чал келип калды. Оозуна толтура эт сугунуп чулчуңдап отурган балага салам айтты эле ал алик албай кайра аны жаман көзү менен карап тим болду.

– Ие, балам отурупсуң? – деди чал байдын баласын сөзгө тартып, баш көтөрбөй эт жегениңе караганда алыстан жол жүрүп ачка болсоң керек?

– Менин отурганым менен эмне ишиң бар! – деди байдын баласы ачууланып, жогол көзүмө көрүнбөй!

– Кетет элем, деди чал чөптүн үстүнө отуруп атып, бирок ачкамын. Алым жок. Мүмкүн болсо алдагы этиңден бир аз берип кой, өзөк жалгап алып кетейин.

– Бералбайм, – деди байдын баласы жеп жаткан этин чөнтөгүнө катып, өзүмө керек. Өзүм жейм. Мен киши күтүп атам. Ал кечигип калса жээрге тамагым калбай ачка болуп калам. Ошол үчүн сага бербейм.

– Кимди күтүп атасың, балам?

– Ушул булактын ээсин.

– Булактын ээси менмин. Эмне ишиң бар менде, айт балам, – деди карыя

Байдын баласы туруп чалды жакадан алды:

– Сен эмне мени шылдыңдайсың, – деди байдын баласы, булактын ээси сендей болбойт.

– Анан кандай болот?

– Ал кудайчы эмес, аппак кийинген киши. Сенин сөзүңдүн баары калп.

– Калп эмес, балам, – деди кары киши токтоо, мен такай токойдо жашайм ошол үчүн кийген киймим начар, бирок ушул булактын ээси экеним чын.

– Булактын ээси болсоң менин чолок бутумду айыктыр, – деди байдын баласы карыяны жулкулдатып, чөнтөгүм толтура алтын бер!

– Болуптур, балам, пейлиңе жараша аларыңды аласың, шашпа, – деп карыя бурулуп басып бара тканда байдын баласы аны желкеден алды:

– Токто, – деди байдын баласы кары кишини дыргаяктатып булакты көздөй сүйрөп, булактын ээси болгонуң чын болсо отур жээгине, батаңды бер! Анан кет. Бата бербесең жибербейм!

Чал Алакан жайып:

– Оомин, пейлиңден тап, балам, – деп бата берип басып кетти.

Этке тойгон байдын баласы чалдын сөзүнө ишенбей «дагы башкасы келип калар» деген ой менен күтүп жатып уктап калды. Аз уктадыбы, көп уктадыбы ким билсин ойгонсо буту ошол эле бойдон. Атайы тиктирип келген төрт чоң чөнтөгү алтынга толгонун сезди. «Мейли, бутум айыкпаса да алтын алдым» деп ойлоп атына минип айылга чапты. Үйүнө келип бир чөнтөгүндөгү алтын дегенди алса шагыраган таш көмүр болуп чыкты, экинчи чөнтөгүндөгүбү таш экен, үчүнчү чөнтөгүндөгүсү балчайган чаар бака, төртүнчү чөнтөгүндөгүсү соймоңдогон жылан экен. Бака менен жыланды көргөн энеси менен карындашы коркуп бакырып сыртка качып чыгышты. Байдын баласы «Байымбет мага калп айтып, атайы мени шылдың кылды, мен аны өлтүрөмүн» деп оюнда

чечти, бирок ал бирөөгө жамандык издейм деп, жаман пейлинен таап аттан жыгылып экинчи соо буту сынды. Табыптар канчалык аракет кылса да сынган сөөгү туура бүтпөй балдак менен басып калды.

Арадан кыш өтүп, жай келгенде Байымбет булактын абалын билгени атка минип токойго бет алды. Келсе булактын көзүнө чөп-чар, жыгачтын сыныктары толуп, жээктери урап топурак басып калыптыр.Ал чечинип булакты тазалап атса баягы чал ийнине чоң куржунду асынып ал дагы келип калды. Байымбет булактын ээси менен учурашып жакшы жашаганын, элге жардам бергенин айтты эле:

– Билем, балам, билем. Жакшы баланын жакшы ишин кудай да, эл да билет. Андай балага жардам берүүгө жараткан ар качан ашыгат. Менин билүүмчө алтының алда качан түгөнсө керек? – деди карыя.

– Түгөндү, – деди Байымбет, бирок ошол алтынга алган мал бар. Себерге үрөн бар, чоң ата. Мурункудан жашообуз жакшы. Айылдагы бейбечаралар да сиздин жардамыңыз менен оңоло түштү.

– Жакшы балам, жакшы, – деди карыя канаттануу менен, башка бирөөгө жамандык ойлобогон бала, тил алча бала, улууну урматтаган бала эч качан кор болбойт. Бул дүнүйө деген колдун кири, бүгүн болсо эртең жок. Андыктан сен күнүмдүк оюн күлкүгө кызыкпай билим алгын. Билим деген адамга түбөлүк байлык. Акыл да, адамкерчиликтүү адам да билимдүүдөн чыгат. Мен сага бир аз дүнүйө калтырайын, сен аны илимге жумша, деп карыя куржунун калтырып көздөн кайым болду.

Байымбет карыя калтырган куржунду ачып караса толтура алтын экен. Араң дегенде атына арта салып айлына келди.Келер менен мектеп салдырып, алыс жактан чоң молдо алдырып, айылдагы балдардын баарын окууга тартты. Өзү да балдар менен чогуу окуп чоң билимдүү болуп, элин багып жыргап жатып калды.

## ТҮШ ЖОРУГУЧ БАЛЫКЧЫ

Илгери-илгери бир заманда бир момун абышка кемпири менен баласы жок, өмүрүнүн акырында көлдүн жээгинде балык кармап жан бакчу экен. Кемпири кайырмактын жибин даярдап берчү экен.

Өздөрүнөн ашкан балыктарын сатып, тамакка, кийим-кече алып эптеп күн көрчү экен. Ошол элдин ханы элинин алдым-жуттум, ууру, бири-бирине кайрымсыз болуп баратканын байкайт. Капа болот. Элдин беймаза болбой, тынч болгону жакшы болот дечү эле, – деп элинин бир топ сакалдуу, кадыр-барктуу адамдарын чакырып тамак берет. Казан астырып эт бышырып, нан жасатып, чакырган-чакырбаганы баары келет. Тартиби жок тамактанышат, уурдай качканы да болот. Эл тараганда эчтеке калбайт. Жоокайдын короосундай болуп, дасторкондо бир үзүм нан калбайт. Казанда бир кашык шорпо жок, жутунуп дагы алайын деп чала мүлжүгөн сөөктөр, хан карап туруп, элимде ачарчылык каптап турган экен, – деп ойлойт. Бир күнү эртең менен хан элин жыйып, ак сакал, көк сакалдарын алдына отургузуп, мен түндө түш көрдүм түшүмдө эмне көргөнүмдү таап туруп жоруп бергиле. Мөөнөт үч күн. Болбосо башыңарды алам, эгер тапсаңар, туура жорусаңар төп жоруганга алтындан сыйлык берем, – деп айтат. Элдин башы маң болот. Эмне кылыш керек, көргөн түшүн айтса жоруйт элек, кандай түш көргөнүн кайдан билебиз, – деп кыйналып эки күн өтөт. Эч ким таппайт. Үчүнчү күнү эртең менен бир тобу чогулуп, арасынан бир амалкөй абышка мындай дейт:

«Эмне болсо дагы бая көлдүн жээгинде балыкчы абышканы айталы».

– Ханым таксыр, көлдүн жээгинде бир түш жоругуч абышка бар. Сиздин түшүңүздү ошол абышка таап жоруйт, – дейт. Ханга айта баргыла, мен түшүн

таап жорум берем» – дептир деп буюрбаган калпты айтып, жанталашып кутулуп кетишет. Хан:

– Андай болсо ат жиберейин, – деп бир жигитинен ат коштоп жиберет. Барса абышка эчтеке менен жумушу жок, кайырмагын оңдоп отурган.

Ат коштоп келген киши: «Абышка, сени хан чакырып атат. Мобул атты минип бат бара кал» – дейт. Атты таштап кете берет. Өмүрүндө хан эмес, карапайым киши да чакырган эмес. Балыкчы таң калып, кемпирине:

– Кудая тобо, хандын менде эмне жумушу бар. Болбостур, кемпир, неси болсо да барайын. Минтип ат жибериптир, – деп жөнөп кетет. Абышка үйүнөн бир топ узаганда бир чоң ак таштын үстүндө бир акак жылан тикесинен туруп калат. Абышка чочуп караса, жылан кадимкидей кишиче сүйлөйт абышкага:

– Ассалоом алейкум карыя, кайда баратасың, – дейт.

– Ой, билбейм, хан чакырыптыр мобу минген атымды жиберип. Өзүм да чочуп баратам, менде кандай жумушу бар экенин? – дейт. Жылан:

– Карыя сизден түшүмдү таап жоруп бергин, болбосо башыңды алам, – дейт. Сен:

– Таксыр ханым, түшүңүзгө карышкыр кириптир деңиз, элиңиздин бирин бири чаап алып, алдуусу алсызынан тартып алып, ыйман жок алдым-жуттум болуп жатканы ошо, – деп айт. Ошондо хан сага ыраазы болуп, куржунуңа алтын салып берет. Келе жатканыңдаушул таштын үстүндө күтүп турам, мага бир мыскал алтын бере кет, макулбу?

– Ой деле баарын берейин сага, өзүм аман-эсен кутулуп келсем болду. Андай болсо, – деп абышка убадасын берип, бастырып кетет. Абышка хандын ордосуна барса калың эл болуп хан күтүп турган экен. Абышка аттан түшүп, салам айтып, хандын маңдайына отуруп калат. Ошондо хан суроо салат:

– Жанагы эл айткан түш жоругуч абышка сизби? Кана эмесе, ачык айтып ак сүйлө, түшүмдү өзүң туура таап, туура жоруп бер. Болбосо башыңды алам, – дейт. Абышка ордунан туруп:

– Таксыр түшүңүзгө карышкыр кириптир, элиңиздин ынтымагы жок болуп, карышкырча кагышып, алдым-жуттум, ууру, каракчы болуп турганы ошондон.

Хан: «Баракелде абышка, туура таптың», – деп ыраазы болот. Үрөйү учуп турган эл да сүйүнөт. Хан убадасы менен абышкага эки куржунга алтын салып берет Баягы жиберген атын чалга берет да: «Карыя, ырахмат билгичтигиңизге, элим эми оңолуп кетээр» – деп узатып коёт. Абышка кубанычы койнуна батпай үйүнө келе жатса, баягы таштын үстүндөак жылан турат. Абышка атынан түшүп, кичине алтынды колуна кармап жыланга сунат: ийрилип алайын дегенде, абышка жыланды өрмө камчысы менен жон талаштыра катуу чабат. Жылан алтынды таштап, ийрилип, ийнине кире качат. Абышка кайра куржунуна салат да үйүнө келет. Кемпири экөө алтындан сатып оңолуп, жыргап жатып калат. Күндөрдүн бириндe хан абышканы дагы чакырат. Абышка кемпирине:

– Кош бол, мен эми келбес жайга кеттим, – дейт. Мурунку жолу жолумдан бир ак жылан чыгып ошол айтып берген болчу. Келе жатканда кичине алтын бере кет деген. Келе жатканда алтын бермек турмак алтынымды кызганып, ниетим бузулуп, жыланды чала жан кылып сабап таштагам. Хан минтип кайра чакыраарын кайдан билдим. Эми мен эчтеке билбейм да, кайсыны айтам. Өлсөм кудай ыйман берсин деп, ыйлап-сыктап кемпири менен коштошуп жолго чыгат. Келе жатса жолунда баягы таштын үстүндө баягы ак жылан дагы турат. Кадимкидей салам берет:

– Карыя, кайда дагы бара жатасың? – деп сурап калат. Абышка уялган өңдөнүп, жер карап: «Дагы баягы хан чакырыптыр, – деп күңкүлдөйт. Жылан:

– Эми карыя таксыр, түшүңө түлкү кириптир, элиң куу шум боло баштаптыр бирине бири мант берип алдап, бай-манапка кошомат кылып, жагып жалданган малай бечараларды жаман көргөзүп, ортого бузуку сөз ташып, чагымчыл болуп сизди беймаза кылып туруптур – деп айт», – дейт. Абышка сүйүнүп:

– Макул айланайын, – деп жолго түшөт. Ошентип ханга барып. «Таксыр чакырыптырсыз, келип калдым. Дагы эмне дейсиз», – дейт. Хан: «Карыя, дагы түш көрдүм таап жоруп, конок бол», – дейт. Өзүң туура жүргөн касиеттүү карыя экенсиң, – деп хан жакшы кабыл алат. Абышка салабаттуу, билимдүү болуп өзүн көрсөтүп, мындай дейт: «Таксыр, түшүңүзгө мурункудан кичине оңолуп, түлкү кирген экен, элиң карышкырдан кайтып, түлкүдөй мант берип, куу, шум, алдамчы, кошоматчы боло баштаптыр. Куулар бай-манаптарга кошомат кылып чагым-ушак жүргүзүп, бей-бечараны жаман көргөзүп, сизди дагы беймаза кылып турган экен. Бир күн акыр түбү оңолосуң», – дейт. Хан туура тапканына чоң ыраазы болуп: «Карыя тим эле олуя турбайсыңбы», – деп коноктоп, дагы алтын берип узатып коёт. Абышка кудуңдап үйүн көздөй жөнөп келе жатып баягы жыландан алтынын кызганып бөлөк жолго түшүп, түлкүчө мант берип, алдап кетет. Үйүнө барып, мал сатып алып, байый баштайт. Оңолуп калган карыяга кошомат кылып, карабаган туугандары келе баштайт. Күндөрдүн биринде дагы хандан чакырык келет. Абышка катуу капа болуп:

– Мен ит болгондо экинчи жолу жыланга кичине алтын берип эле койбой, эми эмне кылам. Эми кемпир, кош эми өлдүм, баягы жыланды экинчи жолу алдап кеткем. Эми кантип мага жолуксун, – деп кемпири менен коштошуп, ыйлап-сыктап жолго чыгат. Жолунда баягы ак таштын үстүндө баягы ак жылан дагы турат. Абышка жакындаганда эле салам айтат:

«Карыя, дагы кайда бара жатасың?» – дейт. Абышка бул сапар катуу уялып, эмне дээрин билбейт. Калтырап: «Айланайын ак жылан, эми мага эчтеке айтпай эле кой, бир жолу өлөйүн сага эки жолу уят болдум. Алтыны жок балык кармап деле эптеп-септеп жашап келдим эле дүйнө бүткөн жеринде каат деген чын экен. Мен сенин жүзүңдү карай албай турам», – деп ыйлап жиберет. Ак жылан эчтеке сезбегендей ханга мындай дегин дейт: «Сүйүнчү, ишиң оңолуптур. Түшүңө нан менен кой кириптир. Эми элиң нандай ырыс-кешиктүү, койдой ток пейил, кой маарек, момун, бирине бири кайрымдуу боло баштаптыр. Элиңдин ичине ынтымак кирип, ырыс-кешиктүү болушат экен. Эми мага алтындын кереги деле жок, өзүң да бактылуу жаша» – деп айткын дейт. Абышка сүйүнгөн бойдон барат. Хан мурдакысынан да мээримдүү кабыл алат. «Кел» – деп жанына отургузуп: «Мен бир жакшы түш көрдүм олуям ошону таап жоруп бер», – дейт. «Таксыр сенин түшүңө мен да кубандым – дейт абышка.

– Түшүңө нан менен кой кирди. Элиңдин иши оңолуп, нандай ырыс-кешик дөөлөт күтүп, койдой кой маарек, тартып, момун, ыймандуу жакшы эл боло баштады. Өзүң да көп жыл жашап эл сурайсың. Элиңде тынччылык болот, оомийин» – деп бата кылат. Анда хан айтат: «Эми олуям сага чоң ыракмат. Эмки алтынга ак сарай салдырып ал. Ошол көлгө кожоюн бол» – деп алтын берип узатат. Абышка келе жатып, баягы ак жыланга келип, алтындын бүт баарын алдына таштап, жыланды кучактап ыйлайт. «Айланайын ак жылан кечир, мендей келесоо абышканы. Ушул алтындын баарын ал. Мен куруюн» – деп ыйлап кечирим сурайт. Жылан аппак сакал карыя болуп калат. Сен менден кечирим суранба. Мен сенин бактыңды ачкан ак сакал аке болом. Өмүрүңдүн акырына чейин балык кармап, жашап келдиң. Өзүң момун бир бечара элең. Биринчи жолу

хандын түшүнө карышкыр кирбеди беле. Сен да карышкыр болуп мени карс дедире белге бир чаап кетпедиң беле. Экинчи жолу хандын түшүнө түлкү кирбеди беле, сен да мени түлкүдөй алдап мант берип кетпедиң беле Үчүнчү жолу хандын түшүнө нан менен кой кирбеди беле, мына сенин да ичиңе ыйман кирип, кечирим суранып турганың ушул. «Элиң бөрү болсо бөрү бол, элиң түлкү болсо түлкү бол» деген накылдын төркүнү ушул, – деп ак сакал киши көздөн кайым болгон экен...

## УЛУКМАН

Абу Али Сино Күмбөз Даварда үч жыл окуп, чачы бетине түшүп, муруту ээгин жаап, жер жүзүнө докторлук илимин таратып, көп жигиттерди чогултуп, окута баштайт. Ошол окуунун ичинде жер жүзүндө эки баштуу жылан бар, ар башын түбүнөн кесип, сууга кайнатып шорпосун ичсе, жер жүзүндөгү чөп, мынабу кеселге «мен давамын» деп айта берет. Ушу сөздү угуп, Аблетун, Аластун деген жигит уруксат сурайт.

– Биз ошо жыланды издейбиз, – дейт. Абу Али Сино:

– Бу жыланды табыш өтө кыйын, буга убара болбогула, – десе болбой, экөө ушу жыланды табышка тоо-ташты көздөй жөнөйт. Ар жылы жазда жыйырма бир жыл издейт. Жыйырма биринчи жылы бир алачык көрүнөт. Ушуга барып, чай ичип кетелик деп кайрылат Алачыкка жакындаганда, баягы издеген жылан астынан чыгат. Экөө баса калып жыланды өлтүрүп, эки башын кесип алып алачыкка барса, бир кемпир олтурат.

– Эне, казаныңа суу куюп бергин. Биз чай ичип кетели, – дейт. Кемпир ордунан туруп, казанды чайкап, суу куюп берет.

– Сиз ишиңизди кыла бериңиз, биз чайды өзүбүз кайнатып ичебиз, – дейт. Баягы жыландын эки

башын салат. Экөө от жагып олтуруп анан уктап калышат.

Талаада эчки кайтарып жүргөн кемпирдин жети жаштагы баласы басып келип, эки кишинин уктап жатканын көрөт. Казанда капкак жабылуу, бирок ичинде бир нерсе бырылдап кайнап жатат. Капкакты ачып караса, эч нерсе көрүнбөйт. Чөмүчтү алып, эңкейип кайнап жаткан суудан бир ууртайт. Капкагын жаап коюп, бала кете берет.

Ушул учурда уктап жаткандар ойгонуп, ордунан туруп, экөө эки кашыкты алып, шорподон уурташып, жыландын башын алып, муздатып ороп, жанына салып алат.

Ушуну менен жүрүп отуруп элине келет. Төрт-беш ай өтөт, эч белги билинбейт Экөө туруп, Абу Али Синонун алдына барып, жыландын башын көрсөтөт.

– Мен айткан жыландын өзү. Мээнетиңер кайтып, табылыптыр.

– Биз муну тапкан эле жерде кайнатып ичкенбиз. Төрт-беш ай болду, эч белги жок. Болбогон нерсени айтып, бизди жыйырма бир жыл убара кылдыңыз, – дешип капа боло баштайт.

АбуАли Сино:

– Жок, андай эмес, шорпону уурташан киши билбей койбойт. Дагы беш айга сабыр кылгылачы. Ага чейин бир белги болбосо, анан мени жалганчы дегиле, – деп буларды токтотот.

Ортодон жети ай өтөт. Элге угулуп калат:

– Оногу жерде кемпирдин жалгыз баласы кесел кишилерге бир чөптү жулуп берсе эле айыгып, туруп кетип жаткан имиш, деген сөз угулат.

Абу Али Сино экөөн чакырып:

– Уктуңарбы, кемпирдин жети жашта баласына барган эле оору айыгып, туруп кеткен имиш го. Ошого ичирип коюп, мага келип ачууланасыңарбы дегенде экөө ойлонуп: «Биз казанга салып, уктап калганыбызда, ошо бала ичип койгон экен го» дешип, күнөөнү өздөрүнө алышат.

– Жыйырма бир жыл издеп, биз кала беребизби. Кана айт, биз ошо баладан кантип өч алабыз, – дегенде Абу Али Сино:

– Эми ошо баланы өлтүрүп, бычак тийгизбей боорун алып, шорпосун ичсеңер, силерге өтөт, – деп сөзүн бүтүрөт.

Экөө акылдашып:

– Ушунча жыл иштеп куру кала беребизби. Жети жаштагы балага күчүбүз жетпейби. Барып өлтүрөлү да, боорун алып, кайнатып ичели, – деп баланы өлтүрүшкө жөнөп калышат.

Кемпирдин үйүнө жакындаганда дем алып олтуруп, Аластун ойлойт: «Жыйырма бир жыл издеп, аны кемпирдин алачыгынын жанынан таап, атаганат кумганга кайнатып ичсек болбос беле. Эми карачы, өз колубуз менен кемпирдин казанына салып беребизби.

Дагы уктап калабызбы? Баланы өлтүрсөк, муну бирөө көрүп койсо, же бооруна бычак тийип калса, кийин кыяматта кандай жооп беребиз», – деп, жер тиктеп олтурганда жанындагы Аблетун:

– Сен эмнени ойлонуп олтурасың? – деп сурайт.

– Мен ойлогон оюм – баштагы сөздөрүн айтып келип, баланы өлтүргөндү бирөө көрүп койсо, же колго түшсөк, же бооруна бычак тийип калса... башынан бизге буюрбаган нерсе экен го. Азыр дагы бир каргаша болобу деген ойго келип, мен ушул жаман ойдон кайткым келет, – дейт.

– Чын жери, иштин башы оңолмоюнча, этеги оңолбойт. Мен дагы сенин оюңа кошулдум. Кана, курдаш эми эмне кылабыз? – дейт.

Аластун:

– Менин акылым, бала менен кемпирге барсак, жаман-жакшы кыялыбызды жашырбай айтсак, макул десең, ушу жерден кызмат бер деп талап кылсак – деп, ордунан туруп, кемпир менен баланын үйүнө барышат. Барса, эшигинде беш– алты кесел жатат.

Бала тура калып бирөөнө эңкейип дары берет, баягылар жеп болуп эле айыгып, ордунан туруп кетип жатат.

Экөө кемпирге кирип:

– Балаңыздын аты ким? – деп сурайт.

– Улукман, – деп жооп берет кемпир.

– Улукман! – деп чакырат Аблетун.

Чакырган үндү угуп, Улукман эшиктен кирип келет.

– Олтур, иним, – дейт Аластун.

Улукман энесинин жанына отурат. Аластун башынан өткөнүн баяндайт.

– Жыйырма бир жыл издеп таап, казаныңа салып бердим. Биз ушул келишибизде Улукманды өлтүрүп, боорун алууга келдик эле. Элден-журттан коркуп, бул жамандыктан кайттык. Улукман үйдө олтуруп буйрук кыла берсең, экөөбүз келген ооруну дарыласак дегенде кемпири ордунан ыргып туруп, чын жүрөктөн кабыл алат. Ошондон баштап көп жылдар кызмат кылат. Экөөнүн билгичтиги Улукмандан да ашат.

Бир күндөрү Улукман үйүндө отурса, кызыл шым кийген, кылычын байланган эки адам кирип келет.

– Улукман ким? – деп сурайт.

– Үйдө олтурат – деп, Аблетун жооп берет.

Үйгө кирип кетет экөө. Аркасынан Аблетун кошо кирет. Улукмандын жанына отуруп, эки киши сөзгө кирет.

– Биз балан мамлекеттен келдик. Биздин падышабыз он жети жыл бала көрбөдү. Быйыл катыны кыз төрөдү. Муну салбаган табып, окутпаган молдо калган жок. Даңкыңызды угуп, хан сизге бизди жиберди, – дейт. Улукмандан мурун эле Аблетун баш көтөрөт:

– Бу киши а жерге бара албайт. Анткени ар күнү канчадан оору келип жатат, ошондон колу бошобойт. Макул болсо, ханыңа айта бар, ошондон ушул жерге

чейин жыгач орнотуп, үстүнө зым тартып келсин. Ошол жол тартылып бүткөндө зымдын башын кыз кармасын. Бу жерде Улукман кайсы кесел экенин кармап билет.

Аблетундун сөзүн угуп:

– Болуптур, айтып барабыз – деп, жолго түшөт.

Айтып барат. Аргасы кеткен кан жыгач орнотушка элди буйруйт. Бир айга жетпей эле сым тартылып, бир учу Улукмандын үйүнө туташтырылат.

– Бирөөң баргыла, бирөөң бул жерде калгыла. Балан күнү балан саат, балан мүнөттө кызды алып келип, тартылган зымдын учун карматкыла, – дейт.

– Куп! – деп, бирөө кетип, бирөө калат. Ошол убакта Улакман зымдын учун кармайт. Ал жактан келген киши жанында карап олтурат. Улукман кылчайып жанагы кишини карап:

– Ханыңдын кызы эчкиби? – деп сурайт.

– Жок, жок, адам – деп жооп берет.

– Улукман зымды коё берет. Дагы туруп кайта кармайт. Дагы Улукман кайрылып:

– Хандын кызы аюубу? – деп сурайт.

– Жок, адам, – деп жооп берет.

Бир аз туруп дагы кармайт. Дагы кармап туруп, коё берип:

– Ханыңдын кызы кармады, өстүрбөгөн кесел аз эле экен, – деп жанагы кишиге, үч шише дары берет.

– Мынабу коюу дарыны кыздын эч жерин калтырбастан шыбагыла. Бир сааттан кийин мынабу шишедеги сууну төбөсүнөн ылдый куйгула. Үч дары менен кыз он жети жаштагы куракка келет, – деп, үч шишени чүпүрөккө ороп, жанагы кишини көздөй сунат.

Аблетун ал дарыларды Улукмандын колунан ала коёт.

– Ой, Улукман, эч нерсени байкабаган жан экенсиң. Тигилер бирин бирине аралаштырып сыйпашса, анан кыз айыкпай калса, хандын ачуусу келип, анан

бизге эки киши жиберип, бизди өлтүрүп кетсе деп турасыңбы. Андан көрө мага берсең, мен өз колум менен дарылап, айыкса-айыкпаса да өзүм көрүп келгеним оң го, – дейт.

– Бул сөзүң туура. Коюу дарыны кызга сыйпа, бир сааттан кийин мынабу кызыл дары менен жуу, бедеринде жок болот. Анан мынабу шишедеги суу менен жуу, – деп Улукман Аблетунга тапшырат.

Аблетун эшикке чыгып, жанагы кандан келген кишини чыкырып:

– Мынабу тартылып келген зымдын учу каерге барат? – деп сурайт.

– Учу туура эле хандын ордосуна барат, – деп жооп берет. Аблетун колуна балтаны алып, жаткан талдан эки кулачты кесип, бутуна таңат. Колуна үч кулачка жакын талды алат. Тартылган зымга чыгат. Жыгач бүт темирдин үстүндө чуркаган бойдон кетет. Жүрүп олтуруп хандын ордосуна барып түшөт.

Караса, алтын тактын үстүндө хан олтурат.

Тегереги толтура эл. Аблетун кайрылып, отура калып, бутундагы жыгачты чечип таштайт. Кайра туруп:

– Кызын табыпка салган кан ким? – дейт.

– Мен! – деп хан ыргып турат.

– Келиңиз бери жакка! – деп чакырат. Канга келип, кол сунуп учурашат. Аблетун:

– Жаныңызда бычагыңыз барбы? – деп сурайт.

– Бар! – деп жооп берет хан.

– Алыңыз, – дейт. Хан бычагын колуна кармайт.

– Оногу талдан барып, кулач-кулач төрт чыбык кесип келиңиз – дейт.

– Хан төрт чыбыкты кесип келет. Чыбыктардын учун шиштеп, жерге тегерете сайдырат. Ханга карап:

– Мынабу кемселиңизди чечиңизчи, – дейт. Хан кемселин чечет.

– Төрт чыбыкты ийип мына муну үстүнө жабыңыз, – дейт.

– Чыбыктын үстүнө кемселин жабат. Кайра экөө тең тике турат. Аз убак өтпөй эле Аблетун эңкейип, жанагы жабылган кемселди карайт. Кылчайып ханга:

– Мынабу бышкан анделекти алып бериңиз, – деп айтат Аблетун.

– Хан эңкейип колун сунат, колу жетпейт. Олтура калып колун сунат, колу дагы жетпейт. Акыры өзүнүн жаап койгон кемселине башын катып эңкейет. Кемселге башы кирип, көрүнбөй калганда кан өзүн жылаңач катын сезет.

– Карап турса, этектен ат-төө жетелеген көп адам чыгат. Баягыны көргөндө, жылаңач бойдон качып барып, бир чуңкурга жата калат. Мунун качып барып жатканын келе жаткан адамдар көрүп калат.

– Арасында бир аксакал:

– Жанагы чуңкурга качып барган катын го, сен барып көрүп келчи? – деп бирөөн жумшайт.

– А жигит чаап келип караса, чачы куйругуна түшкөн бир жылаңач аял чуңкурда жатат. Беттешип карай албай кайра чаап келет.

– Чачы куйругуна түшкөн бир аял бөк түшүп жатат. Беттешип карай албадым, сыртын гана көрдүм, – деп жооп кайтарат.

– Аксакал киши:

– А катын эрине бир күнөө кылган. Кийим-кечесин сыйрып алып, талаага айдап жиберген да. Бирөөң шымыңды, бирөөң көйнөгүңдү, бирөөң жоолугуңду бер. Сен алпар да, кийинтип жибер, – деп жанагы жигитти кайра буйруйт.

– Жакындап барып чуңкурга жанагы үчөөнү ыргытып:

– Ой, катын, мынабу кийимдерди кий! – деп тескери карап турат. Катын кийинип ордунан турат.

– Алып кел, бер жакка! – деп аксакал кыйкырат.

Аксакал катындан кеп сурайт, аксакалдын сөзүнө жооп кайтарбайт. Аксакал шериктерин карап:

– Жанагы менин айткан сөзүм да, бу бети жокко

эмнени айтасың? Чылбыр менен мойнунан байлап кой. Баспаса төө сүйрөп өлтүрсүн, – деп төөгө байлатып коёт.

– Жүрүп олтуруп бир айылга келет. Айылдагылар катынды сурашат. Ак сакал:

– Бу шерменденин эмнесин сурайсыңар, катуу күнөө кылып, качып жүргөн катын да! Айылында бир катыны өлгөн адамды чакырып:

– Сага катын таап келдим, төөдөн чечип, жетелеп барып нике кыйдырып ал, – деп тигиге тапшырат.

– Баягы төөдөн чечип алып, үйүнө жетелеп барат. Молдону чакырып, бир табак күрүч кылып, нике кыйдырат. Ушул бойдон жанагы кишинин колунда он жыл болот. Он жылда эки уул төрөйт. Бир күнү күн ысык эле Чоң дайрага эки челек көтөрүп сууга барат. Челекти жерге коюп, аяк-быякты караса, адам көрүнбөйт. Кийим-кечесин чечип, бир киринип алайын деп, чоң суунун жээгине олтурат. Отурары менен эле көк чөптөн буту тайып кетип, сууга түшүп кетет. Чоң суу агызып кетет. Кээ жерде чыгып, кээ жерде жоголуп отуруп суунун ортосунда калат. Ошентип, агып кетип бара жатса, суунун жээгине чыккан кайыңдын бутагы салаңдап турат. Кайыңдын учунан кармайт. Күч келгенде кайыңдын салаңдаган бутагы сына баштайт. Кайыңдын бутагы жарымдап сынып калган кезде токойдон Аблетун чыга калат. Кан бая жерде Аблетунга жалынып, ыйлай баштайт.

– Мен сага эмне күнөө кылдым эле. Мени элге-журтка шерменде кылдыңыз, – дейт. Аблетун:

– Кылган күнөөңдү билбейсиңби. Пирим Улукманды зымдын учуна улак карматып, улакты коё берип, аюу карматып, Улукманды сен шылдың кылбадыңбы, ошол сенин шылдыңыңа сага ушул күндөрдү көрсөттүм, – дейт. Катын хан ыйлап:

– Улакты, аюуну карматканым билбейм.

– Билбесең, ушундай шылдың кылгандын жазасын бересиңби? – дейт.

– Жазасын беремин, – деп, оозуна каргыш алат. Аблетун катынды чачынан кармап, суудан тартып алат.

– Катын кургакка чыгып, көзүн ачса, эңкейип өзүнүн кемселине башын катып, колу анделекке жетпей турат. Кара тер куюлган, колу-бутунан күч кеткен, хан эки колу менен таянып ордунан турат. Карап турган калың эл таң калат.

– Катын менен кыз кана? – деп сурайт Аблетун.

– Кызды катын көтөрүп келет. Көтөрүп жакын келгенде, Аблетун ханга карап:

– Анделекти ал, – деп, экинчи буйрук кылат. Мурдагы иштерди көрүп келген ан башын чайкап болбойт.

– Ала бер, эч нерсе болбойт! – деп катуу айтат Аблетун. Эңкейсе эле анделекке колу жетет. Анделекти алып Аблетундун колуна берет. Аблетун бычагын колуна алып, анделектин түбүн тегерете кесип алып, катынга:

– Муну жүрөгүңүн тушуна жармаштырып кой – деп колуна берет.

Аблетун анделектен бир тилим алып, кызды көздөй сунат. Кыз оозун ачат, оозуна анделекти тийгизип, жерге таштап жиберет. Экинчи тилип алып, үч жолу жегизет. Үчөөн тең жерге таштап коёт.

– Анделекти ал! – деп, экинчи буйрук кылат. Анделекти алат. Андан үч тилим кесип кызга жегизет.

Үчүнчү анделекти ал деп, аны да ханга алдырат. Анделекти ортосунан тең бөлүп, эки бөлүгүн эки колуна алып, бычагын бүктөп жанына салып, бир бөлүгүн катынынын колуна берет. Бир бөлүгүн кыздын башындагы жоолукту алып таштап, кыздын башына коёт. Катынга кайрылып:

– Мынабу бир бөлүктү кыздын көчүгүнө бас! – дейт.

– Төбөсүнө койгон анделектин суусу кыздын башынан самсаалап агып турат. Бир аз өтпөй эле, катынды карап:

– Таштап жибер кызды! – дейт. Катын эңкейип, жерге коё турган болот.

– Эңкейбе, турган бойдон коё бер! – десе катын болбойт.

– Эңкейбей коё берсем, өлүп калбайбы! – деп жооп кайтарат. Аблетундун ачуусу келип, катынды кызды көтөрүп турган эки колунан кармайт. Катуу кысып, колун эки жакка ачып жиберет.

– Катын үнүнүн бардыгынча чаңырат. Анан жерге буту тиет, чойгон жибектей болуп кыз энеси менен тең боло калат. Аблетун кылчайып ханды карап:

– Ханым, айткан сөзүңдүн өтөөсүнө чык – дейт. Катын кайрылып кызын ээрчитип үйүнө кирип кетет.

– Ханым, кыз калыбына келдиби? – дейт. Хан Аблетунду кучактап, эки бетинен өбөт.

– Кана, ханым, убадаңды аткар! – дейт. Хан аркасына кайрылып:

– Кечээ зымдын башында ким турду эле, – деп сурашат. Эки адамдын атын айтышат. Чакыртып келет.

– Кечээ зымдын башында турганың ыраспы?

– Ырас! – деп мойнуна алат.

– Эмне үчүн зымга улакты бастырдың? – дейт.

– Мен зымдын жанында олтурат элем, сиздин аялыңыз бара элек эле, бир жаш улак секирип келди. Улакты кармап, зымдын учуна бутун бастым. Бул ырас, экинчи бир аксакал киши аюу жетелеп келди, аюуну жаңдап мыногу зымды кармачы дедим, ал адамча кармады, – деп жооп берди.

– Мен күнөөкөр эмес бекенмин, – деп, Аблетунду көздөп кан таазим кылды. Аблетун ханды карап:

– Жыгач орнотуп, зым тарттырып сизди убара кылдык. Ыраазы болуң, кызыңыз он жети жаш куракка кайра келди – деп, ханга салам берди.

– Кана эми, олтуруп тамактанып кетиң! – деп, хан колун куушурду.

– Куп, мынабу жыгачтарды бутума таңып алып, силерге бир оюн көрсөтүп анан кийин олтуруп сиздин тамагыңызды жейин – деп, жыгачты бутуна таңа баштады. Колундагы бир жыгачты алып, ыргып сымга чыкты.

– Кош, аман бол, ханым, – деп көздөн кайым болду.

– Зымда келе жатып, Улукмандын берген дарысын корум таштуу жерге ыргытып жиберди. Ташка тийип, үч шише тең жарылып калды.

– Аблетун кайра Улукмандын астына келди. Саламын айтып, чөк түшүп алдына олтуруп:

– Сыйпа деген дарыңызды сыйпадым, жуу деген дарыңыз менен жуудум, үчүнчү дарыңыз менен да жуудум, саат өтпөй эле кыз баягы калыбына келди он жети жашка. Сүйлөгөн сөзүндө, ой-боюнда эч кемтиги калган жок.

– Кана, пирим, барып бүтүрүп келген кызматым үчүн дубаңызды бериңиз, – деп алаканын жайды.

– Улукман да алаканын жайып:

– Аблетун кыяматка чейин атың өчпөсүн! – деп батасын берди.

Бир жигит катуу ооруп, төшөктө эки жыл жатат. Бир адам келип:

– Улукман деген табып чыккан имиш, алдына барган кесел айыкпай койбойт имиш, сен ошого барсаң боло, – дейт.

– Басууга жарабасам, атка мине албасам, кандай барамын. Аялы бул сөзгө аралашат:

– Төөнү токуп бир жагына сени, бир жагына башка бир нерсени артып, тең кылып алып барсам болор бекен, – дейт.

– Чыбыктан узун самбал токуп, бир жагына аны теңдеп, бир жагына күйөөсүн артып, Улукманды көздөй жетелеп жөнөйт катыны. Эки түнөп, үчүнчү күнү барат.

– Жардам бергиле, мынабуну табыптын алдына алып кирейин – дейт, жардап турган адамдарга.

– Эки киши басып келип:

– Ат-а, бечара – дешип, Улукмандын алдына көтөрүп киришет. Улукман тамырын өзү текшерип көрүп:

– Бүгүн жаткыла, – дейт.

Ал күн жатып калат. Эртең менен Улукман басып келип:

– Иним, сенин ооруң менин колуман келбейт экен. Үйүңө бара бер, – дейт.

Катыны ыйлап, дагы эки киши жардамга чакырып, токулган самбалга чыгарып, төөнү жетелеп жөнөйт.

Кайта үйүнө келгенде:

– Байбиче, мага обочо жерге алачык кылып бер. Бейшепти ордумда кылат эмесминби. Бала-чакага жаман көрүнбөй оолак жатайын, – дейт.

Аялы макул болуп, айткан жерине алачыкты жасап, кийизге салып сүйрөп, узунунан жаткызып, алачыктын ичинен жай кылып берет.

Ушундан бир нече күн өткөндөн кийин аял кесеге бир нерсени көтөрүп келип, коюп кетет. Ичинде эмне бар экендигин башын көтөрүп көрө албайт. Көп кечикпей, мурда көргөн жыландан түрү бөлөк бир жылан кирип келип, баягы кесеге башын салып, кесенин ичиндегени иче баштайт.

Жылан жооноёт. Бир убакта жылан башын көтөрүп, эки жакты карап эңкейет дагы, ичкенин кайта кесеге кусуп, кайрылып чыгып кетет. Оорулуу адам: «Кеседеги эмне болсо да ичти, заарын салып кайта кусту, минтип жаткандан көрө мага өлүм керек эмеспи. Ушуну ичсем, бачым эле өлүп калам го» – деп умтулуп, кесеге жетүүгө аракет кылат. Ошол убакта кылчайып артын караса, алачыктын жыгачтарынын арасында адам бою өскөн камыш турат. Бычак менен ыйкап олтуруп, баягы камышты кесип алып, кесеге салат. Анан соро баштайт. Камышты жерге таштап: «Өлүп калсам келип көрүшөр» – деп оронуп жатып алат.

Канчадан кийин ойгонсо, кара терге чөмүлгөн. Оокат талап кылып калыптыр. Аялын кыйкырып:

– Мага бир оокат бер, – дейт.

Аялы тапкан оокатын алып келет. Ошо күндөн баштап эле, ашка кирип аз эле күндө тура баштайт.

Бир күнү отуруп ойлонуп: «Улукман деп мени алпарса, кеселимдин дарысын таппай өлөсүң, – деп мени кайра кууду. Мен үйдө жатып айыктым. Бул алдамчы табып экен. Буга барып калпын чыгарып келейин», – деп, атты минип жөнөйт. Төө менен үч күндө барган жерге бир күндө барат.

– Ой, Улукман, мени тааныдыңбы?

– Ооба, тааныдым.

– Мени төөгө артып келгенде мени айыкпайсың деп, кайра үйгө айдадың. Мен үйгө барып, башымды ороп жатсам эле, айыгып калыпмын. Сен алдамчы табып турбайсыңбы, – деди. Улукман башын көтөрүп:

– Бул айтканың чын. Сенин кеселиңди айыктыра турган даба кыйын эле. Түнү менен ойлонуп, буга кыла турган дава менин колумдан келбейт го, – деп сага жооп бердим.

– Ии, кандай дува керек эле? – деп сурады.

– Биринчиси, сага жети жыл туубай калган төөнүн сүтү, экинчи, бөлөк бир түрдөгү жыландын уусу керек эле. Ошол жыланды таап келип, жанагы төөнүн сүтүн ошого ичирип, кайта кустуруп алып, жылан кускандан кийин сага ичириш керек болучу. Буларды табуу менин колуман келмек эмес, – деп Улукман сөзүн бүтүрөт.

Бул сөздү уккандан кийин жигит башынан өткөн окуяны эсине түшүрүп, Улукмандын табыптыгына таң калып үйүнө келет.

– Бая мен тердеген күнү кесеге алып келип койгонуң эмне эле? – деп сурайт аялынан.

– Ошо күнү эшикте турсам, көп төө жетелеген эки-үч адам өтө берди. Бир аксакал киши.

– Ой, балам, бери кел, бир кесе ала кел! – деп чакырды. Үйдөгү кесени колума кармай бардым. Балам, оногу төө эки-үч күндөн бери саалбай, желини ооруп келатат. Төөнү саап ал, – деди. Төөнү саап алдым. Ал сүттү үйгө алпарбастан сенин алачыгыңа коюп кеттим – деп, жооп берет.

Ошондо кыргыздын «айыгар оорунун дабасы өзү табылат» деген сөзү ырас экен го, – деп таң калат, оорудан айыккан адам.

## УУРУ

Илгери-илгери Сарманбет деген аттактуу ууру болуптур. Ал ар качан коңшулаш элдин үйүр-үйүр жылкысын айдап келип базарга сатып, алыска аттанбай калганда айылдаштарынын семиз малын уурдап келип союп жеп турчу экен. Бир карасаң Сарманбет бай болуп, кудайын таанымбай күркүрөп ичкилик ичип, кумар ойноп, келин жандап эсирип кетчү экен. Колундагы арам дүнүйөсү суудай агып түгөнгөндө кайра эле байкуш болуп, туугандарынын, тааныштарынын тамагына ортоктош болуп калчу экен. Жашы кыркка жетип, чачын ак аралай баштаганда атасынан калган үйдө үңкүйүп жалгыз ойго батып отурса улгайган дербиш кайрылып салам айтып суусундук сурап келип калды.

– Суусундукка берер максымым же чалабым жок, кааласаң суу берейин, – деди Сарманбет.

– Алланын буюрган насиби суу болсо ага да каниет, берсең ичейин, – деди дербиш.

Сарманбет үйгө кирип чөмүчкө суу сузуп чыкты. Чөмүчү тешик экен, эки жерден аккан суу желини толгон бээнин эмчегиндей дирилдеп топуракка төгүлүп келатканын көрүп:

– Балам, суу ичкендей бүтүн идишиң жокбеле? – деди дербиш.

– Башка идиш жок, болгону ушул, – деди Сарманбет сумсайып.

– Ата балам ыя, – деди дербиш капаланып, ушунча жашка келип суу ичерге идишиң болбосо турмушуң оор экен. Деги эмне иш кыласың? Кесибиң эмне? үй-бүлөң барбы? – деп сурады дербиш Сарманбеттин колунан чөмүчтү алып жатып.

– Кесибим уурулук, аялым жок! – деди Сарманбет.

Дербиш колундагы чөмүчтү туурулган эрдине жакындатып көтөргөн калыбында таң калып, оозу ачылып үйдүн ээсин тиктеп калды.

– Тамаша кылып атасың го балам, – деди дербиш, ишенер-ишенбесин билбей.

– Тамаша эмес, карыя – деди Сарманбет, менин кесибим уурулук. Элдин көз жашына карабай бала кезимден бери уурулук кылам. Уурудан тапканымды ичип, жеп жашап келем. Эл мени жек көрүшөт, мен аны билем. Уурулукту таштайын деп ойлойм, бирок таштай албайм. Элчилеп бел оорутуп, кол жоорутуп иштегим келбейт.

– Бекер кыласың, балам, – деди дербиш, ууру тиги жайдагы «тозокко»түшөрүн айтпаганда бул жалган дүйнөдө эч качан жыргаган эмес. Бирөөнүн акысын жеген адам азыр да жыргабайт, кийин да жыргабайт. Мына өзүңдү мисалга алалычы. Жашың бир топко келип калыптыр, сен жыргадыңбы? Жыргаган жоксуң! Бир келген кишиге бүтүн идишке суу сузуп бере албай отурасың, балам. Алла таала уурулукту ташташ үчүн дилиңе жакшы ой жаратыптыр. Сен аны аткар. Уурулукту таштап Аллага сыйын. Алла таалага ооз учуң менен сыйынбай чын пейлиң менен сыйын. Чын пейлиңден кечирим сурасаң Алла күнөөңдү сөзсүз кечет.

– Мен көп кылмыш кылдым. Көп кишинин убалына калдым, канчалык жалынсам да кудай менин күнөөмдү кечпейт, – деди Сарманбет.

– Бул оюң туура эмес, уксаң бир икая айтып берейин, – деди дербиш.

– Айтыңыз аксакал, – деди Сарманбет.

– Өткөн заманда Абдрахман деген каракчы болуптур. Ал зөөкүр, мыкаачы адам экен. Каракчылык кылып, кербендерди тоноп, каршылык көрсөткөндү өлтүрүп тынчу экен. Ушу сенин жашыңа келгенде дилине жакшылык түнөп, намаз окуп, Алланын ак жолуна түшүүнү ойлонуп молдого барып:

– Молдоке, мен каракчылык кылып токсон тогуз кишини өлтүрдүм. Эми Алланын ак жолуна түшөйүн деп турам. Жаратканга жакшылап жалынсам кудай күнөөмдү кечеби? «Тиги жайга» барганда мен тозокко түшпөймүнбү? – деп сураптыр.

Молдо каракчынын «токсон тогуз кишини өлтүрдүм» деген сөзүн укканда ачуусу келип, чачы тик туруп:

– Сен бейишке кирмек түгүл эшигине жакындабайсың, эч качан тозоктон чыкпайсың. Жогол көзүмө көрүнбөй, – деп урушуптур.

Каракчынын молдого ачуусу келип «баары бир тозокко түшөт экенмин, сени менен жүз болсун» деп молдону ошол жерден бычак менен сайып өлтүрүп таштаптыр. Бирок жүрөгүнө уялаган «Ак жолго түшсөм» деген жакшы ойу тынчтык бербей Мухаммат пайгамбарга сыйыныш үчүн, кудайдан чын ыкласынан кечирим сураш үчүн Меккеге жөнөптүр. Бир нече күндөн кийин Меккеге баратып жолдон ооруп өлүп калыптыр. Чын пейили менен ак жолго түшүп акыйкат издегендиги үчүн Алла таала Абдрахман каракчынын күнөөсүн кечип жаннаттан жай берип, ачууга алдырып, Алланын бардыгын, бирлигин, калыстыгын пенделерине түшүндүрүп түз багыт бербегендиги үчүн молдону тозокко салыптыр, балам. Сенин күнөөң Абдрахман каракчыдан аз. Ак дилиң менен чын пейлиң менен кечирим сурасаң Алла таала күнөөңдү сөзсүз кечет. Сенин ак жолго түшкөн өрнө-

гүң элге үлгү болот. Жаштык кылып, мастык кылып адашкандар сенин жолун жолдойт, – деди дербиш. Сарманбет дербишке «уурулугумду таштайм да, таштабайм да» деп айтбай токтоп калганда дербиш суусун ичип, рахматын айтып кетип калды.

Арадан жыл айланды. Шейшемби күнү дербиш көчө бойлоп келатса күнөөлүлөрдү дарга азып жазалаган жерде эл топтошуп калыптыр. Дардын түбүндө мойнуна сыйыртмак салынып, жыртылган кийими, саксайып өскөн чачы, алынбаган сакал-муруту топурак болгон адам башын шылкыйтып туруптур. Чогулгандардын арасынан бири, «ууруга сооп жок өлүм жазасына тартылсын» деп каарданса, бири «өлтүрүлбөсүн, көп жылга абакка кесилсин, зынданда жатып чирисин!» деп чуулдашып жатышыптыр. Дербиш четтеги сакалдуу кишиге кайрылып:

– Аксакал, бул бечаранын эмне күнөөсү бар экен?- деп сурады.

– Мунун күнөөсү чоң, – деп түшүндүрдү карыя бул убал, соопту билбеген, адамдын кыйналганын түшүнбөгөн акмак ууру. Бул көп жылдан бери элге тынчтык бербей, колго түшпөй уурулук кылып келет. Бирөөнүн малын уурдаса, бирөөнүн акчасын алып элдин тынчын кетирди. Бул сапар мусулманчылыктан да, адамкерчиликтен да чыккан иш кылды. Атайы жер астынан тунел казып хандын кызынын жаткан жеринен чыгып аны мазактарда хандын кароолчулары кармап алып сабап, кийиздей тепкилеп ушул жерге апкелишти. Акыркы сөз хандын өзүндө, ал кандай өлүм буюрса так ошондой болуп өлөт. Ошол себептен эл ханды күтүп турушат - деди карыя.

Дербиш Сарманбет ууруну тааныды. Бир жылдын ичинде чачындагы ак көбөйүп карып кеткенин байкады. Учурунда айтылган акылды укпаганына дербиш ичинен сызып турганда бир топ жанжөкөрлөрү менен хан келди. Ал дардын маңдайына даярдап коюлган алтын такка отуруп:

– Кана эл куруткан, жер куруткан кесепти, эмне үчүн менин кызымдын жаткан жайын буздуң? Эмне үчүн кыз баланын үстүнө кирдиң? Эмне жаман оюң бар эле? Айткын! – деп хан суракка алды.

– Урматтуу ханым, – деди Сарманбет каргылданган үнүн бийик чыгарып, мен кандай актанбайын баары бир сиз ишенбейсиз. Өлтүрөсүз. Угуп турган эл да, карап турган калк да ишенбейт. Бирок мен өлөр алдымда болгонду болгондой айтып берүүгө уруксат этиңиз. Мен сиздин кызыңызды көрөйүн зордуктап өбөйүн деген оюм жок болчу. Өмүр бою уурулук кылып жарыбадым. Бетим көөдөй болуп карайып элдин бетин дит багып карай албай калдым. Бирөө назар салып тиктесе да «Ушу жоготкон малын менден шекшип ататго же мени жек көрүп карап жатат го» деген ой башыман кетпей койду. Кыскасы элге батпай калдым. Ушул учурда менин жаман үйүмө чаңкаган дербиш кайрылып калды. Жыртык чөмүчтөн суу ичип жатып «Балам уурулугуңду кой, ууру эч жарыган эмес» деп акыл айтты. Дербиш кеткенден кийин ал кишинин айтканы оюман кетпей койду. Ага да болбой бир жылча уурулук кылдым Бир күнү башыма бир ой келди. «Хандын казынасын уурдап байыйын да, уурулукту таштайын. Ошол байлыктын аркасы менен Меккеге барып кудайга сыйынып, күнөөмдү кечир деп суранайын» деген чечимге келип сиздин казынаңызды уурдамак болдум. Бирөөнү кошпой жалгыз өзүм жердин астынан тунел каздым. Көп күн убараландым. Акыры тешип чыксам сиздин казынаңыз эмес, уктап жаткан кызыңыздын үстүнөн чыктым. Тешиктен башым чыгарып карасам кызыңыз гүлдүү шейшепти жамынып чалкасынан түшүп уктап жаткан экен. Анын жанында бир маймыл колуна колтойгон союл алып мемиреп бейкапар жаткан кызды көз ирмебей тиктеп туруптур. Ушул учурда каргаша болуп мен казган тешиктен чычкан чыгып жанталашып качып жөнөдү. Ал түз эле уктап

жаткан кызыңыздын бутунуна чыкты. Ал чыккан жерине тынч турбай жөргөлөп төшүнө барып эки эмчектин ортосуна сороюп туруп калды. Кыздын жанында турган маймыл мурун менден көзүн албай тиктеп турган. Чычкан кыздын үстүнө чыкканда ал мени унутуп чычкандан көзү өтүп, бети тыржыйып, көөдөнүнөн киркиреген үн чыгып, эриндери чормоңдой баштады. Мен да кызыгып маймыл менен кызды тиктеп калдым. Бир оокумда маймыл кызыңыздын төшүндө турган чычканды өлтүргөнү келтирип туруп чабарга камданды. Маймыл чычканды чапса кызды майып кыларын сезип, өзүмдүн өмүрүмдү ойлобой, кыздын аман калуусуна кам көрүп «Токто, союлду ташта!» деп бөлмөнү жаңырта катуу кыйкырдым. Кокусунан чыккан үндөн маймыл селт этип мен тарапты карап токтоп калганда, мен тешиктен атып чыгып маймылдын колундагы союлду күрөк менен түшүрө чаптым. Ошол учурда ойгонгон кызыңыз «Ап-а- а!» – деп чоочуп чаңырды эле сыртта турган кароолчулар келип мени кармап алышты. Мына менин кылган күнөөм ушул ханым. Мен чындыкты айттым. Эми кандай өкүм чыгарсаңыз да, кантип өлтүрсөңүз да, эрк сизде ханым.

Угуп турган эл Сарманбет уурунун сөзүнө бири ишенсе, бири ишенбеди. Уурунун жазасын ар ким билгенинче, түшүнүгүнө жараша чуулдап жоруп атканда хан кароолчулардан окуянын болгонун тактап сурап билип:

– Бул Сарманбет уурунун айтканы туура. Мен кишиге ишенбейм, кызым бөлмөсүндө жалгыз калганда кайтарып турганга маймылды атайын үйрөткөм. Кызыма жан кишини жолотпой, уктап жатканда конгон чымындан коргоп турганы да чындык. Ал эми Сарманбеттин ууруга келгени да, кызымды өлүмдөн алып калганы да чындык. Эгер Сарманбет жаман ойдо болсо, хандын кызы өлсө өлө берсин десе жигин билгизбей качып кетмек. Аны эчким таппак эмес.

Мен Сарманбет ууру болсо да, казынамды уурдайм деп тунел казып колго түшсө да, анын мага кылган жакшылыгы зор. Өз жанын коргобой менин кызымды өлүмдөн коргоп калгандыгы үчүн күнөөсүн кечтим, – деди хан.

Эл дуу-дуу болуп басылганда желдеттер дароо күнөөлүнүн мойнунан сыйыртмакты чыгарышты. Хандын айтуусу боюнча Сарманбеттин үстүнө бейкасам чепкен жаап, башына суусар тебетей кийгизишти. Хандын калыстыгына, кеменгерлигине, марттыгына ыраазы болгон эл толкуп турганда Сарманбет хандын алдына чөгөөлөп:

– Рахмат ханым, сиз мени өлүмдөн гана алып калбай, бул жашоодо калыстык, адамкерчилик бар экенин дагы бир жолу аныктадыңыз. Ак жолго кадам таштоого жол ачтыңыз. Мен шайтандын азгырыгы менен жаман жолго түшүп ууру кылдым. Мезгил-мезгили менен коюн-кончум дүнүйөгө толсо да жарыган жокмун. Зыяны жок момун адамдардын малын алдым, күнөөсүнө калдым. Эми мындан ары мен уурулугумду койдум, ханым. Бирөөнүн ала жибин аттабаска ант берем. Касам ичем! – деди Сарманбет.

– Туура кыласың балам, – деди таягына жөлөнүп турган дербиш үн катып, сен жаман жолдон кайтканыңды, сен бул сөздү ак пейлиң менен айтып жатканыңды жалаң эле биз эмес асмандагы Алла таала да угуп, көрүп турат. Кеч болсо да жаман жолдон чыгып, жакшы жолго түшкөнүңө хан да ыраазы, эл да ыраазы, Алла да ыраазы. Сени көрүп, сага окшоп ак жолдон адашкандар ойлоноорлук иш кылдың, балам.

Сарманбет дербиштин астына чөгөлөп:

– Жакшы кеңешиңизге, айткан акылыңызга чоң рахмат, ата «карысы бардын ырысы бар», сизге окшогон акылман карылар көп жашап адашкандарга акыл чачсын, – деп этегинен өөп, көзүнө сүрттү.

Хан толкуп турган элге кайрылып:

– Бул Сарманбеттин союп жээрге малы, нан сатып аларга акчасы жок экен. Жаман жолдон кайткандыгы үчүн мен буга жүз кой, он уй, он жылкы бердим, – деди хан.

Хандын бул марттыгы элди аябай кубандырды. Сарманбет кайрадан хандын астына чөгөөлөп:

– Урматтуу ханым деди толкунданып, сиздин марттыгыңызга чоң рахмат. Сиз айып көрбөсөңүз мага багыштаган байлыкты ушу арабызда турган, учурунда мага жакшы кеңеш берген дербишке берүүгө уруксат этиңиз. Сиздин чын дилден берген малыңыз ушул кудайдын сүйгөн пендеси дербишке буюрсун. Мен өз эмгегим менен нан таап жейин ханым.

Хан каршы болгон жок. Дербиш хан берген малды алып, кол жайып:

– Ылайым ушуга окшоп сөзүңөр так, пейлиңер ак болсун. Жериңерде береке, элиңерде тынчтык болсун. Эч жамандык көрбөгүлө, оомийин, – деп бата узатты.

Эл жакшы маанайда тарашты. Дербиш үймө үй кыдырып хандан алган байлыкты кембагалдарга таратып берди. Кийин дербиш ошол айылга кайрылып келгенде Сарманбет намаз окуп, дыйканчылык кылып, үйлөнүп, үч балалуу болгонун көрүп абдан кубанды.

## УР ТОКМОК

Илгери-илгери бир алсыз абышка-кемпирдин жалгыз аты болот. Тузак тартып, эмне канаттуу түшсө, алып келип жеп, оокат кылып жүрүшчү экен. Бир күнү баякы тузакка бир чоң карга түшүп калат, аны соёюн десе, баягы карга:

– Мени сойбо, мен сени менен дос болоюн деп келдим. Мен Каргабай деген болом. Үйүм тээтиги тоонун астында. Эртең менин үйүмө бар, – дейт да кетет.

Эртеси баягы абышка, айткан үйгө барат. Каргабай:

– Ээ, досум, келдиңби? – дейт.

– Бергениңди алам, досум – дейт абышка. Анда Каргабай бир чебич берет.

– Досум, мунун өнөрүн айтып берейинби, же айтпай берейинби?

– Айтып бер, досум! – дейт абышка.

– Чыч-чыч, чебичим чыч! – деди эле, өрүк, мейиз чычып жиберди.

– Кой-кой! – деди эле, коюп калды.

Чебичти жетелеп алып, келе жатып, үч үйлүүжатакчы бар эле, үйүндө бир кемпир насвай тартуучу. «Мен насвай тартып алайын» – деп, аттан түшүп:

– Чыч-чыч, чебичим, чыч дебегиле! – деп, үйгө кирип кетти.

– Чыч-чыч, чебечим, – деп көрөлүчү, – чыч-чыч чебечим, чыч! – деди эле, чебич өрүк-мейиз чычып жиберди. Чебичти алып калышып, ордуна бир окшош чебичти байлап коюшту.

Абышка чебичти жетелеп алып, үйүнө жакындаганда:

– Оо, кемпир, үйүңдү чоңойт эле, чоңойт! – деп, кыйкырып келе жатат. Кемпир жаман үйүн ара-бери сүйрөп чоңойтумуш болуп:

– Келдиңби? – деп сүйүнүп.

– Чыч, чебичим, чыч! – деди абышка. Эчтеке жок. «Каргабай маа кылган экен» – деп, эртеси кайра барды.

Ээ, досум, келдиңби?. Эмне аласың? – деди Каргабай.

Бергениңди алам. Бир дасторкон берет.

Мунун өнөрүн айтып берейинби, же айтпай берейинби?

Айтып бер, досум.

Жайыл, досторконум, жайыл дечи.

– Жайыл, досторконум, жайыл! – деди эле абышка, дүнүйө жемиш жайылып калды. Кийин: – Дасторкон жыйыл, – деди эле, жыйылып калды.

Дасторконду байланып алып, абышка жөнөдү. Жолдогу жатакчыга дагы келди. Насвай тартайын деп, кирип бара жатып:

– Жайыл, дасторкон жайыл, дебегиле! – деп, кирип кетти. Баягы үч адам эшикте туруп:

– Жайыл, дасторкон, жайыл! – деди эле, дүнүйө жайылып калды. – Жыйыл, дасторкон, жыйыл, – деди эле, жыйылып калды. Дасторконду алып, башка дасторкон байлап коюшту.

Абышка аттанып жөнөдү.

– Кемпир, алачыкты чоңойткун, кечээкиден бүгүн чын, кемпир!

– Кел, абышкам.

– Тиги дасторконду чечип алып кел, мунун сырын айтып берейинби, же айтпай берейинби?

– Айтып бер!

– Жайыл, дасторкон, жайыл! – деди эле, эчтеке жок. Эртеси абышка дагы жөнөдү Каргабай досуна.

– Ээ, досум, келдиңби?

– Келдим.

– Эмне аласың? Бир чанач берди.

– Тол, чанач, тол дечи.

Кымыз чанач менен бир толуп кетти.

– Кой, чаначым, кой! – деди эле, коюп калды. Чаначты байланып алып, жатакчыга дагы келди.

– Мен бир үйгө насвай тартып чыгайын, тол, чаначым, тол, дебегиле, – деп, кирип кетти.

Дагы кынык алган жатакчылар эшиктеринде турушкан экен.

– Тол, чаначым, тол! – деди, кымыз ашып-ташып кетти. – Кой, – деди эле, соолуп калды.

Баягы чаначты алып катып, башка ошондой чанач байлап беришти, аны абышка билген жок.

Үйүнө жакындаганда:

– Оо, кемпирим, кечөөкүдөн бүгүн чын, мунун өнөрүн айтып берейинби?

– Айтып бер.

– Тол, чаначым тол, - деди.

– Тол чаначым тол, - деди эле эч нерсе жок.

– Аа Каргабай маа кылган экен! – деп эртеси барды.

– Ээ досум, келдиңби- деди Карбабай.

– Келдим.

– Эмне аласың?

– Ээ, досум, бергениңди алам. Бир токмок берди.

– Мунун өнөрүн айтып берейинби, досум.

– Айтып бер.

– Ур, токмогум, ур, – дечи.

Ур, токмогум, ур! – деди эле, абышканы токмоктоп ийди,

– Кой, токмогум кой – деди эле, коюп калды.

Абышка токмокту алып, баякы жатакчыларга дагы келди.

– Насвай тартып чыгайын:

– Ур, токмогум, ур дебегиле – деп, үйгө кирип кетти. Баягы кынык алган жатакчылар чогулушуп туруп:

– Ур, токмогум, ур! – деди эле, канжыгадан чечилип алып, бардыгын токмоктоп кирди. Айласы кеткен жатакчылар:

– Чыч чебичиңди берели, жайыл дасторконуңду берели, токмогуңду алгын абышка, – дешет.

Бардыгын алдыма алып келгиле! – дейт.

Баякы токмок ал жердеги жатакчыларды токмоктоп салган экен. Абышка чебичин, дасторконун, чаначын алып, үйүнө барып, кемпирине баарысын айтып, абышка-кемпир жыргап жатып калган экен.

## ҮЧ КЫЗ

Илгери, илгери бир кишинин үч кызы болуптур. Улуу кызы күзгүгө каранып отурганды жакшы көрсө, ортончу кызы таранганды жакшы көрчү экен, ал эми кичүү кызы куурчагына кийим тигүү менен алек болот.

Күндөрдүн биринде ойноп отурган кыздарын карагат терип келгиле деп, энеси токойго жиберет. Үчөө үч баштык алып, карагат терүүгө жөнөшөт. Алар карагат калың өскөн жерге келишип, адегенде кызыгып жеп киришет. Бир аздан кийин тиштери камалып, карагатты жегилери келбей калат. Ошондон кийин гана баштыктарына тере башташат. Баштык толоюн деп калганда улам бири төгүп алып, анысын кайра терип отурушуп, кыздар кеч киргенин байкабай калышат.

Күн батып күүгүм кирип калганда үйүн көздөй жол тартышат. Алар бир аз баскандан кийин эле караңгы кирип, токойдун ичинен үйү кайсы тарапта экендигин ажырата албай калышат. Кыздар коркуп, ылдыйлап басып келе жатса, үлпүлдөп күйгөн жарык көрүнөт. Ошол жарыкка бет алып баса беришет. Акыры чарчап-чаалыкканда жарыкка да жете келишет. Жыртык, тешиги көп жаман алачыкка кирип барышса, босогонун бир капшытында турган соку, экинчи капшытта турган сокбилектен башка көзгө эч нерсе көрүнбөйт. Коломтодо жылтырап от күйүп турат, оттун кашында саксайган кемпир отурат. Ал кирип келген кыздарды карап:

– Ырас келбедиңерби, мындай өтүп отургула. Далайдан бери жолум болбой жүрдү эле, бүгүн бир курсагым тоёт экен, деп кубанып тосуп алат. Анын кебин, саксайган кебетесин көрүп, сөзүн угуп, коркуп кеткен кыздар очоктун кашына отура калышат. Бир аздан кийин баягы кемпир: «Сен үйдүн чамгарагына чыгып, эки жакты карап жат!» деп кыздардын улуусун жогору чыгарып жиберет. «Сен туурдук менен чийдин ортосуна кирип жат, сырттан бирөө келе жатса мага айт!» деп ортончу кызды туурдук менен чийдин ортосуна кийрип коёт. «Ал эми сен кичине экенсиң, мен өзүм алып жатайын, чачыңдан жыттап, көңүлүм ачайын», деп жарпы жазылып жата кетет.

Кичүү кызды койнуна алып жатып жез кемпир чачын жыттамыш болуп кыздын башынан канын соро баштайт. Ошентип жатып кыз да, жез кемпир да уктап калат. Чамгаракта жаткан улуу кыз адашып кетишкенин, башка жакка келгенин, саксайган кемпирдин жез кемпир экенин билет. Ал тигилер уктап калгандан кийин акырын түшүп келип туурдук менен чийдин ортосундагы сиңдисин бошотот. Анан кичүү сиңдисин келип карашса, жез кемпир канын соруп жатып уктап калганын көрүшөт. Жерде жаткан талпактын бир учун оозун ачып уктап жаткан жез кемпирдин оозуна тыгып, сиңдисин бошотуп алышып, үчөө качып жөнөшөт.

Аз жол жүрдүбү, көп жол жүрдүбү, бир маалда канын сордуруп койгон кичүү сиңдиси чарчап, араң эле басып калат. Кыздар бир аз дем алганы отурушат. Ошол мезгилде таң атып, айланага жарык кирет. Анан жер жаңырткан дабыш угулат. Кыздар коркуп кетип карашса, баягы жез кемпир чачын саксайтып, көзүн ыкшыйтып, сокусун минип, сокбилегин камчыланып аларды көздөй келе жатыптыр. Кыздар кайда качарын билбей дал болуп калышат. Аңгыча кемпир жакындап келип калат Ошондо кыздардын улуусу күзгүсүн ала коюп:

– Сени далай карадым, эми бир керекке жарагын! деп кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Күзгү жез кемпирге жакын барып түшөт. Күзгү түшкөн жерге көз ачып жумганча баш-аягына көз жетпеген деңиз пайда болуп, жез кемпир аркы өйүздө, кыздар берки өйүздө калат. Кыздар жез кемпирден кутулдук дегендей сүйүнүшүп, үйлөрүн көздөй жол тартат. Ал мезгилде жез кемпир сокусун кайык кылып минип, сокбилегин калак кылып деңизден сүзүп жөнөйт.

Кыздар жүрүп отурушуп аябай чарчашат, курсактары ачат, кеч кирип жолдо түнөп калышат. Эртең менен күрүлдөгөн дабыштан кыздар ойгонуп эки жагын карашса, баягы жез кемпир дагы жакын

келип калганын көрүшөт. Кыздар кайрадан коркуп, эмне кыларын билбей дал болушат. Жез кемпир ого бетер жакындап келет. Ошондо ортончу кыз:

– Тарагым, тарагым, бир керекке жарагын! деп жез кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Тарагы жез кемпирдин алдына түшөт. Көз ачып жумганча тарак түшкөн айлана чычкан мурду жорголоғус чытырман токойго айланып, жез кемпир аркы жакта, кыздар берки жакта бөлүнүп калат. Кыздар сүйүнүп, үйлөрүн көздөй жолун улантат. Ал мезгилде жез кемпир сокусун араа кылып, сокбилегин балта кылып, түн токойдун жоон жыгачты араа менен кесип, майдасын балталап, алдыга жыла берет.

Кыздар аз жол жүрүштүбү, көп жол жүрүштүбү, чарчап-чаалыгышып, курсактары ачып, кубаты качып, дагы бир жерге түнөп калышат. Ал күнү да таң агарып калганда жерди жарган катуу дабыш чыгып, баягы жез кемпир келе жатканын көрүшөт. Кыздар ого бетер коркуп, дал болуп туруп калышат. Аңгыча жез кемпир чукул кирип келет. Ошондо кыздардын кичүүсү эсине келе калып:

– Ийнем, ийнем, ийип кет. Жер түбүнө кирип кет! деп ийнесин жез кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Ийне жез кемпирдин алдына барып түшөт. Ийне түшкөн жер көз ачып жумганча жарылып, түбү жок ор пайда болот. Күү менен келе жаткан жез кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланган боюнча ошол жарылган жерге, түбү жок орго кирип кетет да, ошол бойдон дымы чыкпай жок болот. Жарылган жер кайра бүтөлүп билинбей калат.

Кыздар сүйүнүп, корккон жүрөктөрүн басып бир азга дем алып отурушуп, айланасына көз жүгүртүп карашат.

Батыш жактан жакын эле жерден өздөрүнүн үйү көрүнөт. Кубанган кыздар дароо орундарынан туруп, үйүн көздөй чуркап жөнөшөт. Алар эмне көрүп, эмне кылышкандарын энесине талашып айтып беришип, жыргап жашап калышкан экен.

## ҮЧ КЫЗ

Илгери-илгери бирөөнүн бир кызы болгон экен. Бир киши келди кызына куда болом деп, болсоң бол, – деди. Эртеси дагы бир киши келди, аны да болсоң бол, – деди. Анын эртеси дагы бир киши келди, кызына куда болом деп, аны да болсоң бол, – деди. Баары үч киши болду. «Менин бир эле кызым бар эле, шерменде болом го» – деп бир иттин ургаачы күчүгүн, бир эшектин ургаачысын алып келип, кызынын жанына коёт. Эртесинде караса, баары окшош кыз. Өз кызы кайсы экенин билбеди. Үчөө тең бойго жетти. Күйөөгө берди. «Кой эми, күйөөлөрүн сурайын» – деп, бир күйөөсүнө барды. Барып конуп олтуруп, биринчи күйөөсүн:

– Балам, кандай, колуктуң жакшыбы? – деди.

– Жакшы эле, кез-кезде туталанып, итче каап алат, – дейт күйөөсү.

«Бул баякы ит кызым турбайбы» – деп калат.

Экинчи күйөөсүнө барды. Кыз күйөөсү менен учурашып олтуруп, кызы жокто:

– Балам, колуктуң кандай, жакшыбы, айланайын? – дейт.

– Балам, колуктуң кандай, жакшыбы, айланайын? – дейт.

– Ата, жакшы эле, кээде эле эшекче айкырып жиберет. Башка айыбы жок.

«Бул баякы эшек кызым го» – дейт.

Үчүнчү күйөөсүнө барып, кыз-күйөөсү менен учурашып олтуруп, күйөөсүнөн жалгыз олтуруп сурайт:

Ээ, балам, колуктуң кандай экен? – дейт.

– Ата, жакшы адам, эч кандай айып таба албайм, – дейт күйөөсү. «Бул баягы өз кызым турбайбы» – деп коёт.

## ҮЧ ЖЕТИМ

Үч жетим баланын бир көк өгүзү болот. Улуусу – мүйүзүндө, ортончусу – белинде, эч кичүүсү – куймулчагында жашайт. Көк өгүзүн алар дайыма тоодо кармап, тоодо багат. Бир күнү көк өгүзү эмнегедир күчала чычып калат. Ал удаасы менен үч күн, үч түн чычат.

– Бул эмнеси, муну ортончу агама айтайынчы, – деп кичүүсү үйдөн эртең менен чыгып, түшкө жакын агасына келет.

– Көк өгүз күчала чычып калыптыр. Бүгүн үч күн болот, – деди ал.

– Ал эмнеси, өгүз өлүп калып жүрбөсүн. Мен эмне себептен күчала чычканын билбейм. Тигил агаңа барып айт, – деди ортончусу.

Үйдөн түштө чыккан экөө жүгүрүп олтуруп улуусунукуна кечинде келишти.

– Көк өгүз күчала чычып калыптыр. Бүгүн төртүнчү күн. Бул эмнеси? – деди улуусуна.

Улуусу:

– Көк өгүз суусап калган турбайбы, муну сугаралы. Мүйүзүнөн үчөөлөп тартсак, көлгө жетээр.

Өгүздү мүйүзүнөн сүйрөп отуруп белден-белди, кырдан-кырды ашырып, эптеп көлгө жеткиришет. Көк өгүз баш-аягы бир күндүк жол болучу, көлдү бир паста эле шимирип салды. Көл соолду. Түбү көрүндү. Кургакта калган бир балык көк өгүздү жутуп, көк өгүздүн үстүндөгү үч жетим бала качып кутулду.

Аңгыча асмандан калдайган кара булут көчүп келип, өгүз жуткан балыкты илип кетти. Көрсө, ал алпкаракуш экен. Алпкаракуш балыкты тоого тийгизсе, тоо жарылат, ташка тийгизсе, таш жарылат. Айласы кеткен алпкаракуш эчкисин жайып, текесинин көлөкөсүндө уктап жаткан чалга учуп келип, текесинин мүйүзүнө конуп, балыкты жей баштады.

Көк өгүздүн бир далысы ыргып кетип, чалдын бир көзүнө тийди. Далы көзгө сайылып калды. Чал көзүн укалап атып далыны чыгара албай койду. Койчу, жылкычы жана башка коңшулары чогулуп, текенин сакалынан аркан эшип, далынын башынан байлап тартып, зорго чыгарышты. Аны көптөп туруп көтөрүп жерге коюшту эле, далы бир шаарды бүт басып калды.

Кырк соодагер келди, конолук десе, бир жагы токой, бир жагы камыш.

– Буларда ит-куш болуш керек, токойсуз, камышсыз жерге конолу – деп, андан өтүп, ачык жерге келип конушса, бир жер өзүнчө эле көчүп бара жатат.

– Бул жылып бараткан кызык жер экен, – деп, таң калып карап турушса, ал далыны тиштеп качып бараткан түлкү болуп чыкты. Жүргүнчүлөр түлкүнү атып, бир жак терисин сыйрып, экинчи жагын сыйралы деп түлкүнү оодара албай коюшту.

Аңгыча бир кемпир келди:

– Келиним жаңы эле көз жарып, эркек бала тапты, ошол балама тебетей кылып берейин, түлкүнүн терисин мага бергиле, – деди.

– Алыңыз, – дешти алар териден кутула тажап.

Кемпир бир колу менен түлкүнү оодара салып, терисин сыйрып алды. Ал тери жаңы төрөлгөн балага тебетей чыкпай калды. Кемпир бучкактарын курап жатып балага араңдан зорго топу жасады.

Бала кийикке чыккан мергенчилерди көрүп:

– Ата, мага чокмор жасатып бериңиз, мен кийик уулаймын. Мылтык менен атып, убара болуп жүрбөй эле, кийиктерди чокмор менен уруп келемин, – деди.

Атасы үч коюн сатып, дөө устага темирден чокмор жасатты. Чокморду өлгөн-талганда көтөрүп келип баласына берди. Баласы:

– Ушу да чокморбу? Кичине болуп калыптыр, – деп ыргытып жиберди эле, ал булутка жетип, кайра жерге түштү.

– Өзүм барып жасатып аламын, – деп, үч коюн айдап, чокморун көтөрүп, дөө устага барды.

– Мына бул чокморго кошуп, дагы бир ушундай жасап бериңиз, жасаган акыңызга бул үч койду алыңыз – деп, баягы үч койду берди.

Дөө уста баланын айтканындай чокморду бириктирип, бир чоң чокмор жасап берди. Бала чокморду көтөрүп келип, атасына:

– Мага эки жигит таап бериңиз, мен аларды жолдош кылып алып кийикке чыгам, – деди.

Атасы алдуу, күчтүү жигиттен эки жигит таап берди. Бала азык-түлүгүн, эки жолдошун алып, чокморун көтөрүп, тоого кийикке кетти. Кийиктерди кечке чейин кыйратып, кечинде бир жерге жатмакчы болуп токтошту. Казанын асып, алтымыш кийиктин этин бышырып, үчөө жеп жатышты.

Эртеси бала:

– Сен бул жерде кал, биз келгенче дагы эт бышырып тур! – деп, бир жолдошун калтырып, бир жолдошун ээрчитип кийикке жана чыгып кетти.

Үйдө калган жигит, алтымыш кийиктин этин бышырып отурса, кабагын кар, мурутун муз баскан бир киши келди. Ал киши:

– Мен жолоочумун, этиңден бир кесим эт, сорпоңдон бир кесе сорпо берчи? – деди. Тигил жигит:

– Эт өзүбүзгө жетпейт, биз үч кишибиз, кожоюнумдан уруксатсыз бере албайм, – деди. Тигил киши тура калып, жигитти көтөрүп барып карагайга таңып, казандагы этти жеп, сорпосун бүт ичип, жүрүп кетти.

Кечинде кийикке кеткендер келсе, эт жок, жолдошу карагайда таңылып турат.

– Ой, сага эмне болду? – деди бала. Балбан жигит:

– Мени кудай уруп таштады. Кабагына кар, мурутуна муз тоңгон бир киши эт сурады. Берген жокмун, ал мени таңып коюп, эттин баарын жеп кетти, – деди.

Кийикчилер кайрадан эт бышырып жешти. Эртеси бала:

– Бүгүн сен кал, тигил балбан экөөбүз кийикке чыгалы, – деп, тигини калтырып, экөө кийикке чыгып кетти.

Үйдө калган балбан жигит алтымыш кийиктин этин бышырып жатса, баягы кабагына кар, мурутуна муз тоңгон киши келди.

– Жолоочумун, кардым ач, этиңден бир кесим эт, бир кесе сорпо берип койчу? – деди.

– Эттин ээси бар, андан уруксатсыз бере албайм, – деди балбан.

Тигил киши тура калып, балбанды көтөрүп чаап, сүйрөп барып карагайга таңып, этти жеп, сорпосун ичип, жолго түштү.

Кийикчилер кечинде келишти, балбан байланып турат, этжок.

– Ой, сага эмне болду?

– Ээ, мени кудай урду. Кечээги киши келип, мени таңып салып, этти жеп, сорпону ичип кетти.

Таңылган балбанды чечип бошотту. Кайрадан казан асып, алтымыш кийиктин этин бышырып жешти. Эртеси бала:

– Бүгүн кийикке силер баргыла, үйгө мен калайын, – деди да, чокморду көтөрүп, эки кырдын башы кошулган чокуга койду. Кийик жайылып келгенде, түртүп жиберсеңер, таш кулап, эки кырдын ортосундагы кийик кыйрайт, – деди да, бала кайра үйүнө келди.

Казанын асты, алтымыш кийиктин этин салды. Чеке күйгөн ысыкта кабагына кар, мурутуна муз тоңгон киши дагы келди.

– Мен жолоочу элем, балам. Кардым ач, бир кесим эт, бир кесе сорпо бер? – деди.

– Эт берилбейт! – дегенде эле тиги киши обдулду. Бирок бала аны кучактап барып, жоон карагайга таңып салды. «Эми чокморума барайын,

тигил экөө көтөрүп келише алышпайт» – деп, чокуга жөнөдү.

Барса, эки балбан чокморду жылдыра алышпаптыр.

Чокморду көтөрүп, эки жолдошун ээрчитип келсе, баягы киши карагайды түбү менен жулуп, качып кетиптир. Ал кишини бала артынан кууп жөнөдү. Тиги киши качып олтуруп жердин алдына кирди, артынан бала да кирди. Баланын алдынан сокур, кара кыз чыкты.

– Эй, бала, сен кимди кууп баратасың? – деди.

– Муз мурут кишини кууп баратамын.

– Ал менин атам болот, аны кууп эмне кыласың? – деп, баланы алкымдан алды.

– Атышасыңбы же алышасыңбы? – деди балага.

– Алышамын! – деди да бала экөө бир жума күрөштү. Дөң жер пас болду, пас жер саз болду. Бала кызды жеңди. Бирок бала жер үстүнө чыга албай калды. Анан бир чынар терекке жолукту, ал теректи үч ороп жаткан ажыдаарды көрдү. Бала чокмор менен ажыдаарды бөлө чапты. Ажыдаар туйлаганда терек термелип башы ийилип, жерге тие жаздады. Башынан калдайган булуттай уя көрүндү. Уяда алпкаракуштун үч балапаны бар экен.

Кечинде балапандардын энеси келди.

– Бизди жегени келаткан ажыдаарды тетиги бала өлтүрдү, биз өлүмдөн калдык, – дешти балдары.

Алпкаракуш ажыдаардын көкүрөгүн өзү жеди, көчүк жагын балапандарына берди, үч балапан да жеп алды. Алпкаракуш:

– Балдарымды душмандан аман алып калыпсың. Мунуңа ыракмат. Бирок мага түшүнүксүз болуп жатат, кайдан келген жана кандай иш менен жүргөн баласың? – деп сурады.

– Жер үстүндө жашоочу элем, жер астына түшүп кеттим. Эми жер үстүнө кайра чыга албай жүрөм.

– Жер үстүнө мен сени чыгарам. Кырк таранчы, кырк табарсык тап, кырк табарсыкка суу куй, оозун

байлап бекит. Сени көтөрүп мен жер үстүнө учканда, оозумду ачып а-а-а дегенде таранчыдан бирди, табарсыктан бирди салып турасың. Жол алыс, суусайм, курсагым да ачат, – деди алпкаракуш.

Бала бир чалдын отуз эчкисин союп, отуз табарсыгын алды. Аларга суу куюп, оозун бекитти. Бир жерде жайылып учуп жүргөн таранчыларды топусу менен басып койду эле, торпоктой болгон кырктан ашык таранчы топусунун алдында калды. Чоңдугу ала каптай болгон отуз табарсыкты, торпоктой кырк таранчыны көтөрүп, бала алпкаракушка барды. Алпкаракуш баланы жонуна кондуруп учту. Жолдо келе жатканда кырк таранчы, кырк табарсык түгөндү.

Алпкаракуш оозун ачып:

– А-а-а!.. – деди эле, суу ордуна өзүнүн эки көзүн чукуп, суусун агызып берди. Ал түгөнгөндөн кийин эки такымынын этин жулуп берип, канын сордурду.

Алпкаракуш бир шаарга жакын конду.

– Даамы башка суу менен канды кайдан алдың? – деп сурады.

– Эки көзүмдүн суусун, эки такымымдын этин үзүп, канымды агызып бердим, – деди бала.

Алпкаракуш балага:

– Сүв-сүв!. . – деп дем салды.

Баланын такымы мурдагы калыбына келип, көзүнө көз бүттү!

– Элиңе эми келдиң. Эсен-аман бар, кайыр кош! – деп, коштошуп, алпкаракуш кайра сапар тартты.

Бала шаарга кирди. Курсагы ач. Бир ашпозчудан тамак ичти. Экинчисинен эт жеди. Наабайчыдан кырк жапкан нан жеди, самоорчунун отуз самоор чайын ичти. Ашпозчу менен самоорчу тамак акысын сурашты.

– Падышаңар кайда, ошондон алып берем, – деди.

– Тээтиги дүмпүйгөн бак арстан, жолборс, аюу падышаныкы. Сак бол, жеп кетпесин. Андан ары

баса түшсөң, үй көрүнөт. Падышаны ошол жерден табасың, – дешти ашпозчулар.

Бала бакка жакындаганда, арстан арылдап алдынан чыкты, бала аны алкымдан алып, чынжыр менен ноктолоп минип, падышага барды. Падыша арстанын минип алган баланы көрүп, чочуп кетти.

Бала падышага:

– Мага эки кап алтын таап бергин, бербесең элиңди шаары менен чабам! – деди.

Падыша корккондугунан эки кап алтын берди. Акчабызды бер деп өзү менен кошо жүргөн ашпозчуларга алтын берип кутулду. Эки кап алтынды көтөрүп эки жолдошуна барды.

Эки жолдошу ачкасынан коңуз терип жеп калыптыр. Ал экөөнү кийиндирип, ичиндирип, баягы көк өгүздүн ээси үч жетимге барды. Аларды ээрчитип чыгып, балдардын ата-энесин тапты. Анан сеникименики жок, баягы эки кап алтын менен жашап калышты.

## ҮЧ БИР ТУУГАН

Илгери бир убакта үч бир тууган болгон экен. Үчөө тең бойдок. «Биз өңдөнгөн үч бир тууган болсо алалык», – деп үч бала кыз издеп чыгат. Ар кайсы жерден издеп, таба албай, бир жерге барса, хандын жалгыз кызы бар экен.

– Эч болбосо бирибиз хандын кызын алалык, – деп ханга барышат. Хан:

– Үчөөң бир кымбат баалуу буюм алып келсеңер берем, – деди.

– Баалуу буюм издеп үчөө үч жерге бөлүнүп жөнөдү. Улуусу барган жеринен:

– Мында эмне кымбат баалуу буюм бар? – деди. Анда ал жердеги бирөө:

– Бул жерде кымбат баалуу бир төө бар, – деди. Анын эмне кылып берерин сурады.

– Кыйынчылык болуп жаткан жер болсо, көз ачып-жумганча жеткирет, күлүк. Бала аны алды.

Экинчи бала барган жерден:

– Бул жерде кымбат баалуу эмне бар? – деди.

– Бир күзгү бар.

– Ал күзгү эмне кылып берет? – деди.

– Бир канчалык жерде киши өлүп жатса, ошону көрсөтөт, – деди.

– Күзгүнү бала сатып алды. Үчүнчү бала барган жерден:

– Эмне баалуу буюм бар? – деп сурады.

– Бул жерде кымбат баалуу бир чыны бар, – деди.

– Ал эмне кылып берет? – деди.

– Өлгөн кишини тиргизет, – деди. Бала чыныны сатып алды. Баягы үчөө бөлүнүшкөн жерге келип чогулушту.

– Кана, сен эмне кылдың? – деп, улуусунан сурады.

– Мен бир төө алдым, – деди.

– Ал эмне кылат экен? – деп сурашты.

– Бир канчалык жерге көз ачып-жумганча жеткирет, күлүк экен, – деди. Экинчи баладан сурады:

– Кана, сен эмне алдың?

– Мен бир күзгү алдым, – деди.

– Ал эмне кылат экен?

– Бир канчалык жерде киши өлүп жатса, ошону көрсөтөт экен, – деди.

– Ой, сен, күзгүңдү аччы, хандын кызы үйүндө бекен же бирөө алып кетти бекен? – деди.

Күзгүсүн ачып, өлүп калыптыр, коё элек экен, – деди.

– Кана, күлүк төөң менен бизди жеткир.

Үчөө төөнү минип жөнөдү. Көз ачып-жумганча жетти. Барса, хандын кызы өлүп калган.

– Кана, чының менен тиргиз! – деди.

Бала чынысы менен хандын кызын тиргизди. Ханга:

– Сиздин тапшырмаңыз боюнча, үчөөбүз үч кымбат баалуу буюм алып келдик.

– Мен төө алып келдим, күлүк.

– Мен күзгү алып келдим, алыс жерде өлүп жаткан өлүктү көрсөтөт.

– Мен бир чыны алып келдим, өлгөн кишини тиргизет. Эми кимибизге бересиз? – деп хандан сурады.

Хан айтты:

– Күлүк төө дегениң – санаа, күзгү алып келдим дегениң – жарыкчылык, чыны алып келгениң – табып. Ошондуктан мен кызымды табып алып келген балага берем! – деди.

Ошентип, хан чыны алып келген балага кызын берет. Күйөө балага хандыгын берип, ал бала ошол жерде хан болуп жашап калат. Эки агасы элине кетет.

## ХАНДЫН БАЛАСЫ

Илгери атагы алыска кеткен, гүлдөп өнгөн бир шаарда кадырлуу хан жашаптыр. Хан эл башкарып, эл бийлеп, башка хандар менен ынтымакта жашап, өмүрүн өткөрүп келиптир. Бирок ханды сарсанаа кылган бир оюу түк тынчтык бербей, бүлүк салчу экен. Хан бир топ жашка келип калганына карабай, перзентсиз жүрүптүр. Бала деп сурабаганы, барбаган жери калбай жүрүп, акыры аялынын боюна бүтүп, ай-күнүжеткенде мончоктой уулдуу болуптур. Хан зор бактыга кубанып, эл чакырып, байлыгын чачып, чоң той берет. Уулун эч кимге көрсөтпөй, өзүнчө бактырып, бапестеп өстүрө баштайт. Арадан бир топ жыл өтүп, хандын уулу эр жетет. Падыша ойлонуп отуруп: «Көзүмдүн тирүүсүндө уулумду үйлөнтүп коёюн» – деп чечет. Хан уулун чакырып, кеңешин айтат. Анда бала атасынын кебин макул көрүп, өтүнүчүн ортого салат. Хан уулунун өтүнүчүн аткарарын билдирет.

– Мени эгер үйлөнтсөңүз, өзүм тандаган бир кызды алып бериңиз да, эч адам барбаган тоонун арасындагы көлгө алып барып, жай салдырыңыз, – дейт уулу.

Хан катуу кайгыга батат, бирок сөз берип койгон соң, аткарууну эп көрөт. Ошентип, уулуна өзү тандаган кызды алып берет да, эч ким барбаган тоонун арасындагы көлдүн үстүнө мунара курдуруп, аларды жеткизип таштайт.

Ай айга созулуп, жыл жылга айланып, өтө берет. Кыз менен жигит кубалашып ойноп, жигит талаадан кийик атып, аң уулап, балык кармап, анда кыз аны дайыма зарыга күтүп, кусалана коштошуп, сагыныша көрүшүп, күндөр өтөт. Өткөн мезгил билинбей, жигит таамай аткан чоң мерген, кыз толгон айдай толукшуп, бой тартып, ашкан сулуу periге айланат. Жигитууга бир кеткенде көп күнгө жоголуп, дайыма олжолуу кайтып жүрөт. Ошол жигит ууга кетип жоголгон күндөрдүн биринде, кыз мунарадан түшүп келип суу алып жатса, көлдүн аркы өйүзүнөн бир караан көрүнөт. «Эрим келаткан экен» – деп, аябай кубанып:

– Тезирээк кел! – деп кыйкырат.

Караан көл менен сүзүп жөнөйт. Жакындашып келгенде караса, башка жигит. Кыз коркуп кетет да, жогору көздөй качып чыгып, шатысын тартып алат. Тигил неме кайтып, артын көздөй сүзүп жөнөйт. Бул караан дагы бир мамлекеттин ханынын эрке уулу эле. Жигит ошол замат элине чаап келип, ордого кирип жатып алат.

Ордунан турбай, эчен күн даам сызбай коёт. Хан табыптарды чакыртса, эч кимиси жигитти оору дебейт.

Ошондо жигит алыс бир тоонун арасынан сулуу перини көргөндүгүн, ансыз бул дүйнөдө жашай албастыгын, эгер ага жетпесе, өзүн өзү өлтүрүп саларын айтып, зар какшайт.

– Ошол көлдү ким билет? – деп хан элин чакыртып сурайт. Элден эч сөз чыкпайт.

– Ханым, ат башындай алтын, күчүк башындай күмүш берсең, мен таап келем, – деп эл ичинен бир кемпир чыгып айтат.

Хан кемпирдин айтканындай кылып, жолго чыгарат. Кемпир эшегине эмерегин артып көп жүрүп, акыры көлгө жакындаганда эшегинин бутун таш менен уруп сындырып алат да, муңканып ыйлап, мунарага жакындап келет. Зеригип олтурган кыз кемпирдин абалын көрүп, мунарадан түшүп келет. Кыз зар какшаган кемпирден иштин жөн-жайын сурайт. Кемпир алыстан келатканын, башка бир кандыкта жалгыз сулуунун жашагандыгын, ошого баратып минтип буту сынып ара жолдо калып олтургандыгын айтат.

– Жашыбаңыз, – деп кайрат айтып, кыз кемпирди сооротот да, эми эшегиңиз айыкканча мында жүрө бериңиз, – деп үйүн көрсөтөт.

Жигит уудан кеч келип, үйүнө кирсе, кемпир отурган болот. Аялы анын жөн-жайын айтат.

– Жакшы болуптур, сага эрмек болот, жалгыз отуруп зеригип жүрдүң эле – деп, жигит аябай сүйүнөт.

Ошентип, күндөр уча берет. Арадан бир топ мезгил өтүп кетет. Жигит баягысындай эле айлап ууга чыгып, көп түндөрү келбей, көбүнчө олжолуу кайтып, күн кечирет. Ал эми кыз болсо, баягысындай эле эри келгиче кусаланып, кемпирге көп бой бербей, өзүнчө жүрө берет. Күндөрдүн биринде жигит бир топ күнгө кеткенин билип, кемпир сөз баштайт.

– Кызым, – дейт кемпир, деги силерге түшүнбөйм, бул эмне деген жашооңор. Элден алыс, жалгыздап минтип азап чегип, эмнени ойлоп жүрөсүңөр. Ана жашоо деп биз жактын кыздарыныкын айт, каштарын жиптей чийип, эндик-упа сүйкөнүп, дүйүм-дүйнө алтын, күмүштөрдөн: билерик, седеп, шакек, шөкүлө дегендерди тагынып алышса, анык эле

перилердин өзү, мына – деп, анча-мынча атыр-упа, эндигин кызга берип, аны жасап коёт.

Кыз күзгүдөн өзүн көрүп, андан бетер сулуу болуп тургандыгын байкайт. Ошентип, кемпир кызды күндө сөзгө салып, арбай берет, арбай берет.

– Сен минтип кусаланып жүрө бербе, мен сага бир сулуу десең сулуу жигит табамын, а сен эриң кеткенде ошол жигит менен ойноп жүрө бер – деп, бир күнү айтат.

Кыз ага макул болот. Куу кемпир буга ичинен жым дей түшөт да, эртеси жигитти алып келет. Хандын уулу кызга эң бир сонун жалтылдаган буюмдарды көрсөтөт. Кыз аларга башы айланып, чексиз кубанычка батат. Жигит менен кубалашып ойноп, көңүл ача баштайт. Күндөр айга созулат. Кыздын эри ууга чыгып жоголуп кетип, баягысын өзгөртпөйт. Беркилер мергенге кеткенде шапар тээп, көңүл ачышып, мерген жигит келгенде, берки хандын уулун сандыкка бекитип коюшуп, жүрө беришет.

Бир күнү жигит ууга жөнөп жатып, жолдон бир иреңи суук, сапсайган кара кишини көрөт. Тиги мерген эч көрүнбөй артка качып келип, бир чоң арчанын башына чыгып кетет. Көп өтпөй алиги иреңи суук адам да арчанын түбүнө келип, отуруп алат. Анан тебетейин алып, ичинен бир ийнени сууруп алып, бир нерселерди жобурап, жерге сайып коёт. Аңгыча ийненин ордуна эң бир сулуу кыз пайда болот. Кыз ийиле тиги кара немеге таазим кылып, жанына отурат. Ошентип, экөө бир топ кучакташып ойногон соң, тиги киши кыздын тизесине башын коюп уктап кетет. Ал уйкуга киргенден кийин кыз да жакасынан бир ийне сууруп алып, бир нерселерди айтат. Ошол замат сулуу жигит тура келет. Кыз акырын кара кишинин башына ташты тартып коюп, жигит менен ары көздөй токойго чуркап жөнөйт. Кыз-жигит көпкө кубалашып ойноп, элжиреше сүйүшүп жүрө беришет.

Мерген жигит түшүп келейин деп, кайра: «Эмнеси болсо да окуянын аныгын көрөйүн» – деп отуруп, үйү жагын караса, көлдүн жээгинде өзүнүн аялы менен бир бейтаныш жигит кубалашып күлүп жүрүшөт. Мерген буга таң калат. Аңгыча берки кыз келип, тиги жигитин бир нерселерди айтып, ийнеге айландырып, жаасына саят да, кара кишинин башын тизесине коюп, отура кетет. Көп өтпөй кара киши ойгонот да, кызды ийнеге айландырып, жаасына сайып жөнөп калат. Бул убакта кеч кирип калган болот. Мерген дароо дарактан түшүп:

– Бас, алдыма түш! – деп, тиги кара немеге мылтыгын кезеп, айдап алат.

Айдап үйүнө келет да, кемпирге бүгүн жети адамга тамак даярдоосун айтат. Кемпир аң-таң калып, жигитке карайт. Жигит сөзүнө бек турат. Ошентип алар тамакка олтурат. Ошондо жигит мылтыгын алат да, чоочун адамга сундуруп:

– Тап жанагы кызды, болбосо атып өлтүрөм! – дейт. Тиги киши эч нерсени билмексен болуп, ийинин куушурат.

Жигит мылтыгын октоп, тигинин маңдайына такайт. Кара киши коркуп кетип, тебетейиндеги баягы ийнени алып, бир нерселерди жобурап, жерге саят. Дароо сулуу кыз пайда болот. Эми мерген жигит кыздын маңдайына такап, жанагы бирге ойногон жигитин табуусун буюрат. Кыз бир аз тарткынчыктап туруп, жакасынан ийнени алып, кереметин көрсөтөт. Жигит да пайда болот. Мерген жигит тиги үчөөнү тең досторконго олтуруусун өтүнөт. Баары олтурушкандан кийин жигит кемпирди чакырат, алыстан көргөн, аялы менен ойногон жигитти табуусун өкүм кылат. Кемпирдин өңү миң түргө бузулуп, ар нерсени айтып актанат.

– Мен бир хандын вазиринин кызы элем – деп, биринчи болуп, кара киши ийне кылып сайып алган кыз сөз баштайт.

– Бул жигит хандын уулу. Экөөбүз кичинебизден эле бир чоңоюп, бир өстүк. Ошентип жүрүп экөөбүз сүйүшүп калганбыз, кийин билинди. Биздин үйдө бир кемпир боло турган, ошол кемпир мага кичинемден ар кандай айла-амалды, сыйкырчылыкты үйрөтүп жүрчү. Биз эрезеге жетип, тилектерибиз орундалар чакта жанагы кара киши мени уурдап кетти да, дайыма өзү менен ала жүрчү ийнеге айландырып салды. Мен да көп каршылык көрсөттүм. Бирок тигинин сыйкыры меникинен ашыкча болуп чыкты. Айлам кетип, сүйгөнүмдөн ажырап калуудан коркуп, бул жигитти да мен ийне кылып сыйкырлап алдым – деп кызык сөзүн аяктады.

Мерген колуктусун издеп таппай калат. Ал баягы өзү көргөн жигит менен качып кеткенине көзү жеткенден кийин, тигилерди калтырып, мунарадан чыгып кетип, элине келген дейт...

## ХАН МЕНЕН ВАЗИР

Бир кездерде хан өзүнүн вазирине ачуусу келип, өлтүрмөкчү болот. Бирок кандай өлтүрүү жагын көпкө ойлонот. Бир күнү үч каздын учуп бараткатанын көрүп: Ушул үч каздын тилин билип кел. Алар эмне деп учуп баратат! Эгерде тилин билип келбесең, башыңды алам! – дейт каарданып.

– Макул, – деп вазир үч каздын артынан чаап бара жатса, мунарада чыгып турган кандын кызы көрүп, вазирди чакырып: «Эмне чаап бара жатасың?» – деп сурайт.

– Хан тээтиги учуп бараткан үч каздын тилин билип кел, билип келбесең башыңды алам дегенинен артынан чаап баратам. Алардын тилин билбесем, хан өлтүрөт, – деп жооп берет.

– Ээ, вазирим, сен каздын тилин кантип билесиң? Сен эмес хан билбей жатса, андан көрө кайра барып канга мындай де: Бир каз: «Вазир жакшы

хан жакшы», – деп айтып бара жатса, экинчи каз: «Катын жакшы эр жакшы», – деп айтып, канга бар. Ушинтсең бир жооп айтаар каның, – деп кыз вазирди кайра жолго салат.

– Вазир канга келип, кыз айткандай айтып берет.

– Жок, муну сен каздардан сураган жоксуң. Бул жооп менин гана тукумумдан чыкмак. Ким айтты, айткын?! Айтпасаң, азыр башыңды алдырам! – дейт хан. Вазирдин айласы кетип, капаланып, кайгырып, эмне кыларын биле албай: Эки күн уруксат бериңиз, каным, айтып берейин, – деп уруксат алат да, кайда барарын билбей кайсалаган вазир кайра баягы кызга келет. Хандын айтканын айтып, эмне кылыш керектигин сурайт.

– Чынын айтыңыз, тагдыр башка салганын көрөсүз да, – дейт кыз.

– Вазир эки күндөн кийин ханга келип: «Сиздин кызыңыз айтты эле», – деп ажалдан калат. Хан кызына каарданып: «Ага бирди көрсөтөйүн!» – деп ойлоп, үйүнө келип, бардык шаарларга кабар берет:

– Жакшыңардан жаманыңар көп келгиле, – деп элине жар чакыртып. – Келбегениңерди жазалаймын! – деп буйрук кылат.

– Элдин баары келип, хандын алдынан чубап өтө берет. Элдер самсаалап өтүп жатканда, бир келесоо сары таз: «Барсамбы же барбасамбы?» – деп отуруп, бир убакта зөөкүрлөнүп кандын алдына келип калат. Хан аны чакыртып алып, кызын ошол тазга бермек болот.

– Хандын кызы атасы элди чакыртып жатканда эле, аны бир жаманга берерин билип, күйөөсүнө, өзүнө эки сыйрадан кийим тиктирип, ички бетине алтындан шыкатып салат. Элдин аягы өтүп бүткөн соң, хан кызын чакыртып: «Кызым, сени ушул тазга арнадым, ушуну менен оокат кыл!» – дейт.

– Макул атаке, сиздин айтканыңызды мен орундатайын, менин бир суроомду дасиз аткарыңыз?

– деп суранат. Айт суроонду, мен аны аткарам, – дейт хан.

– Мен уруксат бермейинче, ушул шаардын жарыгы түнүчүндө жагылбасын. Күүгүм кире электе элиңиз жатсын, сиз да ошентиңиз?

– Атасы кыздын суроосуна көнөт. Кыз болсо баягы тазды ээрчитип, камыштуу саздын жээгине алып барат. Ал жерге алтындан үй салдырат. Экөө ошол жерде оокат кылып калат. Кыз таздын башын жууп-тазалап, дарылап жатып айыктырат.

– Ат сатып кел, – деп бир күнү колуна акча берип, базарга жиберет. Базардан бир семиз ат сатып алып, таз кечинде үйүнө келет.

– Бул атты эмне үчүн сатып алдың? – деп сурайт кыз.

– Семиз экен, анын үстүнө отун-суу тартканга жарайт, – дейт.

– Кыз ал атты үйүнө калтырып, эртеси дагы ат сатып алыш үчүн күйөөсү экөө базарга баратса, бир отун арткан боз ат баткакка тыгылып, ээси чыгара албай жатканын көрүп, кыз жанына барып:

– Ушул атыңды сатпайсыңбы бизге? – деп сурайт.

– Сатам. Сатам! – деп боз аттын ээси сүйүнүп кетет.

– Кыз атты сатып алат. Семиз аттын ордуна ыркыйган арык ат аласың деп, жолдо карата күйөөсү урушуп келет. Аялы унчукпай жүрүп отуруп, үйүнө келгенден атты жууп-тазалап, анан бага баштайт.

– Бир түнү Кызыр алейки салам, Акыл, Бак үчөө канга учурашалы деп келе жатышса, шаарда жылт эткен от, былк эткен киши жок. Үчөө таң калышып, кобурашып келе жатышканын таздын аялы үйдө жатып угат. Бир убакта баягы үчөө тигилердин үйүнө гана от жанып турганын көрүп, бул кандай адам, элдин баары уктап жатса, бул от жагып отурат. Бул соо адам эмес, ырыстуу адам экен деп, баягылар кайрылып: Бул үйдө ким бар, адам болсо бери чыксын!

– дешет. Бул үйдө ким болсун, киши бар, керек болсо өзүңөр аттан түшүп, киргиле, – дейт кыз.

– Мен Кызырмын, батамды берем, бери чык! – дейт Кызыр. Чыкпайм, керек болсо өзүң келип бата бер! – дейт кыз.

– Мен Акылмын, бери чык, акылың жок болсо акыл берем, – дейт.

– Кыз ага да жогоркудай жообун берет. Андан кийин Бак айтат.

– Мен Бакмын, багың жок болсо бак берем, бери чык! – дейт.

– Үчөөңөргө тең мен керек болсом, өзүңөр келгиле, мен өзүм бара албаймын, – дейт кыз.

– Бу кандай адам? Буга үчөөбүздүн тең керегибиз жок экен, – дешип берки үчөө таң калышат да, жок, муну көрөлүчү деп, үчөө тең аттан түшүп, үйгө киришет. Кыз үчөөнө карап туруп, анан Акылга айтат. Сен Акыл болсоң, таң атканча менин күйөөм менен жатчы? – дейт.

– Макул, – деп Акыл таң атканча күйөөсү менен кучакташып жатып, таңга жуук үчөө тең кайра кетишет. Эртең менен жигит турса, кадимкидей акыл кирип калыптыр. Кыз бир күнү күйөөсүнө:

– Эми мен сага бир сөз айтам, сен ошону аткаргын, – дейт. Күйөөсү макул болот. Баягы боз ат тулпар болчу. Кыз аны таптап отуруп табына келтирген. Күйөөсүнө тулпарды мингизип:

– Сагызганды барып чапчы? – дейт. Жигит бул сапар сагызган канатын бир сапар ирмегенде чабат. Экинчи күнү сагызган эңкейе бергенде чабат. Үчүнчү сапар барып чапканда, былк эткенде чаап салат. Ушуну көргөндө кыз күйөөсүнө айтат:

– Хандын бир алтын кийиги бар. Ал жылына бир маал келет. Жыл сайын кууп кармай албайт. Сен ошого баргын да, кармап берип, дос болуп кел. Бара жатканыңда алтын кийикти кууп келаткан ханга учурайсың. Хан сага: «Алтын кийикти куу-

гун!» – деп кыйкырат. Сен анда болбогун. Андан кийин кырк жигит учурайт. Ошолордун эң акыркысын күтүп туруп: «Артта дагы киши барбы?» – деп сура. «Жок» дегенден кийин гана тулпардын оозун коё берип отуруп, баарынан өтөсүң, анан ханга жетесиң, ага кайрылып: «Кийигиңди кармап берсем, дос болосуңбу?» – дегин. Аны «дос болом» деп үч жолу айттырып, колунан кармап туруп кол алыш да, андан кийин чу коюп отуруп кийикке жетесиң. Кармаганыңдан кийин кийикти ээрдин кашына артып алып, шаарды аралап чаап жүрө бер. Хан сенден «досум, соогат» деп чаап келет. Жолду ката унчукпастан шаарды аралап отуруп, үйүнө алпарып байлап кой. Хан үйүнө келгенде, эгер сени жакшы көрсө, тактысынын жанындагы бөлмөгө, жаман көрсө, үйүнүн жанындагы үйгө киргизет. Ал сөзгө келип: «Дүйнөмдүн барын берейин, ошого ыраазы бол!» – дейт. Сен унчукпай отура берип, тамак ичилип бүткөндө: «Ханым, экөөбүз дос бололу, мага дүнүйөнүн кереги жок», – деп кош айтышып үйгө келе бергин, – дейт хандын кызы.

Алтын келер кезин болжоп, хан кырк жигити менен аң уулап, кийиктин жолун тосуп чыгат. Кыз аны билип, күйөөсүн тулпарга мингизип, колуна укурук берип жөнөтөт. Жигит жүрүп отуруп ханга барып, кыздын кулагына куйгандарынын баарын аткарып, үйүнө келет. Жигит кийикти өңөрүп чаап келе жатканда, хан «досум, соогат» деп сураса, тоотпой бараткынын көргөн эл таң калышат. Мына ушул күндүн эртеси кыз атасына келип, түнкүсүн чырак жактырууга уруксат кылат.

– Жигит боз тулпарын алчаңдатып күнүгө базарга келет. Ага элдин баары таң калышып, кээси бата беришет.

– Баягында ушул жигит алтын кийикти кармай келди эле. Ошондон баштап хан түнкүсүн чырак жандырууга уруксат кылды, – деп билгени жигитке

алкыш айтышып, бир далай жыл чырак көрбөгөн эл ага ыраазы.

– Кыз болсо күйөөсүн күнүгө хандыкына жиберип, аныкында конок болуп кайтып турат. Кыз бир күнү күйөөсүнө: «Мен сиздин үйдөн көп даам таттым. Сиз деле бир күнү биздикинен даам сызып кетиңиз» деп ханды чакырып кел, – деди. Күйөөсү макул болуп, бир күнү ханды үйүнө чакырып келет. Ханды төркү бөлмөсүнө киргизип, кыз өзү тамак бышыра берет. Хан тамак ичип отуруп: «Ушунун катынын көрсөм», – деп. «Досум, катыныңды чакырчы?» – деп жигитке айтат.

– Азыр келет, – деген жигит отура берет.

– Качан келет? – деген хан шаштыра берет. Тамак желип бүткөндө жигит аялын хандын үстүнө ээрчитип киргенде, хан кызын көрүп бакырып, кызы да ыйлап, кучакташып көрүшөт. Хан кызынын мыктылыгына баа берип, өзүнүн хан тактысын күйөө баласына берип, өзү жөнөкөй киши болуп жатып калат.

Мына ушундан улам: «Катын жакшы – эр жакшы», – деген ылакап элге тарап кеткен экен.

## ЧАЛЧЫКТАГЫ БАЛЫК

Илгери-илгери Алла таала жерди, жер менен кошо шаркырап аккан сууну, мелмилдеп жаткан деңиз, океандарды жараткан экен. Андан кийин жан жаныбарлар, өсүмдүктөр жаралыптыр. Ошол учукыйрына көз жетпеген деңизде бир алтын балык жашаптыр. Ал суу астында эркин сүзүп, эркин жүрүп өз билгениндей жашап «бул деңизде менден артык мыкты балык жок. Кудай жер үстүндө кудай болсо, мен суу түбүндө кудаймын.» – деп текебер сүйлөй баштаптыр. Аны уккан Алла таала ага периштени элчи кылып жибериптир. Периште балык болуп: «Ай, Алтын балык, сен көппө. Сени жараткан кудайды унутпа. Кудай сууда да, жерде да, асман-

да да бар» деп айтыптыр. Анда Алтын балыктын ачуусу келип: «Жогол көзүмө көрүнбөй, сени да, сени жараткан кудайыңды да урдум. Кудай экөөңөр колуңардан келсе сууну соолтуп таштагыла!» – деп тилдеп кудайдын элчисин кууп чыгыптыр. Алла таала жиберген периштеден балыктын эсирип кеткенин, текебер сүйлөгөнүн уккандан кийин мыйыгынан күлүп «кудайдын бардыгын сезсин» деп катуу шамал, нөшөрлөгөн жамгыр жибериптир. Жамгырдан кыян жүрүп, деңиздин суусу ташып жээкке чыгып, катуу шамалдан дарактар тамыры менен жулунуп учуп, деңизди толкутуптур. Тоодой түрүлгөн толкун менен алтын балык сыртка ыргытылып, суу менен агып кичинекей көлмөгө токтоптур Ошол жерде биртоп күн жашап калыптыр. Бир жумадан кийин жамгыр токтоп, күн ысып, суу бууга айланып, деңиз бөксөрүп, көлмөгө келчү суу акпай токтоп калыптыр. Бара-бара көлмөдөгү суу азайып, суусу кургап, түбүндөгү ылай сууда Алтын балык чабалактап катуу кыйналганда:

– Оо, жараткан, жардамыңды аяба. Жанымды аман алып кал, – деп кудайга жалынды. Аны уккан Алла таала «Алтын балык менден жардам сурап калыптыр, дилине ыйман кирген го, барып абалын билип келчи» – деп Жебирейил периштени жиберди эле ал көгүчкөн болуп келип, чалчыктын жээгине отуруп:

– Эй, урматтуу балыктын падышасы, акыбалың кандай? Деңиздеги текеберлүү мүнөзүң жок го, ал кайда кеткен? – деп сурады.

Алтын балык ылай сууну чалпылдатып куйругу менен чапкылап:

– Мен куруйун, – деди араң дем алып, мен деңизде жүргөндө кудайды таанып кутуруп кеткем. Майда балыкка күн көрсөтпөй, чоң балыкты жаныма жолотпой жашагам. Текебер сүйлөп кудайга тилим тийген. Эми минтип ылай сууда жатам. Бул суу да

бир күндөн кийин түгөнөт. Бир күндөн кийин менин да өмүрүм бүтөт.

Кокус тирүү калсаң эмне кылар элең? – деп сурады көгүчкөн.

– Тирүү калып көк деңизге кайра жетсем мен баардык жан жаныбарларга жакшылык кылар элем, – деди Алтын балык.

– Анда кудайга чындап, ак пейлиң, ак тилегиң менен жалын. Пейлиң, дилиң агарып кудайдын айтканын аткарарың чын болсо кудай сага жардам берет. Алланын пейли кенен, жакшылыгын жан жаныбарлардан аябайт, – деп көгүчкөн учуп кетти.

Алтын балык жалгыз калып Алла таала ушул чалчыктан чыгарарына ишенген жок, бирок өлөрүн ойлоп жаратканга жалынды. Алгач Алланын амирине анчалык берилбесе да ылайланган суу түгөнүп, өлүп бараткаңда чындап жалынып, кудайдан аман калуусун суранды. Бирок анын ак дилинен жалынганын, жаман жолдон жакшы жолго түшөрүн ыйлап айтса да эч ким уккан жок. «Эми өлдүм» деп келмесин айтып жатканда уй кайтарып жүргөн жетим бала келип калды. Ал Алтын балыкты көрүп:

– Ырас болбодубу, бул балыкты бышырыпжеп, бир тоёюн, – деп бутундагы чокоюн чечип атканда балык башын көтөрүп:

– Ай, бала, мени жегенде сен тойбойсуң, андан көрө мени көтөрүп жанындагы аккан дайрага ташта, мен сага көп дүнүйө берем, – деди.

– Өлалбай жатып өлөң айтканын кара бул балыктын, колуңдан эмне келет? Кайсы дүнүйөңдү мага бересиң? – деп күлдү бала.

– Мен балыктын падышасымын, колумдан баары келет, эмне кааласаң ошону аласың, – деди балык.

– Эх, падыша болсоң башыңда таажың болмок, аның жок, экинчисинен падыша сенчилеп чалчыкта жатмак беле? – деди бала өлүп бараткан балыкты тамашалап.

– Алтындан жазалып, каухар чөгөрүлгөн кооз таажым бар эле, ал толкунда башыман түшүп деңиз түбүнө кетти. Деги сенин атың ким? Айтып койчу, – деди балык.

– Атым Мукун, – деди бала.

– Сөзүмдү жакшылап ук, Мукун. Жакшы атың бар экен. Мени азыр тезинен суруга алпарып салсаң мен аманкалам. Аман калсам жакшылыгыңды унутпайм. Сени ээрчитип барып деңиздеги жашаган жаныбарларды көрсөтөм. Кызым менен тааныштырам. Каалашыңча дүнүйө берем, – деди балык.

Мукун балыктын сөзүнө жыргап күлдү. Жаман чокоюн чечип ылайды чалпылдата кечип балыкка барса Алтын балык оозун ачып, анда-санда дем алып, сүйлөөргө алы келбей калган экен.

– Эй, Алтын балык, сага эмне болду? Эмне сүйлөбөй калдың? – деди Мукун. Бирок балык сүйлөгөн жок. Сүйлөйм деп сүйлөй албай койду.

– Эх, чын эле өлгөнү калгансыңго, байкушум, – деп Мукун балыкты жаман калпагына салып, калпагы менен бирге балыкты суруга салып кармап турду эле ал бир азга солуп жатып анан кыймылдай баштады. Бир аздан кийин калпактан сүзүп чыгып шар аккан суруга кирип кетти. Алтын балыктан ажырап Мукун суу жээгинде турганда Алтын балык айланып келип:

– Мукун дос, өчкөн отту күйгүздүң, өлгөн жанды тиргиздиң. Сага чоң рахмат. Эми мени менен жүргүн, деңизге барганда каалашыңча дүнүйө аласың, – деди.

– Биринчиден сен сууда болсоң, мен кургакта болсом кантип ээрчип деңизге барам? Экинчиден мен сени ээрчип кетсем кайтарган уюм эмне болот? Ал жоголсо төлөмөргө калам. Байга уй эмес торпок төлөөргө чактым жок. Үчүнчүдөн мен сени ээрчий албайм анткени карган энем бар, мен жок болсом аны ким багат? Апамды багар башка киши жок, – деди Мукун.

– Сен мени ээрчисең сууга түш, суу менен чогуу сүзүп кетебиз. Ал эми уй үйгө өзү барат. Апаңа кайра келесиң, – деди балык.

– Барат элем, – деди Мукун ойлонуп, бирок мен сууда сүзгөндү билбейм, деп ылай болгон колун эңкейип сууга жууй баштаганда буту тайып шар аккан сууга кирип кетти. «Өлдүмго» деп ойлоп чалпылдатып чабак ура баштады. Колу, бутун кыймылдатканда өзүн кандайдыр жеңил сезип суунун үстүнө калкып чыкты. Күркүрөгөн суунун агымы менен агып жөнөдү. Алтын балык жанында коштоп, чоң балыктар алды, артына түшүп кетип баратышты. Көп жүргөндөн дайра деңизге кошулду. «Эми чөгүп чоң балыкка жем болот экенмин» деп ойлоду Мукун, бирок чөккөн жок, балыктар менен бирдей сүзүп баратты. Күн батып бараткanda деңиздин ортосундагы аралга жетишти. Жээкке адамча басып чыкпай, балыкка окшоп сойлоп чыкты Караса башы, колу, көөдөнү кишиникиндей болуп сакталып, калган денеси бүт балыктыкындай болуп куйрук бүтүп жалтырап калыптыр. Өз денесинен өзү корккон Мукун:

– Эй, Алтын балык, бул эмне кылганың? Мага кылган жакшылыгың ушулбу? Эмне үчүн мени балыкка айландырып таштадың? – деди.

– Сен коркпо, дос, – деди Алтын балык, биринчиден сени балык кылбасам бул жерге сүзүп келе алмак эмессиң. Экинчиден суу астына көпкө жүрө албайт болчусуң. Ал эми сен өмүр бою балык бойдон калбайсың каалаган күнү адам болосуң, кайра өз калыбыңа келесиң.

Мукун Алтын балыктын сөзүнөн кийин көңүлү тынчып калды. Сууда жеңил сүзүп тереңдикте да өзүн эркин сезип кубанганын байкаган Алтын балык:

– Кандай Мукун дос, суу жактыбы? – деди.

– Жакты, жакканда да абдан жакты, – деди Мукун.

– Анда коркпой мени ээрчи, деңиздин астындагы биздин үйгө барабыз, – деди Алтын балык.

Мукун өмүрүндө көрбөгөн деңиздин түбүнө түшкүсү келбей, Алтын балыктын чакырыгын каалабай турганда суудан көп балыктар жайнап чыкты. Балык менен бирге көөдөнү адамдыкындай, калган денеси балыктыкындай сулуу кыз колуна алтын таажы кармап чыкты. Ал алтын балыкты кучактап бетинен, тумшугунан өпкүлөп: «Деңизде катуу толкун болгондо биз абдан корктук. Апам бизди сыртка чыгарбай койду. Толкун басылганда сени издеп чыгып өзүңдү таппай ушул таажыңды таптык. Өлүп калды го деп ойлодук. Бүгүн сени аман эсен келатканыңды угуп таажыңды ала келдим», – деди.

Алтын балык падышалык таажысын кийгенде иретсиз тегеректеп сүзүп жүргөн балыктар катар тизилип калышты. Ал аларды аралап өтүп, кызынын жанына келип:

– Аз жерден өлгөн жокмун, кызым. Өлүмдөн ушул жигит алып калды. Аты Мукун, таанышып ал, – деди.

Кыз Мукундун колун кармап:

– Атым Русалка. Атамды өлүмдөн куткарып алган жигит менен таанышканыма өтө кубанычтуумун, – деди кыз.

Мукун Русалканын айдай жүзүнө, далысын жапкан кундуздай кара чачына, жалжылдаган карегине тигилип ашык болуп турганын сезген балыктын падышасы:

– Кызым, Мукунду жүр де, үйгө барып конок болуп кетсин, – деди.

– Мукун, байке, жүрүңүз биздин үйгө. Биздин эл менен таанышып даам татып, бир аз күн конок болуп кетиңиз, – деди Русалка.

Мукун сүйүп калган кызы айткан соң эч ойлонбой макул болуп, Русалка менен Алтын балыктын ортосунда түшүп алып сүзүп жөнөдү. Улам тереңдеп

сүзгөн сайын ар түрлүү балыктар кездешип, падышага катар туруп салам берип атышты. Анан калса суунун асты өзгөчө кооз экен. Жер үстүндө өспөгөн ар түрлүү өсүмдүктөр өсүп, арасында ар түрлүү деңиз жаныбарлары куушуп ойноп жүрүшөт. Бир оокумда тиши арсайган, курсагы барсайган, узундугу беш метр келген балык чыкты. Аны көрүп өңү өзгөрө түшкөн Мукунду Русалка каруусунан кармап:

– Бул балыктын аты Акула. Коркпо. Атамдын айыгышкан душманы, бирок атам барда тийбейт. Атам жокто кездешсең жеп коёт, – деди.

Акула Русалка айткандай айланып, тооруп тийе алган жок. Деңиз түбүндөгү өсүмдүктөрү аралап, түрлүү түстөгү балыктар менен куушуп ойноп жүрүп отурушту. Бир оокумда кооз ак сарайга келишти ичине кирсе Алтын балыктын апасы алтын тактада отуруптур. Өңү да, түзү да Алтын балыктын өзү, бирок карыганга жалтырак териси боз тартып, анда-санда жери карайып так болуп калыптыр. Алтын балыктын апасы келгендердин астынан тозуп, баласынын, Мукундун бетинен өөп:

– Жогору от, балам. Менин уулумду өлүмдөн алып калганыңды уктум. Сага чоң рахмат. Бактылуу бол. Тилеген тилегиңе жет, – деп төрдөн орун берди.

Кызмат кылган балыктар ортого коюлган акак тактанын үстүнө ар түрлүү тамак апкелишти. Алардын тамагы түрлүү өсүмдүктөрдөн экен Мукун ал тамактан ооз тийип, жебей отуруп калганда:

– Бул Мукун балам биз жеген тамакты жегиси келбей атат, анысы да туура, анткени мындай тамакты жеп көргөн эмес, конокко жаккан тамакты апкелгиле, – деди падышанын апасы. Ошол замат мал этинен куурулган куурдак, жука кесилип тууралган жал, жылкынын карын, карта, чучугу, жаш козунун бешбармагын апкелишти. Тамактан кийин суусундука кымыз, бозо беришти. Тамакка тойгондон кийин:

– Бул кыргыздын тамактарын кайдан таптыңыздар? – деп сурады Мукун.

– Биз ушунун баарын жер үстүнөн алабыз, – деп түшүндүрдү падыша, биздин үстүбүздөн чоң-чоң кемелер сүзүп өтөт. Катуу толкун болгондо, аскага урунуп кырсыкка учураганда кемелер чөгөт. Кеменин ичиндеги тамак ашы, алтын, күмүшү, жоо-жарагы кошо чөгөт. Ошондон тамак ашын алып өзгөчө муздаткычта сактап коёбуз. Керек болгондо ошондон алып жейбиз же келген конокторго беребиз.

– Мен ошол талкаланган кемени көрсөм болобу? – деди Мукун.

– Болот, – деди падыша, шашпай көрөсүң. Анын баарын сага Русалка көрсөтөт.

Бир күн эс алгандан кийин, Мукунду Русалка ээрчитип көп жерге алпарды. Кооз-кооз жерлерди көрсөттү. Ал эми чөгүп кеткен кемеге сан жетпейт. Бири өткөн заманда чөгүп чирип атса, бири жаңы эле кулаптыр. Кемеден чыга албай ичинде калган адамдардын өлүгү толтура. Алардын этин балыктар талап жеп сөөктөрү эле калыптыр. Ал эми алтын, күмүш канча кылым өтсө да чирибей ошо бойдон жатат.

Мукун деңиз астындагы жаратылышка кызыгып бирнече күн жүрүп калды. Ошол арада Мукун Русалканы сүйүп, Русалка Мукунду сүйүп калды. Экөө эгиз козудай ээрчишип жаңы чөккөн кеменин ичин көрүп сыртка чыкса беш, алты Акула жолун тозуп турушуптур. Алар кемеге кайра кирип жашынышса да Акулалар өчөшкөнсүп кетпей айланчыктап туруп алышты. Караңгы кирсе да кемени тегеренип кеткен жок. Мукун Русалканы кучактап отуруп аны сүйгөнүн, макул десе үйлөнүп айылына алып кетерин айтты эле:

– Мен да сени сүйөм, – деди Русалка, бирок мен сага турмушка чыга албайм, анткени апам, атам уруксат бербейт.

Эмне үчүн?

– Сен адамсың. Адамга балык аял боло албайт Адамга аял болуш үчүн балык болгон мүчөдөн айрылыш керек, – деди Русалка.

– Канткенде балык болгон мүчөңдөн айрыласың? – деп сурады Мукун.

– Ал үчүн куйругумдагы кылкандын бирин алып отко күйгүзүш керек, бирок деңиздин астында от күйбөйт, демек мени эчким адамга айландыра албайт, – деди Русалка.

Мукун менен Русалка кеменин ичинде бир суткадан ашык туруп калышты. Акулалардын көбү тамак издеп кетип бирөө калды. Анын кетер түрү жок. Мукун кеменин ичинен найзадай өткүр узун темирди алып сыртка чыкты. Ал кемеден чыгар менен адамдын жытын сезген Акула качырып кирди. Мукун кемени айлана качты. Эки, үч жолу куйругун үзө тиштерде буйтап качып кутулду. Акыркы ирет оозун аңырдай ачып канжардай болгон тиштери менен куйруктан тиштерде колундагы темир менен оозго сайды эле темир акуланын алкымын жарып каны сууга жайыла берди. Акула агада болбой артынан кубалады. Коркуп жаны чыккан Русалка:

– Бери кач, кеменин ичине кирип кет! – деп кыйкырды.

Мукун кеменин сынган терисинен ичине кире качты. Арттагы күү менен келаткан Акула кемеге келип тумшугу менен урунганда алкымына такалган темир желкесине чыга түштү. Акыркы Акуладан кутулуп экөө үйүнө барышып эмнеге жоголуп кеткенин айтышты эле:

– Силерди кудай бир сактаптыр, – деди апасы.

Мукун бир кун эмес бир жума конок болду. Кетерде Алтын балык:

– Кана, Мукун дос, алтын аласыңбы, күмүш аласыңбы каалаганыңды айт, сураганың берейин, – деди.

Мукун жер карап уялып туруп:

– Мага алтындын да, күмүштүн да кереги жок, менин каалаганым Русалка. Мен Русалканы сүйөм, кызыңыздын колун сурайм Русалканы мага бериңиз, – деди.

Алтын балык эмне дээрин билбей оозун ачып отуруп калды. Бир аздан кийин эсин жыйып:

– Болбостур, – деди Алтын балык, «сураганың берейин» деп оозуман чыккан соң берейин. Бирок бир шарт бар. Ал шарт Русалка сени сүйсө, өз ыктыяры менен сага барам десе берем. Сени сүйбөсө, сага аял болууну каалабаса мен аны зордуктап бере албайм, – деди.

Акыркы сөз Русалкада калды. Аны апасы ээрчитип келип Мукундун тилегин айтты эле:

– Мен да Мукунду сүйөм. Ага түбөлүк жар болууга макулмун, – деди Русалка.

Сөз бүтүп, макулдашкандан кийин Алтын балык кызынын куйругунан бир тал кылканын жулуп Мукунга карматып: Мына балам, кызымдын денесинен чыккан, сүзүүгө жардам берген куйругундагы кылкан. Катып ал. Русалка сага азыр эмес, кийин барат. Барганда ушул кылканды отко кармап күйгүзсөң кызымдын балык денеси түшүп анык адам болот. Азыр өзүң бара бер. Русалканы күт, – деп өзү баш болуп узатып чыкты. Деңиздин жээгине келгенде Алтын балык Мукундун оң капталына үч ирет, сол капталына үч ирет сөйкөнүп өттү эле балык денеси кайра ордуна келип калды. Алтын балык жээкте чыгып коштошоор алдында:

– Мукун балам, сен кичүү болсоң да адамкерчилигиңдин аркасы менен мурун дос элен, эми күйөө бала болгон турасың. Ата катары менин сага айтаарым карөзгөй, зөөкүр, мерез болбо. Ар бир ишке, адам эмес айбандын тагдырына кайдыгер караба. Мен кетирген каталыкты кетирип менчилеп кор болбо. Ушул адамкерчилигиңден жазба. Колуңан келсе элге

жакшылык кыл. Азыр балыктар бир аз алтын алып келет. Аны алып турмушуңду оңдо. Үй сал. Мал ал, – деп куйругу менен сууну чалпылдата үч ирет чапты эле балыктар суудан атып чыгып оозундагы алтындарын жээкке ташташты. Аз деген алтын эки кап болду. Алтын балык менен коштошуп, жол боюнда өтүп бараткан дыйкандарды жалдап, алтынын үйүнө жеткизип алды. Дайынсыз жоголгон уулун апасы көрүп кучактап бетинен өөп:

– Ыя? балам, кайда жүрдүң? Мынча алтынды кайдан алдың? Бирөөнүн мүлкүн уурдаган жоксуңбу? – деп такып сурады эле:

– Мен адам барбаган жерде, балыктын падышасынын үйүндө конокто болдум. Анын Русалка деген кызы менен сүйлөшүп келдим. Буюрса аны сага келин кылып берем. Каптагы алтынды ошол келиниңиздин атасы берди, – деди Мукун.

– Ыя? ботом, – деди апасы таң калып, сен эмне келинчекти кишиден албай балыктан аласыңбы? Анан ошол келинчегин, менен сууда жашайсыңбы?

Мукун күлүп, апасынын мойнунан кучактап:

– Келиниң келгенде көрөсүң, ал балык болсо да ай десең айдай, күн десең күндөй сулуу кыз, – деди Мукун.

– Бара көрөбүз, балам, – деди апасы уулунун сөзүнө ишенбе, сени балык кылып, мурдуңан жетелеп сууга сүйрөп кетпесе эле болгону.

Мукун деңиз жээгине хандын ордосунан артык кылып чоң үй салдырып, төрт түлүк малды жайнатып таштап жашап калды. Күндө эртең менен деңиздин жээгине чыгып, күн батканча Русалканы күтөт. Төбөдөн тийген күндүн ысыгынан, бет маңдайдан урган шамалдан Мукун тотугуп, карарып бүттү. Антсе да болбой жалдырап деңизди тиктеп отурганы отурган. Жалгыз жалдырап отуруп «Балыктын падышасы мени алдаган го» деген ой да туула баштады. Арадан бир ай өтүп кетти. Бир күнү күн нөшөрлөп

төгүп, чагылган чартылдап асманды бөлө жарып тургандa алыстан бир караан көрүндү. Ал бирде суугa кирип, бирде суудан чыгып келатат. Чакалап куйган жаандан шөмтүрөгөн Мукундун жүрөгү жакшылыкты сезип ордунан атып турду. Караан улам жакындай берди. Жакындаганда караса сүйгөн кызы, күткөн жары Русалка экен Мукун чуркап сууга түшүп тозуп алды. Экөө кучакташып, өбүшүп көрүштү. Мукун ошол кучактаганбойдон Русалканы үйгө көтөрүп кирип койдун майынан жазаган шамды жандырып, Алтын балык берген кылканды күйгүздү эле Русалка онтоп, жерге оонап, чабалактап кыйналды. Бир оокумда ордунан күлө туруп:

– Мына Муке, мен адам болдум. Эми мен түбөлүк сендикмин, – деди.

Экөө эзилишип кучакташып турганда Мукундун энеси кирип келип, келбети келишкен сулуу кызды көрүп:

– Апээй, ботом алиги балык деген келинчегиң ушулбу? – деди.

– Ушул, – деди Мукун кучагын жазбай, ушул. Аты Русалка.

Кемпир шашып калды. Катып койгон ак жоолугун апкелип, жакшылык каалоосун айтып келининин бетинен өөп, башына жоолук салды.

Өлө турган балыкты өлүмдөн алып калып, адамга гана эмес жаныбарларга көрсөткөн жакшылыгы үчүн Мукун балыктын падышасынын кызына үйлөнүп, бай болуп, жыргап-куунап жашап калды.

## ЧАКЧЫГАЙ МЕНЕН КАРАКАШ ЧЫМЧЫК ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАЙЛООДО ЖАШАШАТ?

Илгери каракаш менен чакчыгай деле кара чыйырчык сыяктуу токойдо, коро-сарайларда уя салып, бардык чымчыктар менен атаандашып жан сактоо кылчу экен.

Чакчыгай түркүн обон менен сайрап, уйду туурап – мөөрөп, койду туурап – маарап, кулунду туурап – кишенеп, кишини туурап – ышкырып, итти туурап – үрүп, булбулдан да мен өйдөмүн деп мактанат. Кашка чымчык болсо, бир гана чыйк-чыйк эткенден башка үнү жок – ызалуу.

Чакчыгай өтө куу болгондуктан, каракашты азгырып:

– Сага мен эң сонун обондорду, сайраганды үйрөтөр элем, убакытым жок, жанагы торгой, карлыгач, чыйырчык, сары айгыр, булбулдар мага сын тагышат. Ар кимди туурагандан башка таш-балакетти билбейсиң, өзүңчө чыгарган обонуң жок. Жайлай чакылдап, ар кайсы ташка бир конуп, балдарды алаксытып, бизге тең эмессиң дешет. Мен ушул ызага чыдабай өзүмө досторду көбөйтүп алайын деп жүрөмүн. Каракаш аке, азырынча сен экөөбүз дос бололу Анан дагы дос издейли. Сага түркүн обон табышка дагы-дагы убакыт жетишер, – деп көңүлүн жубатты.

Каракаш чакчыгайдын бардык айтканына макул болду. Ынтымакта жакшы жашап жүрүштү. Чакең дос издеп таранчыга келди.

– Таке, силер көпсүңөр, бир эле түрдүү чыйпылдайсыңар, ошондо да көп үн чуулдап басымдуу угулат экен. Менин досум каракаш деле чыйпылдайт. Жалгыз болгондуктан үнү этибарга алынбайт, эч ким ага назар салбайт. Макул десеңер биз силерге кошулуп бирге жашайлы. Ошондо тигилерге теңтуш болобуз, – деп көз жашын төгөт.

Таранчылар боору ооруп кабыл алат. Күз болгондо кыргый келип чымчыктарды кырып жей баштайт. Таранчылар бадалга кире качышат. Каракаш менен чакчыгайдын балапандары ачыкта калып, турумтай, жагалмай, кыргыйлар илип кетет. Эми таранчылар менен чакеңдин ортосунда чатак чыгат.

Дос болгонубуз кайсы, өз балапаныңарды бадалга, түнткө ала качып кирип кеттиңер. Менин балапан-

дарым артта калып, баарын жеп кетишти, – деп таарынат.

Силердин балапандарыңар өтө жай учат. Өзүңөр да жай учасыңар, жашынганды билбейсиңер, анын үстүнө күзүндө чээнге кирип, жазында чыгасыңар, ыйлаганыңардан боорубуз ооруду эле. Балдарыңардын жөндөп уча албаганын бизден көрөсүңөр. Мындан көрө мурдагыдай бөлөк-бөлөк жүрөлү, – деп таранчылар учуп кетишет.

Ошентип, каракаш менен чакчыгай орундарында отуруп калышат. Ошол жылы кыш эрте келип, каракаш менен чакчыгай чээнге кире албай калат. Эстери ооп, жансерек болгон чымчыктарды балдар таап келишет. Балдардын атасы аларды таанып, өлтүрбөс үчүн капас жасап, жылуу үйгө киргизип, ундун улпагын, талкандын кебегин берип, кыштан аман-эсен чыгышат.

Атасы балдарга:

– Эл жайлоого чыкканда ала чыгып, ошол жерге коё бергиле. Жайлоодо жагалмай, турумтай, кыргый болбойт. Алар чымчыктын көп жеринде болушуп, чымчыктардан илип алып жеп, жансактайт. Жайлоого кыш түшкөндө таштын коңулуна, суурдун ийинине кирип, чээнден чыгышат.

Жайында балапандары менен ойноп, күзүндө таштап келесиңер – деп, кеңеш берет.

Балдар сүйүнүп макул болушат. Жайлоого барышат. Каракаш менен чакчыгайдын оозуна шилекей салышып, эркин коё беришет. Ошондон кийин балдар жайкысын балапандарын издеп таап багышат. Бирок барган эле жылы каракаш:

Кайра кетем! – деп, чатак кылат. Чакчыгай мындай деп кеңеш берет:

– Жакада болсо чымчык көп, кайсы обонду үйрөнөөрүңдү билбей башың айланып калат. Бул жерде жалгыз мен түркүн обонго салам. Бир-экөөнү үйрөнүп калгың бардыр. Анын үстүнө экөөбүз бир эле суурдун

эски ийинине тууп, балдарыбызды бирге чоңойтобуз. Эгер суусар көп болсо, чоңураак таштын коңулуна жанаша уя салабыз. Мен болсо, чээнден чыккандан кийин, не түркүн обонго салып сайраймын. Сен болсо, кулаксалып угуп, балапандарга жем берип, жыргап жүрө бересиң. Кой, досум, мындай бизге душманы жок жер кайдан табылат, – деп азгырат.

Ага каракаш макул болот. Өтө ыраазы болуп, чакчыгай сайрай берет. Ошентип, каракаш байкуш: «Чакчыгайдын сайраган обондорунун бирин болбосо бирин, быйыл болбосо эмдиги жылы үйрөнөрмүн» – деп, чакчыгайдын балапанына бетегенин бүрүн терип келип берип, ушул күнгө чейин бир обон үчүн кошомат кылат экен.

## ЧОЛОК МЕНЕН СОКУР

Илгери-илгери бир Бактыбек деген чолок бала болуптур. Ал жаш кезинен чолок болуп, жанын багыш үчүн кудайы сурап күн көрчү экен. Бир сапар көчөдө кыңылдап ырдап кудайы сурап отурса, жашы отуздан ашкан сокур киши кокусунан жаш балага жетелетип кудайы сурап темселеп келип калганда:

– Эгер, «сурамчыдан тилемчи үмүтөтөт» деп ушу мага окшогон чолоктон үмүтөткөнүң уят, байке. Сен сокур болсоң, мен чолокмун. Отур сүйлөшөлү, – деди чолок бала.

– Көзүм көрбөсө эмне кылам. Кээде киши экен деп эшектен алакан жайып кудайы сураган күндөрүм болгон. Кудай кор кылып койсо чыдабаска аргаң жок. Бул тозоктон өлүп кутулбасаң тирүүндө кутулбайсың. Андан көрөк өзүң тааныштырчы? Сен ким болосуң? Үнүң ичке экен, эркек баласыңбы же кызсыңбы? – деп сокур, жетелеген баланын жардамы менен чолоктун жанына отурду.

– Мен эркек баламын. Жашым он экиде. Эки бутум тиземден жок. Чолокмун. Элдин баары Бак-

тыбек деп атымдан айтпай чолок дешет. Мен да жаңы атыма көнүп кеттим. Элдин жардамы менен көчөгө, базарга чыгып отуруп алып кудайы сурайм. Тапкан акчамдын үчтөн бирин турган үйүмө берем, үчтөн бирин мусапырларга берем, үчтөн бирин өзүмө жумшайм, – деди чолок.

– Сүйлөгөн сөзүңдү абайласам, өзүң кудайы сурап жүрүп мусапырларга жардам бергениңе караганда тың, акылдуу, боорукер көрүнөсүң. Кандай чолок болуп калдың, ошону мага айтып берчи? – деди сокур.

– Ээ байке анын эмнесин сурайсың. Ак жерден күйүп кеткем. Мен тогуз жашка келгенде көчө бойлоп капарсыз ойноп келатсам короодон бирөө: «Ай, бала бери кайрыла кетчи» – деп чакырып калды. Барсам сен курактуу бир жигит алма жеп туруптур. Мени кире сала бир алманы колума карматып, бийик алманын башын көрсөтүп:

– Мен бутум ооруп бактын башына чыга албай турам, сен бакка чыгып күбү, акысына алма берем, – деди.

Мен колумдагы алманы тиштеп көрүп:

– Эй байке, алма араң эле дүмбүл болуптур. Ууруга окшоп бышпаган алманы неге күбүйсүң? Тим кой, бышсын деп тамашага чалдым. Уурусун карматкансып жанагы жигит кызара түштү да:

– Бул үй да, алма да өзүмдүкү. Бирөөгө акча карыз болуп бышпаса да айлам жок базарга алып чыгып сатайын деп атам. Коркпой чыга бер, – деди.

Мен макул болуп бактын башына чыгып алманы күбүдүм. Ар бир бутакты кармап катуу силккенде жер кызыл алмага жайнап калды. Аңгыча дарбаза кыйч деп ачылып мурутчан киши кирип келди. Ал келгенде жанагы мени бакка чыгарган жигит житип жок болду.

– Эй жубарымбек, эмне алманы күбүп атасың? – деди.

– Сенин ишиң эмне, алманын ээси күбү деди күбүп атам, – дедим бактын башында туруп эрдемсинип.

– Мен сага күбүгөндү көрсөтөм, – деп узун бакан менен туш келди сайгылап, бутка, чандырга ургулай баштады. Мен андан качып улам өйдөлөп чыга бердим. Бийик бактын кылда учуна чыкканда бутак сынып кулап түштүм. Жерге тийгенде бутумдун сөөгү «карч» деп сынып, сулк жыгылдым. Мурутчан киши ага карабай:

– Чогуу уурдаган жолдошуң кайда? Анын аты ким? – деп тепкиледи.

– Мен ууру эмесмин. Жанагы сен келгенде алма терип аткан киши «мен ушул үйдүн ээсимин бактын башына чыгып алманы күбү, акыңа алма берем деген. Ошол үчүн күбүдүм, – деп чырылдадым.

Мурутчан киши урганы аз келгенсип «бакка чыккан бутуң ушулбу?» деп сынган бутка тээп-тээп жиберди. Сынган сөөк терини жарып кан шорголоп акты. Ал жаратымды таңып жардам көрсөтүүнүн ордуна албууттанып колуман сүйрөп көчөгө чыгарып таштады. Сынган бутум ооруп, жаным кейип бакырып ыйлап отурсам улгайып калган аял көрүп калып, жаратыма курумшу күйгүзүп басып аккан канды токтотту. Бирок эки бутум тең тизеден ылдый шишип карая баштады. Табыпка көрсөтсө «Буту жараксыз болуп калыптыр, кеспесе болбойт» деп экөөнү тең тиземден ылдый кесип таштады. Мына ошондон бери ошол жардам берген жесир кемпирдин үйүндө турам. Короосунда тоокканадай бир бөлмө үй бар, мен ошого кийин кирип алгам. Аты Алтын. Мен аны Алтын апа дейм. Акыйкатта ал аялдардын алтыны. Боорукерлиги ченде жок. Акысын доолабаса да турган акыма тапкан акчамдын үчтөн бирин берем. Көп тапсам көп алат. Аз тапсам аз алат. Ал эми өзүң тууралу айтып берчи сокур байке, – деди чолок.

– Мен куруйун, – деди сокур киши үшкүрүп. Атым Алманбет. Мен даты сага окшоп ак жеринен күйгөм. Жаш чагымда жетим калсам да бой жеткенде тың, шамдагай болуп чоңойдум. Байга жалданып күндүз короосун шыпырып, кечте кампасын кайтарчумун. Бир күнү бай ичинде бир нерсеси бар кызыл куржунду көтөрүп келип кампага катып, эшигин кулпулап ачкычын өзү катып алды. Жатаарда: «Көзүңө кара, жакшылап кайтар!» деп кетип калды. Мен тирмийип жакшы эле уктабай отурдум, бирок шайтан азгырып таңга маал уктап кетипмин. Бир оокумда бирөө тарс дегизе капталга тепти. Көзүмдү ачсам кожоюнум экен.

– Эй акмак эшикти ким ачты? Кампага каткан куржун кайда? – деп дагы тепти. Карасам кадырлап бекиткен эшик ачык. Кулпусу жерде жатат. Мен эч нерсеге түшүнбөй:

– Кечиресиз, ачкан кишини коргон жокмун. Кашайып уктап кетиптирмин байым, – дедим.

Бай: «куржунду кимге бердиң? Ким менен бириктешип уурдадың?» деп уруп-согуп суракка алды. Мен «уктап калыпмын, билбейм ким алганын» деп безеленип чынын айттым. Ал ага ишенбей ур токмокко алып, «Ууруну көрбөгөн көзүң ушулбу» – деп сөөмөйү менен ортонун ачакей айрыдай кылып соройтуп көзгө урду эле бир көзүмдүн чечекейи агып түшүп, экинчи көзүм да көрбөй калды. Мени желкемен кармап атка сүйрөтүп барып талаага таштады. «Жетим улакка кайыр шыбак» болуп эл көрүп өлбөй аман калдым. Бир көзүм такыр агып түшсө, экинчи көзүм жара болуп кийин ак басып калды. Мына ушундан бери сокурмун. Эл мени да атыман айтпай сокур дешет. Сокур деген атка мен да көнүп калдым. «Атың ким?» десе сокур дейм. Ошондон бери кайыр сурайм. Кечте чайханада же мал сарайда мал менен кошо жатам, эртең менен боорукер адам жетелеп көчөнүн бурчуна чыгарып коёт. Алакан жайып

ошол жерде отурам. Кээде ушинтип жаныман өтүп бараткан балдарды жетелетип жер котором. Менин көргөн күнүм ушул – деди сокур.

– Экөөбүздүн тагдырыбыз бир экен, сокур байке. Макул болсоң бириктешип оокат кылалы. Кааласаң мени менен чогуу жаша. Менин Алтын апам ак көңүл, боорукер жакшы киши. Сен барсаң кубалабайт, – деди чолок.

– Экөөбүз бириккенде эмне кылабыз? Кантип жашайбыз? – деди сокур.

– Сенде күч бар, көз жок. Менде күч да жок, бут да жок, бирок баш бар. Сен мени ийниңе мингизип көтөрсөң мен сага көз болуп берем. Бирөөгө жетелетпей мен айткан жакка бассаң, мен айтканды аткарсаң тез эле оңолобуз. Түшүндүңбү, сокур байке? – деди чолок.

– Түшүндүм, – деди сокур бир аз ойлонуп туруп, сен айткандай болсун.

Чолок ошол замат сокурдун мойнуна минип мончого бет алды.

– Сокур байке, кечирип кой. Чыпташкан сакал, мурутуңду айтпаганда бетиң менен этиң майланышып жердеги топурактай капкара болуптур. Жытыңды айтпа, тим эле капуста сактаган бочка жыттанат. Мончого түшөлү. Таза болбосоң мени өлүмдөн сактап калган кемпир үйүнө киргизмек түгүл, эшигинин алдына жолотпойт, – деди чолок.

Мончого түшкөнгө акча жетеби? – деди сокур.

– Жетет – деди чолок шаңдуу, мен турганда мончо да болот, чач тарач да болот. Кам санаба байке.

Чолок менен сокур мончонун жанына келгенде ал имараттын ээси эл менен эшикте туруптур. Аны көрөөр менен:

Сокур менен кез болуп,
Тааныштык бир аз сөз болуп.
Келатабыз мончого,
Сокурга чолок көз болуп,

Жашайбыз бирге сырдашып,
Ачабыз көңүл ырдашып.
Жуунуп бираз алалы,
Мончочу, сууңдан берчи бир кашык.
Сокурдун көзү көрбөйт деп,
Койнум толо бит басты,
Кийминер болсо бергиле,
Азайтсын сокур көз жашты.

деп чолок жамактатып ырдап жиберди. Карап тургандардын бири тамаша кылып күлсө, бири эки мусаапырга боору ооруп көзүнө жаш алды. Айрымдары эски кийимин чечип беришти. Мончочу самын, жышыгын берип экөөнү тазалап жуундурду. Мончодон чыгып, эл берген кийимди сокурга кийгизип алып чач тарачка келсе чиркешкен сокур менен чолокту эл жардап карап калышты. Чолок атчасынан сокурду теминип коюп:

Чачын алып көрк берген.
Чач тарач элдин устасы.
Атайын келдик биз сага,
Айлабыз кетип кыскасы.
Ашык болбос түз кебим,
Сокур көрбөйт түзпөлүн.
Келечек дагы алдыда,
Бактыдан үмүт үзбөдүм.
Жүдөтпөй чачын алып бер.
Тынчытып сокур санаасын.
Көркүнө койсоң чыгарып,
Сокурдун сообун аласың.

деп безелентип ырдады. Мөөнөт күткөн эл баланын ырына кол чаап ак дилден кубатташты. Чач тарач сокурдун чачын, мурут-сакалын алып, атырдан аябай сээп берди. Сокур менен чолок жүргөн жер сасыбай атыр жыттанып калды. Бери чыкканда:

Ыя, оңбогон чолок сен төкмө акын турбайсыңбы – деди сокур кубанып.

– Мен жалаң эле төкмө акын эмес, жазма да акынмын, – деди Чолок.

– Эй жубарымбек сен жазганды да билесиңби? – деди сокур тамашалап.

– Билем, – деди чолок жагалданып, мен баспай төшөктө жатканда Алтын апам бир сакалдуу молдону чакырып келип мага дем салдырган. Ошондо молдонун жанын койбой жазганды, окуганды, эсептегенди үйрөнгөм.

Экөө кобурашып чолоктун жаткан жерине учкашып-чиркешип келишти. Аны көргөн Алтын байбиче каткырып күлүп:

– Эшегине тушагы туура келип, куп жарашыптырсыңар – деди.

– Апа күлбөңүз. Мен сокурга көз болуп мойнуна минип үйгө келгенимекечирим сурайм. Бул бечера да мага окшоп бейкүнөө көзүнөн ажыраптыр. Сиз каршы болбосоңуз сокур байкем убактылуу мени менен жашасын. Бири бири-бизге жардамдашып оокат кылалы, – деди чолок.

Кемпир майыптарга күнөөсүз күлгөнүнө өзүн олдоксун сезип:

– Сен мени кечиргин, балам. Сен акыл таап көзсүзгө көз болуп келгениңе кубанып күлдүм. Жашагыла бирге, мен эч каршылык кылбайм, – деди кемпир. Сокур менен чолок бирге жашап калышты. Эртеси сокурдун мойнуна баштыкты азып, базарга барып, той, ашта атка минип ырдаган ырчылардай сокурдун мойнунда койкоюп отуруп:

Оо калайык аманбы,
Жалпыга айтам саламды.
Көрө турган көздү алып,
Кудай темселетти баланды.
Оо, эл журт аманбы,
Элиме айтам саламды.
Эки бутту тең алып,
Кор кылды кудай баланды.
Көз кылып мендей чолокту,
Сокурга аттай мингизди.

Алла таала жараткан,
Ташбоорлугун билгизди.
Коңуздай болуп жөргөлөп,
Күн көрөмүн кор болуп.
Элчилеп басып кете албайм,
Олтурган жерим тор болуп.

Айласыз сунам колумду,
Тыйын сурап, нан сурап.
Жакшылык көрбөй элчилеп,
Өтүп барат жаш курак.
Кырчындай кезде кыйылып,
Тозокто калды алтын баш.
Кор болгон жанды сооротуп,
Токтобой агат көздөн жаш.

Ыйлаган менен не пайда,
Жараткан көрбөйт жашымды.
Каргыш тийген чолоктук,
Кор кылды алтын башымды.
Көр болуп көзү түбөлүк,
Сокур байкем жолдошум.
Жаратканга жалынам,
Жалпыңды кудай колдосун,
Бакты берсин баарыңа,
Жашың менен карыңа.
Өзөгүм күйүп өрт болуп,
Өмүрүм өтөт зарыга.
Сокур менен чолокту,
Сооңор келип көргүлө.
Сообу тийет өзүңө,
Садагаң болсо бергиле.

деп чолок ырдады эле сокур токтоно албай солкулдап ыйлап кирди. Майып баланын арманын угуп, сокур көздөн аккан жашты көрүп ыйлабаган эл калган жок. Сокурдун баштыгы акча, тамак ашка толуп чыкты. Эртеси дагы ырдады. Ушинтип ар кай жер-

де ырдай беришти. Тамак чогулуп, акча жыйылып калды. Бир күнү кечте тамактанып отурганда:

– Сокур байке, кудайчы болуш адистик эмес, биз минтип кудайы сураганыбыз жарабайт, башка иш кылыш керек, – деди чолок.

– Эмне иш? – деди таңыркаган сокур.

– Соода кылабыз.

– Сен кутурба, – деди сокур баш чайкап, буттуу киши да, көздүү киши да азыркы учурда иштеп оокат таба албай жүрүшөт. Ал эми сен болсо колуң кичине ашка жеткенде дөөгүрсүй баштадың. Бул жарабайт.

– Жарайт байке, жарайт. Жараганда да сонун жарайт. Баш болсо баары болот. Бизде айландырганга бир аз акча бар. Эртең базардан акысын төлөп орун, анан бийик орунтук сатып алабыз. Мен орунтукка отуруп соода кылам. Сен менин жанымда отурасың, – деди чолок.

– Эмне менен соода кыласың? – деди сокур.

– Нан, татты менен соода кылабыз – деди чолок.

– Аларды кайдан аласың? – деди сокур.

– Дүң саткан жерден алабыз. Ал түгөнүп баратса сен барып керектүү товарды апкелип турасың, – деди чолок.

Сокур чолоктун сөзүнө ишенген жок, бирок иш чолок айткандай болду. Эртеси базардын жакшы жеринен орун алып, экөө отуруп нан, набат, халба, сатышты. Алгач соодалары солгун тартып, кийин алуучулар көбөйө башташты. Нандары тез өтүп талап кетчү болду. Ошол жерде кудай сурап жүргөн тестиер баланы өздөрүнө кошуп алышты Бала сокурду жетелеп наабайчыга алпарат. Ал жерден сокур нанды сатып алып чолокко апкелет. Чолок:

Кызарып бышкан ысык нан,
Кызыгат көрсө ар бир жан.
Издесең мындай таппайсың,
Муздаттырбай алып кал.

Сире сепкен кооз нан,
Даамдуу болот эсиңе ал.
Балдарың жесин талашып,
Бачымыраак алып кал!

деп мактап, ырдап сатат. Соода күндөн күнгө өөрчүй берди. Акча көбөйгөндө чолок базардан бир нече орунду сатып алып башка кишилерди отургузуп өтүмдүү буюмдарды саткызды. Бара-бара байып бир нече дүкөн ачып кембагалдарга иш таап берди. Чолок менен сокурдун түшкөнү кооз араба, жатканы мамык төшөк болуп баркы көтөрүлдү.

Бир сапар чолокту кооз, жумшак замбилге салып төрт киши көтөрүп базарды аралап келатканда элдин арасынан сакал муруту кардай агарган, эски ак калпак, жыртылган ак чапай кийген кары кишини көрүп калды.

Замбил үстүндө отурса да ак сакалдуу адамдан кыя өтө албай:

– Эй жигиттер мени тээтиги ак сакал кишиге алпаргыла! – деди чолок.

Малайлар шарт бурулуп аксакал кишиге барышты. Чолок замбилде отуруп:

– Ассалому алекум ата. Аман эсен турасызбы? Ден соолугуңуз жакшыбы? «Түшүп учурашпайт» деп айып көрбөңүз. Түшө албайм. Кудай мени мунжу кылып койгон, – деп чолок колун сунду.

– Ва аллейкума ассалам балам, – деди карыя чолоктун колун алып, көрүп турам.

Тааныбасаң да айланып келип учурашканыңа ыраазымын. Элдин айтуусунда бейбечерага көп жардам берипсиң.Бул мактарга татыктуу. Эми өзүң кандайсың? Эмне муктаждыгың бар?

– Бутумдун чолоктугунан башка эч деле муктаждыгым жок. Аябасаңыз батаңызды бериңиз. Андан көрөкчө сиз айтыңыз. Эмнеге муктажсыз, эмне керек? Колдон келген жардамымды берейин, – деди чолок.

– Рахмат, балам, – деди карыя, мага ичкен ашымдан башка эч нерсенин кереги жок. Курсак ток, кийим бүтүн болсо болду. «Кур аякка бата жүрбөйт» дейт, – ата. Жүрүңүз. Кары-картаңга, ачка жүргөн бечараларга бир маал ысык тамак берейин деп жаңы чайхана курдурдум эле. Азыр ошонун ачылышы болот. Барып даам ооз тийип, батаңызды бериңиз, – деди чолок.

Карыя макул болуп, эл менен отуруп тамактанып болгондон кийин алакан жайып: «Оо чолок балам, сага окшогон ак көңүл, боорукер адамга жараткан өзү жар болуп тилеген тилегиңе жет. Ылайым кесилген бутуң айыгып ордуна келсин. Сага жамандык кылган адам сенин тарткан азабыңды көрсүн! – деп бата берди. Буту ордуна келбесине көзү жетсе да чолок карыянын батасына кубанып калды.

Чолок жөнүндө элдин ортосунда күжү-күжү сөз болду. «Эки буту жок баланын иштегенин карагылачы, колу, буту соодон кыйын иштейт» деп бири айтса «Кеп бутта эмес, башта. Бул баланын башы иштейт. Кечээ эле сокурду минип алып эл кыдырып, жер кыдырып ырдап кудайы сурачу эле, бүгүн соо кишини жумшап малай кылып байкуштарга жардам берип байып отурат» деди экинчиси. «Ээ сиздики да, мунуку да туура, – деди үчүнчү киши экөөнү коштоп, бирок кеп бул баланын боорукерлигинде, жоомарттыгында. Бул баланы мен башынан билем. Бул бала көчөдө отуруп кудайы сурап тапкан акчасынын үчтөн бир бөлүгүн ач болгон мусапырларга берчү. Алар бул балага ысык ыкыласынан бата берип, жакшылык тилечү. «Жаан менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт» деп бул балага элдин батасы тийди.

Айтор базарда жүргөндөр, айылга баргандар чолок баланын эмгегине ыраазы болуп, анын иштеген ишин балдарына үлгү кылып айтышчу болушту. Бир ай өткөндөн кийин баягы ак сакал карыя дагы базарчылап келип калганын көрүп чолок ал киши менен атайы

барып учурашып турганда бир балага жетелетип, асманды алая тиктеп сокур досу келип калды.

– Бул киши мен айткан сокур. Бул дагы күнөөсү жок көзүнөн айрылып ушинтип темселеп жүрөт, – деп тааныштырып сокурдун көргөн азабын айтып берди. Бир аз тургандан кийин чолок карыяны чайханасына чакырып колунун келишинче коноктоду. Карыя чайхананын бир жак жээгин бүт ээлеп отурган кембагалдарды көрүп:

– Балам, чайханада бир жак жээгинде бүт жыртык чапандуулар отурат экен, мунуң кандай? – деп сурап калды карыя.

– Сиз туура байкагансыз, – деди чолок, жаман чапандуулар отурган тарап тамакты бекер ичишет. Ар бир келген адамга жашына карабай бир нан, бир чайнек чай бекер берилет. Ал эми экинчи тарапта отургандар ичкен ашына, чайханчылардын көрсөткөн кызматына акы төлөшөт.

– Жакшы экен, балам, – деди карыя, бей-бечараларга жардам бериш чоң сооп. Сен карыптарга канчалык март болсоң, кудай сенден жакшылыгын аябайт.

Эртеден бери колундагы чай куйган чыныны түшүрбөс үчүн кош колдоп кармап, карыянын сөзүн угуп отурган сокур:

– Сиз туура айтасыз аксакал. Бул чолок инимдин марттыгында чек жок. Алгач экөөбүз кудайы сурап жүргөндө тапкан акчабыздан мусапырларга берчү. Мен аны жактырчу эмесмин. Канчалык каршы чыксам да колу ачыктыгынан жазган жок. Марттыктын пайдасын кийин түшүндүм. Карыптардын батасы тийди. Чолок канчалык март болгон сайын биз ошончолук тез байыдык. Үй салдык, малай күттүк. Мен өзүмчө жашайм, Чолок Алтын апасы менен чогуу жашайт. Тамак аш, кийим жетиштүү, кемчилдигибиз эле инимдин чолоктугу, менин кашактыгым, – деди сокур.

– Нишалла, айыгып кетишиңер ыктымал. Мен бир табып таптым. Сүйлөшүп да келдим Макул болсоңор жүргүлө бүгүн алпарып көрсөтөйүн, – деди карыя.

Чолок да, сокур да ичинен табыптын айыктырбасын билсе да карыянын ак пейилден айткан кеңешин четкеката албай барууга макул болушту. Чолоктун эки ат кошкон арабасына түшүп шаардын четине чыккандан кийин:

– Чолок балам, сенин арабаң жай жүрөт экен. Сеники менен бир айда да жете албайбыз. Мүмкүн болсо менин арабама түшөлү, – деди карыя.

Үчөө карыянын арабасына түшүштү. Алар отурары менен арабага кошкон аттар бир аз жерге чуркап барып, анан канатын жайып учуп жөнөштү. Канаттуу атка чегилген араба эч кыймылдабай учуп баратты. Жолдон карыя жүз жетимиш жашка чыккан табыпка бaратканын түшүндүрдү.

Көпкө учушту. Түшкө жакын тоонун этегинен жалгыз үй көрүндү. Төмөн жагы саз, жогор жагы калың токой экен. Араба дөбөчөгө токтогондо колуна таяк алып бүкүрөйүп баскан карыя:

– Келгиле меймандар, келгиле! Эмне иш менен келдиңер? – деп тосуп чыкты.

– Жардам сурап келдик, чоң ата – деди келген карыя, мына бул баланын буту чолок, бул жигиттин көзү көрбөйт. Колуңдан келсе айыктырып бер.

– Колуман келет. Алла таала жардам берсе колумдан баары келет. Бул чолок баланын буту сөзсүз айыгат, анткени ак көңүл, колу ачык, карыптарга кайрымдуу, калп айтпаган бала эке. Ал эми бул сокур жигиттикин билбейм. Элге кайрымы аз, кажылдап каяша сүйлөп, кудайга тили тийген неме экен – деди таякчан чал.

– Кечириңиз, чоң ата – деп чолок арага түштү, бул сокур күнөөсүз сокур. Көзү көрбөгөн адамды тентек балдар шылдыңдап чыбык менен сайгылап ойношту.

Көзү көрбөй туш келди жерге заара кылганда чоң адамдардан да тил угуп, таяк жеди. Анысы аз келгенсип мал сарайга жатканда уйлар үстүнө чычып, койлор тебеледи. Ушул ит турмушта жашаганда капа болуп катуу сүйлөгөнү да чын. Көзү көрбөгөн соң жеткен мусапыр, берсең ичет, тилдесең көтөрөт. Колунда коко тыйын болбогон соң элге жардам бергенди билбейт. Мусапырдын күнөөсүн кечириңиз.

– Күнөөсүн мен кечирбейм, кудай кечирет, ал эми пейлине жараша дары жардам берет. Муну сенда, сокур да, эл да билиш керек. Ким элге жакшылык кылса, колунан келбесе да жок дегенде элге жакшылык ойлосо ошол адамга кудай берет, оорусунан тез сакаят, – деди табып.

Бир топ сүйлөшүүдөн кийин табып чолоктун бутуна май дары сүйкөп көтөрүп барып сазга отургузду. Саз кара топурактуу экен, чолок отураар менен соруп чөгө баштады. Табып чолоктун эки колтугуна эки узун тактай коюп койду эле чөкпөй токтоп калды. Бутун бир нерсе соруп тарткылап жаткансыды. Бир суткадан кийин саздан чолокту чыгарып алды. Буту кадимкидей болуп бүтүп калыптыр. Чолок ары-бери басып, бутунун башын кыймылдатып:

– Чоң ата, бул менин түшүм эмеспи? – деди чолок кубанып.

– Түшүң эмес, өңүң. Чуркап элге кызмат кылсын деп кудай сага бут берди, – деди табып.

Чолоктун кубанганын айтпа, бийлеп да, ырдап да жүрөт. Табып сокурдун көзүнө саздын ылайынан жаап, үстүнө дары жалбырак коюп таңып үч күн кармап турду да, үч күндөн кийин жылгадан чыккан ысык булактын суусуна жуугузду. Сокурдун чукулган көзү көрбөсө да, ак баскан көзү кадимкидей көрүп калды.

– Мына балдарым, – деди карыя мындан ары силерди эч ким сокур, чолок дешпейт. Ушул ак пейлиңерден жазбай узак өмүр жашап элге пайдаңарды тийгизгиле.

Бактыбек менен Алманбет табыпка рахматын айтып жолго чыгышты. Карыя учкан арабасына отургузуп жерине жеткирип койду. Экөө базарга келатса кире берište таякка сүйөнүп, колун сунуп «сокурга жардам бергиле!» деп кудайы сурап бирөө турат. Бир кезде көзүн чукуган бай экенин Алманбет таанып жанына барып:

– Мусапырым, сенин көзүң кантип, качан сокур болгон? – деп сурады.

– Көзүм ооруп көрбөй калганына беш жыл болду. Үнүң негедир тааныш угулат сен өзүң кимсиң? – деди бай.

– Мен баягы сен көзүм чукуп таштаган кароолчумун. Келме кезек деген ушул. Азыр мен көздүүмүн, сен сокурсуң. Мен сени тепкилеп өлтүрсөм сооп болот эле, бирок мен антпейм. Сен менин көзүм чукуп жазаласаң, кудай сени көзүңдү чукубай көр кылып жазалаптыр. Азбы, көпбү ыраазы бол, – деп Алманбет бир тутам акчаны колуна карматып басып кетти.

Базарды аралап баратышып минген эшегин балага жетелетип келаткан чолок кишини көрүп Бактыбек токтоп калды.

– Эй эмне токтодуң, кеттик! – деди Алманбет.

– Шашпа, – деди Бактыбек Алманбеттин жеңинен тартып токтотуп, мени бакан менен койгулап бактын башынан кулатып, жардам бербей өлсүн деп көчөгө сүйрөп таштаган киши келатат. Сүйлөшөлү.

Экөө токтоп күтүп калышты. Эшекчен киши жакын келгенде учурашып:

– Байке, бутуңуз эмне болгон? – деп сурады Бактыбек.

– Бутум курусун, – деди эшекчен киши капаланып, кийикке капкан салсам ага аюу түшүп калыптыр. Кыймылсыз жатканынан өлгөн экен деп капкандан бутун чыгарайын десем басып алып бутумду чайнап, тарамышын үзүп таштады. Араң кутулдум. Эми эки бутум тең такымдан бүктөлүп сенек болуп калды.

– Эми кайда баратасыз?

– Элге кошулуп кудайы сурайын деп бараткам, – деди эшекчен киши.

– Мени тааныйсызбы?

– Тааныбайм, – деди эшекчен киши.

– Мен баякы алма уурдайт деп бакан менен сабап бактын башынан кулатып, сынган бутумдан кан агып жатканына карабай көчөгө таштап койгон баламын. Азыр өзүңүзгө окшоп сабап, калган бутуңузду кайрып сындырса болот эле, бирок мен антпейм. Күн көрүңүз, оокат кылыңыз, – деп Бактыбек эшекчен кишиге көп акча карматыпбасып кетти.

Адамга жакшылык кылгандыгын пайдасы тийип Чолок буттуу болуп, Сокур көздүү болуп жыргап куунап жашап калышты. Алтын апа экөөнө тең апа болуп Бактыбек менен чогуу жашап калды. Экөө үйлөнүп ондон балалуу болушту. Балдары да атасына окшоп ак көңүл болуп жакшы өсүштү.

## ЧЫНДЫК ЖЕҢЕТ

Илгери-илгери бир убактарда Урумкан деген хандын үч уулу, дагы бир жерде Кырым деген хандын үч кызы болот. Урум Кырымга куда болуп, Кырымдын кыздары бойго жетип калган кезинде, Урум келиндеримди алсам деп, Кырымга киши жиберет.

– Менин кыздарымдын калыңы ушул, сен жактагы чоң дарыя сууну элиң менен арык казып, белести ашырып, мен жакка буруп бергин, – дейт Кырым хан.

– Жакшы болот – дейт да, Урум хан элинин баарын жыйнап, арык каздырып белести ашырып, чоң сууну байлап, Кырымдын жерине чыгарат.

– Болуптур, калыңың бүттү, келиндериңди алгын, – деди Кырым.

Урум хан эки уулун ээрчитип, келиндерди алууга Кырым ханга келет. Ал эми кичүү уулу болсо үйүндө

калат. Урум уландары менен келиндерин алып келе жатканда, эки хандын ортосу ээн талаа, эрме чөл, бир убакка күн бүркөлүп, жаан кара нөшөр төгүп жиберет, корголой турган жер жок. Эки жакты караса, бир ак күмбөз турат.

– Кокуй, ушуга коргойлу! – дешип, баарысы күмбөздүн ичине киришет.

Бир убакта күн ачылат. Эшикке чыгалы десе, эшиктин алдында бир ажыдаар тосуп калган. Ал ажыдаар кара мурут жигит болуп:

– Баарыңды сором, болбосо үйүңдө калган кичүү уулуңду бергин! – дейт. Урум хан айласы кетип, үйдөгү уулун бермек болот. Урум ажыдаардан бошонуп, келин-уулдары менен жүрүп отуруп үйүнө келип, баягы иш эсинен чыгып, эч нерсени ойлобой жүрө берет.Бир түнү жатып түшүндө ажыдаарды көрүп:

– Оо, кудай, көрбөй калгай эле, – деп турса, ажыдаар келип:

– Балаңды берем деп, бербей койдуңбу, балаңды бербесең, өзүңдү баш кылып элиңди сором! – дегенде айласы кетип:

– Берейин, баламды, берейин, – деп, жанталашып, жүрөгү оозуна тыгылып, чочуган бойдон бакырып, ойгонуп кетет. Бербейин дейт, жан таттуу, берейин дейт, баласын кыйбайт. Ушуну менен Урумдун үшкүрүгү көбөйүп, ичине тамак барбай, өңү саруулай баштайт.

Бир күнү кичүү уулу Акылбек атасын сурайт:

– Сиздин эмне кайгы-капаңыз бар, же бир жериңиз ооруйбу?

– Жок, балам.

– Анда эмне мындайсыз?

– Ээ, балам, мен сага айтпаганда, кимге айтам. Кырым хандын кыздарын алып, улуу акең Жумабек, ортоңку акең Малабек болуп баарыбыз келе жатканда, колуктуң Бийке да бар, орто жерге келгенде, күн жаап, кара нөшөр куюп жиберди. Корго-

лоорго жер таппай, эки жакты карасак, бир чоң ак күмбөз туруптур. Ошого корголойлу деп, баарыбыз күмбөзгө кире качтык. Бир убакта күн нурун чачып, чайыттай ачылды. Эшикке чыгалы десек, бир ажыдаар эшикти тосуп калган. Аны көрүп жүрөгүбүз түшүп, кирели десек, жер катуу, чыгалы десек, жан таттуу, айлабыз кетип жаман кысылдык.

Акылбек сен көргөнүң жок, биз мышыктан коргологон чычкан болдук. Бир убакта ажыдаар өйдө жагы кара мурут жигит болуп, ылдый жагы ажыдаар болуп: «Эгер тирүү калам десеңер, үйдөгү уулуң Акылбекти бергин, болбосо баарыңды сором» – деди. Ошондо ажыдаар мал-жаныңдын кереги жок, – дейт. Айлам кетип, жан таттуу турбайбы убактылуу кутулар ойго келдим. «Балта көтөргүчө дөңгөч эс алат» дегендей, балам, сени берейин деп жибердим эле.

Жакында түшүмө баягы ажыдаар балаңды берем деп коюп бербейсиң, азыр өзүңдү баш кылып катын-балаңдын баарын сором деп оозун ачканда, баарыбыз кирип кете турган болуп, эсим чыккан бойдон:

– Берейин, таксыр берейин, – деп, кыйкырып жиберсем, түшүм экен. Ошондон бери ичкеним ирим, жегеним желим болду. Өзүмдөн өзүм отуруп ыйлайм, берейин деп ажыдаарга сени кыйбайм, эмне кылсаң да акылын өзүң тапкын. Бул ажалдан бизди алып калгын, – деп Урум хан терең ойго чөмүлүп токтолуп отуруп калды.

– Ата, сиз андан коркпоңуз, жылкыңызды айдатып келип, тандатып эки ат бериңиз, үч айлык азык камдаңыз, кош атка азыгымды артып, ажыдаарга барайын. Кастарын тигип, каарына алса, баары бир өлөм, болбосо башка жерге жумшаса, аны да көрөм, – дейт Акылбек.

Урум хан жылкысын жыйып, эки атты тандатып, азык-түлүктү камдатып берет. Баласы коштошуп, жүрүп кетет. Акылбек ажыдаарга барып:

– Таксыр, мен келдим! – деди.

Ошондо ажыдаар кара мурут жигит болуп:

– Келсең болуптур, сен эми Индустан деген жерге барасың. Анда Акимкан кызы Айсулуу бул дүйнөдөн эрге тийбей, так өтөм деп жатат, – дейт. Ошол Айсулууну мага алып келип берсең кутулдуң, болбосо кайда болсо да өлөсүң. Барыш-келиш үч жылга уруксат.

– Болуптур, барайын, – дейт да Акылбек жүрүп отуруп, нечен тоону ашып, нечен чөлдү басып, атынын бирөө арыктап өлүп, кош атын минип, айлап жол жүрүп келе жатып, азыгы түгөнүп Индустанга бир күндүк жол калганда чарчап, атын тушап, отко коюп, уктап калат. Бир кезде чочуп тура калса, атын жолборс алып ыргытып жиберген. Аты өлүп калган, аны көрүп: «Атаны, кокуй-ай, эми кантип Индустанга жетем» – деп, буркурап ыйлап отурса, бир жолборс келип:

– Эмне ыйлап отурасың? – дейт.

– Алыс жерден келе жаттым эле, атымды жолборс жеп коюптур – дейт Акылбек.

– Атаны байкуш ай, мен ушул жерде жүргөн ат экен дебедим беле, андай болсо мага мингин, Индустанга мен жеткирип коёюн, – дейт да, жолборс жонуна мингизип алып жөнөйт. Анда-мында бир тийип отуруп, Акылбекти шаардын четине түшүрүп:

– Эми мен кетейин, – дейт да, жолборс жүрүп кетет.

Бала шаардын четине келе жатса, бир кемпир бир топ эчкини кайтарып жүрөт, бала кемпирдин жанына барып:

– Жакшысызбы, эне! – дейт.

– Жакшы, балам, кайдан?

– Ээ, жетиммин, эне, атым – Акылбек, ботосу жокко бото, баласы жокко бала болоюн дедим эле.

– Менин балам жок эле, мага бала болбойсуңбу, айланайын.

– Бала болоюн, эне.

– Анда эмесе жүрү үйгө, эчкилер жайылып оттой берет, курсагың ач көрүнөт, балам, айрандан ич, каймакка талкан көөлөп берейин, мен болсом чалым жок, балам жок, бир кемпирмин.

– Энеке, мен мындан ары эчкилерди кайтарып, отун ала келип жүрөйүн.

– Ошент айланайын.

Акылбек кемпирдин эчкилерин кайтарып жүрүп, бир күнү эки жакка көз салып караса, шаардын бир жак четинде, окчун бир чоң терек, ага жанаша салынган мунара турат. Тегереги бак, киши жок ээн, кез-кезде ошол мунаранын башы кечинде жарк этип коёт. «Бул эмне болду?» – деп, айран-таң калып, бир күнү энесинен сурады:

– Энеке, ушул шаардын четинде бир чоң мунара бар экен, кечинде бир жарк этет, жатарда бир жарк этет, бул эмне, энеке? – дейт.

– Ээ, балам, аны сурап эмне кыласың? – дейт энеси.

– Ээ, энеке, айтып койсоңуз?

– Айтсам, балам, бул шаардын каны Акимхандын кызы Айсулуу деген. Бул дүйнөдөн эрге тийбей так өтөм деп, ушул мунараны салдырып, теректин башында мунарада жатат.

– Эне, бир курч керки жасаткын.

– Эмне кыласың, балам?

– Отун ала келип жүргөнгө жакшы экен. Энеси бир курч керки жасатып берет. Акылбек эчкисин жайып барып, кишиге көрүнбөй, күнүнө терекке тепкич жасай берет. Бир күнү мунарага чыгып барып караса, бир сулуу кыз алтын керебетте уктап жатат. Башында бир шам, аягында бир шам, айланасында дүнүйө даамдар бар. Алардын баарын байкап көрүп, түшүп кетет.

Эртеси эл жаткандан кийин дагы чыгып барып, башындагы шамды аягына жандырып, аягындагы шамды башына жандырып, айланасындагы тамакта-

рын алмаштырып, түшүп кетет. Айсулуу эртең менен ойгонуп караса, шамдары жана тамактары өзүнүн койгонундай эмес. «Бул эмне, мага киши келеби?» – деп, уктабай карап жатса, бир жигит акырын чыгып келип, башкы шамды аягына коюп, аяккы шамды башына коюп жатканда, чап колдон кармап алат.

– Сен эмне кылып жүргөн жансың, атама айтып өлтүртөйүнбү? – дейт кыз. Ошондо Акылбек акылга келип айтканы:

– Мен Урум хандын уулу Акылбек болом, уксаңыз, ичимде кеп толуп жатат. Бул дүйнөдөн эрге тийбей, так өтөм деген Акимкан кызы Айсулуу сиздин кабарыңызды алыстан угуп, аттанып үйүмдөн чыгып, айлап-жылдап жол жүрүп, араң жеттим. Чынында эле бул дүйнөдөн эрге тийбей, так өтөсүңбү? Мага ушуну айтып бергин. Болбосо, мени коркутпай, акылга келгин. Ошончо жерден мен сени издеп келсем, азыр колдон алып өлтүрөм десең, мени өлтүрдүң, мен өлөйүн, бирок ойлонуп, Айсулуу, артыңды кара:

Айсулуу туруп, аркы-беркини ойлоп:

– Анда болуптур эмесе, алыстан издеп келген азамат экенсиң, эми бул жерде мени кантип аласың. Атам калың салат, аны кантип табасың? – дейт.

– Менин бул жерде мал-мүлкүм жок, акылын өзүң тап, азыр мен бир беш эчкилүү кемпирге бала болуп жүрөм.

– Энеңди эртең атама жуучуга жибер. Эмне калың салат ошонун баарын унутпай айтып келсин, анан көрөбүз.

– Болуптур эмесе – дейт да, түшүп кетет.

– Эне, канга жуучуга баргын, – деди Акылбек энесине барып.

– Апий, балам, ханга жуучуга кантип барам, хан менин башымды алып салбайбы, – дейт энеси.

– Алып салбайт, энеке, баргын.

Баласынын айтканынан чыга албай, кемпирдин айласы кетип, бармак болду. Ханга барып:

– Ханым, жуучуга келдим, – деди. Хандын ачуусу келип:

– Кемпирдин башын алгыла! – деп, буйрук берди. Анда вазири туруп:

– Ханым, уруксат этиңиз, бул кемпирге калың салыңыз, ал калыңды таппаса, кемпирдин башын анан алыңыз.

– Болуптур, кемпир, мен азыр калың салам, тапсаң таптың, таппасаң эртең ушул маалда башыңды алам, – деди да, калың салды.

– Бир жагымда мунар терек орнолсун, бир жагымда чынар терек орнолсун, мунар терекке кыргый туусун, чынар терекке торгой туусун, кыргыйдын баласы торгойдун баласын алып жеп турсун. Жанаша эки көл орносун, биринин чабагы бирине ыргып түшүп турсун, айланам адам карап тургудай гүл чыгып, жыттанып турсун!

Кемпир үйүнө келип:

– Балам, барбайын десе болбойсуң, мен өлдүм, хан калың салды, ал калыңды кайдан табабыз. Эртең менен башымды алат, – деп, кемпир буркурап ыйлай берди.

– Кой, эне, ыйлаба, эмне калың салды? – дейт Акылбек. Кемпир хандын салган калыңын төкпөй-чачпай айтып берди.

– Балам, муну кайдан табабыз, мен өлбөгөндө ким өлдү? – деп, ыйлай берди.

– Эне, андан коркпоңуз, – деди энесин сооротуп.

Түн кирип элдин баары жатканда, Айсуулуга барып, салган калыңынын баарын айтты. Айсулуу бир алтын көмүркөй берип:

– Ушунун ичиндегини эмне бол деп чачсаң, ошол айтканыңдын баары болот.

Акылбек көмүркөйдү алып, түн ичинде барып, айтканынын баары бол деп чачты эле, баары болуп калды. Эртең менен кан турса, баякы айтканындай болуп калган. Акылбек энесине келип:

– Эне, калың бүттү, барып көргүн.

Энеси барып караса, айтканындай болгон. Кемпир сүйүнүп:

– Балам, бул кандайча болуп бүттү.

– Сиз аны сурап эмне кыласыз, андан көрө келинимди бергин, калыңың бүттү деп, ханга баргын! – дейт.

Кемпир кериле басып ханга барып:

– Ханым, калыңың бүттү, келинимди бергин, – дейт.

– Кел, байбиче, сенде бир касиет бар го дейм. Берели, кудагый, берели – деп, жан тогуз түнү тойлотуп, отуз күнү ойнотуп, кызын берет. Акылбек Айсулууну алып жайлап-кыштап жатып калат.

Бир күнү баякы ажыдаар түшүнө кирет:

– Мени эсиңден чыгардыңбы, кызды качан алып келесиң, же мени бул жерге жете албайт дедиңби, сороюнбу! – дейт.

– Алып барайын, – деп Акылбек жанталашып жатып ойгонуп кетет. Ажыдаар оюнан кетпей, санаасы санга бөлүнүп, бир күнү олтуруп Айсулууга:

– Атаңдан тартып, башынан берки болгон ишти атама айтып көр. Ал киши макул табар, – дейт Айсулуу.

Акылбек кайнатасы Акимканга барып, атасы Урумкандын уулу экендигин түшүндүрүп айтты. Кайнатасы Акимкан ыраазы болуп

Ушундай де, бул менин айткан калыңым кандай орундалды десем, балам, сенде касиет бар экен го. Болуптур, баргыла, – деп Акимкан күйөө, кызын узатат.

Акылбек нечен күн жол жүрүп олтуруп, ажыдаарга беш күндүк жол калганда баланын үшкүрүгү көбөйүп, өңү саруулай баштайт.

– Эмне, көп үшкүрүп саруулайсың? – деди Айсулуу.

– Эми сага айтпаска айла жок. Башынан беркини айтсам, өзүнчө жомок, кыскасы, биздин элден бир ажыдаар чыккан. Ал ажыдаар сураганымды бер,

болбосо сени баш кылып элиңди сором, – деп, атамды коркуткан. Сураганың эмне деп атам айтканда, балаңды бергин деген. Ошону менен атам мени ажыдаарга берген. Мен ажыдаарга барсам, сага жумшаган.

– Эми сени алып баратам, менин кайгым сенден ажырап калам го деп, ошого үшкүрүнүп, сарсанаа болом, – дейт.

– Андан коркпо, мени алып барганда, ажыдаар ыраазы болуп, кара мурут жигит болот да, менин жанымда олтуруп калат. Баракелде, эр уулум, шер уулум, ушундай ишке жарайт дегемин деп, көңүлү жайланып, ачкычтын баарын сага берет. Ме, дүнүйө-пулдан алышыңча алып кет, – дейт. Сага дүнүйөнүн кереги эмне, ачкычтар менен сандыктарын ачып олтурасың, бир темир чоң кара сандык бар. Ошону ачсаң, ажыдаардын жети курт жаны бар, колуңа бир балканы алып, жети кара куртту өлтүрсөң, ошону менен ажыдаар өлөт. Анан ал жердеги дүнүйөнү биз ээлеп калабыз, – дейт Айсулуу.

Аны угуп Акылбек сүйүнүп калат. Жүрүп олтуруп ажыдаарга келет. Айткандай ажыдаар:

– Баракелде, эр уулум, шер уулум, ушундай ишке жарайт дегемин, ме, ачкычты, дүнүйөдөн алышыңча алып кет, – деп кара мурут жигит болуп, Айсулуунун жанында олтуруп калат.

Акылбек ачкычтарды алып, баягы Айсулуу айткан чоң сандыктан жети кара куртту таап өлтүрөт. Айсулуунун жанындагы кара мурут жигит – ажыдаар өлүп калат. Нечен соодагерлерди соруп дүнүйөсүн алган. Ошол дүнүйөлөрдү таштап кетпей, ал күмбөздө туруп калышат.

Айсулуу эгиз эркек төрөйт. Акылбек атын минип, кушту салып жүргөндө, бир күнү бир жактан бир топ кербендер келе жатып:

– Биякта ак күмбөздөн ажыдаар чыкты деди эле. Билип берген кишиге мал башына бир дилде, жаан башына бир дилде беребиз.

– Таз уулу менен мен билип берем, – дейт да бир мастан дилделерин алып, арабага атты кошуп, эч жанга көрүнбөй, бир жерге келип карап жатса, бир жигит эртең менен ак күмбөздөн аттанып колуна куш алып, кечке куш салып, кечинде ак күмбөзгө кирип кетет.

– Муну адамзат ээлеп алган экен – деп, кемпир айтып келет. Ошону менен кербенчилер келип кетишет. Баягы мастан кемпир баласын арабасы менен катып коюп, Акылбектин үйүнө келип:

– Мен бир байкуш мусаапырмын, сууңду алып, отунуңду жагып, ушунда жүрөйүнчү, – дейт.

– Кереги жок, оокатымды өзүм эле жасаймын, – дейт Айсулуу.

– Мейличи, бир мусаапыр кемпир экен, жүрсө жүрсүнчү, – дейт Акылбек.

Ошону менен кемпир эки күн жүрүп, үчүнчү күндө Акылбек куш салып талаага кеткен болот. Айсулууга чай берип олтуруп, чайга бир мас болуп жыгылып калуучу дарыны кошо берип коёт, ошону менен мас болуп жатып калат. Мастан Таз уулун арабасы менен алдырып келип, Айсулууну арабага салып алып кетет.

Кечинде Акылбек келсе, Айсулуу жок, эки баласы калган. Ошол жерден кокуй наалаты окшотуп: «Мени чындап кудай урган экен» – деп ыйлап, атты агытып, кушту коё берип, эки баланы колтугуна көтөрүп, жүрүп келе жатып, жайылып аккан бир чоң сууга кезигет. Экөөнү көтөрүп кече албай, баланын бирөөнү берки өйүзгө коюп, бирөөнү көтөрүп алып, кечип наркы өйүзгө кечип келе жатканда, берки баланы бир карышкыр көтөрө качып кетет. Суунун ортосунда аркы балага барайын деп баратса, аркы баланы да бир карышкыр көтөрө качып кетет. «Мени кудай жазалаган экен» – деп, өлөйүн десе, жан таттуу, катын-баласынан айрылып, каңырыгы түтөп, эмне кыларын бил-

бей, жүрүп олтуруп, бир шаардын четине жетип, жатып калды. Өлдү десе, көрдө жок, тирүү десе, санда жок болуп, эртең менен эрте турса, шаардагы элдин баары эле ат минип, жөөсү жөө баары эле колунда бир кесимден эти бар, кукулуган эле адамдар. «Бул эмнеси» – деп чарчап, бир жерде отурса, бир киши келип:

– Ой, сен кандай кудайдан үмүтүңдү үзгөн адамсың, эмне кукулабайсың?

Бул кукулаганыңар эмне, ушунун дайынын айтыңызчы? – дейт Акылбек

– Дайынын айтсам, ушул шаардын ханы өлгөн, ал хан өлөрүндө керээзин айткан, менин кушумду асманга учургула, кимдин колуна консо ошону көтөргүлө деген, ошол хандын айтуусу менен кушун учурган, ошол күндөн асманда, эч кимдин колуна конбой жүрөт. Мына, мынабу эттен үзүп берейин, колуңа алып кукулай көр.

Кош көңүл этти колуна алып:

– Куу! Куу! – деди эле, баягы Акылбектин колуна келип конот.

– Хан табылды, хан көтөрөбүз! – деп элдин баары чуулдап, чуркурап хан көтөрөт. Ал жерде хан болуп, аял алып, эч нерсе оюнда жок, жыргап жатып калат. Арадан он беш жыл өткөндө Жайылма суунун боюнда эки бала кой кайтарып келип сүйлөшүп, бири-биринен сурашат.

– Сен кимдин баласысың?

– Мен Атанбайдын баласымын, – дейт бирөө.

– Ботонбайдын баласымын, – дейт экинчиси.

– Ботонбайдын сенден башка канча баласы бар?

– Ботонбайдын менден башка беш баласы бар. Мени менен алты.

– Атанбайдын сенден башка канча баласы бар?

– Атанбайдын баласы менден башка жети баласы бар. Мени менен сегиз бала.

– Сени башка балдарындай көрөбү?

– Жок, башка балдарындай көрбөйт. Күнүгө кой кайтартат. Ал Атанбайдын баласы Ботонбайдын баласынан сурайт:

– Сеничи, башка балдарындай көрөбү?

– Жок, мени башка балдарындай көрбөйт, мени да күнүгө кой кайтартат, экөөбүз ушинтип кой кайтарып жүргөнчө, ханга качып барып кызмат кылбайлыбы? – дейт.

– Макул, эртең койду жайып келип, ушул жерге коюп, ханга качып кирип кетели, – дешип, эртеси койду жайып келип таштап, качкан бойдон ханга барат. Ханга кандай кылып кирерин билбей, баягы эки бала эшикте туруп калышат.

– Силер эмнеге келген балдарсыңар? – дейт хандын жигиттери балдарды көрүп.

– Биз канга кызмат кылалы, – деп келдик. Сиз айтып көрүңүзчү, – деп, балдар хандын жигиттерине айтат.

Хандын жигиттери ханга келип:

– Ханым, эшикте эки бала турат, ханга кызмат кылып, бала болобуз, – дейт.

– Ал кайдагы балдар, бери чакырчы! – дейт хан. Аңгыча балдардын аталары келип калат. Балдарды көрүп.

– Мында жүргөн турбайбы, жүргүлө, балдар, кетели, – десе балдар:

– Барбайбыз! – дейт.

– Эмнеге барбайсыңар? – деп сурайт аталары.

– Ханга кызмат кылып, бала болобуз.

– Биз издеп келип, бул жерден араң тапсак, барбайбыз дейт, буларды көрчү! – деп, кыжылдашып турушканда, хандын жигиттери:

Сиздерди, балдар силерди хан чакырып жатат – дейт. Баары ханга барышат.

– Эмне кылып жүрөсүңөр, эмне сонунуңар бар, айткыла? – дейт хан.

– Сөзүбүз ушул, ханым, эки бала экөөбүздүкү эле, кой кайтарып жүрүп, койду калтырып, өздөрү жок,

сурамжыласак, ханга барыптыр деп уктук, келсек, балдар ушул жерде экен, жүрү десек барбайбыз, ханга кызмат кылып, бала болобуз дейт, – деп, Атанбай сөзүн баштады.

– Ушул балдар өзүңөрдүкүбү, чыныңарды айткыла.

– Мен чынымды айтайын, ханым, Жайылма чоң суунун боюнда төө издеп келе жатсам, бир карышкыр бир козу көтөрүп бара жатат. Айкырып, чапчам, таштай качты, барсам бала, тирүү аман-эсен, тобо, бул кайдагы бала болду деп, ошондон бери жакшылап багып чоңойтуп, асырап келдим. Быйыл он беште, аты Толубай, өз баламдай эле жүрүүчү, ханым.

– Сен ким деген болосуң?

– Менин атым Ботонбай, мен дагы чынымды айтайын, ханым, ушул Жайылма суунун боюнан жылкы карап чыксам, жылкым жок, бул кайда кеткен деп келатсам, бир карышкыр бирдеме көтөрүп бара жатат, козубу же улакпы деп, кыйкырып чаап калсам, таштай качты. Барсам – бала, карасам тирүү, аман-эсен, үйгө алпарып, түлөөмдү берип, өз баламдай багып, жылкы издеп жүргөндө таптым деп, атын Жылкыбай койдум. Ошондон бери багып, балдарымдай эле көрчүмүн, бир күнү кой кайтарып жүрүп, кою калып, өзү жок, ханга барыптыр деген кабар угулду, издеп келсем, ушу жерде экен. Болгону ушул, ханым, меники да жашы он беште. Хан ойлонуп отуруп: «Тобо, баягы менин өз балдарым турбайбы» – деп:

– Баргыла, силерге бала жок. Бала меники, силер ушунчалык баланы чоңойтуп, чочойтуп бакканыңарга ырахмат. Ал үчүн мен силерди ыраазы кылам, бара бергиле, – дейт да, кетирип жиберет.

– Хан балдарына кийбегенди кийгизип: «Карышкыр көтөрүп кеткен балдарым табылды, кой эми аялымды издеп көрөйүн» – деп, элинин баарына жар салды.

– Эч киши калбастан хандын алдынан чубоодон өтсүн, – деп, хан буйрук кылды. Ошол буйругу менен элдин баары чубоодон кандын алдынан өтө берди. Аялы жок.

– Киши калдыбы? – деп, сурайт хан.

– Бир мастан кемпир уул-келини менен калды.

– Бар, алдырып келгиле! – дейт.

Барып алдырып келет. Мастан Тас уулу менен келинин арабага түшүрүп ала келе жатат. Караса, Айсулуу.

– Катынды кайдан алдың? – дейт кан Тазды.

– Өзүмкү – деп, жооп берет Таз.

– Өзүңкүбү, сенин энеңди мусаапыр экен десем, мусаапыр эмес, мага уу берип, уулантып, далайды көрдүм, ишим ак экен, айланып жеттим. Кана, мастан, уулуң экөөң ажалга жеттиң. Жигиттер, бул экөөнү алып барып өлтүргүлө – деп, хан кемпир менен Тазты өлтүртөт экен.

## ЧЫЧКАНДЫН БАЛДАРЫ

Илгери-илгери жер жер болуп жаралганда, жер үстүнө жаныбыр таралганда бир чычкан болуптур. Өзү кичинекей болгон менен душмандары көп экен. Анын тукумдарын түлкү кармап жесе, ийинден жылан сорот, күндүз күйкө аңдыса, түнкүсүн үкү илип кетет. «Душмандардан коргой турган бир баатыр уул төрөйүнчү» – деп, туулган баласын аябай багат. Анысы чоңойгондо мышык болуп чыгат. Жээрге тамагы жок болуп калганда мышык кайра чычкандарды жей баштайт.

«Кой, бул балам кайра өзүмө жамандык кыла турган болду, мындан мыктыраак дагы бирөөн тууюн, ал балам жардам берер» – деп, туулган баласы сүлөөсүн болуп чыгат. Ал чоңоюп алып, тоо-ташка кетет.

«Бул балам да кайыр кылбай турган болду, андан көрө мындан мыктыраак бирөөнү тууюн» –

деп, дагы бирди тууйт. Анысы илбирс болуп чыгат. Чычкандарга кенедей жардам бербей, токой аралап, караанын көрсөтпөйт.

Чычкан өзүмө кайрымдуу бала тууйм деген ой менен улам тууй берип, кара чаар кабыланды, жолборстун энеси болот. Бирок алардан да кайыр болбойт. Ар кими каалаган жагына басып кетет. Ошондо эң акыркы жолу арстанды тууйт. Ал чоңойгон соң:

Балам, сенден мурдагы балдарымдын бардыгы мага карабай кетип калды. Эми мени кор кылбай, душманга алдырбай бага көр! – дейт.

– Ушу мени чычкан тууду дегенге кантип башкалар ишенсин. Энем чычкан деп айтуу мага да уят эмеспи. Шылдың кылбай, өз оокатыңды кылыңыз! – деп арстан басып кетиптир. Чычкан үшкүрүнүп-чүчкүрүнүп отуруп калыптыр.

## ЧЫМЫН БААТЫР

Илгери көгөргөн көктүн астында, карайган жердин үстүндө кабары катуу тараган, сооп ишке жараган, малы менен даңкталган, бир баланын айынан эчен ишке капталган

Чыныбек деген бай болгон экен.

Ойду очок, тоону мазар кылып, барбаган базары да, мазары да калбаптыр. Баба ата, Бача ата, Коргон ата, Койташ ата, Каракаш ата, Салпы ата, Көлкупан ата, Чолпон ата, Шамша ата, Камбар ата мазардын бардыгына барып, табынып-ташынып, малын союп, пулун берип жагынса да, эч нерсе шыпаа болбойт. Айласы кетип, аялдарымда болуп жүрбөсүн деп, тогуз аял алат. Тогуз аялы тең төрөбөйт. «Тогуз аялым менен бир перзент көрбөй өтөмбү Алтымыш үч жашка чыктым. Канткенде бир баланын үнүн угамын. Бир перзент берсе болбойбу. Же менин бешенеме жаңылып, бала ордуна аял менен мал жазып койгонбу? Эми күч-кубаттан тайдым, алы-

күчтөн кеттим, олуя-мазардан жададым. Малдын да, жардын да, көргөн күнүм ушул болбогондон кийин жаштын да кереги жок» – деп, башы ооган жакка басып, тентип кете берди.

Эчен күн жол жүргөндөн кийин, жол жээгинде жети бакса коо здоп кол менен урулган коргонго кез келет. Ичинде эмне бар, ким билсин, бир-эки саат күтүп отургандан кийин, башына селде чалынган бир киши чыгат. Өңүнө караса, кары киши экен. Шашып кетип Чыныбек бай салам айтат. Берки киши алик албады.

Алик албай, ылдый карап, көз кыйыгын салып турган селдечен адамга ичтеги болгон сырларын тогуз аял алганын, малынын көптүгүн, алтымыш үч жашта экендигин, тентип чыккандыгын айта берет.

Угуп болгондон кийин үндөбөй, үйүнө кирип кетет.

Чыныбек бай: «Бу кандай адам, же алик албаса, же бир ооз айткан жообу болбосо. Эмнеси болсо да ушул жерде күтө турайын» – деп, терең ойлонуп, күтө берет.

Түнү менен күтөт, эртеси ошол убакта кол берип учурашып, үйүнө алып кирип, анча деле көп сөзгө келбей, чай ичилип бүткөн кезекте кызын чакырып чыгып, өзү нике кыйат да:

– Бирге жашай бересиңер, – деп бир тамга бөлүп, экөөнү киргизип коёт. Күндөн-күн, айлар толуп ай өтүп, баягы кыздын боюна бүткөнү билине баштайт. Маңдайы жарыла сүйүнүчкө батып, жаш да болсо алган жары менен кеңешип:

– Мен айылыма барып келейин – деп, жооп сурап, элине кетет.

Элине келсе, катуудан тулгасы, жумшактан күлү калбаса, эч нерсе жок, баарын жоо чаап кетиптир. Малы эмес, жарлары да жок, жары эмес жашап турган жайлары да жок, – дөбөгө айланып калган. «Эми эмне кылам? Ичтеги арызымды айтып зар какшап,

Каракожого эми эмне деймин. Каргышына калган турбаймынбы. Малдан эч нерсе жок, жар болсо эрте жоголуптур, жайымдын орду да калбаптыр, – деп Каракожо кызын берсе, алдамчыдай болуп кайсы бетим менен бетин караймын. Чындап тентидим» – деп, тентип кетет.

Кулак уккус, көз көргүс жакка Чыныбек бай кетип, эптеп жан сактай берсин, эмдиги сөздү Каракожонун кызы Арпакандан угалы. Чыныбек кеткенден кийин Арпакан эркек төрөйт. Баланын таятасы Каракожого эл чогулуп, аксакал-көксакалдары, айыл билармандарынын эч кимиси төрөлгөн ымыркайдын атын коё алышпайт.

Ошондо эл ичинен жүдөө бир жетим бала чыга калып:

– Калайык-калк, сиздерге макул болсо, атын коюп берейин дегенде, эл чуулдашып:

– Макулбуз, коюп бергин! – дешти.

– Жоо жеңсин, баатыр жеңсин кыйын-кыйын, Урматтап көрө жүрсүн элдин сыйын. Эне-атага боорукер, жаңкеч болсун, Чыныбек ата жар болуп, Чыныгы иши оңдолсун. Аты – Чымын болсун, Оомийин! – деп жетим бала бата берет.

Каракожо жээнинин атын Чымын коюп, эчен малды союп, жер дүңгүрөтүп, эр эңиштирип, улак тарттырып, ат чаптырып, өпкө чабыш, түлкү алдырыш, күрөш, эр сайыш бардык оюнду көрсөтүп, Каракожо той берип жатып калат.

Арадан айлар өтүп, жылдар жылып, Чымын алты жашка кадам коюп калат. Чүкө ойносо, балдардын чүкөсүн утуп алат.

Өзү теңдүү балдар эмес, он беш-он алты жаштагы балдардын чүкөсүн утуп уруша кетсе да, кээде сабап да койчу болду. Күндөрдүн бир күнү он беш-он алты жаштардагы чоң эле баланын чүкөсүн утуп алса, ал экөө мушташып, алы жетпей баратканда Каракожонун жээни экендигин толугу менен айтып коёт.

Ошол күнү оюнун токтотуп, үйүнө келип, апасынын маңдайында отуруп:

Какылдап учуп каз келет, апа,
Күздө кетсе, жаз келет, апа.
Буудай кууруп бер чачайын, апа,
Бир топ соопко батайын, апа! -

деп, буудай куурутуп, ысык буудайды апасына ууч-татып, колун кошо кармап туруп:

– Менин атам ким болгон? – деп сураганда:

– Колумду коё бер, айтайын деген тура.

– Сенин атаң Чыныбек деген болгон. Өлүү-тирүүсүн толук билбеймин. Келемин деп кеткен, бирок келбей калды. Күн батыш тарапка кетти эле ,– деп кеткен жагын көргөзөр менен, баласы шарт ордунан ыргып туруп, эч сөз айтпастан, күн батышты карай жол жүрүп кете берет.

Энеси баласынан бөлүнбөй, Чымынды ээрчитип, азыраак жол жүргөндөн кийин, Арпакан аябай чарчап, жүрбөй калганда, Чымын көтөрүп алат. Эчен күн, эчен түн жол жүрүп, элсиз жерде эрмектеп кийик атып, энесин кийиктин эти менен багат.

Күндөрдүн бир күнүндө жоо жарагы менен бир ак тулпар пайда болот. Асмандан түшкөнүн же жерден чыкканын билбейт. Көрсө, Каракожо таятасы жээни менен кызынын кеткенин сезип, ак тулпарды бир адамга тапшырып, жолуна байлатып коюптур.

Аттуу болгондон кийин, отун-суу, азыраак азык-оокат камдап, Арпакан апасын үңкүргө таштап, өзү атасын издеп, чабытып тоолорду ашып, бир жайыкка келсе, кырк сал туз, кырк кара кой, бир сулуу кызды колун артына байлап койгон.

Чымын келип, баягы кыздан сыр сурайт:

– Сени эмне бул жерде колуңду аркаңа байлап, чынжыр менен аркандап койгон? Сага ушунчалык кордук көргөзгөндөй эмне күнөөң бар эле? – дейт.

– Ээ замандашым, эмнесин сурайсың. Бул жерге эмне турасың, жыл сайын элибиздин көзүнө эмне

көрүнүп турса, ошончо бересеси бар. Азыр ажыдаар келип, баарыбызды заматта жутат. Сен жолобогун, кеткин! – десе, Чымын болбойт.

– Өлсөк, чогуу өлөлү, мен сени аяп жатам, жаманчылыкта жолдош болгон жакшы, жакшылыкта баары эле жолдош, – деп болбой кыздын жанына жатып алат.

Ажыдаар белестен ашып, хандын кызын алып келгенин билип: «Дагы бир жигитти ашыгы менен байлап койгонун көргүн, марттыгы да» – деп, ойлоп бара жатып, кайра оюна түшөт «Чындап сүйгөн өлүмдөн коркпойт дечү эле, бул жигиттин жатуусуна караганда кыз менен сөзү бүтүп калбасын, ушул жерден оп тартып сорсом наамартчылык болбосун, а көрөкчө кемпир түргө айланып, баланын күчүн да, өзүн да бир сынап көрөйүнбү» – деп, кемпир түрүнө айланып, баланы ойготот:

– Сен кайдан жүргөн селсаяк немесиң, кара оозуңа кан толгур! Кыз, койлордун жанында эмне жатасың? Сендейдин сазайын колуна бериш керек, армаyың ичте калбасын, мен карымын, сен жашсың, алың жетсе кармашкын, алышып жеңишели, ажал жетсе өлүшөлү, сага куру бекер жеңилбей туруп, кыз берчү мен эмесмин, – деп баланы качырганда, бала да кармашкандан качпады.

Жети күн, жети түн алышып, акырында бар кайратын жыйнап, кызды ойлоп, эт жүрөгү туйлап, күчүнө күч кошулуп, кемпирди алып урду эле жүлүнү үзүлүп, көзү сүзүлүп, аа дээрге алы келбей, узап кете берди.

Кызды өлүмдөн алып калганга Чымын кубанып, кыз менен өмүрлүк жашоого убаданы бек кылып антташып, эки жаш сүйүнгөнгө чыдабай шаттанып, убакыттын кандай өткөнүн билбей, беш-алты күн өткөндөн кийин, баягы кемпир болуп кубулган ажыдаардын жонунан үч эли кайыш тилип алды.

Ажыдаар жутуп койду деп, элинен эч ким келбеди. Экөө жайыкты мекендеп, бир туруп калышат. Бир күнү Чымын энесин эстейт. Үрпөян сулуу атасын сагынат. Экөө ойлонушуп:

– Эми бирге баралык, – десе, кыз болбойт.

Колундагы алтын шакегин чыгарып берет, түз эле атасына барып, иштин жайын айтып, айлына бет алып жөнөп кетет.

Арадан беш жыл өттү. Чымын баатыр: «Апамдан кабар алайын» – деп, мекендеп жүргөн үңкүрдү карай жол тартат.

Үрпөян элине аман-эсен баргандан кийин атасы Мурат хан элин жыйнап, журт астында жарчыларына элге жарыялатат.

– Менин кызымды ажалдан аман куткарып калган жигитке кызымды отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрүп, астына аш, үстүнө үй көтөрүп, мал бөлүп берип, кыргызда болгон шаан– шөкөт менен узатышым керек, – деген экен.

– Хандын кызы Үрпөян сулууну мен аламын, – деп бир топ кардалдар куда түшүп келе баштайт.

– Мени ажалдан куткарган булар эмес, өзүм билемин, – деп, кыз алардын бирин да жолотпойт.

Бирок эл бийлеген кыйындар кыздын оюна каршы болушат.

– Кызыңыз айныган, беш жыл бою тоо арасында жалгыз жашоо оңойбу, мүмкүн коргоп жүргөн кайыппы, кайберенби, болбосо көзгө көрүнгөн неме болсо, ушул жерде жүрбөс беле.

Үрдөнбү, периденби, ошолорду ойлоп, элестеп айтып жатат. Ошолорго кошуламын деп жүрөт, ал эч качан көзүнө көрүнбөсүн билбейт. Өмүр бою табамын деп дүйнөдөн так өтмөк беле. Оюна койсоңуз, сиздин көргөн камылгаңызды талаага кетирет. А көрөкчө келип, күйөө бала боломун дегендердин бирин жактырып, той түшүрө бериш керек, – дешти.

– Анда Мурат хан айтса-айтпаса төгүнбү, ушулар туура айтат, беш жыл талаада болсо, ар нерселер

көрүнгөндүр, чын эле оюна койсо болобу, – деп хан ордосундагы билермандар баланча увазирдин баласына алып бермекке, жалпы аракетте болуп калышат.

Ханы макул болгондо күнү-түнү дебей эл тойдун аракетинде болушат. Үрпөян сулууга баланы алып келип көргөзсө:

– Бул эмес, силер эмне менин башымды чаташтырып жатасыңар, – деп, баланы жактырбайт.

– Ак кайып ээлеп алган да, кайыптан бүткөнгө барат элем деп жатпайбы, ал кайра айланып келмек беле, – дешип, ордо билермандары ханга кабарды катуу беришет.

– Кудая тобо, эми ал кайыптан бүткөн немесин биз каяктан табабыз. Макулдатып бирге жашай турган болушсун – деп, хан ордо башчыларына ишенип буйрук берет.

– Хан буйругу эки болбойт, – дешип, ордо башчылары кысымга ала беришет.

Эми Чымын баатырдан кабар алалы. Беш жылы Үрпөян сулууну өлүмдөн куткарып, аны менен бирге жаштык кумар менен беш жылдын кандай өткөнүн билбей калган. Кыз менен бөлүнүп үйүн көздөй жөнөгөндө энесин эстеп, жүрөгү сыздайт.

«Адамгерчилигим кайсыл болду, атамды издеп чыкпадым беле. Мени кошо, караанынан кагылайын, апам, кошулуп бирге жөнөбөдү беле. Мени жарыктыкка алып келген апамды унутуп, беш жыл бою кароосуз бир үңкүргө таштап коюшум туура эмес го. Мүмкүн бир жакка кетип калдыбы, же болбосо суукка тоңдубу, же ысыкка күйдүбү? Төрөгөн энемди эмне үчүн эртерээк ойлободум. Ал мени ак сүтүн берип чоңойтсо, атамдын кетип калганын билдирбесе, ата жүзүн эч бир көрбөсөм, курсакта калсам, мени ээрчип бардык жашоосун токтоткон энемди эстебесем эмне? Ажыдаарга жем болом деген кызга ашык болуп, аны куткарсам, мейли куткарганым эрдик дейли, беш жыл бою энесин унутуп коюу деген эмне!

Бул күнөөмдү кечээр бекен. Айланайын апам, ай! Сиздин астыңызда күнөөлүүмүн, кагылайын, апа Атамдан жаш калсаңыз, атамдын бары-жогун мен сыяктуу билбесеңиз, – деп Чымын баатыр өз ичинен наалышты айтып, кете берди.

Эми Арпакан апасынан кабар алалы: кандайдыр бир күнү сыртка чыгып, уулун күтүп турса, көп буюм-кечесин качырга артынган Чыныбекке түспөлдөш бирөө келе жатат. Эмне кылар айласын таппай, үңкүргө үч жолу кирип, үч жолу чыкканын өзү да сезбейт. Эң акырында сыртка чыкса:

– Конок болуп кетсек болобу? – деген жалооруган сөздү угат. Үйүмдө адам болбосо деп айтайын десе да, кандайдыр бир күч айттырбай макулдугун билдирет. Тили башка, чала түшүнүп, түшүнө албаса да кандайдыр баягы кишини жан-дили менен жактырып, биринчи эле күндөрүндө аяп, ансыз жашоого мүмкүн эместей сезилет да, кетирбөөгө тырышат. Бирин бири кыя албай, экөө бирге жашап, ошол жылы боюна бүтүп, эркек балалуу болушуп, атын Көгөн коюшат. Кара үңкүр капкалуу, тоо-ташы мунарлуу шаардай көрүнүп, алар да арадан беш жылдын өткөнүн билбей калышат.

Жанагыдай Мурат хандын жардыгын уккандан кийин, соодагер жигит уруксат сурап кетмекчи болот. Ага Арпакан сулуу болбойт.

– Сиз эмнеге коркосуз, сизди чын дилим менен каалап жаткандан кийин, бала эмне болуп калыптыр, акыры бир жолу табылар дегенинен улам жигит кете албай, айланчыктап, Арпакандын айтканындай кара үңкүргө жүрүп калат.

Дал ошол туштун өзүндө Чымын баатыр келет. Арпакан энеси күйөөсүн бекитип коёт да, туу бээнин тарамышынан жасалган жети кабат тарамыштан жасалган жип менен:

– Чатыраш ойнойлу, кол байлашмай ойнойлу – дейт Арпакан сулуу Чымын баатырдын энеси.

– Коюңузчу, энеси менен баласы да кол байлашмай ойночу беле? – деп Чымын болбой коёт.

– Балам, зериктим, эчен жылдан бери зериккенимди сураба, нары кол байлашмай оюнун жакшы көрүүчү элем – деп, болбогондон кийин, энесинин көңүлүн кыя албай: «Чын эле эчен жылдан бери элсиз жерде жүрсө, оюндагысын күсөп жаткан го, мейли» – деп, кол байлашмай ойнойт.

Жылкынын тарамышынын төрт-беш кабатын үзсө да, эки-үч кабаты үзүлбөй калганынан пайдаланып, кайрадан жаңылап ороп, бутун да жылкынын тарамашы менен күлгөн болуп жатып байлап бүтөт. Колу-буту байланганданкийин энеси:

Ашулланды чала чык,
Ак канжарың ала чык.
Көз көрбөсө болгону,
Эки көзүн сая чык.
Тогуз жолдун тоомуна
Жан көрбөсүн байлап жык.
Ээн-эркин жашайлы,
Менин айткан сөзүмдү ук!

деп, күйөөсү Машрасулга кабарлайт.

Машрасул Арпакандын айтканын кылып, Чымын баатыр эки колу байлануу жатса, эки бутуна тоо текенин терисинен чалма ыргытып, бутун да таңат. Колу-бутунун таңылып турганынан пайдаланып, Арпакандын суроосун орундатып, дойрасын ала чыгып, бир нерселерди ойногон болуп:

Ашулласын чалып,
Ак канжарын алып,
Энеси көрбөсө болду экен, – деп,
Эки көзгө сайып.
Тогуз жолдун тоомуна,
Жан көрбөс жерге жыгып.
Ээн-эркин жашайлы деген
Арпакандын сөзүн угуп, –

көзсүз тогуз жолдун тоомуна таштап коюп, санаасы тынып, көңүлү чайыттай ачылып, Машрасул Ар-

паканга жетип, айтканын орундатканын айтып, өз карызынан кутулат.

Чымын баатырды алып барып таштаган тогуз жолдун тоомунда, кара жолдун боюнда бир кемпир эки торпок багып жүрүүчү. Чымын баатыр кемпирге болгон сырын баштан-аяк айтып берет.

– Мурат хандын кызын ажалдан алып калган менмин. Ошол Мурат хандын кызына жуучу түшүп, тоюн берип жаткан имиш. Эгер эне ушул шакекти Мурат хандын кызына алып барып берип коёр бекенсиз, – деди.

– Ээ, балам, сенин сөзүңө мен макул болот элем го, бирок мынабу эки торпогумду кимге дайындайын?

– Эне, ал жөнүндө эч кам санабаңыз, эки бутума экөөнү байлап, бутумду чечип коюңуз. Мен каякты көздөй бассам, кошо басып, оттой беришет. Эне, а көрөкчө соопко калып, шакекти жеткирип берип койсоңуз экен, – деди да, Чымын баатыр ойлуу олтуруп, жашып кетти.

Чымын баатырдын көз жашын көргөн кемпир бутун чечип, эки бутуна эки торпокту күрмөп байлап, шакекти алып, токтоосуз жөнөп кирет, көп элден жол тийбейт. Өлдүм-талдым дегенде, Үрпөян сулуунун үстүнө кирип, эч сөзгө келбестен, баягы шакекти берет.

Ошол шакек колуна тиери менен Үрпөян сулуу кемпирди кучактап, көпкө коё бербей, ыйлап өпкүлөй берет. Акыры ыйын басып, акырындык менен сурап, кай жакта экендигин, ахвалы кандай күндө калгандыгын билгенден кийин, кемпирди кошуп, жигиттерден алып, түз эле Чымын баатырдын жаткан жерине барышат.

Чымын баатырды жаткан жеринен козгобостон жети өргөө көтөртөт. Ой менен тоодон табып издешип, Чымын баатырдан көзүнө эч даба таба албай, абдан кыйналышат. Сурабаган калбайт, шаарларга

кабар жиберет. Көзгө эч бир шыпаа болбогондон кийин, бир кайырчы календер думана келип:

– Бул менин да, башканын да колунан келбейт. Келсе бир гана Каракожо таятаңдын колунан келет. Башка жакка эч кандай убара болбогула, – дейт.

Календердин сөзүн угуп, Үрпөян сулуу кулак угуп, көз көргөн табып-дарыгердин бардыгына адам жиберет. Алардын бардыгы келгенче күтөт, эч кимисинен дурус жооп болбогондон кийин, Чымын баатырга макулдашып Каракожого бармакчы болуп жөнөп калышат. Ошол кезде жолдо бара жатып Үрпөян сулуу ойлонот: «Арпакан Каракожонун жалгыз кызы болсо, башка эркеги да, кызы да болбосо, баласы атам десе, апасы балам деп, баласы күн батышка кетсе, апасы кошо кете берсе, беш жыл бирге болуп, беш күндөй билинбей өткөнүн билбей, бирге жашап, акырында баласы мага жолукса, экөөбүз ата-баланы көз көрүнөө жолдон азгырган менмин го, Чымын мени ажалдан алып калган, кайра айланып бир бирибизди табышып, баш кошобуз дедик эле, тагдыр аны күтпөй, биздин ойлогонубуздай болбой, башкача болуп отурат. Үңкүргө жалгыз жашай албай, соодагер жигитке турмуш курганы жалгыздыктан болгондур. Балам мени өлтүрүп коёт деп, астын ала колдонгон максаты го.

Таттуу жашап жаткан эне-баланын кайгылуу кайрымысыз жашоосуна жалгыз мен күнөөлүүмүн деп эсептеймин. Эми биз барганда жоголуп кеткен атасынын артынан кеткен, эл болбогон жээндин эмне кереги бар, – деп коёбу деген ойлордун аягына чыга албай, кыйналып жатып барып калышат. Эң биринчи болуп болочок жээн келини Үрпөян сулуу салт боюнча баш уруп, жүгүнүп кирип, өз оюндагысын айтып уруксат сурайт.

– Бир кырсык болуп, адам башына ал ишти салбасын, таята! Чымын жээниңиздин эки көзүнө каракчылар сайып кетиптир, ошого бир даба болор бекен деп сизге келдик, – дейт.

Анда таятасы:

– Балам, менден эч нерсе сураба, оболу Чымын жээнимдин өзүнөн сура: Апасынын өткөн айыбын, өз колу менен көзсүздүккө дуушар кылган өгөй атасынын айыбын, атасы табылып калса, апасын атам мененби, же өгөй атам менен жашаса дейби? Энеатанын кадырын сезеби? Ушул үч суроого так жооп алып келгин, балам, – деди Каракожо.

– Анда эмесе мен сурап келейин, – деп сыртка чыгып, Чымын баатырдын жанына келип, эч нерсесин калтырбай, баарын айтып берет.

– Андай болсо, таятам мени сынаган экен. Апамдын айыбын эмне үчүн кечпейин, апам болбосо бул жарыктыкка келмек да эмесмин. Өлтүрүп койсо да, кечпеске эч аргам жок.

Өгөй атамды мен таанубасам, ал мени таанубаса, апам болбосо бул ишке бармак беле, ошондуктан апам үчүн аны да кечтим. Атам карыганда телеп-тентип жүрүп тапкан жалгыз кареги мен болсом, же менин жүзүмдү көрбөсө, же элдин жүзүн, же жарынын жүзүн көрбөсө, оңойбу. Эгер атамды көрсөм, чогуу жашайлы, ата, өткөн иш өттү, кеткен иш кетти деп айтар элем. Атамдын жалгыз перзенти мен болсом, айтканымдан чыкпас деген ойдомун. Ушул сөзүмдү калтырбай, таятама айтып бар, башка ойлогон оюм жок, – деп, жооп берди.

Үрпөян ордунан шарт туруп, таятасына кулдук уруп кирип,

Чымын баатырдын айткан жоопторун баштан-аяк калтырбай айтты.

Жообун угуп Каракожо: «Эстүү болгон экен», – деп, жээнине ыраазы болуп, эне-атанын баркын билгенин, өгөй атасын да энеси үчүн кечкенин, атасынын кошо жашоого уруксат сурар элем дегенине абдан ыраазы болду. Билгизбей киши жиберип, кызынын сүтүн алдырып, колунан келген дубасын окуп, эмчек сүт менен эки көзүн жууп, оң тизесине отур-

гузуп, оң жак көзүнө дарысын сүйкөп, сол тизесине олтургузуп, дарысын сыйпап, сол жак көзүн ачкан экен. Көзүн ачып кадимкидей көргөндөн кийин:

– Чымын жээним, жаныма отур – деп, жанына жакын отургузуп, – балам, атаңдын элден безип кеткенине жыйырма эки жыл болду. Алтымыш үч жашта эле, байыл сексен беш жашка толду. Ата-эненин кымбат экендигин өзүң билет окшойсуң го. Эң биринчи сага тапшырма:

– Атаңды издеп тапкын, – деди да, батасын берип, Чымын менен Үрпөянды узатты.

Эки көзсүз барып, дарыгердин күчтүүлүгүнөн көздүү болуп келе жатса, кандай сыймык, кандай кубаныч!

Чымын баатыр узап чыккандан кийин элге келип:

– Сен ошол жактан кабар ал, мен болсо кырк жигит курап, ошол жигиттери менен издеп, кайрадан келе жатса, бир тоодо ыйлаган баланын үнүн угуп тыңшап, кандайдыр уккусу келип, кулак түрүп тыңшаса:

Тогуз жолдун тоомунда,
Чымын байкем союлду.
Мыкаачы атам колунан
Эки көзү оюлду.
Көрбөс эле бул күндү
Жок кылбаса тоомду.
Колумдан жардам келбеди,
Жатындашым, кандай жерге коюлду!..

деген муңдуу ырдан улам, өзүнүн жатындаш бир тууган бөбөгү экендигин билди. Билмексен болуп баланы чакырып:

– Сен эмне, койлоруңду жөө кайтарып жүрөсүң, тооңор деле өтө бийик эмес экен, атчан кайтарбайсыңбы? – деп, жайыттагы кайын атасы Мурат ханга тиешелүү жылкылардан айдатып келип, балага бирди кармап берүүгө буйрук кылат.

Бирди кармап келип мингизди эле, минери менен бели үзүлүп өлдү. Кайра-кайра кармап келе берип,

он беш жылкы өлгөндөн кийин, бир кара боз кунан өзү келип, балага сүйкөнө баштайт. Кара боз кунанга минди эле, ошол көтөрүп, эки саат өрдү карап кетип калган коюнун артынан чапты эле, быш этип кулагынан тер чыгып да койгон жок. Көрсө, анык тулпар экен. «Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө болсочу деген туура» – деп, өзүнүн жанагы тандап алган кара боз тулпарына мингизип, кырк жигиттин бирин коюна көз болгун деп таштап, инисин кошуп алып, Кара акылман, эстүү, дарыгер, табып киши экен, таятама алып барып тааныштырайын, муну да жаман көрбөс деген ой менен таятасына бара жатса, жолдо аппак сакалы кебездей бир карыя сүйүнүп, алсыз араӊ эле бут шилтеп бара жатат. «Эмне бул элсиз жерде жалгыз жүрөт, же жашоодон тойгонбу, же менин атама окшоп тентип жүргөн немеби?» – деп, Чымындын оюна ар иш кетет. «Эмнеси болсо да бул карыянын сырын сурайын», – деп жигиттерин токтотуп коюп:

– Ассалоому алейкум, ата! – деп, аттан түшө калып, кол берип учурашат.

– Ата деген үнүӊдөн кагылайын, кулагыма жакшы угулду, балам, эмне дедиӊ? – деген тура.

Анда Чымын: «Жарыктык карып калып, кулагы укпай жатса керек» – деп ойлонуп:

– Атсалоому алейкум, ата! – деп катуураак кыйкырат.

– Ата, деген үнүӊдөн кагылайын, ата деген үнүӊдү уксам дечү элем, уктум! Оо, кудай, ушунуӊа да шүгүр, бир эмес, эки жолу уктум. Бүгүн мен эмне болом, жүрөгүм жарылчудай ордунда турбай, катуу кагып жатат. Мындан жыйырма жыл мурда Каракожо кызы Арпаканды берерде да жүрөгүм алеп–желеп болуп сокту эле. Эми да бу курган картаӊ жүрөктө жакшылыктын жышааны бардай сезилет, – деп качкан жүзүн кызыл нур каптап, кандайдыр кары боюна кайрат киргенсийт.

Чымын да эмне деп сөзгө саларын билбей, атанын көрпөчөсүн алып, жол жээгине сала коюп:

– Ата, мында отуруп, азыраак эс алыңыз, – дейт. Чыныбек селт карап:

– Ата дедиби, мени ата дедиби, ушул убакка чейин эмнеге бирөө жарым ата дебеди, же десе да укпасам керек, бүгүн кулагым ачылдыбы, бүгүн угуп жатамбы?! – дейт өзүнчө.

Чымын Чыныбекти аярлай кармап, колтуктан сүйөп келип, төрт бүктөлгөн көрпөчөнүн үстүнө отургузат. Нечен ойлор

Чыныбекти курчап алып, көрпөчөгө отурганын билбей калды.

«Ой, тобо!.. Мени да адам сыйлап отургузат экен да, эчен жылдан бери адам сыйлоодон калбадым беле. Бул менин түшүмбү? Жок, түшүм деле эмес, бул бала канчаларда, менин баягы күмөнгерим эмне болду экен, энесичи? Мен го, мен болдум, алар эмне болду экен десең. Ошондогу күмөнгер эркек бекен, же кыз болду бекен, эмнеси болсо да жарыктыкка келди бекен. Ата деген сөздү сексен беш жылдан бери бүгүн уккандай болдум. Жүрөк ошондой туйлап жатабы, билбейм. Жанына келип Чымын отургандан кийин:

– Балам, сен кайсыл элденсиң, ким дегендин баласы болосуң? – деп сурады. Кандайдыр ата-баланын ортосунда жакындык пайда болуп:

– Ата, биздин элибиз ушул, жерибиз деле ушул жер, алыс эмес, азыраак жүрсөк барабыз. Каракожо чоң дарыгерди уккандырсыз, ошол дарыгердин уулу боломун – деди.

– Каракожо! – деп айтып, экинчи сөзгө келбей, башы калчылдап, бирде оюна Каракожо кайнатасы келсе, бирде белгисиз ойго чөмүлүп, өңү кубулуп, оозу кыбырап, оюнда бир нерселер айтып жаткансыды. «Ошол менин кайнатам Каракожобу, же дагы бир башка Каракожодур, жо-ок, дарыгер деп айтпадыбы?» – деп, баланы жалооруй тиктеп карап

турду. Ошол кездерде Чыныбектин ооз кыбырашы Чымынга:

– Сенин атаң болом дегендей сезилип, көпкө барып эсин жыйып:

– Ата, сиздин табыңыз айныган жокпу? – деген үн угулганда Чыныбек эсине келген кишиче:

– Жок, кагылайын, ата деген үнүңдөн айланайын, үнүңдөн! – деп, башка сөз айтпай, көпкө тунжурап дагы карап туруп калды.

– Ата! – деп, Чымын Чыныбекти кучагын жайып, кучактап калды.

Аз убакыт өттүбү, көп убакыт өттүбү, бир учурда карашса, кучакташкан бойдон турушат. Кырк жигити келип, таң калып, ата-баланын табышканын көрүшүп, кайрадан бир бирине тааныштырып, кайра баштан кучакташып көрүшүп, ошондо

Чыныбек бай айткан тура:

– «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң, сабырдын түбү – сары алтын» деген ушул тура, малга, жарга ыраазы болбой, балалуу да болгон экемин. Ушунча жылдан бери бир айланып келбеген бул менин мүнөзүмдүн таш болуп калышыбы. Жеңил кыялдын кучагында тентип жүрө берген турбаймынбы. Өлөр алдымда кайын атам Каракожого бир учурап өлөйүн дедим эле, балалуу болдум. «Баса, баланын энеси эмне болду экен, бар болду бекен, же жокпу? Болууга тийиш. Жаш неме мүмкүн башка турмуш курган чыгар» – деп, сакалы ылдый чууруган жашты сезбей да калды.

Жигиттери бир тулпарды токуп келип, Чыныбекти мингизишип, Каракожонун үйүн карай жол жүрүштү. Азыраак жол жүргөндөн кийин Каракожонун үйүнө жетти. Баягы жети бакса коргон ичинде эч деле өзгөрүү жок, өзү кечээ эле кеткендей сезилет. «Арпакан менен ушул үйдө коштошподум беле. Мага карыганда жолуккан, мени бактылуу кылган Арпакан каякта? Эмнеси болсо да билсем экен».

Мына эшик ачылды, кайненеси Канымкан көрүндү.

– Оо, касиетиңден айланайын, дагы эле кадимкисиндей экен го!.

Ой учу чубалып келип, табышмактуу ойлор менен бир бирин кыя карап, бейтааныш адамдарчасынан учурашып жаткан маалда байкас албай калса керек го, же байкаса да акылдан адашканбы, Каракожо кайнатасы:

– Мен бактылуу адаммын, – деп кучактап, эки бетинен өптү эле, бетинен от чагыла түштү. Кандайдыр бети калың тартып, отжанып, уялгандан эмне деп айтарын билбей турду. Бир учурда көзүнө Арпаканга окшош бирөө көрүндү эле учурашкан жок, жөн эле баш ийкегенсиди. Өзүтаң калып, эмне экенине көзүжетпей, айран-таң калды. «Бул ошобу, же окшоштуруп жатамбы? Билбеймин».

Каракожо бир оокумда күнөөлүү кишидей башын ылдый ийип, жай сүйлөдү. Адамдын жаралуусу болсо, кайра өмүрүнүн бүтүшү да болот эмеспи. Жаралуусунда болдук, бүтүүсүнө жетпей айта турган азыраак сөзүм бар.

– Балдарым, – деди Каракожо.

– Менин атым Каракожо дарыгер-табып, көп нерселерди баштан өткөрдүм. Жакшы-жаманды көрдүм. Бирок биздин көргөнүбүздөй турмуш аз кездешет. Мына быйыл пайгамбар коомуна бардым. Жашым алтымыш үчкө чыгат. Менден жыйырма эки жаш улуу Чыныбекти күйөө бала кылып алгам. Он үч жаштагы кызымды берип, андан азыр Чымын аттуу жээним бар. Анын жарыкка келгенине жыйырма эки жыл толот. Азыр Үрпөян аттуу келиним бар. Азыр күйөө балам Чыныбек сексен беш жашка чыгат. Менин жашымда өмүрүндө баланын үнүн укпадым деп айткан эле. Уятына чыдабай тентип кетти. Жашоого чек жок экен, быйыл жыйырма эки жыл өттү. Эчен жолу таң атып, эчен жолу күн батты. Кызым

Арпакан он төрт жашка толбой, турмушсуз калды Бактысы Чымын менен болду. Акыры Чымын эс тартып, атасын издеп кеткенде, кызым жалгыз атасы мени таштап, уулу кызык көрүнүп, уулу менен батышты карай кете берди.

Батыш жакка барганда кызым уулун да коюп, башка бир соодагер Машрасул дегенге турмуш куруп алды. Жээним Чымын ажыдаардын жыл сайын берүүчү салыгына туура келип калган падыша Мурат хандын кызын өз бетинче куткарып, беш жыл бою эне-атанын бирин эстебей, Үрпөян менен жашап калган. Кызым өзүнүн төрөгөн уулу Чымынды көзсүз болуп бизди билбесин деп, тогуз жолдун тоомуна таштаткан. Ошондо ажыдаардан куткаргандыгы үчүн Чымынды Үрпөян келип, ажалдан алып калып, ак ниети менен көздүү болууга чейин жетише алды. Бул дүйнө – аманат, кимдер жалган, кимдер ак, уулу акпы, же эне акпы, таятасы акпы, же күйөө балдар акпы, мына көгөргөн асмандын астында, карайган жердин үстүндө, кимдер күнөөлүү, өзүм чече албай сиздерге салдым. Биринчи күнөөлүү өзүм, себеби өзүнөн элүүжаш улуу небересиндей жалгыз кызымды он үч жашында зордоп баш коштургамын. Ким күнөөлүү, кызым эмнени билди.

Чыныбекке күнөө жабалы десем, арзы-муңун түгөтө албай, ал баласыздыгын айтып, эч нерсеге карабай тентип жүргөн мүңкүрөгөн туяксыз карыя, бир мусаапыр болуп олтурбайбы. Кийинки күйөө балада кыпындай да күнөө жок го деген ойдомун. Ошол күйөө балам күнөөсүз эле ашыктын туткуну. Мындан бала бар, аты – Көгөн. Мына бул бала жээним деп, обу-сыны жок чоң баланы элге көргөздү. Бул болсо эң биринчи жээним Чымын, – деп, Чымынды Көгөндүн жанына өткөздү. Бул болсо эң биринчи күйөө балам Чыныбек – Чымындын жанына отургузуп жатып:

– Чымындын атасы, – деп, Көгөндүн жанына алып келип отургузуп жатып саалча чогоолдук,

кыска акылдуулук, аялдын тилине кирмелик кылып койгонсуң.

Өмүргө балта чабуу колдон келсе да, келбесе да карасанатайлык кылуу, турмуштагы наадандык.

Аялдык чап кыялга алданган жалгандагы жалгыз кызым

Арпакан. Эми жээним жээн бойдон, кызым кыз бойдон калсын, анан айта кете турган сөз «эки коч-кордун башы бир казанга кайнабайт» деген сөздүн ачыгы эки күйөө баламдын бири менен жашаганы оң го, кандай дейсиздер агаиндер дегенде, Машрасул ордунан туруп:

– Мен орун бошоттум, менин балдарым мени унутпаса болгону деди да, адамгерчиликтен аша кеткен иш жасаганым үчүн өзүм күнөөлүүмүн, – деп ордунан туруп, эшик жакка бет алып чыгып кетти.

– Мейли өз күнөөңдү өзүң сезсең болгону – деп, ойлуу Каракожо узата карап, көпкө тиктеп кала берди.

Каракожо улуу-кичүү, кары-жаш дебей элдин баарын жыйнап, ордо башчыларын алдырып, акыл-мандарын чогултуп:

– Мындан ары жадырап жайнаган тынч турмуш болсун, билгендер, келгендер, көргөндөр, адашкан-дар табышканын билишсин – деп, Каракожо дарыгер эчен мал союп, Арпакан менен Чыныбектин никесин оңдоп кыйып, экинчи той берип, жыргап-куунап бала-чакасы менен жашап жатып калышкан экен.

## ЭДИЛКАНДЫН ҮЧ КЫЗЫ, ҮЧ КҮЙӨӨСҮ

Илгери, илгери өткөн замандарда Эдилкан ай-магы алыс, эли көп, көп жерлерди ээлеп, салыгын салып, элинен алтын, күмүш жыйнайт. Таба албай калгандарын увазир менен бектери кыйнайт. Са-райларын салдырып, хан ордосун чыңдайт. Алыс-тан жоо келбейт, бейкут жатып, жыргай беришет.

Элинин бир жагы байып жатса, арасында алсырап, кыйналгандар да көбөйөт. Эдилкан увазирлери менен эл ичине аралашып, кандай жашап жатышкан абалдарын көрүшпөйт. Эл арасындагы акылмандарга көз салышпайт, же акылсыздарды ажыратпайт. Байыгандарын баалашып, күн өткөрө беришет. Эдилкандын үч кызы болот. Алар акырындап бойго жетишет. Айланадан ханзаадалар күйөө болуп издеп келишпейт. Эдилкан кыздарын күйөөгө берүүнү ойлоп, үч кызына арнап үч жерге жакшылап жай салдырат. Айланасын гүлдөгөн бактарга айландырат. Сарайлардын алдында бактары гүлдөп, шактан–шакка конуп булбулдары сайрап турат.

– Күйөөнү кыздарым өзү тандап алсын – деп, Эдилкан күндөрдүн биринде элин чогултууга увазирлерин жиберип, увазирлер жарчыларды алып, эл арасына жар чакырат.

– Эртең Эдилканыбыз баарыңарды чакырып, баарыңарды чубатып, кыздарына күйөө тандайт. Хандын кызына жакканың байлыкка жетип жыргайсың. Эртең элдин баарын чубатат. Хан кыздары каалаганын мага ушул күйөө болот, – деп, кубантат. Эртең эрте баргыла, кан алдында ордодон чубап өтүп калгыла. Хандын кызы кааласа алма менен урушат. Тандаганын күйөө кылып алышат – деген жарлык чакырат.

Элин чакырып, чубатуудан өткөрөт. Кыздарынын колдоруна кызыл алма берип:

– Өзүңөргө жакканын тандап, күйөөбүз ушул дегиле, – дейт Эдилкан.

Элин чогултуп, чубатып өткөрө баштайт. Хандын кыздары алмаларын колго алып, карап турушат. Чоң кызы Чоюлкан өтүп бараткан бир байбачаны алма менен урат. Карап турган калыстары хан күйөө, бек күйөө дешип, ак кийизге салып, көтөрүп алышып, жасалгалуу жайга алып барышат. Хандын кызы Чоюлкан ушинтип күйөө таап алат.

Ортончу кызы Оюмкан карап туруп, керилип өтүп бараткан бир байбачаны колундагы кызыл алма менен көкүрөккө уруп калат. Муну дагы байдын уулу байбача, бектин уулу бекзаада деп, хан күйөө деп, дайындалган жасалгалуу жайына алып барышат.

Кичи кызы Кыялбү эч кимди алма менен урбастан, калктын баары өткөнчө тура берет. Бул күнү Кыялбүгө күйөө табылбай калат.

Эдилкан эртеси элинин баарын чубатуудан кайта өткөрсө да, Кыялбүгө күйөө табылбады. Эдилкан увазирлерин, жарчыларын чакырып:

– Калкымдан кандай адамдар келбей калды? – деп сурады.

– Эч ким калган жок – деди увазирлер, жарчылар. Бир жарчы туруп:

– Калың токой арасында көмүр өчүрүп көө болгон, бир токойго ээ болгон, эчтеке менен иши болбогон, кийими жок салбыраган, баса албай балбыраган, башы жалтырак, манжырасы куюлган кара таз калды, – дейт. Тазды алып өткөндө, кандын кызы Кыялбү колундагы кызыл алма менен урат.

– Кызым кечке карап туруп, чарчап адашып калды, – деп Эдилкан жарыялайт. Эртесинде увазирлерге аралаштырып, тазды алды жагынан өткөрөт. Кыялбү таамайлап туруп, тазды дагы колундагы кызыл алма менен урат.

Эдилкан муну дагы жаратпай коёт. Эртесинде тазды эл ортосуна коюп, чубартуудан өткөрөт. Тазды таамайлап туруп, үчүнчү жолу кызыл алма менен дагы урат.

– Башың – баш, багалчагың, кара таш, тапкан күйөөң кара таз! – деп, Эдилкандын ачуусу келет.

Эдилкан Кыялбү менен кара тазды жаман төшөнчү, жамынчы берип, ордосунан тышкары эшектер пааналап жүргөн жаман тамдын бурчуна киргизип таштайт. Муну угуп, Кыялбүнүн апасы капаланып ыйлайт.

Бул жаман жайдын бурчунда Кыялбү менен кара таз жашай баштайт. Кара таз жакшы эшек таап алып, токойдон отун ташып, базарга сатып, тез эле оңолот. Кара тазды Кыялбү жууп, тазын айыктырып, башына чач чыгат экен. Тапканына кийим алып берип, кара тазды жасап коёт.

Мен тоо кийигинин этин сагындым. Силер барып, эчки-теке атып келгиле – деп, Эдилкан бир күнү байбача күйөөлөрүн чакырып, тулпарды мингизип, ууга жиберет. Бек күйөөлөр ууга барат деген кабарды кара таз угат да, Кыялбүгө келип айтат:

– Хан атаң сени кабыл албайт. Эне жүрөгү жумшак болот. Сени көргөндө эрип кетет. Сен энеңе бар, тулпар сураба, сурасаң да бербейт. Жылкыга жетпей жүргөн, таакысы түшпөгөн сары тай бар, ошону сура – дейт.

Кыялбү барып энесине айтат:

– Мен дагы ууга байбачалардын артынан барайын, ат берсин, ат бербесе жылкыга жетпей жүргөн, таакысы түшпөгөн сары тайды берсин – деп, таз күйөөң сурап жатат де.

– Ээ, балам, ушунча элдин ичинен тапканың таз болдубу? – дейт Кыялбүнүн энеси.

– Ээ, энекебай, калың элиңдин акылдуу, эр жүрөгү болбосо, акылдуу, эр жүрөктүү, тазга тием да – деген экен.

Кыялбү даакылуу сары тайды жетелеп келип, тазга берет.

– Таз күйөөңө ат бер – деп, энеси Эдилкандан сурайт.

– Тазга ат кайда? Эшектен башкага тең эмес! – деп, Эдилкан жооп берет.

– Ээ, ханым, таздын көөнү болбосо, кыздын көөнү эмеспи.

– Ат бербесең да жылкыңдын артында жонунан даакысы түшпөй, жылкыга жетпей жүргөн сары тайыңды бер деп сурап жатат – дейт ханыша хандын маңдайына барып.

– Бул тайдын эмнесине кызыктыңыз экен? – дейт Кыялбү.

– Бул аргымак ээсин таппай жүргөн! – деп, таз күйөө жооп берди.

– Ээси сиз болот экенсиз да, – деп, Кыялбү күлгөндө, экөө күлүп калышат.

Ошентип, таз күйөө эптеп, сары тайды токуп, ноктолой чалып, минип алып кандынбайбача күйөөлөрдүн артынан жөнөп калат. Жолдо бара жатып, төрт жебеси менен жаман жааны таап алат. Таз күйөө байбача күйөөлөрдүн артынан барбай, башка тоого чыгат.

– Тыш эти супсак болсун, ич эти даамдуу болсун – деп, таз күйөө эки теке, эки эчкини атып, суу боюна сүйрөп келип, ичин жарып, ичеги-кардын, өпкө жүрөгүн, боорун, бөйрөгүн алып, ичеги-карынды жууп, тазалап, карындарына салып, Кыялбү берген куржунга салып алат.

Таз күйөө алардын эчтеке ата албай куру келишерин билип, байбача күйөөлөрдүн жолун тосуп олтурат. Байбача күйөөлөр эчтеке таба албай, тапканын ата албай, салбырашып кечинде келет. Таз күйөө отту чоң жагып, боорлордон шишкебекке сайып, бышырып жеп олтурган болот.

– Байбачалар, жолуңар кандай болду? Тапкан олжоңор мол болдубу?

– Кандай кайберендерди көрдүңөр? – деп, алар келип турганда, таз күйөө аларды карап, сурап калат.

– Биз көргөн кайберенди ата албадык. Көрүп турасың го, куру келдик. Эми бизди шерменде кылбай, тапкан олжоңдон бергин. Баары бир жаман тайың төртөөнү көтөрүп кете албайт. Экөөнү бизге бер. Сенин каалаганыңды берелик.

– Мага эч нерсенин кереги жок. Төртөөнү тең беремин. Силерден эч нерсе албаймын. Менин шартым бар, ошого макул болсоңор болду.

– Сен эмне десең, биз макулбуз – дешет байбачалар жарыша.

– Шымыңарды шыпырып, куйругуңарды тоскула! Мен чычаланын учун кичине тийгизип коёмун – деген экен таз күйөө.

Анда байбача күйөөлөр макул болушуп, шымын шыпырып, тосуп беришет. Таз күйөө жаткан чычаланы алып, куйруктарына тийгизип-тийгизип алат. Байбача күйөөлөрсекирип-секирип кетишет. Таз күйөө берген эки теке, эки эчкини алышып, аттарына артышып, жөнөп кетишет.

Таз күйөө ичеги-карынды куржунга салып, таакы тайга минип, артынан келет. Байбача күйөөлөр мактанышып, өздөрү атып келишкенсип кийиктерин артынышып, сарайларына келип түшүшөт.

– Ичеги-карынын тазга бердик – дешет.

Байбача күйөөлөр Эдилканды канышасы менен экөө эки үйүнө чакырып меймандашат.

Эдилкан менен ханыша кийик эттерин жесе, даамы жок, топурак даамданат. Ошентип, Эдилкан эки күн эки күйөөсүнө мейман болот. Үчүнчү күнү таз күйөө чакырат. Ичеги-карындан Кыялбү тамак жасайт.

Эдилкан эшеккана жайына баргысы келбейт. Анда ханыша:

– Таздын көөнү болбосо, кыздын көөнү болбойбу! – деп, зордуктап ээрчитип алып барат.

Эшекканнын бир бурчунда жашап жаткан жеринде, тамагын жасап, хан атасы менен ханыша энесин тосуп алышат. Жасалган тамагы кийиктин ич этинен. Ичеги карын, боордон тамак ширелүү даамдуу даярдалган. Хан менен ханыша тамшанышып, таңданышып, кызыгып жеп жатканда, хан алдынан эшектин тезеги чыгат. Мындай даамдуу тамакка хан менен ханыша чала тоют болуп, арманда калышат. Бул Кыялбүнүн атайын жасаган амалы эле. Атасынын алдына атайын ойлоп, эшектин тезегин тамактын алдына көөмп койгон.

Эдилкан эшектин тезеги алдынан чыкканына ызаланат. Эртеси кызы менен таз күйөө баласын аткананын бир бурчуна көчүрөт. Таз күйөө менен кызы бул жерде дагы жакшы жашап турушат.

Күндөрдүн биринде Эдилкан байбача күйөөлөрүн ан тактысына чакырып:

– Силер ууга барып, аркар-кулжа атып келгиле. Мен аркар-кулжанын этин сагындым, – дейт.

Даярданышып, байбача күйөөлөр ууга жөнөп кетишет. Аргымак минген күйөөлөрдүн артынан, таакылуу сары тайын минип, таз күйөө дагы ууга жөнөйт. Адатындай алар бир тоого чыгышат. Таз күйөө экинчи тоого барып, эки кулжа, эки аркар атып алат.

– Ич эти даамдуу, тыш эти даамсыз болсун, – деп мурунку адатындай эле шарт кылат. Суу боюна алып келип, ичеги-карындарын жууп, даярдап, куржунга салып коюп, адатындай отту чоң жагып, боордон шишкебек жасап бышырып, жеп отурганда, эки байбачалар арып, чарчап, эчтеке таппай, тапкан текелерин дагы ата албай, капа болуп, кайгырып келишет.

Таз күйөөнүн жанына келип, аргымактан түшүшөт. Кара таз күйөө жеп олтурган шишкебегинен экиден бөртмөсүн берет. Карды ачып, алсырап келген байбачаларга шишкебек даамдуу, ширелүү болуп татыйт.

– Дагы болсо, жейт элек, – деп тамшанышат.

– А бирок башка жок.

– Ээ, байбачалар, бүгүн дагы жолуңар болбой калган бейм, же атканыңарды бекитип келдиңерби? – деп, суроо берет.

– Биз атып алсак, артынып алып келбейт белек. Биз ханга барып эмне деп айтабыз, – деп капаланып келе жатканда, сенин жолукканың жакшы болбодубу, олжоңдон бөлүшүп бер! – дешет.

– Мен силерден эч нерсе албайм. Менин шартымы билесиңер, – дейт кара таз. Байбачалар таздын

айтканына макул болушат. Баштагыдай эле экөөнүн куйругуна тамга басып, аркар, кулжасын аларга берет. Артынып алышып, алар жолго түшүшөт. Таз күйөө адатындай алардын артынан ээрчип, ат сарайдагы жатаканасына келет. Күйөөлөр дагы хан менен ханышаны мейман кылышат. Байбача күйөөлөрдүн кайберен этинен жасаган тамактары баштагыдан дагы даамсыз, топурак даамданат. Эдилкан менен ханыша жей албай коюшат.

Таз күйөө үчүнчү күнү Эдилкан менен ханышаны чакырат. Кыялбүнүн ичеги-карындан жасаганы даамдуу жана ширелүү болот. Эдилкан кызыгып жеп, тоёюн деп калганда, алдындагы тамактан аттын тезеги чыгып, тойбой арманда калат. Жолдо келе жатып, хан менен ханыша сүйлөшөт.

– Булардын кайберендин ич этинен жасаган тамагы даамдуу, ширелүү. Мунун тамагынын даамдуу болушу, алып келген таз күйөөдөбү, же тамак жасаган кыздабы? Ал эми кайберендин этин алып келген байбача күйөөлөрдөнбү, же тамак жасаган кыздардабы? Булардын кайберендин анык этинен жасаган тамактары даамсыз, супсак болот – дешет.

Эдилкан ойлонуп олтуруп, эртеси таз күйөө менен кызын дан сактаган кампанын бир бурчуна көчүрөт. Кыз-күйөө ошол жерде жашап, жашоосу мурункудан жакшырат. Эдилкан күндөрдүн биринде хан тактысына чакырып, байбача бекзаада күйөөлөрүн дагы ууга жиберет.

– Силер тапкан олжолордун өзүн таз күйөөгө берип, ич этин, ичеги-карындарын баарын өзүңөр алгыла – деп, күйөөлөргө айтат.

Ошондо бекзаадалардын эсине баягыда жеген шишкебектин даамдуу ширеси эстерине түшөт. Күйөөлөр бир тоого, таз күйөө экинчи тоого чыгат.

– Ич эти даамсыз болсун, анык эти даамдуу болсун, – деп, эки теке, эки кулжа атып алып, суу боюна сүйрөп түшөт.

Теке менен кулжалардын ичин жарып, ичеги-карындарын тазалап, ич этинин баарын майлары менен карындарга салып, даярдап коёт. Алардын жолу болбой келишин күтүп, жолдорун тосуп, суу боюнда олтурат. Отту чоң жагып, төш этинен шишкебек жасап бышырып, жеп олтурат. Байбача күйөөлөр алсырашып, алдары кетип, тоолорду кыдырып, учураган кийиктерди ата алышпай, салбырап өзүлөрү келишет.

– Бактыбызга сен жолдуу болупсуң, эми бизге ичеги-карын ич этин бер, – деп байбача күйөөлөр айтышат.

– Шартты орундатсаңар, сураганыңардын баарын берем, – дейт Таз күйөө.

Анда байбача күйөөлөр баса калып өлтүрүп, тартып алгылары келет. Бирок экөөнүн алы жетпесин билишет. Айтканына макул болушуп, куйруктарына үчүнчү тамганы басышат. Ичеги-карынды артынышып, аргымактарына минип, арыраак бастырып барышат да:

– Ээ, таз, кулжа-текени төртөөнү сен көтөрөсүңбү, же таакы тайың көтөрөбү? – деп, каткырып күлүшөт.

Анда кара таз төрт кулжа, текени кошоктоп, сары тайга ыргытканда, солк этпейт. Таз күйөө анын үстүнө ыргып минет. Аны көргөн байбачалар качып, таз күйөө таакылуу сары тайына теке-кулжаларды артынып, таскактатып жүрүп келет. Күйөөлөр өз-өз үйлөрүнө түшүшөт. Мурунку адатындай эле күйөөлөр кайната, кайын энесин мейманга чакырышат. Баштагыдай эле байбача күйөөлөр менен ардактуу кыздардын тамактары даамсыз, ичеги-карын даамданат. Бул тамактарды такыр жей албай коюшат.

Байбача күйөөлөрдөн кийин кайната, кайын энесин мейманга чакырышат. Таз күйөө менен жаман кыздын жасаган тамактары баштагыдан да ашкан даамдуу, ширелүү. Эдилкан чала тоюп болуп, шашы-

лып жеп жатканда чычкандын богу алдынан чыгып, тойбой арманда калат.

– Бул күйөө, кызда жашырын сыр бар. Эмне үчүн тамактары ушунча даамдуу – дешип, хан менен ханыша кан сарайына барышып, өздөрүнчө сүйлөшөт.

– Таздын көөнү болбосо, кыздын көөнү – деп, эртесинде жасалгалуу жайга көчүрүп, алып барып коёт. Таз күйөө күйөөгө даярдалган кийимдерди кийгенде, көргөндүн көөнү толгон көркөмдүү күйөө болуп калат. Жасалган ат жабдыкты даакылуу сары тайга токуганда, келишкен аргымак буудан болот. Көргөн адамдарга аргымак, буудан минип бастырса, байбачалардан артык көрүнөт.

Эдилкан муну көрүп, айран-таң калат. Ойлонуп башы айланат. «Бул кандай кубулуп жүргөн аярбы? Же ошондой эле акылман азаматпы?» – деп, муну тааный билген кызынын акылмандыгына баа берет.

Эл арасында байбача күйөөлөргө караганда артыкчылыгы артыла баштайт. Эдилкандын эркек баласы жок болот. Хан ойлонуп олтуруп, элин үчкө бөлүп, башкарууну үч күйөөсүнө берет. Күйөөлөр өз аймактарында бийликтерин жүргүзүшөт, Эдилкан кимиси кандай эл башкарат экен деп, көз салып турат. Таз күйөө деп аталган кичүү кызы Кыялбүнүн күйөөсү башкарган элде кедей-кембагалдар жоюлуп, жетим-жесирлердин абалы жакшыра баштайт. Элге сөзү өтүмдүү, айткан кеби орундуу болуп, башкарган элдин көөнүнө толот. Эл арасында ынтымак болуп, зордук, зомбулук жоголуп, томояк жакырлары оңоло баштайт.

Ал эми байбача күйөөлөр башкарган аймактарда талаш-тартыш, жаңжалдар көбөйөт. Кедей-кембагалдар күчөйт. Жетим-жесирлер оокат кыла албай, көрүнгөн жакка тентишет. Зордук, зомбулук, ууру, каракчылар эл арасында көбөйүп кетет. Алардын эл башкара албагандыгы, эл арасында биримдик жок экендигинен билинет.

Кичи кызы Кыялбүнүн күйөөсү башкарган элге айтканы алымдуу болуп, карыларга кайрымдуу болуп, жакшы-жаманды ажырата билип, алык-салыкты элдин ал-абалына карай жыйнайт. Эл арасында акыйкаттыкка, алдын ала көрөгөчтүк жактарын баалап, таз күйөөнүн таз аты калып, Алимбек атка конот. Алимбек капысынан жоо каптап кетпесин деп, элдин келечек тагдырын ойлоп, эл ичинде жоокерлерди даярдайт.

Ал эми байбача күйөөлөр эл арасында кадыр-баркы кетип, жаңжалдар күчөп, салымдарды элге көр салуу менен элди алсыратышат. Элдин келечегин ойлошпойт. Ушундай мезгилдерде алыстан жоо келип, алсырап, даярдыгы жок жаткан элди чаап, талап, көпчүлүк элди кырып кирет. Бул элди башкарган байбача күйөөлөр элди таштап, качып кетишет. Келген жоо элди каптап, басат.

Муну уккан Алимбек жоокерлерин жыйнап, келген жоонун алдын тосуп, уруш баштайт. Бул катуу урушта Алимбек душманын жеңип, аймактан кууп чыгып, аларга кыргын салат. Келген жоонун өлгөнүнөн калганы качып, кутулуп кетет. Таз күйөө аталган Алимбек жеңишке ээ болуп, Эдилкандын аймагында, элге атагы чыгат. Калкына тынчтык курулуп, Алимбектин акылдуу баатырдыгы менен эл арасында даңкталат. Эдилкан увазирлерин, күйөөлөрүн, эл ичиндеги жакшыларын, акылман аксакалдарын чакырып, болгон окуяны баалашат.

– Элибизди жоо каптап келгенде, силер кайда кеттиңер? – деп, чоң кыздардын күйөөлөрүнөн сурайт.

Алар жер карап, үндөй алышпайт. Хандын суроолоруна жооп беришпейт.

– Силер ууга чыкканда, артыңардан ээрчип жүрүп, аткан кийигиңердин ичеги-кардын жыйнап жүргөн таз күйөө каптап кирген жоону талкалап, элди коргоп калды. А силер болсо, дайынсыз качып кеттиңер, – дейт Эдилкан.

– Таксыр ханым, булар байбачалар эмес, коркок кулдар – дейт Алимбек.

– Ууга чыкканда, кийикти булар атпастан, мен атып берип жүргөмүн. Ошондо аткан олжоңу бизге бер, биз сага кул болобуз дешип, куйруктарына тамга бастырышкан. Ишенбесеңер куйруктарын ачып карап, тамгасын көргүлө, – дейт. Муну уккан Эдилкандын Алимбекке ачуусу келип, байбачаларды кордоп жатат дегенсип, карап турган жигиттерге буйрук берет.

– Ачып карагыла, калп-чынын аныктагыла! – дейт.

Хан ордосунда карап турган жигиттер байбача күйөөлөрдү кармап көрүшүп, куйруктарында үчтөн тамгалары бар экенин айтышат.

– Эмне үчүн үчтөн тамга бар буларда? – дейт, Эдилкан Алимбекти карап.

Таксыр, улук ханым, буларды үч жолу ууга жибердиңиз. Эчтеке аталбаганда, мен аткан олжону берип, өздөрүнүн макулдугу боюнча, олжомду берген сайын тамга баскамын! – дейт, Алимбек эки колун бооруна алып, ийилип туруп.

– Ушул чынбы? – деп, Эдилкан ачууланып сураганда, башын көтөрүп жооп бере албай, баштарын ийкеп, макулдугун билгизишет.

Ушинтип байбачалардын айыбы ачылып, колдорунан эчтеке келбестиги билинет. Эдилкандын ачуусу келип, ордодогу алып берген жайынан айдап чыгат.

– Силер тандап тийген күйөөлөрүңөр менен кеткиле! – деп, кыздарын күйөөлөрү менен кубалап жиберет.

Эдилкан увазирлерине жардык берип, элинин баарын жыйнайт. Алимбектин баатырлыгын баалап, акылмандыгына алымсынып, келечекте элин жакшы башкара тургандыгына көзү жетет.

– Мен картайдым, – деди Эдилкан эл алдына чыгып, – кичи кызым Кыялбүнүн тандап тийген

таз эри Алимбек деп аталып, акылмандыгы, баатырлыгы аныкталып, элди жоодон коргоп алып калды. Муну силер менден жакшы билесиңер. Ошондуктан Алимбекти өз ордума хан деп жарыялап, хан тактысын беремин. Калк кадырына жетип, элин эптүүлүк менен сурайт деп мен ишенемин.

Силер эрдигин билбестен, акылсыз карып деп карабастан токойго таштагансыңар. Мен акылман баатыр экенин, азаматтыгын ажыратып баалабастан, кызымды айыптагамын. Кичи кызым Кыялбү көрөгөч, даанышман экен. Ушунча калкымын ичинен акылмандыгын аныктап, баатырлыгын байкап, таз дебестен тандап тийди. Ал эми Алимбек болсо, жылкынын ичинен жонунан таакысы түшпөй, жылкы артына жетпей, араң ээрчип жүргөн сары тайдын аргымактыгын байкап, буудандыгын аныктап, өзү көп жылкы ичинен тандап алды. Азамат эрди карып деп, журтка таштап кетпеңер. Аргымакты арык деп, жолго таштап кетпеңер, – деп айткан экен.

Алимбек Эдилкандын ордуна хан болуп, элди акыйкаттык менен сурап калат. Жетим-жесирге, карып мерен карыга, кедей менен кембагалдарга кан казынасынан жардам берип турат. Ошентип эли тынчып, байлыктары ашып, бардыгы тең жыргалдуу болуп, жашап калышат. Көпчүлүк элдин тилеги орундалат.

Алимбек хан болгондо адилдик менен эл башкаргандыгы үчүн Адил хан деп аталып калат.

## ЭНЕ СУТУ

Илгери-илгери бир эне жашаптыр. Ал күн нуруна күндө жуунуп, таза жүргөн сулуу эне болуптур. Сууга чайынып тарангандан кийин тим эле суйкайып калчу дешет. Ошондо майда балдар аны көрүп: «Менин энем болсо, ээ?» –деп, суктанышчу экен.

Эне эрте жесир калат. Ошентсе да кайратынан жанбай жашай бериптир. Көзү өткүр, акылы да терең экен. Колунда жалгыз уулу болот. Жалгыз уулун көрбөгөн азап менен чоңойтот. Уулум десе, жүрөк оту күйүп-жанып, туу белди түндө да ашып кеткиси келет.

Уулу да жаман өспөйт. Акылы да, мүчөсү да төп келген бала болуп жетилет. Жер-Энени, Ата-Мекенди, үй-жайды, энесин сыйлаган бала болуп, боор көтөрөт.

Эненин ээгинде калы бар эле. Ал кара чачын дайыма эки өрүм кылып жүрчү. Уулу аны тээ көпчүлүктүн ичинен алыстан эле таанып, жылуу салам берчү да, айтканын жасап кирүүчү. Энеси болсо: «Балам, дүйнө деген бардык адамга бирдей тең, эстүү бол, акылдуу бол. Калыс жүр. Биз турмуштун коногубуз» – деп, чекесинен жыттап, ар ишке жумшачу. Ошондо эненин дүйнөсү түгөл болуп калар эле.

Бала эр жетти, үйлүү-жайлуу болду. Жазмыштын иши дайыма ойлогондой болот беле? Кээ бир адам гүл болуп жайнаса, кээ бир адам суу болуп чачылат эмеспи. Кызык, бу турмушта кызык көп. Эне эми гана кубанып, карегиндеги жашы кургап, өмүрдүн ызгаар суугунан кутулдум го деп жүргөн кезде катуу ооруп калат. Ооруганы мындай болот:

Бир күнү көлөкөгө көрпө төшөк салдырып коюп, жип ийрип отурган эле. Аңгыча арык чырай чоң сакал бир абышка келет. Анын оң буту жыңайлак, төшү жайдак экен. Ал элүү пайса (бир жарым килограмм) күрүч карыз сурайт, Эне анын сураганын берейин деп ордунан обдулат. Ошондо шуң деген даракка адамдай үн чыгарган жапалак үкү менен чоңдугу аңырдай кызыл көйнөк канатуу учуп келип конот да, өз ара сүйлөшө кетет:

– Карачы-карачы, тээтиги абышканы, өпкөсү көөп солуктап араң турат. Үйүндөгү баласы жаман

окшойт. Атасын көр кабак кылып, тилемчилетип коюптур. Ошого ичим бышып турат, – дейт бири.

Экинчиси:

– Тиги байбиченин баласы жакшы экен. Энесин жакшы багыптыр. Келини гана сиркеси суу көтөрбөгөн кош кыял көрүнөт. Энеси баласын көр казып жүрүп чоңойтуптур. Ошого жараша баласы да эстүү чыгыптыр. Бирок, аны башынчүлүктөпалсам деген душманыбар. Ал душман – бою тартайган, жашы картайган оору дейт. Ошентет да, алар арыктын көк майсаң баскан кырына учуп кетет. Абышканын өтүнгөнүн берип, узатып иет да, өзү сары санаага бата баштайт.

Ошол кезде бала тамдын аркасындагы турупту жулуп, «Танда ой!» деген ырды ырдап жүргөн эле. Ошондо уулун көрүп, аны аяйт да, баягы кызыл көйнөк канаттууга кайрылып:

– Какаганга муштаган болуп балам ооруса, жыртык тешикке күлөт болбоюмбу?! Андан көрө балам оорубай эле мен ооруюн. Жылбай калайын. Жамандын эмнеси бар, жарты тарагы бар деген атка конбоюн?! Баланын оорусун маа жиберт! – деп, өпкөсүн чаап жалынат.

Анда канаттуу:

– Айтканыңдай эле болсун. Ага кейип, кам болбо – дейт.

Асыл эне, ошентип, баласынын ордуна өзү катуу ооруйт. Өңү дандырга жапкан нандай мала кызыл тартып чыгат. Андан соң шал болот. Буту кыймылдабайт. Бүт денеси эзилип-жанчылат. Туюк оюм салган колу кашык кармаганга жарабайт.

Ошондо баягы уулу энесин көтөрүп, барбаган табыбы, жүрбөгөн жери, колдонбогон эм-дому калбайт. Бир кезде өзүн солтон санаган бала – эми абдан арыктайт. Башына соно консо, жыгылып кетчүдөй абалга жетет. Энесин көтөрүп жүрүп, талаада ач да калат. Сүйрү сонгондон башканы жебеген күнү да болот. Эне айыкпай

айласы кетет. Анын сүт акысынан кутулмакчы болуп, ошондо бала Ала-Тоонун ичин дагы бир аңтарып, кыдырып жөнөйт.

Теке-Уюк, Уч-Чат, Таш-Өтөк, Тогуз-Торо, Ысык-Көл өңдүү жерлерге барат. Эми түшөөр бекен деп, тоо-таштарга сыйынат. Мөңгү, сууларга жалбарат. Бак-дарактарга, күнгө да табынат. Ага болбойт. Эненин оорусу зилдеп, күчөп саруулайт. Айла кетет. Айла кетет да, дагы эле баягы сыйынганга күч чыгарат. Эми ал жолдо жолуккан койлорго да, жут белгиси болгон шамалга да жүгүнөт. Күз башында түшкөн кара булутка да, жер чаңызгытып асманга көтөрүлгөн сүрдүү куюнга да таазим кылат. Бүркүткө да, боору күрөң, куйругу ача, жону жашыл, соорусу көгүш канаттууга да жалынат, жалбарат. Бирок, айла жок, энеси айыкпайт. Эне айыкмак турсун, өңү саргылтым тартып, кайырмакка саяр эти калбай чүнчүйт.

Ошентип жүрүп бир күнү кеч киргенде чоң дайранын боюндагы жарчанын түбүнө токтошот. Ал жердеги уч жагы чуштугуй, түп жагы жоон келген сопок таштын жанына түнөмөкчү болушат. Жигит тоок көз таарды жерге жайып, үстүн жумшактайт. «Энемдин кыр аркасы буралбасын» - деп, талаадан чөп-чар жыйып келил, ага жаткырат.

Бала ары-бери жүгүрүп арыйт. Чарчайт. Ачка болот. Анан көк караган куштай, канатын кырккан таавдай делдиреп туруп калат. Бир маалда бар кайратын жыйып от жакмакчы болот. Дагы ар кай жерге жүгүрөт. Кураган чырпыктарды, чегедектерди сүйрөп келет, жыят. Ошентип, отту улуу жагат. Анан ачкасынан айласы кетип, акшак боткону, сөгөт аталаны ойлоп отура берет. Ошентипачкалыгы билинбей уйкуга жаай каалгый чөгөт. Ошол түнү энеси түш көрөт. Түшүнө төшү кызгылт куйругунун сырты кара канаттуу кирет. Ал канаттуу минтип сүйлөйт:

Бу силер өөдүк-сөөдүк жол бастыңар. Кээде ойрук, келжирек адамга жолуктуңар. Кээде сылык, ыймандуу кишилерге кезиктиңер. Анан ушул жерге келдиңер. Кишилердин бири силерди сеп алды. Таруу талкандан тамак жасап берди. Бири тамагы таягы жок немелерди үйгө киргизбе» – деп таяк менен кууду. Уулуң ошолордун баарын көтөрдү. Ар кандай азапка, ызага чыдады. Сенин уулуң – уулдун уулу экен. Силерди сыйлабаган, түшүнбөгөн кишинин күнөөсү бар. Күнөөсү барлар айыбын тартар. Баам-парасаттуу, касиеттүү эне экенсиң. Эми көзүңдү ач. Көзүңдү ачсаң, жанында бир тамчы жылуу суу чыгып турат. Ошондой сууну эл «жылуу суу», арашан суу», «кайнар булак», “мүрөк суу» дейт. Ошондон ич. Ал жерди казсаңар, суу чыгат. Ага колу-бутуңду сал. Ошондо ооруңан айыгасың. Алдуу, күчттүү болосуң. Бул да болсо, сен-мен деген сенексөз, сиз-биз деген сылык сөз деген сенин ак пейлиң, уулуң үчүн оор азапка бел байлаганыңдын акыбети болот.

Эне ошентип түш көрөт. Анан ойгонсо, чынында эле жардын боорунан жылжып суу чыгып туруптур. Аны көрөт да, бир топко «эмне кылсам экен?» деп ойлонуп калат. Баласынан акыл сурамакчы болуп ойготоюн дейт. Кайра аны: «Уктап эс алсынчы. Мен деп жүрүп куурады го» – деп коет. Анан эптеп оодарылып отуруп, суу чыккан жерге жетет. Ал жердин суусун чукулап кирет.

Ошол маалда бала ойгонуп кетет. Ал убак таң сүргөн убак болчу. Бала жан-жанын караса, энесинин дайны жок, көрүнбөйт. «Бул ээн талаада энем эмне болду?! Оо, турмуш, бу дагы эмне кылыгың эле?» – деп, кабак чытып, кайгырууга туруп калат. Аңгыча ар жактан энесинин үнү чыгат:.

– Оо, уулум, эмне элирейесиң? Коркпо. Кабагыңды ач. Мен мындамын. Карачы мобу суунун үстү бууланып турат, – дейт.

Бала энесин көрүп, таалайга баткандай кубана түшөт. Чуркап барып энесин жыттап, мээри канат. Колунун учундагы тырмагы сыйрылып, канагыча казат. «Энекем айыкса экен. Энем айыкса, тырмагым эмес, сөөгүм сынса да мейли!» деп, кара жанын карч уруп, жан алакетке түшүп, баягы жерди чукулап каза берет. Казган сайын «Энем – бактым, энем – таалайым, энем – нурум» – деп, бир жыгылып, бир туруп, кыл чайнап, күчөп иштейт. Колунун териси тешилет. Көзүнүн жашы куюлат. Аягында бураңдай албай да калат. Ошол кезде баягы жерден кайнаган ысык суу атып чыгат. Бала бир кишилик орунду тазалап, энесин ошол жердеги сууга салат Бир маалда энесинин колу чыканагына, буту тизесине чейин ысыйт. Анан мемиреп уктап кетет.

Бала энесин эс алсын дейт да, кожогат термек болуп токойго барат. Токойго барып, кожогат терип кайра келатса, эки кулжа карсылдашып сүзүшүп жатат. Аны көргөн бала былк этпей: «Эми кантээр экен?» – деп, карап тура берет. Эки кулжа сүзүшүп отуруп, айланасын таптап топуракты чаңдатып, чөптөрдүн майканын чыгарып иет. Анан бир маалда саал-паал тынykкансып калат. Карaса, эки кулжа мүйүзүнөн айкалышып калыптыр дейт. Ошондо бала акырын барып, бир кулжаны мүйүздөн алат. Кулжалар үркүп кетет. Үрккөн кулжалардын мүйүздөрү бири-биринен ажырайт да бирөө баланы илген бойдон алып жөнөйт. Жөнөгөндө да чарк уруп, тоо-зоону аралап, сабалап жөнөйт. Адам корккудай бир килейген үңкүргө келип токтошот. Бала ошол жерден жыгылып түшөт. Бир маалда эсин жыйып, өйдө болсо, кулжа жок. Баягы кожогатыда калбаптыр. Анан үңкүрдөн чыгып, тыяк-быяктагы таштарды ары-бери караса, кулжанын бир сан эти, анан узун дөңгөч, дагы бир чокмор таяк турат.

Бала баягы жерден энесин ойлоп:

– Энем эмне болду экен? Түн кирип келатат, эми коркот го? – деп, элеңдеп турса, бир сүтак чымчык:

– Ай бала, энеңен коркпо. Андан көрө өзүң сак бол. Алдыгы этти бышырып же... Дөңгөчтүн башына жаздык жыгач кой да, чокморду колуңан чыгарба, – дейт. Анан учуп кетет. Бала кууураган жыгач, төө тикен, чогойно, наргия, төө куйруктарды чогултуп келип, отту улуу жагат. Корго эт көөмп бышыра баштайт. Ошол кезде чачы узун үксөгөй бир неме жалама зоодон акырын түшүп келет да:

– Ай, адам, кайдан келдиң? Мен көчөт таар болсо, ошону көрөйүн деп жүрдүм эле. Сенде жокпу? – дейт. Анан түз эле баланын маңдайына келип олтурат. Бирок колунун учу менен тумшугун көргөзбөй коёт. Бала «Ээн жерде жалгыз жүргөн кандай жан?» – деп чочуй баштайт. Колун, тумшугун жапканынан улам анын жез кемпирдин кызы экенин билет. Бала кордогу эттен кесип:

– Ме, эт же.

Тиги этти албайт да:

Каалasaң каарым алам. Каалабасаңда өзүңды алам! –дейт да, токойду көздөй жылт кирин кетет.

Бала ичинен: «Мындан сактанбаса болбойт, – деп ойлойт. Анан өзүн-өзү сооротуп, тышкы кийимин дөңгөчкө жаап, карагайга чыгып кетет. Күн шолаланып, алыстан кой маарап, бээ кишенеп, баланын кулагы дуулдайт. Аша чаппайынчы деп токтоолук кылат. Бир маалда баягы жез кемпирдин кызы тапалак иттей жетип келет да:

– Соку таштай катып жаткан бала сенсиңби деп, тиги дөңгөчтү катуу чапчып, тумшугу ташка бир тиет. Ошончолук катуу чапчып, ошончолук катуу тийген экен дейт, тим-эле чеңгели да, тумшугу да дөңгөчтөн чыкпай калган имиш. Ошондо өңү саруулап турган бала карагайдан түшүп, жез кемпирди баштан ары чокмор менен чаап калыптыр:

Анда жез кемпир:

– Жемекчи элең, кокуй, жемекчи элең. Жээ, эми жедиң! Болбостур аа, болбостур! шал кылып ооруткан мен болчумун. Эми болбостур!. . Сен жеңдиң! – дептир да, көзүн аңтартып жан бериптир.

Ошол маалда таң атып, баягы кулжа кайра келет. Кайра келет да.

– Сүйүнчү эле, бала, сүйүнчү! Энең айыкты. Энеңди мүрөк сууга алып келген турбайсыңбы? Мүрөк суу – ыйык суу. Ал ар ооруну айыктырат. Эми жүр тез! Энеңе алып барайын!– дейт. Ал баланын төбөсү ай, жылдызга жетип, аябай кубанат. Кубанат да кулжага минет. Анда кулжа:

– Көзүңдү жум. Төгөрөккө көз салып алаксысаң жыгыласың! – дейт. Бала көзун жумат. Кулжа абаны жиреп кайып жөнөйт. Бир маалда ал балага:

– Келдик эми жетчү жерге. Ай, бала, көзүңдү ач! Адамсың го! Эсиңди жый! Бол, ач көзүңдү, – дейт. Бала көзүн ачса, баягы адепки келген жер. Энесин караса, дагы көрүнбөйт. Бала эңгирей түшөт. Кулжага суроо берейин десе, ал көрүнбөйт. Көрсө, кайып болуп кетиптир. Аңгыча нары жактан чапкан күлүктөй чуркапкелаткан адамдын дабышы угулат. Аркасын караса – энеси. Кадимки жаш кезиндегидей чуркап алган. Энеси уулун таанып:

– Оо, балам, чын көрдүмбү же жалганбы? Деги кайда жүрөсүң, энеңди кууратып, издетип? Кагылайын, асыл балам, деги амансыңбы? Эмне кылып жүрөсүң мени беймазагасалып?.. – деп, айланыптегеренип, жалынып кирет.

Бала да токтоно албайкөзүнөнжашыкылгырып:

– Энеке… энеке… энекебай, деги жаның аманбы? Мен аманмын. Эми көрүштүк. Муңдан арылыпсың, энекебай! Эми боздобочу? Андан көрө зарыңан арылганыңды айтчы? Ошондо энеси баласын кучактап отуруп, муну айтат:

– Айланайын уулум, мени ушунчалык азап менен көтөрүп жүрүп барбаган жериң, баспаган тооң

калбады эле. Эми минтип мүрөк суусу касиеттүү жерге алып келипсиң. Кечээ сен жаткырган жердин суусу мүрөк суу экен. Суута жатканда эле жаным мемиреп уктап кеттим. Экинчи жолу түш көрдүм. Түшүмдө маңдайыма күн келип, колума куш конду. Күндү көрүп жайнай түштүм. Анда күн: «Эми айыктың. Сенин балаң эстүү ушунчалык убара болуп, азап чегип, сени сыйкырдуу жерге алып келиптир. Эми шооламды дайыма кубанып көрүп. Колуңдагы куш – уулуң экөөңөрдүн ырысыңар. Мен ойгонгондо силер да ойгонуп. Мен түнөгөндө силер да түнөп. Ошондо бактыңар көбөйө берет» – дейт ойгонуп кетсем, түшүм. Жанымды карасам сен жоксуң, өзүмдү ушунчалык жеңил сезип. Жөн эле жепжеңил айыкканымды айтпа, балам. Тим эле соомун. Ыракмат балам, мени ушундай ыйык жерге алып келип, мүрөктүн суусун таап бергениңгеак сүтүмдү актадың, балам! Ошентип ушинтип кайра-кайра жалынып сүйлөйт. Бир маалда баягы кулжа пайда болуп: Оо, эне-бала, алтындар. Биздикине барып конок болуп кеткиле. Алдыгы суунун көзүн ачып, чоңойтуп койгула. Оорусу бар адамдар ошол суута келсин да, киринип айыксын! – дейт.

Бала суунун көзүн оюп, тегерегин тазалап, чуңкур кылып коюшат. Анан өздөрү кулжаны ээрчип үйүнө жөнөшөт. Кулжанын үйүнө келишип, кичине гана татынакай таптаза алтын туякта айран бар экен дейт. Кулжа ошону эне-балага берет. Алар ичип-ичип түгөтө албайт. Бир-бир ууртал тоюшат да, андан ары иче албай коюшат. Айрандан улам алар баягы жаш кездегидей таптатынакай болуп чыгышат. Ошондо кулжа:

– Эми болуптур. Жашта берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү дейт. Мындан ары дөөлөттү болгула. Мына мобу айрандан элиңерге ал баргыла. Ак ниет балдар менен, нарктуу адамдарга бергиле. Алар да жашарсын. Ал такыр түгөнбөйт! – дептир.

Ошентип акылдуу бала энесин көтөрүп жүрүп мүрөк суурга айыктырып, анан элине да чоң жардамын тийгизиптир.

## ЭР ТӨШТҮК
(үзүндү)

### I

Эламан эрте туруп, аттарды сугарып турса, сууда бир өпкө агып келе жатат. Өпкөнү укурук мененсайгыласа токтобойт, түшө калып колу менен кармаса, өпкө жети баштуу желмогуз кемпир болуп, абышканы көтөрүп уруп, көөдөнүнө минип алып желе баштайт. Ошондо Эламан кемпирге жалынып: «үңкүр толгон пулум бар, короо толгон коюм бар, өрүш толгон жылкым бар, жайыт толгон төөм менен уюм бар, баарын сага берейин, жанымды кой!» – деп жалынат.

– Сен өлгөндө үңкүр толо пулуң, короо толгон коюң, өрүш толгон жылкың меники эмей, кимдики, – деп ыгырып-ыгырып алганда, чалдын оозунан буурдак-буурдак кан кетти, Эламандан ал кетти.

– Көчүрүп келе жаткан тогуз келиним бар, баарын берейин, жанымды кой, – деди. Кемпир ага дагы болбоду эле Эламан: «Сегиз уулум бар, баарын берейин, жанымды кой!» – деди, кемпир ага да болбой, ыгырып-ыгырып алды. Ошондо Эламан ыйлап туруп мындай деди:

Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Төштүгүмдү берейин.

Жез кемпир Эламанды коё берип:

– Бая эле ошентпейсиңби, Төштүктү мага кандайча кылып бересиң? – деп сурады. Эламан: «Төштүк төрөлгөндө өзү менен бирге энесинин курсагынан түшкөн болот өгөө бар, эртең көч жөнөгөндө өгөөнү

түп тулганын түбүнө сайып кетем. Аны издеп Төштүк келет, ошондо кармап ал», – деди.

## II

Төштүк Чалкуйрукту минип, журтта калган өгөөнү көздөй жөнөдү. Ана-мына дегенче, ачып көздү жумгуча журтка жакындап калды. Ошондо адамдан эстүү Чалкуйрук адамча сүйлөп:

«Түп тулганын түбүндө бир кемпир ийик ийрип олтурат. Мен ооз жарма үйрөнбөгөн тай болоюн, сен алты жашар бала болгун. Желмогуз кемпирге барганда: «Ассалоом алейкум эне киши!» – де. Кемпир: «Алейкима ассалоом алеки бала киши. Ата балам, саламың болбосо саргартаар элем» – дейт. «Ата, энеке, алигиң болбосо алсыратаар элем» – деп сен айт. «Энеке, мына бу өгөөнү алып берчи, мингеним ооз жарма ылоо тай эле, түшсөм мине албайм, минсем түшө албайм» – де. Кемпир: «Олтурса туралбаган, турсам олтура албаган бир кемпир элем, өзүң түшүп ала кой» – дейт. Ошондо мен боз коёндон жапыз болоюн, сен боз куштан илгир бол, кемпирдин жети башын ыргыта чаап, өгөөнү илип алсаң бизге кудай бергени, ала албасаң, бизди кудай урганы, Чалкуйрук үйрүң, сен үйүңдү көрбөйсүң» – дейт.

Төштүк кемпирдин жанына барып, айтышып туруп алты башын кылыч менен кыя чапты. Кемпир качып берди. Төштүк артынан кубалап калды. Аттын дүбүртүнөн улам тоо жарылып, көл болду. Тоодой таштар убаланып, кумга айланды, аңгыча кара жер как жарылып, кемпир жер астына кирип кетти. Төштүк кууп артынан кошо кирди.

## III

Жер үстүндө киндиги темир, тырмагы жез Чоюнкулак аттуу алп жашаган экен. Ал адам ат-

туuга тынчтык бербей, кордук көрсөткөндөн кийин бүткүл адам баласы чогулуп кармап келип, терең орго салыптыр. Чоюнкулак Төштүктүн дабышын угуп: «Мени чыгарып ал» – деп жалынып-жалбарат. Төштүктүн аялы: «Муну чыгарба, акыр түбү өзүңө зыян кылат», – дейт. «Мунун колунан эмне жамандык келмек эле», – деп Төштүк ордон чыгарып алды.

Ал тоого чыгып, тоо кийигин кырып, ойго түшүп, ой кийигин шишкебектеп бүт жеди. Тоо суусу менен оозун чайкады, дайра суусун соолто соруп, суусунун кандырды. Ошентип Чоюнкулак алп Төштүктүн атын токуп, отунун алып, отун жагып бир топко жүрүп калды.

Бир күнү Төштүк адатынча Чоюнкулак Чалкуйрукту токуп берүүнү айтты. Анда Чоюнкулак: «Төштүктүн атын Чоюнкулак токуйбу, Чоюнкулактын атын Төштүк токуйбу?» – деп Төштүк менен кармаша кетет. Экөөнүн алышкан жери айры жар болду, сүрүшкөн жери сүйрү жар болду. Акыры Төштүк көтөрүп уруп, башын таш менен жанча турган болгондо, Чоюнкулак: «Мен каруу-күчүм барбы?» – деп сизге эркеледим эле, өлтүрбөңүз деп жалынып-жалбарганынан өлтүрбөй коё берди.

Чоюнкулак Төштүктүн атын токуп, ошол арада ой кийигин ойдон кырып, кыр кийигин кырдан терип, дагы бир топко жүрдү. Күндөрдүн бир күнү Төштүк ат токууну айтты эле, Чоюнкулак: «Катындын атын минген кул, катындын тонун кийген кул» – деп ат токуудан баш тартты. Экөө дагы кармаша кетти, кармаш бир аптага созулду. Төштүктүн алы кетип алдырап, шайы кетип шалдырап турду. Акыры бардык күчүн жыйнап туруп, Чоюнкулакты көтөрүп уруп, таш менен башын талкалап өлтүрдү да, андан ары жол тартты.

## ЭР ЭШИМ

Түгөлбай жылкысы сексен миңге жеткен чоң бай болот. Ушул жылкысы баягы Соңкөл, тыягы Суусамырга батпай калганда малынын бир тобун алып, эч кимден уруксатсыз

Чаткалга барат. Ошол кезде Таласты Эр Эшим бийлеп турган. Жердин ээси ушул киши менен макул болбой, ошонун жерине конуп калат.

Бир ай өтөт, жайлоону жей берет. Эр Эшимге жигиттери:

– Силер менен акылдашпай Талас менен Чаткалдын жерин жеп койду. Сиз менен бир ооз акылдашты беле? – деп айтып барат.

– Жок, мага айткан эмес, жылкысына тийип, келип жей бергиле. Тажаганда көчүп кетет, – дейт.

Эр Эшимдин жигиттери отуз-кырктый жылкысын айдап келип сатып, айылга бөлүп берет.

Түгөлбай айтат:

– Эр Эшим менен макулдаштың беле? Жылкыларыңдын баарын айдап кетип союп, өзүбүздү токмоктоп жатат. Кийин бизге төлөтүп, шорубузду катырба, – дейт.

Анда Түгөлбай айтат:

– Байды өөнөп жеп турган жакшы, жылкыны мен силерге төлөтпөйм, – дейт. Жылкычылар кайта малына барса, Эр Эшимдин жылкычылары келип, жыйырмадайжылкысын бөлүп кетет. Эр Эшимдин жылкычыларынан:

– Ой, баш-аягы канча жылкы алдыңар? – дейт.

– Элүү эле жылкы жок кылдык. Таласты бийлеген Эр Эшим:

– Бу кандай бай? Же бир жеткен акылдуу бай, же бир айбан. Менин жигиттерим элүүдөй жылкысын жок кылса унчукпаса, муну толуктап текшерүү үчүн

барып көрөлү, – деп акылдуу кишилеринен жүздөй кишини чакырат.

Чакырган жүз киши менен барып:

– Мен Кулжадагы калмакка казат кылып, бирде жеңилип, бирде жеңип, тулпар атым жок болуп ат жагынан начарлап жүрөм. Ушунча көп жылкыдан тулпар кантип чыкпасын. Акылсыз болсо чаап алайын, акылдуу болсо достошуп кайтайын! – деп, Санчы-сынчыны ээрчитип алат.

Жүз киши Түгөлбайдыкына түшөт. Санчы-сынчы менен жолдон көп жылкыны аралап, тулпар карап барат. Көп жылкынын ичинен тулпар табылбайт. Желенин жанына барышса, кулагы кере карыш, даакысы түшпөгөн, жабыктырып минип жүргөн, жашы быштыдан азый чыкма бир кула ат жатат.

Санчы-сынчы туруп:

– Мына, издеген жогуң табылды, тулпар ушул. Ээси берсе, чарчабай турган нукура тулпар казаттын аты. Ээси бербес бекен, достошсоң да, касташсаң да ушуну ал! – дейт.

Эр Эшим Санчы-сынчыны ээрчитип алып, Түгөлбайдыкына барып түшөт. Түгөлбай Эр Эшимди барктап, бээ союп, кымыздан арак тартып, көк бөрү кылып, оюн-тамаша менен жети күнү коноктойт.

Ошондо Түгөлбай тийип кеткен элүү жылкыны Эр Эшимге кеп кылбайт.

«Муну менен дос болчу пейили кенен киши экен – деп, Эр Эшимдин Түгөлбай сынына толуп, достошуп кетейин», – деп ойлоду.

Жети күн өтүп коноктоп, жөнөмөк болду. Жүзүнө жүз ат алып келип мингизди. Эр Эшим атын албай койду.

Түгөлбай, бул атыңды минбеймин. Сөзүм бар, угуп тур! Биринчиси, менин жерим Таласты уруксатсыз келип жеп жатасың. Экинчиси, элүү жылкыңды жигиттериме тийдирип, жок кылганыма унчукканың жок, көңүлүмө жактың. Мен сени акылсыз бай

болсоң чаап алайын, акыл-эстүү бай болсо достошоюн деп келгем. Сыныма толдуң. Бүгүндөн баштап сен менен досмун. Берген атыңды минбей койдум. Эми бир нерсе сурайын, ошону бер.

– Макул, айтыңыз, берейин, – дейт Түгөлбай.

– Мынабу желенин жанында жабыктырып минип жүргөн, даакысы түшпөгөн, кулагы кере карыш кула ат жатат, мага ошону бер, – деди.

– Олда, кара оозуңа кан толгур, эч ким билбейт эле, муну ким айтты! Жылкыны сууга айдаганымда өзүм минип, ушунун үнүн укканда Суусамыр, Соңкөлдөгү жылкылар чуркурап суугa кирүүчү эле. Эч кимге айтпай, арыгыраак кылып, өзүм жабыктырып минип жүрдүм эле, анткени жаңы асыйга толо элек, жаш эле.

– Менин жанымдагы – Санчы-сынчы. Ушуга сынаттым, достоштук, берер болсоң ушул атыңды бергин. Калмактар менен экинчи казатка кирип, өчүмдү алайын.

– Болбостур, досум, берейин. Башын бере албаймын, күчүн берейин. Быйылча бак, бир жылдан кийин калмагыңа бара бер. Жооңду жеңип келгенден кийин, атымды өзүмө тапшыр.

– Макул, – деп коноктор узап, үйүнө кетишти.

Үйүнө келип, атты түлөтүп, айда күчүнө келтирип бир жыл бакты. Ары-бери минип көрүп, анык тулпар экендигине көзүжетип, сынына толот. Эр Эшим Ташкендеги катагандын хан Турсунга барып:

– Ат жагынан камсызмын, тулпар таап алдым. Жоо жарагы, азыгы менен эки миң аскер бер, быйыл жазда төрт миң аскер менен Кулжадагы калмакка казатка чыгайын. Мен келгенче өз элимди сизге өткөрүп беремин, жоого алдырбай, алык-салыкты өзүң багып тургун, – деп, хан Турсунду ээрчитип келип, элин өткөрүп берет. Күткөн убакты жетип, жер карарганда Эр Эшим төрт миң аскер, азыгы, жоо-жарагы менен Кулжаны көздөй бет алат. Ошол кезде Түгөлбай угат дагы:

– Бери келгилечи! – деп жигиттерин, малчыларын чакырып: – Эр Эшим төрт миң аскер менен Кулжадагы калмакка казатка жөнөп жатыптыр. Бириң жакшы аттан тандап минип, Эр Эшимди аскери менен калмакка барып, ал тааныбайт, кошо жүрө берип, калмакты чапкан баатырлыгын, кер аттын керекке жараган тулпарлыгын билип кел. Кимиң барасың? – деди.

Ошондо жылкычылардын аксакалы, жашы алтымышка барган, бир жылкычы он сегиз асый болгон кайкы кара бээни көрсөтүп:

– Мен ушуну минип барам, – дейт. Анда Түгөлбай:

Жакшы аттардан минип келсең боло, картаң бээ кантип жарасын, жер алыс болсо. Жылкычы Ысмайыл туруп:

– Бай, мунун кеби бар, угуп тур. Бул бээ менин колумда туулган. Сиз Эр Эшимге берген Кула тулпардын энеси. Эртең менен жылкыны көрөйүн деп барсам, жаңы тууптур, тыягына үч аттап, быягына үч аттап, ойноп турган экен. Тулпар экендигин кулун кезинде билгем. Ошондон кийин бул бээ тууган жок. Дайыма минип жүрөм, мага сырдана.

Кара бээни минип алып, Эр Эшимдин колуна кошулуп кетти.

Эр Эшим төрт миң аскери менен нечен күн, нечен түн жүрүп олтуруп, калмакка жетип, казатка кирип, бир ай бою согушуп жатып калмакты жеңип, сурак кылып, бир жыл турат. Экинчи жылга айланганда:

– Эл-журтту барып көрүп келели, – деп, тийиштүү кишилерин таштап, Эр Эшим калмактын дүр-дүнүйөсүнөн эки миң төөгө артып, Ысыккөлдүн күңгөй жагы менен жөнөйт. Ысыккөлдүн күңгөйү менен жүрүп олтуруп, Торайгырга келип токтоп, аскерлерин:

– Ушу жерге эс алып тургула, Таластан күнүн кабар алып келем, эртең менен эрте чыгалы, кимиң мага кошуласың? – дейт.

– Мен барам, мен барам, – деп атына ишенген тогузу чыгат. Таң атканда жөнөйт, артын карабайт. Кеч бешим ченде

Таластын бөксөсүнө жетип, дүрбү салып карап турса, кыбыраган эл жок.

Атты отко коюп, карап турса, тогуз жолдошу да көрүнбөйт. Бирин-серин эл, мал жүрөт. Арт жагын караса, Торайгыр жактан бир бүлбүлдөгөн караан жакындап келип салам берет:

– Ой, сен кимсиң? – дейт Эр Эшим.

– Мен Түгөлбайдын жылкычысымын. Минген бээм сиз минген тулпардын энеси. Түгөлбай сиздин эрдигиңизди, кер аттын жоого жараган тулпарлыгын билип келип бергин деп жоого кошкон Ысмайыл деген жылкычымын, менден башка сегиз жолдошумдун аты жинигип өлүп, жолдо жатат, кай бирлери кайта кетти.

Кара бээченди ээрчитип алып:

– Элди жоо чапкан го, Таластын түзүнө барып, элди көрөлү, – деп, ар кай жерди кыдырып көрсө, бирин-серин аксак-тескек кары-картаңдар калган, башка мал дагы, жан дагы жок. Эр Эшим кары-картаңдардан:

– Бул элди жоо чапканбы? Эмне болгон? – деп сурады. Анда кары кишилер:

– Балам, катагандын хан Турсун, хан Турсунду ант урсун! Экөөң акыректик дос элең, сен калмакка кеткенде: «Жоого уурдатпа, бөрүгө алдырба», – деп, хан Турсунга өткөрүп берип кеттиң эле.

Анык жоо – хан Турсун өзү болду. Кичи аялыңды өзү аялдыкка алып, улуу аялың менен жалгыз балаңды кой-козу бактырып малай кылган.

Элдин баарын Таластан көчүрүп, Ысыккөлдүн тескейиндеги Барскоон деген жерге барып чеп кармап, ошо жерде жашап турат.

Эр Эшим угуп түн ичинде акыл кылат. «Кан Турсун менен чабышып калсам кошулбасын», –

деп, хан Турсундун эки миң аскерин миң төөдөгү-жүгү менен:

– Силерге убал болду, бара бергиле! – деп кетирет.

Аны кетиргенден үч күндөн кийин «эми ыраактадың го» деп, өзүнүн эки миң аскерин алып, Ысык-Көлдүн күңгөйүнөн сөөк-тамыр уулап кетели деп, Талдысуу менен түн ичинде жөнөп, Барскоонго жакын жерге келип, тоо багытына аскерлерди катып коёт.

Эки мыкты жигитти ээрчитип, жаман кийим кийинип алып, көрүнгөн кишиден:

Досум ушул жерге кан болуптур – деп, түн ичинде кан Турсунду издеп жөнөйт. Түн ичинде бекбекейлеп жаткан айылга кездешет.

Бекбекейлеп бир аял:
Катагандын кан Турсун,
Кан Турсунду ант урсун.
Бекбекей!.. – деп, короо кайтарып жатат.
Эр Эшим калмакка кеткенде,
Элди сага өткөрүп бергенде,
Кылаарың ушу беле!
Кичи аялын алып алдың,
Улуу аялы менен уулум экөөбүздү
Малай кылып,
Кой-козу кайтартып салдың!
Ой бекбекей – деп арман кылып коет бир аял.

Баягы өз аялы экенин таанып, Эр Эшим атты жигиттерине карматып коюп, акырын артынан басып барып, бекбекейлеп жаткан аялдын оозун баса калып сүйрөйт. Анда аял:

– Койчу, уйчу уул, тамашаңды – деп тырышат.

– Бас, бас, менмин! – деп, Эр Эшим сүйрөп талаага барышып, кучакташып ыйлашып, таанышып бүткөндөн кийин Эр Эшим:

– Бул окуяны айтчы, кандай толкун болуп кетти? – деп, аялынан сөз сурайт. Сен кеткенден кийин бир жыл элди өзүнүн элиндей көрүп, жакшы башкарып

турду. Экинчи жылга аяк басканда кичи аялыңды алып, элдин баарын мал-салы менен көчүрүп, Барскоонду чеп кылып, өзү чептин ичинде, кайтарган аскери бар, мени болсо койчу кылып, күндүз кой, түн ичинде короо кайтарам, уулуңду козучу кылып койгон, – деди.

– Эми кандай кылганда аламын, чепти? Анда улуу аялы айтты:

– Миң төөдөгү зериңди алып, эки миң аскериңди жарагы менен төөгө артып, Кашкардан келе жаткан соодагер элем, миң төөдө шайы, түрлүү дүнүйөм бар, ушу жерге хан Турсун деген хан болуптур, адилет хан деп угуп, ошо кишиге белек-бечкек бере кетелик деп кайрылдык жана тааныш жерибиз жок эле, сарайына бир түнөп кетсек дедик эле деп, сарайды кайтарган кароолчудан уруксат сурагын, кароолчу барат да кан Турсунга айтат. Кан Турсун: – Кайдагы неме, түнөтпө, – деп тил албайт. Бирок катының кызыл жандуу эле.

Ботом, өзү келип жаткан дүнүйөдөн алып калбаганыбыз кандай?! Бир түнөп кетсе эмне болот эле, – деп, кан Турсунду тил алдырат. Анан кароолчулар ачып берет. Сарайга киргенден кийин өзүң билбейсиңби? – деп аялы үйрөттү.

Кан Турсундун аялынын айтуусу менен кароолчулар ачып берди.

Короого миң төөнү киргизип, чөгөрүп бүтөөрү менен төрт кароолчусун муунтуп өлтүрүп, кийимин аскерлерине кийгизип, аскерлерин жабылтып коё берди. Чептин ичин бүт ээлеп, түн ичинде колуна өткөздү. Бирок кан Турсун чоюндан салдырган тамынан чыкпай, кырк күн жатып алды.

Айласы кеткенден кийин улуу аялына келип:

– Муну кандайча кылып аламын? – деп, улуу аялынан сыр сурады эле, төмөнкү акылды айтты:

– Ушундан үч чакырым жерде суу келип жаткан түтүк бар. Мени ээрчитип бар, ошону бекитсек кол-

го түшөт, – деди. Аялын ээрчитип барып, түтүктү таап, сууну келтирбей бекитип, сарайга кайра келип, багынбай дагы кырк күн атышып суу түгөнгөндө чыгып берди.

Кан Турсунду аркандан бутуна байлап сүйрөтүп өлтүрүп, кылмышын элге түшүндүрүп, элди жай-жайына таратып, бир кызы бар экен, аны туткунга түшүрүп алып, Таласка келет. Кан Турсундун элин өз жериңерге баргыла десе, калыс экенсиз деп, көпчүлүгү Ташкенге барбай, Эр Эшимдин жеринде калат.

Кара бээчен Түгөлбайга барып, көргөн-билгенин, Эшимдин эрдигин ат менен эрезеге жеткенин айтып түшүндүрдү.

Эр Эшимдин баатырдыгына, атынын тулпарлыгына ыраазы болуп:

– Шарп куланы алып кел. Эки жыл минди, жоосун жеңди, мүдөөсүн аткарды – деп, эки жигитин Эр Эшимге жиберди. Эки жигит баргандан кийин, Эр Эшим шарп куланы бергиси келбей:

– Шарп кула жоор, кырчаңгы, арык болуп калды. Бир жыл багып, семиз кылып келерки жылы берейин, Түгөлбайга алып барып бергин, – деп, төө баштаган үч тогуз мал берип, Түгөлбайга жөнөтөт.

Келерки жылы жазында мөөнөтү бүткөндө:

– Алып кел, атты! – деп уулун жиберди. Атка кызыгып калган Эр Эшим, кан Турсундун кызын тартуу кылды.

Түгөлбай токол кылып алсын, кан Турсундун кызы. Эми чынымды айтайын атты жанымдай көрүп калдым. Менден кер атты ажыратпа – деп, дагы эки тогуз мал кошуп, досуна кат жазды. Келгенден кийин Түгөлбай жетине албай, кемпирдин үстүнө токол кылып алайын деп, көк бөрү тарттырып, той баштап, нике кыйып ала турган болду. Ошондо кыз Түгөлбайдын аялын:

– Бурул апа, бери келчи? – деп чакырып чыкты.

– Бу Түгөлбай кандай эси жок киши, апа, мен колго түшкөн кандын кызымын. Эр Эшим бир ку-

нуна мени берип олтурат. Ээн талаада үч күн жол жүрүп келдик. Бойдок уулуң менин жанымды коёбу? – деди.

– А, абышка, бери кел, сен албай жерге кир! Уулуң жолдо бейбаштык кылып коюптур. Эми уулуңа алып берели – деп кайра жүгүрөт.

– Мен карыган абышка болсом, мага ылайык келбей калды, – деп, кайра той берип, улуна алып берген экен.

Жумгалдык катаган кан Турсундун ушул кызынан экен.

## ЭТИРМАТ ДӨӨ

Илгери-илгери Гаршас деген хандын жападан жалгыз уулу болуптур. Күндөрдүн биринде хандын уулу уудан келатып, бир үңкүрдүн эшигинен кийик көрөт. Антип-минтип аткыча кийик качып, үңкүрүнө кирип кетет. Жакындап барса, үңкүрдүн ичинде айдай сулуу кыз турат. Жигит салам айтпай эле кыздан жанагы кийиктин кайда кеткендигин сурайт.

– Ошол мен да! – деп, кыз кийикке айланып, качып жөнөйт.

Ойду ой дебей, тоону тоо дебей, суулар кечип, жигит кийикти кууп кете берет. Акыры эчен убак куугандан кийин кийик кандын ордосунан алыс жердеги атайын курулган чебине ашып түшүп кетет. Чептин бийиктиги сегиз кез, жигит кире албай туруп калат Арттан келген жигиттер дароо эле чепти ороп алышат. Бул жөнүндө канга да кабар жетип, бүт элин жыйнап келет да, кармоого буйрук берип:

– Кийикти эч кетирбей кармагыла, эгер кимде-кимдин башынан аттап качып кетсе, ошонун башы алынат.

Эл жакындап келгенде кийик Этирмат деген дөөнүн башынан аша секирип, качып жөнөйт. Кийикке кошулуп Этирмат да качат. Артынан хандын

желдеттери кууп жөнөйт. Куугун эчен күн, эчен айга созулат. Бир күнү качкандын алдынан чубалжыган кербен жолугат. Алдында топ-топ атчандар болот. Бул бир кандын уулу болгон экен. Этирмат жетип, ханзаданы айлана качат. Аңгыча куугун да жетип келет. Ханзада эмне себептен булардын минтип жүргөнүн сурайт.

– Эгерде, – дейт Этирмат болгон окуяны айтып, – мени өлтүрбөсө, ошол кызды табышты билет элем, мени эптеп алып калыңыз, таксыр, – деп жалынат.

Ошондо жаш ханзада куугундун башчысына:

– Менин кербенимди, бүтүн алтын-күмүш байлыгын ал, бул дөөнү мага бер, ханга өлтүрдүк деп айтып баргыла, – деп, сөз салат.

Куугунчулар макул көрүшөт. Ошентип, Этирмат ханзада менен калат. Ошондо Этирмат дөө ханзададан не жүргөнүн, эмне иш менен кербен тартып келатканын, дөөнүн кандай кереги тиерин сурайт.

Анда ханзада Чынмагын деген шаарда дүйнөдөгү эң сулуу кыз барлыгын, ошол кызга үч жылдан бери жол жүрүп келаткандыгын айтат.

– Өкүнүч! – деп, кейип жиберет дөө. Сен эң кыйын нерсеге баш коюпсуң. Ал кызга жетиш деген жокко эсе нерсе. Антсе да мени өлүмдөн алып калдың. Мен гана эмес, эчендеген дөөнүн пулун төлөп койдуң окшойт. Эми сен үчүн өлгүчө бар күчүмдү жумшап көрөйүн. Эми мага кырк күн мөөнөт бер, кырк күн уктоого тийиишмин. Андан кийин кырк күнү-түнү жолго түшүп издейм – дейт.

Ошентип, дөө бир үңкүргө барып, катуу уйкуга кирип кетет. Ханзада кырк күнгө чейин анын жанынан кетпей, жан багат. Кырк бир күн дегенде дөө оор үшкүрүп тура келет. Туруп ханзаданын кырк күндө чогулткан эт-оокатын дароо эле жеп коёт.

– Эми жолго чыгам, кырк күн мени күт, эгер андан кечиксем, кете берсең болот, анда менин өлгөнүм – деп, дөө тоюп, жигитке кайрылып жолго түшөт.

Чынмагын хандыгын көптөгөн тоскоолдор тосуп турчу экен. Этирмат көп күн жүрүп, биринчи көпүрөгө туш болот. Көпүрөнүн ар бирин бештен сакчылар кайтарчу экен. Көпүрөнүн үстүндө теңгедей жер калбай коңгуроо илинип коюлуптур. Эгер бир коңгуроо шыңгыраса, бүт хандыкка угулчу экен. Этирмат кубулуп балага айланат да, оозуна суу ууртап, эч кимге көрүнбөй коңгуроолордун ичине суу бүркө берет. Акыры коңгуроолор толгондон кийин чымынга айланып учуп өтүп кетет.

Андан ары барса, кырк чал жол карап отурган болот. Этирмат дароо кайырчыга айланып, алыстан сайрап барат. Аларга салам айтат. Алар Этирматтан кайдан келгендигин сурайт. Этирмат дубана Мажуруп деп өзүн тааныштырат. Ушул жактан экен, тириликтин айынан мында келгенин кабарлайт.

– Муну өлтүрүш керек, бул бир Чынмагынга өтөм деген аяр болуу керек – дейт бир кары. Кечинде кесел болуп окустап калат.

– Кой, бул жаман кесел го, алыс тоого алып барып таштайт. Этирмат андан ары жолго түшөт. Андан ары жолдо кырк кыз жолугат. Кыздарга жаман кийим кийинген жетим кыз болуп көрүнөт. Кыздар аны түртүшүп, кандай неме деп жийиркенишет.

– Койгула, от жаккыч болсун! – дейт кыздардын бири.

Кыз от жагып, суу ташып калат. Акырындап кыздарга аралашып, ар кандай оюндарды уюштурат. Дүмпүлдөк, селкинчекти көрсөтөт. Кыздар Этирматка үйүр ала башташат. Кыз көз таңмай, өзүн өзү байламай оюндарын үйрөтөт. Бир күнү кыздардын баарын өздөрүн өзүнө байлатып таштап, андан ары жөнөйт.

Дагы жол жүрүп, кырк жигит тоскон жолго туш болот.

Аларга жаман кийинген жетим бала болуп көрүнөт.

– Ата-энем өлүп, жетим калдым. Эптеп жанымды алып калгыла, ат баккыч болоюн – дейт аларга. Жигиттер ыргылжың болуп, акыры макул болушат. Жигиттер күндө байге чабышып, көк бөрү тартышчу экен. Байгеде Этирматкимдин атын бакса эле, ошол биринчи чыга берет. Ошентип, Этирмат сыйга бөлөнүп, кадыры ашат. Дөө жигиттердин аттарынын бардыгын ээликме кылып таптайт. Бир күнү байгеде кырк жигиттин аттары бүтүн ээлигип, жигиттерди дайынсыз ала качып кетет.

Этирмат андан ары жүрүп олтурат. Эми алдынан кырк кабанаак ит чыгат. Дөө жигиттерде жүргөндө сөөктөрдүжыйнай берген экен. Иттерге сөөктөрдү ыргытат. Андан ары өтүп жолго түшөт.

Акырында барса учу асманга жеткен чынар теректин түбүндө жети баштуу ажыдаар кайтарып турат. Ошол теректин башында алтын капаста кыз отурат. Алтын капасты Семурук карап кайтарат. Этирматтын айласы кетип, муну ойлоп табат. Бир оонап, он беш баштуу ажыдаарга айланат. Муну көргөн жети баштуу ажыдаар: «Бизди алмаштыырууга кан жиберген экен» – деп, баштарын ийип, таазим кылып, чынарды таштап кетет. Этирмат дароо кушка айланып, чынардын башына чыгаарда Семурук дөө көрүп калат. Этирмат өзүнө келип, Семурук дөө менен кармаша кетет. Ошондо Этирмат:

– Семурук, сен да колго түшкөн байкушсуң, ушул бир кызды кайтарып отурганыңда не пайда. Сенин да урук– туугандарың бар. Андан көрө кызды ханзадага алып барып берип, Көйкапка кетели – деп ийге келтирет.

Ошондо Этирмат санаса, чыкканга отуз тогуз күн болгон экен. Алар ошентип кызды капасы менен алып учуп жөнөшөт.

Үч күн дегенде үңкүргө учуп жетишет. Семурук дөө адам көрсө эле жутуп жиберчү экен. Этирмат балдарды ага көрсөтпөй Семурукка жооп берет. Семурук сүйүнүп учуп кетет.

Жигит түңүлүп калган экен. Этирматты көрүп, аябай сүйүнөт. Ошондо дөө мындай дейт:

– Силер, эми бара бергиле, мен кырк күн уктаймын. Кырк күндөн кийин артыңардан жетип барам. Кырк күнгө чейин ушул иттин артынан калбагыла – деп бир ит берет.

– Кырк күндөн кийин силерди өзүм жеткирбесем, жолдо кыздын атасы ар кандай тосмолорду койгон, андан өтө албайсыңар. Иттен адашпагыла – деп кайта-кайта тапшырат.

Кыз-жигит жолдо чатыраш ойноп баратышып, бир күнү алаксып иттен адашып калышат. Андан жүрүп олтуруп, түндө бир эски сарайга туш болушат. Кайра тартууну ойлонот, бирок арткы жолду да билбей коюшат. Аңгыча сарайдан бир адам чыга калат.

– Ээ, бизге мындай жемиш, даяр болобу! – деген үн чыгат сарай тараптан. Короосунан караан чыга калып эле, жигитти кармап колтуктап, сарайга кийирип кетет. Сүйүнгөнүнөн тиги кызды байкабай калат. Кыз бадалга кире качат. Көрсө, ал жерде жети бир тууган дөө жашачу экен. Жигитти чоң жыгач челекке туздалган сууга салып коёт.

Эми сөз ит жөнүндө болот, ит артына карабай жүрүп баратып, суусап жол боюна отура калса, артында тигилер жок. Ошол жерден адашканын билип, артка Этирматка карай чуркайт. Этирматка жетип, ары жагынан, бери жагынан булкат, дөө ойгонбойт. Акыры оң бутунун балтыр этин жулуп алат. Ошондо дөө чочуп кетип ойгонот да, дароо иштин жайын түшүнөт. Ошол замат учуп жөнөйт. Этирмат баягы сарайга жетип:

– Сүйлөш! – деп бакырат.

– Сүйлөй тур! – деген сарайдан сөз чыгат.

Аңгыча дөөлөрдүн бири чыгат. Сүйүнгөн дөө Этирматты да кармап кирем дегенде, Этирмат тигинин башын жулуп ыргытат. Ошентип, алты жолу ыргытып, кыйкырып алтоону тең жайлайт.

– Сүйлөш! – деп, жетинчи жолу бар үнүнчө кыйкырат. «Сүйлөй тур» деген үндөн тоолор көчүп, жер жарылат.

– Ким! – деп, кыйкырат сарайдагы дөө.

Этирмат атын айтат. Жетинчиси ошондо жүгүрүп чыккан экен. Ошондо экөө алыша кетет. Кыз да жетип келет. Эки дөө эчен күн алышкандан кийин Этирматтын алы кете баштайт. Ошондо кыз теке чылбырын тиги дөөнүн бутуна ороп, атка байлап, бутун тартып жөнөйт. Жетинчисин ушинтип өлтүрүшөт.

Сарайга киришсе, жигит өлүм алдында жаткан болот. Дароо сууруп алышып, таза суугa салышат. Жигит үч күндө араң эсине келет.

– Бул канча адамдын башын жеген суу! – деп, Этирмат жыгач челекти чаап сындырат. Ошентип, үчөө ошол жерге көпкө жашап калышат. Ханзада менен дөө күндө уугачыгып жүрүшөт. Ар дайым дөө кетээрде кыздан сарайдын бир эшигин эч ачпоону сурап жүрөт.

Күндөрдүн биринде, кыз кир жууп отуруп, оюна сарайдын бир эшиги түшөт да, ачууну ойлоп кызыгат. Акырын барып ачса, бир кара, бир сары торпок байланып турат. Эшиктин алдында турган кара торпок жалына баштайт.

– Айланайын, бизди чечип кой, биз да бир карыппыз, бизди жети бир тууган дөө көп жыл мурда ушундай кордукка салган – деп, какшайт. Кыз кара торпокту чечип, сарайына барганда кара торпок дөөгө айланып, кызды: – Сары торпокту чечпе, – дейт.

Бирок кыз ошол учурда чечип койгон болот. Ошол замат экөө тең дөөгө айланып, кызды кармашып, учуп кетишет Көрсө бул эки дөө да бир учурда кызга сапар тартышып келатканда, жети дөө колго түшүрүп, торпок кылып байлап койгон экен. Эми максаттарына жетип, учуп кетишет.

Дөөлөр кызды алып барышары менен кыз коркуп кетип, төрөп коёт. Түндө кыз жатып түш көрөт. Түшүндө Этирмат дөө:

– Кара дөөгө тишим ооруп жатат, – деп айт. Дабасына Шахирстан деген чөлдө ит жеген жарты төө жатат. Ошонун бир кабыргасын сөгүп алып күйгүзүп, күлүн бассам тишим басылат экен деп айт, – дейт.

Кыз түшүн кара дөөгө айтат, ал айткандай аткарат. Этирмат дөө ошол жарты төөнүн этине келген болот.

– Жарты төөнү кайтып ордуна жеткирип кел, – деп айтат кара дөөгө кыз. Дөө төөнү алып кетет. Ошондо Этирмат туруп, мындай акыл үйрөтөт.

– Кара дөө келгенде уулуңду чымчып ыйлата бер, – дейт.

– Неге ыйлайт деп сураса, кара дөө жанын айтсын, мен ага жанымды кошом деп жатат де.

Аңгыча кара дөө келет. Кыз Этирматтын айтканын кылат. Ошондо дөө: жердин жети түбүндө эки тоо бар экенин, эки тоонун түбүндө чоң көл бар экенин, көлдүн түбүндө жагал кийик отторун, кийиктин ичинде тешик үңкүрдүн ачкычы бар экенин, ошол ачкычтын оордугунан кийиктин ичи салаңдап, жер чийип калгандыгын, эгер үңкүрдү ачса, бир кара, бир сары кептер отурарын, ошол эки кептер эки дөөнүн жаны экенин айтат.

– Уулум, жанын сары кептерге кошпой, кара кептерге кошсун. Эптеп сары кептерди өлтүрө келсин, – деп табыштайт. Бул сөздөрдүн баарын Этирмат угат да жолго түшөт.

Этирмат кара дөөнүн айтканындай кылып кийикти өлтүрүп, ачкычты алып, үңкүрдөгү кептерканага барат. Кептердин карасын дароо өлтүрүп, сарысын мойнунан сыга кармап, сары дөөгө келип:

– Сары дөөгө жан керек болсо, жерге түшүрүп кой, болбосо өлүмүң менден! – деп өкүм кылат.

Сары дөө үчөөн жерге алып түшөт. Этирмат көп жүрүп тигилерди өзүнүн үйүнө, Көйкапка алып барат.

– Келиндүү болдум! – деп, дөөлөргө жар салып, кырк күн той берет. Кыз-жигит алтын уук, күмүш

кереге, ак өргөө көтөрүп берет. Этирматтын улуу келини тиги экөөн көрө албай жүрөт.

Адам баласына эле үйрүлүп түшө берет, – деп, кайнатасына наараазы болот. Эптеп адам балдарын өлтүрүүнү ойлойт. Улуу келини бир чаян табат да, кыз-жигит күндө жуунчу сууга салып коёт. Дагы бир күнү кыз эртең менен жуунуп жатканда Этирмат суудагы чаянды көрүп калат. Чаян кызга жармашардаЭтирмат жетип, чаянды кагып жиберет. Чаян жанчылып, бир тамчы каны кыздын бетине жабыша түшөт. Кыз дароо эси ооп жыгылат. Этирмат айласы кетип, кыздын бетиндеги канды соруп түшүрө баштайт.

Ошол учурда Семурук асмандан учуп келет да, улуу келин бекитип койгон чаянды алып чыгат. Окуяны башынан айтып берет. Этирмат улуу келинин кууп жиберет. Кеңешип олтурушуп Семурук кыз-жигитти өз мекенине жеткирүүнү сурайт. Ошентип, Семурук адам балдарын өз өлкөсүнө алып жөнөгөн экен. Семуруктун таскагынан кээ кезде жылдыздар кагышып, учуп барат имиш. Бул бизге түндө көрүнүп жүрөт, дейт.

## ЯКМАС АКИМ

Якмас Аким байлыгы ташыган адам экен. Ал адамдын өмүрүн узартышка көп аракет жасаптыр. Тынч океандын бир аралында кия (чөп) бар экендигин китептен көрүп, ошону табыш үчүн кеме жасатып алып, издеп жөнөйт. Бирок Кудай мени оозуна албастан жөнөдү деп Асирейил (жан алгыч) периштени чакырып:

– Якмастын артынан барып, колундагы китеби менен компасын эптеп сууга чөгөрүп ийип кел! – деп жиберет.

Асирейил артынан барып, Якмастын кемесинин арт жагына чымчык болуп конуп:

– Каякка бара жатасың? – деп, Якмастан сурайт. Якмас:

– Адам баласынын өмүрүн узартып, узак жашата турган дары чөптү издеп баратам, – дейт.

Асирейил:

– Сен ошондой билгичсиңби?

– Билгичмин! – дейт.

– Билгич болсоң, азыр Асирейил кайда? – деп сурайт. Якмас:

– Асирейил же сен, же мен, – дейт. Асирейил:

– Кантип билесиң? – дейт. Якмас:

– Колумда китебим бар, – дейт. Асирейил:

– Кана китебиң? Якмас:

– Мына! – деп, көрсөткөндө китебин, компасын океанга кагып түшүрөт. Якмас:

– Максатым ишке ашпады! – деп үйүнө келип:

– Мен элге жакшылык кылайын деген элем, иш жүзүнө ашпады, – деп бардык дүйнөсүн жетим-жесир, кедейлерге бөлүп берип, аялын колунан жетелеп, бир башым дубана болсом да, оокат кылам, – деп, шаар кыдырып кете берет.

Якмас кыдырып жүрүп, Сырдыбай кандын шаарына барып, шаардын ичинде бир үйдө убактылуу жайланышат.

Сырдыбай хан кырк жигити менен ууга чыгып, куш салып жүрүп, эки чоң суунун куймасынан бир жерди жактырып:

– Ушул жерди тегиздетип, жайдын күнү сейилдей турган жай кыл! – деп Ыдырыс деген вазирине дайындайт.

Вазир Ыдырыс базарга барып:

– Кырк жумушчу керек – деп, элге кулактандырды. Якмас базарга түшкөн экен, вазир Ыдырыстан сурайт:

– Сага кырк жумушчу керекпи, же кырк кишинин ишин бүтүрө турган, кырк кишинин оокатын иче турган болсо эле болобу? – дейт. Ыдырыс:

– Эгер ошондой болсо да болот, – дейт.

– Андай болсо, жаныңа мени ээрчитип алып, ханга алып бар, – дейт.

Ыдырыс тигини ээрчитип алып, ханга алып барат. Якмас хандын алдында убадасын берип, макул болот.

Хандын чоӊ атасы дөө экен, чоӊ атасы алып жүргөн күрөк бир дөбөдө топуракка көмүлүп калган, ошону каздырса, кырк киши көтөрүп келет. Якмас кырк киши зорго көтөрүп келген күрөктү сол колу менен алып, ушул жарайт, – деп, жерге сайып коёт. Кырк кишиге даярдаган оокатты ичип:

– Ишиӊерди көргөзгүлө, – дейт.

Вазир иштете турган дөбөнү ээрчитип барып көрсөтөт. Якмас үч күндөн кийин менден кабар ал, – деп, иш үстүнө кала берет. Үч күн ичинде дөбөнү тегиздеп, айландыра ар түрдүү жемиштерди тигип, дуба менен жемиштерди бышырып, дөбөнүн ортосунан бир кумура дилденин оозун ачып, бак– дарактын ортосуна коюп, Якмас көлөкөдө уктап калыптыр.

Үчүнчү күнү Ыдырыс келип, таӊ калат. «Дубакөй турбайбы», – деп айланып, кыдырып жүрүп, уктап жаткан Якмастын бутун басып алат. Якмас ойгонуп кетип:

– Кожоюн, көӊүлгө жагабы? – дейт.

– Жагат! – деп, ортодо турган кумураны көрүп:

– Бул эмне? – дейт. Якмас:

– Бул кумурада алтын, – дейт. Анда вазир:

– Жакшы болуптур, экөөбүз бөлүп алалы? – дейт.

– Жок, бул жерге падыша ээ болот. Бул алтын – падышаныкы. Биз экөөбүзгө алууга болбойт, – деп, Якмас кумураны бербейт. Вазир:

– Канча алтын бар экен? Кумурага эӊкейип карачы! – дейт. Якмас кумурага эӊкейип карап атканда, вазир Якмастын башын кылыч менен шарт чаап таштайт. Якмастын башы тоголонуп баратып:

– Кызыталак, менин аялымдын алты айлык боюнда бала бар. Алты жашка чыкканда, сенин башыӊды менин башымдай тоголотот! – дейт.

Якмас жасап бак тиккен жерге:

– Менин сегиз жашта кызым бар, он сегиз жашка чыкканда сага берем, бул жерди кеӊейтип, биз

жайында сейилге келгенде, дүр-дүйүм жемиш менен камсыз кыласың! – деп, Сырдыбай хан Инамжан деген адамды коёт.

Якмас аялына:

– Сенин курсагыңдагы бала – эркек. Төрөлгөндө атын Даанышман кой. Алты жашка чыкканда колуна мобу кестикти бер, андан аркасын өзү билет, тилин алып, өз жайын ат кой! – дейт экен.

Алты ай өтөт. Бала аман-эсен төрөлөт экен. Антип-минтип алты жыл өтүп, Даанышман алтыга чыгат. Даанышмандын колуна кестекти берет. Даанышман апасына:

– Казанды жууп, тулга асып тур, мен базарга барып келем, – деп жөнөйт.

Базарга келип, касапка барса семиз уйдун этин сатып жаткан экен, мага беш кадак эт тартып бер! – деп, этти алат.

Акча төлөбөй кетип баратат эле, касап:

– Каякка барасың, акча төлө! – деди.

– Акчаны эмне кыласың, мындан башка акчаны аш кылсаң. Малчыдан уурдап келип сатып жатасың! – деди эле, касап:

– Ээ, өмүрүң узаргыр, эмне дейсиң, кете бер! – деди... Базарды аралап жүрүп койдун майын, сабиз, пияз алды. Алгандарынын баарын апасына алып келди.

– Сиз жакшылап палоо жасай бериңиз, мен ашка кошо турган жакшы жыттуу гүл алып келем, – деп кетти.

Даанышман Сырдыбай сейилдеп турган багындагы Инамжанга барды. Короосуна баш багып:

– Инамжан аке, саламатсызбы? Капа болбосоңуз тетиги жыттуу гүлдөн бир тал бериң? – Деди.

Инамжан гүлгө кеткенде, короосунун эшигинде бир кой байланып турган эле, Даанышман агытып жиберип:

– Аке, коюңуз бошонуп, гүлдөрдү жеп жатат! – деп кыйкырды.

Инамжан келип, кайра басты эле, койду Даанышман кайра коё берип, дагы кыйкырды. Үчүнчү жолу коё берип, дагы кыйкырды эле:

– Эй, кызыталак, кандай токтобойсуң! – деп, Инамжан таш ыргытты эле, таш койго тийип, кой тырп этпей жыгылып өлдү. Даанышман:

– Ээ, аке, үч жанды бекер өлтүрдүң, – деди.

– Эмне деп айтып жатасың? – деди.

– Үч жанды бекер өлтүрдүң деп айтып жатам, – деди.

– Өлгөн кой бирөө эле, кайдагы үч жан, – деди. Даанышман айтты:

– Койдун ичинде эгиз кара кашка: бири эркек, бири ургаачы козусу бар эле. Инамжан:

– Жашабаган бала, азыр койду соём, жалган айтсаң, сени кошо соём! - деди. Даанышман:

– Мен макулмун, – деди.

Койду союп көрсө, баланын айтканы туура чыкты. Инамжан ойлонуп туруп: «Вазирдин дайындаган баласы ушул окшойт». Вазир Ыдырыс бала келсе ушул жерге келет, – деп Инамжанга дайындаган. Алты жыл өттү, бала келсе, союп мага жүрөгүн бер, жүрөгүн бербесең мен ишенбейм деген.

Инамжан баланы:

– Соёмун! – деди. Даанышман айтты:

– Сыдырбай хан менен Ыдырыс сени алдаган кызымы берем, – деп. Кызын бербейт, мен алып берем, – дейт. Инамжан:

– Менин убадам бар, сени союп жүрөгүңдү бермекмин.

– Аны ыраазы кыл, мынабу жондун нары жагында бир келин ак козу жетелеп ыйлап баратат. Себеби келиндин баласы өлүп, эмчегине сүт толуп, чыдабаганынан козуга эмизген. Келин бирөөгө беш дилде карыз болуп, козу беш дилдеге сатылганы жатат. Мынабу беш дилдени берип козуну алгын. Адамдын сүтүн эмген үчүн козунун жүрөгү абдан ширин. Алып келип союп, менин көйнөгүмө ороп, каны менен берсең, ыраазы болот. Ишенбесең, чуркап кара! – дейт.

Инамжан чуркап караса, келин козуну жетелеп баратат. Эмнеге ыйлап баратканын сураса, Даанышмандыкы тура.

Инамжан беш дилдени берип, козуну алып келип, баланын көйнөгүн канга боёп, козунун жүрөгүн алып, баланы коё берет. Вазир Ыдырыс келип, жүрөктү жеп, ишенип калды. Бир топ жыл өтөт. Сырдыбай хан бир күнү түш көрүп, түшүн унутуп калыптыр. Сырдыбай дубана-бакшы, кожо-молдолорду чакырып, унуткан түшүмдү таап бергиле дейт. Эч кимиси таба албайт. Сырдыбай хан кырк вазирге буйрук берет:

– Менин унуткан түшүмдү табасыңар же таба турган олуяны табасыңар, кырк күнгө чейин таппасаңар, баарыңарды даргага астырам, – дейт.

Вазирлер сурамжылап, эч айла таба албай коюшат. Кырк күн бүтүп, эртеси даргага асыла турган болушат. Ыдырыс вазир ойлонуп: «Баягы олуя баланы бекер өлтүрткөн экемин, ошол бала билет эле, мен Инамжандан сурап көрөйүн, кокус өлтүрбөсө, бала унуткан түшүн таап берсе, кырк вазирдин жанын аман алып калат».

– Коркпой чынынды айт! – деди.

– Силер аман кала турган болсоңор, бала өлгөн жок.

– Инамжандан баланын жашаган жерин билип алып, Сырдыбай ханга барды.

– Баланча көчөдө олуя бар. Ошол унутулган түштөрдү табат, – деди.

– Мен барсам, келбейт.

– Муршап жибер! – деди хан.

Ыдырыс муршап жиберди. Муршап барып, Даанышманга:

– Сени кан чакырып жатат! – деди. Даанышман:

– Хандын чакыруусуна барбаймын, мен али жашмын, хандын чакыруусуна баш ийбеймин, ханга айтып бар, түшүнөт- деди.

Муршап канга келип айтты.

– Туура айтыптыр, сени буйрук менен чакырганы жок, келип кетсин деп сурады, – деди. Ал дароо келип, балага айтты:

– Жок, мен бара албаймын, – деди. Хан:

– Ат токуп алып мингизип кел! – деди. Атты алып барса:

– Жок, бул шамалдан жаралган ат, минбеймин, – деди. Төөнү алып барса:

– Минбеймин – деди.

Өгүздү алып барса:

– Бул заңги баба, буга да минбеймин. Анда кан:

– Сурачы, эмнени минет экен? Муршап барып:

– Деги эмне минсең барасың? – деди.

– Хандын Ыдырыс деген вазири бар, ошону токуп, эки шибеге ээрге илип келсеңер, ошону менен барам! – деди.

Даанышман Ыдырысты токутуп алдыртты. Даанышман Ыдырысты минип, шибеге менен сайгылап баратты. Хандын эшигине минип барып, түшпөй туруп алды:

– Ат алсын! – деп, эки жигит келип, Ыдырыстын башын кармады. Башын кармаган жигиттерге айтты:

– Мен хандан чыгып келгенче жанын тындырбай шибеге менен сайгылап турсаңар, эгер аяп жанын тындырсаңар, силерди мунун ордуна сайгылатам! – деди.

Эки жигит өз жанынан коркконунан жанын тындырбай сайгылап турду. Даанышман салам айтып хандын үстүнө кирди. Хан алик алып:

– Отур, балам! – деп, орун көрсөттү. Даанышман:

– Чакырган экенсиз, келдим! – деди. Хан:

– Балам, мен кызыктуу түш көрдүм да, унутуп калдым, – деди.

– Ханым, түшүңүздү эсиңизге түшүрүңүзчү, – деди.

– Ханым, менин айткандарымды орундатсаң, жоруп да берем.

– Эмне айтсаң, ошонун баары орундалат.

– Мен минип келген Ыдырыс сейилдей турган дөбөнүн ортосунан бир кумура алтын таап алган. Ыдырыс барып, ханга айтпай бөлүп алайын, – деди. Атам жер ханга тиешелүү болот. Жерден чыккан кен жана башка табылгалар ханга тиешелүү, албайбыз, хандын

казынасына беребиз, – деди. Ыдырыс атамы эңкейип кара, канча алтын бар экен, – деди. Атам эңкейгенде, атамын башын алып таштады. Атамдын башы: кызыталак, менин аялымдын алты айлык боюнда бар, кудай каалаcа, ал алты жашка чыкканда, башың меникиндей тоголонот деген. Биринчи Ыдырыстын башы алынсын.

Ыдырыстан сурады эле:

– Туура – деди, Ыдырыстын башы алынды.

– Балам, эми түштү жоруп бер! – деди. Даанышман айтты:

– Сиздин аялыңыздын аты Сыргажанбы! Сырганын сулуулугуна кызыгып, кордук менен алгансыз, туурабы?

– Туура! – деди.

– Сырганын сүйгөн жигити бар эле, үкөккө салып ала келген, баш жагыңызда, алтын табактагы алмадан бирөө колун салып, алып турчу беле?

– Туура! – деди. Даанышман:

– Айткандын баары орундайт дегенсиз, хан эки сүйлөбөйт, туурабы? – деди. Хан:

– Туура! – деди.

– Эмесе, мынабу үкөктүн ичинде кыздын сүйгөн жигити жатат, сиз эшикке чыкканда, Сыргага жигити кол салат. Алтын табактагы алмага кол салган ошол жигит. Үкөктү ачып караңыз дагы, жигитине кошуп, жакшы жашагыла – деп, жаман айтпай, көңүлүңдөн чыгарып, энчи берип жөнөт! – деди.

Хан макул болуп жөнөттү. Даанышман уруксат сурады.

Балам, сен менин жаныман кетпе. Жаш болсоң да, баш вазир бол! – деп жиберди. Акыры вазир болуп жүрүп, кан өлгөндөн кийин Даанышман хан болуп, Инамжанга айткан кандын кызын алып берип, атасы сейил жасаган жеринде Данышман сейилдеп калган экен.

## МАЗМУНУ


ТҮЗҮҮЧҮДӨН ........ 3
АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ ........ 6
АЖЫДААР АЯЛ ........ 13
АЛТЫН БАЛЫК ........ 16
АЛТЫН КУШ ........ 26
АЛТЫН ШАКЕК ........ 32
АСМАН КЫЗЫ ........ 38
АСЫЛ ТАШ ........ 45
БАЛА МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫ ........ 54
ЖАНЕК МЕРГЕН ........ 57
ЖЕЗКЕМПИР ........ 61
ЖЕТИМ БАЛА ........ 63
ЖЫЛАН МЕНЕН КЫЗДЫН АҢГЕМЕСИ ........ 70
ЖЫЛАМЫШ ХАН ........ 72
КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ? ........ 81
КАМЫР БАЛБАН ........ 83
КАРАЧ БААТЫР ........ 85
КАРЫШКЫР ЖЕГЕН АДАМ ........ 92
КАШКУЛАК ........ 99
КЕДЕЙ ........ 120
КЕДЕЙ КЕМПИР ........ 137
КЕДЕЙДИН ҮЧ УУЛУ ........ 140
КЕНЖЕ БАЛА ........ 161
КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ ........ 168
КИМИБИЗ УЛУУБУЗ ........ 172
КУБУЛМА АЖЫДААР ........ 173
КУЛАНЧЫ МЕРГЕН ........ 175
КУЛДУН УУЛУ ЖАНА ЗЫМЫРЫК КУШ ........ 185
КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ ........ 191
КЫЗ ТАНДАГАН ЖИГИТ ........ 194
МАДЫЛГЕН СУЛУУ ........ 200
МЕРГЕНЧИНИН КЫЗЫ ........ 208
МЕНДИРМАН ........ 215
МҮНҮШКӨР ........ 222
КААРДУУ ХАН ........ 223
МҮРӨК СУУСУ ........ 237
НААБАТ ........ 241

ОБОЛБЕК .......... 244
ОТУНЧУ ПАДЫША .......... 248
ӨГӨЙ ЭНЕ .......... 253
ӨНӨРЛҮҮ БАЛА .......... 269
РУМ ПАДЫША МЕНЕН ТУРУМ ПАДЫША .......... 273
САРГАЛДАЙ МЕНЕН АК КОЁН .......... 279
САСЫК ҮПҮПТҮН ТААЖЫСЫ .......... 317
СУЛУУ ИЗДЕГЕН ЖИГИТТЕР .......... 318
СОКУР СООДАГЕР .......... 320
СЫЙКЫРДУУ САКА .......... 331
СЫЙКЫРДУУ ЧАКЧА .......... 333
СЫЙКЫРДАН КУТУЛГАН СЫРГА КЫЗ .......... 350
СЫРДУУ БУЛАК БАЯНЫ .......... 370
ТАГДЫР .......... 374
ТАЗ БАЛА .......... 382
ТҮШ ЖОРУГУЧ БАЛЫКЧЫ .......... 391
УЛУКМАН .......... 396
УУРУ .......... 409
УР ТОКМОК .......... 416
ҮЧ КЫЗ .......... 419
ҮЧ КЫЗ .......... 423
ҮЧ ЖЕТИМ .......... 424
ҮЧ БИР ТУУГАН .......... 430
ХАНДЫН БАЛАСЫ .......... 432
ХАН МЕНЕН ВАЗИР .......... 437
ЧАЛЧЫКТАГЫ БАЛЫК .......... 442
ЧАКЧЫГАЙ МЕНЕН КАРАКАШ ЧЫМЧЫК
ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАЙЛООДО ЖАШАШАТ? .......... 453
ЧОЛОК МЕНЕН СОКУР .......... 456
ЧЫНДЫК ЖЕҢЕТ .......... 471
ЧЫЧКАНДЫН БАЛДАРЫ .......... 484
ЧЫМЫН БААТЫР .......... 485
ЭДИЛКАНДЫН ҮЧ КЫЗЫ, ҮЧ КҮЙӨӨСҮ .......... 503
ЭНЕ СҮТҮ .......... 515
ЭР ТӨШТҮК .......... 524
ЭР ЭШИМ .......... 527
ЭТИРМАТ ДӨӨ .......... 535
ЯКМАС АКИМ .......... 542

*Адабий-көркөм басылма*

**«Эл адабияты» сериясы**

# КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОМОКТОР

22-том

Түзгөн: *Осмоналиева Н.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корррректору: *Осмоналиева Н.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 27.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 34,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 22

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.